СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# АЗАП КАЗАП

Ош – 2017

УДК
ББК

Суранчы Жетимишов
Казап азап

Элинин эркиндигин самап, эчендеген күрөштөрдүн башында турган Алымбек датка, Мамыр мерген, Искак (Болот хан), Алымкул, Абдылдабектердин эрдиктери карапайым калкты биримдикке үндөгөн.

Тарыхый инсандардын катарында жүрүп, кийин Анжиан көтөрүлүшүндө да элди күрөшкө баштаган Өмүрбек датканын таржымалы жана аны менен бирге болгон мекенчил адамдардын тагдырларын баяндаган окуялар сүрөттөлөт.

# Баш сөз

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин, өлкөнүн ар кайсы аймактарында тарыхый инсандарды изилдөө алгылыктуу колго алына баштады. Бул жылдары тарых илиминин этнография багытында кыргыз элинин чыгаан инсандары иликтенип окуу китептерине кирип калды. Бирок изилденбеген, такталбаган, окуу китептерине кирбеген инсандарыбыз да арбын. Тарыхтагы актай барактардын толтурулушуна салым кошуп келе жаткан жазуучу Суранчы Жетимишовдун бул жаатта орду зор. Анын “Албуут дарек издери” китебиндеги Адинин өмүр жолу изилденип калың калайыкка кенен тарады. Азыркы “Казан-азап” даректүү баянында Өмүрбек датканын өмүр жолу жана ишмердигинин баяндалышы, абдан чоң ачылыштардын бири десек болот.

Элинин эркиндигин самап, канчалаган эр азаматтар эчен күрөштөрдүн башында турган. Алардын катарында Өмүрбек датка да Кокон хандыгына, орус баскынчылыгына каршы элдик кыймылдарда кийинки Анжиан көтөрүлүшүндө да, элди баштаган таржымалы, тарыхый маалыматтар жана эл оозунан жыйналып жазылган окуялар аркылуу жаратылган чыгарма. Өмүрбек датка да, аны коштогон эл да адилеттүүлүктү самап:

-“Динибиз да, дилибиз да, тилибиз да кордолбосун. Ыйык ата конушубуз бөтөндөргө тебеленбесин. Эли-жерибизди таза туталы. Башкаларга кор болбосун. Ата-бабаларыбыздан бери ардакталып келе жаткан ыйманыбызды кирдетпейли. Каада-салтыбызды кастарлап, улуу дөөлөттөрдү сактайлы,”–деп жанын берип, ажалга тике караган.

Өмүрбек датканы сүргүнгө айдаганда жашы сексенден өтүп, сакалы куудай болуп калган эле. Бөтөндөр анын жашын да, сакалын да эске албай, колу-бутун кишендеп Сибирге жөө айдаган. Өлүмгө кудай буйрубагандан кийин, тирүүлүктүн азабына чыдап баратты. Ошондо да элди ойлоп, пайгамбар жашынан өтсө да артында калган балдарын, эли-журтунун тагдырына көбүрөөк кайгырып, өзү жөнүндө ойлонбой, азаптуу жолдо сапар тартты. Жол азабы, көр азабы дегендей, жолдо баратып да, кыйналгандарга жардамын аябай:

-Азаптын да чеги болот. Буйрук насип этсе, элибизге аман

келээрбиз. Бирибизге-бирибиз таяныч бололу деп, ниет кылып улуулук сөзүн айтып, шериктерине кубат берип баратты. Мындан улам, анын мүнөзү аркылуу жалпы кыргыз элинин кайраттуулугу чагылдырылганын талдоо менен айкындайт. Автор баргы уруусу жана анын урпактары тараган, туруп калган аймактарын, жер-суу аталыштарын далилдүү сүрөттөп тарыхый окуялар аркылуу бекемделишине басым жасалышы чыгарманын беделин көтөрөт.

Кыргыздар жаш балдарды кичинекейинен эле табият менен сырдаш болууга тарбиялап, өнөр сырын үйрөтүүдө куштардын балапандарын кармоонун, үндөктөөнүн, таптоонун, аң улоонун жол жобосун түшүндүрүп, көңүлдөрүнө кыт куйгандай уюткан. Чыгармада баланы жаштайынан жара-тылышка аяр мамиле жасаганга үйрөткөн көрүнүштөр ише-нимдүү сүрөттөлөт. Каада-салтты тактап жазып, андагы элдик эрежелерди бузууга болбой тургандыгын эске салып, кайта-кайта далилдер менен бышыкташы, чыгарманын бар-кын бир топ көтөргөн.

Китепте окуу, билим алуу жөнүндө да, терең сөз болуп, дүйнөдө не деген гана акылман, даанышмандар өткөндүгүн алар билими аркылуу баркталып урматталарын айкын белгилейт. Алардын баары “акылдын кени, байлыктын кени окууда” деген ойду айтышкан. Билимди терең алган адамдын көзү ачык, көкүрөгү таза, бийик болоору белгилүү. Элде илими күчтүү, көптү билгенди олуя деп айтышчу. Алардын мисалында Канбото аттуу жигиттин тагдыры жөнүндө айкын айтылып, анын эчен шаар-ларды кыдырып, атактуу медреселерден билим алгандыгы кеңири сүрөттөлөт. Кыргыз элинин намыска бекемдиги, өнөрдү урматтаганы, кайраттуулугу терең чагылдырылгандыктан, бул тарыхый роман, бир эле мезгилде бардык жаш курактагы адамдардын чөйрөсүнө кеңири тарап, окурмандарга маалымат берүүдө тарбиялык мааниси чоң экендигин белгилейбиз.

***Т.Д. Кадыров,***
***Тарых илимдеринин кондидаты,***
***профессор***

# I БӨЛҮМ

Тарп-тарп, шырык. Тарп-тарп... Баш аламан шилтенген көп кадамдар сүйрөлгөн жиптей чубалжып, ийри-буйру чаңдуу жолдо, ат чабым аралыкка созула, биринин артынан бири кетип барат.

Баш-аягы билинбеген узак жолдо эртеден-кечке тыным албаган буттардын тарпылдагына, чынжырдын сүйрөлө шырыктаганы кошул-ташыл. Көп караандардын абалы күндө ушундай. Денеден өтүп, сөөккө жеткен ызгаарга, алка-шалка тердетип, чызырата куйкалаган аптапка, кээде сууга түшкөн чычкандай шөмтүрөткөн жамгырга карабай, бет терилери сөөктөрүнө жабышкан, кабактары суз, баштарын жерге салышкан топ, жолдун чаңын, өңгүл-дөңгүлүн, ылай-чалчыгын ылгабай кечип барат.

Кийимдери жыртылып, ачкалыктан арып, дармансыз аяктарын араң шилтеген эрксиз туткундарды куралчан солдаттар камчыга бөлөп, тепкиге алып, көптөн бери сүрүп-айдап келишет. Колу-буттары кишенделип, бири-бирине жакын байланган туткундар, бойлорун көтөрүп басууга кубаттары жетпей, аран эле чайпалышат. Күнү-түнү тынбай жол жүрүү, кары-картаң, ооруп-сыркагандар үчүн чоң азап болду. Алардын арасында жашы сексенге таяп, сакалдары куудай агарган карылардан тартып, ар кыл курактагы адамдар бар эле. Көбүнүн бут кийимдери эбак эле жыртылып, тамандары түшкөн. Ой-чуңкурлуу, таштак жолдо аксаңдашып, араң илешет. Айдаган солдаттар ур-токмокко алышып, баса албаганын атып, ит өлүгүндөй жол четине ыргытып жиберишкенин көргөндөр, аман калуу аракетинде шериктерине сүйөнө, эптеп эле аяк таштап ыргалышат.

Азап тартып бараткандардын кыялдарына ар кыл ойлор келип, сары санаага чөмүлүшкөн. Айрыкча алдынкы катарда каруу-күчтүү жигиттер менен катар басып, али да кубатынан жана элек, сакалы куудай болгон, чымыр денелүү карыя ой туманына түшүп, шериктерин аяп, оор үшкүрүнө берет.

-Мен го жашарымды жашап, белес ашып калдым эле. Мына бул, кырчындай болгон жигиттердин тагдырлары кандай болот? Барса-келгис жайга кетип баратабыз. Ким бар да, ким жок. Жолго чыккандан бери, канчасы арып-ачып, «кулдураган» солдаттардын огун жеп, денелери ээн талаада көмүлбөй калды. Эми, жетээр жерге чейин, канчасы аман барат? Аны бир кудай өзү билет. Жолдогу кордугу бул болсо, Шиберге жеткенден кийинкиси кандай болот? Жеткен чакта да, «жыйырма жылы» кантип өтөт? Кайтып келүү, туулуп-өскөн жерди, тууган-урукту көрүү, кимисине насип этээр?

«Кырк жыл кыргын болсо да, бейажал чымын өлбөйт» демекчи, ажалы жетип, күнү бүтпөсө кайрылып келгендери да болоор? Мүмкүн алар көргөн азабын, тарткан кордугун жаштарга айтса, жомок сыяктуу сезилер. Мейли, кийинкилерге, жомок эле болсун. Эч бир жан, мекенинен, тууганругунан ажырап, алыска айдалбасын. Тирүүлөй, жакын адамынан айрылыш кандай кыйын. Көргөндүн баары томсоруп, бизди аяп турушпадыбы. Көзүнө жаш алып, ыйлаганы канча? Канчасы жолду ката аркабыздан ээрчип, солдаттардын запкысынан улам, коштошо албай, кала беришти. Кайран гана туугандар, түңүлө албай, түңүлүүгө ыраа көрбөй умсунган бойдон калышты го…

Кызына гана талак, кайырдин каапырлар! Адам өлтүрүүнү оюнчук көрүшүп, арам иттин денесин ыргыткансышып, ай талаа, ээн жерге карабай таштап кетишкени эмнеси? Кара башыл адамды чымынча да көрүшпөйт. «Ит өлүмүндөй, ээн талаада калат» деген ушубу? Адам жаны, неге мынча кор? Адам баласы ыйык дейбиз. Ыйыктыгы ушубу? Же, бу кайыр диндегилер өлбөс болушабы? Деги адамгерчилик, соопкерчилик деген, ойлорунда болду бекен? Адам өлсө аруу жууп, астейдил ак кепинге денесин алып, жайды кенен казып, атын ардактап атап, топурак салуу ар бир адамдын парзы го? Өлгөндөр ыраазы болбой, тирүүлөр жарыбайт-демекчи, өлгөндөрдүн зыйнатын кылбасак, тирүүлөр не муратка жетмекпиз? Арбактарга арнап, атайлап куран окуп, бата кылуу тирүүлөрдүн милдети го? Адам баласы бири биринин кадырына жетпесе, жашоонун эмне кереги бар? Биздин адамгерчилигибиз бири-бирибизге жакшы мамиле, жылуу сөз

айтып, колдон келишинче жардам беришибиз эмеспи? Бу каапырларда мындай ызат-сый, адамды баалоо деген жок окшойт? «Ыйманы болбойт»дегени чын тура. Жакшылык кылуу колдорунан келбесе, булардын адамдыгы кайсы?

Аттиң дүйнө, оомалуу-төкмөлүү заман ушул окшойт? Эмне, кудайдын каарында калдыкбы? Эмнеден жаздык? Адам баласы бири-бирине ушинтип эле кор болуп, өлүп кете береби? Ооба, кордолгону ушул да. Мусулманчылык ушинтип тебеленеби? Көрсө, биз жөн жеринен көтөрүлбөппүз. Көрүнүп турбайбы, биздин күрөш адилет. Ооба, адилеттик деп, күрөштүк. Динибиз да, дилибиз да кордолбосун, ыйык ата конушубуз бөтөндөргө тебеленбесин, эли-жерибизди таза туталы, бөтөндөргө кор болбойлу, ата-бабаларыбыздан бери ардакталган ыйманыбызды кирдетпейли, каада-салтыбызды кастарлап, улуу дөөлөттөрдү сактайлы, бабалардан калган ыйык жерди кастарлайлы деп, канчалаган эр-азаматтар жанын берип, ажалга тике караган. Акыл-эс, адамгерчилик, акыйкаттык баалансын, каада кадырланып, эл-жер бекталсын, мураскордук муундан муунга таза калсын деп, максаттанбадык беле?

Кызына гана талактар! Мынча неге өчүгүшөт? Биз буларга тийишпесек, эли-жерин барып талашпасак, кыр көрсөтүп, кыйноого салбасак. Эмне эле бизге кызыгышат? Же, илгертен калган кетпес кеги, өнбөс доосу барбы? Кайдагы ата-бабалар таанылбаган, тили буру, дили бөлөктөр келип, корсунтушуп, коркутушат. Өткөрүп койгонсушуп, өзүбүздү өз жерибизде өөн-сүнтүшүп, алымын алып, салыгын салышат. Ага да мейли деп, кол кайры кылбадык. Жайын жайлап, кышын кыштаган кен жерибизди ченеп-өлчөп, ээлей башташты. Ага да каанат кылышпай, ата-конушубуздан көчүрүп, өздөрүнүн туугандарын алып келишти. Ага да жөн болбостон, жолго бастырышпай, суубузду буруп, эгинибизди сугартпай, түшүмүнөн кол жуудурушту. Деги, булардын максаты эмне? Биротоло бизди күнкор кылып, айдап алгылары келет окшойт. Өз жерибизде, өзүбүз кор болобузбу?

Жашы сексенге барып, сакалы куудай Өмүрбек кары баш болгон туткундардын баары, түмөндөгөн суроо менен баш оорутушту.

Туткундардын колу-буттарына чынжыр өтүп, эттерин эзип, өйкөгөн оорудан жандары кыйналып, чидерленген аттай, сөкүрөңдөп араң жылып баратышты. Ачкалык менен чаалыгуу, аларды азапка салды. Кыйноого чыдабай өлүп алгылары да келет. Ар биринин көз алдында өлүм гана турду.

- Кудайдын буйругуна баш ийбеске чара жок. Бул да болсо, пешенеге жазылган тагдыр дешти. Өз жанын өзү кыюу, адам баласы үчүн күнөө. Ажалы жетип, күнү бүтүп, ичер суусу түгөнгөн пендени эч ким кармап тура да албайт. Тагдырга канча убакыт, канча өмүр насип атаа кылганын Алла өзү билет. Бир кудай өзү өкүмдар. Алдыда дагы да канча күн, канча өмүр, ичээр суу бар?! Баары насибинче болоор. Жамандыктын жакшылыгы болоор, сабыр кылалы. Мүмкүн жараткан, эртеңкиге жакшы күндү атаа кылгандыр-деген, түгөнбөгөн үмүт менен өздөрү өздөрүн сооротуп баратышты.

Катардагылардын арасынан, бирөөнүн коңур үнү көтөрүлдү.

- Ой, дүнүйө жалганы,
Кантип чыгат көңүлдөн.
Карып болгон көп журтум,
Боздоп-ыйлап калганы.
Караңгы күн кайгыны,
Кузгундар башка салганы.
Кур дүнүйө,жалгансың,
Букараны боздотуп.
Кайгыны башка салгансың.
Күнөөсү жок адамды,
Күн көрсөтпөй айдайсың.
Күнөөсүз түштүм байланып,
Жуксуздардын колуна,
Жөө түштүм сандалып,
Ат жетпеген жолуна...

Бир саамга созулган ырда, ар бир туткундун ойлогон ою, эл-жер, үй-бүлө, ата-эне, тели-теңтуш, тууган-урукту эңсеген сезимдери бар эле. Жакын адамдардын жанынан, көз көрүнө колу-буту байланып, алыстап кетүү кандай кыйын. Кайрылып келип көрүшүү, насип этээр бекен? Бөтөн жер, бөтөн элде

кимдин эмне болоору белгисиз. Алардын ар бирин бушайман кылган санаа ушундай эле.

Төрүндө кенен ойногон, Ала-Тоо жери аман бол. Эркимче кенен шимирген, акактай тунук булагын, койнуна кысып имерген, кең пейил элим кубарым, бабалар өнүп-өскөн жер. Ата Журт асыл турагым, тууруна келип кономбу? Ардактап жүрүп чонойткон, алтындай кымбат элиме, кайрылып кайта келемби? Кучакташып бир жүргөн, курбуларды көрөмбү? Тагдыр экен ушинтип, ак жерден торго чалындык, өз журтумду коргойм деп, азаптуу шорго малындык. Эркин куш элек эл-жерде, кол-бутка кишен салынды, жалаага жандар кабылды, айдалып кетип барабыз, ак калпак элим кайыр кош!

Торгойдой сайрап, булбулдай таңшыган акындын ыры ар бир туткундун көкүрөгүндөгү кайнаган кайгысы эле. Ырдан кийинки көпчүлүктүн тунжуроосу онтогон үнгө, оор үшкүрүккө айланды. Иретсиз кадамдардын тарпылдагына, кишендердин шылдырагы аралашып, илелеген азап сапары улана берди.

***

Бирин-бири сөз менен алаксытышкан туткундар, кеп-келебин созушат.

-Токо, бул азапка кандайча кабылып калдың? - Өмүрбек жанындагы бараткан адамга суроо узатты.

-Сизге окшоп, элден «өкүл» болдум-деди акын куудулдана.

-Эл өкүлү экениң ырас. Ырыңды ырдап, комузуңду күүлөп, элиңдин арасында эле калбайсынбы дегеним деди ал да тамашалап.

-Жарыктык, мына бул күнөөсүздөр «күнөөлүү» делинип, ак падышанын «сүймөнчүгүнө айланып», кетип бараткан силердин катарыңардан кантип калам?-дейт акын тамашалай.

-Тойго бараттык беле. Торго баратабыз,-дейт ортодон бирөө жактырбай.

-Ала-Тоонун сайраган эркин кушун, торго ыраа көргүм жок - дейт аксакалы.

-Ооба. Баарыбыз эле тоонун эркин кушу элек. Азаптуу

шорго малындык. Ак жерден торго чалындык-дейт акын, баш ийкей.

-Темир тор бизди оңойлук менен куткарбайт го? –дейт катардагылардын бири сөзгө кошула

-Бара көрөбүз-дейт акын, көңүл жубата

-Ой, атанын оозүна атчайын, «бара көрөбүз» деп, көңүлгө жакпаса, кайта баса бермек белең?

-«Эл менен көргөн улуу той» Өмүке. Азаптын да чеги болот. Буйруп,насип этсе, элибизге аман келээрбиз?

-Ооба. Жаман күн да өтөөр-кетээр. Бирок, узак жолдун азабын мага окшогондор көтөрө алаар бекенбиз?-дейт карыя оор үшкүрүнө

-Жарыктык, алтын баш аман болсо, эмнелерди гана көрбөйт. Не болсо да, амандыкты тилейли -дейт, мойсопут карыя.

-Кебиңдин калети жок. Пайгамбар жашынан өткөн соң, өзүң жөнүндө ойлобой, артыңа көбүрөөк кайрылып калат экенсиң. Сүргүндүн азабына чыдай аламбы, аны кудай билет. Мөөнөтү качан бүтөт? деп жүрүп, карып болуп калабызбы дейм деп, үшкүрүнө, кайра сөзүн улап.

-Сенин го өнөрүң бар. Кор болбойсун. «Барса келбес»деп, бекеринен айтылбастыр?

-Өмүке, ушул топтогулардын эң эле кайраттуусу сиз деп, ойлодум эле. Санаачыл окшойсуз?

-Ээ, Током, билип турам. Сенде дале, толгон-токой санаа турат. Аны билдирбейин дейсиң. Ичиңдеги муңуң меникинен да кем эместир?

-Жарыктык. Баары эле муңкана берсе, мусаапырлардын жылдызы жерге түшпөйбү. Ушундай кыйынчылыкта бири-бизге-бирибиз эш бололу.

-Аның туура. Азапты бирге тартып, итап болуп бара-табыз, бирибиз өлсөк, бирибиз көмөлү. Бул биздин туугандык да, мусулмандык да парзыбыз. Талаа жеринде ынтымак болбосок, бу «тили буруу» немелер кор туткудай.

-Айласыз, көз каранды болуп турабыз. Байкашыма караганда, арабыздан, солдаттарга сиздин гана сөзүңүз өтөт. Деги бир касиетиңиз бардай? Көңүлүңүзгө катуу кетеби деп, сурай албай жүрөм?

-Көңүлгө алаар эмне калды. Сурай бер.

-Мырза чалыш мүнөзүңүздөн улам, эл жеген байлардан окшойт деп, ойлодум эле.

-Куудулдугуңдан да, куулугуң өттү, ырчым. Мырзалыгым да, бай экеним да чын. Уруубуз баргы. Бизди, элдин баары «мырза баргылар» дешет.

-Жүрүм-турумуңуздардан улам, айтылат окшойт?

-Баргылар илгертеден эле колдуу болуп, топуктуу, сыпаа келишет.

-Э, жарыктык, Баргы болсоңуз, тууган экенбиз. Биз Сартбайдан, сарттар уруусунан таркаганбыз.

-Алда кайран булбулум. Бир тууган, бир атанын балдарынан турбайбызбы? Адигиненин Баргы менен Сартбай балдары бир тууган. Мага жакын, ини турбайсыңбы.

-Абаке, иниңиз катары өлөөр өлгөнчө кызматыңызда болоюн?

-Алда балаң түшкүр. Ырчы деген элдин пири. Барыбыздын кадырманыбызсын.

-Кадырман иниңиздин дайым сыйында болуңуз.

-Мейли, үкөм. Басканыбыз да, жатканыбыз да бир. Узак жолдо эрмек табылды. Көптүн көөнүн ырың менен алаксыт.

Токтогул шар суудай төгүлүп, ырдай баштады.

***

-Ата-бабан, Кетмен-Төбөгө кайдан, качан барып калганын, кеп кыла жүр? Эрксиз туткундардын эрмеги сөз. Узун жолду кыскарта жүрөлү?

-Адигиненин Сарт баласынын урпактары кандайча Кетмен-Төбөгө келип калды?-дейсиз го? Сурооңузга билишимче жооп берейин.

-Бир мезгилдеги калмактардын кара чабуулу кыргыздарды чаң-тополоңго салып, туш-тарапка качууга аргасыз кылган. Жоо менен кармашкан эчендеген эр-азаматтар курман болуп, катыны жесир, балдары жетим калып, оор запкы тартышат. Жоокерчилик заман элге тынчтык бербей, уламдан-улам жер которуп, урууларга топтор аралашып, кээде уруулар таруудай чачылып, бириндешти. Монголдор менен калмактардын биринен бири өткөн чабуулдары,

кыргыз элин көпкө чейин баш бириктирүүгө жол бербеди. Аман калуунун аракети менен айласыз уруу, топтор жоонун көп колуна туруштук бере алышпай, кандуу кармашта чаалыгышты.

Кайра күч алган кыргыз уулдары «каруусун казык, башын токмок кылган» мезгил аралыгында, жесир катын, жетим бала жетилип, жер кысыр калбай, эл ээсиз болбой-жашоо уланып, улан-кыз үйлөнүп, үй-бүлө күтөт. Бириндегендер кайрадан уруу-урууга биригишип, элдин саны көбөйөт. Ортодон эчен-деген убакыттар өтүп, күч-кубатына келген кыргыздар душ-манды сүрүп, айдашып, ата-бабаларынын турагына келишип, тиричилик улашат. Эчендеген жоонун чабуулунан кыргыз-дарды тоолор гана сактап калган. Анжиан аймагын турак кылган кыргыздар, көбүн эсе Оштун тегерегин байырлаган Адигиненин урпактары душман бара алгыс Алай тоолорунун арасына сүрүлүшөт. Сарт уулунун урпактары Папандын Турук аймагына келип жашап калышат.

Калмактар менен кармашта каза болгон жигиттин, жубайынын боюнда калат. Эки кат келин ай-күнү жетип, уул төрөйт. Ачык асман алдында, үй-жайсыз калган жесир келин:

-Келечекте калка болоор-деп, уулун Чатыр деп атайт.

Чатыр торолуп, эр жетет. Тул калган апасынын көңүлүн агартып үйлөнөт. Мадыш, Ботоян, Кашкатай аттуу үч уулду болот.

Ошол кезде калмактар дагы басып келишип, элди чаап,туткунга ала башташат. Аман калгандар ар тарапка качып жөнөшөт. Ботоян Папандын Туругунан Майлы-Сайга качып барат. Бубабыз Ажинин Кадыр менен Төлөбай деген эки уулу болот. Алар Ош менен Кара-Суунун ортосундагы жанындан аталган, Кашкар-Кыштакка ал аймак атала электе, башта эле көчүп келишип, жашап турушкан.

-Жаз келээри менен Алымбек датка жалан тоолуктардан жигит курайт имиш-деген каңшаар жүрөт. Ага чейин эле айыл башчылары ар бир айылдан албеттүү жигиттерди топтошуп, катка алышат. Эл арасында айтылган имиштер чынга чыгат.

-Хан тандамал жигиттерди ордого топтоп жатыптыр-деген кабар келет.

Жаз келип, бак-дарактар гүлдөгөн мезгилде, топтол-

гондорду чогултуп, билермандар Коконду көздөй жол алышат. Хандын ордосуна келген кабалтең, бойлуу өзбек, тажик, кыргыз, кыпчак, кашкарлык уйгур жигиттеринин саны миңден ашык эле. Бир күнү хан ордодон чыгып, сереге келип отурганда, лашкер башынын айтуусу менен жаны келген жигиттер диванкананын алдында катары менен чубатуудан өткөрүлөт. Андан соң, жалаң бойлуу, чымыр денелүү жигиттерди отуз-кырктан топ-топко бөлүшөт. Ар бир топту ордодогу белгилүү кишилердин үйлөрүнө алып барышып, мейман кылышат. Бөлүнгөн топторду кайрадан ордого чогултушуп, катары менен байланган ээр-токумчан, жабдыктуу аттардын жанына алып келишет. Ар бирине бирден ок-дары салынган аппак кашкар куржун беришет. Ошол учурда ордодон лашкер башчы чыгып:

-Мына, мырзалар. Баарың хандын жандай көргөн бай-батчаларысыңар. Жабдыктуу аттар силерге хандан тартуу. Баарыны хандын диванканасына намаз окууга чакырабыз?-деп өзү баштайт.

Намаз окулуп бүткөн соң, ар бирине кайрадан курал-жарак тапшырылып ордого ханга ак кызмат кылууга чакырган сөздөрдү айттырат. Жигиттердин атынан ант берилип, куран окулуп, бата кылынгандан соң, хан аларга кайрылып, кыска сөз сүйлөп этегинде:

-Чаарбек датка менин оң колум. Анын айтканы менин айтканым. Кимде ким баш тарта турган болсо, берилген анттын, окулган курандын кусуру урсун-деп алаканын жайып, бетине тартты.

«Өзгөчө» делген, хандын батасын алган курама топ, түндүккө карай жол алды. Алар болжогон күнү Кызыл-Жар өрөөнүнүн үстү менен Кум-Бел ашуусуна токтошуп, бир жума эс алышкандан кийин, Чаарбек датканын бөлүштүрүүсү менен Кетмен-Төбөнү карай жол тартышты. Датканын буйругу боюнча алар Узун-Акмат суусунун боюндагы чепке туш тарабынан чабуул коюшту. Алардын келишин мурунтан билип, даярданышкан тоолуктар, уламдан-улам сүрүп келген чабуулдун мизин майтарышты.

Эрегишкен кармаш, бир айга жакын созулду. Чаарбек датканын сарбаздары зордук-зомбулук менен элди топтоп,

жергиликтүүлөрдүн көңүлүнө көк таштай тийди. Эл алардан жадашып, алыскы жайга көчүп кеткендиктен, курама топтогулар азык-оокаттан аябай кыйналышып, алыскы жайлоодогуларга барып, мал-мүлкүн талоонго алышты. Алардан жадашкан жергиликтүүлөр буйгадан чыга калышып, же бийиктен таш кулатышып, хандын жигиттеринин үшүн кетиришти. Чаарбек датка көптөгөн жигиттеринен ажырап, жеңилүүгө учурайт да, сарт, өзбек, уйгур, кыпчактардан турган аскерлерин алып түнү менен Үч-Коргон айылына качып кетти.

Кыргыз жигиттери менен тажиктердин бир бөлүгү Чаарбекке кошулбай, тоолуктардын арасында Кетмен-Төбөдө калышты. Арым болушунун манабы Рыскулбекти Чаарбектин туткунунан бошоткондугу үчүн бир туугандар Кадыр менен Төлөбай баатыр аталышып, Рыскулбектин кадырлуу адамдары болуп калышты. Рыскулбек алардын эмгегин баалап, Кетмен-Төбөнүн Кара-Көлүндөгү жедигер уруусунун мыктыларына куда түшүп, алардын эки кызына айткан калыңын төлөп, Кадыр менен Төлөбайларга нике байлатат. Алардын кабарын уккан хандын жан-жөкөрлөрү Папанда калгандарды кодулап, Кадыр менен Төлөбайлардын туугандарын куугунтукка ала башташат. Алардан жадашкан туугандары, бир күнү билинбей Оштун үстүндөгү Папан-Туруктан Кадыр менен Төлөнбайлар жашаган Кетмен-Төбөгө качып, көчүп келишет. Ошентип сарт уурусунун бир тобу Кетмен-Төбөгө келишип, жашап калышат.

Ботоян Майлы-Сайдын Избаскент деген айылындагы бир кызга үйлөнөт. Ботояндан  Атаян, Нарбала, Сатылган аттуу балдар таркап, ал Кетмен-Төбө өрөөнүнө өтүп, Жерге-Талды турак кылышыт. Бир тууганадардын эң кичинеси Сатылган Узун-Акмат суусунун боюндагы Чолпон-Атада туулат. Анын бир тууган эжеси Коңур-Өгүздөгү Каратайдын зайбы (уруусу Көкүмбай) Көк-Жарда турган. Ал эми Атаян Чүй өрөөнүнө качып барып, ал тарапта он беш жыл жашагандан соң, атасынын жанына, Кетмен-Төбөгө кайра келет.

Сарттар уруусунан экинчи болуп Заңги тукумунан Кадырдын чакыруусу менен Молдобар менен Бөрүбай Майлы-Сай болуштугунун Избаскент айлынан келишип,

Мазар-Сай менен Кутчу-Сайды турак кылышты. Үчүнчү болуп Мадыш, Бачал, Кудаяндын тукумдары келишти. Мадыштан тарагандар Кутчу-Сайда, Бачал, Кудаяндан таркагандар Балыкчы-Сайда көп үй-бүлө болуп жашашат. Ошол кезде Кетмен-Төбө өрөөнү, Суусамыр болуштугу, Арым болуштугу, Муз-Төр болуштугу, Кең-Кол-Кара-Кыр болуштугу болуп Наманган үйөзүнө карачу.

***

-Өмүке, Кала экөөңүздөр ата-баладай ээрчишип, деги эле бөлүнбөйсүздөр. Тууганчылыгыңыздар ошончо эле жакынбы?

-Кала менин эң бир ишеничтүү “ак таягым”. Экөөбүз канчалаган кан кечкен кармаштарда бирге болуп, эчен жолу кыян кечкенбиз. Тагдырыбыз бири-бирибизге байланып калганбы, мынтип сүргүнгө этапка да бирге баратабыз. Калганын өзү айтсын.

-Балбан Кала, кандайча “күнөөкөр” болуп калдың?-дешти кепке кулак түрүп бараткандар.

***

Каланын Анжианга келгенине бир айга жакын убакыт болду. Дале болсо, түрмөдө жаткандарга жолуга албай, таң эртеңден келип, кечке сагалап турат да, түңүлгөндө кайта кетет. Улам бири келип, бири кеткен кыйма-чийме адамдардын карааны кечке үзүлбөйт. Атчан адам бою жетпеген бийик, баш-аягы билинбеген чоң коргондун эшигин кайтарган куралчан аскерлер эч бир жанды жакын жолотушпайт. Каладан башка да туткундардын туугандары кимге барып кайрыларын билишпей, баштары маң. Түрмөнүн чоңдоруна кирип уруксат алалы дешсе, алар менен сүйлөшүп да коюшат. Карындары ачып, жадашканда жакынкы жердеги чайканага келишип, чаңкоолорун кандырмакка чай менен алек болушат. Муштумдай болгон чайнектеги кайнак суу менен төөнүн көзүндөй болгон нанды эки бүктөй оозүна салган олбурлуу жигитке, күн сайын чайканада отургандар ары таңыркай, ары кызыга тиктешет.

Мына, бүгүн да, күн адатынча катуу ысып чыкты. Анжиан калаасы башка аймактарга караганда чукур жайга жайгашкандыктан, леп эткен жел да жок. Элдин баары тапкан көлөкөнү баш паанек кылышып, ысылап, тердегенден улам кол жолуктары менен жүздөрүн аарчышып, "папалаша" желпинген болушат. Аӊгыча арытан келаткан эки чобур атка чегилген оор жүктүү араба, чайкананын жанына келгенде, арканкы кылдыреги тарап "тарс" эте түшүп, бир жак кылдыреги ыргып, ары тегеренип кетти. Кылдыректин огу оӊторула жер чийип, жатып калды. Ысылагандан ыӊгыранып, зорго бараткан аттар тык токтошуп, баштарын тынбай илелешип, жылбай калышты. Арабаны жандай, жөө келе жаткан эки орус солдаттын бири, чыгып кеткен кылдыректин артынан кубалап кеткенде, экинчиси шашмалай келип, оогон арабаны сүйөп, үстүндөгү жүгүнүн чачылып кетишинен этияттанып, жөлөй калды. Сынган кылдыректи кубалап кеткен шериги, кылдырекке жетип, көтөрүп келгенге чейин, арабаны сүйөгөн шериги оор жүккө чыдабай, жака-белге жалдырай тиктеп, кимдир бирөөлөрдөн жардам күтүп, канчалык чымырканганына карабай жыгылып баратты.

Жолдун ортосундагы солдаттардын абалын, баятан бери байкап турган Кала шарт ордунан туруп, басып келди да, кыйшайган арабаны так көтөрүп, солдаттын арабанын алдынан чыгышына жардам берди. Сынган кылдырек арабанын огуна салууга жараксыз болгондуктан, эки солдат баштарын чайкашып, эч бир арга таба албай, маӊ боло туруп калышты. Ысыкка чыдабаган аттар, көгөн, чымындан корунушуп, улам куйруктарын чапкылай шыйпаныша, ордуларынан жыла башташты. Эки солдат бой бербеген аттар менен алек болушуп, божуларды чирене тартышат.

Кала кылдыреги жок арабанын бир тарабын чымыркана көтөрүп, ылоологон аттардын кыймылы менен бир топ аралыкка кошо келди. Арабанын оогон тарабын теӊдей көтөргөн бойдон аттардын басыгы менен теӊ арымдайт. Божуларды тарткан солдаттарга моюн бербеген аттар, эртерээк, эптеп бир көлөкөгө жетүүнүн аракетинде улам сүрдүгө, алга умтулат. Кылдыреги сынган арабаны сүйөмөлөп келе жаткандар, короонун чоӊ эшигине жакындап

калышканын көргөн, эшик кайтарган солдаттар, алардын абалын байкашып, тоспой өткөрүп жиберишти. Кош ат баягы үйрөнчүк жайларына келгенде туруп калышты. Эми гана колдору бошогон эки солдат бейтааныштын жанына келишип, арабаны көтөрүүгө кол кабыш кыла эңкейе беришээринде, Кала колдору талыгандан улам, кое бергенде, оор жүктүн салмагына туруштук бериše албай эки солдат кыйшайган араба менен кошо жерге тарс жыгылышты.

Ысыктан улам, денесиндеги тери, көйнөгүнөн өткөн Кала оозу кургай акактап, ортодогу тамдын көлөкөсүн пааналай барып, отура кетти. Көмкөрөсүнөн жыгылган эки солдат, күйгүзүп жиберчүдөй болгон аптапта, топурак болгон көкүрөктөрүн шашыла күбүнүшүп, анын катарына келишип, ыраазылыктарын билдириše кобурашып, баш ийкеп жатышты. Кала короонун ичин акмалай караса, кыдырата мал кароо сымалданган тамдар салынгандай. Ортодо чоң каалгалары бар, айнексиз тамдар туткундар камалган түрмө экендигин өзүнчө боолголоду.

-Эмне кылса болот? Издеп келген адамдары кайсынысында болду экен? Анын таныркай тиктегенинен улам, эки солдат колдору менен жаңсашып, өз тилдеринде, ага бир нерселерди айтып жатышты. Кала алардын тилине түшүнбөдү. Аңгыча, алар көлөкөлөп турган имараттан бирөө чыгып, жүктөрдү түшүрүүнү талап кылды окшойт, ысыктан улам шалдырашкан эки солдат ыңгырана арабаны көздөй басышты. Улам арабадагы оор каптарды, экөөлөп күчүркөнө араң колдошуп, түшүрө баштaшты. Кала аларга боор ачып, ордунан шарт туруп барып, экөөлөп араң колдошкон оор жүктү, мүрүсүнө арта сала, көрсөткөн жерлерине алып барып, аярлай жыйып берди. Ошол кезде түрмөдөгү тилмечтин карааны көрүнө калганда, эки солдат Каланы көрсөтүшүп, ага бир демелерди айта, кайрылышты. Кийингени солдаттардай эмес, жергиликтүүлөргө да окшобогон, орто бойлуу, бейтааныш адам, алардын жанына басып келди да, Калага кайрыла кетти.

-Сени, аябай эле балбан экен деп, айтып жатышат. Эмне кылып жүрөсүн?

-Агаларымды айдап келишкен. Бир айдан бери, аларга жолуга албай жүрдүм эле.

-Кандайча, бул жерге кирип калдың?

-Булардын арабасынын кылдыреги сынып калган экен. Жардамдашсам, аттары ысылап, бул жакка сүйрөп жөнөдү.

-Ошол үчүн сени мактап жатышкан тура-деп, ары кайрыла беrеринде, Кала ага шашыла суроо бере кетти.

-Туугандарыма кантип жолуксам болот?

Бейтааныш тилмеч ага кайра суроо менен кайрылып:

-Жолуктурсам, эмне бересиң? –деп кыжырлана карады.

Бейтааныштын суроосуна Кала таңдана тиктеди. Ал жооп күтүп туруптур.

-Жолуккуң келеби?

-Жолугам деп, бир айдан бери күтүп жүрбөйүнбү.

-Бирөөгө бербесең, сени ким жоолуктурмак эле? Сүйлө, эмне бересиң?

-Кичине,чай чакам бар эле.

-Чай чакага, жел да келбейт-деп, ал кабак бүркөй ары басып кетүүгө камдана бергенде, Кала шашып калды.

Бейтааныш кетип калса, туугандары менен түк учараша албасын туюп:

-Мынча пулум бар. Болобу?-деп, койнундагы чарчыга оролгон түйүндү ага сунду.

-Канча, анын?-деди, ал Каланын колун таптап.

-Базарга мал сатып келгем. Күндөлүк чайга короттум. Калганы ушул-деди, Кала оюндагы сөзүн жашырбай.

Бул жакка жөнөөрүндө, туугандары ага кеңеш беришкен эле:

-Анжианга кетип жатасың, ал айыл эмес. Чай-чака керек болот. Түрмөдөгүлөргө тамак-аш киргизесин. Кур барбай, белиңе пул түйө бар. Пул берип болсо да, агаңы бошотуштун аракетинде бол-дешкенинен улам үйүндөгү агасынын, балдары саап ичип отурган, торпоктуу уюн базарга сатып, пулун түгөл белине түйүп келген эле.

Түйүндү көргөн бейтааныш, солдаттардан бөлө, аны ары жетелей басты. Тамеки чегип отурган солдаттар аларга көңүл да бөлүшпөй, өздөрүнчө кобурашып жатышты.

-Мен тилмечмин. Орустардын сөзүн буларга, булардын

сөзүн орустарга айтып турам-деп, баягыга караганда эпилдеп-жепилдеп, өзүнүн жөн-жайын түшүндүрө кетти.

-Айтчы,туугандарың ким дегендер?

-Өмүрбек датка. Калманбет…

Өмүрбек датка? Мм… Кимиси жакын?

-Калманбет бир тууганым. Өмүрбек датка айылдашым.

-Кай жактан келдиң?

-Ноокаттан болобуз. Уруубуз кара тейит. Өмүрбек датка баргылардан болот.

- Датканы жайына кой. Бир тууганыңдын жөнүн айт?

-Калманбет агамдын бала-чакасы жаш. Аларга каралашарга эч ким жок. Муну алып, бошотуп берсеңиз?

-Мунуң чакан, жеңил го?

-Салмагы бар. Тыкыс оролгон.

-Кызылбы?

-Ал эмнеси?

Аңкоосуп жатабы-деп, ал сынай тиктеди. Маңдайындагы аңкоосумак тургай, маңыроо, эки тарабын элейе тиктеп, анын суроосуна көп эле маани бербей турушкан эле. Суроосуна суроо менен кайрылганына кыжыры келе, түшүндүрө кетти.

-Тилде, Сөлкөбай көргөн белең?

-Оо, көрмөк тургай…

-Кайда аның?-деп, энтиге шилекейин жутуп, жакындай калды.

Каланын көзүнө, оо баягы-Оро-Дөбөдөгү окуя элестей калды.

***

Колундагы курч кылычты бет маңдайдагы көшөгөгө шилтей бергенде, сырттагы опур-топурдан чочуп, жаңы кана тура калып, жибек шайылар менен суйсалган жылаңач денесин жаба берген, кундуздай кара чачтары бою ылдый төгүлүп, кош алмасы тирсийген, көздөрү карагаттай, мүчөсү келишкен сулуу, чочугандан улам, алаңдаган көздөрүн ала кача, жалтаң сезим менен жашынарга жай таппай, отура калды. Бөлмөнүн ичин күндүзгүдөй жап-жарык кылган шамдардын жалыны ачылуу турган сандыктагы шуру-бермет, каухар, зумурут, асыл таштарга чагылып көз жоосун алат. Ар

кыл мис, жез, фарфор табактар толо алтын, күмүш ар жерде төгүлүп-чачылып жатат. Үй ичи толо асыл буюмдарга көзү түшүп, алаксый калган Каланы

-Аа-й! –деген кыздын чаңырыгы, селт эттире чочутту. Жалт карай салса, өзүнө карай шилтенген курч кылыч, маңдайына жакын келип калган экен. Чапсандык менен кылычын тосо коюп, боюн туурага таштай кетти. Чабылган кылычка тосулган кылыч дал келе калып, тарс эткен үнгө удаа кагышкан темирден от «жалт» чыга, эки дене эки жерде сунала түштү. Шамдагай Каланын денеси жерге тие берерде, илберинки кыймыл менен оонап барып, буттарын түзөй шарт секире, четке чыга берди. Кылыч шилтеген берки денени карай бергенде, анын колунан кылычы ыргып, алыс кетип, желкесинен шыркыраган кан жыгылган жерине жайыла куюлуп, акканын көрдү.

-Кеттик, кеттик! - деген Өмүрбек датканын үнү аркадан угулуп, Кала сүрдүккөн бойдон, артын карабай, бөлмөдөн чыга, алга жүткүнүп баратып, кандайдыр бир кызыккан сезим менен көз ирмемге артына кылчая карады. Аларга удаа «дүрт» эткен жалын көтөрүлүп, азыр эле көргөн дүнүйө-мүлк, жасалга, жылаңач дене алоолонгон от ичинде калып кетти. Аттарын миңгенге араң үлгүргөн топ, өлүп-тирилгендерине карабай, аргымактарын темиңишип, чымын-куюн болуша, шаардын сыртына чыгып кетишти.

-Бүлүнгөндөн бүчү алба-деген, датканын эскертүүсүнөн улам, Каланын жигиттери бирөөлөрдүн бир буюмуна тийбей, өздөрүнүн баштарын аман сактап калышкан эле.

***

-Кайда аның?-деген тилмечтин суроосунан улам, кыялына кылт эте калган окуяга алаксый кеткен Кала, ойлонбой туруп эле

-Оро-Дөбөдө-деп, айтып баратып, качанкы бир өткөн иштин, буга эмне кереги бар, деген таризде токтоп калды.

-Ии, аның, алыспы?-деп тилмеч, сугалактана, шашкалактай сурады.

-Оо,алыс.

-Булардын жазасы катуу. Эч кимге жолугууга уруксат берилбей турат.

-Андай болгондо, кийинкилигичи?

-Кийинкилиги өзүнө байланыштуу. Канчалык көп алып келсең, аз болот.

-Эмнеси?-деп, Кала тилмечтин сук артып турганына түшүнбөй, ага суроо узатты.

Баятан бери, берерин шарт айтпай, улам созуп жаткан, тоолуктун маңыроо мүнөзүнө ачуусу келип, кайра өзүн токтотуп, сабыр кылган тилмеч

-Түрмөнүн мөөнөтүн-деди шыбырай.

-Агамы бошотуп бере аласызбы?

-Эй, кеңкелес. Сен колума тийгиз. Мен сенин колуна тийгизем.

-Эмнени? –деди, дагы анын сөзүнө түшүнбөгөн Кала.

Тилмечтин жаны чыгып кете жаздады.

-Бу жапайы менен убакыт коротуп, эмнени сүйлөшүп жатам. Деги, ойлонобу, акмак. Же, ушунча эле бышыкбы. Чамасы, ишенбей жатабы?

-Сен, мага ишенбей жатасынбы?

-Ишенгеним үчүн айтам. Агамы бошотсоңуз, башым кепил. Үйдөгү аргымагымы сизге тартам.

-Аргымагыңдын кереги жок. Куругу керек.

-Курук деген эмнеси?

-А тигичи?

-Тиги, эмнеси?

-Тилда. Ородо дебедиңби?

-Аа тилдаби? Алганга, чолобуз да болгон жок. Ага кайрылып, баргыбыз да келбеди.

-Тфу! –деп түкүрүнө, тилмеч-тескери бурулду. Көңүлү чыдабай кайра суроо берди.

-Эми, барып, алып келсең болобу?

-Оу, узак. Ага канча жылдар мурун болгон

-Акмак. Эмне деп, келжиреп жатасың. Баятан бери мени алаксытып, агаңа кошуп, сени да каматып кое элегимде, Жогол азыр! Солдаттарга азыр сабатып салам.

-Таксыр? Агамы бошотуп, ордуна мени камасаңыз, алдымдагы күлүгүмү тартам?

Жаны чыккан тилмечтин ачуусу келгенден улам, денеси титиреп чыкты.

-Бул жеткен куу неме же, акмактын бири. Ар нерсенин башын бир айтып, жиндиби? Жиндиге теңелип, баятан бери убакыт коротуп, эмнеге сүйлөштү. Солдаттарга айтып эси-көөнүнөн кеткис кылып сабаткысы келди.

-Мына бул акмакты, сабагыла!-деди, аркы тарапта турган экөөнө.

Ысыктын күнүндө ныксыраган солдаттар, анын сөзүнө бир ишенип, бир ишенбей Каланын жанына келип, туруп калышты. Тилмечтин оюна Каланын баягы сөзү түшө калып

-Тамашалайм. Муну менен өзүм сүйлөшөм-деп, алардан алыстата жетеледи.

-Кана,берчүүңдү бер?-деп кол сунду.

Улам өзгөрүп турган тилмечтин мүнөзүнө таң калган Кала саксына

-Агамы бошотсоңуз, беремин-деди, койнуна колун салып.

-Бошото албайм. Жолуктурайын.

-Анда, жолуктургандан кийин берем-деди.

-Бул, эмне эле мени ойнотот. Жапайы –деп тилмечтин ачуусу келди. Ичинен ызырынды. Кайра белен табылгадан кол үзгүсү келбей. Баягы сүйлөшүп турган солдаттардын бирисине:

-Ноокаттан алынып келгендердин арасындагы-деп тилмеч атын таппай туруп калды.

-Калманбет-деди Кала шашыла.

- Ошону алып кел! –деди, тилмеч буйрук бере.

Балбан жигиттин оюн эми түшүнгөн солдат, заматта барып, Калманбетти тилмеч отурган имаратка айдап келди.

Өкүм али чыга электигине байланыштуу, көп туткундун колу-буттарына кишен салына элек, бош жүрүшкөн эле. Эки бир тууган кучакташып көрүшүп, ал жайларын сурашышты.

Калманбет ысыктын күнүндө, түрмө деп аталган туюк тамда отуруп, ыраң-башы кубарып, аябай арыктаган эле. Ачкалыктан алсырап, дарманы жок. Агасын аяган Кала акыры тилмечти көндүрдү.

-Аке, бала-чакаңыз жаш. Сиздин ордуңузга мен калайын. Балдарыңызды томсортпой үйгө барыңыз-деди Кала.

-Кой, айланайын бир боорум. Ошол кантип болсун. Он гүлүңдөн бир гүлүң ачыла элек. Сага кантип түрмөнү ыраа көрөм?

-Менин тилими алыңыз? Жалгыз уйду сизге керек кылам деп, сатып келгем. Ушул тилмечке насип этиптир. Калганын кудайдан көрөлү.

-Мен кантип сени жамандыкка кыя алам, жан боорум?

-Инилеримдин тирүүлөй жетим калганын көрүп, жер үстүндө басып жүрө албайм, аке. Чын, боорум десеңиз, тилимди алың? Анын үстүнө жеңемдин да айы-күнү жетип калыптыр. Кандай болот, ким билет? Балдарыңыздын башында болуңуз. Менден кам санабаңыз? Кудайым ал-кулум десе, аман-эсен келип да, калаармын. Балдарыңыз ата мээримиң көрбөй калбасын, аке. Барыңыз үйгө?

-Ананайыным, үкөлөрүңдүн келечегине кам көргөн бооруңдан, садага кетейин. Насибинче болоор. Сенин убалыңа калбай, мен эле кетейин?

-Экөөбүздүн соодалашканыбыз болбойт. Мен ким, сиз ким? Үй-бүлөгө сиз тирек, башсыз. Башсыз үй-бүлөнүн келечеги жок. Тукумуңуздун келечегине кам көрсөңүз, аталык тарбия бериңиз. Кетиңиз аке! Бирок, менин илабизим арам болбосун. Ушул тилмечке атымды пулдап бериңиз? Кыргыздын бир сөздүү экенине, ынанып калсын.

-Жаныңдан артык көргөн атыңды, кантип кыя алам, алтыным?

-Башы-көздөн садага, аке. Аман болсок, дагы да канчалаган аргымактарды минээрбиз. Илайым элибиздин келечеги кен болсун! Даткага, кан майданда тагдырымды коштум эле. Мындан кийинки, бактыны да кудай берер.

-Кош жолборсум. Сенин жакшылыгыңды балдарыма айтам. Эр жетишкенде түшүнүшөт. Адамга, тууганга жакшылык кылуу милдеттерин мойнуларына алышаар. Сага мен, эки өмүрүмдө тең, ыраазымын!

Каланын чечкиндүү бүтүмүнө Калманбет макул болбой кое албады. Канчалык ичи толгонуп, кыйылса да, инисинин көңүлүн калтыра албады. Инилеринин тагдырын ойлогон Кала, агасынын үй-бүлөсүнүн бүтүндүгүнө кам көрүп, өзүнүн бактысынан кечип,ошол жерде кала берди.

Катуу суракка алынып, тизмеге аты түшө элек туткундардын кимдигин ким билмек. Убадалашып, акчасын алып, анын үстүнө үйдөгү күлүгүнүн акчасын алып келүүгө агасынын антын алган тилмеч, аларга акыл үйрөттү. Каланын суракта эмне деп жооп беришинен бери түшүндүрдү. Ошол күнү Калмамбеттин ордуна Кала калып, агасы атты сатып, акчасын алып келүүгө кетти.

***

Кала «уурум кара тейит» демекчи, эл арасында тейиттер туурасында бир айтым бар эле. Бир мезгилде кыргыздар эч кимге баш ийбей, топ-топко бөлүнүшүп тоо арасында өз алдыларынча жашап турушкан. Ошол кездин шарты боюнча ар кыл уруудагылар миң үйлүүгө жеткенде, өз алдынча хандык шайлап, аскер курашчу экен. Оро-Дөбөдө жашаган кесектер миң үйлүүгө жетип, ары айлакер, ары акылман Такачы деген баатыр жигитти хан шайлашат.

Такачы түрдүү айла менен элин багып, кем-кетигине кам көрүп турган. Ал тогуз уулду болот. Уулдары да атасын тартып, ары шамдагай, ары эпчил болуп өсүшөт. Себеби, ошол кездеги шарт, ар бир эркек танадан жоокерликти жана кыраакылыкты талап кылган. «Жашагың келсе, өз ырыскыңды, өзүң тап» деген мезгилдин талабы эле. Жаш жигиттер жортуулга чыгышып, элин коргоп, башка жактарга барып, жылкы сүрүп келип, баатырдык менен элин багышчу.

Такачынын тогуз уулу да, алты айлык жолго, жортуулга кетишет. Алты ай эмес, тогуз ай өтсө да, алыска кеткен уулдардан кабар жок. Такачы кыжалат болуп, үйүндө жата албай калат. Күндө жол карап, көзү тешилет. Утурлап бир күндүк жерге барып, күтө-күтө кайра келет. Кийинки күндөрү беш-он күндүк жерлерге барып, зарыгып, санаага батып, кайра келет. Бир күнү азык-оокатын алып, айчылык алыска барып, уулдарын күтөт. Эч кандай шек-шыба билинбейт. Кабар угулбайт. Тоонун башына чыгып, алыскы-алыскы аймактарды колун серепчилеп тиктеп, колу талып, көзү карыгат.

Бир маалда алыстагы-алыстагы, тээ бүлбүл көрүнгөн мунарыктан чаң көтөрүлгөндөй болот. Ал токтоно албай

атына камчы басып, утурлай чаап жөнөйт. Канчалаган жолду басып, белес-белес дөңдү ашып, бир маалда жете келип, бир дөбөнү аша, эңкүүлөй бергенде, күтүрөп келе жаткан көп жылкыны көрөт да:

-Балдарым, жортуулдан көп жылкы сүрүп келген экен-деп көпкө чейин тиктеп, эч бир адамдын карaанын кезиктире албайт.

Акырында кай жердин жылкылары, кимдики экенине саресеп сала, астейдил тиктейт. Кексе Такачы, бала кезинен жылкы арасында өсүп, кай жердин жылкысы, кандай болот, үйүрү кайсыл тукумдан экенин жаземдебей билген, көзү канык чарбадар эле. Улам-улам жылкыларды тиктеп отуруп, аларга арбалып кеткенин өзү да туйбай калат. Кең адырда жайылып, суусаганда өзөнгө түшкөн көп жылкы, көк кашка тунук суудан кеңири шимире ичип, алды жайыла басып, чыга берет.

-Пай-пай, биринен бири өткөн кооз, тим эле сымбаттары келишип, аркар сымал, туяктары жерге тийбейт. Жал-куйруктары суудай төгүлүп, адам эмес, чымын конбогон жондору, тактадай тегиз. Сооруларын атайлап коолдоп, кол менен жасагандай. Бой-келбеттерине, ар бир мүчөлөрү келишип, тим эле жомоктогу буудандардын өзү. Бир катары-нан карап баратып, алдыдагы бир айгырды көргөндө, айласы кетип кыйкырып да жиберди.

-Аа-оо! Уу-уу!-деп чанагынан чыккан көзүн пар-пар ачып-жуумп, кайра-кайра карап, тамшана.

-Ай балакет, ай! Балакет! Ушунча да көрктүү болорбу. Чын эле көрүп турамбы?-деп сүйлөнүп жиберип, кайра чочуй, көзүн алаканы менен баса калды.

-Тү-тү. Көзүм тийбесин. Бала болуп, башыма жүн чыккандан мындайды көрө элек элем. Ай-ай! «Сакалымдын агы бар, балалыгым дагы бар». Мындайды көрбөй, мындайды аңдабай кантип жашадым экен? Шумдугуң кур! Табигат мындан сулуулукту аябаптыр-деп шилекейин куюлуп кеткенин туйбады.

Көп жылкынын баш алдында, туягы жерге тиер-тийбес болуп, жал-куйругу жибектей сапырыла, сүлүктөй жылты-раган, көөдөй, чум кара кашка тулпар, асмандагы булуттай

болуп, учуп-учуп эмес, жылып баратыптыр. Көптөн бери колдо багылып, каалашынча жем, от жеп, хандан башка аяк артмак тургай, кир кол менен кармалбаган тулпар, күндө кашылып, таралып, ысык суу менен жуулуп, бапестелген экен. Жаз алдында агытылып, жамгырга да, тоонун тунук суусуна каалашынча киринип, кымындай чаң тийбеген тулпар, тим эле ордонун кыздарындай сулкулдөйт.

Көрк-келбетине таң кала, өзүн жоготуп, аңкайган Такачы, бир кезде ийне менен безге сайгандай чочуп, оордунан ыргып кетти. Аны кылчая тиктеген тулпар, жанынан тоонун жумшак жели сымал, леп эте өтө берди. Такачы тулпар менен жаны кошо кеткенсип, «жансыз» денесин коерго жер таппай, эңиле ээрчип, кантип кадам таштаганын эс-мас боло, билбейт. Тулпар узап кетсе эле, жаны кошо чыгып кетчүүдөй аптыгып, туйлаган жүрөгү дүкүлдөп, көөдөнүнө батпай каны тээп, бетинен төбөсүнө чыгып, миң сан чымын денесин талагандай дүргүп, артынан көлөкөдөй ээрчий жөнөдү. Эмне максат менен аргымакка жетем деп, чуркаганын өзү да билбейт. Бир мезгилде күйүгүп, калдайган өпкөсү көкүрөгүнө сыйбай, денесинен тер суудай шорголоп, буттары чалыштап, баса албай калганда гана эсине келе калды. Аргымакка жете албастыгына эми гана ишенип, ичи туз койгондой ачыша, абаны жара-Аа-а! деп кыйкыра жер тепкилеп, кала берди.

-Балекет баскыр ай! Тулпар аны сездиби, же ага суктанган, ага деген ышкысы аны өзүнө тарта кеттиби, же бейтааныш адамдын ачуу добушунан чочудубу, жалт бир карап, тумшугун көтөрө сызып кетти. Такачынын жүрөгү канжар менен тилгендей ачышып, ызаасына чыдабай отура калып, кайра туруп, энтиге өпкөсүн кага, көкүрөгүн мыжыга кармады. Ошол, ошол болду. Такачыны ал жерге бирөө келип тушагандай, ордунан жыла албады. Жайдын кечи түн болуп, асман толо жылдыздар чыкты. Ар бир жылдыз ага кара кашка аргымак болуп көрүнүп, жалт-жалт эте өзүнө чакыргансыды. Канча убакыт турганы белгисиз. Жылдыздар толуп, чыгыш жак бозоруп барып, таң да атып келе жатты. Такачынын сезиминде үмүт оту жанып, күндүн чыгышы менен кошо жылуулук денесин каптады.

Күн күндөгүдөн да чызырап, ысып, жел жүрбөй, үп

тартты. Такачы бир орунда тура албай, ойдолой ары-бери басып, жан боордун туланын уйпалап, турпагын чыгара такырлап жиберди. О бир маалга чейин, түшкө жакын, күтүрөгөн, миңдеген туяктын добушу угула калабы деп, улам боору менен жерге жата калып, кулагын төшөйт. Бир маалда алыстан, алыстан «дуу» эте, добуш чыкканда, ал өзүн коерго жер таппай, ордунан секирип кетти. Ышкынын оту башка болобу, каны кайрадан жүзүнө тээп, төбөсү дагы дүргүп чыкты. «Топур-топур» добуш жакындаган сайын, ал айласын таба албай ойдолоп, бир чуркап, кайра токтоп, сабыры кетти. Бир маалда кара кашка тулпардын карааны маңдайдагы белестен «жарк» эте көрүнгөндө, кубанганынан жер тепкилей, дагы да кыйкырып жиберди. Заматта үстүндөгү оор кийимдерин чечип, жеңилдене, кыл чылбырды мойнуна иле, утурлай жөнөдү.

Сүлүктөй «кара кашка» менен Такачы маңдай-тескей, бирин-бири утурлап келе жатышты. Бири-бирине жакындаганда экөө тең токтой калышты. Бири адам баласы, бири Камбар-Ата тукуму. Экөө айкашса кимиси жеңет. Кимиси кимисинен акылдуу. Жылкы кайберен-шамалдан бүткөн. Качса кутулат, кууса жетет. Бирок адам баласына көз каранды. Баары бир колго түшөт. Адамчы? Жеткен куу, айлакер. Баарын акылы менен башкарып, акылы менен чечет. Такачы бала кезинен бери жылкы менен кошо өсүп, сырынын баарын билет. Канткенде келет, канткенде ийигип, тил алат. Канткенде качып, туткурбай кетет. Сырдана. Аны, түрлүү амалы менен көңүлүн алат.

Бирде шык-шыктап, ээси болду. Бирде окуранып досу болду. Карышкыр болуп улуп, чөө болуп ыз-тызга түшүп, чочутту. Ит болуп үрүп эркелеп, акырын-акырын жоошутту. Аргымак ага, аң-таң боло таңыркап, бир топко туруп калды. Кара кашканын көзүнө ар кыл түс болуп, өңүн кубултту. От, жем болуп шилекейин чубурттуу. Тамактан кимдер качат? Канаттуу куш көктө учса да, жапайы жаныбар кайберен сыртта жүрсө да, напси дейт. Тамакка келип, тамакка түшөт. Муну жакшы билген куу Такачы кара кашканын айласын акыры тапты.

-Мо-молоп. Шык-шыктап, миң алакетке түшүп жатып,

тилин талытып, оозун кургатты. Колун ирмеп чакырган, улам сылап жоошуткан болуп, жакындап, жылып «кол тийгизсем чочуйт» деп, акырын чылбыр учун ыргытып, тапан тузак койду. Сүлүк каранын алдыңкы колу түшөөрү менен шап жетип барып, тулпар тумшугун көтөрө береринде, бармак алдындагы татым тузду оозанта койду.

Жаз алды үйүргө агытылгандан бери, адам караанын көрө элек, эркинче ойноп жүрүп, жарым жапайы болгон кара кашка бир алдын селт эте, чочуп барып, аркасын салаарда, адам колу шап эте тумшугуна жетип, бир кертим тузду оозуна сала коюшунан улам, туздун даамы аны алаксытты. Намакаптин шору жоошутту. Напсиси ачыла, кумарлана түшкөнүнөн улам, көзүн жума ирмей бергиче, чылбырдын бир учу ноктолоно тумшугуна катылды.

Сүлүк кара чочуй булкунуп, артка так секирди. Кычкачтай болгон карылуу кол, эки кулактан алып, үзүп алчуудай жанын көзүнө көрсөттү. Эки алдыңкы колун шарт көтөрүп, туягы менен чапчырында, башы бир тарапка кыйшая кетип, оордунан козголо албады. Аңгыча шык-шыктаган жумшак-жагымдуу добуш чыгып, соорусунан тартып, мойну, көзү башынан кашылаган колдун жагымдуу сылаашы, улам көөшүлтүп, жоошутуп, балкытты. Акыры келип, жалын титирете туруп калды.

Такачынын канына сиңген, кыялына бүткөн паамду көзү, «кара кашкага» салынган энге туш келе калып, заматта тулпарды кашып жаткан колу сенейип катып, жылбай калды. Селт этип чочуп, эки тарабын кароого аргасыз болду. Көзүнө аргымактын аркасында, аларды карап, шыкала токтоп калган, сандаган көп жылкы көрүндү. Башы кеңгирей, ою тумандады. Бул эн жөн кишинин эмес. Болгондо да, хандын эн белгиси. Анын жылкысына тиймек тургай, жакын баргандар, докко калып, ак жерден күйөт. Эсине эми араң келип, чок кармагандай, алаканы жазылып кетти. Балээге эми кабылганы калганбы. Кайдан да балакет, үйүргө жакындап келди эле. Өзүнүн напсисин тыя албаган, сугалактыгына кыжыры келди.

-Эмне кылып жатам?деп өзүнө-өзү таң калды.

- Кой. Жат көзгө илине электе, эртээрек бул жерден алыс

кетип, жоголоюн. Докко калып, курулай доомат тартпайын-деп тулпардын тумшугунан ноктону шыпырып баратып, кайра шайтан азгырдыбы, оюнда эч нерсе жок эле, жанынан бычагын ала жалынан, куйругунан тутамдап кесип алганына өзү да таң калды. Тутамына толгон кылды бир карап, бою менен барабар, кыздын олоң чачындай болгон кылдан улам, атты караса, курч бычак тийген жал-куйрук кашкая, көзүнө чалдыгып, андан бетер чочуп кетти. Көзүн жуумп жиберди. Өз эрки, өзүнө баш ийбей, тарамыштай колдору катып, эч тулпарды кое бергиси жок. Ичи туз куйгандай ачышты. Ызаасына чыдабай, ат жалына башын катып эчкирип жиберди. Тору кашка да, аны эски таанышындай жакын көрүп, окурана, башын кашый кетти.

Жылкы жаныбардын жагымдуу жыты таноосун өрдөп, башын айлантып, көкнар ичкендей мас кыла, эс-учунан тайдырды. Ушул тулпарга жетип, ээси боло албаганына арданып, бүткүл денеси солкулдап, жашып кетти. Кантип көзүнөн жаш чыгып кеткенине, өзү да таң калды. Өзүнүн хандан кем экенине арданды. Адам адамдан эмнеге кем? Бийлиги гана болбосо, акыл жагынан теңеше алмак тургай, андан алда канча ашып түшөрүн билет. Хандын бир артыкчылыгы аймагынын кеңдиги, букараларынын көптүгү. Аны да акыл менен эмес, албарс кылыч катуу өкүм менен имерип, ач көз сараңдыгы, мыкаачылыгы аркылуу калктын үшүн алган. Кандуу хандын бийлигинен улам, аны менен жанаша жайгашкан элдин баары коркушуп, жек көрүшө турган.

Такачы да андан бир нече жолу кордук көрүп, өз туугандарын бөлүп, алыска көчүп кеткен эле. Кайнаган кегин хандан кантип алаарын билбей жүргөн Такачы мына бүгүн душманынын ардактаган жылкыларынын арасына туш келип отурат. Баарын сүрүп, айдап кеткиси келди. Кайда алып барат? Хан билсе, анын элин тукум курут кылып, чабары анык. Эмне кылуу керек? Ушул тулпары аркылуу кек алса кантет? Кантип? Тулпарда не айып? Жок. Өзүнүн кетпес кегин, өчпөс өөнүн ушул кара кашка аркылуу бир билдирет. Туйсун. Сезсин деген ачууга алдырып, өчөштүк менен Такачы, аттын жал-куйругун шарт тумайта кесип алды.

Бул белги, илгертен калган. Ким душманы менен элдешкиси келбесе анын атынын куйрук, жалын кесет. Ал деген «келишпейм»деген белги. Хан муну көрүп, эсине келээр, кетенчиктээр деп, тулпарды караса, куйрук-жалы тумтуюп, көз тайгылткан көркү жок, сүрөттөй болгон келбетинен эч нерсе жок, өмүрүндө көрбөгөн бир макулук болуп калыптыр. Бул жаман белги. Ал ханды кордобой эле, атты кордоптур. Көрсө, куйрук-жал тулпардын, накта көркү экенине эми ишенди. Шамалдан бүткөн жылкы жаныбарды ата-бубалардан бери ардактап, азиз көрүп, асырап келген. Кыргыздын жанын сактаган, турмушун өткөргөн жылкы жаныбар. Адамдын бактысы да, шору да жылкыга байланыштуу. «Ат адамдын канаты», «Аты жоктун кубаты жок», «Атың барда адамсың, атың жокто мүлүксүң. Эч жакка бара албайсың» деген атка байланыштуу макал-лакап элде сандап айтылат. Мунун баарын Такачы жакшы түшүнөт.

-Хандын атынын жал-куйругун кескеним эмне, сойгонум эмне? Баары бир. Бар тобокел. «Жылкыны минип, каалаганына жет. Союп койсоң, бир казан эт»-деген макал эсине түштү да, атты шарт жетелеп, артын карабай келген жолуна түштү.

Күндүз паанага бекинип, түнү жол жүрүп, канчалаган күндөн соң үйүнө жетти. Келсе, айыл-апа, неберелери алыска кеткендерди, андан бетер күтүп, акыйып, ачка отурушкан экен. Келээри менен атты союп, туугандарына таркатты. Үйүндө өзүнө тийгенин салып, бышырды. Түн бир оокум болгондо, неберелерин ойготуп, эшикке чыгып, боз үйдүн үстүнө суу чачтырып, этин берди. Дыбырттап үйгө түшкөн суудан улам, аларга:

-Жамгыр жаап келди. Үшүбөй, эртерээк жатып, уктагыла-деп, кайра жаткырып койду. Тазаланган сөөк-сагын отко калап күйгүздү.

***

Бир күнү хандын жылкычылары, жылкыдан кабар алганы жайлоого келишип, түгөлдөп карашса, хандын аялынан артык көргөн, айтылуу «ай кашка» тулпары жок. Ары чапкылашат, бери чапкылашат. Ар кимге айтып, кабар берип, издешип, суй

жыгылышат. Акырында таппай, айлалары кеткенде, ханга кабар билдиришет. Хан каарданып, жылкычыларын жазалап, ортодо чоң тополоң чыгат.

-Атты ким уурдады?-деген суроо менен ордодогулардын башы катат. Божомол менен бардык жердеги ууруларга кабар берилип, издөө салынат. Хандын жигиттери ат жеткен жерге чейин барышып, эч бир изин таппайт. «Мен менмиң» деген, хандан жалтанбаган эл арасындагы жигиттердин ысымдары аталат.

-Эч нерседен жалтанбас, эр жүрөк Такачы алат-деп божомолдошот.

Такачы тараптан, эч бир жик билинбейт. Курулай айыпка жыгыштан хандын жигиттери айбыгат. Акырында, ар айылга тыңчылар жөнөтүлөт. Бириси «табып» болсо, бириси «аттарчи». Бириси «кайырчы» болсо, бириси «тамырчы». Ханга кызмат кылгандар жалган наамга жамынып, тымызын иликтеп, издөө салышат. Ар айылга барган тынчылар чоңдон сурайт, дарек билинбейт. Жаш балдарды алдап сурайт, жиги чыкпайт. Жаш балдарды эмдеген болушуп, чачтарын алышып, көз мончок тагышып, ар кыл айла-амалды колдонушат. Акырында Такачынын неберелерине жолугушуп, эркелеткен болушуп

-Эт жедиңер беле?-деп сурашат.

-Ооба, эт жегенбиз-дешет, калп айтканга көнбөгөн балдар.

-Качан жедиңер эле?

-Өткөндө, жамгыр жаагандан башта жегенбиз.

-Көптөн бери күн бүркөлө элек. Жамгыр качан жаады?

-Беш-алты күн болуп калды.

-Күндүзү элеби?

-Жо-ок түнү. Биз уктап калсак, чоң атам тургузуп, эт бергенде жамгыр жаады.

Ордого кабар заматта жетет. Хандын буйругу менен аскерлер үймө-үй кыдырышып, аңтарып-теңтерип, бардык жерди тинтишип, басып калат. Акыры Такачынын үйүнөн катылган аттын териси, жал-куйругу түгөл чыгат. Хан ачуу-ланып, мурдагы өчүн кошуп алмакка:

-Миң үйлү кесектерди бешиктеги баласына чейин чаап, тукум курут кылгыла!-деп, аскер башчысына катуу дайындайт.

Хандын аскерлери түгөл келип, кесектерге чабуул коюшат. Кесектер жабыла каршы чыгышып, алаамат-согуш башталат. Көп колго туруштук бере албаган кесектер качып Кожент үстүнө келет. Баш-паанек табылбайт. Калканч кылаар эч нерсе таппай, кесектер жан айласы кылып, чачырап качышат. Жоо арттан калбай, жеткенин чабат.

Күнөөсүз элдин «бешиктеги баласынан бери чап!»деген хандын буйругунан улам, кесектер тентип, жашынарга жер таппай жүргөнүн билген ордодогу хандын акылчы вазирлери Токторбай менен Абыкенин зыбаны аябай күйөт. Кыргынды эптеп токтотууга эч кандай айла табышпайт. Акырында келип, экөө бир айла табуунун жолун издешет.

-Хандын иши хан. Ал буйругун бере берет. Бирок, анын күнөөсүн биз көтөрөбүз. Элдин убал-сообу биздин мойнубузда. Эптеп, бир ынанарлык жолун таап, элди кыргындан алып калайлы-дейт Токторбай шеригине.

-Хан буйругу катуу. Аны жумшартуунун жолун тапсак, хан да ийигээр! дейт Абыке.

-Жылкы жаныбарды, ардактаса ат. Күчү барда аргымак, күчү жокто бир туяк. Адам баласын ага теңөөгө болбойт.

-Аның туура. Атты таптап тулпар, кушту куштап кумпай кылаар адам. Ханга ушуну билдирели.

-Кантип, ынандыра алабыз?

-Ханыбыз күндө эрте менен аскер башчыларын өзүнө чогултуп, тапшырма берет. Мен ошол кезде эртең, бүрсүгүнү тууй турган бээни, «кара шалтак» кыла чаап, ордого кирип келейин. Сен элдин, баарынын көңүлүн буруп, менден сура.

-Э, Токторбай, эртең-бүрсүгүнү тууй турган бооз бээни, «кара шалтак» кыла чапкылап, миңгенин кандай? Казынадан миңерге ат табылбай калдыбы?-дегин. Мен калганын, хан өзү жооп бергидей кылайын,-дейт биринчи вазир.

Айткандай эле, эртеси таң эрте менен Токторбай вазир, желини толгон бооз бээни энтиктирип, кара терин чыгара чапкылап, хан турган топтун жанынан өтө берет. Ошондо Абыке вазир ага суроо салат.

-Э, Токторбай. Кара шалтак кыла чапкылап, миңген бээ, желинин толтуруп, тууйун деп калыптыр. Сага казынадан бир ат табылбадыбы?-деп кыйкырат.

Тургандын баары, анын сөзүн угуп, бээ миңген Токторбайды карашат.

-Ханым, Абыке вазириңизге жооп берер алдын, сизге бир суроом бар эле. Уруксат берсеңиз ушул тургандардын көзүнчө сурайын?-дейт Токторбай.

-Сура, вазирим! Сизге жооп бербей анан

-Ханым, жылкы тукуму энесинин курсагына чейин, канча убакыт ичинде бинаа болот?

-Вазирим, менин билишиме караганда жылкы тукуму энесинин курсагына чейин бир жыл мурда пайда болот.

-Муну жаземдебей айттыңыз. А адам тукуму, канча жыл мурда пайда болот?

-Аалым-уламалардын айтуусуна караганда, эркектин белинде балакатка жеткенден баштап пайда болот.

-Өкүмдарым, ашыкча айтсам айыбым мойнумда. Жообуңуздан улам, бир суроом бар. Уруксат берсеңиз айтайын?

-Вазир болгондон кийин, сизге уруксат. Сураңыз.

-Таксыр, ханым. Бир жылда бинаа болоор жылкы үчүн эне курсагына келгенге чейин, эркек балакатка жеткен чакта пайда болгон кесектерге кыргын салыш, туура келеби?

Хан вазиринин акылмандыгына тан бере:

Кыргын токтотулсун!-дейт.

Кыргын токтотулат.

***

Аңгыча Такачынын тогуз баласы жортуулдан келип калышат. Такачынын айтуусу боюнча, кесектер качып барган жеринде, өздөрүн тейит уруусунанмын деп, тааныштырышат. Тогуз уулун аман көргөн Такачы, тогузун, тогуз жерге таркатат да

-Тогузун бир жерде болсоңор, күндөрдүн бир күнүндө кеп талашып, же дүнүйө талашып, бири бирине баркыңар кетет. Эл да «Такачынын тогуз уулу»-деп санга түшөсүңөр. Көптүн арасында болсоңор, дос-жар күтүп, атыңар алыска кетет. Баштан байыйсыңар дейт. Ошондон улам бардык уруулар-

дын арасында тейит уруусундагылар келип, жашап калышат.

Убакыт өтө берет. Такачынын тогуз уулу, тогуз уруунун арасында жашап, аталарынан кол үзбөй келип, кабар алып турушат. Бир учурда Такачы ооруп калып, балдарын чакыртат. Тогуз уул тапкан-ташыганын атасына арнап, алганча келишет. Караса, балдарынын алды өзүндөй карып, ак сакал болуп калыптыр.

-Сен чал тейит турбайсыңбы-дейт

Экинчиси атына конок артып келет.

-А сен конок тейит экенсиң.

Ар биринин белегине жараша, ыйык тейит, кочкор тейит, сары тейит, кара тейит, шахым тейит, текирең тейит, навруз тейит, алапа тейит, кутан тейит, Эң кичүүсүнүн өң-түсү кара болгондуктан «кара тейит» атайт.

Кара тейит бир күнү бозого тоюп алып, жалгыз аяк жолдо кетип баратса, маңдайынан жолоочу чыгат. Кар улуу болгондуктан, ал жол четтеп чыга албай калат. Бозого мас Кара тейит

-Жол бербеген сени-деп, жолоочуну сабайт.

Ызааланган жолоочу:

-Эки үйлүүнү эриктирбе, бир үйлүүнү зериктирбе. Азали туугандарың менен бирикпе-деп бата берет.

Көрсө, ал жалоочу, кызыр экен. Анын назары менен Кара тейит тукумдары чогуу жашабай, эл арасына чачырап кеткен экен. Азыркы күндө кара тейит, сары тейит, чал тейит, бай тейит, арык тейит, чоң тейит, жаман тейит, уйгур тейит, чапан тейит, айтемир тейит, токум тейит, чыгырчак тейит, күл чачар тейит уруулары жолугары белгилүү-деп Кала сөзүн бүттү.

***

-Булбулум, узак жолдо сөзүбүз эрмек. Өзүбүздү алаксыта, таржымалыбызды айта жүрөлү.

-Туура айттыңыз аба. Биз жашаган аралык сиздерден алыс болуп, анын үстүнө каргашалуу мезгилде менин ата-бабаларым, өз туугандарынан алыста калат. Сарт уурусунун санжырасын, бабабыз Баргы баянын түгөл билгендердин көздөрү өтүп, кийинкилер арасында так маалыматтар жоктугун мойнума алам.

- Түшүндүм, Токо. Баргы бабандан таркагандарды билгенимче баян этейин. Бир нече кылым башта кыргыздын онго жана солго бөлүнүштөрүн Долон бийдин Ак уул жана Куу уулунан башталат деп айтышат уламалар. Он аталган Адигине менен Тагай энчи бөлүү тоюн Оштун үстүндөгү Көк-Белде өткөрүп, кыргыздын салты боюнча малды, жерди, элди тең экиге бөлүшөт. Оштун Кара-Дарыясын чек кылып, күн батыш жагын Адигине бий, күн чыгыш жагын Ат-Башы, батышы Намангандын, аяк жагы Кетмен-Төбө, Чаткалга чейинки жерлерди Тагай бий алат.

Бирок, кийинки кыргыз-калмак мамилелери, Ташкен жана Паргана өрөөндөрүндөгү окуяларда Сыр-Дарыянын боюндагы  негизги соода борбору катары саналган шаарлар үчүн талапкерлик курч мүнөзгө айланат. Алардын ичинен айрыкча Улуу Жибек Жолунун соода жолу жаратылышынын кооздугу менен гана даңазаланбастан, табигат тартуулаган «касиеттүү» көрүнүштөрү аркылуу да белгилүү болгон. Оштун айланасындагы тоолор жылдын төрт мезгили ичиндеги жайкы аптапта салкындыкты тартуулап, кышкы бороондо жылуулукка бөлөп, мээлүүн, таза абасы, түгөнгүс тунук суусу менен табигатына өзгөчө кайталангыс кооздугун жаратып, жашоо-тиричиликтин ыңгайлуу өтүшүнө, дыйканчылыктын, мал чарбачылыктын өнүгүшүнө кеңири шарттарды түзгөн. Ал эми шаарды тең бөлүп аккан Ак-Буура дарыясы дары катары аздектелген.

Оштун айлана-тегерегиндеги, Кара-Суунун жер тилкелерине жеткирилген арыктардын эчен кылымдардан берки тарыхый аталыштары, нукура кыргыз элинин ичиндеги уурулардын жашап келгенин аныктайт. Көпчүлүк арыктар Папандын этегиндеги Даңгиден башталып, кен аймакка жан берип, жашоо-тиричиликтин өсүп-өнүгүшүнө себепкер болду.

Адигиненин Бөрү, Баргы, Карабагыш, Жолжакшы, Сартбай аттуу уулдары негизинен Ош аймагында жашайт. Менин укканыма караганда Сарттардан Шайбек, Башатай, Ажыбай, Алымбек, Абдырахман, Мырзакул, Кызылбай, Коңурбай, Жанак, Оштук болуп, көбүн эсе Алайдын Терек, Таргалак айылдарында Папан, Мырза-Аке, Ноокат аймактарында жашашат.

Ата бийлигин Баргы улантып, калгандары көбүн эсе байлыкты карманышкан. Баргыдан Сатыке, Сансыз аттуу эки уул. Сансыздан Ардай, Мөнөк, Кенжекул. Сатыкеден Ысаке, Мырзаке. Ысакеден Карабаргы, Тазбаргы, Сарыбаргы. Мырзакеден Тооке, Сабай, Бөкөй. Бөкөйдөн Баатыр Бакал, Бай Бөөчөн. Бай Бөөчөдөн Олжоке, Тилеке, Көкчө. Жамгырчы. Тилекеден, Оболбек, Черикчи, Сатылган, Карамeнди, Бүкүр, Чал, Ажибек (сокучу) тарайт.

Баргыдан таркаган уруу топторунун тарых-таржымалы калкка дайын. Он эки ата баргыларга Сарыбаргы, Тазбаргы, Карабаргы, Сабай, Тооке, Баатыр Бакал, Тилеке, Олжоке, Көкчө, Ардай, Мөнөк, Кенжекул топтору кирет. «Тарыхчы арык» «Сүркө арык» (Качыбектин тогуз уулунун бири) «Мөнөк арык», «Сабай арык», «Тооке арык», «Бакал арык», «Жоош арык», «Коңурат арык», «Беш арык» («Алимбек арык»-Кашкар-Кыштак) «Черикчинин талаасы», «Алимбектин тегирмени», «Асан чек» ж.б. Ош-Кара-Суу аймактарындагы жер, суу, талаа аталыштары адигине тукумунун илгертен турук алып, жашап келгендигин аныктайт.

Бабам Тилеке баатырдын урпактарына токтоло кетейин. Тилекенин сегиз уулу тең тың чыгып, эл-жерин коргоодо, биринен бири өткөн баатыр болушкан. Ар биринин айтып бүткүс тарыхы бар. Тилекенин алты уулунан тарагандар көбүн эсе Ош, Кара-Суу, Ноокат, Базар-Коргон аймактарын туруктаса, эки уулунан тарагандар Алай аймагын мекендешет. Тилекенин экинчи уулу Черикчинин Тарыхчы, Көкүл, Элтойду аттуу үч уулунан тарагандарды, «Мырза баргылар» деп коюшат. Үчбай баргысы «Калдай баргысы», «Карамeнди», «Папан баргысы», «Качыбектин тогуз уул», «Чал Чурулдай» «Алай баргысы» делип, башка ууру топтордогу өткөрүлгөн чоң маарекелерде, өзүнчө топ-топко бөлүп түшүрүлүп, сый да өз алдынча көрсөтүлгөндөн улам, «Баргылар баары келбейт. Баары келсе табак жетпейт» деген лакап калган.

Баргыдан мурасталган ынтымактык, мырзалык урпактарга уланып, кай жерде болбосун, биримдиктен улам бөлүнүп-жарылууну билишпеген. Эчендеген эл башына түшкөн азаптарда «Адигине» деп ураан чакырып, анын айчыктуу туусун

бийик көтөрүшүп, элди ээрчитишип, жоо сүрүшкөн. Кылымдан кылым өтүп, кыргыз журту көбөйө берди. Анын ичинде баргы тобу баштан байып, ата наркы, ата даңкына жетип, калкка караан, кармаштарда кыраан болоор эл уулдарды өстүрүштү.

Кылымдын кыйырын аралаган калмактардын «кара чабуулу» мезгилинде бирде кыргыз, бирде калмак жеңилип, тагдыр бирде кылыч мизинде, бирде найза учунда чамаланган чакта, эртеңки күн эстен чыгып, аман калуунун гана аракети өкүм сүргөн. Адам башы алмадай ыргып, кан денени жууган шартта жан аябаган, жылаңач баатырлар эли-жерин коргоп турду. Жалаң гана эрдиктер жашап, коркоктук менен мококтук тизе бүгүп, жарыкчылык менен кош айтышып кете берди. Эр тагдыры элекке түшүп, эл тагдыры кыянга кабылды.

Кандуу кармаштан эл бузулуп, жер тозду. Баатыр баш болгон эр-азаматтар каруусун казык, башын токмок кылып, калкына караан болуп, бир нече мезгил турду. Күндөрдүн бир күнүндө калк арасында капылеттен караан пайда болуп, каргашалуу катып жүргөн огун октоп, эченден бери ууга чыланган учтуу жебени саадакка кере тартып, мээлей берди. Мемиреген тынчтыкты мээге жеткен чыңырык бузуп, ызгыттын ышкырыгындай болгон жебе, эр азаматка жете келди. Уунун зарпинан баатырдын кан тамыры көөп, көөдөнү муздап, көзү сүзүлүп кете берди. Жоолашкан жоодон эмес, же жоолочу-жаттан эмес, өзөктөн чыккан чыккынчы батыр-ды билинтпей жыкты.

Калмактын кан кечкен кара кыянынын эпкининде калдайган калың кыргыз ичинде, баргы тобунун баары кетти. Жер ээнсиреп, тоолор жетимсиреп кала берди. Кайрылып тиктөөгө чама жок, калктын күйүп ичи чок. Капсаландын капшабында калк кыйналып, жесир аял, жетим бала, желкеленген эл менен бөтөн жайга жеткирилди. Бөтөн жер, бөтөн элге жер болуп бере албады. Бөтөн эл бөтөн жерде тура албады. Албырып чыккан күн өгөй, агып жаткан суу өгөй… Өгөйлөрдү өздөй көрбөй, эл өбөктөп, кары менен жаш өксөп, туулган жерди эңсешип, кусалык оору менен ооруп калышты. Дарт каржайган карыны, капылеттен жашты алды. Бөтөн эл, бөтөн жерде алардын денеси, ак кепиндеп көмүлбөй калды.

Калк кепинге эмес, кебекке зар. Кең аалам душман колундагы келгиндерге тар. Канчалык каар, зордук-зомбулук болсо да, акылманга арга табылат. Эл бүжүрөбөй, бөтөн жерде сүдүрөлбөй өз журтуна кеткиси келет. Туулган жер көздөн учат. Боз балдар, бозой болду. Боз уландар каруу-күчкө толду. Жесирлер бекилди, жетимдер жетилди. Туур, казыкка жетээр мезгил келди.

- «Кызыр болуп жолдошуң, Адигине атабыздын арбагы колдосун. Алдыдагы улуу максат, жоого такаат. Шайланалы, жолго камданалы» деген акылмандардын айтуусу менен кыз-кыркын, катын-калач, эркектердей кийинишип, эр азаматтарга эриш-аркак болушуп, ээрчише эрөөлгө чыгышты. Басынткан жоо, басынган келгиндер арасында баш айрылып, көз чыккан, көкүрөккө найза тыгылып, көөдөнгө кылыч чабылган, каттуу кармаш өкүм сүрдү. Эчендеген эр-азаматтар эркиндигин талашып, элге өбөк болду. Көбү кырылып, азы калса да, эптеп эркиндикке жеткен эл өкүлдөрү ата-бабанын ыйык турагын көздөй көчүп жөнөдү. «Жол азабы, көр азабы» менен «кыйла элдин албаны, кырылгандан калганы» касиеттүү жерине кайрылып келип, ата ордун, бала басты. Кыздары үй-бүлө күтүп, орун тапты. Чырпыгы бүрдөдү, бутагы гүлдөдү. Ошентип кыргыз кайра түптөлдү.

***

Көкүл жыйырма беш жашында калмактар менен кагылышта каза болуп, андан үч уул Дубана, Бекбото, Календар аттуу балдар калат. Үчөө эр жетип, эл аралап баштары тааныла баштайт. Бир күнү атасы менен бир тууган абасы Элтойдуну конокко чакырышып, ат тартышып, сарпай жабышты.

-Атабыздай баш-көз болуп жүрөсүз. Жаман сөздү каалабадыңыз, жакшы сөздү аябадыңыз. Сиздин аркаңыз менен элге кошулуп отурабыз. Үчөөбүз үч үй бүлөлү болдук. Ушул күнгө чейин, атадан калган мал-мүлктү бирге кармап, бөлүнгөн жокпуз. Калыстык кылып, үчөөбүзгө тең бөлүп бериңиз?-дешти.

-Мен силерге ыраазымын, инилерим. Калыстын иши

катуу жүк. Мүлкүңөрдү үчкө бөлөйүн. Кимиңе аз тийсе, наараазы болгонуна, мен малыман берейин-дейт.

-Бир туугандар бирибизден бирибиз аямак белек. Сиздин айтканыңыз бизге насип этсин-дешет.

Элтойду бардык мал-мүлктү Ордо-Дөбөгө топтотуп, сырт кийимиң чечине, шымаланып ишке киришет. Биринчи кара малдан баштап, улам кош-коштоп, чыгышты, батышты, түштүктү көздөй үчкө бөлүп айдай берип, Ордо-Дөбөнүн үч тарабы жуп-жубу менен малга бөлүндү. Энчилерин алган үч бир туугандардын малдары, үч тарапка жайылып кеткенинен улам,Элтойду инилерине:

-Мына, үчөөң «Үч бай» болдуңар-деп батасын берет. Көкүлдүн урпактары «Үч бай»аталып кетет.

***

Черикчинин Тарыхчы уулунан Шүкүр бий, Молдо Жусуп, Лепез аттуу үч уулдан тарагандар, «мырза баргылар» аталышат. Анын жөнү мындай. Эл бийлеген бек, акимдердин балдары-байбатчалар Маргаланга келишип, «аш жеп» калышат. Баары колдорун жууп, дасторкон четине келип отурушканда, кучак толгон чоң табакта булоолонгон аш келет. Байбатчалар бири-бирине сыпайыкерчилик көрсөтүшүп:

-Алың, алың?

-Жо-о, сиз алың? дешип, табакка кол салышпай, бирин-бири ызаттап, акырында аштан ала башташат. «Мырза баргылардын» бирөөсү эңкейип, табакка кол сунуп, бир бүдүр күрүчтү алып, аны бычагы менен экиге бөлүп, жарымын оозуна салат. Аны көргөн байбатчалар колдорун аарчып, дасторкондон кетенчиктей беришет. Шериктеринин абалын көргөн дагы бирөөсү

-Байбатча, сиз ала бериң?-десе,ал:

-Аштын демине эле кардым тойду-деп жооп берген экен-деген элде күлкүлүү айтым бар.

Элтойдуну теңтуштары «кара багыш»деп коюшат. Анын да жөнү бар. Бир мезгилде Кыркоолдун Сайы бадал-шактуу, камыш баскан, чер токой болот. Суусунда балык быкбырдай толуп, улам секирип ойнойт. Чер токоюнда кыргоол баш болгон канаттуунун баары бар. Коён, түлкү, суусар өргүп

жүргөн кез эле. Чак түштө Элтойду ысуулап, сууга түшүп жатса, достору кийимдерин тамашалап бекитип коёт. Жылаңач, суу бойлоп өткөндөрдөн качып, камыш аралайт. Камыш арасындагы бышкан бүлдүркөн денесине тийип, боегондой кызыл-ала кылат. Аны көргөн достору:

-Эй багыш. Кара багыш-деп тамашалашкандан улам, ал «кара багыш» аталып калат.

Элтойдунун Рысбай, Солтоно, Эрдене, Ысмайыл аттуу балдарынан тарагандар балалуу-чакалуу болушуп, баштан көбөйүшүп, айылдан ашып, ар тарапта жашап, иштеп жүрүшөт.

Тарыхчынын Шүкүр бий уулунан төрөлгөн Сарытоксаба баш болгон балдары ары даңазалуу, ары иштерман чыгышат. Сары уулу хандыктан токсоба даражасына жетишет. Эл бийлеп, ар тарапка барып, ордонун ишин жөнгө салат. Картайгандан кийин Кашкардан келе жатышып, Ошко келип Сулайман тоодон өтө бергенде, ажал жетип, жан таслим болот. Элдеги каада, мусулманчылыктын талабында айтылгандай.

-Ар бир пенде ажалы жетип, жан таслим болгон жерге коюлат. Себеби, ага Кудай ал жердин топурагын насип эткен-деген эреже менен Сулайман тоонун чыгыш тарабындагы тоонун этегине коюлат.

Сарытоксаба, Молдо Бекмурат, Кожокул, Абдрахман, Малташ, Мырзабек аттуу уулдарды көргөн. Молдо Бекмураттан Кокон хандыгынын жана Анжиан көтөрүлүштөрүнүн тарыхында таамай жол баскан Өмүрбек датка, Атабек калпа, Гирян аттуу уулдар төрөлөт.

Тилеке баатырдын бир тууганы Жамгырчыдан улам «Калдай баргылары» деп айтылат. Жамгырчы атадан жаш калганда,Тилекенин жети уулу менен кошо асырагандыктан «Тилекенин сегиз бек» аталып калган. Жамчырчыдан Мама баатыр, Абдыгайбар Бапа, Жакшыбай топтору тарайт. Жамгырчы үйлөнгөндөн соң, казатта курман болуп, аялы жесир, балдары жетим калат. Жесирдин тили чулдур болуп, бешиктеги баласы жетим калгандыктан, күндө таң эрте менен бешик тербетип, «жаш калдың»деп безилдеп айта берчү экен.

- «Жаш калдың ай!» деп так айта албай «жаш калдай» дегенин уккандар, анын баласын Калдай аташат. Калдай баргылары Ноокат, Кара-Суу, Алай аймактарында турушат. Оболбектен Кудаяр, Нарбото, Атамерек топтору тарайт. Нарбото бий ордодо бийликке аралашып, көпчүлүккө төбөсү көрүнгөн адам болгон. Атасынан жаш калган инисин дайыма жанынан чыгарбай эркелетип:

- «Атаман калган белек», «Атамын мареги»-деп атачу. Ошол жигиттен тарагандар «Атамарек баргысы» аталып калат.

Качыбектен тогуз уул. Баары чекеден баатыр болуп, калмактар менен кармашканда сооту жок, жалаң кийимчен жоону сүрүп, азали артка кайтпагандыктан, «жылаңач баатырлар» аталышат. Көбүн эсе Папан, Лаглан, Ак-Таш, негизинен Кара-Суунун айланасында жайгашышкан.

Чалдан (Татар) тараган Чурулдай, Токтосун, Жээнкул балдары «чал Чурулдай» аталышып, Ноокаттын Кара-Ташында, Ак-Буура бою Жапалак айылдарын турукташат. Тилекенин жетинчи уулу-эң кичиги Ажибек. Ал атасынан баштап, алты агасына эркелеп, шок, кежир, айтканынан кайтпаган чаар баш, өктөм, чоктон жалтанбаган эрктүү болуп өсөт. Ит жанынан өтсө «кабат», жылан көрсө «чагат»-дебейт. Күндө жеңелеринин талканынан уучтай качып, сокуга жанчкан буудай, арпаларын чачып, боз ала чаң болуп, шоктонуп жүргөн. Жеңелери аны жумшап, күндө сокуга таруу, конок актатышып, көжө кылганга мака, арпаны жаргылчакка тарттырышканын уккан-көргөндөр «сокучу бала» дешип, «сокучу» аталып кетет. Ал теңтуштары менен чүкө ойноп, томпой атып, тай үйрөтүп, кекилик-чилге тузак тартып, эркин ойноп жүргөн чагында Алайдан Тилекенин абалары келет.

-Алайдан келген, абаларың болот. Учураш-дейт,Тилеке жанына келген уулун меймандарга тааныштырып.

-Менин сокучум, ушул Ажибек.

Сырттан эми эле чуркап кирип, мурдунун үстү тердеген, бою башы боз ала-чаң, көздөрү ойнок, жөн турбаган баланы көргөн абалары:

-Боло турган бала экен. Көздөрү ойноп турат. Баралына келгенде, карышкырды кулактан алчуудай-деп тамашалашат.

Абаларынын айтканына эрдемсинген бала.

-Силер тарапта карышкыр көппү? Мен андан коркпойм.

-Бизде, колот сайын карышкыр.

-Чындан эле, быйыл өтө эле карышкыр көбөйүп кетти.

-Ооба, карышкыр чапкандар да көбөйдү-дешип, мейман-дар бири-бирин кубатташты.

-Мен да силер менен барып, карышкыр чабам-дейт балалык ой менен Ажибек.

Абалары кайтаарда, алардын артынан калбайт. Уулунун деликкенин көргөн Тилеке

-Мейли барып–келсин–деп, абаларына учкаштырып берет.

Ажибекке Алай жагып, биротоло туруп калат. Ал бара-лына келгенде Кокон ордосундагы Эрдене менен тең тайлашкан, кол башчылыкка жетип, Кытай падышасы менен элчиси аркылуу сүйлөшүп, келишүүчүлүккө барып, калмак-тарды куугунтукка алган.

Ажыбектен Жетибай, Алтыбай, Шамырза, Бекмурат атту төрт уул тарайт. Шамырзадан Кудаяр, Арык, Намаз, Асан. Асандан Бекмурат, Өмүрбек, Осмонбек, Алымбек. Алымбек-тин биринчи аялынан Акынбек. Акынбектен Маматхан, Кариш, Шүкүр. Курманжан аялынан Абдылдабек, Мамытбек, Баатырбек, Асанбек, Камчыбек жана эки кыз.

Алымбектин бир тууган абасы Бекмураттан, Жаркынбай, Курманбек[1]. Жаркынбай Курманжандын кайнагасы Бекмурат-тын чоң уулу экендигин ким да болсо эске алып так айтышсын.

-Тилеке баатырдын таржымалын уксаңар керек.

-Өзүңүздөн укканыбыз кызыгыраак болсо керек. Кебиңизди баштай бериңиз, даткам?

-Тилеке мезгилинде калмактар менен кармашып, эл талашып, жер талашып, даңазасы далайга кеткен баатыр аталат. Жети уулду болуп, эң кичүү иниси Жамгырчыны да кошо бакканынан улам «Тилекенин сегиз бек, телегейин тегиз

---

[1] Эскертүү: тарыхчылар, жазуучулар, изилдөөчүлөр «Жаркынбайды Алымбектин уулу, Курманжандын өгөй баласы деп көрсөтүшкөнү туура эмес»

бек» деген, эл арасында аңыз калат. Жети уулу тең арстандай айбаттуу, кабыландай кайраттуу болуп, аталарынын эрдигин улап, эл-жер коргошкон.

Тилекке баатырдыгына жараша, ар өнөргө маш болуп, колунан көөрү төгүлчү. Айрыкча тамыр кармап, дарттуунун дабасын тапчу экен. Калмактар Нарындан Тогуз-Торону ашып келишип, элдин мал-мүлкүн талап, улам тополоң сала беришет. Калмактарга өчөшкөн кыргыздар, улам кыргын салып, бала-чака, кыз-кыркындарын олжолошот. Акыры эл жадашканда бүтүмгө келишмекке, чогулушмак болушат. Калмактар:

- Жер ортосу Курчаб, жыйынды дал ошол жерге өткөрөлү. Кай тараптан келсе да, айкын көрүнүп турат. Жол боюнда, кароол коёлу-деп тандашат.

-Жок, биз оозунуп айттык. Өзгөн жер болсун. Биз да кароол коёлу-дешет.

Ошондон улам Өзгөн, Кароол, Куршап аталып калган дешет.

Калмактарга оору тиет. Ал жугуштуу оору болуп, анын кесепетинен көп адам кырылат. Аны калмактар «кара тумоо», «чечек» деп аташат. Тилекенин душмандыгына карабай «Дартка дабаа таап бер?» дешип, алдына келишет. Тилекке барып караса, коркунучтуу дарт «чечек» экен. Калмактардан кеткен кегин алмакка

-Балдарыңарды киринтсеңер, айыгат-дейт

Чечекке суу тийсе күч аларын ал билип айткан. Балдары кырылат. Калмактардын катындары балдарынан ажырап, кара кийип суу боюнда отуруп калышат. Ошондон улам дарыя «Кара дарыя» деп аталып калыптыр. Калмактар өч алууга жабыла Тилекенин аркасынан түшүшөт. Акыры аны өлтүрүшүп, Оштун үстүндөгү Тилекенин айылын чаап, балдарын Кашкардан аркы аймака, туткундап алып кетишет.

-Тилекенин бир уулу Черикчи ашкан мерген болчу. Калмактын ханы, анын өнөрүн баалап, уулун ага кошуп берет.

-Ушул баланы өзүңдөй мерген кылып үйрөтсөң, мен сага азаттык беремин-дейт.

Ары зээндүү, ары акылдуу балага Черикчи өнөрүн үйрөтүп, өзүнөн ашкан мерген кылып тарбиялайт. Хандын баласы устатына ыраазы болуп, андан сырын жашырбайт. Экөө күн сайын аңга чыгып, кийик атышып, мергенчилик кылышат. Бир күнү хандын баласын, Черикчи канча күтсө да, келбей калат. Эртеси келип, Черикчиге болгон сырды жашырбай айтып берет.

-Устат, жакшылыкка жакшылык. Мен сизден өнөр үйрөндүм. Жаман сөзүңүз тийген жок. Кечээ күнү ордодо жыйын болду. Жалаң эркектерди кырып, аялдарды алып калышмак болду. Калган арганы өзүңүздөр табыңыздар. Мен эч кимге билинбей тоого мергенчиликке кеткен болоюн–деп кош айтышып, тоого кетет.

-Эмне кылуу керек? Черикчи мергендин шаштысы кетет. Тууган-уругун заматта чогултуп, болгон кабарды угузат.

-Үй эмеректерди алсак, калмактар шек санашат. Эрте-рээк жолго чыгып кетели. Убакытты коротпой жол арбыталы -дешет.

Черикчи ар бир үйгө казан астырып, карандай суу куйдуруп, тезектен улуу жактырат. Отун жакса от тез өчөт. Тезек көпкө чейин күйүп тураарын жакшы билген Черикчи, тууган-уругун жолго чыгарып, өзү аркадан келет.

-Ар бир үйдө от күйүп, казан асылыптыр. Кыргыздардын эч нерседен шеги жок экен. Эртең таң атканда жазалоону баштайбыз-дешип, калмактар алыстан акмалашат.

Эртеси таң атканда, үйдөн чыккан киши жок. Ар бир үйдө казан асылуу. Тезек күйүп, күл болгон. Ошондо гана кыргыздар качып кеткенин калмактар туюшуп, аркадан куугунга түшүшөт.

-Эркеч-Тамга салсак кууш, аска-ташы жок. Жери жайык. Көп куугунга алса, тыркырап качып, кутула албайбыз. Алайкуу тарапка салгыла. Артыңардан мен акмалап, жоону тосуп, алагды кылам-деген, Черикчинин акылы менен тууган-уругу жол арбытыштын аракетинде болушат. Улам куугун жакындап келген сайын, Черикчи жол тосуп, аска-ташка жамынып, аларды алагды кылат. Акырын келип, тосмолуу капчыгайда күтүп отурган мерген, бир жумага жакын жоонун колун жакындатпайт. Жакын келгенин бутага алат. Аңгыча

тууган-уругу алыстап, куугундан кутулушат. Арып-ачып, өз жерине аман жеткен туугандарына Черикчи эскертет.

-Абал коркунучтуу. Туугандар чогуу отурбай, бириндеп, эл арасына тарап кетели. Калмактар өч албай койбойт. Бирибизди айдап кетсе да, башкалар эл арасында аман калып, Тилеке баатырдын уругун көбөйтсүн-дейт.

Ошондон улам Тилекенин уулдары Ноокат, Папан, Лянгар, Кара-Суу, Алай аймактарына бөлүнүп кетишкен болот.

-«Тилекенин сегиз бек. Эң кичүүсү Ажыбек. Астанасы алтын бек» - деп эл оозунда айтылгандай, Ажыбек баатыр Ал кезинде түштүк кыргыз ууруларынын башчысы катары кеңири аймакты бийлеп, Эрдене менен тең тайлашып турган. Аны билгендер, бек, бий деп аташчу.

Орто Азия элдеринин Кытай империясына каршы биргеле-шип күрөшүү жөнүндө макулдашуулардан соң Ажы бий Кокон шаар башчысы Эрдене бий менен келишим түзүп, тышкы душманга бирге турууну макулдашкан. Ош шаары кыргыздарга кайтарылып берилген. Ажы бийге Бухардан, Алай, Ош, Кашкарга чейинки аймак карап, эки жүз миң кыргыз баш ийген. Ажы бий Чыгыш Түркстандагы Кытай аскер башчысы Чжао Хой менен кат алышып, Кытай императору аркылуу келишим түзүүгө элчи жиберген.

Ажы бий Адигине, Муңгуш, Басыз урууларын ынтымакташтырып, анан Саяк, Сарыбагыш, Карабагыш, Кушчу урууларын бириктирип, Кокон бийлигине тең тайлашууну көздөгөн. Калмактарды кугунтуктоо шылтоосу менен Орто Азияга басып кирген Кытай армиясынын кол башчысы менен байланышып, Коконго каршы биримдик түзүүгө көп аракеттенген.

Эрдененин чабуулуна каршы биргелешип күрөшүү жөнүндө Маматкул бийге кайрылат. Ал аны колдобойт. Кокон шаар башчысы Эрдене өз аймагын кеңейтип, кыргыздарды басып алуу үчүн Ош, Өзгөнгө бир нече жолу куралдуу кошууну менен басып кирет. Ажы бий сарыбагыштардын бийлери Чирикчи менен Темир бийди Коконго каршы күрөшүүгө өнөктөш болууга чакырат. Алар түндүккө көчүп кетишерин билдиришип, түрдүү шылтоолорду айтышат. Эрдене Ажы бийди туткунга алып, Ош шаарын басып алат. Бирок

Сарыбагыш, Солто, Саяк уруу башчылары Коконду жакташкандан кийин Ажыбий өзү Эрденеге каршы чабуулга чыгат. Ажибий жеңилип, өлгөндөн кийин адигине, муңгуш, басыздар түздүктөн сүрүлүүгө айласыз болушат.

Эрдене бийдин тушундагы Ажыбийдин күрөшүнөн соң Кокон бийлиги кыргыздарга этият мамиле кылып, тоолук кыргыздарды басып алуу менен жеңе албастыгын билишип, кыргыз бийлерине дайыма белек-бечкек беришип, Коконго чакырышып, катташууну өтүнүшөт. Нарбото андан кийин бийликке келген Алим хан Шүкүр бийди колго алууну көздөйт. Шүкүр бий өтө сөзмөр чечен киши болгон. Үйүр-үйүр жылкы айдатып, желе-желе бээ байлатат. Уйдун терисин бышыртып, ийлетип ыштаткандан соң, желе-желе бээлерди саадырып, саамалды адам бою жетпеген бир нече гөнгөй, сабаларга куйдуруп, арабаларга илдирип койчу экен. Эртеси бир нече гөнгөй-сабаа толгон кымызды арабакечтер Маргалан, Коконго алып барып, бекер таркатчу дешет:

- Бийдин кымызы келет. Алайдын агынан ичебиз-дешип, ысыкта чаңкагандар да, карды ачып, кайыр сурагандар да колдоруна кеселерин алышып, жол күзөтүшөт. Эч бир жерде топтошуп, кезек күткөндөр болбой, адамдар бириндеп, жол четиндеги көлөкөлөргө байырлап, чыдамсыздык менен күтүп отурушчу. Ошол кезде гөңгөй-сабаалар жүктөлгөн арабалар шаарларга күн сайын үзүлбөй каттап турчу экен.

-Канча адамга кымыз сунсаң, бирөөсүнөн да акы албагыла-деп арабакечтерге катуу тапшырып,

-Ата-бубабыз ак саткан эмес. Ак саткан адамдын көзү сокур болот. Ак ичкен адам, азали дартка чалдыкпайт. Көкүрөгү чөлдөгөн адамдын, чаңкоосу басылганы керек. Ошол мага байлык дечү экен бий.

Бийдин кымызы эрте жаздан, кеч күзгө чейин чөлдүктөрдүн суусунун кандыргандыктан, эл:

-Шүкүр бийдин иши да ак,ичи да ак. Ак кишинин ишин Кудай колдосун!-деп бата беришчү.

Шүкүр бий арабдардан, түрктөр менен тажиктерден дос күтүп, аттарды алып, үйүрдөгү жылкыларды кылдап, таза кандуу аргымактарды асыроочу. Жылына эки жолу, жай, кеч күз базарга жандыктарды айдатканда койчулардын балдары

төрт-беш жашар серкелерди миңип барчу. Анын малы келгенде Маргаландагы, Кокондогу базар токтоп,

-Шүкүр бийдин кой-эчкисинен алабыз-дешип, аларман-дар беш-ондон болуп алышып, акчасын ортодогу килемге таштап, бийден ыраазычылык сурап алакандарын жайгандарга

–Баракка тап деп, бий сакалын сылап койчу. Качан гана бийдин кой-эчкиси сатылган соң, башкалардын малдарын кардарлар сурачу.

Алим хан Шүкүр бийдин даңазасын элден угуп, өзү келип бир нече жолу Коконго кызматка чакырат.

-Хан кызматына караганда, калк кызматы мага кымбат деп, жооп берчү дешет.

Хан Шүкүр бийдин Сары аттуу уулун кызматка чакырып, Хожентке токсобалыкка дайындайт. Ошондон улам ал Сары токсоба аталып калат. Сарытоксоба Бекмурат аттуу уулун, илим алсын деп, Бухарага окууга жөнөтөт. Ал илим үйрөнүп келген соң «Молдо Бекмурат» атыгып кетет. Молдо Бекмурат айылына алгачкы жолу мечит салдырып, балдарды окууга тартып, сабатын ачат. Кийин анын колунан таалим алгандар Ош, Ноокат, Алай, Папан аймактарында молдо болушуп, элге кызмат кылышат. Шүкүр бийдин небере-чеберелери, бубасынан мурасталган аргымак таптап, байге, улак тартыш оюндарына ышкыбыз болушат. Ата-бабаларынын таржымалын баяндан жаткан Өмүрбектин көз алдына туулган жеринин келбети келип, кусалыгын арттырды.

Чиркин ай! Ар бир пендеге киндик каны таамп, кири жуулган жери ыйык го. Улам туулган жерден алыстаган сайын, көз алдына туулган жери, андагы тоо, таш, өзөн-суулары тартылып келет. Кылымдар бою мөңгү баскан Алай тоолорунун этеги көк-жашыл өрөөнгө туташкан аймак Ноокат деп аталат. Анын аталышында да, көп сыр бар. Ноокат аймагында ажайып кооз кокту-колот, баш-аягы билинбеген түзөң жерлер өтө эле көп. Коондун тилигиндей болгон адырлар улам бирине бири туташып, бир аймактан, экинчи аймак бөлүнүп, жылдын төрт мезгилин чагылдырган көрүнүшүнө, келген адам таң калбай койбойт. Кыш кетээринде баш тарабы тоң тиштеген чыкыроон болсо, андан төмөндө эми

гана көк майса көтөрүлөт. Ортодо бак-дарактар гүлдөй баштаган кезде, этек жакта мөмө-жемиш төгүлүп, бышыкчылык өкүм сүрөт. Мындай жердин касиети, башка тараптарда болбосо керек.

Көпкө маалым Кыргыз-Ата Алай тоолорунан башталат. Анын оң тарабындагы Кара-Кой, «Алтын Бешик» зоосун жазданып жатса, сол тарабы Мазар аталат. Анын түбүнөн оргуштап атылган мөлтүр суу эңкүүлөгөн сайын, сандаган булактар кокту-колоттон тентек баладай ойноп түшүп, таштан-ташка урунуп айтылуу Кыргыз-Ата дарыясына келип кошулат. Башаттагы октоорула оргуган сууну эл илгертен эле Суу-Чыкты аташат. Анын күн чыгыш тарабы тоонун бетин бербеген арча токой, өйдөлөп барып Кум-Белге такалат. Дал ошол белде Мазар аттуу үңкүр бар. Аны ыйык көрүшүп, элдин баары сыйынышат. Кум-Белден ашса Чөгөм, Кичи-Алайга уланып кетет.

Мазар менен маңдайлаш Супра жайлоосу көргөндүн көөнүн өзүнө бурбай койбойт. Жайлоонун күн батыш тарабындагы аябагандай бийик асканы эл Алтын Бешик дешет. Анын төрт мезгил аралыгында төрт түрлүү көрүнүшү бар. Жазында этегинен түрүлө улам жогору көздөй жаратылышты көрүп, бел чечкен дыйканды элестетсе, жайында алчыланта ак калпак кийген жигиттей сезилет. Ал эми күзүндө сары тон жамынган аксакал баштанып, маңдайдан сүзүлүп турат. Ал эми кыштачы? Пай-пай, бүтүндөй тулкусуна ак жамынып, айрыкча эрте-кеч, ай жарыгында күмүштөй жалтырап, көздүн жоосун алат.

Дал ошол Алтын Бешик тоосу уламышка өтө эле бай. Илгери ушул өрөөндү мекендеген, өнөрү өзгөчө кыл мерген жашаган экен. Күн сайын тоого аңга чыгып, каалаган эчки-текени атып, үйүнө алып келчү. Бир күнү эңкүүлөп оттоп келген аркар-кулжаларды күтүп тосотто отурат. Капылеттен жанаша жайдагы таштын башына чыга калган текеге жаа тартмак болуп, оңдоно бергенде, төбөдөн бүркүт шукшурулуп келип, текени чеңкелдеген бойдон, маңдайдагы аскага алып барып, олжосуна тумшугун малат. Жаны чыга элек теке булкуна бергенде бүркүт канаттарын далбактата сермеп, сугалактык менен чокуй кетет.

Көз алдында өз олжосун алдырган мерген бүркүткө ачуусу келе, сунган жаасын тарта берерinde, бүркүттүн денеси күндүн нуруна жалт-жулт эте чагыла калат. Мерген ушул жашка келип, бүркүттүн жалтыраганын көргөн эмес эле. Ал таң калганынан улам, бүркүттү жакыныраак жерден көрүш үчүн улам жашына басып, жакындай берет. Ысык, даамдуу эттен оозанган бүркүт аны көп дале этибар албайт. Мерген жакын барып, бүркүттүн канат-куйругунда жабышып калган алтындын күкүмдөрүнүн бардыгын божомолдойт.

Бүркүт алган аңынын этинен тойгончо жеп, калганын көтөрүп алып, акырын айлана учуп, жанаша жайдагы чакан үңкүргө барып конот. Ага мергенчи аябай кызыгат. Аска бетиндеги кандай гана болбосун үңкүрдү барып көрүүнү ойлоп, түрлүү айла кылат. Бирок, аска белиндеги үңкүргө төмөндөн чыгып барууга эч кандай жол жок эле. Туурадан да келүүгө болбойт. Бир гана жол төбөдөн гана түшүүгө мүмкүндүк бар экендигин байкайт. Үйүнө барып даярдыкты мыктап көрөт. Көз ченем боюнча жетерлик кайыш, кыл аркандарды алып, бир күнү өмүрүн тобокелге салып, аркандарды асканын кылда үчүна байлап, улам өзү ага тартынып, бүркүттүн уясына түшүп келет.

Оозу кууш, төрү кенен үңкүрдүн ичин көрүп аябай таң калат. Анткени үңкүрдүн ичи, сырттагы күнгө чагылышып, жап-жарык болуп нур чачып жаркырап көрүнөт. Ал эми үңкүрдүн таманында кумдай болуп, сапырылган алтындын күкүмдөрү үйүлүп жатат. Дал ошол алтын кумдардын ортосунда кургак бутактар ашталып, уя жасалыптыр. Уянын четинде эки балапан, улам суурдун этин чокулап, аны таназар алып да коюшпады. Эс учун жоготкон мерген, бир топко чейин катып калгансып, оордунан жылбай бир чети таңыркап, бир чети эси ооп тура берди.

Ошол мезгилде сырттан эне бүркүт учуп келип, мергенди көрдү да жазгана кайра кайтып учуп кетти. Балапандарынан кабатырланып, кайра айланып келип, үңкүргө баш бага кайра кирип, мергенге тап берип, курч салаалары менен чапчып, тумшугу менен чокушка аракеттенет. Мергендин жан алекетке түшө каршылык көрсөтүүсүнөн улам, кайра учуп чыгып, кайгуулдап шаңшыды. Безилдеп жаны тынбайт. Өзүн

тоготпой, кол салууга аракеттенген эне бүркүткө ачуусу келген мерген, аркасында асынган жаасы менен атмак болот. Ченемсиз байлык болуп көрүнгөн алтын аны акылынан адаштырып, делбе кыла ач көз, сугалыктыгын арттырган эле. Ушунча байлыкты жалгыз ээлеп калууну ойлогон мерген, бүркүттөрдөн кызганып, эми темир канат боло баштаган балапандарды кармап сыртка ыргытат. Үңкүрдөн алыс кетпей улам айланып келип, кайра кетпей, учуп жүргөн эне бүркүт биринчи балапанын жерге түшүрбөй, шарт илип кетет. Аңгыча болбой, экинчи балапаны аянычтуу чыркырап, аска бетиндеги ташка урунуп, талп эте жерге түшөт.

Заматта эле баласынан ажыраган эне бүркүттүн жүрөгү сыздап, жарык дүйнө ага караңгы болуп, аска-зоону жаңырта кайгылуу шаңшыйт. Байыртадан бери бүркүттөр байыр алып, тукум улап, бүркүт уругунун кийинки келечегине кам көрүп, ата-эне жыты сиңген куттуу уясын таштап кетүүгө көөнү чыдабаган эне бүркүт, касиеттүү түнөгүн улам айлана учуп, жаңы бирге баласынан ажыраткан мыкаачы мергенчиге кетпес кегин, өчпөс өчүн сактап, чеңгелиндеги балапанын аяр кармап, белгисиз тарапка учуп кетет.

Айлар алмашып, күндөр өтө берет. Мерген үңкүрдүн сырын эч кимге билдирбейт. Ар барган сайын көтөрүшүнчө алтын алып келип, каалашынча сатып, күтүрөтө мал айдап дүнүйө кармап, аябай эле байып кетет. Көптөн күткөн тилеги ишке ашып, уулду болот.

-Урпактан-урпагыма жетээрлик байлыгым бар деп, ойлогон бай, менменсинип көпчүлүктү теңине албай калат.

Көрсө, ашкан байлык, оңой оокат адам баласын көптүрүп, ач көз кылат экен. Өзүнүн атын чыгарыш үчүн айылынан ашып, колунан көөрү төгүлгөн уста-чебер, зергерди таап, жалгыз уулуна алтындан бешик жасатып, болуп көрбөгөндөй чоң той берет. Алтын бешиктин даңазасы элге тарап, уккандын баары таңданат. Бай эч нерседен кеми жок, жайлоодон жайлоо тандап конуп, жыргап жашайт.

Бир күнү бай арчанын көлөкөсүндө, бешикке бөлөнгөн баласынын жанында бейкам, ныксырап жаткан болот. Капыстан, аба жара шукшурулган бүркүт келип, а-бу дегичекти уктап жаткан баланы бешиги менен көтөрүп кетет.

Аялынын чыркыраган чаңырган үнүнөн чочуган бай, ордунан тура калып, бүркүт алып бараткан бешикти көрүп, аскадагы ууяны көздөй учуп кеткенин билет. Байдын ичи өрттөнүп, көптөн бери колуна албай калган жаасына жетип, баягы бүркүттүн артынан чуркайт. Кулагына аянычтуу чыркыраган балапандардын, кайгылуу шаңшыган эне бүркүттүн үндөрү угулуп, тоо жаңырат. Мерген ошондо гана, өзүнүн туура эмес иш кылганын түшүнөт. Окуяны уккан элдин баары таң калышат.

Жалгыз баласынан көз-көрүнө, чак түштө ажыраган мерген каргашалуу окуянын сырын ичине катып, эч кимге айтпай, көз жашын көлдөтүп, боздоп ыйлап, кудайга миң жалынып:

-Оо Кудай, баламын жанын аман алып кала көр? Балапандардын убалына калдым эле. Эне бүркүттүн каргышы тийди. Башым тартуу. Байлыгымдан кечтим. Өмүрүмдү берейин. Баламды аман алып кал?-деп безилдеп күнү-түнү суранат.

Бирок, заматта бактысынан ажыраткан бүркүттөн өч алууга, өзүнө-өзү ант берип, баягы асканы көздөй камданып жөнөйт. Баштагы үйрөнгөн аскага чыгып, эшилген аркандар менен үңкүргө түшөт. Акырын, жыла басып үңкүргө кирип, алтындардын үстүндөгү «Алтын бешикти» көрүп, сүйүнгөнүнөн эс-акылын жогото басып жыгылат. Бирок, бешик бош, баласы жок. Мергендин ичи өрттөнүп, улам баласын чакырып, кардыккан үнү аска-зоону эчен жаңыртат.

-О, Теңир, баламды аман көрсөтө көр? Жанын сакта? Бир канаттуяга жашоонун ээси болгон-адам баласы кор болобу? Баламы аман-эсен көрсөт? Кырсыкка кабылта көрбө? Деп, үңкүрдүн оозуна чыгып, миң толгоно кайта-кайта суранып-тиленип турганда асмандан баласынын ыйлаган доошу чыгат.

Мерген көккө мойнун созуп карай берип, баягында чыркыраган балапанын чеңгелдеп кайгылуу шаңшыган эне бүркүттү таанып, эми өзүнүн баласын ыйлатып, чеңгелдеп келгенин көрөт. Бүркүт бир топко айланып шаңшыйт. Анысы:

-Баланын күйүтүн туйдуңбу? Бала кимге болсун кымбат. Өз кылганың өзүңө муш-дегени эле.

Мерген өзүн унутуп, эки колун созуп, бүркүткө талпынат. Ошол кезде бүркүт чеңгелиндеги баланы мергенди көздөй таштайт. Төбөдө түшүп келе жаткан баланы тосуп алууга үлгүргөн мерген, өзүнүн тең салмагын сактай албай, асканын боорунан тайып, тээ төмөнгө барып түшөт.

Ошол кайгылуу окуядан соң, аска «Алтын бешик» аталып калат. Балапандын чаркырагы, баланын ыйлаганы аскага сиңип калганбы, ушул күндө да кээ кээде балапандын чыркырагы, баланын ыйлаганы угула калат дешет.

***

Кыргыз-Атанын жака бели Ак-Көчкү, Будалык, Чоң-Кыштоо, Жаз-Токой, Ак-Булак, Көтөрмө, Борко…деги эле көптөгөн аталыштагы жер-сууларды илгертен ата-бабалар мекендеп, жашоо кечирип келишкен Ар бир жылга-жыбыт, кокту-колотунда түрдүү түмөн өсүмдүктөр, жан-жаныбарлар өтө эле көп. Жаратылышынын кайталангыс көркү көргөн адамдын көөнүн ээлеп, кыялын көккө эргитет. Жагымдуу көрүнүш көк кашка булактай көкүрөктү тээп, ырдай болуп, айтылып, обон сымак ачылып төгүлгүсү келет. Жаратылыштын кооздугу делебени козгобой койбойт. Тоолуктун бош боло калса эле ырдай калышы ушундан окшойт.

Бетегеси белге буралып, баскан кадамды гүлгө орогон жаратылыштын касиети башкача го. Күнү-түнү түркүн куштардын сайраган авазына, туйлап аккан тунук булактардын шарына кумарланып, табигаттын көркүн өзүнө сиңирген тоолуктун көркөм дүйнөсү ары таза, ары бай болушу туулган жеринин касиетинен окшойт. Тоодо өсүп-чоңойгон тоолуктун, жерине окшоп топуктуулугуна эмне жетсин. Канчалык катаал шартта да кабагым-кашым дебеген чыдамкайлыгынан улам эч кимге тизе бүгүп, моюн сунбаган. Илайым эле жараткан кыргызды ушул касиеттерден айрыбасын!

Эзелтен бери өсүмдүк өспөй кумсарган шагылдуу зоо Кум-Бел аталат. Андагы Мазардан төмөн аккан дарыяны жээктей келген сол тараптагы тоонун бети Майра-Өлгөн аталып калган. Анын таржымалын так билген эч ким жок. Сурай келгенде кээ бирөлөрү:

-Майра деген кызбы, аялбы же, кемпирби тиричилик кылып, отун терип жүрүп, зоодон учуп өлсө керек-дешет.

Жок. Аталыштын да терең сыры бар. Жөндөн-жөн эле эл оозунда айтылып калбайт. Жер-суунун аталышы тарых. Анда канчалаган сырдуу окуялар камтылганын баамчылдар байкап, куйма кулактар эстеринен чыгарышпайт. Алар элдин-жердин байлыгын сактоого аяр мамиле кылган өзгөчө адамдар болушат. Ошол себептен элде «Куйма кулак кеп сактайт» деген макал айтылат.

Айтууга караганда Майра эненин жалгыз уулу эр жетет. Эл бакканга жараган кезинде, ушул окуя болгон дешет. Базар жаш кезинен эле табигатты жанындай сүйүп, какыраган жер калтырбай, томсоргон аска-зоолорго чейин бак эгип, дарак көгөртөт. Анын колунан не бир сонун иштер бүткөрүлөт. Жаратылыш көркүнө келип, жап-жашыл болуп сандаган дарактар көктөп, аны байырлаган кайберен илбесиндер, канаттуу куштардын түрлөрү келет. Эртеден-кечке, кечтен-таң атканга чейин түркүн куштар сайрап, кайберендер бирин-бири чакырып, айлана шаңга бөлөнөт. Ар түркүн мөмө-жемиш бышып, төгүлүп, жан-жаныбарлардын баары, бейкам бейиште жашайт. Кышында жылуу, жайында салкын өрөөнгө курт-кумурскадан баштап, төрт аяктуулардын баары келишет.

-Коюн толо байлык кай жерде?-дешсе, «Базарда, Базардын жери, Базардын эли» дешкен аңыз, узун элдин үчүнө, кыйла элдин кыйырына жетет. Колунан көөрү төгүлгөн Базарда бир касиет пайда болот. Канча жыл как болгон бутакты жерге сайса көктөгөнүн көргөндөрдүн баары таңданышат. Табигатты кастарлап, сулуулукту баалаган Базардын келбети да келишип, көргөн кыздардын көбү ашык болот. Аны көрүүгө көбү келчү. Ал ар бир учурашып, сурашкан адамына-«Дарак эк, бак тик» деп кеңеш берчү экен. Ошол жер кийин эл кастарлаган Мазарга айланат.

Кыргыз-Атанын чыгыш тарабындагы Алтын-Казык аталган зоонун таржымалына арналган аңыз ого эле көп. Ал алыстан көрүнүп, адашкандарга, же издеп келгендерге багыт берип тургансыйт. Жыл бою ак кар, көк муз жамынып, асманды тиреп турат. Кээде күн жаркыраган чокусу айкын көрүнүп, булуттар ага илешип калгансыйт.

Илгери зоонун чокусу чылк эле алтын болгон дешет. Ага ден соолугу чың, эр жүрөк, ичинде арамдыгы жок, элге кызмат кылган жигиттер гана чыгып барышчу, элди багышат. Аларды көргөндөр өзүнүн ким экендигине маани бербей эле, Алтын-Казыкка жетем деп, тырмышып чыгышып, асканын боорунан учуп, бирин-бири көрө албагандар шериктерин түртүп жиберишип, жыл сайын көпчүлүгү өлүмгө учурайт. Жараткан ач көз, бузукуларды чектөө үчүн жана алтын талашып бирин-бири өлтүргөндөрдү кыскартуу максатында Алтын-Казыкты чулу ташка айландырып койгон дешет. Бирок, дале болсо, жүрөгү таза, тапканын элге арнаган, азаматтар чыкса, кырсыкка кабылбай барып, алтындан алып келери эл арасында аңыз боло айтылып жүрөт.

Алтын-Казык зоосунун оң тарабында Шаң-Кол, Котжан тоолорун аралап, Суу-Дөбө, Кош-Эмчек, Жийде-Мазар, Үч-Эмчек аркылуу Ак-Булактын башы менен Кичи-Алай тоолору уланып кетет. Ал эми Алтын-Бешиктен төмөн Берки-Суу, Кураган, Мундарчын, Ак-Көчкү, Будалык, Жел-Дөбө, Чоң-Кыштоо, Шамшили, Эчки-Атар, Жаз-Токой, Шиве, Шаркырат-мадан төмөнкү керилип жаткан кен жайык өрөөнгө айланып кетет.

Дал ошол тоолорду Өмүрбек эчен кыдырып, таза абасынан, тунук булагынан татып, тулаңында кенен оонап, өстү. Кайберен уулап, аска-зоосун эчен аралады. Аска, тоо-таштары, жылга, кокту-колоттору ага дайын. Кийик-текелери, кай жерден качып, кай жерге барат, беш колундай белгилүү болчу. Бир да жолу үйүнө кур кол кайткан эмес.

Мергенчилик да кызык өнөр. Аны кесип кылгандардын жаны тынбайт. Күнү-түнү аска-зоо арасында кайберендер жашаган сыртта, тапкан табылгылары теңме-тең. Тээ илгер-тен калган эреже бар. Баягында Ак-Булакка барганда аябай эле жолдуу болушту. Аркарды араң көтөрүп келишип, союшкан соң, ортого отту алоолонто жагып, үч мергенчи текелерди союп, эттерин буза баштashты. Мергенчилик салт боюнча баарынан мурда майлуу боор даярдалды. Анын да өзүнчө ыгы бар. Отко камыраак какталган боорду чакандап кесишип, тери үстүнө, же таза жерге коюлат. Жука ич майга боордун жалпак кесиндилерин ороп, сүмбөгө сайган соң

шишкебек сыяктантып, чокко какталат. Заматта майлуу боор даяр. Тим эле жеген кишинин ичтейин ачып, шилекейин куюлтат.

Таалада эт бышырылчу идиш жок. Мергенчилер анын да эбин табышат. Алдын карынын шар аккан суу таза жууп, идиш катары пайдаланышат. Айткандай эле карынга чактап суу куюшуп, ага жиликтелген этти салышат. Эки ача жыгачты теңдеп алоолонгон чоктун үстүнө асышып, чок ичиндеги чакан таштар ысып кызарганда, улам карындагы суу салып, муздаган ташты кайра алышып, кызыган таш салынган сайын карындагы суу кайнап, эт бышат. Мындай ык менен бышырылган этти илгертен эле аңчылар «таш боркок», «таш казан», «таш кордо» деп аташкан.

Аңчылар ууга чыкканда аткан мерген аңдын мойнун, омуртка, төшүн, бир жак кабырга жана терисин алган. Калган эт ууга чыккандардын бардыгына тепе-тең бөлүштүрүлгөн. Аңчылар кайтканда жолдо жоолуккан адам, ал-жай сурашкан соң:

-Шыралга-деп айтканга эттен үлөштүрүлгөн.

Олжо мергендердин арасында жашына карай бөлүштүрүлчү. Эң улуу аңчыга уча сыйрымасы менен андан кийинкисине сан, кол жиликтер берилген. Төш мылтык акысы, өпкө, ичеги тайгандын энчиси. Мергенден башкасы «карасанчы» делген. Ал эми «салбуруунчу» деп, ууга барганда аңды тосуп, айдап келгендер аталган.

Ноокат жергесинин баш тарабы тоолорго уланып кетсе, аяк жагы чөл менен туташып, кышы жылуу, жайы салкын. Эгин-тегин кеңири бышып, мөмө байлаган бак-дарактын бардык түрү бар. Ошол себептен эли чарба күтүп, дыйканчылыкка да маш. Тоолорунда кайберендер жашап, адырында илбесиндер көп. Чөл менен тоолордун ортосунда жайгашкандыктан уламбы, же байыртан ушул жайдын үстүнөн өткөндүктөнбү, канаттуу куштардын дээрлик бардык түрү Ноокат жерине келип, бир конуп өтөөрү табиятка кызыккан, баамчыл кишилерге дайын. Ошондон улам Ош өрөөнүнө жанаша жайгашкан аймактардагы мүнүшкөрлүк өнөргө кызыккандардын баары жаз алдын, кеч күз Сары-Жонго келип, асманды акмалашат.

Алгыр таптоочулук, аңга салуучулук илгертен бабалардан калган өнөр. Алар да тестиер чагынан буга кызыгып, бара-бара мүнүшкөрдүк өнөрдүн сырын үйрөнүп, бара-бара бүркүт, ителги, ылаачын, куш өңдүү алгырларды күтүүгө өтүшөт. Улуулардын нускоочулугунан улам кызыккан адамга түбөлүк өнөргө айланат. Илгертен эле ата-бабалар кыраан куштар деп, бүркүт баш болгон, ийри тумшуктуу, каңшарлуу көзү көрөгөч, үндөктөөгө тез көнгөн канатууларды аташкан. Кийинкилерге уланган салтта бүркүт ителги, куш, ылаачын, жагалмай, турумтай, үкү, кыргый, бор-баш, ала дунган өңдүүлөргө мүнүшкөрлүк кылуу, аларды кармоо, үндөктөө, түлөккө отургузуу жана таптоо менен аң улоо сырларын өздөштүрүшкөн.

Бул өнөр атадан балага калып, ардакталган. «Ата кесиби» делип баркталып, мүнүшкөрлүк өнөргө өзгөчө баа берилген. Жаш балдарды кичинекейинен тарбиялап, өнөр сырын үйрөтүүдө куштардын балапандарын кармоонун, үндөктөөнүн, таптоонун, аң улоонун жол жобосун түшүндүрүшүп, көңүлдөрүнө кыт куйгандай куюшкан. Кыргыз элинин жаратылышка жакындыгынанбы, же мүнөзүнүн жөнөкөйлүгүнөнбү жырткыч жаныбарлар, кайберендер колго тез үйрөнүп, үйүр алышып. Ошондон улам карылар канаттуу куштун баарын эле аң улоого пайдаланышкандыгы жомок болуп айтылып келет. «Буудайык»деген бир айтымда

- Буудайык кармап алганда,
Тапка кирбейт дечү эле.
Тапка кирсе буудайык,
Колго конбойт дечү эле.
Колго консо буудайык,
Туурга турбайт дечү эле.
Туурга турса буудайык,
Үндөккө келбейт дечү эле.
Үндөккө келсе буудайык,
Кармайм деген эменин,

Төш этине тойчу эле-деп куштардын төрөсү ырдалган экен.

Жомокко айланган кыраандардын алпы. Жети; кесептин (качырганын куткарбастар) буудайык, адам, кыргый, өрт, суу,

жар (көчкү, сел) мышык. Уламышта айтылган «буудайык» алгырдын эң бир төрөсү.

Жырткыч куштардын баардыгынын эле мүнөздөрү окшош эмес. Адамдардай эле ар кыл мүнөздөгүлөрү болот. Мүнүшкөр анын мүнөзүн таба билгенде гана ал үндөккө келип, таптала баштайт. Майдаларын айтпаганда да бүркүт, ителги, куштардын жана башка жүздөн ашык түрлөрү болот. Ата-бабалардан ардакталган ат таптап-байгеге кошуу, куш таптап-аңга салуу өнөрү көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Анын терең сыры,аябай түйшүгү бар. Эл тынса да «саяпкер» менен «мүңүшкөр» тынбайт. Күн-тынымын, түн-уйкусун бөлүп, жаш баланы карагансып, жанынан кетпейт. Качан гана табына келгенде даңазалуу аш-тойлордо байгелерге ат кошуп, эс алып, көңүл ачууда кушту салган.

Өмүрбектин да ата-бабалары бардар, эл башкарган бий болушуп, эки өнөр тең атадан-балага уланып келген. Ал айрыкча ителги, шумкар, ылаачынга караганда кушту көп кармоочу. Эл жалпысынан эле кыраандарды куш деп атап коюшат. Анын ар кандай түрлөрү көп. Адам сымал ак көңүл, же анча-мынча аракетке көнбөгөн кара көңүлү да болот. Эң мыктылары «туйгун» аталып, алгырлыгында айла-амал жок. Аны менен ууга чыккандардын канжыгалары кабат калың келет. Андан кийинкиси «тунжур» аталып, көк-ала оңдонуп, табына келгенде олжолуу-буйлалуу келет. «Тынар» да куштан чыгат дешет мүнүшкөр-санатчылар. Үчүнчүсү «куш» кыраандардын жалпы сыпатталышы. Алардын эркеги «чүйлү», ургачысы куш деп аталат. Жалпы эле алгырлардын эркеги ургачыларынан кичирээк көрүнөт.

Өмүрбек көп эле куш таптап жүрүп, туйгун менен тун-журдун жайдандаган ак көңүл келээрин байкады. Ал эми куштун ургачысы серт кыял, көбүрөөк түйшүк тарттырат. Ал көбүн эле күздөн баштап, кар кеткенге чейин үйүндөгү тунжур менен туйгунду салып, дайыма үйүнө канжыгалуу кайтчу. Кээде төмөнкү сайдагы черлүү токойдогу коен, кыргоол, тоодак, өрдөк, каздарга салса, Кыркоол-Сайдын күңгөй, тескейиндеги кекилик-чилдерди алдырып, куштарынын алгырлыгына, мооку кана кубанчу. Куш салуу өнөрү өзгөчө кызык. Аны бир топ шериктери ээрчип, кээлери черлүү

токойду аралап, кээлери тулаңдуу адырларды жойлоп, канаттууларды, коен, тоодактарды үркүтүп кушту үндөп чуру-чуу, шатыра-шатман сай менен бир болушчу.

Айылдык аты илгертен «Кыркоол-Сай» аталат. Ал эмнеден улам аталып калганына, эч ким көңүл да буруп койбойт. Кээ бир жаш балдардын суроосуна, карылар:

-Илгери бир адамдын кырк уулу болуп, ошондон улам «Кырк уул» деп жүрүп, «Кыркоол» аталып калыптыр дешсе, кээлери «кыргоолдун» көптүгүнөн улам айтылып калгандыгын белгилешет. Эмнеси болсо да Кыркоол-Сай баш аягына чейин жапайы жаныбар-кайберемдерге, аларды аңдыган жырткычтар-га, түрдүү канаттуу куштарга, илбесиндерге өтө эле бай. Күнү-түнү алардын бакырыгы, сайраган үндөрүнөн өзөндүн ичи чуру-чуу.

Катаал шартта жан багыш үчүн жүрөгүндө оту бар жигиттер өзүнө жан-жөкөр ээрчитип, уурулук кылып, баскынчылыкка барып, баш көтөргөндөр менен кармашкандар баатыр аталган. Ал кездеги шарт боюнча, алыска аттанып, уурулук кылганды, эл бакканды «баатыр» дешкен. Ноокат жергесинен Шылкылдак деген баатыр жигит чыгат. Ал ичкиликтер арасындагы тейит, кесек найман, төөлөс уруу-ларынын мыкты балдарынан топ курат. Ошол чакта кургакчылык болуп, эгилген эгин чыкпай, эл кыйналат. Шылкылдак баатыр алыска барып, жылкы сүрүп келип, оокат таап элди багат.

Бир жолу жигиттери менен жортуулга баратышып, каракчыларга кез келип калышат. Каракчылар да кайра тартпаган, жалаң өзүнө ишенген балбан жигиттер эле. Кармаш катуу болуп, чокмор менен чабышып, найза менен сайышып, ары-бери сүрүшүшөт. Чабалы аттан учуп, коркогу топтон качат. Бетме-бет келишкен беш-алтоо колдору карышып, билектешип алышып, камчы менен чабышып, жакалашып тартышып, бети-баштары көк-ала болуп жарылганга карашпайт. Акырында Шылкылдактын тобу өктөм чыгып, каракчыларды байлап, барымтага алышат. «Ууруну каракчы урат» болуп, сүрүп келе жаткан жылкылары менен кошо айдап келишет.

-Көп жылкы баары бир көзгө урунду болот-дешип,

Шылкылдактын жигиттери Ноокат, Жапалак, Кара-Суу аймагындагыларга таркатып, элден бата алышат.

Көп убакыт өтпөй эле аркадан издөө салынып, куугунчулар келишет. Көрсө, көп жылкы хандын жылкылары болуп чыгат. Катуу келген куугунчулардын алдына Шылкылдак чыгып:

-Жылкыларды мен алып келип, элге таркатып бердим-деп мойнуна алат.

Хандан келген куугунчулар, бөтөн жер, бөтөн элдин ортосунда эмне кыла алышмак.

-Ууруну таптык, калганын хан өзү билсин-деген таризде унчуга алышпайт.

Шылкылдак аларга эчки союп, меймандап, эртеси элге баштап келет. Эл да жылкыны союп жешкенин моюндарына алышып, баатырга кайра бата беришет. Куугунчулар Шылкылдакты ортого алышып, ханга алып барышат. Хан канчалык катуу опузаласа да, баатыр жигит, болгонду болгондой айтып, жалтайлабайт.

-Эл бактым. Тапканымды элге бөлүп бердим. Күнөөмдү мойнума алам дейт.

Кайра тартпас жигитке хан доо койбой, каракчыларды жазалайт

-Сен мага кызмат кыл. Аскер башчым бол? дейт.

-Мейли. Менин шартым бар.

-Айт!

-Мени элге каршы койбойсуз. Эгер койсоңуз, ошол күнү кетем-дейт.

Кайра тартпас жигиттин кайсыл элден болоорун билгиси келет. Себеби, ошол кездеги бир кабарга ал аябай кызыгып жүргөн эле.

Тоолуктардын арасындагы бир адамдын кырк уулу болот. Алар чыйрак чыгып, тегерегиндеги элге баскынчылык, уурулук кылып, «Көрсө барымта, көрбөсө ылымта» дешип, малдарын карактап кетишкен. Кырк уулдун жоруктары Кокондун ханы Эрденеге да угулат. Ал кыргыздарды каратууга шылтоо таба албай жүргөн эле. Ал нөөкөрлөрүн ээрчитип, жолго чыгат. Жаз этектеп калгандыктан жер бети гүлгө оронуп, баш-аягына көз жетпеген аймак жашыл кымкап

жамынган. Хан баштаган атчан топ Парганадан өтүп, Кызыл-Кыяга келишет. Тоо этектеп бастырышып, аяктуу аттардын жүрүшү менен кокту-колот, эчен кырларды басышат. Акыры бир жерге келгенде сай боюндагы самсаалаган мажрүм талдардын көлөкөсүндө атайлап тигилген боз үйдү көрүшөт. Күн төбөгө келип, аптапта тердеген аттар ылаалап, ат үстүндөгүлөр да салкын жайды самап келе жатышкан эле. Шар аккан көк кашка сууга жүзүн чайып, сергип отурган байбичени жандай өтө беришеринде, ат дүбүртүн уккан жанагы байбиче кылчая берет. Аңгыча ханды жандап бараткан бирөөсү:

-Ханым, биз издеген кырк уулдун энеси ушул-дейт.

Ат үстүндө келе жаткан хан суу боюнда отурган аялга салам берер-бербесин билбей, аттын оозун тартып туруп калат. Ак самайы жолугунан кылтая көрүнгөн байбиче, оордунан туруп, ханга таазим кылып:

-Келгиле меймандар. Даам татып кеткиле? –деп, кою көлөкөдө жайылуу турган дасторконго чакырат.

Боз үйдөн чуркап чыккан жигиттер хан баштаган топтун аттарын алып, көлөкөгө каңтара байлашат. Шар аккан сууга кол жууган меймандарга таза сүлгүлөр сунулуп, көк ала майсанын үстүндө калың салынган көрпөчөлөргө отургузушат. Заматта дасторкон үстү жаңы бышырылган боорсоктор го толтурулуп, сыр аяктар менен кымыз сунулат. Суусундары канган меймандар салкын жайда буту-колдорун кенен жайып, пар жаздыкка кынтая кетишет. Көрсө, хандын аттанып келе жатканын уккан кырк уулдун энеси, жол боюна үй тиктирип, атайлап баглан козу сойдуруп, кымыз чайкатып ханды күтүп отурган эле.

Хан капылеттен келген жолоочуларды камдана, даярдык көрүп, атайлап мейман күткөн үй ээсиндей, шайма-шай болгон байбиченин камкордугуна ичинен таңдана кайрылат.

-Байбиче, сизди кырк уулдун энеси дешет. Ал ыраспы?

-Ханым,ону өзүмкү, отузу олжом-дейт байбиче

Жоопко түшүнбөй калган хан

-Олжо дегени кандай?

-Кыргызда «жаман эркек жер коруйт, жаман катын эр коруйт»-деген кеп бар. Элибизде жерди чектебейт. Мен

эримди коруган жокмун. Онун өзүм төрөдүм. Отуз уулду менден кийинки аялдары төрөдү. Мен байбиче аталып, отуз олжолуу болдум.

Хан дайыма өзүнүн жерди чектеп, башкалардан тартып алганын, байбиче кыйытып жатканын түшүнүп:

-Байбиче, дасторкон жайганга чейинки аймак сиздин кырк уулуңуздуку болсун-деп, аттанып кеткен. Ошондон улам ал жер «дасторкон чеги» аталып, кырк уулдун атынан аймак «кырк уул»делип, бир топ убакыттан кийин Кыркоол-аталып калыптыр.

***

Өмүрбек датка жигиттери менен куш салып, күңгөйлөп келе жатса, алдынан кайдан бир жөө-жалаң Атабек жолугуп калды. Алыскы жолду басып, чаалыгып келе жатканбы, көңүлү каш. Күңгүрөнө ийменип, салам айтты.

-Ассалому алейкум, датка аба

-Ваалекима атсалоом, молдоке.

Дайыма жайдары жүрүп, шайдоот учурашчу коңшусунун баласы, башын жерге сала, күңгүрөнө салам айтканынан улам, анын кабак-кашына көз сала кетти. Кабагы калың, көңүлү түпөйүл жигиттин абалын байкап, суроо салды

-Ии, кайдан?

-А, тиги тараптан келе жаттым эле.

-Аяк артаар, улооң жок беле?

-Кайдан, датка аба. Улоо айлансынбы.

-Агаларыңда бардар эле?

-Жок эмес. Бар. Бирок…

-Аттарын аяштыбы?

-Жок.

-И, анан? Ачык айтып, ак сүйлө. Менин аларга тилим өтөт.

-Аныңыз туура. Бир туугандарымды жамандай албайм. Жаш аялмет, бала-бакыралуу бизге салмагыңды салбай, өзүңчө оокат кыл дешет.

-Алардыкы да туура. Өзүңчө түтүн булатышың керек.

-Менин оюм да ошол. Каржы таппай эле.

-Атанын кармаган-тутканынан калгандыр?

-Кеп ошондо болуп жатпайбы. Атам көзү барында эле менин энчимди берип, окууга жөнөткөн. Он беш жыл талаада окуп, келсем атам өтүп… Туугандарым болсо, колдорунда жок. Кедейлик кемтик эмес, молдоке. Билимиң бар. Жерде калбайсың. Мен билимдүүлөрдү өзгөчө сыйлайм.

-Аныңыз ырас, датка аба. Бирок, убактылуу колго эч нерсе тийбей… Бой баш адам, бирөөнүн үйүнө да батпайт экен. Бирөөлөрдүн кызматын кыла коюп, азыраак тапкандын баракасы болбой кайра эле түгөнүп калат.

-Аның ырас. Өз үйүң болбосо, тапканыңдын берекеси болбойт. Үйлөн.

-Мага окшогон кедейге, ким кызын бермек эле?

Датка атын темиңе берип, кайра ойлонуп, аркасындагы жигитине кайрылды.

-Абдыкалык.

-Лаппай таксыр?

-Атыңан түшүп, молдо Атабекке тарт!

-Куп болот.

-Зурудин экөөң учкашып, биздин артыбыздан келгиле. Молдоке, жүр мени менен!

Датка үйүнө келгенде бойго жетейин деп калган Гүлдана кызы утурлап чыгат.

-Кызым, мейманга орун даярда!

Датка Атабекти ээрчитип үйгө киргенде, төрдө көлдө-лөңдөр калың салынып, кызы ашкана тарапта иймене күтүп калган эле.

Мейманды жанына отургузуп, кызын чакыра кетти.

-Алтын кызым, кел жаныма. Мындай отур. Мен сени жанымдан артык көрөм. Келечекте бактылуу болуп, балалуу-чакалуу, очор-бачар, үй-бүлө күтүшүңдү, беш убак намаз окуган сайын, кудайдан тилейм. Мына бул-Атабекти жакшы билесиң. Жаман жигит эмес. Билим алып, Бухарадан окуп келиптир. Экөөң түбөлүккө кол кармашып, үй-бүлө күткүлө. Мени сыйласаң, жок дебессин кызым?

Кыз жоолугунун учун бетине тутуп, жер карап, ак да, көк да деген жок. Атабек мындай болот деп, эч күткөн да эмес. Аң-таң кала, датканын бүтүмүнө ишенип, ишенбей отурду.

Аңгыча аттарды жайгаштырган, жан жигити Калык, сырттан салам айта кирип келди.

-Абдыкалык! Зүрүдүндү чакыр бери. Билими бар эмеспи,- дегичекти болбой, ал дагы баш бакты.

-Зүрүдүн, мына бул эки жашка нике байла! Калык кара кесеге суудан куюп келип, дасторконду алдыга жай!-деди.

Ойлобогон жерден болуп жаткан бул ишке баары таң. Калык ашканадан дасторконду алып келип, ортого жая салып, суу куюлган кара кесени Зүрүдүнгө сунду. Зүрүдүн датканы бир карап алып, анын эки сүйлөбөстүн билгендиктен, үн чыгара никенин сүрөөсүн окуп, кара кеседеги сууну отургандарга узатты.

***

Акылы тунук Атабек бала кезинен эле өнөргө шыктуу болуп өстү. Комуз үйрөнүп, элдик ырларды түгөл ырдап, Манас айтууга өзгөчө кызыкдар болчу. Кайсыл жерде өнөрпоз: манасчы, комузчу, жомокчу болобу ошол жерге барып, түнөп жүрүп өнөрүн үйрөнүп, укканын унутпаган куйма кулак болчу. Атасы анын зиректигин байкап, молдого окууга берди. Айылдагы молдолордун окуган китептерин үйрөнүп, чоң шаарлардагы медресе-мечиттерге барып, билимдин аркасына түшмөй болуп, атасына оюн билдирет.

-Уулум, ушунча билим үйрөнүүгө кызыкдар болуп калыпсың. Жолуңдан калтырбайын. Тапкан-ташыганды сага сарптап, окууга жөнөтөйүн деп, колуңдагы саап ичип отурган уюн, үч-төрт жандыгын кошуп сатып, жолго узатат.

Атасынын белине түйүп берген акчасын сарптап, ал даңазалуу Бухарада  он беш жыл окуп, билимге сугарылып, көзү ачылды. Турмушту таанып, атактуу аалымдардан таалим алды. Канчалык көп окуса да, илимдин сыйкыры өзүнө тартып, ошончолук тереңдигин туйду. Аң-сезими өсүп, көз карашы кеңейди. Илимден кабары жок, айылындагыларды окутуп, сабаттуулукка үйрөтүүгө айылына келип, атайын медресе, мечит жоктугунан алыска барып иштөөгө каржысы жок. Көрүнгөндүн кызматын кылып, эптеп күнүмдүк нанын таап, жан багып жүргөн болчу.

Атабек жубайы экөө, эл катары тиричилик кылышып,

өздөрүнчө үй түптөштү. Айылга датканын демилгеси менен мечит салышса, жаш балдар гана эмес, чоңдор да келип билим алышты. Молдо Атабек өзү ала келген ар түрдүү китептерден дүйнөдөгү болуп жаткан окуяларды окуп берип жүрүп, айылындагыларды тез эле өзүнө тартып алды. Ошондон улам айылдан билимдер адамдар көп чыгып, алардын таасири коңшу айылдарга таркайт. Атабек жаш кезинде үйрөнгөн өнөрүн таштабай, Манас айтып, элдик ырларды келтире ырдап, комуз чертүү жактан элге даңазасы кетет. Көбү анын кат-сабагына карай молдо дешип, ырчылыгы, комузчулугунан да, молдолугу көбүрөөк айтылат.

Ошол кезде Аркадагы Көл өрөөнүнөн комузда кол ойнотуп, көп күүлөрдү нак черткен Шаабү кыз аттуу комузчунун өнөрү айылынан ашып, Ала-Тоо аймагынын көп жерлерине тарайт. Уккандын баары аны «бир көрсөк» дешип, дегдешип, айылдан айылга чакырышат. Өнөрлүү кыздын акыл-эсине, өңү-түсү да төп келишип, уккандын кулагын кызытып, көргөндүн көбүн суктантат. Шатыра-шатман, эркин өскөн Шаабү кыздын таланты ташып, эл аралап, не бир атактуу комузчулар менен күү чертишип, күч сынашат. Барган жеринде өзүнө тең келе албаган жигиттерди шылдыңдап:

-Мени алам десең, күү чертип жең-деп, тамашалап жүрүп анысы да чынга айланат. Шаабү кыз Көлдөн Чүйгө келип, андан Нарынга өтүп, Жалал-Абадка түшүп, акырында Ошко келет. Барган жеринде элдин сыйын көрүп, эчендеген комузчулар менен жолугушат. Анын бир уккан күүсүн, жаземдебей эсине сактап калган акыл-эси байып, көбүнчө жаңы күүлөрдү үйрөнүп, чеберчилиги ашат. Кара күүлөрдү өзүндөй аткарып, ал тургай кемиң толуктап чертип, уккандын баарын тамшандырат.

Датка Ошко келгенде бир жайда өткөн тамашада, Шаабү кыздын өнөрүн көрүп, айылына келип-кетүүгө чакырат. Мейман кызды Атабек менен жолуктурмак болот. Эки комузчунун өнөрүн көрмөккө эл өтө эле көп чогулуп, боз үйдүн туурдуктарын сыйрып коюшат. Кыз Аркадагы атактуу комузчулардын күүсүн биринин артынан бирин чертет. Атабек Анжиан аймагындагы атагы ашкан комузчулардын күүлөрү менен жооп берет. Эки чебер эки күн комуз

чертишип, эл ичиндеги күүлөрдүн аягына чыга алышпайт.

Бириси «оң күү» десе, экинчиси «сол күү» дешип, түрлүү түмөн күүлөрдү атап, биринчисин экинчиси улап чертип, таймаш улана берет. Тикесинен тик турган эл да, экөөнүн өнөрүнө кумарланышып, кетпей коёт. Бир мезгилде «Бекарстан» менен «Саринжи –Бөкөй» аттуу күүлөрдү өздөрү билгендей чертишкенде, эки күү тең жүздөн ашык түр менен чертилерин, угармандар аңдап таң калышат. Эки өнөрпоздун тең манжалары талып, колдору ийкемге келбей калса да, биринен бири жазганбай, күү ыргагын бузбай, тоонун шамалындай сапырылтып, аскадан түшкөн суунун шарындай көбүртүп, булбулдун үнүндөй таңшытып, торгойдун ырындай шаңшытып комуз кылдарын так сүйлөтүшөт.

Акырында Атабек күү чертип жатып, жанындагы адамга

-Тарт чарыкты!-деп бутун тосо коюп, чарыгын чечтирип, бут ороосун бутунун башы менен ары серпип, чертип жаткан күүсүнүн ыргагын бузбай, бутунун баш бармагы менен кайрып берет. Угуп-көрүп турган эл чуулдап, сүрөп кыйкы-рышат. Ошондо Шаабү кыз жеңилгенин билдирип, таазим кылат.

-Убададан кайтпайм-дейт.

-Сенин өнөрүңдүн күчүнө там бердим. Үй-бүлөм бар. Аны кече албайм. Бой жеткен, бир тууган иним бар. Келин кылып алайын,-деп, шаан-шөкөтү менен эл чакырып, инисине алып берет.

Молдо Атабек айылында Манас айтып, күү чертип аздектеген өнөрү менен эрмек болуп, аш-тойдо чакырылып, айылма-айыл кыдырып жүргөнүн көргөн аба-аксакал:

-Атабек Бухарадан билим алган чоң молдо болсо, айылма-айыл ырдаганы кайсы. Же динди кармасын. Болбосо өнөргө кетсин!-деп ага катуу талап коюшат.

Экөөнү тең кыя албаган Атабек ары ойлонот, бери ойлонот. Молдолук кылса эгизиндей болгон комузу калат. Бирөөнү кармашы керек. Андай болгондо ал үйүнө батпайт. Комузсуз эч отура да албайт. Бук болуп, ичи бышып кетпейби. Манас айтпаса өзүн дудуктай сезет. Эмне кылса болот?

Бир күнү ички сырын жашырбай, кайнатасы Өмүрбек даткага кайрылат.

-Кел, молдо Атабек?

-Эки оттун ортосунда калып, башым маң. Өнөргө кетсем окшойт? Эч таштай алгыдай эмесмиң.

-Андай болгондо, Бухарага эмнеге бардың?

-Муну ойлосом, жыйырма жылдык мээнетим, бекер күйүп кетет деп, корком.

-Эми, эмне кылайын дейсиң?

-Сизге, кеңешкени келдим.

-Кайсы өнөрүн менен элге көбүрөөк пайда келтире аласың?

-Сабатсыздарга кат үйрөткөнүм көбүрөөк пайдалуудай.

-Ыр-күү менен элдин көңүлүн ачканын кандай болот?

-Ал жагын да, кошо кармаша жүрөйүн дедим эле.

-Эки тоонун отун эңсеген кийик, ачка калат-дейт. Бирин тутканың оң.

-Аныңыз ырас. Он беш жыл бөтөн жайга барып, бекер окубаптырмын. Ааламдын ар кыл сырлары көп. Дүйнөдө не деген акылман, даанышмандар өткөн. Алардын баары «акылдын кени, байлыктын кени окууда» дешкен. Окуган адамдын көзү ачык, көкүрөгү таза, бийик болоору белгилүү.

-Мен сени ага бар, буга бар дегим келбейт. Акыл калчап көр. Чынында эле, элибиз караңгы. Караңгылыкта жүрүп, не муратка жетебиз? Башка элдерге окшоп, биз да окусак, алысты көрөт элек.

-Зарыл ишти кылайын-деп, молдо Атабек айылдагы мечитте туугандарынын көбүн окутуп, билим үйрөтөт.

Ошол кезде айылдагы Канбото аттуу жигит эчен шаарларды кыдырып, атактуу медреселерден билим алып, айылына келет. Экөө ынак, дос болуп, коңшу жашашып, жайлоо-кыштоолору бир болот. Экөө тең илимдүү болгондуктан эл кадырлап, урмат кылышат. Элди мусулманчылыктын жолунда кармап, беш убак намаз окууга үйрөтүшөт. Шарияттын эрежелерин айта келишкенде, экөөнүн ою бир жерден чыгып, кээ-кээде айрымалар боло калгандан улам, маселе айтышып, мелдеше да кетишчү. Алардын көптү билип, илимдин күчү менен ар кыл маселелерди туура

чечишкенинен улам, эл аларды олуя дешчү. Экөө тең жайында Кара-Койду жайлашат.

Бир күнү молдо Атабек:

-Менин илимим, молдо Канботого караганда, бийигирээк болсо керек деп, ичинен ойлоно кетет.

Эртеси, намаздан кийин, молдо Канбото, молдо Атабекке кайрылат:

-Молдо Атабек,кыялыңызга бир пикир келгендей?

-А, молдо Канбото. Туура баамдадыңыз.

-Ойду бүдөмүк калтырбай, эртең мененки багымдатта чечип алалы?

-Макулмун.Туура айттыңыз.

Таң агарган үрүң-бараңда, эки илимдар Кара-Койдун суусунун боюна даарат алганы түшүшөт.

-Биссимила-деп экөө тең шар аккан сууга колдорун суна беришкенде, бир үйүр аркар маңдайдан көрүнүп, шагыл ылдый эңкүүлөшөт.

Алдыдагы мүйүзү кере кулач чоң аркар сууга жете берип, молдо Канботого сазда кыла, туруп калат.

-Касиети улук жаныбарым, ыраазымын-деп кобураган Канбото алаканын жая, жүзүн сылайт.

Экөө тең даарат алышып, багымдат намазды окуп, тура беришеринде.

-Молдо Канбото, сиз менен беш кадам балант экенсиз – дейт, молдо Атабек, анын билимиң сыйлап.

Эки дос күндөн-күнгө ынтымактары артып, үй-бүлөлөрү менен казан алмашышып, кайнаган тамакты бирге ичишет. Эл аралап бирге басышып, бирге жүрүшкөндөрүнөн улам, аларды «эгиз молдо», «эгиз олуя»-дешчү экен.

Молдо Атабек уулду болуп, атын Календер коңт. Андан соң молдо Канбото кыз көрүп, Калбушайым атайт. Календер менен Калбушайым бирге өсүп, бирге чоңоюшат. Бой жетишкенде экөөнү баш коштурушуп, эл чакырышып, батаны бирге беришет. Кийин алар Абыке, Тешебай аттуу эки уулду болушат. Ата тарбиясын ардактаган Календер бирөөнүн акысын жебеген, топуктуу, колу ачык болуп чоңоет. Кат таанып, билим үйрөнөт. Атасынын тапкан-ташыганын ысырап кылбай, күтүрөтүп мал айдайт.

Календер бай жаз-күз жакынкы Анжиан, Маргаланга мал айдатып келгенде, базардагылар жол бошотушуп, чет-четте туруп калышчуу дешет. Ал далдалдарды жактырчуу эмес.

Кол алышып соодалашпаган. Малдын бир тарабындагы таза жерге, чакан килемди таштатып койчу.

-Календер бай, мына бул малыңызды мен алдым-деп, кардар алган малын көрсөтүп, эл ортосунда акчасын килемге таштап кетсе:

-Барака тап-деп Календер бай батасын берип, тура берген.

Календердин нысаптуулугуна эл суктанып:

-Болсоң Календердей бол-дешип, аңыз кыла айтылган сөз, ушул күнгө жетип отурат.

Бир күнү Календер базарга баратса, маңдайдагы жолдун ортосунда, бейтааныш эки адам жакалашып, мушташып жаткан болот. Улам жакындаган сайын, алардын сөгүнгөнү даана угула берет.

-Э нысабы жок. Алгандан кийин бербейсиңби?

-Берем дедим го.

-Качан бересиң? Мөөнөтү өтүп кетпедиби?

-Илабиз кылгандан кийин, беремиң. Бир азга күтө тур.

-Күткөн, менчелик болоор.Тап азыр?

-Шарт келишпей турат.Таап берем.

-Азыр тап?

-Жерден чукуюнбу?

-Аныңды билбейм, тап.

-Таба албайм.

-Таба албасан мына,-деп доолаган киши беркини муштайт.

-Муш койбо.Менен бирди көрөсүң!

-Карызды бербей, дагы бирди көрсөткүң барбы? Жаның ачышса тап! Дагы муш коёт.

Карыздар адамдын жаны ачып, жакалап, мушуна муш менен жооп берет. Экөөнүн тең бети-баштары сыйрылып, мурундары канайт. Аңгыча Календер бай, жакындап келет.

-Эй балдар,эмне болуп жатасыңар?

-Бул менен акча алып, бербей жатат.

-Чынбы?

-Чын. Шартым келбей бере албай жатам. Күнү күйсө да, пулу күйбөйт. Берем. Ага болбой жакалап, муш коюп…

-Койгула! Абийириңерди кетирип, мушташпагыла!

-Алгандан кийин берсин. Бере албаса эмнеге алат? Аласаны алмайын кетирбейм.

-Койгула. Кана, бери келгилечи?-деп Календер бай коюн чөнтөгүнө колун салып, акча алып чыгат.

-Канча бересе, сага?

-Малымы сатып, акчасын бергем.

-Мэ, анда-деп тутамдаган акчасын, анын алаканына салат.

Добогер пулду санап:

-Толук экен.

-Эми, кол алышып жарашкыла. Ичиңерде кир калбасын. Мындан кийин ынтымак болуп жүргүлө. Оомийин!-деп бата берип, жолун улай бастырып кетет.

Ага таң калган экөө, аңкайган бойдон туруп калышат да, бир окумда өздөрүнө келишип,

-Бул адам кызырбы?

-Жок Календер бай.

-Ээ, маскара болдук

-Кой, токтотуп, кечирим сурайлы, дешкен экөө

-Бай аке! Бай аке! Токтоңуз деген боюнча кыйкырып кала беришет.

***

-Даткам, көптү көрүп, көптү билген пенде экенсиз. Акылыңыз тунук, сөөгүңүз таза. Анан калса сөзмөрдүгүңүз мени суктандырды. Жол азабынан алаксытып, кепке “карын тойгозоруңузду” билип турам-деди ырчы акырын аяк шилтеп баратып.

-Эрмек болсун деп, ушул бандилерге тагдырлаш кылыптыр, Кудайым. Баштан өткөн окуяларымды силерден жашырмак белем. Айтса айтып берейин.

-Кыйналып бараткандарга сөзүбүз болсо да эрмек.

Көптүн көөнүнө көк таштай тийген Кокон хандыгы кантип кыргыздарды бийлеп келген? –деп арткы катардагылардан бири.

Көпчүлүк да анын сөзүн кубаттап кетишти.

- Хандыкка кандай аралашып калдыңыз? Өзүңүз жөнүндө да айтып берсеңиз?

-Айтып берейин. Алдын Кокондун жөнүн айтайын.

Кыргыз эли чыгышта Кашкардын түзөң бөлүгүнөн тартып, батышта Паргана өрөөнүндө Кожентке чейин, Түндүктө Талас, Чүй, Иле өрөөнүнөн, түштүккө карай Памир Алайга чейин созулуп жаткан зор аймакты ээлеген. Бирок кыргыз уруулары мамлекетке бириге алган эмес. Себеби көчмөн чарба, ич ара карым-катнашты татаалдаткан бийик тоолуу жаратылыш шарттары жоокерчилик заман өңдүү чарбалык турмуш өзгөчө таасирин тийгизген. Бирдиктүү бийлиги жок кыргыз жерине коңшу мамлекеттер ар дайым көз артып, аны басып алууга көп күч жумшаган. Кийинки кезде кыргыздардын коопсуздугуна коркунуч туудурган Цин империясына каршы күрөшкө айрыкча Парганалык, Алай, Анжиан-Аксылык жана Теңир Тоолук кыргыздар айкын көрүндү.

Борбордук Азиянын чордону болгон Паргана өрөөнүндө кадимден эриш-аркак коңшу жашап келген туркий, тураний элдердин тукумдары эчендеген азап менен тозокту бирге тартышты. Туранийлердин бир бутагы болгон Парганалык кыргыздар кийинки Кокон бийлигинин жеңилишинде да, жакшылыгына да, жамандыгына да ортоктош болгон. Парганада Кокон амирлиги алгачкы күнүнө чейин эле Коконду (Кухкент деп аталчу аймак) айланасындагы өзбектер, кыргыздар, сарттар, тажиктер чогуу жашашчу. Кокон тарыхында зор саясий таасирге ээ күчтөр катары “сартийа” менен “илетиядан” турган эки жамааттан башка төрт саясий күчтү: сарттар, миңдер (өзбектер) кыргыздар жана кыпчактар айкын көрүндү.“Сарттар” негизинен “сартийаны” камтыса, кыргыздар жана кыпчактар “илетийаны“ камтыган. Он сегизинчи кылымдын ичинде миңдер (өзбектер) көчмөн феодалдык топту түзүп “илетийага“ кошулса он тогузунчу кылымдын ичинде алар акырындап отурушуп “сартийанын” курамына кирип кетишти.

Парганнын чыгышындагы Кожентин аймагындагы калмактардын баскынчылыгына каршы аскерлерин жетектеп жүргөн Акбото бий Бухара ханы маңгыт Убайдилданын чоң ишенимиңе жетишип өз алдынча Кожентти башкаруу укугуна ээ болду. Ал кезде Кокон ордо эмес эле. Ошол кезде Искак кожонун уулу Назармат башкарып, Коконду кожолор менен дервиштер ээлеп алган болчу. Миң тукумунан чыккан Чамач бийден Шооруk (Шахрух) бий. Андан Абдырахим, Абдыкерим. Абдырахимдин уулу Эрдене бий. Эрдене бийден Нарбото бий, Ажы бий. Нарбото бийден Мадамиң, Алимбий, Омор. Ажы бийден Шерали, Алимбийден Шооруk, Аталык хан, Мурат хан. Шерали хандан Сармысак, Малабек хан, Кудаяр хан, Сопубек, Султанмурат хан, Сармысактан Шамурат хан тарайт.

Паргана өрөөнүнүн Маргалаң, Наманган, Анжиан тегерегин кыргыздар жайлашчу. Айрыкча кыргыз урууларынын ичинен Отуз уул, Бостон, Тейит, Жоокесек, Төөлөс, Кыдырша, Каңды, Басыз, Кушчу, Айбаш, Мундуз, Чоң Багыш, Сунжек, Ккытай уруулары көбүрөөк эле.

Шооруk бийдин тукумдары төрт кишиге төбөсү көрүнүп, бийликке аралашкандан баштап, бирин-бири кырып, ордону ээлөөгө умтула бериш. Шооруk бий кыргыздардын көмөгү менен бийликке жетишип, Кокон хандыгынан ээлигине из салды. Парганалык кыргыздардын да кокондуктар менен тең тайлашуусу ошол мезгилден башталган. Ордонун тарыхындагы бардык окуяларга катышып, көчмөн элдерге таандык каада-салт, ырасмий, нарк боюнча ак кийизге отургузулуп хан көтөрүлүп турган.

Ошол кезде кыргыз Акбото бий Кожентти бийлеп, жалаң кыргыз жигиттеринен куралган беш жүз аскери менен каалаган максатын ишке ашырып, кыйла элдин кыйырына аты да, даңкы да таанымал эле. Шооруk бий Акбото бийдин эрдигине суктанып, аны менен өнөктөш болууну көптөн бери ойлоп жүргөн.

Паргана аймагындагы калктын башын бириктирген чоң аш берилип калат. Ага кыргыз кыпчактар тажик, түрк, өзбек, казак элдеринин бийлери баш болгон өкүлдөр келишет. Ашты Акбото бий ишенимдүү жигиттери менен башкарып, таң-

тамаша, оюн-зоок тартиби менен өткөрүлүп, келген элдин баары ыраазы болуп андан бетер башы таанылат.

Акбото бий Шooрук бийдин кызын жактырып, ортого жуучу жиберет. Шooрук бийдин көктөн издегени, жерден табылып, Кокондогу кожолор менен дербиштердин бийлигин тартып берүү талабын коёт. Акбото ишенимдүү беш жүз жигитин баштап кожолор менен кармашып, Кокондогу бийликти Шooрук бийге ыйгарат. Шooрук бий ага ыраазы болуп кызын Акботого узатып, күйөө баланын күчү менен өз бийлигин түптөйт. Кокондо күндөн-күнгө таасирин күчөттү. Шooруктун уулу Абдрахим жездесинин колунда жүрүп, ага күйө бала болуп, терең ишеничке кирет. Көп өтпөй Кожентин эмирлик бийлигине жетишти.

Бийлик менен байлыкка дөгүрсүгөн Абдрахим бир күнү жездеси жана кайнатасы Акбото бийди өз үйүндө өлтүрмөк болуп, түндөсү уурданып кирет. Анын жоругу Акбото бийге билинип калып, колго түшөт. Таң атпай ал бошонуп качып, кутулуп кетти. Бир топ убакыт өткөн соң ачуусу таркаганда, бир тууган эжесин ортого салып, кечирим сурайт. Акбото ага ишенбейт. Бирок, койнунда жаткан колуктусу улам, ыйлап-сыктап:

- Алдыңа келип, күнөөмдү кызматым менен актайын дейт. Мен үчүн кечирим бер? Экинчи баш көтөрбөй, ак кызмат кылаарына ант берейин, - деп инисин чакыртат.

Акбото ага кечирим бергени менен баары бир ишенбеди. Кайнатасынын кылыгына кек сактап, оңтойлуу учурду күткөн Абдрахим күндөрдүн бир күнүндө, түнү уктап жатканда, аны балдары менен кошо союп, Кожентеги бийликти биротоло колуна алды. Ошондон тартып өзбек-кыргыздын ортосу бузула баштады.

Акбото бийдин өлүмү, анын ээлигинин Кокондун карамагына өтүшү Парганадагы чакан бийлердин ээликтери Кожент, Исфана, Маргалаң биригип, Кокон хандыгынын калыпташынын башталышы болду. Анжиан, Наманган жана Парганынын тоо этектерин басып алуунун эсебинен кеңейди. Ал жерлердеги калктарды көчмөн отурукташкан дыйкан, өзбек, тажик, кыпчактар түзгөн эле. Кокон шаары салынып, Абдырахим бий өзүн “Кокон ханы” деп жарыялады. Өзүнүн

бир туугандарын Кожентке Абдыкеримди, Шады бийди Маргалаңга бий жарыялады. Бирок, өзүмчүлдүк менен кызганыч, бир туугандыктан да ашык болду. Абдрахимдин мурасчысы Эрденеге карабай Абдыкерим менен Шады улам аңдып тизгин талашып, курал алып бетме-бет чыгуудан да айбыгышбады. Бир нече жолу кол салышып, өмүрүнө чоң коркунуч келтиришти. Абдрахим он жылдан ашык Коконду бийлеп, акыры козголоңдо киши колдуу болуп өлдү. Бийлик анын иниси Абдыкеримге тийип, -келечектеги хандыктын ээлиги бир топ кеңейди. Бирок, мамлекет бир кыйла бүлүнүп, өз ара жана коңшу эл менен болгон тынымсыз согуш элди аябай жабыркатып таштады.

Акыры такка Эрдене бий келди. Бийдин Парганадагы согуштук аракеттеринин жана басып алуучулук саясатынын натыйжасында кокондуктардын ээлеги кеңейип, таасири күчөдү, күч кубаты артты. Кокондун улугу кыргыз уруулары менен буга чейинки ынтымагын бузуп, аларды күчтөп багындырууга жана кыргыз жерлеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө жан үрөп кирише баштады. Жылдан жылга Кокон төрөлөрү менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер курчуй берди. Эрдене бий кыргыздарга тиешелүү Ош, Өзгөн шаарларына жортуулга чыкты. Андан соң Түштүк Кыргызстандын бөлөк аймактарына, Кетмен-Төбөгө жана аркалык кыргыздар тарапка баскынчылык аракеттерин улантты. Кокон хандыгы Нарбото бий, Алим хан бийлик кылган жылдарда Кетмен-Төбө өрөөнүнө тез-тез жортуул уюуштуруп, аябай сугун артты.

Кокондун баскынчылык саясатында биринчи жолу хан деген наам алган Нарбото бийдин уулу Алим хан болду. Ал кыргыздарга бир нече талоончулук чабуул коюп, элдин көңүлүнө көк таштай тийген эле. Ошентсе да ал ойлогонун баарын орундай албады. Кетмен-Төбөлүк кыргыздарга, эң жакын кол башчысы Ырыскул бий баштаган колун жумшап, көп жолу торуду. Оро-Дөбөнү андан соң Ташкентти каратып алып, Талас менен Жети-Сууга кол салууга ыңгайлуу өңүт тапканы менен Кетмен-Төбөгө колу жетпеди.

Агасынын баскынчылык саясатын жан алы калбай уланткан Омор ханды Кетмен-Төбөлүк кыргыздарга каршы

жолу болбогон жортуулдар, анын жинин аябай эле келтирди. Ал тургай атасы Нарбото да Кетмен-Төбөлүктөргө бир нече жолу жортуул жасап, козголоңдуу элдин тизгинин канткенде тартабыз-деп канча бир аракеттенишсе да, тоолу аймакты багынтуунун жолун таба алышпады. Баскынчыларга каршы кыргыздардын күрөшүн баатыр Сатыке жетектеп турду. Бийликти жанындай көргөн Омор хан Кетмен-Төбөлүк кыргыздарга укурук салуунун жолун издеп, канча түйшүк тартпады. Бир күнү дагы кеңешчилерин чакырып

-Кана, ким жол таба алат? Кимде ким барып, жеңип кайтса тартуудан аянбайм. Эгер жеңилсе…

-Таксыр, ал каракчыларды колго түшүрөм десе… Кыргыздар үчүн кыштан кыйын нерсе жок. Алар чээнге кирген кайберендердей, бир жерге чогулушат. Ошол кычыраган кышта, аларды басып, кыйратууга болот.

- Кантип жетүүгө болот?-деди хан кайра өзүнө.

-Чоң кол менен түндөсү, капыстан кол салуу керек.

-Оо-уу.

Диванканада отургандар дуу эте түшүштү.

-Дал өзүн айтканындай кыласын!-деди хан, кеңеш айткан бекке колун кезей

Сейдикул бектин өз сөзү, өзүнө муш болду. Хандын каарынан коркуп, түмөндөгөн колу менен калын күрткүлөрдү жиреп, эптеп ашуудан ашып, Кетмен-Төбө чебине жетти. Капыстан кол салгандарга толук каршылык көрсөтө албаган кыргыздар айласыз багынып беришти. Сейдикул элди тоноп, туткундарды айдап келгенде Кокондогулар аны урмат менен тосуп алды. Хандан өтө эле көп тартуу алган Сейдикул «бектердин беги» аталып, даңазасы ого эле көтөрүлүп, ташы өйдө кулады.

Хан сарайындагы так талашкан чыр-чатак кыркынчы жылдары айрыкча күч алып, кыргыз, кыпчак бий, бектери ордодо чечүүчү орунда турушту Мадали хандын бийлигине нараазылык аябагандай күчөдү. Анын жан-жөкөрлөрү менен динчилер ханга каршы козголоң уюштурушту. Зөөкүр хан каада-салтка, шариятка сыйбаган кылык-жоруктарды жасашы, козголоңго шылтоо болду. Мадали хан эже-сиңди эки кызга нике кыйдырганы аз келгенсип, атасы Омар хандын

жесирине - өгөй энесине ойнош болду. Исламга жат, аттуу-баштуу адам даабай турган бузук ишке ханзаданын барышы ордогулардын, көпчүлүк калктын кыжырын кайнатты.

Алим хан мыкаачылыгы, жосунсуз жоруктары менен элине өтө жек көрүндү болду. Тынымсыз баскынчылык жортуулдарды уюштуруп, миңдеген бей күнөө адамдардын канын төктү. Бийлик кылган жылдарында Кокон хандыгынын ээлигинин коңшу (кыргыз, тажик, казак) элдердин эсебинен аябагандай кеңейип, Паргана толугу менен Коконго кошулду. Кыргыздар аларга атчан аскер "кыл куйрук" берип турду. Бирок, кокондуктар кыргыздардын ички иштерине кийлигишүүгө батына алышпады. Хан бийлиги салык алуу менен, кээде кол куроо үчүн жигит жыйноо менен гана чектелчү. Өз таасирин чыңдоо максатында кыргыз аскер башчыларын, ордо кызмат-чыларын дайындап, аларга ар кандай чиндерди: паңсат, датка, бек, токсоба өңдүү бийлик даражаларын ыйгарып турду.

Кокон хандыгы Орто Азиядагы ири мамлекетке айланды. Хан бийлиги Ташкент, Кожент, Кара-Тегин, Дарбаз, Куляб аймактарын каратып, Кетмен-Төбө, Теңир-Тоонун ичкери жагын Талас, Чүй, көл кылаасына дембе-дем жортуул уюштурду. Кокон калаасынын айланасындагы аймак Маргалан, Шаархан, Анжиан, Наманган, Чус, Махрам, Булак-Башы, Чаартак, Ноу, Касан бектери түзүлдү. Оңтойлуу конуштарга чеп, сепилдерди куруп, көп сандаган сарбазарды жайгаштырышты.

Кокон бийлиги салык салууда мал жайгандыгы үчүн көчмөндөр төлөөчү эң оор салык "кой зекет" деп аталчу. Ырасми боюнча анын көлөмү малдын башынын кырктан бир бөлүгүнө барабар болгон. Негизинен салыктын үч түрүн "түндүк зекет" ар түтүндөн бирден кой, "алал зекет" -элүү жандык малдан бирден жандык, экинчиден "хардж" –ар кырмандан үчтөн кой төлөп турушкан.

Аким, бектердин мартаба-арбайына, хан жарлыгына акаарат айтып, каршылык көрсөткөн, эр жүрөк, өткүр жигиттерди камап, элди коркутуу үчүн чептерде атайын терең орлор-зындандар камдалган. Кокондук төрөлөр өлүм жазасына тартылган «күнөөкөрлөрдү» мыкаачылык менен аябай

кыйнап өлтүрүшкөн. Казыкка отургузуу «кылмышкерлердин» башын кыя чабуу, даргага асуу, куйкасын кесип туз кую, кош чыкыйын ою, көзүн дүрттөө, көзүн оюп алуу, кулак-мурдун кесүү, тилин байлоо, тилин кесүү, оозуна коргошун кую, тишин жулуп, төбөсүнө кагуу, мойнуна таш илүү, кулак-мурдун кесүү, жаак-сөөгүн чагуу, муунтуу, койнуна чок салуу, шири кийдирүү, башын арканга кысуу, тишин өгөлөө, бармагын кесүү, куйругун тилип мурч, туз кую, тырмагын жулуу, бармагын, же салаасын кысуу, төшүнө жөө чычаң салып желүү, этин кескилөө, көтөн чучугун түшүрүү, санына аркан чыйратуу, тикенге бөлөө, кийизге салуу, кабыргасын кайруу, тарамышын кыркуу, (кадага отургузуу) ж.б. жазанын оор түрлөрү колдонгон.

***

-Калмактар менен кожолордун байланышы кандайча болуп калган?-деген Токтогулдун суроосун Кала да кубаттай кетти.

-Суроoңор жөндүү деди датка ойлоно басып баратып.

- Алай аймагы Ош менен Кашкардын тең ортосунда орун алган. Алайлыктар жайында жайлоодо Кашкарга барышса, кыштоого келгенде Оштон соода-сатык кылышат. Ошол себептен Кашкардагыбы, же Оштогубу окуялардын бардыгында Алайлыктардын катышы бар. Мен ушул маселеге бир аз токтолоюн.

Калмактарга каршы күрөшкө Орто Азия жана Чыгыш Түркстан элдери жапа тырмак көтөрүлдү. Айрыкча Чыгыш Түркстандагы кара тоолук кожолордун кадыр –барктуулары Даниял кожонун уулдары Жахан кожо, Низамидин кожо жана Абдаллах кожо жетекчилик кылышты. Мурда кара-тоолук кожолордун башчысы Даниял кожо көзү өткөнчө калмак ханынын өкүлү катары, өлкөнү башкарып турган. Ал өлгөн соң Галдан Церен анын балдарын Жаркент, Кашкар, Ак-Суу жана Турпан шаарларын башкарууга дайындады. Бирок, иш жүзүндө калааларда бийликти кожолор эмес контажы өзү тескеди.

Чыгыш Туркстанды бийлөөгө кезинде, ак тоолуктардын башчысы Абак бийдин урпактары Бурханидин менен Хан

кожо да умтулуп турду. Калмак хандары аларды да хан сарайынан алыска чыгарган эмес. Диний мүнөздөгү: ысхакия, ышкия деген эки топтогулар кыргыздарды өздөрүнө тартууга көп аракеттенишкен. Ысхакия тарыкаты-сопучулук жамаатын он жетинчи кылымдын башында кожо Махтум и Аззамдын кенже уулу кожо Ысхак негиздеген болчу. Ысхакия жамааты кожо Ысхактын агасы негиздеген ышкия жамааты менен тең тайлашып турган. Ысхакия жамаатынын өкүлдөрүн «кара топулуулар» же «кара тоолуктар» деп аташчу. Ал эми ышкия соопчулук жамааты кожо Махтум-и-Аззамдын уулу кожо Мухаммед Эмиң тарабынан уюшулган. Бул жамаат тарабындагылар «ак тоолуктар» же «ак топулуулар»деп аталчу.

Жамааттардын Чыгыш Түркстандагы бийликти ээлеп алуу үчүн жүргүзгөн өз ара күрөшү узакка созулуп, жергиликтүү уйгур, кыргыз, казак элдерин азапка салып, алсыратып турду. Ич ара ыйкы-тыйкы, жөнү жок эрегишүү, ойрот-калмак, манжу баскынчыларына каршы бирдиктүү күрөшүн уюштурууга кедерги болду. Кара тоолук кожолордун жол башчысы Жусуп кожо, айрым кыргыз урууларынын колдоосуна таянып, контажыга баш ийүүдөн баш тартты. Калмак ханына каршы күрөштө Парганалык жана илелик кыргыздарга атайын кат жиберип, жардам сурады. Калмактарга каршы жортуулда Жусуп кожо көз жумган соң, кыргыз бийлери анын балдарын колдобой өз бет алдынча күрөштү улантышып, Жусуп кожонун мураскорлору менен болгон чатакта кыргыздар жеңип чыгышты.

Калмак хандыгынын ич арасында гана эмес карапайым калмактардын арасында да тирешүүлөр жүрдү. Уруулардын төбөлдөрүнүн арасында бийлик үчүн айыгышкан кармаштын жүрүшү калмак эзүүсүндө турган элдердин анын ичинде кыргыздардын да күрөшү, калмак мамлекетинин алын аябай эле кетирди. Циндердин манжур мураскерлери бийлеп турган Кытай тараптан катуу сокку берилип, Жунгар хандыгы биротоло жер бетинен жексен болду. Миллиондон ашык калмак ырайымсыз өлтүрүлдү.

Чыгыш Түркстанда уйгурлардан тышкары кыргыздардын чоң багыш, кыпчак, черик, жаман тейит ж.б.уруулары Кашкар аймагынын түндүк батыш, жака бетин ээлеп турушкан. Ал

эми Алай, Алайкуу, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүндө адигине, тейит, саяк, черик, моголдор уруулары мекендеген. Кытайлар Куча, Үч-Турпаңды ээлеп, кийин Жаркентти камалап, андан соң Котон менен Кашкарды басып алышып, аймакты Синьцзянь деп аталган (Жаңы чек) жаны ээликти түздү.

Кытай аскерлери калмактардын калдыгын «кармайбыз» деген шылтоо менен кыргыз аймактарына жапырып келишти. Бир нече жолу аракет кылгандарына карабай кытайлар кыргыздарды биротоло карата алышпады. Кытайдын Синьцзянь аймагы болуп саналган Чыгыш Түркстандагы кыргыздар уйгурлардын кытайлык баскынчыларына каршы согушуна катышып, ислам мамлекетин калыбына келтирүүдөгү Сарымсак кожонун уулу Жахангир башында турган топтун күрөшүн кубатташты.

Жахангир кожо Чыгыш Түркстандын бийлик эгелеринин бири «ышкыя» соопчулук агымынын өкүлү Аппак кожонун урпагы, Бурханидиндин небереси эле. Мурдагы кытай баскынчыларына каршы кармашта Иледеги Чжао-Хойдун аскерлеринен жеңилип, Бурханидин Бадахшанга кире качып кутулган болчу. Бирок, Бадахшандын акими Султан шах аны өлтүрүп, башын кытай төрөлөрүнө тартуу кылгандыгы үчүн бүтүн мусулман дүйнөсүнө жек көрүндү. Бурханидиндин уулдарынын баласы Сарымсак гана араң качып кутулуп узак жылдар Орто Азиянын ар кайсыл аймактарында кыдырып жүрүп, акыры аягында Коконго келип жашап калды. Анын мураскору Жахангир Коконд төрөлүп, ордодо «ардактуу мейман» деп, аталды. Ал жаштайынан чыйрак чыгып, жакшы тарбия алып, акылынын курчтугу, көптү билген көрөгөчтүгү менен элге таанылып, Ата Журтунун эркиндиги үчүн күрөшүүгө бел байлады. Кокондон кыргыздарга келип, жардам сурап, кол куроого кирише баштады. Жахангирдин демилгесин саяк, чоң багыш, адигине, муңгуш, кыпчак, тейит уруу башчылары жапырт колдошту.

Кашкардан качкан кожолор аны пир тутушуп, Кокон хандыгына барып жан калкалашкан эле. Кытай казына башчылары мураскор Жахангирди колдоп чыгарбасы үчүн

ага жылына эки жүз күмүш дилде салык төлөп тургандыгынан Жахангирди Кокондо шарттуу түрдө кармап турушкан.

Омар хандын өлгөнүнөн пайдаланган Жахангир кожо Памирге-Балк менен Бадахшанга качып кетти. Анткени, ал жакта жездеси аким эле. Жездеси кожого эки миң аскер берди. Ата-бабасынан калган Кашкар тагына жетүүгө, кытайлардан алардын кунун куу үчүн ар кимди ортого салып, мусулманчылык шариятка такап, Кокондун жаңы ханы Мадали хандан кол сурайт. Хан кытайлар тараптан келип жаткан тартуудан ажырагысы келбеди. Кожо куралдан жардам бербесе, «акыреттик душман болоорун» билдирди. Ошону менен бирге Кокон, Бухара, Хивага кабар жиберип, ислам мамлекетин курууга, Кашкарды кытайлардан бошотууга чакырды.

Жахангир мурда Оогондун Кабул шаарында окуп жүргөн кезинде Англия оторчуларынын тыңчылыгына айланган эле. Анын Кашкарга жасаган чабуулу Англия адамдарынын айдактоосу менен болуп, алардан жөнөтүлгөн беш өкүл кожонун аскерлерине тарбия берип, Жахангирдин жанында кошо жүрүштү.

Памир, Алай, Кашкардагы кыргыздарда урматка ээ болгон Жахангир Сары-Колдон Чыгыш Туркстандагы бир нече кытай сакчыларын кармап алат. Кашкардын акими Жахангирге каршы аттанып, кожого оруктан капысынан кол салып, таш-талканын чыгаруу үчүн жети миң колу менен Ак-Талаага жөнөйт. Кытай колу коргоосуз калган айылды кыйратып, аял бала-бакыраны кырат. Эли кызыл-кыргынга кабылганын уккан Тайлак баатыр өзүнүн кошуунун баштап, жоонун артынан сая түшүп, жете келет да тар капчыгайга камап чабуул коёт. Ушул жеңиштен кийин Жахангир кожо Кашкар тарапка казат уюштурууга чечкиндүү киришип, камына баштайт. Ал Коконго, Оро-Дөбөгө, Кундуз, Бухара, Хивадагы тажиктерге, өзбектерге, казак-кыргыз урууларына чабаганчыларды жөнөтөт. Кыл мергендерге тартуу убада кылып, мусулмандарды кытайларга каршы аттанууга чакырат. Айрыкча Кокон ханына куралчан аскерлерди жөнөтүүнү өтүнөт. Эгер айныса «акыреттик душман болом» деп эскертет. Кол топтогондон кийин Кожо Кашкарды каптап кирди.

Кошуунунда Анжиандын мурдагы акими Иса датка башчылык кылып, Кулжа акимиңин түмөн колу менен кармашып талканып тынды. Муну уккан Кокон ханы Мадали  Алымбекке кабар берип он миң колу менен Кашкарга кирип келди.

Жахангир кожонун колу менен кытай аскерлеринин ортосундагы салгылашуу Кашкардын чекесиндеги Аппак кожо мазарына жакын жерде болду. Кыргыз кошууну Үч-Турпаңдагы Баргандагы кытай кароолун кыйратат. Кожонун башка күчтөрү Башкирим кыштагына Кашкар аймагындагы кыштактардан келген көтөрүлүшчүлөрү менен кошулуп, Түмөн-Суусунун оң жээгинде Давлет бах түзөңүндө Илелик төрөнүн аскерлерин талкалап, курал-жарактарын олжолошту.

Кожо биротоло шаарды ээлеп, аскерлерин Жаңы шаар, Жаркен, Хотенге жиберип, жеңип алды. Бирок, Ак-Суу, Турпан, Кулжа өңдүү шаарлар кытайлардын колунда эле. Жахангир калган шаарларды ыктыяры менен берүүнү талап кылган кезде, түмөндөгөн кол кайрадан каптап кирди.

Кийинки жылдын эрте жазында кытай төрөсү Жун-Тандын башчылыгы менен жетимиш миң аскер Кашкар, Жаркеит, Хотанга чабуул коёт. Душман мыкты куралданган эле. Кожонун кошуундагылар колдоруна эмне тийсе ошону менен куралданышкан болчу. Машыккан аскерлер каз катар тизилип, көтөрүлүшчүлөрдү замбиректин огу менен каршы алышты. Кытайлардын арасында Сычуань аймагынан келишкен чалма чалынган жана Кокон чепкенин кийишкен аскерлер кожонун колу менен аралашып кетип, чаң-тополоң түштү. Кокон даткасы Исаны кожо миң башы дайын-дагандыктан ал Кашкар бектерине «кокондуктардай чалма чалып, кокондуктардай ээр токунгула»деп алдыртадан буйрук берген болчу. Кокондуктар биринчи болуп качып, Жахангир кожо калааны калтырып кетүүгө айласыз болуп, анын тогуз айлык башкаруусу ошентип аяктады.

-Жахангирге бабасынын тагын алып берип, Кашкарды өзүм басып алам деп жар салган Мадали хан кытайлар менен кармашта жети жүзгө жакын адамынан айрылып, баш калаасына кайтканда хандык наамына «газы» деген жаңы жарлык кошо келди. Кытайлар Жахангирдин артынан чоң кол жиберди. Алар Ошко жакындап келишип, жолдуката

жергиликтүүлөрдү тоношуп, чаң-тополоң чыгарышты. Кокон хандыгы кол курап, дүрбөлөңгө түштү. Ошол арада Жахангир Алимбекти баш-чылыкка дайындап кыргыздардын адигине, муңгуш, саяк, тейит ж.б. урууларынан кол топтоду. Кытайларды кырып, кайтууга аргасыз кылышты. Ош аймагындагы Алайлык тоолуктардын эрдигин Мадали хан ошондо баалап, Алымбек баш болгон бектерди ордого чакырган болчу.

Кытайлар дайындаган көк турпандык жаңы Кашкар акими Исак Жахангирге алдыртан тынчысын жиберип, ага жан дили менен берилгенин билдирип, «Кашкарды ага бошотуп берүүгө даяр» экенин айттырат. Ошону менен катар кыргыз бийлерин азгырып, Жахангирди куйтулук менен Кара-Теке тоосунда кармап, кытайлардын колуна тапшырат. Кожону кытайлар Пекинге алып барышып, капаска салып, бир нече жыл элге шылдын кылып, көчөдө ары-бери ташып, анан козголоңчу катары кескилеп өлтүрүшкөн. Калмактар менен кожолордун жөнү ушундай.

Көпчүлүк сөзгө муюп үн катышпады.

-Эми “Кокон хандыгынын таржымалына токтоло кетели.

Нарбото бий дүйнөдөн өткөндөн кийин, бийлик анын уулу Алимге өтөт. Ал бийликти бекемдеп, Бухара хандыгына тең таймашуу максатында өзүн хан деп жарыялайт. Ошондон баштап Паргана өрөөнүндө ”Кокон хандыгы” аталат. Хандыктын түзүлушү менен өз алдынча акча алакасы жүргүзүлүп, мамилекетти башкаруу даражасы түзүлөт.

Бийликтин эң жогорку даражасында хан турган. Ал өзү дайындаган бийлик адамдарынын кеңешин түзгөн. Хандан кийинки биринчи бийлик орун миң башы менен амирляшкер, экинчи орунга кушбеги, үчүнчү орунга парваначы, исагаул, удайчы ж.б. болгон. Кенеште аталык, миңбашы, атабек, саркер, даскурканчы, рисалачи, мехтер, наиб, удайчы, кожокалян, казы аскар, шейк ал ислам ж.б. болгон.Нарбото бекти өлтүргөн Алим ханды билгендер аны «Залим хан» деп аташчу. Таажыны талашчууларды биротоло жок кылууну көздөп Нарбото бектин бир тууганы Ажибектин да көзүн тазалады. Анын балдарын жашыруун шаардан алып чыгышкан топ, Таласка карай жол тартышты. Андан көп өтпөй Алимхан өз бир тууганы Өмүрбектин колунан о дүйнөгө сапар

алды. Омордун Саид Мухаммед Али (Мадали хан), Султан Махмуд аттуу эки уулу калды. Ордодогу бийлик үчүн атасын баласы өлтүргөн салт уланып, Мадали хан атасына уу берип өлтүрүп, такка келди.

Мадали хан жаш кезинен эле таң-тамашага биротоло берилип, бир гана өзүнүн кызыкчылыгын ойлоду. Күнү бою оюн-зоок өткөрүп, айланасына өнөрлүү кыз-жигиттерди чогултуп, мамлекетти башкарууну эсинен чыгарды. Анын ары жеңил, ары кайсар мүнөзүнө ордодогулар каршы чыга алышпады. Кайсыл жерде сулуу кыз болсо таптырып, Кокон аймагындагы «эң сулуу» деп аталган кыздарды ордого чогултуп, таза кийимдерди кийгизди. Казынадагыларды чачып, ырчыбийчи, чоорчулар менен таңдан-кечке оюн-тамаша курду. Ал тургай атасынан жаш калган аялдарды да ырдап, бийлегендерге аралаштырып, алар менен бирге көңүл ачты. Атасы өлөрүндө ордого келген, «Хан паша» аталчу жаш сулуу анын көңүлүн азгырды. Күндө оюн-зооктон кийин алып калып, тамаша айтып, тийишчүү болду.

-Хан паша, Хан паша андан да артык Ай паша. Ай паша биздин энебиз. Ай-ай, атабыз менен гана болуп калганыңыз бар да, болбосо…

-Болбосо эмне? Амирзада, амириңиз ааламды айландырып турган сиз үчүн болбой турган иш барбы?

-Сизди көргөндө өзүмдү мас болгондой сезип кетем.

-А мен, атаңыздан калгандан бери, мас кишидей башым, анги-данги. Оорудум десем, соодоймун.

-Сиз менен бизди, айыктыруунун дарысы табылар бекен?

-Өлкөнү өкчөп турган өкүмдар, өзү таппаса, өлгөн кишидей унутулгандар, кайдан табат?

-Ак ордонун айдай сулуусу. Сиз үчүн бу дүйнөнү садага чапса аздык кылат. Шарап болсоңуз, кылкылдатып ичип, кумардан чыгат элем.

-Антип айтканыңыз, шариятка жакпайт. Атаңыз менен болгонумду, унутпаңыз!

-Ашыгылык мас кылып, баарын унуттурат тура. Кап, аттиң ай! Сиз менен бир болсом кана? Бул дүйнөдө арманым болбос эле.

-Ал түндү эстен чыгардыңызбы?

-Кайсыл?

-Шарапты ичип, шапар тээп, шылкылдаган түндө, Кой десем болбой, ак тамагымдан шимирип, этегими ачканыңыз, эсиңизден чыктыбы?

-Коюңуз! Суук кепти угузбаңыз! Антсем, Кудай урсун. Жалган күнөө жаппаңыз!

-Билмексенге салбаңыз, амирзаадам. Билинип калып, абийирибиз төгүлдү.

-Кантип билинет? Ар кимге мактанып, абийирди төккөн, сиз болуп журбөңүз?

-Кайдан? Калбырга суу куюлса, токтомок беле? Ордодогулардын оозу тигилип, көздөрү таңылбайт тура. Таңкы жел менен далайга жеткен.

-Мөлтүрөп, төгүлүп, сымаптай көрүнүп, напсини азгырган, сиз!

-Напсиңизди тыя албай, намыстанып, уялбай, «Кой-ай!» дегенге көнбөгөн, айып өзүңүздө, өкүмдар!

-Эми, эмне кылабыз?

-Жолун таптырыңыз!

-Никесин жандыргыла! Шарият, Шарият-дейсиңер. Жол тапкыла! Жолу табылбаса, башыңар кетет! -деди. Залим хан уламаларды ордого чогултуп.

Жол табылбаса аман чыкпасын билген уламалар, айлалары кетип, акыры жолун табышты. Ошол күндөн баштап ханпаша айтканын ал аткарчу болду. Сулуу кыз, жакшы ырдагандарды таптырып, жеңгендерге жакшы кийимдерди бердирип, алтын, күмүштү аябады. Убактысын аялдар менен өткөрүп, хандык кызматын эсинен чыгарып койду. Уламалар, аксакалдар андан алысташат. Ханды ордодогулар «аялдардын ханы» дей башташты. Миң башы, баатыр башылар. Мындай хандын, бизге кереги жок-деп ачык эле айтып чыгышты.

Сөз ханга жетпеди. Жетсе да таасир этпеди. Аксакалдар баш болуп, уламалар, молдо, кожо, эшендер Бухара-и-Шарипке кат жолдошту.

-Ааламдын падышасы, Султан Бахрам, баатыр ханыбыз. Биз кудайы момун Кокон ханынын букаралары сизге арыз

менен кайрылабыз. Көп убакыт болду. Падышабыз Мухаммед Али хандын катындан колу бошободу. Катындан миң башысы, дасторкончусу, вазири бар. Падышачылыктын бардыгы катындар».

Катка улуу-кичүү кол койду. Молдо, кожолор мөөрлөрүн басып, жашыруун бирөөдөн чабаган жөнөтүштү. Бухара ханы катты окуп, таң калып, ишенген кишилерин чогултуп, катка жооп жазды.

-«Саид Мухаммед Али хан Баадур. Сиз жасап жаткан иштер падышачылыкка ылайык келбейт. Тескери иштерди токтотуңуз. Журтунуздан ажырап каласыз. Аялдар менен оюн-зооктун пайдасыздыгын эсиңизге салабыз!»-деди.

Хан катты окуп, Бухара элчисине каарланды;

-Бул тажы, так, ата-бабамдан калган мурас. Мен өз журтумду өзүм тескейм. Бирөөлөр менин ишиме кийлигиш-песин!

-Ханым, ыктыяр сизде. Бул ишиңиз хандардын эмес, катындардын иши,-деди улгайган элчи эскертип.

Бухара-и-Шарипке барып, болгон ишти айтып берди.

Бухара амири Кокондогу улуу-кичүү, аалым-улама-ларына, аксакал, эшен, молдолоруна кайрылып:

-«Падыша өзүңөрдүкү. Эгер жат киши барып хандык кылса, абалыңар мындан да жаман болоорун эсиңерден чыгарбагыла!»-деп жооп жазды.

Мала хандын бир тууган иниси Султан Махмуд хан курулай шаан-шөкөттө шарап ичип, чылым тартып, мас болгондорду көрүп, агасына нааразы болду.

-Сен менин ишиме кийлигишпегин,-деп хан ачууланды.

-Сизди көрө албайт. Тактыны өзү ээлегиси бар-дешти хан менен кошо отурган көңүлү жакын ордо билермандары.

-Шахзаданын башын алгыла-деди мас болуп отурган хан, инисинин сөзүнө теригип.

Бул сөздү уккан эл башылар, аксакалдар чогулуп келишип:

-Иниңиздин күнөөсүн кечириңиз? Башка бир тарапка кетирели- деп өтүнүштү.

-Көзүмө көргөзбөгүлө,-деди хан кабагын бүркөп.

Жусуп менен Аккулу миң башы аны Бухара-и-Шарипке

жөнөтүштү. Мала хандын кылыгына наразы болгондор Бухарага улам-улам кат жибере беришти. Күндөрдүн биринде жазылган каттардын бири Аккулу миңбашынын колуна келип тийди. Кат ээлери, хан катты билсе, аябастыгын сезишип, ханды мас кылышып:

-Таксыр, Аккулу миңбашы сизди өлтүрүп, бизди жок кылмакчы экен. Аны эмне кылалы?-дешет.

-Аккулунун башын алгыла!-деп ойлонбой, буйрук берди хан.

Анын өкүмүн аткарууга баргандар, миңбашынын эшигин такылдатышат.

-Бейубак чакырган ким?-дейт миңбашы.

-Мала хандын баатырлары.

-Аттиң! Менин күнүм, хандын дөөлөтү да бүттү. Душмандар ниетине жетиптир. Силерди Аллага тапшырдым. Эми, акыретте көрүшөбүз,-дейт ал балдарына.

Мала хандын эртеси масы тараган соң:

-Аккулу агабыз, саламга кирбеди?-деп отургандарга суроо салды.

-Ээ таксыр, Аккулу миңбашыны өлтүргүлө! деп, өзүңүз айттыңыз. Буйругуңузду эч ким буза албай, кыйналып отуруп, араң аткарышты,-дешти жабыла.

-Дөөлөтүмдүн кайтканы, ушул,-деди хан өкүнө.

Аккулу миң башы Малахандын өтө ишеничтүү адамы эле. Анын баатырдыгын ордодогулардын бардыгы билишчү. Ханга, андан артык кызмат кылган, эч ким болбогон. Ал Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жаркент шаарларын эрдик менен каратып, Кокон хандыгынын бийлигин чыңдоого өзгөчө кызмат кылган миң башы эле. Аны айла-амал менен өлтүрүшкөн бийликтегилер мөөрлөрүн басышып, ханпаша айымдын атынан:

-«Мен энеси элем. Энесин алуу шариятта жок иш. Мени туткундан бошотуңуз?»-деп жашыруун Бухара эмирине кат жөнөтүштү.

Ошол кезде Орто Азия мусулмандарынын динин калкалоочусу катары эсептелген Бухара эмири Насырулло бул иштин мусулман дининин мыйзамына туура келбестигин билдирип, «Ордодогу такты бошотуп коюну» талап кылды.

Көп өтпөй Мадали хан Бухара эмирине каршы согуш баштады. Бирок, ал согушта жеңилип калып, эмирге багынып берүүгө мажбур болду. Натыйжада калктын нааразычылыгы ого бетер күчөп, (1842-жылы) Коkondo көтөрүлүш чыкты. Оңтойлуу кырдаалды колдон чыгарбай, эмир Насырулло көп аскери менен келип, Коконду ээледи.

Бухара падышасы аскерлерине, элди аёсуз тоноого буйрук берди. Кат жазгандарды сураштырып таап, баштарын алдырды. Мала хандын Мухамед Амин аттуу уулун, энеси Маклар айым баш болгон жакындарынын баарын өлтүрттү. Өзүнүн адамдарын Анжиан, Маргалан, Наманганга башчы коюп, Коконду Ибрагимге берди.

Эмир Кокон хандыгынын тукумдарынан эч ким калбады деп ойлогон. Бирок, дагы бир шахзада бардыгы ага маалым болду. Ал алдыртадан Мамашарип аталыктан сурай кетти.

-Элет ичинде, Кокон хандарынан калган бир шахзада бардыгын билесиңби?

-Билем, таксыр.

-Шахзаданы, кандай жол менен болсо да көзүн тазала… Аны жок кылсак, Кокондогу так талашуудан кутулабыз-деди.

Бухаралыктардан дайындалган акимдер элге жакшылык кылбады. Талап-тоношуп, элди жабырлантты.

***

Эсенбай бийдин уулу Жусуп Аксынын Авлетин айылынан болуп Аксы, Талас, Кокон ордосуна таанымал төбөлдөрдүн бири эле. Атасын тартып эл башкарып, кандай маселе болсо да, так чечкен өткүрлүгү менен көптүн көңүлүн табат. Шералыны алдыртадан байкап, учурдун келишин күтүп жүргөн. Тууган-туушкан, катташкан көңүлү жакын адамдардан, Шералынын ал-абалын сурап, учуру келгенде Шералыны үй-бүлөсү менен Кара-Дарыянын боюна көчүрүп келген эле. Аны элүүдөгү курагында ак кийизге отургузуп, хан көтөрүүдө кыргыз төбөлдөрдүн арасында Жусуп миң башы менен Ажы датканын салымы өзгөчө болду. Көпчүлүк элдин катышуусунда Сафит-Буланда, ак кийизге салып хан көтөрүштү. Жусум датканын тапшыруусу менен жубайы Толгонай хандын башын куттуктап, төбөсү бийик ак калпак, жака, жеңи

өзгөчө кечтеленген, жээги алтын, күмүш бастырылып тигилген, атайын даярдалган хан желегин жапты.

Аны ээрчиген Жусуптун Наманган вилаетиндеги кыргыз бийлеринин арасында аттын кашкасындай айкын көрүнгөн, ордодо опол тоодой баркы бар чыгааны эле. Талас өрөөнүндө элден күч топтоп, Бухара эмиринин аскерлерин талкалоого аттанды. Тоолук кыргыздар селдей сүрүлүп келишип, айыл, шаарлардагы, чептерди ээлешип, жеңиш менен Коконго бет алышты.

Жусупка алты жүз аскери менен кыпчактардын абат уруусунан Мусулманкул да кошулду. Ал Алим хандын мезгилинде анын уулу Амиңбектин баатыр башчысы болчу. Ал Бухара эмири менен кармашканда көп эрдиктерди жасаган. Мусулманкулдун баатырдыгын Бухара эмири баалап, ордого кызматка алган. Мусулманкул тез эле кошо жүргөндөр менен тил табышып, ал тургай эмирдин өзүнө да жагат.

Жусуп миң башы баш болгон колду Шералинин уулу Абдырахманды (Сарымсакты чоң атасынын аты менен аташкан) ээрчигендер тоодон түшкөн сел болуп, чөл аймагын каптап, келе жатышты. Аларды тоолуктарга арналып, атайлап боз үйлөр тигилип, ар кыл түстөгү байрактар көтөрүлдү. Карнай-сурнай тартылып, зор салтанат менен тосуп алынды. Тоолуктар сүрүлө келишип Касан шаарынын чар тарабын орошту. Бухаралыктар тарабынан колдоого алынган акимдер баш паанек издеп, жабыла качышты. Тоолуктардын кошууну Наманган, Төрө-Коргонду камалашты.

Жусуп Хасан шаарын каратып, Төрө-Коргондо эмир дайындаган Инаяттулло кожо Жубари баш болгон мангыт аскерлери туткундады. Инаятуллонун ордуна Кош баатыр жүз башы дайындалып, Чус шаары колго алынды. Ибрагим парваначы качып, «Жахан ордо»сарайында Жусуп миң башылыкка дайындалды. Ал сегиз жүз аскери менен Кокон шаарын кырк күн курчап, камалады. Айыгышкан согушта Шералыны Парганалык кожолор, эшендер колдоп кетишти.

«Кадырман калк! Кокон хандыгына караган биларман аалым, уламалар! Молдо, кожо, казы, улуу-кичүү пакирдин дубаналар! Баарынарга кат-наама жазып кайрыламын. Мага кошулгула. Ордобузду ээлеп, элибизди бийлеп, чаң тополоң

салып, талап-тоногон Бухара хандыгынын адамдарын биргеликте сүрүп-айдап чыгаралы! деп шаар аралап, көчөмө-көчө кыдырып, Шералынын атынан шаардыктарга кайрылган үгүтчүлөрү, кыйкырып жүрүштү.

Азим кожо эшен Парганадагы дин аяттарга кат жазып, эки миң аткыч мерген топтоп, ак асаба көтөрүп, Коконду камалаган Жусупка жардамга келди. Кокондуктарга туруштук бере албай, Бухара колу чегинүүгө аргасыз болушту. Аларды пайлап турган кокондуктар капылеттен, эки миң адамды колго түшүрүп алышты. Эки айга созулган чабышта Бухара эмири оң миңге жакын адамынан айрылды.

Кокондо башчы болуп отурган Ибрагим Хаял аргасын таппай алдастады. Сыртта сандаган лашкарлар, ичте шаардыктар көтөрүлүшүп, анын аскерлерин көчөмө-көчө кубалашып, баш көтөртпөй, таш бараңга алышты. Ибрагим Хаял Коконго бекинип, шаардын дарбазаларын бекитип, элүү күнгө жетпеген бийлигин сактоого көп аракеттенсе да, акыры туруштук бере албады.

Мусулманкул ошол кезде эмирге кирип, тартынбастан

-Эгер, шаарга элчи жиберсеңиз, мени да кошуңуз. Хандын кол алдындагылардын көбү менин туугандарым. Алардын да көңүлүн алайын-деп кайрылды.

Мусулманкулдун пикири эмирге жагып, ага кырк миң тилла берип, бир канча эшендер менен кошуп Коконго элчиликке жөнөттү.

-Кокон шахы, көңүлүңүзгө туура келсе бири-бирибизге ага-ини катары мамиле кылалы. Жарашалы. Өз шаарыбызды өзүбүзгө буйрусун-деген Мусулманкул кырк миң тилдени хандын алдына коюп:

-Таксыр, Бухара падышасынын колунда жүрөм. Бул алтындар Мухаммед Али хан тууганыңыздан калган байлык. Мен дагы өзүнуздун кадырдан кулдарыңызданмын. Кол алдыңызда кызмат кылсам деген ниетим бар-деди.

Шералы ага ишенип, сарпай кийгизип, уулуна баатыр башчылыкка дайындады.

Элчилер Бухара акимиңе болгон ишти айтып беришти. Эмир Мамашарипке:

-Мусулманкул кыйшыктын (ал чолок, бир көзү кыйшык болгон) башын алып келгин деп,тапшырды.

Бухара эмиринин Кокондогу бийлиги узакка созулбады. Үч ай өтүп-өтпөй Коокондо Бухаралык улуктун зордук-зомбулугуна каршы кыргыздар колдогон көтөрүлүш чыгып, Бухаранын үстөмдүгү кулатылды.

Ибрагим Хайял Канибадамга качып барып, баш калкаламак болду. Куугун артынан калбагандыктан Кожентке келип бекинди. Бухара-и-Шарипке өзүнүн абалын билдирип кат жазды. Бухара падышасы сандаган лашкар чогултуп, Коконго жүрүш кылды.

Эки тараптын кармашуусу көпкө созулуп, эмирге караштуу Азимбай кушбеги баштаган бир тобу Коконго качып келишти. Амирдин колу түнү кол салууну ойлоп, кокондуктар уктап жатканда, шаарга карай ат коюшту. Кокондун айланасы шалы пая болгондуктан атчандардын көбү тыгылып, аркадан келгендер сүрүп, тебелеп, көбү өлүмгө учурашты. Шахи-Бухара таң атканда өзүнүн кырылган жоокерлерин көрүп, согушпастан Кожент шаарына бет алды. Ал жерге уулу Кудаярбекти, Ташкент шаарына Мамашарип аталыкты аким дайындады да өзү Бухарага аттанды.

Эмирдин талоонунан улам Парганада, Канибадамда жана Беш-Арыктын ортосундагы Кара-Жыгач кыштагындагы канга боелгон эл көчөдө, аттардын тепсендисинде калды. Эмир Насырулло элди аёсуз талап-тоноп, аялдарын кордоду. Анын зордугуна жооп кылып, Шералы хан Кокондо калган үч миңге жакын Бухаралык туткундарды, аялдарды балдары менен кошо кырып салды. Ошентип Коконду бошотууга жалпы эл катышып, көбү бей ажал кыргын тапты. Кийинки жылы Ташкенди Жусуп миң башы кошууну менен барып бошотуп, акимдикке Шералынын тун уулу Сарымсакты дайындады. Миң башы чек ара аймагын тынчытуу үчүн Оро-Дөбөгө Салымбек датканы бекитип, Коконго жеңиш менен кайтты.

Кокон шаарынын жогорку даражалуулары, эл менен Шерали ханды утурлап чыгышты. Жусуп миң башы, баштаган эл ханды ортого алып, ордого келишип, Шералини ата-бабаларынан калган тактыга отургузушту.

-Кимдин кимдин заманы? Саид Мухаммед Шерали хандын заманы! деген кыйкырык, Кокон шаарынын ар бир көчөсүндө жаңырып жатты.

Хандын буйругу менен падышанын урматына сепил куруу иши башталды.

Шерали хан Каримкулга Маргалан шаарын алууну, андан соң Анжианга барып Бухара падышасынын адамдарынан тазалоону буйруп, он миң аскер кошуп берди. Маргалан шаарында Ибрагим Хаялдын иниси Абдыкадыр бек дайындалган эле. Үч күнкү камалоодон соң Маргалан шаары тазаланды.

Бухара эмиринин талап-тоноочулугуна каршы күрөшүүдө Жусуп миң башы баш болгон кыргыздарга Алымбек датка адигине, муңгуш ууруларынын жигиттеринен кол курап барып тоодой тирек болду. Аксы, Анжиан, Алай Лейлек кыргыздарынын биримдиги артып, алардын таасири ордодо толук орноду. Бухаралык баскынчылардын жортуулдарынын мизин майтарууга, бүлүнгөн ордону калыбына келтирүүгө жапа тырмак киришишти.

Шералы хан мамлекеттик түзүлүштө олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизди. Хандыктагы Бухаралык төрөлөр четтетилип, алардын мал-мүлкү алынып коюлду. Бүткүл бийлик кыргыз, кыпчактардын колуна өттү. Кыргыздардан көп жакшылык көрүп, ал тургай алардын колдоосу менен хан сарайды ээлеген жаңы хан ордодо кыргыз билермандарын өзүнө жакын кармап, маанилүү мансаптарга дайындалды. Жусупка миң башылык, таластык Сейдалибекке аскер иши боюнча кол башылык мансап ыйгарылды. Ордону кыргыз билармандары башкарып, Шералыны колдоп калышты.

Ташкент, Кожент шаарлары баштагы мезгилдегидей кайрадан хандыкка баш ийдирилди. Солгундап кеткен мамлекеттик тартипти калыбына келтирүүгө аракеттер көрүлө баштады. Шералы менен кошо ордодогу негизги бийлик орундарына кыргыздардын келиши алардын чечкиндүү аракеттери ордо тегерегиндеги тажиктер менен өзбектердин, ал тургай кыпчактардын бийликтен кеткен өкүлдөрүнө жакпады.

Опурталдуу чакка туура маани берген Алымбек датка

жубайы Курманжанды ээрчитип барып, белек-бекчеги менен Шералы ханга куттук айтышып, жубайлары Жаркын айым, Соно айымдар менен жылуу мамиле түзүлдү. Ошондон баштап кыргыз айымдары көздөрү өткөнчө бири-бирин колдоп, хандыкты башкарууга салым кошуп келишти.

-Сиңдим хандык баарыбызга орток. Катташып туралы! деп Жаркын айым сөзүн улады.

-Келерибиз сиздер. Катташып, кабар алышканга кумарбыз.

Эли-журттун эсендигине, жерибиздин бейпилдигине да салымыбызды кошолу-деди Каныке

-Боз үйдү ордодон көрүп кубандым. Көрсө, боз үй дөөлөткө да сөөлөткө да жарашарына суктандым-деп Курманжан дилин билдирди.

- Илгертен наркты, салтты көтөргөн аял заты. Улуу дөөлөттөрдү кастарлаш баарыбызга милдет эмеспи.

-Тоолуктардын баркы көтөрүлгөн сиздер менен эле билинип турат. Курманжандын оюн кубаттаган каныша

-Үй жылыткан коломто. Коломтону кызыткан, катууну жумшарткан, каттоону уланткан да аял. Көп жакшылыкка биз милдеткер экендигибизди эстен чыгарбайлы сиңдим.

-Парбана болоор бийликке, паана болор дөөлөт эжеке. Сөз алгандан соң, көз салган артык. Не болсо да, кабарлашып туралы.

-Аманчылык чоң дөөлөт, кабарлашкан бир бөлөк. Чакыртпай келишип, белгибизден сезишип туралы, синдим, деди жылуу ырайдагы Жаркын айым:

-Сиздей акыл кураган, сырдаш тапканыма кубанам эже.

Сырыбыз бир болсо, ырыскыбыз да бийик болоор. Аралыгыбыз алыс болсо да, акылдашып, дагы да көп сырдашаарбыз. Өз экенибизге өзгөчө маани берип, келип тургула.

Эл камын ойлогон эки акылман зайып эзилише сырдашып, эртенкини ылгашып жылуу маанай, жагымдуу мамиле менен коштошушту.

***

Хан бийликке келгенден баштап, өзү билип ордону тескей албады. Ар кимдин айтуусун аткарып, тез эле так ээсинин аброюн жоготуп алды. Аны курчаган ач көз бийлер хан атынан буйруктарды чыгаршып, өздөрүнүн гана кызыкчылары үчүн иштерди жүргүзүштү. Салыкты аябагандай көп салышып элдин да нааразылыгын көбөйтүштү. Мурдагыдай эле калыптанган ордонун эзүүсү баштагылардан эч бир айырмаланган жок. Кыргыз бийлери айыл-шаарлардан уруу-урууларды башкарууга укук алуунун аракетинде болушканы менен бара-бара хан сарайынан четтетилди. Ордодо өзгөчө кыпчак уруусунун ары акылдуу, ары кара мүртөз, куу Мусулманкул баштаган кыпчактар басымдуулук кыла баштады.

Хан Каримкулду аким, Мусулманкулду баатыр башы кылып, Анжиан шаарына жөнөттү. Ал дайындалгандан баштап сугат жерлерди, малга ыңгайлуу жайыттарды кыпчактарга болуп берип, туугандарын тымызын өз айланасына топтой берди.

Кыпчактар Чустун айланасына жыйнала баштаганда коопсузданган Шералы хан баласы Абдрахманды (Сарымсакты) Жусупту сүйлөшүүгө жөнөттү. Мусулманкул баш болгон бийлик өкүлдөрү менен жолугушуу болуп, кыпчак төбөлдөрүнө улуу даражаларды берүү талаптары коюлду. Шералы хан Жусупту миң башылык, баш увазирликтен бошотуп, Маргаландын акимдигине, анын ордуна тажик Шады датканы дайындады. Ордодо таасири зор, ары акылман, эр жүрөк Жусуптун Маргаланда аким болушу, андан соң өлүмгө жазаланышы менен ордодо кыргыздардын таасири азайып, хандыкта башаламандык өкүм сүрдү.

Ордо үчүн болгон чыр-чатактын учурунда Жусупту кыпчак төбөлү Мусулманкул көзүн тазалады, хан сарайды бир азга теги тажик Шады бийликти колго алды. Жалпы хандыкта салыштырмалуу түрдө ордого жакын аймакта чогуу жашаган кыпчактар ордо бийлигине кысым көрсөтүп, чечүүчү күчкө ээ болду.

Хан кайрадан кызмат бөлүштүргөндө кыпчактарга чоңу-

раак даража бөлүнбөй калды. Ага көңүлдөрү кыраа болгон кыпчактар, өз ара сүйлөшүшүп, козголоң чыгарышты.

-Чустагы кыпчактардын саркарларын алдыңызга алып келип, таазим эттирбесем Шады миң башы атым өчсүн!-деп Шады миң башы Чусту басты.

-Мунун башын кесип, канын төкпөсөм, армандан чык-пайм-деди Шадынын келгенине Мусулманкул сүйүнүп.

Бухара эмирине каршы күрөштө зоболосу өсүп, кадыр-барк алган кыпчак ак сөөктөрүнүн жол башчысы Мусулманкул ордодогу өтө таасирдүү кишилердин бири болуп калган эле. Кокон ханы кыпчактарды ордодон четтете баштаганда, ал ханга каршы кыймылдын башында туруп, өзунун мыкты даярдыгы, жакшы уюшулган кыпчак колу менен Шады миң башы болгон Кокон аскерине каршы аттанып, аны талкалап, ордо шаарды басып алды. Кармашта каза болгон Шады миң башынын ордуна Мусулманкул өзүн миң башы жарыялап, Шерали ханды тактысы менен сактап калып, жеке өзүнүн бийлигин жүргүзө баштады.

Кыпчактар менен кара чапандардын кармашынан улам кыпчактар биригип, Мусулманкулдун айланасына ачык эле топтолушту. Ордодо аны менен тең тайлашчу киши калбады. Кыпчактар Кожо Мир Асатты Шерали ханга жана шахзада Кудаярга элчиликке жиберишти.

-Биздин, Мусулманкулдун, Мырза бийдин, Кор уулу бийдин, Козубала бийдин жана башка төрт жүз атактуу баатырдын талабы: Шайхул исламды баш кылып, Молдо Калисаны, дамулло Кожомкулду, Абдирахманбекти, Азимбай куш бегини, Таныкул шагаулду, Махаммат Умар датканы, Садык тункатарды, Саид Алибекти, Мааткашка кушанда (баш кесер) менен кызматташуудан коркобуз. Аларды бизге өткөрүп берсин. Ошондо гана биз ордого кулдай кызмат кылып беребиз деп, кат беришти.

-Кыпчактардын талабы ушу менен аткарыла турган болсо, молдо Калиса менен Мамат Умардын башы алынсын! Эми аларды жарашууга чакыр-деди Кожо Мир Асатка хан.

-Силердин талабынар боюнча Мухаммад Умар саркар менен Молдо Калисанын баштары, базардын ортосунда алынды. Эми эмне дейсинер?-деди Кожо кыпчактарга барып.

-Жок. Биз айткандын баарын берсин. Болбосо, сөзүбүздөн кайтпайбыз дешип, жабыла ат коюшуп ордону ээлешти. Катта көрсөтүлгөндөрдүн баарын өлтүрүшүп, кыпчактар ордону ээлешти.

Шералы ханга Мусулманкул өзү миң башы болуп, Саид Мухаммад Кудаярга Төрө-Коргонду берди. Мырзат Кыпчак баатыр башы, Ташкент шаарына Азиз парманачы аким, Курама шаарына Нурмухаммад датка аким, Маргалан шаарына Отомбой датка, Анжиан шаарына Молдо Сыдык, Шаархан шаарына Калмухаммед датка, Чус шаарына Рахманча датка дайындалып, калла кыпчактар ордодогу бийликти, өздөрү болуп алышты.

Шералы хандын чечкинсиздигине, Мусулманкул баштаган кыпчактарга нааразы болгон кыргыздар Алымбек датканын айланасына топтолушту. Кесек уурусунан Сейитбек, төөлөс уурусунан Болот даткалар баш болгон ууру башчылары Алымбектин чакырыгы боюнча Ошко чогулушуп, ордодо кайрадан кыргыздардын таасирин орнотуш үчүн күрөш баштоого макулдашышты. Оштун айланасындагы кыргыздардын көтөрүлүшү Үч-Коргондон Алайга чейин, Оштон Шахирстандын кыпчактарына чейин угулуп, акыры Кокон хандыгына чейин жетти. Кыргыз бийлери тез эле Мады чебин, Ош калаасын өз колдоруна алышты.

Мусулманкул мансапка жетүүдө айланасындагылардын бардыгын курмандыкка чалууга даяр болчу. Анын тыңчылары хандыктын бардык аймагында билинбей жортуп жүрдү. Ал аскерлерин чакырып, ляшкер башчыларына, сарбаз, сыпайлардын шайма-шайлыгына жана куралдарына көз салууну катуу тапшырды.

-Оштогу көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз жазалайсыңар. Бөлөк жерлерде да «оштуктардай болбойлу» деген эстен чыккыс жазаны көрсөтөсүңөр!-деген талап коюп Молдо Садык, Өтөмбай, Мирзатка лашкарларды кошуп, Кудаярды баш кылып жөнөттү да кыжырдануудан улам өзүн токтото албай, сабыры кеткен миң башы катчысын чакырып, тиешелүү адамдарга шашылыш кабар жөнөттүрдү.

-Көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз өлтүрүп, кырып-жоюга бардык күчүңөрдү жумшагыла! Эгерде колуңардан келбесе алайлык

арстанды шек алдырбай шаарда кармап турууга аракеттенгиле! Менин курч кылычымдын мизи, анын мойнун кыя чапмайын, тыным албайбыз!-деп Ошко жакынкы аскер башы, жүз башыларына катуу көрсөтмө берди.

Экинчи катты Маргалан, Анжиан тегерегиндеги шаар башчыларына, бектерге арнап:

-Анжиан-Алайдын эрке даткасы Алымбек, бардыгын өз колуна алгысы келет. Ал силерди уйпалап, өтүгү менен тебелеп салаарын ойлонгула! Эртеңкинерге кам көрбөсөңөр, төбөңөргө чыгары эсиңерде болсун!-деп эскертти.

Алымбектин өзүнө болсо өзгөчө кат жазды:

-Бир боорум, датка! Бир канаты жок бүркүт уча албайт. Биз экөөбүз Кокондун кош канатыбыз. Бирибиз эле жок болсок, ал майып болуп, колунан эч нерсе келбей, жатып калат. Сен акылмансын! Элдешели, мени күт?-деп чабаганчы жөнөтүп, соң жазалоочу кошуунун баштап, жолго чыкты.

-Бизге убакыт өтө кымбат. Алайдын жапайы арстанынан башта аракеттенбесек, ал бизди чайнап салат. Эртеңкибизге кам көрүү үчүн андан оозунушубуз керек!-деп кыжырдана кылычын кармап шашыла келе жатты.

Мусулманкулдун селдей каптаган кошуунуна туруштук бере албастыгын билген Сейитбек менен Болотбек даткалар ал тарапка ооп кетишти.

Көтөрүлүшчүлөр менен ордонун жазалоочуларынын ортосундагы кармаш оңой болбостугун туйган Курманжан атайлап Алайдан келди.

-Даткам, козголоңчуларды көтөрүп, ордону опколжутуп койдунуз.Ушунунуз эле, чон сабак.

-Көркоо, чөлдүн чөө бөрүсү. Өлкөнүн канаты кимдигин эми билиптирби-деди Алымбек катты алган соң- Элдешүүнү эртерээк ойлонушу керек болчу. Элдин күчү канчалык экенин, хан баш болгон төбөлдөр билип алсын.

-Кармаштан кан төгүлүп, бей ажал эл кырылат. Миң башы менен өзүңүз сүйлөшкөнүңүз зарылдай, даткам?

-Миң башы эч кимге жакшылык каалаган эмес. Ал мени менен бет келише албайт.

-Касамкор миң башынын колунан жакшылык келбейт. Көтөрүлүшчүлөргө уруксат бериңиз? Тоо арасына сиңип

кетишсин. Кара келтек, союлчуларды, куралдуу жазалоочулар эч бир аябайт, даткам?

-Мейли, чолок карышкыр олжого жутунуп жатып, капканга кантип түшкөнүн өзү да туйбай калат.

-Даткам, ойлонуп багыңыз. Бузук бийге, түзүк хан жок. Жымшык бийге, кыйшык хан. Экөөнүн тең билиги өчөйүн деп калыптыр. Ушул ортодо аярлап, оюндан чыга турбасаңыз, нааласы сизге калат.

-Анын жөн, Курмаш. Ой таразасына эчен жолу салдым. Канткен менен экөө тең өлкө тагдыры дебей, өздөрүнүн камын көрүп, шиши толду. Эми шишиги жарылганы турат.

-Бузук бий, сизди түзүк дебейт. Сизди биротоло чаап салууну көздөйт.

-«Мыназага келишели, мен баргыча күтүңүз»-дептир

-Мыназага десе, сизди ордого кел? деп, чакырбайт беле? Ал неге кошуун чогултуп келет?

-Буту жер баспай, өзүн, көктөн көрүп жүрөт.

-Не болсо да бийим, ушул учурда Алайга барып, ата-баба арбагына сыйына турун? Жаныңыз соога, Ошту коога каптаганы турат.

-Курмаш, ушунча элди көтөрүп алып, кылыч мизине, кыян түбүнө таштап кетмек белем?

-Таштабайсыз. Элиңизди да ээрчите кетиңиз. Тоо сизге караан, тоо сизге сүр. Артыңыздан жоо кууп да бара албайт. Эски журтту шимшиген түлкү болуп, сизди көрө албагандар эч нерсе таппай, мукураганда кетет. Даткам, айтпайын деген элем. Ордодогу бүтүм жетилип, чечилгени калган окшойт.

-Кантип? Эмне мынча шашылышты?

Сиздин келишиңизди күтүп жатышканбы. Жакшылык-жамандыгыбы, белги келди. Аз күнгө аярлай туруң, даткам?

Көтөрүлүштү басканы Шахирстандын кыпчак бийи Көр уулу жазалоочулар менен жөнөтүлүп, оштуктар менен беттешип, аларды чегинүүгө аргасыз кылды. Колго түшкөн туткундарды Коконго алып барып, жазалап, өлтүрмөк болушчу. Аларды ордого алып келгенде базар күн болгондуктан аянтка көптөгөн эл чогулуп, Мусулманкул баш болгон Кокон аскерлери жоктугунан пайдаланган, көп жолу куугунтукка алынып, ичинде кетпес кеги бар Рахматулла мырза,

Исфара акими Сатыбалды Шералыга каршы кутум уюштурушту. Ал күнкү тополоңдо белгилүү орунду оштук туткундар ээлешти.

Ишмер Мусулманкул Кокон хандыгын акылдуулук менен башкарып, күчтүү армияны, борборлоштурулган мамлекетти түзүүгө умтулган. Шералы хандын Мусулманкулду колдогон саясатына Кокондук бийлер каршы чыгып, кыпчактардын аскерлеринин Коондо жоктугунан пайдаланышты.

Исфаранын беги Сатыбалды датка, Рахматилда датка баштаган кыргыздар Муратты (Алим хандын баласы) хан көтөрүп, тактыгы отургузууну көздөштү.

Аны уккан Мусулманкул да жан-дили менен аны колдоорун алдын ала билдирген эле. Ал кыргыздарды амал менен жеңүүнү, алардын колу менен Шералы ханды жок кылып, өзүнүн негизги максатын ишке ашырууну алдын ала көксөп жүргөн болчу.

Сатыбалды датка баш болгон топ Шералы ханды өзунүн желдеттеринин колу менен, өлүмгө узатышты. Алар менен жүз, жүз элүүдөй кыргыз жигиттери бирге жүрдү. Алим хандын уулу Муратбекти такка отургузушуп, Алимбек датканы аталыкка дайындашты.

Ордодогу төңкөрүштү уккан Мусулманкул катуу чамынды. Араң жеткен миң башылык даража, эгер колдон чыкса, экинчи кайра келбейт эле. Коконду камалап, дүңгүрөтө замбирек аттырган Мусулманкул, бир орунда тура албай, ат ойнотуп, жеңишке жетүүнүн, ордодогу бийликти колдон чыгарбоонун түрдүү амалын ойлоп жатты. Ал учурду пайдаланып калууну көксөп, Шералинин ордуна, анын он үч жашар Кудаярды хан көтөрүп, бийликти өз колуна алды.

Жаш хандын көңүлүн алышка Мусулманкул тууганы Кудаярбекке киши жөнөттү.

-Урматтуу Кудаярбек, сиздин кызыңызды Кудаяр ханга ылайык көрдүк. Эгер туура көрсөңүз, той алып баралы-деген өтүнүчкө Кудаярбек макул болгонун билдирген кабар келди. Чоң той берилип, бектин кызы жаш ханга нике байланды.

Мусулманкулдун карындашы өтүп, андан бир кыз калган эле. Энеси өткөн кыз өтө сулуу болчу. Мусулманкул ойлонуп отуруп, молдолорду чогултуп, хан азиретиге нике байлатты.

Мусулманкул бардык журтка кабар жөнөттү.

«Мухаммед Шерали хан Баатырдын уулу Саид Мухаммед Кудаярхан атасынын тактысына отурду. Эгер силердеги төрөлөрдө перидей сулуу кыздар болсо, алып келгиле» деген кабар менен казактардын төрөсүнүн кызына куда түшүп, Кудаярга нике байланды. Андан соң Карас улуктарына жуучу жөнөтүп, алардын кызын алып берди.

Жубари аттуу эшен Бухара-и-Шарифтен келип, Кокондо туруп калган эле. Ал Саид Кудаярханга кызын бермек болуп.

-Менин үрдөй кызым бар! Падыша макул болсо, бир уулду болушса атын Насирдинхан койсом деген ниетим бар-деп киши жиберди.

Хан Мусулманкулдан кеңеш сурады.

-Сиздин амирди аткармак, биздин милдет-деп жуучу жиберип Малика-и-Диларам кызына нике байлатты. Миң башы жаш хандын көңүлүн табыш үчүн түрлүү айла-амалдарды колдонду. Бөтөндөрдү ага жоолуктурбады.

Убакыт өтө берди. Хандын бийлигине ээ кылбаган аталыкка наразылыгы арта берди. Кудаяр бойго жеткенде кайнатасына каршы күрөшүүгө бел байлап, күч топтоду. Ага Ташкент беги Нурмагамбет жардамга келип, Коконго аскерин жөнөттү. Ташкент бегинин аскери жеңилип, Кудаяр хан туткунга түштү. Бирок, аталык качкын хандын күнөөсүн кечирди. Мусулманкул көңүлүнө жакпаган адамдардын көбүн Ташкентке айдады. Ал жерге баргандар чогулуп, Мусулманкулга кат жазып Мамадияр датка, Молдо Калбектерди жиберишти.

-Мусулманкул сен бир койчу элең. Ыкыбалын көтөрүлүп, миң башы, аталыкка жеттиң. Бизди ордодон кубалап, Кудаярды хан көтөрүп бийлеп отурасың. Жасаган ишиң туурабы?деген алардын талабына

-Бул, менин ыкыбалым!-деп жооп берди аталык.

Бир канча күндөн кийин Молдо Калбек, Мамадияр датка баш болгон топ, «Мусулманкулдун көзүн тазалаш керек» деген бүтүмгө келишти. Аны ушакчылар жеткиришти: Аталыктын буйругу менен ал экөөнүн баштары кесилди.

Мусулманкул жыйырма миң лашкер алып, Ташкентке жетип, сепилди үч ай курчап алды. Жеңиш колуна тийбеди. Коконго келип, кайра кол топтоп, кайрадан камалады.

Нурмухаммед датка баш болгон Касымбек, Пазылбек, Камарбектер бир нече колдору менен коргонушту.

Кырк күнгө созулган таймашта, көптөгөн адамдар кырылды. Мусулманкул качууга аргасыз болду. Нурмухаммед дарыяга келгенде, аталык менен Кудаяр хандын аскерлери дарыяга бой урушту. Агып бараткан Кудаяр ханды аркы жээктен Өтөмбай кыпчак дарыядан аман алып чыкты.

-Аттиң! Дөөлөтүмдөн айрылдым. Эртеңим эми караңгы. Ханды колдон чыгарбай аткыла!-деди Мусулманкул жигиттерине.

Алдастаган мергендер суу ичиндеги ханга ок тийгизе алышпады. Аталык Көлмө деген айылга барып жашынды. Өтөмбай ханга увазир болуп, бардык бийлик Нурмухаммед датканын колуна өттү. Касымбек миң башы болуп, хан тарабынан бекитилди. Малабек Маргалан шаарына аким, Сопубекке Кожентти, Иса төрөнү Анжиан шаарына аким кылып, Момун кожону Кашкар шаарына жөнөттү. Хан Кокон аймагындагы шаар башчыларын баарын чогултуп. Мусулманкулга каршы жүрүш кылууну тапшырды.

Мусулманкул менен кармашта Эшен Жубари менен Ибраимбек шейит кетип, Сабырхан төрө жарадар болду. Сопубек менен Султанмурат бектин кошуундарына кыпчактар да кошулуп кетти. Кыпчактардын көбү кырылып, Мусулманкул Кетмен-Төбөгө кайын журтунан кол куроого кетти. Чолпонкул датка, Алчынбай датка, Смандиар датка, Кор уулу бий, Алман бий, Атамкул аттуу кыпчак баатырлары Мусулманкулду алдырышып, элдешүгө чакырышты.

Андан көп өтпөй эле Кудаяр хан кайрадан кайнатасы Мусулманкул менен жоолашып, 1852-жылы жетинин айында (октябрда) чечүүсү кармашка камынды. Кыпчак аскерлери менен хан тарабындагы жоокерлер айдын сегизинде Былкылдама деген жерде беттешип, карчылдашкан кармашта хан тарабы жеңип, жеңилген жоого, колго түшкөндөргө аё болбоду. Мусулманкул элдешкен чакта да тирүү калбасын билди. Кыпчактар Төрө-Коргонго ат коюшту. Бирок, жол тоскон мергендер аларды аткылап өткөрбөдү. Кудаяр хан элдешүүгө Сабырхан төрөнү жиберди. Ал Мусулманкулду Кудаяр хандын алдына алып келди. Кокон шаарына

Мусулманкулду туткун кылып колуна чынжыр, бутуна кишен салып Каримкул Муктарга өткөрүп беришти. Ал бийик жыгач орнотуп, анын үстүнө Мусулманкулду отургузуп, он күн бою, ар тарапта качып жүрүп колго түшкөн кыпчактарды, карматып келип, баштарын кестирди. Кудаяр хан кыпчактарды жок кылууга буйрук берди. Хандын баш кесерлери «таксырынын» талабын так аткарууда Коконддон тартып, бардык калаа-ларды, айылдарды, базарларды жана жолдо бараткан жолоо-чуларга чейин кары-жашына карабай кырып-жоюп жатышты. Эл дүрдүгүп, бийлик ээлеринен алысташты. Коркунучтан улам бир топко чейин адамдар сүйлөгөндөн коркушуп, бири-бирин ымдап, кол жаңсап, чакырып калышты. Кыпчактардан тарагандар көпчүлүк чогулган жыйындардан качышып, бой жашырышты. Канкор, мыкаачы Кудаяр хандын буйругу боюнча Кокон колу кыпчак дегенди түтүнгө-түрө кырып, калаа канга боелду. Жыйырма миңдей адам өлтүрүлдү.

Ошондон баштап Кудаяр хан биротоло сарттар тарапка өтүп, кыргыз-кыпчактарга артын салып, жамандык ойлой баштады. Анын жоругуна кыргыздар макул эмес эле. Өздөрү каалаган мураскорду бийликке алып келүүнүн толкунун башташты.

***

Орто кылымдан башталган Орусиянын чет жакаларга жылуусу, улам каратылып алынган аймактарга чептерди куруусу акырындап бекемделе берди. Он сегизинчи кылым-дын аягында Оренбург жана Сибир тилкелери калыптанды. Кийинки кылымдын отузунчу жылдарын Сыр-Дарыя менен Чүй дарыясын бириктирген чепти куруунун алгачкы аракет-тери түзүлө баштады.

Орус соода саясаты аркылуу Борбордук Азия өлкө-лөрүнө саясий таасирин күчөтүү максатында орус падыша-чылыгы Орусия менен Азия өлкөлөрүнүн соода мамилелерин өркүндөтүүгө арналган атайын комиссия түздү. Орус соодасы Англис соодасы менен атаандаштыкта, ийгиликке жетиши үчүн биринчиден империянын чек араларын кеңейтүү, экинчиден Борбордук Азияда үстөмдүк кылуу үчүн Англия менен күрөшүүгө байланышкан саясий стратегиялык

жагдайлардын зарылдыгынан улам, Орус өкмөтүнүн басып алуучулук аракети, Түркстан аймагын Англиядан мурун ээлеп алуу максатын ишке ашырмак.

Евразия аймагындагы «Чыгыш маселеси» деп аталган эл аралык татаал маселенин тегерегинде орус-англис карама-каршылыгы «согуштук кагылушууга алып келер бышык» дешти саясатчылар. Англиянын тышкы иштер боюнча жетекчиси лорд Польмерстон

-«Эртеби-кечпи казак(казак-орус жөнүндө) менен сыпай (Индиядагы англис солдаты) Борбордук Азияда жолугат»деп белгиледи.

Падышачылыктын Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды ээлөөгө болгон аракеттеринин тездешине Англия менен Орусиянын ортосундагы чыгыштагы тең тайлашуу түрткү болду. Англия он сегизинчи кылымдын экинчи жарымында эле Индиядан Европалык атаандаштарын сүрүп чыгып, бул өлкөнүн зор бөлүгүн ээлегенге, ал жакта майда мамлекеттердин арасынан орун очок алууга үлгүргөн. Кийин-черээк ал Индияга өз ээликтерин коргоону шылтоолоп, коңшулаш Ооганстанга, Иранга, Чыгыш Түркстан, Бухара эмирлигине, Хива жана Кокон хандыктарына көз арта баштайт. Бул өлкөлөр Британия империясынын чыгыштагы олуттуу атаандашы, кубаттуу Орусия дөөлөтү менен күрөштө ага таяныч болмок. Ошондон улам Ост-Индия компаниясынын «саякатчы» кейпин кийген тыңчылары, ачык эле Орто Азия хандыктарын аралап жүрө башташты.

Орусия Англиядан мурун Орто Азияны эртээрек өзүнө каратуу максатында согуштук аракеттерин күчөттү. Орусия бийлиги Жети-Суугa чейин кеңири аймактагы казак конуштарына тарады. Батыш Сибирдеги орус аскерлери Семипалатинскийден чыгып, көп өтпөй Аягуз өзөнүнө жетип келишти. «Аягуз приказы» аталган чепти курушуп, жаңыдан уюшулган Аягуз округу Омск облусуна карады. Орусиянын Жети-Сууну көздөй Сибир тилкеси боюнча өтүп, Оренбург тараптан Сыр-Дарыяны бойлой казак аймактары менен Кокон ээликтерин кысып кирди.

Падыша өкмөтү бул маселени биротоло чечүүдө Кыргызстандын түндүгүнө жортуул уюштурууга жетекчилик

кылуу үчүн Госфорттун карамагына ордо шаардан генштабдын полковниги Циммерман мырзаны жөнөттү. Ал Иле аймагындагы орус аскерлерине кол башчы болуп дайындалды. Ошол эле учурда Кокон ханы да ак падышанын колу менен беттешүүгө камынып, Чүйгө сарбаздарын жөнөттү. Батыш-Сибир генерал-губернатору Г.Госфорд Кокон ордосунун абалына өзгөчө көңүл бөлүп, Сыр-Дарыя-Сибир тилкелерин бириктирүү маселесин көтөрүп чыкты. Бул маселе атайын кеңеште каралып, Ала-Тоо округу түзүлүп, Ысык-Көл өрөөнү орус ээлигине өткөрүлдү.

Кокон өлкөсү саясий кризиске кабылып, эми жүрүш баштоого ыңгайлуу учур келгенин Госфорд белгилеп, «Орусиянын ээлигине Чүй өрөөнүн каратуу ишке ашырылсын» деген чечим кабыл алды. Атайын тапшырма менен географ орус элинин белгилүү окумуштуусу П.П.Семенов Верныйдан Ысык-Көлгө келип, экспедициянын илимий изилдөөдөн башка согуштук саясий жыйынтыктарды алдын ала эле билдирген болчу. Г.Госфорд Чүйдүн оң жээгин топографиялык сүрөткө алууну, согуштук саясий чалгын иштерин жүргүзүүнү, Верный менен Пишпектин ортосундагы стратегиялык мааниси бар Кастек чебин курууга эки казак-орус отрядын жөнөтүп, капитан М.И.Венниковду жетекчиликке бекитти.

Орустардын планын билген Кокон хандыгы Чүйлүк бийлерди «капырларга» каршы күрөшкө чакырды. Ага чейин М.И.Венников керектүү материалдарды чогултуп, Токмок, Пишпек чептеринин толук топографиялык планын сүрөткө түшүрүп, жөнөтөрү менен Чүй өрөөнүндөгү согуштук операцияларды башкарууга генералдык штабдын полковниги Циммерман менен Ала-Тоо округунун башчысы Г.А.Колпоковский Чүй экспедициясын баштоого буйрук беришти.

1857-жылы Кокон бийлиги Чүй, Талас, Олуя-Ата, Чимкент аймактарында бир топ бошошо түшкөн эле Ташкент беги Мырзакматтын Пишпек, Олуя-Ата бектеринин зордук-зомбулуктары жергиликтүүлөрдү наразы кылып, эл толкуй баштады. Ал тургай Пишпектеги Кокон аскерлерине кол салышып, аларды талкалашты. Ташкент беги Мырзакмат атайын колу менен Олуя-Атага келгени менен көтөрүш-

чүлөрдү баса албай, чепке жашынууга аргасыз болду. Кокондон Малабек баштаган кошуун келип, толкундоолорду араң токтотту. Кийинки жылы Пишпек чебин бекемдөөгө Кокон аскер башчылары Рустомбек менен Пирмухаммед келишип, кыргыз бийлерин орус ээликтерине кол салууга үндөп жатышты.

Ошол учурда Анжиан, Маргалан аралыгындагы кыргыздар көтөрүлүшүп, Оро-Дөбө үчүн Кокон-Бухара аралыгы бузулду. Чымкенттин үстүндөгү Кара-Тоо казактарынын толкундоолору кошул-ташыл болуп, ордонун ички-тышкы абалы кескин начарлады. Кара-Тоо казактары Түркстан чебин басып алышты. Чептин колдон чыгышына ачуусу келген Кудаяр хан Ташкент беги Мырзакматты кызматтан алып, иниси Малабекти дайындады.

***

Бир туугандар Малабек менен Кудаяр хандын ортосундагы мамилелер улам солгундай берди. Ташкенттин башкаруучусу Мырзакматтын адилетсиздигинен улам аймакта жашаган казактар көтөрүлүшкө чыкты. Калкты нааразы кылган Мырзакматты жазага тартууну билдирип, Малабек аны ханга жиберди. Кудаяр хан аны жазага тартмак тургай, миң башылыкка дайындады. Инисинин аны тоготпой, бир сөзүн эки кылганы үчүн нааразы болгон Малабек, Анжианда бектик кылган бир тууганы Сопубекке келди. Агасынын нааразылыгын уккан Кудаяр хан, аны кайра Коконго кайтаруу үчүн апасы Жаркын айымды, андан соң ордодогу эң сыйлуу диний жетекчи Хазретини бир тууганына элчиликке жөнөттү.

Жаркын айым бир тууганына таарынган Малабектин маңдайында отурду.

-Кагылайын уулум, бир туугандар катуу кетишпегиле. Экөөң тең көзүмдүн карегисиңер. Силердин кабарыңарды уккан жакын-алыстагы, дос-душман эмне дейт?

-Жакын-алыс эмес, өлкөдөгүлөрдүн баары билет-деп мурчуйду Малабек.

-Эки бир тууган батышпай отурасыңар. Өлкөнү кантип башкарып, кантип сактай аласыңар? Ушуну ойлондуңарбы?

-Аны шахзадаңыз эмнеге ойлобойт.

-Ойлойт. Ойлогону үчүн агамын таарынычын жазайын деп мени жиберип отурбайбы-деп жумшак сүйлөдү.

-Өзү эмнеге келбейт? Таарынтпай, тил алып койсо болбойт беле?-деди Малабек энесинин жүзүнө алдыртадан тиктеп

-Тил алат. Айт. Каалаганың эмне? Бардыгын аткарсын?

-Мырзахмедди мен жазага тарт деп, жибердим. Мени шылдыңдагансып, аны миң башылыкка койду. Ал эмне менден артыкпы?- деди буркулдай Малабек.

-Өкүмдар өзү. Койсо койгондур. Ошого да таарынасың-бы?

-Мен агасымын. Эмне, өкүмдар боло албаймынбы?-деп, негизги оюн ачык жарыя кылды.

-Боло аласын. Кудайдын буйругу. Амирлик ага насип этиптир. Сени агам деп жакшы көрөт, сыйлайт. Сенин дале даражаң өкүмдардай.

-Сыйлаганы ушулбу? Агам десе, такты-таажыны берсин!

-Так ата-бабалардан калган мурас. Аны кастарлап, урунуш милдет. Экөөң талашсаң, ордонун кусуру тийбейби?-деди ийигеби деген ой менен каныша.

-Ушул күнгө чейин талашпадым. Шахзадаңыз аны билбеди. Мени, чын агам деп сыйласа, ыйык ордодогу мураскорлукту мага ыйгарсын. Болбосо тартып алам?-деп, көптөн бери самап жүргөн максатын билдирди.

-Ордону талашып, эки бир тууган каршылашасыңарбы?-деди эне кыжалаттана.

-Каршылашпайм десе жол берсин!-деп ал энесине аркасын салды.

-Шахзат, уулум! Эмнеге мынчалыкка барасыңар? Ордо кимдин башын жебеген. Этият болгула. Эрегиштен эл кырылат. Журт бузулат. Ойлодуңарбы муну?-эне үнү дилдирей, жашык чыкты.

-Кудаяр эмнеге ойлобойт?-деп Малабек корс суроо койду.

-Бирөөң жүрөк толтом, бирөөң өпкө-боорум. Киминдин сөзүңдү сүйлөй алам? Айкөлдүк кылыш, киминдин колуңдан келет? Бийлик, бири-бириңден да кымбатпы? Ага айтсам «сенде» дейт. Сага айтсам «анда» дейсиң. Экөөң тең

элдешкиңер келбейт. Ынтымаксыздыктан ырыс качат. Эртеңиңерди ойлогула. Миңте берсеңер, бактыңар башыңардан кетет! Ага айтсам «ордону сыйласа келсин» дейт. Сага айтсам «аганы сыйласа келсин» дейсин. Деги, кимиңерге тилим өтөт?

Жаркын айым Малабекти көндүрө албады.

Ош «тынчыбаган тополоңчулардын», Кокон ордосуна каршы көтөрүлүшчүлөрдүн борбору, эч кимге көз каранды болууну каалабаган, эркиндикти сүйгөн тоолуктардын ордосу эле. Бул жерге хандык бийликке наarазы болгондор, такка умтулгандар, калкаланганга баш паанек-колдоо издегендер келип турушчу.

Кокон хандыгынын Алымбек датка баш болгон алайлык кыргыздар менен этияттана мамиле кылышы ордо төбөлдөрүн бир топ сестендирген. Ошол мезгилде алайлык кыргыздардын тынч жашоосу, ордого каршы аттанып чыкпаганынан улам, өзбектер менен тажиктердин аларга кошулташыл кыпчактардын бийлик талашуулары бир топко чейин созулду. Ири төбөлдөр биринин башын бири алышып, кутумдук күч ала берди. Абал калыбына келбегендигинен улам Алымбек датка ордого баргысы келбеди.

Акылман, ары көрөгөч Жусуптун ордодон четтетилиши, анын да көңүлүн иренжитти. Шералынын чечкинсиздигинен улам бийлик үчүн жанын саткан куйтулардын келиши, өлкөнү чоң коркунучка кабылтты. Бир тараптан орустардын басып келатышы, экинчи тараптан ички келишпестик ордону улам алсыратып баратты. Ташкент, Кожент, Чус, Оро-Дөбө, Төрө-Коргон шаарларындагы оор абал бийлик төбөлдөрүн ойлондурбады. Хандыктын жашоосу улам кыскарып баратты. Мындай шартта бул бийликтегилер менен өлкөнү башкарууга мүмкүнчүлүк болбой бараткандыгы айкындала берди. Абалды туура калчаган Алымбек датка Кашкар, Оогон, Бухара сыяктуу ээликтер менен мамилесин арттырып, негизги көңүлүн Оштогу курулуштарга, Ак Медресе аркылуу агартуу иштерине бурду. Ошону менен бирге коңшулар менен мамиле түзүп, өзүнчө ордо уюштуруп, хандык көтөрүүнү ички кыялында бышырып жүрдү.

***

Ордого, ханга болгон көптөн берки наразылыгын, оор абалга туш келген тагдырын ким туят да, ким угат? Аны кастарлап жетелеп, колтугунан сүйөй турган ким бар? Баягында атасын хан көтөрөрдө ар тараптан селдей суурулуп, агын суудай атырылып, кыян болуп жайпап тоолук кыргыздардын келишине эч бир күч туруштук бере албады эле. Ордону кыйсыпыр салган кыян ошондо бир тазалаганын билет. Андай учур кайрылып бир келээр бекен? Атаганат, келсе кана? Андайды ким уюштуруп, ким башкарат?

Шахзада Малабекти көптөн бери ойлондурган ушул суроо келип-келип Алымбек даткага такалды. «Анжиандын арстаны» аталган датка гана анын бактысындай туюлду. Хандын агасы Малабек да такты үчүн күрөшкө чыкканы, алдын ала билинип калгандыктан, жазалоодон качты. Дайым эле тоолук туугандарынын колдоосуна ээ болуп, атагы алыска кеткен Асан бий уулу Алымбекке жолугуп, жардам суроого, датка менен гана максатына жетээрине ишенген Малабек Анжиандан чыгып, Кара-Сууга келди.

Ата деп жүрөйүн. Уул кылып алыңыз?

-Муратын эмне шахзада?

-Так. Ата мурасы мага да, насип этээр? Муратым, ордону тазалап, сиздин кеңешиңиз менен иш алып баруу. Кудаярдын кылганын көрдүңүз. Бийлик-мансапка болбогон адамдарды алып келип, ордонун ашмалтайын чыгарды. Аны менен элге жаман көрүнүп отурат. Минтип башкарганы болбойт.

Сен эле болсон элди жыргатып ийээрсиң-деди датка ичинен какшыктай. «Минтип башкарганы болбойт» деген сөзүнөн улам, кантип башкараарын билмек болду..

-Сен кантип башкармаксың?

-Анын кылганын кылбайм.

Сөзүн улантып, башкаруудагы, өзүнүн толгон-токой ойлорун айтабы деп күттү. Бирок, анда мамлекетти башкаруунун айкын божомолу жок эле. Аны билген датка, кандай сөз чыгар экен деди ичинен.

-Элди кантип куралдандырып,кантип ээрчитебиз?

-Сизге башым тартуу, датка-ата? Элге туу болуп

бериңиз? Эл бир сизди, угат-деп, бек колун көкүрөгүнө ала улам-улам таазим кылды.

Көптү куралдандыра турган ой анда такыр болбогон. Датка жүр-десе эле көпчүлүк жөнөп берчүүдөй сезген бек, жан-алы калбай ага бүгүлүп турду.

Малабектин Кара-Сууга келишинен улам Ош аймагындагы эл башкарган бийлер, билармандар баш болгон эр жигиттер түгөл чакырылды. Алымбек датка Асан бий экөө (Молдо Алымкулдун атасы) кеңеш өткөрүшүп, Үч-Коргондо шахзада Малабекти хан көтөрмөк болушту. Элди тегиз карап, өлкөнү кубаттандырып, бийликти чыңдоодо элдин үмүтү акталар бекен деген ойдо болушту көпчүлүк.

Паргана өрөөнүндөгү тоолуктардын толкундоолору бир шаардан, экинчи шаарга өтүп көптөгөн аймакты өз кучагына алды, айрыкча алайлыктар, анын ичинде адигине уруусундагылар Алимбек датканын жетектөөсү менен Кудаяр ханга ачык күрөшкө чыгышты. Маргаландын жанындагы Самгардагы салгылашууда Кудаяр хандын аскери талкаланып, көтөрүлүшчүлөр Маргаланды ээлеп, андан соң Коконду камалоого киришишти.

Малабекти хан көтөрүүдө кийиздин бир бурчун Алымбек, экинчи бурчун Кыдыр, үчүнчү бурчун Сейитбек, төртүнчү бурчун Болот кармашты. Ал кабарды уккан Кудаяр хан аларды көтөрүлүшчүлөрдү ордунан жылдырбай, аёсуз талкалоого, сандаган жазалоочу колун жумшады.

Ордонун ичинде каршылыка карабай 1858-жылдын ноябрь айында Алымбек датканын жетектөөсүндөгү көтөрүлүшчүлөр Малабекти такка отургузушту. Малабек өзүнө көмөк көрсөтүшкөн кыргыз бийлерин-Алымбекти алгач Анжианга аким, кийинчээрек өзүнө баш увазир, Сейитбек датканы Кожентке аким, Молдокасымды Ноо чебине башчылыкка дайындады. Ал эми Ташкентке Алымбектин жанажан досу, Маргаландын мурунку беги ичкиликтердин кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан Өтөмбай бий акимдикке бекитилди. Алымбектин тууганы Өмүрбек аскерлерге башчы коюлду.

***

Оро-Дөбөнүн жергиликтүү калкы көбүн эле өзбек, тажиктер менен кошо ичкилик кыргыздарынан эле. Ават, Кесек, Тейит, Жөө Кесек, Канды уруулары бирге жашап, кийинки жылдар аралыгында гана башка тараптарга көчө башташкан болчу.

Ичкилик кыргыздары тууралуу бир айтымда кыргыздан Намраттын тукуму таркайт. Намраттан Субанкулу. Анын Шумат, Шермат, Пулат аттуу үч баласы болот. Шуматтан Наймат. Шерматтан Султанша, Надырша. Султаншадан Кесек, Жоокесек. Надыршадан Бостон. Ал эми Субанкулунун эң кичине баласы Пулаттан Нойгут, Кыпчак делет.

Тээ илгери, күндөрдүн бир күнүндө Кыргызбай өзүнүн экинчи агасы менен чырдаша кетет. Ага таарынып, өзүнүн бала-чакасын, калкын алып, мал-мүлкү менен күн батыш жакка сапар алат. Акырын жүрүп Теңир Тоого келет. Ал жерде жайгашып жаткан мезгилде, Кыргызбайдын элин алыстан келген жоо, чаап кетет. Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып Кыпчак, Найман, Тейит, Кесек деген төрт уулун кошуундун ортосуна коёт. Булар жоонун ортосун бузуучулар. Бул сап «ичкилик» деп аталыптыр. Кыргызбай ортодогу кошуунду урушка өзү алып кирет. Согуш өнөрүн жакшы өздөштүргөн ичкиликтер ошондон баштап эч бир жоодон жеңилген эмес экен. Ичкиликтерге жалтанбастык Кыргызбайдан мурас калган-деген аңыз айтылат.

Дүйнө чокуларын, адам жетпес аскаларын, аптаптуу өрөөндөрүн, капшаптуу капчыгайларын мекендеген ичкиликтин жоокерлери араб, акал текин, кыргыздын кара байыр күлүктөрүн минип, жоо жоолашып, доо доолашып, дыйкандары дан эгип, малчылары төрт түлүктү түгөлдөп, асмандын тиреги аталган тоолорду, аптаптуу чөл, кокту-колоттуу калтырбай жайлап, кыштап, тоо алпы топозду улоо, саан катары пайдаланат. Кайберендер аталган эчкинин жүнүн ийрип, желинин ийитип, чарба күтсө, барган жеринин таш, шагылын иргеп, жайы жайлай, жер тырмап кетменди кериле чапкан, мээнеткеч калк ичкиликтер. Түп бабасы кыргызды эч качан эстен чыгарышпайт. Белине кемер курчанбай, жоолук менен байлынашса да, башына ак калпак эмес, ала топу кийсе да,

жакжайта жакасыз тон жамынышса да, бир жерде тажикче, бир жерде өзбекче сүйлөшсө да, өзүлөрүн кыргыз, болгондо да, даана, кыргызбыз деп сыймыктанган, накта ичкиликтер. Кармаштан качпаган, кырылыштан кайтпаган, токсон кырсыктан тозбогон кыргыз атанын эр жүрөк насилдеринен эле.

Дагы бир айтымда кырк уруу кыргыздын отузунан сырткылар, онунан ичкиликтер таралган делет. Айрым санжырачылар ичкиликтерди да оң, сол канатка болушуп оң канатына: Тейит, Кесек, Жоокесек, Бостон, Оргу, Төөлөс урууларын, сол канатына: Найман, Кыпчак, Канды, Нойгут, Ават урууларын киргизишет. Төөлөс тобу кыргыз урууларынын ичинен эң байыркылардан болуп, ичкилик деген жалпы аталышта белгиленет. Кыргыздардын оң жана сол канатка бөлүнүшү менен байланышкан Аг уул (Ак уул) Куулдун (Кызыл уул) бир тууганы деп белгилешет. Кыргыздардын түпкү бабасы Долон бийдин (же Доолан бийдин) улуу уулу Кызыл уул. Анын улуу уулу Кыпчак. Кыпчактын уулу Дөөлөс.

Дөөлөстүн уулу Толуман. Толумандын тогуз уулу, бир кызы болгон экен. Ай чырайлуу, акылман кыздын даңкы көп жерге угулат. Толумандын жылкысы көп болуп дайыма үйүргө Тору айгырды койчу экен. Тору айгыр бардык жылкыларды оорулардан, айрыкча манка оорусунан сактап турган касиети болот. Тору айгырды жылкылардын ээси колдоочу (Камбар-Ата) касиети бардыгын билип, элди зордук менен басып турган Калмактын ханы күндөрдүн бир күнүндө Толуманды өзүнө чакырат:

-Кызыңды, аны менен кошо тору айгырды мага бересин! дейт.

Толуман калмак контажысынын талабын аткарууга айласыз макул болот. Себеби, ошол кезде калмактар күч алып, каалаган талаптарын аткартып турушкан. Эгер анын буйругун укпай, сөзүн эки кыла турган болсо, кыргыздар чабылып, мал-мүлктөрү талоонго алынмак. Айласыз Толуман кызын Тору айгырга миңгизип жөнөтөт.

Тору айгыр үйүрдөн кеткен соң, Толумандын жылкыларын илдет чалып, четтен өлө баштайт. Күн өткөн сайын жылкылары азая берет. Ар түрдүү айла-амалдарды жасаса да, илдетке даба табылбайт.

Тору айгырда жылкыларды колдоочу касиет бардыгын Толуман өзү да билчү.

-Жок дегенде тору айгырдын жал-куйругунун эки-үч талын алдырып келсең, жылкыларын аман калат-дешет айылдагы аксакалдар.

Эки жыл өткөн соң Толуман өзүнүн кенже уулу Чүлүм Кашканы кызынан кабар алып келүүгө жиберет. Уулу бараткanda ага эскертет.

-Карындашыңдан кабар алганча барып, Тору айгырдын көкүлүнөн билинтпей, кесип алып, кел-дейт.

Чүлүм Кашка калмактар арасындагы карындашына барып учурашып, бир топ өргүгөн соң, Тору айгырдын көкүлүнөн билинтпей кесип алып, келгенде атасына берет.

Толуман тору айгырдын көкүлүнөн кошуп, нокто өрүп желесиндеги кулундарга салат. Ошондон соң Толумандын жылкыларынын арасынан өлүм-житим токтогон экен. Калмактын ханы Толумандын уулунун келип-кеткенин, ал жөн кетпей тору айгырдын куйрук-жалынан ырымдап, алып кеткенин билип, жигиттерине

-Чүлүм-Кашканы кайдан болсун таап, мага алып келесиңер!-деп каттуу буйрук берет.

Чүлүм-Кашка калмак ханынын издеткенин билип калып, Ысык-Көлгө барып үйлөнүп-жайланып туруп калат. Төөлөстөр анын урпактары. Ошондон бери төөлөстөр кыздарына сепке ат бербей калышкан экен. Ноокат аймагындагы Төөлөс айылынын карыялары Толумандын уулдарынын эң кенжеси Чулум-Кашка болгонун азырга чейин айтышып жүрүшөт.

Мала хан илгертен бери талашка түшкөн баягы Оро-Дөбөнүн маселесин чечүүгө кам көрүп, биротоло каратып келүүгө Өмүрбек башчылык кылган кошуунду жөнөттү.

***

Эми эл-жер талаш ушуну менен чыр токтолоор бекен? деген ойго чөмүлгөн Өмүрбек баатыр колун куну тынықтырып, көбүн эсе түнү жол арбытты. Кокон аймагындагы жүрүшү аны көп эле тынчсыздандырбады. Улам жолду ката Кожент, Маргалан, Лейлек аймактарынан кол топтоп, кошуун-

дун санын көбөйттү. Элдин айтымындагы Оро-Дөбөнүн талашка түшкөн бир тарыхы анын эсинде калган эле.

Бир кезде Бухара менен Кокондун ортосундагы кыргыздар жашаган Оро-Дөбө ээлигин көптөгөн жылдар аралыгы кызыл кыргын каптайт. Бирде Бухаралыктар келип чапса, бирде Кокондуктар басып алып, талоонго алышкан. Кокондуктар менен болгон бир жолку салгылашууда ородөбөлүктөр жеңишке жетишип, көпчүлүгүн туткунга түшүрүшүп, кесилген баштардан «калда-мунар»деген дөбө тургузушкан. Кийинкисинде Эрдене өзү баштап барып, кол алдындагы кошуунун шыкап айдап жатып, жергиликтүүлөрдү аёсуз кырып, алардан чоңуурак «калда-мунар» тургузат. Өлгөн денелердин үстүндө карга-кузгундардын «тою түшөт».

Кокон ордо атала электе, андагы акимдер кыргыздар менен ыкка келип, жойпуланып, журт башчыларына белек-бечкектерин тартуулашып мамиле түзүүгө аракеттенишкен. Айрыкча түштүк кыргыздардагы кушчу уруусунун башчысы Кубат бий Эрдене бийдин тең ата «колдоочусу» катары, тарыхта «Эрдененин тиреги» катары белгиленип калган. Оро-Дөбөнүн батышындагы Бухара эмири Мухамедрахим, чыгыштагы Кокондук бек Эрдене бий, түндүктөн кушчулардын акими Кубат бийлер кепке келишишип, Оро-Дөбөнү курчоого алышмак болушат.

Паргананын батыш чегинде жайгашкан Оро-Дөбө XVIII кылымда коңушу өлкөлөрдүн эч бирине көз каранды болбой, бир топ өнүккөн эле. Аны акылман аксакал Фазыл бий башкарчу. Тегерегиндеги кубаттуу коңушулары ородөбөлүктөрдүн байлыгына сук артышып, көздөрүн кызартчуу. Оро-Дөбө коңушулардын түмөндөгөн кошуунуна туруштук бере албайт эле. Фазыл бийдин айласы кетип, алапайын таппай калат. Жан аргасы кылып күйө баласы Гысардык Мадамиңбекти жардамга чакырууга аргасыз болду. Мадамиңдин кабарын уккан бухаралык да, кокондуктар да, Кубат бий да күлүп теңине алышпайт. Күйө баланын жигиттери саналуу болуп, беркилерге эч бир туруштук бере албайт болчу. Бардыгы Оро-Дөбөнүн баары бир ойрону чыгат деген бүтүмгө келишти.

Кантсе да, сар-санаага баткан Фазыл бийден уйку качты. Башы кеңгиреп, эч бир айла таба албады. Аба-аксакалдарды чогултту. Кары-жаш дебей бардыгынын тынчы кетти. Ородөбөлүктүн бир гана ишеничи курал эле. Тагдырлары куралга гана байланган. Ошол кезде ородөбөлүктөрдүн көпчүлүгүн кыргыздар түзүп, кесек, авад уруулары көбүрөөк жашашчу. Фазыл бий жердештерине терең ишенчү. Бардыгы маңдай терлери менен жашаган, мээнеткеч, ынтымак эле. Дыйкан, малчылар чарба күтүшүп, ата-бабаларынан бери ушул жерди мекендеп келишкен. Жоо колунан өлүм таап, же туткунга түшүп кор болуу, баары үчүн өтө аянычтуу болмок.

Акылман Фазыл бий бардыгынан кеңеш сурап отуруп, Сапар устага келгенде оюна бир нерсе кылт-эте түштүбү, бир саамга аны тиктеп туруп калды. Арык чырайынан келип, азали мээнеттен колу бошобой, колуна бир ишти алмай сайын отура албаган Сапар карыяны, айылдагылардын баары жакшы билишчү. Аны тели-теңтуштары «молдо» дешсе, жаштар «уста аба» дешип сыйлашчу. Ал жаш кезинен илимге берилип, атасынын көмөгү менен Бухарадан билим алган. Жаш кезинен тамга таанып, айылдаштарынын өтүнүчү менен алардын туугандарына, же алыш-бериштерине кат чийип берчү. Беш убак намазын үзбөй, ар дайым мечитте китеп ачып, масала айтчу. Анан да колу бошой калганда, «ата кесибин» тутуп, жеңил устачылык кылчу, өнөрү артык эле.

Фазыл бий Сапар молдону өзүнүн диванканасында жеке алып калды.

-Молдоке, өзүңүз билесиз. Эл башына түн түшүп турат. Айла кетип турган чакта сизди көрүп, оюма бир нерсе түштү. Эгер көңүлгө албасаңыз, ачык сүйлөшөлү?

-Бийим, ушундай чакта ачык сүйлөшпөй, болбогон бир көңүл деп, бушайман болбой, ачык айта бериңиз.

-Сиз, мөөр түзөчү өнөрүңүздү, али да таштай элексизби?

-Кайдан бийим, көздүн кубаты жетпей калды.

Сапар молдо, Фазыл бийдин элден жалгыз алып калып, берген суроосуна таң калды. Жакын турган жоодон, элдин баары бушайман жеп, алапайын таппай турган чакта, акылман бийдин берген суроосу кандай? Же коркконунан, акылы-

нан адаштыбы?-деп, баш көтөрө бийди, абайлап караса, ал да, аны үмүттүү тиктеп турганын байкады. Кайра шашыла суроо салды.

- Бийим, ачык айтың? Сизге эле керек болсо, кайра карманабыз.

Сөзү бийге жактыбы, баятан бери түнөрүп, жылдызы жерге түшкөн бийдин бир жак ууруту «бүлк» дей түшкөндөй болду. Сабырсыздана жумшак үн менен

-Бу күнгө чейин, кайсы бийлердин мөөрүн чеккениңиз, кыялыңыздан чыга элекби?

-А, бийим, чектелүү эле бийлердин мөөрлөрүн ойгом

-Кокустан, Кубат бий мырзанын мөөрүн жасабадыңыз беле?

-Кайсы, анжиандык кушчулардын бийи, Кубат мырзабы?

Кубат бий бир эле кушчу уруусунун гана эмес, кыргыз урууларынын эркиндиги менен көз карансыздыгын, калмактар менен монгол баскынчыларынан коргоп, ал тургай кокон акимиң да сестендирген эрдиги Паргана аймагынан да алыска маалым эле. Ал эр жүрөктүүлүгү жана адилет сапаттары менен чоң кадыр-баркка ээ болгон болчу.

Фазыл бий, шарт бурула,устага жакын келе

-Ооба, Кубат мырзанын?

-Ха бийим, жасагам

Бий жандана түшүп, шыбырап, аптыга сурады.

-Ошонун…Ошонун үлгүсү…табылабы?

-Таң бийим. Болсо, бир жерде жаткандыр.

-Дүкөнүңүздү карап көрбөйсүзбү?

-Ишти колго албай, таштап койдум эле.

-Бүгүн колго алыңыз?

-А мындай чакта..? Көңүл чаппас бекен?

-Өтө зарык. Бүт дитиңиз менен колго алыңыз.

-Бийим?...

-Экөөбүздүн гана эмес, элдин тагдыры ушуга баглык. Бир кудайдан башка билбесин. Өтө жашыруун.

Элдин тагдыры» деген сөздү уккан уста, алактай түштү. Өтө маанилүү иш экенин ойлоп

-Качанга даяр болушу керек?-деди шашкалактаган Сапар уста

-Намазыңыз калса да… сөздүн аягын укпай желегинин этектерин делдектете, молдо үйүнө карай чуркап жөнөдү. Мындай чакта, кимдин ким менен иши бар. Чуркагандан күйүккөн Сапар уста үстү-башын алмаштырбай дүкөнүнө түз кирип, буюмдарынын чаңына карабай зарык буюмун шашкалактай издеп, тапканга чейин тынбады. Элинин тагдыры ошол мөөр менен чечилишин ойлогондон улам шашкалактады.

***

Түн. Асмандагы жылдыздан да, ар жердеги жалбырттаган оттор көп. Оро-Дөбөнүн батышында Бухара кошууну, чыгышында кокондуктардын кошууну, түндүгүнө Кубат бий жетектеген кошуун таң эртең менен ородөбөлүктөргө кол салмак. Ал үчүн бардык жайда күзөтчүлөр астейдил турушат. Ар биринин оюнда – «Эмне балакет болуп кетет?» деген кооптону бар.

Түнкү караңгылыкта, эч бир жандын көзүнө чалдыкпас үчүн оңуп бараткан кош караан кармалды. Аларды от боюндагы, жарыкка алып келип карашканда, коюндарында мөөр басылган кат табылды. Чоочун адамдардын колу-буттары байланып, кат заматта миң башыга жеткирилди. Саймаланган катта бир нече сөз жазылып, мөөр басылыптыр.

-Бул эмнеси? Биз кимге ишенип, биримдик түздүк? Жүзү кара чыккынчы! Кудай гана жазаңды берсин! Алдап алып келип, биздин кошуунду талкалашмак экен да? Ант урган буларга, ишенүүгө болбойт деп, Бухара эмири, аскер башчыларынын ортосунда кыйкырып жатты.

-Эмирдин, бул кылыгын кечирбейм. Миң тукуму, эч убакта жалган ишке барбайт. Келе, куранды! Мен өзүмдүн актыгым үчүн ант берип, куран кармайм!-деп Эрдене эмирдин бүтүмүнө ачуусу келип, колу-башы калтырап, кыйкырып жатты.

-Акмак, чөлдүн чөө бөрүлөрү! Ак карлуу тоонун арыстаны мындай пастыкка барбастыгын түшүнүшпөйбү? Кана кыраандар! Булардын сасык чөлүндө жем аңдыган жырткыч баштанбай, салкын тоолорубузга жол тартабыз. Бул экөө, жалган

катты, бири-бирине колко кылып, тытышып жата беришсин!-деген Кубат бийдин бүтүмүн эч бир жан жандыра албайт эле.

Бул үчөөнүн жүрөгүнө ийне сайгандай, жандарын ачыткан баягы түнү онуп баратып, «колго түшкөн» чабаганчылардын каты болду. Анда Кубат бийдин «Эрдене бий, ородөбөлүктөрдүн шайма-шай даярдыгынан пайдаланып, Мухамбетрахимдин колун талкалап, экинчи баш көтөргүс кылалы. Катка тез арада жооп бериңиз?»-деген Фазыл бийдин жазган каты Бухара эмири Мухамбетрахимдин колуна түшөт. Ал чыккынчылыгы үчүн Эрденени айыптап, чабанчысын жөнөтөт.

Фазыл бийдин өзүнүн атынан жалган кат жазып, Бухара Эмири менен Кокон бийин чырдаштырышы Кубат бийге жетип, ал шамалдай сапырылган, шамдагай жигиттерин ээрчитип, майдандан чыгып кетет. Акыл менен жасаган Фазыл бийдин амалы Ородөбөлүктөрдү кыргындан аман алып калат.

Жогорудагы уруулардан таркаган топтордун өкүлдөрү Оро-Дөбөдө көптөн бери жашап келишкен. Оро-Дөбө калкы бирде Бухара эмирлигине, бирде Кокон хандыгына алык-салык төлөп, аябай эле жакырданган эле. Ал тургай калк ичиндеги карапайым үй-бүлөлөр байларга көз каранды болуп, Мадали хандын мезгилинде оро-дөбөлүк он бир кыргыз үй бүлөсү кул катары Торохан наибке жери менен кошо тартууга берилиши эле, жергиликтүүлөрдүн теңсиздигин айгинелеген.

Бухара эмири менен Кокон хандыгынын көп жылдар бою, тынбаган араздашуусу карапайым элдин, айрыкча дыйкандардын көңүлүнө көк таштай тийген. Салгылашкан эки тараптан улам эгин талаалар, мал-мүлк таланган. Анан калса, карапайым элге ким башкарса да баари бир болчу. Тек гана талап-тоногон согуш болбосо, алар тиричилигин тынч өткөрмөк. Бухардын эмири Насырулло жылдар аралыгында түмөндөгөн колу менен Коконго аттанганда да, кайтканда да, оро-дөбөлүктөр аябагандай жабыр тартты. Кайра-кайра салык, журтчулук, кошуунга, от, жол чыгым чогултулуп эл жадап бүткөн эле.

Оро-Дөбө чебине жетээр алдын, жансыздар аркылуу

жаңы маалыматтарды алып турду. Бухаралыктар жакында эле Анжиан-Маргалан аралыгындагы кыргыз, кыпчактардын көтөрүлүшүнөн Чимкентин үстүндөгү Кара-Тоо казактарынын толкундоолорунан улам, Кокон хандыгы алар менен алек болуп, алапайын таппай калды дешкенби бейгам эле. Чоң-Ордонун казактарынын Кокондун эзүүсүнө каршы көтөрүлүшүнө Ташкент акимбеги Мырзакматтын зомбулугу себеп болгон. Анын зекетчилери Меркедеги казактардан таш боордук менен тоноп, калктын мүлкүн зордоп тартып алышкан эле. Чымкенттеги коңурат уруусунун казактары алгачкылардан болуп аларды кубаттап чыгышкан.

Ал эми Талас, Чүй кыргыздары зекет төлөөдөн баш тартышып, зекетчилердин өздөрүн сабап, айрымдарын өлтүрүп да коюшкан. Ошондон улам кыргыздар казактарга кошулуп Олуя-Атаны курчап алгандыгынан улам Кокон хандыгынын аскерлери ошол тарапка жиберилерин болжошкон бухаралыктар, кокондуктардын капилеттен кирип келишинен кабарсыз болчу.

Өмүрбек баатырга Кожент, Лейлек аймагындагы жергиликтүү калктан топтолгон аскерлер кол кабышы кылды. Алар Оро-Дөбөлүк туугандары менен байланышып, мерчемдүү жерлерге ишенимдүү адамдарды жайгаштырышты. Эмирдин зекетчилеринен запкы тарткан жигиттер чепти алууга жандилдери менен жардамдарын беришти. Кара күүгүм аралаш, шаарга кирген Кокон колу, заматта көчөмө көчөгө тарап, чепти шакектей ороп алышты. Шаардын көчөлөр тар, үйлөр бири-бирине жакын болгондуктан атчан жүрүү кыйын эле. Улоолорун коопсуз жерге жайгаштырган кыргыз колу, жеңилдене кийинишип, түн ортосунда чепке чабуул коюшту.

Алдын ала жергиликтүүлөрдүн жардамы менен чептин ичине чейин жеткен жигиттер, белгиленген убакта чептин төрт тарабындагы каалагаларын ачууга үлгүрүштү. От чачкан мылтык үнү карчылдаша кагышкан кылыч бирин бири сүрөгөн үндөрдөн улам, чептин ичинде тополоң башталып, уйкуга эми кирген чептеги аскерлер баш-аламанга түшүштү. Заматта өрт чыгып, чеп алоолоно күйүп жатты. Эчен жылдан бери күн табы өтүп, какшыган чептин түркүк-торсундары чатырап атылып, ички тополоңго кошул ташыл болуп, заматта чокко

айланды. Эчен согуштун запкысын тартып чочуп калган ородөбөлүктөр короолорун бекитишип, сыртка чыгышкан жок.

Өмүрбектин колу чепти алары менен Алымбектин каты анын колуна тийди.

-«Жеңишиң кут болсун! Болорман бектерден башчы көрсөтүп, колуңдун жарымын калтыр. Коконго кайт. Жортуул күтүүдө»-деген датканын мөөрү басылган кабарды алган Өмүрбек ат моюндап жүрүп, түз эле Коконго келди.

-Өмүрбек баатыр ар дайым ордонун ак кызматын кылып келди. Бул жолку жортуулунда, Оро-Дөбөнү Бухара и Шариптин сан колунан тартып алышы, өзгөчө эрдик экендиги баарыбызга маалым. Оро-Дөбө аймагындагы өз туугандарыбыз бухара хандыгынын казабынан куткарылып, азаттык алды деди Мала хан диванканна толо бийлердин алдында.

-Ордодо, ага чоң салтанат менен даража ыйгаралы. Баатыр ага татыктуу деп, ардактап желек жаап, ордо билермандарынын арасында «даткалык» наамды шейхул исламдын макулдугу менен ыйгарылгандыгы элан кылынды.

***

-Даткам, Алымбек датка ордого качан, келди?-деди Токтогул.

-Аны менен кандайча байланышып калдыңыз?-деди экөөнүн маегине кулагын төшөп келе жаткан туткундардын бирөөсү.

-Бул суроо да жөндүү. Мен Шераали хан бийлике келгенден баштап, Алымбек датка менен бирге барып ордо ишине арлаштым. Мала хан такка отурганда аскер башчылыкка дайындалдым.

Алымбек даткалык даражага отуз эки жаш курагында ээ болду. Анын таасири Анжиан, Аксы аймактарынан артып, алыскы Арка туугандарына дайын боло баштаган мезгилде Кокон хандыгы күч алып, Чыгыш Түркстандан Арал деңизине чейин жетип, тактыдан Алим хан кетип, Мадали хан отурган учурга туш келди. Ал ордого кыргыздын таасирдүү уруу башчыларын, бийлик даражаларына жетүүсүн колдогон. Мадали хандын тушунда өздөрү жашаган аймактагы элди башкарып турган аксылык Жусуп миң башчылык орунду

ээлеп, кесектерден Сейитбек, төөлөстөрдөн Болот, аваттардан Сатыбалды, Таластан Ажыбек баштаган кыргыздардын чыгаан уулдарына даткалык даражалар ыйгарылган.

Датка Арка кыргыздарынын таасирдүү башчыларын ордого чакырып, аларды ордо иштерине аралаштыра баштады. Анжиан, Аксы, Алай, Арка кыргыздарын бирибирине жакындаштырып, Шабданды ордого алып келди. Атактуу акын Арстанбек Буйлаш уулу Анжианга келип, тандамал акындар менен таанышына өбөлгө түзүлдү. Паргана өрөөнүндөгү кургак жерлер өздөштүрүлүп «Хан арык» (Чоң Паргана каналы) курулушу башталды. Датка баш увазирлик укуктарды пайдалануу менен кийинчээрек Маргалан, Анжиан вилатеринин акимдигине, көп жер-суу байлыктарга ээ болду. Ал байлыктарынын бардыгына мамлекеттик салыктан куткарган-афдахнама берилди.

Алымбектин байлыгынын түптөлүшүнө атасы Асан бийден калган эбегейсиз мүлк, уютку болду. Асан бий кезинде тогуз жолдун тоому болгон Ош-Алай аймагы аркылуу өткөн кербендердин, эң бир ишеничтүү адамы болгон. Алыскы Индия, Кашкар, Пакистан, Стамбул, Бухара, Хива өлкөлөрүндөгү соодагерлер жакшы таанышчу. Аны менен алака кылышып, дүңүнөн алмашып турушчу. Алайдын салкын төрүндө кенен жайылган төрт түлүктөн алынган азык-оокат, килем, кийиз, тери, жүн, эт-май, алыска алынып кетчү. Алайдын жылкылары кай жерде болбосун өзгөчө бааланчу.

Алай аймагы аталган Ноокат, Өзгөн, Кара-Кулжа, Кара-Суу тегерегиндеги кыргыздар Ошту Паркана өрөөнүндөгү өздөрүнүн ордосу катары эсептешкен. Бул жайда, алардын көпчүлүгүнүн үйлөрү, соода-сатык дүкөндөрү, дыйканчылык жерлери болуп, медресе-мечит курдурушкан.

Алымбек Ош шаарынын дал ортосуна бүт Паргана өрөөнүндө теңдешсиз, ал тургай Кокон хандыгынын хан сарай, баш медресенин имаратынан да кооз-Ак медресесин курдуруп, жергиликтүү калктардын балдарын окуткан. Имарат өзгөчө бышырылган кирпич-кыштан кынатылып конок каналар да, дарсканалар да, өжүрөлөрдө мударистер жана талабалар жашап, окушкан. Ичинде төрт күмбөздүк курулуштары, отузга жакын өжүрөсү, мечити, намазкана айбандары

болгон. Жума намаздары, айт намаздарында бир нече миң зыраятчылар намаз окууга келип-турушкан. Төрт бурчунда төрт мунарасы болуп, азан айтылган мударистикке окумуштулугу менен чыгыш өлкөлөрүнө белгилүү аалым Хаджи-Мухамадди чакырган.

Имарат тоонун этегинде Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде салынган. Шаардын ичинде Анжиан, Шархан, Кара-Суу аймактарында эки жүзгө жакын дүкөндөрү иштеп турган. Шаардын өнүгүшүнө өзгөчө кам көрүп, дарыядан ары-бери өткөндөр үчүн ондон ашык көпүрө салдырган. Шаардын оң-сол тарабындагы элдер үчүн жана бош жаткан талааларды суу менен камсыз кылуу үчүн бир нече зор арык (каналдарды) каздырып суу чыгарткан. Аларга көптөгөн тегирмен, ак жубаз, май жубаздарды курдуруп, пахта, жүн, жибек, тери иштетүүчү ишканаларды салдырган.

Илгертен бери «Жибек жолу» аталган, соода жолунун бир түйүнү болуп, чыгыштан-батышка, батыштан-чыгышка бет алган соодагерлердин, меймандардын жолу болгондуктан, шаарга кербен сарайларды мейманканаларды, чайканаларды, навайканаларды курдуруп,иш башкаруучу адамдарды бекитип, аларга көрсөтмө берип турган.

Өзү да жаш кезинде Бухара, Стамбулдан окуп, илим-билимдүү болгондуктан элдин балдарын окутуп, сабатын ачуу маселесине көп көңүл бурат. Ар жылы медреседен 100-120дан кем эмес окуучу окушуп, жатакана, тамак аш, кийим-кече менен бекер камсыз болушкан. Ошондой эле медреседе кызмат кылган ондогон кызматчылар: короолорду шыпырып-тазалагычтар, ашпоз, чач-тарач, жыгач уста, өтүкчүлөргө маяналар берилип турган. Зор байлыктарын соопчулук жана диний-вакифке (фондуга) өткөргөндүктөн, өкмөттүк алык-салыктан бошотулган.

Бул медреседен окуп чыккандар, билимдерин өркүндөтүү үчүн Бухара, Самарканд, Ташкент, Кокон, Стамбул, Кашкар ж.б. жактарга барып, илим үйрөнүп, эл арасында диний, маданий агартуу иштерин жүргүзүшкөн.

Көчмөндөрдүн келечегине кам көрүп, түпкү ата-бабалары мекенден келген Ошто жашоонун жаны нугуна карай, соода-сатык, курулуш иштерине маани берип, эски сугат арыктарын

тазалаттырып, кайрадан каздырып, дыйканчылык менен кесиптөөсүн колдойт. Адигине уурусунан таркаган топтордун атынан «Баргы арык», «Тооке арык», «Сабай арык», «Жоош арык», «Бакал арык» өңдүү аталыштар, ага чейин эле элге белгилүү эле.

Мадали хандын тушунда Алымбек датка Кокон хандыгынын аймагында гана эмес, Чыгыш Түркстандагы окуяларга да аралашып, кийин Ош-Кара-Суу аралыгында Кашкар-Кыштактын түптөлүшүнүн тарыхында калды.

Жергиликтүү кыргыздар Жаңы Гисар, Кашкар аймактарындагы кароолдорго жортуул уюштурушса аларды Адигине уруусундагылар колдоп турушту. Кашкардагы «жети кожонун козголоңунда» алардын башчысы Катта төрөнүн кайрылуусу менен Алымбек датка кожонун армиясына кол башчылык кылып, Кашкарды коргоого алды. Кытайлар кошумча күчтөр менен келип көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз басты.

Карапайым уйгур, кыргыздар миңдеп кыргын табышты. Алымбекти ээрчиген Кожо төрө Алайга келип, баш калкалады. Алардын аркасынан качкындар жан соогалап, үй-отондорун ташташып, жер которууга аргасыз болушту. Кытай аскерлери аларды куугунтукка алып, Эркеч-Тамга чейин келишти. Жазалоодон аман калган ач, жылаңач качкындар кыштын күнү Терек-Даван ашуусунда бороон-чапкында буюгушуп, көптөгөн балдар, аялдар, карыялар тоңуп өлүштү. Тирүү калган жыйырма миңден ашык үй –жайсыз качкындар Алайдын Сопу-Коргон, Гүлчө аймактарындагы кыргыздарга байыр алышты. Көпчүлүгү Оштун жанындагы кыштакка жайгаштырылды. Ал жер качкындардын атынан Кашкар-Кыштак аталып калды.

Ач-жылаңач качкындарга Алимбек датка элди уюштуруп, баш калка кылганга эки миң беш жүздөн ашык боз үй, миң жети жүздөн ашык алачык топтотуп, союшуна, саап ичкенге кой-эчки, мал бердирди. Ун, талкан тарттыртып, топ-топко тамак уюштурду. Өзүнүн вакыфтагы жер үлүшүнөн аларга бөлүштүрдү. Ошондон улам Кашкар-Кыштакта жайгашкан качкындар күрүч, таруу, конок, дан эгиндерин эгишип, күрүч актаган шалы, май жуваздарды курушту, Ак-Буура дарыясынан атайлап арык-каналдарды чыгарышып, Алымбек

датканын вакыфдагы жерлерин иштетип, жан багышты. Көпчүлүгү кийинчерээк, датканын аскерлеринин тобунда да кызмат кылышты.

***

Хандыктын баш аламан турмушуна аралашкан. Жаш датка Кокондон үйүнө келе жатып, Гүлбаар тааласында күздөөдө отурган Маматбайдын үйүнө бешим намазын окууга түшүп калды. Бай чабылып-чачылып меймандарды сыйлоого кам көрүүгө кызматчыларын тындырбады. Датка намазын окуп бүткөнгө чейин, кысыр эмди тай союлуп, кемегедеги от күйүп калган эле. Ырыскы улук, аны таштап кетүүгө, эч кимдин акысы жок. Аны жакшы билген бай, чакыртып да келтире албас, конокту көңүлдөгүдөй сыйлоого аракеттенип, дасторконду кенен жайдырып, дүйүм даамды толтурттуу. Кеч күздүн кымызынан сундуруп, алты канат үйүнүн ак төрүндө, төшөктү кенен салдырып, пар жаздыкка кынтайган кадырлуу мейманы менен ал жай сурашты.

Келгенден бери, кылак эте бир көрүнүп, дасторкон жайып, кымыз сунган кыздын бой-келбети, ар мүчөсү төп келген, сымбаты жаш датканын көңүлүн өзүнө тартып, заматта имерип алды. Майдалап өрүлгөн чачтары мүрүсүн жаап, үкүсү сеңселген топусу өңүнө жарашып, кыз экенин айгинелеп тургансыйт. Үй ээсинин көзүнчө кыз бала менен алек болуп, анын ал-жайын суроо, кадырлуу конокко, туура келбей турган жорук. Анын үстүнө кошо отургандардын көбү айыл аксакалдары, бийлер эле. Кыз да төрдө отурган жигитке, бая эшиктен баш бага бергенде бир карап, жумшак эриндерин бүлкүлдөтө салам айткандай болгон. Андан бери кош колдоп кымыз сунуп жатып, көз кырын сала, жер караган кызга, баскан кадамы элпек, эч дабыш билинбей, бардык иши өзүнө төп келип, жарашып турат.

Отургандардын маек-субкаты баарына көңүлдүүдөй сезилди. Бир кезде эт бышканы эскертилип, колго суу куюлду. Койдун ак серке болгон шорбосу келтирилип, алакандай болуп, жалтыраган таза-таш табактарда устукандар узатылды. Ар бир идиш колуна тийген сайын датка, анын кыз колунан алгандай, анын жүзү бет маңдайында тургандай

сезиле берди. Кийин тайдын эти желип, отургандар конок чыгыш кылышты. Куптан намаздын дааратына суу алып чыккан кыз, чайдосту узатып жатып, датканын жүзүнө таңыркай тиктеди. Экөөнүн көздөрү пар келе түштү. Анын өңүндө

-Жаш эле туруп, датка аталган, кандай пенде болду экен?деген таңыркоо бар эле.

-Баралына келген кыздын кайыны кандай жигит болду экен? деген датканын кызыгуусу көңүлдөттүрдү.

Таң эртеңки, нанүштөдөн кийин, датка атынын башын бурарда, байдын үйүндө бир буюму калгандай, кылчая берди. Кыз боз үйдүн түрүлгөн эшигинен шыкаалап, узата тиктеп турганын көргөн датканын жүрөгү тыз эте түштү.

***

Муңгуштан: Жоош, Төлөйкөн, Жагалмай, Жапалак Коштамга тарайт. Жапалактын уулу Ороке. Андан Акбай, Акбайдан Темиркул, Назаркул, Боогачы. Темиркулдан Маматбай, Чопо, Зулпу. Маматбайдан Курманжан, Таштанбек. Таштанбектен Сатыбалды. Назаркулдан Исмадияр. Исмадияр-дан Кожобай

Маматбай бирөөгө кара санабаган, сабырдуу, колу ачык малдуу болуп, өзүнүн туугандары менен жаз башталгандан тартып Алайга көчүп, жайын атактуу Көк-Суу, Кызыл-Суу жайлоолорунда өткөрөт. Ал көп бала көрдү. Кармаганы Курманжан менен Таштанбек. Экөөнүн тең ысмын ырымдап койгон. Курманжан 1811-жылы Ороке айылында төрөлдү. Аты чуулу Курманжандын таржымалы Алай-Кашкар аймагындагылар арасында өнөр эмес, уу-дуу кеп болду. Анын жөнү да бар эле.

Чарбадарлар жайлоолоп кетсе, дыйканчылыкты өнөр туткандар кыштоодо, эгин карашат. Жооштордун Төрөкул баш болгон байлары да Көк-Суу, Кызыл-Суунун кең жайлоосунда үлүш ичишип, ширене жешип, муңгуштар менен кошо жайлашат. Алай жайлоосунун касиети башка эмеспи. Эптеп ал жерге жеткен, же көтөрүм болгон мал он күнгө жетпей эт алып, ээсине жеткирбей, тескери басып калат. Алайдын нак гөдөө, бетегесин эркин жеген мал, тез семиргендиктен жергилик-түүлөр «жайлоонун оту жемден

артык»-дешет. Ал тургай күзгө барганда, койлордун куйруктары жарылып, майы тамчылап калат. Ошондон улам Ош-Кара-Суу аймагындагы чарбадарлар Алайга эртерээк жетүүгө шашышат. Жайлоо кең, оту мол болгондуктан, мал да, кароодон алыс кетпей, «башкаларга кошулду», «жоголуп кетти» деп издеген, түйшүк жок. Мал ээлери жайы жайлата бекер. Бири-бирин чакырышып, мейманчылык менен гана алек.

Жердин шартын билгенге Алай жайлоосу өтө ыңгайлуу. Дал ошол Кара-Киндик, Киндик-Ата аталган, учу-кыйыры кең аймактын даңкы даалайга кеткен. Жердин борбору аталып, алыскы айчылык жолдон атайлап келгендер да арбын болот. Үй-бүлө, тууган-уруктары менен келишип, ыйык жер дешип, топурагын көзгө сүртүшүп, түйүндөргө түйүшүп, сыйынып кетишет. Ал жерге баргандар күз келгенге чейин кеткиси келбейт. Ал эми мал болсо, жылкысы шыйпануудан зеригип жумшак гөдөө үстүндө жатса, жандыктары турууга моюндары жар бербей, анда-санда кепшеп коюп, үргүлөшүп, бир орундан жылышпайт.

Жай башталгандан баштап, аркы тарабы Кашкардан, бул тарабы Оштон, соодагерлер өздөрү тапкан-ташыгандарын жүктөй келишип, малга айрыбаштап, же пулуна сатып алып, тоолуктарды убара кылышпайт. Алайдын кең жайлоосунда жылда коңшу отурушуп, кими мурун келсе, кийинкисин өрлүктөшүп, үлүш-тамашасы да бир. Төрөкул бий менен Маматбай ынтымактарын андан да арттырып, кудай кошкон кудаа болмокко кеп алышты. Төрөкул бий боло жүргөн элдик каада менен тестиер болгон Кулсейит уулуна, болочокто жубай кылып алып берүүгө Маматбайдын секелек кызы Курманжанга сөйкө салдырды. Атасы күндө конок күткөндүктөн Төрөкул бийдин тобу эмнеге келип-кеткенин этибарына албаган Курманжан ага көп дале маани берген жок.

Маматбай сурап-тилеп алган Курманжаны Таштанбегинин көңүлү менен болуп, аларды эрке өстүрдү. Курманжан жайлоодо өзү теңдүү балдар менен жарыша чуркап, азоо тайларды үйрөтүп, кээде тай жарышка кошула калып, мөөрөй талашып, жаштайынан эле намысты бек кармады. Зирек кыз кээде аңгеме курушуп, комуз чертишип, ыр айтышкан,

санжыра талашышып, өз ойлорун бербеген аксакалдардын жанына барып, атасынын тизесин таяна кулак түрчү. Жүн тытып, сабоо сабап, кийиз кылып, шырдак шырыган байбичелердин жомокторуна, ырларына күбө болчу.

Эчен жолу келин-кыздар менен чий жулушуп, төбөлөрүнө көтөрүп барып, боелгон жүндөр менен түрлүү түмөн көчөт гүлдөр салды. Жайдын бышкан тушунда ааламдын чокусу аталган Алай тоолоруна чачылышып, жылдыздар менен кошулуп, «ак чөлмөк», кыз оюндарында табигат менен сырдашты. Тоолук мүнөзү калыптанып, куулук-шумдугу жок, өз оюн тайманбай бетке айтып үйрөндү. Таза аба, таттуу балалыкта, табигаттын сулуулугу менен кошо өскөн, ден соолугу чың, чапсаң мүнөзү калыптанган. Курманжан бой тартып жетиле берди.

***

Төрөкул байдын эшигине баргандан баштап, Курманжандын көңүлү чөктү. Керээлден кечке, эл менен аралашып жүргөнү менен кечинде күйөөсүнүн жанына жатпады. Бул жерден кеткиси келет. Кайда барат? Эчен толгонду. «Чыккан кыз, чийден тышкары» демекчи, өзүнүн тагдырын өзү чечиши керек. «Таш түшкөн жеринде оор» деп, отуруп калууга көөнү чыдабады. Бу жерде, баары бир, бактылуу боло албайт.

-Эрсиз өтсөм да мейли. Туулган жериме жетейин-дейт.

Катуу-Багыт оңор жол эмес. Атчан жүргөнгө алты күн жетпейт. Анын үстүнө жолдун узактыгынан да, ээн талаа аябай эле коркунучтуу. Адам жашабаган кокту-колот. Сумсайган сур тоолор. Агыны ташкан, жар кемирип, таш агызган кечүүсү жок дарыя. Чөө бөрүлөрү ызылдаган ээн сай. Миң толгонуп, бир бүтүмгө келди. «Бар тобокел» деп, күн кыңкая бергенде, мал караган болуп, айыл четине чыга берип, мурда келген жолуна түштү. Жолдо келе жатып, үстүнө кийим, жолуна азык албаганына карды ачып, ичи тызылдаганда, денеси үшүп, титирегенде гана кем-карчы оюна түштү. Кайрылбады. Жол арбытып, кыбырай берди.

-Бир күн өткүчөктү, эч ким эстеп да койбойт. Экинчи күнү издешип, суроо салышат. Анан куугун башталат-деп божомолдоду.

Айтканындай эле экинчи күн өткөндө, улам артына кылчая карап келе жаткан кыздын көзүнө атчан куугунчулардын карааны илеше калды. Жолдон алыстап барып, аңгелге түшүп, күбүргө жашынды. Бир топтон соң аттардын күтүрөгөн туяктарынын, басканы угулуп, куугунчулардын ызырына сөгүнгөнү асканы жаңыртты.

-Качып, эч жакка кете албайт. Таманын тилип, туз саламын.

-Кысталактын тылагына, казык кагыш керек.

-«Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык» экенин билбейт окшойт.

Эр чанганды ага ким коюптур. Асмандан түшкөн энеңди…

Өтүп бараткан куугунчулардын кобурун угуп жатып, чарчап-чалыгуудан улам, уктап калыптыр. Ойгонсо күүгүм кирип калган. Жолго чыкса баары бир, куугунчулар кайтканда, капылеттен бетме-бет чыгышы мүмкүн. Биротоло түн киргенде жолго чыгууну чечти. Түнү менен жол жүрүп, ар бир караандан чочуп, бекинип, таң агарганда, терең жарга жашынды. Кезерип кечке жатып, эптеп күндү кечирип, күүгүм талаш, кайра жолго чыкты. Ал жерден азыраак узай бергенде, маңдайдагы дөбөдөн, кылак эткен иттин карааны көрүндү. Жакынкы жерде, жайлоо барбы деген ой менен, басар-басмак болуп туруп калса, иттердин караандары көбүрөөктөй сезилди. Ошондо гана үйүрлүү карышкыр экенин туюп, денеси дүркүрөдү. Айлана-тегерегин караса, бир тарабы чамынып аккан дарыянын доошу. Экинчи тарабында карышкырлардын үйүрү. Эмне кылуу керек? Аркасына кайтууга болбойт. Бир гана арга жол арбытуу керек. Улам түн коюланган сайын, карышкырлардын карааны жакындап келет.

-Өлөт деген ушул турбайбы. Карышкырга таланат экенмиң-деп кадамын ылдамдаткан сайын, алар аны ээрчип артынан калбайт. Карды ачканынан дарманы куруп, кадам таштоого кубаты келбей калды. Айласы кетип, эптеп бир калка болоор жай издейт. Капылеттен көзүнө, дүңкүйгөн үйдөй таш көрүндү. Ага жетүүнүн аракети менен тызылдап, чуркап жөнөдү. Топ карышкыр да илеше кууп келет. Бир

маалда өлө-тала ташка жетип барса, ал дубалы көтөрүлгөн көп мүрзөнүн ортосундагы эски кабыр экен. Эптеп, үстүнө чыкты. Карышкырлар аны куткарбастын аракетинде, улам түн коюланган сайын, жакындап келишет. Аларга жем кылаарга эч нерсе жок. Күн да бүркөлүп туман түштү. Карышкырлар кабышып, күмбөздү тегерене жортуп жүрүштү. Бир мезгилде катуу шамал болуп, ызылдаган бороон карга айланды. Кыз титиреп, үшүп эч бир айла таба албай, моло таштай отура берди. Чарчагандан уйкусу келет. Бирок, корку-нуч аны уктатпады. Бир жактан үшүп, өзүн-өзү кымтууга алы калбай калды.

Бир мезгилде кар басылып, ызгардуу шамал жүрүп, булуттар сүрүлдү. Асмандан жылдыздар чыгып, алардын шооласы менен өзүн аңдыган карышкырлардын карааны айкын көрүндү. Жети-сегиздей бар. Улам тап берише, кызды көздөй секире башташты. Эң чоңу эне карышкырбы, аларды тыя, азууларын көрсөтүп ыркырап коёт. Чыгыштан ак шоола чыгып таң агара баштады. Карышкырлар түңүлгөндөй кайда-дыр кете башташты. Алардын карааны көрүнбөй калаары менен кыз төмөн түшүп дарыяны жээктей, кечүү издеп жөнөдү.

Канчалык өйдө-ылдый басса да, дарыянын жайык жери билинбейт. Улам жээкти кемирип, ары туйлап, бери туйлап аккан дарыянын шуулдаган үнүнө, анын ичиндеги таштардын кагыша күлдүрөгөнү кошул-ташыл. Таң агарып, жер жарыган сайын кыздын чый-пыйы чыга, жан алакетке түшөт. Эптеп, аркы өйүзгө өтсө эле, куугундан кутулуп, аман калчуудай туюлат. Бир жерге келип, өзүн тобокелге салып, чамынган дарыяга боюн таштады. Аны көпөлөктөй агызган дарыя, төмөн көздөй алып жөнөдү. Оозуна суу кирип, көзүнө эч нерсе көрүнбөйт. Жада калса кулагына чамынган дарыянын доошу да угулбайт. Үшүгөн денеси андан бетер калчылдап, улам тумчугуп баратты. Дем алуунун аракети менен аптыга, оозун ачса суу толуп, чакап жатты. Башын силке көтөрө бергенде, өзүн жеңил сезди, көзүнө жээк көрүнө түштү.

-Аман экемиң. Өлбөптүрмүн. Куугундан кутулат окшойм-деген үмүт пайда болуп, башын көтөрө берип караса, көзүнө эч нерсе көрүнбөй калды. Башы жээкте, аягын суу чайпаган

дене сулк жатты. Бир маалда жаны бардай кыймылдап, башын көтөрө бергенде көңүлү айланып, окшуй кетти. Карандай суу, оозунан шар-шар акты. Дагы да окшуду. Оозу-мурдуна суу кирип, кайра эсинен тана сулк жыгылды. Калтыраган денеси, аны эсине келтирди окшойт. Башын көтөрүп, туруштун аракетинде болду. Үстүндөгү кийиминен сарыккан суу шорголоп, жука көйнөгү денесине жабышып калыптыр. Түнкү жааган кардын суугунан улам, суу көйнөгү заматта тоңуп, шагалаң музга айланды. Ага көңүл бурбаган кыз, титиреген денесин токтото албай, буттары чалыштаганына карабай, жээктен арылап кетүүнүн аракетинде, сүйрөлө жыгылып туруп илгерилей берди.

Улам суу болгон бутары карга сыйгаланып, кадамы арбыбады. Шайы кетип, тунарган көзү менен маңдай жагын караса, оттоп жүргөн жылкылар көрүндү. Анын караанын байкашкан карт бээлер кулактарын тикчийите кошкура, үркүшүп кайра адам экенин таанышканбы, кар көмгөн жумшак тулаңды курч тиштери менен аймап, күртүлдөтө оттоп киришти. Мал менен өсүп чоңойгон, чарбадардын кызынын оюнда, эптеп оттоп жаткан бээлерге жетип, дайыма саалып жүрүп жоош бирөөсүн кармап, соорусунан кучактап, анын жылуу денесинен өзүнө жылуулук алуу эле. Улам бээлерге жакындап баратып, алыстан жылкычынын келаткан караанын байкап, сүйүнүп кетти. Өзүн токтотууга кубаты жетпей, бир чети ачкалыктан, бир чети үшүгөндүктөн, катуу чарчагандыктан бүткөн бою шалдырап, жыгылганы араң турду.

Айтылуу Алайдын Көк-Суу өрөөнү тогуз жолдун тоому катары, көптөгөн окуяларды, өзүнө камтыйт. Тээ байыртан ушул кезге чейинки каттамда кимдер гана келип, токтоп өтпөгөн. Бирок, кийинки муундардын эсинде калып, оозмо-ооз эл арасында айтыла жүргөн «Курманжан дөбө» аттуу аталыш, жөн жеринен айтылып калбагандай.

Күз маалы келип, эл жайлоодон эңкүүлөй баштаган. Эл конгон кокту-колот ээнсирип, адамдардын карааны азайган сайын, жырткычтар улам төмөндөп, анча-мынча короолорго уурдана келип, тие качып, көз жазгырат Байкулу Курбуга журт жаңыртып, Шар-Суунун этегиндеги Бурган-Арыктын маңдайындагы тик дөбөгө конгон. Айлана-тегереги айкын көрүн-

гөндүктөн, малдын кай тарапта оогону, алаканга салгандай маалым болуп турат. Андыктан, түнү гана жылкылар кооптуу болбосо, калган төрт түлүк журттан алыс кетпейт. Көк-Сууда күн бүркөлсө эле кар жаамак көнүмүш иш. Ал тургай жайында да кар жаамай сайын күн ачылбайт. Бүгүн да, сагызган изи кар жаап айлана аппак шейшепке орогондой. Булак көздөрүн чүмкөп, суу каймактап калган. Адаттагыдай Байкулу иреширеде ойгонуп, аяк артар байталын токуп, жылкылардан кабар алмакка, тууралай бастырып жөнөдү. Алыстан эле бир тараптагы субайлар тынч экени билинип ашыкча из жок. Экинчи тараптагы кулунду бээлерди имерип жүргөн үйүрдү желеге айдап келмекке бастыра берип, көргөн көзүнө ишенбеди. Жаман оюнда «Көзүмө бир нерсе көрүндүбү, же азыткыбы» дегендей, анан кайра «жакынкы журттарда эч ким калбагандай эле, ким болуп кетти?»-деп катуулай бастырды.

Үйүргө улам жакындаган сайын, бейтааныш караан аны байкагандай, жанындагы жылкыга бой жашыргансыйт.

-Болду болбоду, башка тараптан ууру келип, таң атып кеткен соң, жылкыларды сүрө албай, же алыстан мал ээсин байкап, айбыгып, туруп калгандай-деп ойлогон Байкулу, өзү сестенип турса да, кара күчкө алыстан эле үн сала кетти:

-Ой, кимсиң? Үйүрдү аралабай чык быякка!-деп кыйкырганы менен ууру жалгыз жүрбөйт. Шериктери менен болсо, жалгыз мени жыга чаап, мерт кылып коебу-деп коркуп да кетти.

Оттоп жаткан бээге, бой жашырган караан, ордунан жылбай туруп, акырын ийиле, жумшак үн менен

-Мен эле-деп үн салды.

Байкулунун шаштысы эми кетти.

-Балээ бас. Азыткынын өзү экен. Менин келишимди атайлап күтүп турган го. Канткенде кутулам-деп ойлогон сайын, бүткөн бою чыйрыккандай, денеси дүркүрөдү.

-Лайлала, махамадуррарасуллалло. Алла, Алла-деди ичинен.

Четтеги, ээсин тааныган айгыр, кулагын жапыра, үйүрүн желеге көздөй имере бергенде, оттоп жаткан кулундуу бээлер тобу менен сүрүлдү. Жер караган жаңгыз караан Байкулунун маңдайында турду.

-Лайла-деп калмасын уланта берген жылкычынын, келмеси оозунан түштү.

Маңдайында балакатка жетип, он беш-он алтыларга толгон, келбети келишкен, ай чырайлуу кыз бала турду. Эсинен кеткен жылкычыга, салам айтып, алдыртап тиктеди.

-Амансызбы аке? Азыткы деп чочубаңыз. Азап тартып, качып келе жатам. Адамгерчилик кылып, калкалап калыңыз?

-Кайдан келе жатасың? Бул ортодо айыл жок. Баары өөнгө көчүп кетишкен?

-Тияктан-деп, арткы тарабындагы Кара-Белдин этегиндеги Көк-Суу дарыясы тарапты, көрсөттү.

Айткандай, үстүндөгү кийими малма-малма суу болуп этине жабышып турганын, эми гана байкаган Байкулу, эмне кылаарын билбей калды.

Кыздын беттери кубара, үшүгөндөн ээриндери көгөрүп денесин калтырак басып, улам колдорун ушалаганына боор ачыган Байкулу, байталынан түшө кала, үстүндөгү чепкенин ага жаап, колтуктай атказды. Желеге бурулбай, түз эле байталын жетелеп, үйүнө жакындаганда, байбичесине үн салды.

-Отту алоолот, байбиче. Мына бул байкуш, карыгып калыптыр. Суук өтүп кетпей эле.

Аңгыча байбичеси боз үйдүн каалгасын түртө берип, ат үстүндөгү, калтыраган бирөөнү көрүп, очоктогу чокту көөлөп, тезек калай кетти. Үшүгөн чоочун неме от боюна отура калып, жалынга колун тосо бергенде үстүндөгү чепкен жылмыша түшүп, далысына төгүлгөн чачты көргөн байбиче чочуй кетип,

-Э какый! Кыз бала белең? Үстү-башың малма-телме суу тура. Кой чечинбесең болбойт-деп кыздын жообун күтпөй, өзү чечиндире баштады.

Байкулу кызды кемпирине тапшырар замат, баягы желедеги үйүрдү, кайра сууну көздөй айдап жөнөдү. Байталын дарыяны жээктей бастырганда, бир жерде шөмтүрөгөн суу куюлуп, андан бери из кар бетине даана түшүптүр. Кулунду бээлерди дарыяга чейин, шыпкай айдап барып, из басты кылган соң, желеге келип кулундарды байлоого киришти.

Аңгыча болбой күтүрөтө тобурчак аттарын желдиришип,

төрт-беш атчан желеде кулун байлап жаткан Байкулуга жакындап келишип, демиде кыйкырышты.

-Эй абышка, качкан караан көрүнбөдүбү?

-Кайдан балдар?

-Катуу-Багыттан келе жатабыз.

-Жайынчабы?

-Жайынча болмок беле. Куугунбуз. Качкын бирөөнү издеп жүрөбүз.

-Түнү өтсө билбейм. Таң эртеден бери сырттамын. Эч нерсе билинбеди. Качкыныңар атчанбы, же жөөбү?

-Жөө, аял киши

-Жөө адам, ат өтө алгыс дарыядан өтө алмак беле. Анын үстүнө аял киши болсо, дарыяга агып кеткен окшойт. Дарыяны бойлой төмөндү көздөй издегиле.

-Аның туура. Кокустан келип калса, же караанын көрсөң бизге кабар айттырып кой! Дарыядан баары бир өтө албайт. Жээктин бир жеринде жашынып калса керек. Кайттык анда, аркага-дешип, биринен-бири өтүп аттарын чаап, кайра салышты.

Көк-Суу дарыясы куугунчулар ынангандай эле. Дарыя Алайкуунун беркы бети Кызыл-Агындан, Ой-Бала, Дүңгөрөмөдөн топтолуп, эчен жылгалардагы мөңгүлөрдөн куралып, Эркечтам, Нурага жетип, анан Кытайга кирип кетет. Кышында гана эмес, жай саратанда да муз агызган, тоонун суусунан жөө адам эмес, анча-мынча чабал аттардын өтүшү опурталдуулугунан эл аны «кандуу суу» деп аташчу. Ошол себептен жергиликтүүлөр жана дарыянын сырын билген кербендер суу тартылган күздөн баштап, мөңгү ээриген жазга чейин гана кечип өтүшпөсө, жалгыз-жарым кече алчу эмес.

Курманжан кыз да дарыянын опурталдуулугун эске алып, күз мезгилде жолго чыгып, караан жазгыра түндө жол жүрүп, таң дык салганда, «тобокел дарыяга актым, же аман калсам бактым» деп бой таштаптыр. Жөлөмөсү бары аныкпы, эптеп аман калган кыз Байкулуга кезиккен экен. Байкулунун жубайы Сара байбиче суук тийип, өпкөсүнөн кагынган кызды бир ай төшөктө жаткырып, кылдап тамак берип сыркоосунан айыктырат. Кеч күз Терек-Дабан аркылуу Теректеги кыштоосуна алып келет.

Ага чейин Катуу-Багыттан издөө салынып, Жапалактагы Маматбайга кабар келип, эки тарап тең аябай бушайман тартып, кыжалат болушат. Кыз баланын барган жерин таштап качуусу жосунсуз жорук катары эсептелген. Аял качса эркектин намысы тебеленгенге барабар болгон. Ошол себептен элде «Таш түшкөн жеринде оор» деген макал айтылган. Ал эми кыз алган тарап, келиндин амандыгына жоопкер болуп, майып болуп, же өлүп калса, сөөк ээсине доого жыгылган. Курманжандын атасынын үйүнө аман келиши эки тарапты тең тынчтанууга алып келери белгилүү.

Кийинки жылы, эрте жазда датка куш салып, Гүлчөнүн дарыясынын боюндагы токойду жээктеп келе жаткан. Алдынан үйүргө кошкон субайларды Алайга айдап бараткан атчандар жолукту. Кез келише берээрде, баш ийкеп, салам айтып, өтүп бараткан атчандын өңү тааныштай. Жуп өтө берээрде экөө тең тиктеше, ат тизгиндерин тарта калышты. Датка аны унуткан эмес экен. Өңү тааныштай, бирок эркек кийимчен.

-Амансызбы датка?

Назик, жагымдуу үн угулду.

-Аманчылык. Атаңдар тынчпы?

-Жылкычыларга жардамдашып, узатып баратам.

-Эмки кезек, меники. Конок болуп кетесин.

-Ай талаада кантип, конок кыла аласыз?

-Талаанын тамагы таттуу болот. Кушума алдырган кекилик, чилден кебеп кылып берем.

-Ууңуз жүрүп турган чагы экен да?

-Кушум экөөбүз шилтенген сайын, шыпырып алып турабыз

-Кушуңуз экөөңүздөрдөн эч бир жан качып кутула албайт окшойт?

- Эми сени да колдон чыгарбайм.

-Мени, кайындаган жайымы, уккан эмессизби?

-Укканым үчүн айтып жатам. Андан бери, канча жуучулар тынбай барып жадаткандыр?

-Көңүлгө туура келбесе, жуучулардын барганынан барбаганы.

-Көксөгөнүндөй табылгыдайбы?

-Сиздей болбосо да, шертке бек бирөө жолугаар-деп атынын жалын, кирпиктерин төгүлтө тиктей, кайра суроо узатты.

-Сизден, башымды ачаар, жардам болоор бекен?

-Калыңын төлөп бергенде кабар билдиргиле, жардам берейин

-Макул. Шериктерим узап кете электе, жетейин кошуңуз-деп кыз атын темиңди.

Датканын жүрөгү туйлап, артынан ээрчий карады.

Ооба. Туура айтат. Башы ачылмай сайын, ага эч ким жуучу түшө албайт. Болбосо, азыр колун сурайт элем. Эгер, аны күтпөй, жуучу жөнөтсөм кантет?

-Датка бийлигине таянып, бирөөнүн никелүү аялын тартып алыптыр деген насак кетет.

Кой. Алдын, башы ачылсын. Анын аракетин кылайын-деген датка, талпынган кушунун канатын сылап, көңүлүн жоошутту.

***

Келинин качырган жооштор жапалактыктарга эки-үч курдай келишип

-Келинибизди тапкыла!-дешип демитишти.

-Кыздын көңүлү калыптыр. Калыңын кайтарып берели-дешти.

-Жок. Аялдын, эркекти чанганы эзели болгон эмес. Өзүн кошуп бергиле. Алып кетебиз-дешти.

Жалгыз кызынын көңүлүнөн өтө албаган Маматбай дайым кыжалат. Же Төрөкул бий өзү келбеди. Маматбай ага, басып барбады.

Кийинки жолу да, жооштор келип, айтып-дебей Маматбайдын бир үйүр жылкысын айдап кетишти. Ал кезде датка Кокондо болуп, ортого түшүп, эки тарапты тең тынчытууга үлгүрбөйт эле. Күндөрдүн биринде баргынын сабай тобундагы эл тааныган Элтойдуну чакыртып колундагы шакегин чыгарып берип, Курманжанга жөнөттү.

-Ырас, датканын чын көңүлү болсо, күтө турсун. Келгениме бир жыл боло элек! Атамын эл караган жүзүн, жер каратпайын. Бир жаңсыл болуп, чечилсин дейт.

Аңгыча жооштордун тобунан дагы келишип:

-Бир жыл күттүк. Келинибизди кошуп бергиле. Болбосо, зордуктап болсун алып кетебиз. Чабышсаңар чабышабыз-дешет.

Адигиненин аксакалдары ортого түшүшүп, эки тараптын билармандарын чакыртышты.

-Жапалак, жоош уруулары бир атадан таркаган. Бир кыз үчүн чабышып, душман болду-деген сөз чыкса уят. Из басты кылып, сөөк жаңырталы-дешип жапалактыктар жоошторго үч кыз беришип, Курманжандын Кулсейитти чакырышат, качып келгени үчүн берилген калыңдын жарымын кайтарып, Кулсейит талак берет.

Алымбек Кокондон келгенде маселе чечилип калган эле. Ал аксакалдардан жуучу жөнөтүп, калыңын төлөп, каадасын кылып, Курманжанды Алайга алып келди.

Арадан жылдар өтүп, Курманжан Алымбек даткага баш байлап бала-чакалуу болот. Байкулу аксакал о дүйнө салганда, кабар айтылып, Курманжан Сара байбичеге көңүл айтканы Терекке батага келет. Терек чатындагы боз үйлөр тигилген саздын үстүндөгү кысыр жаткан аңызды көрүп, ошол жерде турган аксакалдарга кайрылат

-Бул аңызды айдасаңар, айылыңарды баккыдай эгин бышчуудай. Эмнеге жер иштетпейсиңер?

-Суу жок. Суу чыгарууга күч жетишпейт-дешет.

-Теректин суусу бош кетпесин. Арык казгыла, мен да күчтөн жардам берейин деп, Курманжан сарт, жооштор урууларынын аба-аксакал, жаш жигиттерин алып келтирип, аркар-кулжалардын мүйүздөрү менен арык каздырып, суу чыгартат. Ал кийин «Курманжан арык» аталып калат.

Сара байбиче Курманжан менен катташып, барды-келди кылып, жаман-жакшылыкта бири-биринен кабар алышып турушат. Бир учурда Сара байбиче уулу Жуманы ээрчитип, Жошолунун чатындагы Каргашадагы Курманжандын жаздоосуна келе жатышса, жолдо колдоруна кишен салынган эки адамды бирөөлөр, айдап, кетип бараткан болот. Көрсө алар Түркстан генерал-губернатордун жарлыгы менен Ош-Гүлчө жолун салып жаткан адамдар экен. Жол курууга уурулук кылган, бирөөлөрдүн мүлкүн тартып алган, эл безер күнөлүү-

лөрдү айдап келип, иштетишип, мөөнөтү бүткөндө бошотушар эле. Сара байбиче менен уулуна ошондой күнөөкөрлөр туш келиптир. Колуна кишен салынгандарды көрүп боор ачыган Жума

-Эне, тигилерди кыйнатпай, кое бердириңчи? деп өтүнөт.

-Баланын дили таза болот. Дилине сала берди азаттык- деп эки күнөөлүү адамды бошоттурат.

Сара байбиче менен Курманжан өлөр-өлгүчөктү каттташышып, биринен бири кабар алып турушту.

***

Молдо Бекмураттын жылкыларынан күлүктөрү арбын эле.

Атайлап, кылдап бөлгөн желеден, бир бээ эки жыл катары менен эркек кулундайт. Алар тай кезинен эле өзгөчөлөнүп, күлүк болоору билине баштайт. Баштагы жылы туулган кулунду «тай кула» деп аташса, кийинки жылкысын «тай бала» дешет. Экөөнүн тең сыны келишип, көркөмдүүлүгү көзгө жаккан күлүк чыгат.

Бай, балдарына астейдил табыштап, маал-маалы менен өзү келип кабар алып, эртели-кеч көңүлүнөн чыгарбайт. Жайкы жайытка түз төргө чыгарып, күзгүсүн эңкүүлөтүп, кыштоого жакын кармап, ит–куш, ууру–каракчыдан сак–сактап, кылдоо жайда кармайт. Көргөн көзгө комсоо болсун деп, куйрук-жалын тумайта кырктырып, бөтөн көз аңдабас, кокту-колотторго жайдырат. Улам «тай кула» менен «тай бала» жетилип соорулары толуп бараткан чакта, алыс жакта аш берилери кабарланат.

Молдо Бекмурат жайыттагы «тай кула» мене «тай баланы» алдырып, бар тобокел деп, ошол маарекеде сынамак болот. Бир айтканын бербеген, атасынын пейилин билген балдары эки күлүктү, атасынын айтканындай кылып, суута башташат. Жайы менен жайлоонун тулаңып көөнүнчө оттоп, семирген күлүктөр, күндө таң ашырылып, акыйта аса байланат. Орулуп, кагайта кургатылган чөп ченем менен берилип, көбүнчө маканин дүмбүлүнө бактыртат.

Дүмбүл жеген күлүктөр субагай, шыңга тартылмак тургай, бир жерде көп туруп, курсактары чыга баштайт. Ат таптагандар аны байкашып, кыжалат боло байга келишет.

–Силер туура баамдагансынар. Дүмбүл жылкыга майдай жакты. Ушунча күн жеген дүмбүл аттардын чучугуна чейин жетип, булчуңдарын чыңады. Эми дүмбүлдүн кубатын кетирбей, ашыкча майын тазалайбыз-дейт.

– Кантип кетиребиз?

–Күйүктүрбөй, жорттуруп, бастырасынар. Он күн аралыгы бир маал дүмбүл, бир маал арпа бергиле. Анан алыстан чаап келип, деми басылгандан соң жалаң сүлү берип, суутасыңар деп, бай эки ай мөөнөт берет. Байдын айтканын аткарган ат багарлар күлүктөрдүн өзгөргөнүнө таң калышат.

Болжогон күндө мааракеге жетип бармакка, молдо Бекмурат баш болгон топ, камданышып, кошумчаларын алдыга сүрүшүп Жалал-Абад аймагына келишет. Аш өтө даңазалуу болуп, Алай, Анжиан, Аксы, Маргалан, Наманган, Кокон, Аркалыктардан бери чакырылган экен. Тажик, өзбек, түрк, уйгур, казак, татары дебей, ар кими бөлүнгөн үйлөргө адия болушуп, жетпегендери өздөрү ала келген жолбун үй–чатырларга түнөшөт. Казан–казан эт кайнап, эчен каптагы күрүчтөр демделет. Келген коноктордон да тейлеген ашпоз, бөкөлдөр арбын көрүнөт. Той үч-төрт күнгө созулуп, акыркы күнү аттар айдалат. Жалаң жабууланган күлүктөр келип, байгеге кошулгандары бир топко бөлүнөт.

Топ башы күлүктөрдүн жабууларын алдырып, үзөңгүлөрүн чечтирет. Жалан токумга, женилдетилген ээр токутуп, көмөлдүрүк-куюшкандарынан бери алдырат. Анын жөнү, узак жолдо үзөнгү ат чуркаганда чабыла тийип, күлүктү алагды кылат. Жарыша бараткан күлүктөрдүн карысына тийип, майып кылаары да мүмкүн. Жеңил ээр, күлүккө чак көмөлдүрүк–куюшкан аттын денесин өйкөбөйт.

Чабандестерге ар түрдүү белги берилип, ким канчанчы атты кармаары, ат кармоочуларга эскертилип, калыстыкка өзгөчө көңүл бөлүнөт. Мындай тартип, эрежени угуп–көргөндөрдүн баары ыраазы болушат.

–Атаңа бали! Жеңиш так, таза болсо, калыстык эмей эмне. Адил иш. Акыйкаттык жеңиш керек! –деп көпчүлүк чуулдашат.

Айдалган күлүктөр кетип, көпчүлүктүн көөңүлүн тыйын эңмей, жаа атмай, эңиш, күрөш, бука тартыш өңдүү оюндар алагды кылды. Аларга да калыстар бекитилип, чабандес, балбандарга оюндар уюштурулуп, байгелер ыйгарылды. Тил безеген акындар айтышып, ыр–күүгө келген элдин көөнү карк болуп, тойдун шаны улам көтөрүлө берди.

Күндүн табы кайтып, ала–көлөкө коюланган маалда:

–Ат келе жатат. Ат келди!–деген кабар көпчүлүктүн көөнүн өзүнө бурду. Эл удургуп, аңды–дөңдү карбай, күлүктөр өтчү жолго карай умтулушту.

–Бул тарапка өтпө! Ары тур. Аттар тебелеп кетет–дешкен той башкаруучулардын тыйып–тескегенине карабаган көпчүлүк, ары–бери чуркашып, жол четине тургандардын баш–аягы көрүнбөйт. Жөөсү жөө, атчаны атчан моюндарын созушуп, кээлери ордуларынан тура калыша, келе жаткан күлүктөрдү утурлашат.

–Ана, көрүндү.

–Кайсыл ат экен?

–Түсүн ажыратууга болбойт.

–Кай жердин күлүгү экен?

–Белгисинен тааныса болобу?

–Белгиси чамбыл–ала. Түстөрү да билинбейт

–Эмнеси болсо да, күлүктүн күлүгү келди да.

–Карагыла, карагыла! Эки ат ээрчише келе жатат.

–Калганы кайда?

–Аркада келе жаткандыр да.

–Булардын арышы, чуркаганы башка.

–Дагы эле демдүү көрүнөт.

–Чын эле, чарчагандары билинбейт.

–Аке–тай, ээй! Биринен бири ажырабай куйрук улаш келатканын кара!

–Мына, өтүп баратат.

–Айт! А–айт жаныбар!

–Эй угалычы? Чабандестер ким деп, кыйкырып жатышат?

– Өмүрбек,Өмүрбек!

– Өмүрбек дешеби?

«Тай кула» менен «тай бала» маарага ээрчишип келишти. Ат чапкан чабандестер да ээрчише, биринен бири өтүп, «Баргы», «Баргы» деп кыйкырышса, турган эл таӊ калды.

–Ат ээлеринин оомады келген экен! Эки аты теӊ баш болуп келди.

–Эки аттын теӊ, окшоштугун айтсаӊ.

–Бир бээнин кулундары окшойт.

Ошол күнү тойдогулардын баары «тай кула» менен «тай балага» суктанышып, таӊдайларын такылдатып жатышты. Бекмурат байдын эки аргымагынын даӊкы дабан жарды. Кардарлар келип «каалаган бааны айт», «эч болбосо бирин сат?» дешти. Бай эч бирөөнө ынабады. Кийинки маарекелер, байгелерге бирин калтырып, бирин кошуп жүрдү. Экөө теӊ, баш байгени башка күлүктөргө алдырбады.

***

Алымбек датка эс алганы Кокондон Алайдагы үйүнө келиптир – деген кабар угулду

Бир күнү мени атам мени чакырып алып

–Бий келиптир, эртеӊ барып учурашып келели. Бир кысыр бээ, бир кысыр эмди тай алдыр-деди.

Эрте менен айылдагы аба-аксакалдар менен жетип бардык. Датка сыртта турган экен. Шыпылдаган жигиттери бизди колтуктап аттан түшүрүп, датка турган тарапка баштап жөнөштү. Меймандар менен датка кучакташып көрүшкөндөн соӊ, ал-жайларды сурашты.

Мейман тартибин кылып, боз үйгө киргизишти.Төрдө отургандар, эл-журттун амандыгын сурашып, баштан өткөн окуялардан кеп салышты.Ордодогу жаӊылыктар туурасында, сөз жүрдү. Улам дасторкондор жаӊыртылып, дүйүм даамдар, коюлду. Кымыз куюлуп, кеселер таркатылды. Баардыгы орду ордунда, ашыкча эч кандай кыймыл жок.Бакылдаган сөз болбой, меймангерчилик тартиби улана берди. Кымыз куйган, аяк сунган жигиттер отургандардын кебине аралашышпады.

Кумган, чөгүн көтөрүп, чачыкты карысына илген жигит келип, колго суу куйду. Шорбо тартылып, ортого чарадагы эт келтирилди. Бөкөл жигит жиликтерди устукандап, аксакалдарга табак тартты. Кеп уланып, улам кеседеги кымыздар жаңыртылып, суроо-жоопторго эч ким аралашкан жок. Сый–сыпат көрсөтүлүп, дасторкон жыйналгандан соң, кайрадан колго суу келтирилди.

Бир маалда датка

– Молдокенин келгени, бизди кубандырып турат. Чоң-Алайда досум той берип жатыптыр. Чакыруу келди. Келээрки базарда жөнөйлү. Дос–туугандарынызды алып, ээрчите келиңиз. Бирге аттаналы.

–Мейли. Барса баралы.

–Сизде эки тай бар экен. Ошол тойдо байгеге кошсок?

–Кайсынысы сизге жагат?

Датка бир тарабында отурган кишини карады.

–Чоңу-деди ал.

–Сиздин айтканыңыздай болсун деди атам.

–Сиздин күлүктөрдү ким таптайт?

Атам унчукбай мени көрсөттү.

–Иним, атты табын келтирип чаап, байгени өзүн ал–деп сөзүн бүтүрдү датка.

Эки–үч күн өткөндөн кийин «тай куланы» чабандеси менен кошуп алып–датканын алдына келдик.Жолдо бир күн түнөп, Чоң-Алайга болжогон күнү жетип бардык. Той бергендер атайлап, чоң ак өргөлөрдү тигип, күтүнүп турушкан экен. Кучак жая тосуп алышты. Чоң ак өргөгө датка баш болгон эки–үч аксакалдар жайгашып, калгандарыбызды бөлөк үйгө киргизишти. Конок каадасы болуп, союштар союлуп, жылкы баш болуп, кайберен–илбесиндердин этине чейин, улам жаңыртылып, тартылып турду.

Эртеси күнү той кенешине, аттар чабылды. Байгеге кошулган күлүктөрдү чабандастери менен эрте күндөн баштап, сүрүп кетишкен эле. Түш оой «Аттар келе жатат» деген кабар айтылды. Тойго келгендердин баары дүрбөшүп, күлүктөр кармалучу маараны көздөй бет алышты. Көпчүлүктүн арасынан бөлүнө албай, ат үстүндө үзөңгүнү тээп, тура кала, келе жаткан аттарды карайм. «Тай куланын»

көзгө тааныш карaанын чалыктыра албай, бушайман жейм. Алдыда келе жаткан күлүктөрдүн кыймылы, чуркагандары «тай кулага» окшобойт.

–Эмне балекет болду? Жолдо жыгылдыбы? Же жер сырын билбеген чабандес, башка жолго салып адаштыбы? – деп тынчый албай койдум.

Чубулдап, ат сүрөгөн көпчүлүктүн үнү кулагымдын сыртынан кетти.

–Алда Кудай, шарменде кылба? Деги сак болгой эле? Бизди баштап келген датканын абийири кайда калды? Аяш атам бизге ишенбеди беле? деп өзүмдү коерго жер таппай, бушайман жейм.

Күлүктөр көпчүлүктүн алдынан канатын күүлөгөн куштай болушуп, «зып–зып» эте көзгө илешпей учуп, жол талашышат. Капылеттен тай куланын тааныш карааны көрүнө калды. Көргөн көзүмө ишенип–ишенбей, көзүмү пардап–пардап ачып–жумам. Алдынкы саптан калып, чаң болгон. Кула өңү өзгөрүп, калын терден улам карагер түскө айланган. Бирок, аяк ташташы дадил. Али күүсүнөн жаза элек. Анда-санда бир аттап, кулагын жапыра, артта калганына ызалангандай кабагы бүркөлө өтүп баратты.

–Эмне, жер бийиктик кылып, түтөктөн чуркай албай жатабы? Же күлүктөрдөн чабалдык кылдыбы? деген ой, ичими тытмалады.

Ат кармагандар тай куланы «жетинчи болуп келди» дешип жетелеп келишти. Эсим оогондой, айран–таң калдым. Көпчүлүктүн арасынан жүткүнүп, алдымдагы аттын оөзүн силке, тай кулага жетүүнүн аракетиндемиң. Ат чапкан чабандес өпкө–өпкөсүнө батпай солкулдап ыйлап жүрөт. Жетип барганымда ал эчкирип, эч нерсе айта албай койду. Аны аты менен кошо, четке жетеледим.

–Эмне, жыгылдыңарбы?

Чабандес андан бетер ыйлады. Дайыма баш байге алып жүрүп жаман үйрөнгөн. Калып калганына, аябай ызааланып жаткан тура-деген ой келди.

–Ат түтөгүп калдыбы?

Чабандес башын чайкап, көз жашын, оңду-солду аарчып, оөзүнан шилекейин чачырата, энтиге кеп салды.

–Аттарды кое бергенде бирөө келип, менин атымды кармап, токтотуп, туруп алды.

–Ал эмнеси?

–Билбейм. «Баягы ат ушубу?»–деп, шериктерине сурап, келип эле, тизгинден алды. Качан, кеткен аттардын чаңы көрүнбөй калганда:

–Бар эми, кете бер–деп аттын соорусуна бир чапты.

Мен аттардын чаңын кууп, аркадан түштүм. Көп аттан жол тийбейт. Качан гана күлүктөр бириндеп, териле баштаганда бир–бирден басып, жандай чаап, жете келгенимде, маарага жетип калбадымбы–деп эчкирди.

Мен чабандеске эч сөз айтбай, датканы көздөй жөнөдүм. Ал киши атам менен бирге, дөбөдө соорун бөлгөндөрдү алыстан тиктеп турган экен. Мени бир карап, кабагым бүркөлгөнүн байкадыбы

–А иним, булардын күлүктөрү жерчилдик кылдыбы?

–Датка аба, мен кетем.

–Эмнеге, таарынып калдынбы? Чоң байге, эртен башталат.

–Аттарды кое берген жерде, тай куланы кармап, анан бошотушуптур.

–Чабандес баланы, бери чыкыргыла! –деди,атам кеп түркүнүн түшүнө коюп:

Чабандес ыйлап туруп, болгон ишти айтып берди. Датка үндөбөстөн туруп, камчысын ыргай

–Той ээсин чыкыргыла–деди.

Аңгыча той берген киши, той башкаруучусун ээрчите, ат үстүндө этегин делдектетип, шашыла жетип келди.

–Биз кеттик. Тоюнду өзүн өткөрө бер–деди датка өктөм.

–Жан даткам, айыбыбыз болсо кечириниз?

–Бизди эмне, шылдыңдайын деп чакырдынарбы?

–Жан соога, айланайын датка? Эмне балекет болуп кетти?

–Күлүктө эмне айып? Байге бергин келбесе, тойду эмнеге бердин?

–Айыбыбыз мойнубузда, даткам? –дешип Чоңалайлык бийлер чуркурап жиберишти. Айып тарталы, күнөөнү мойнубузга алалы? Кечириниз?

Ат айдоочуларды заматта таптырып, сүрүп айдап келишти.

–Кана, эми айт –деди атам чабандеске.

–Мына бул, тончон киши «–Баягы ат ушул экен»–деп тай куланы кармап, кеткен аттардын чаңы көрүнбөй калганда гана кое берди–деди чабандес ызалана, ыйлап туруп,

Бийлер чуркурашып, ат айдагандарга тогуздап айып салышты. Баягы ат кармагандарды, ошол жайында эле эки жылга эркинен ажыратышты.

Эртеси чоң тойдун баш байгеси «жүз жылкы, бир кара башыл адам» –деп айтылып, аттарды кое бере турган жайга, саяпкерлер кошо барышат. Алыскы жолго аттарды түнөтүшүп, дем алдыра суутушуп, эрте мененки жылдыздар суюла баштап, таң дык салган чакта, күлүктөр кое берилет. Кеч бешимде алыс тараптан куюндаган чаң көрүнөт. Тургандар, аны ар түрдүчө божомолдошуп.

–Күлүктөрдүн карааны көрүндү. Аттар келе жатат.

–Жалгыз ат экен.

–Калгандары кайда?

–Бул байгенин аты эмес. Жолдо кошулган, тентектердин бирөөсү окшойт дешет.

–Ана, эми анын артынандагы чаң чыкты.

Аңгыча жалгыз ат күтүп тургандарга жакындады. Аркасында ат чабым алыс, бири–бирине куйрук улаш күлүктөрдүн карааны көрүнө баштады. Элге жакындаганда, баягы жалгыз атчан, жаны калбай безилдеп

–Алымбек! Алымбек! Алымбек датка! деп, ат үстүндө колун булгалап, кыйкырат

–Бу күлүк, жолдо кошулбай эле, датканын аргымагы тура.

–Дале чарчабаптыр. Чуркашын карагылачы

–Ооба, аяк шилтешинде, кубаты кете элек.

–Анык тулпар экен ой!

–Ээси датка болгон соң, тулпар болбой эмне болот-дешип тургандар биринен бири өтүп, өз ойлорун айтып жатышты.

Ал эми ат кармагандар

–Бул ат, жолдон кошулуптур. Байгедегилерден бээ саамга эрте келди. Байге берилбесин дешип, той башкаруучуларга барышат.

–Аны ат айдоочулардан тактайлы. Чыр чыкпасын. Эч жанга билдирбей тургула дешип, ат айдоочулар келгенде сурашса

–Ат кечээ эле белгилүү болуп калган. Аттарды кое берген чакта, баарыбыз жабыла «тай куланы» карап турганбыз. Тентектердин бирөөсү, бизден уруксатсыз эле, күлүгүн чуу коюн чаап жөнөдү. Аңгыча болбой, даяр тургандар жабыла, анын артынан салышты. Биз кыйкырып, сөгүнө алардын алдын тосуунун аракетинде болдук. Бирок, чабандестердин көбү, кылчайбай узап кетишти. Анан барып «тай куланын» чабандесине «чап» деп, кала бергенбиз, Тулпардыгы анык экен, баарын басып өтүп, баш келиптир дешет.

Алардын сөздөрүнө ынанышкан той башкаруучулар, билармандар:

–Биздин ишти датка билбесин-дешип, жабыла баш байгени ыйгарышат.

–«Баш байге жүз жылкы, бир кара башыл адам»–деп айтылып, «ат байгесине адам койду»-деген даназаны ашырмакка, той ээсинин туугандары биригип, мурдатан эле, бир күн аялды сатып келишкен экен.

Той башкаруучу, баш байгени түгөлү менен бергизди. Датка мени чакырып алып

–Иним, мен Кокондон чыгып, бери карай жөнөгөндө, бир кулдун башын ачып, азат кылайын деп ниеттендим эле. Баягы аялды мында келтир деди.

Элүүлөргө чамалап калган аял, эски жоолугун чүмкөнө салынып, көпчүлүктүн ортосунда ары корунуп, ары иймене жер карап турду. Билармандар, датканын оюн айттырбай эле туюшканбы.Же атайылап тапшырма болгонбу, ортолукка оролгон ак кийизди көтөрүп келишти.

–Калайык, бүгүндөн баштап, мына бу жубан күң эмес. Азаттыкка чыкты!-деп кагазга мөөрүн басып, жанындагы бийге узатты.

Баягы аял селт эте, башын көтөрүп, ишенээр, ишнбесин билбей эки тарабын энтейе карады.

–Сен бүгүндөн баштап бошсуң. Эркиндигиң колунда. Бирөө сага, бир нерсе дей албайт. Каалаганыңдай жаша-деди датка.

–Чынбы аке?-деди аял, кепке эми түшүнгөндөй.

–Чын, Тиги жарлыкты колуна бергиле!

–Айланайын аке. Ишенбей турам. Ушул мага кепилби?

Датка башын ийкеп койду.

–Карындашым, даткага ыраазычылыгыңды айт. Ырахмат дегин! Көптүн ортосунда турган карыя үн салды.

–Ырахмат аке! Ыраазымын. Өмүрүңүз узак болсун, жүзгө чыгыңыз! –деп эчкире ыйлап жиберди.

Аңгыча болбой бирөөнүн үнү зонк этти.

–Баштагыла! Ак кийизди жайгыла. Каадасын кылалы.

Аялдын алдына ак кийиз жайыла калды.

–Биссимилда рахмааниррахийим! Атта кийизди, карындашым.

Аял эмне кылаарын билбей, бою–башы титиреп, нес боло катып турду.

–Бирөөң колунан жетелеп, кийиздин үстүнөн ары-бери бастыргыла! –деди сакалы көкүрөгүнө жайкалган карыя.

Мойсопут бирөө, бетинен салаа–салаа куюлган жашын аарчууга буямасы келбей, ордунда теңселип, муундары бошоп, селейип, кулагы чубулдаган жубанды чыканагынан аяр сүйөп, алдыга жетеледи.

– Биссимилда рахмааниррахийим. Бүгүн ак жолтой күн. Бул аял күң эмес. Эркиндик, азаттык алды. Азаттыгы кут болсун! Ак көз, кара көз, көпчүлүк! Баарын көрдүңөр. Көрбөгөндөр уккула! Көргөн эл күбө. Датка бул жубайга эркиндик берди. Кут болсун эркиндик. Азаттык кут болсун! Эркиндигине эл күбө!–деген аксакалдын үнү алыска, алыска жаңырып жатты.

Аңгыча болбой, тамашаны көрүүгө келген кыз-келиндердин арасынан токтолуп калган бир аял чыга келип, азаттык алган аялдын башына ак жоолук салып, куттуктай кетти.

–Азаттыгың кут болсун! Азап–кайгыдан алыс бол. Турмуштан орун тап–деп, жашын аарчый, бетинен сүйдү.

–Мен чын эле эркинмиңби? Азаттык, чындап эле, берилдиби? Оо кудай. Ушул күндү самабадым эле. Айткылачы, айланайындар? Мага азаттык берген ким?

–Алымбек датка!

–Алымбек бек!

–Ырахмат датка. Балдарыныздын күнү–күчүн көрүнүз! Кудай жалгасын сизди. Азали кем болбоңуз–деди датканын алдына келип улам жүгүнүп.

–Азаттыгын кут болсун–деди, датка башын ийкей.

–Аке, мен чын эле бошмунбу? Сиздер кеткенден кийин, мага эч ким тийбейби? Дагы да, сатып жиберишпейби?

–Жок. Ата журтун, кайын журтун кайда? Аларды билесинби?

Аял буркурап, ыйлай башын ийкеп, айтууга алы келбей турду.

–Мейли көпшүнү сууп, көңүлү басылсын. Анан соңу айтар–деп датка атын темиңди.

–Азамат датка, сооп иш кылды.

–Байкуш аял, азаттык алганына дале ишнбей турат.

–Анан эмей. Капылеттен азаттык берилсе, ишенбейт да.

–Датка айкөл экен. Кайдагы бир аялга азаттык, берилбесе эмне?

–Күңдүн дилин туйган датка, жөн адам эмес.

–Жөн адам, датка болмок беле?

Көпчүлүктүн ар кимиси , ар кыл сөз айтышып, бүгүнкү окуяга таң кала, ойлорун билдирип жатышты.

Көрсө, азаттык алган аялдын тагдыры, өзгөчө оор болгон экен. Бала кезинде айылдан сыртка чыкпаптыр. Анда–санда айрымдардын «Өзгөнгө бардык, шаар көрүп келдик» деген сөздөрүн укчу экен. Ата-энесинин койнунда бейгам, өзү теңдүүлөр менен ойноп жүргөн мезгилде, капылеттен келип каракчылар тиет. Чакан беш–алты үйлүү айылды тоноп-чаап, бүлгүнгө түшүрүшөт. Кол кайруу кылгандарды аябай найза, кылычтап өлтүрүшөт. Элдин көбү алыскы жайлоодо болгондуктан кабар жетпей, бул бүлгүндү эч бири туйбайт.

Каракчылар жандык менен кара малга тийбей, жалаң железеги кулундуу бээлер менен субайларды чогултуп айдашып, эси чыга, чыркырап ыйлаган балдардын тестиерлерин кубалап жүрүп кармашып, атка учкаштырып, белдерине байлап, заматта из жашыруунун аракетинде, кокту–колотту пааналап, жол арбытышат. Күн-түнү тынбай жүрүшүп, учкашып-чиркешкен балдардын ыйына, колу буттары талып, ооругандарына карабай бир жумалап соң өздөрү байырлаган жайга жетишет. Ал жерден тамак берип тойгузуп, Кашкардын базарына алып келишет. Базарда бир бай, аны бир бала менен сатып алып, үйүнө алып келип, кой–козусун бактырат.

Алыскы жайдагы ата-энесинин өлгөнүн көрүшкөн экөө барар жери, калка кылаар эли жок, өлбөстүн күнүн көрүп, күн өткөрүшөт. Жылдар өтө берет. Экөө бой жеткенде үйлөндүрүп, биротоло кеткис кылып жумушка пайдаланышат. Байдын отуну менен кирип, күлү менен кошо чыккан эки жетим эптеп алачыкта баш паанек кылышып, «эки пакыр, бир тукур» түтүн булатышат.

Эки жетим көтөрүп жүрүп, чоңойткон байдын кызы бой жетип, күйөөгө бергенде, баягы жетимдерди ажыратып, келинди кызга күңдүккө кошуп берет. Ал жердеги бай да чоң той берип, баягы күңдү аттын байгесине коёт. Андан кийин дагы бир бай сатып алып, тойдо байгеге берет. Ошентип, биринен-бирине эрксиз сатылып Какшаал, Кашкар, Кулжа, Үрүмчү аймагындагы аш–тойлордо баш байгеге кошо берилет.

–Жашаган элини, төрөлгөн жериңди билесинби? –дешсе.

–Жайлообузду Тар, уруубузду басыз дегенин билем дейт.

Барган топ кайтканда, жубанды: «атка миң» дешип, ат тартышат. Ал азали атка миңбегенин айтып, баш тартат. Барган жигиттердин бирисине учкаштырып келишкен соң.

–Өз эл, өз жерине жеткиргиле! деген датканын тапшыруусу менен эки аксакал Өзгөндөгү басыздарга барып, суроо салышат. Бир туугандары табылып:

–Өлгөн эжебиз, тирилип, кайра келди-дешип, түлөө өткөрүшүп, элге чоң той беришет. Эжелеринин айтканын

угушуп, Алымбек даткага ыраазылыктарын айтышып, салам жолдошот.

***

«Тай куланын» даңкы дабандан дабан ашып, ат ышкыбоздору «бир көрсөк» дешип тамшанышчу. Алыска миңсе арыбас, байгеге чапса чалыкпас тулпарды, Алымбек датка кастарлап бактырып, жалаң гана даңазалуу аш–тойлордо байгеге коштурат. Алдына ат чыгарбай, дайыма баш келет. Көргөндүн көбү суктанышып, «Датканын оомадысы тулпарынан көрүнөт» дешип, кеп кылышчу.

Ошол жылдардын аралыгында «тай кула» табынан бузулганбы, же ичинен илдетке чалдыкканбы этинен түшүп, арыктап кетет. Жылкы табын билген, саяпкерлер.

–Жайын жедирип көргүлө. Удаама удаа байгеге чабыла бериптир. Тыныктыргыла– дептир.

Үч жыл катары менен үзбөй байгеге чабылган үч атка кошуп, атайын ат багарды дайындап, датка Аю–Тапандагы Ат–Жайлоого агыттырат. Жайы–кышы кармалбай, жайлоодо эркин жүргөн аттардын бирисин, толук бир жыл болгондо алып келип союшат. Байгеге чабылган күлүктүн, өпкөсү карарып каларын, ат жандуу адамдар жакшы билишкен. Союлган күлүктүн эки өпкөсүнүн бири агарган болот. Экинчи жылы экинчисин сойгондо эки өпкөсү тен ак чыгат. Үчүнчү атты сойгондо өпкөдөгү кара так толук сүрүлүп, агарганына күбө болушат. «Тай куланын» да өпкөсү биротоло агарды» дешип тутуп келишип,бир жыл көк беде берип, суутуп таң ашырышат

Көргөндөрдүн баары «казатка миңүүчү ат экен» дешип суктанышат. Качканды сая кетирбеген, кууганга жеткирбеген күлүктүгүнө тан беришчү. Алымбек датканын көзү өткөндөн кийин, Абдылдабек Кокондо болуп, андан соң, орустарга каршы аттанганда, дайыма «тай куланы» миңип жүрдү. Тулпар, аны эңсеген жагына жеткирип, алыста жүрсө арыбады. Абдылдабек тай куланы миңгенде көңүлү ачылып, көксөгөнү колуна тийгендей кубанчу эле.

***

-Анжианга тойго келгиле?-деген кабардан соң, ар уруунун башчылары айдап барчу кошумчасын арнап берчүү тартуусун белендей баштаашты.

-Ханга хандай тартуу. Элдин намысы, журттун ариети. Ата-бабадан калган салтты улап, тартууну тогуздап, кошумчаны алейне, алдыга салып, айдап баралы. Башкалардан ашырса ашыралы, кем калбайлы-деген бийлердин намысчылдыгынан улам уруу башчылары түтүнмө түтүп кыдыртып, бере албагандарды карыздашып, таба албагандарды таптырышты. Мындайдын далайын коргон караламан калк, кабыргалары сөгүлсө да каржы таап,эптеп кутулуштун аракетинде болушту.

Ар айылдын чебер-уз кыз-келиндери чакыртылып, сүлөөсүн, суусар, калтарлардын терилерин өңдөшүп, тумак, калпактарды тиктирип, килем токутуп, шырдак шырытышып, кийиз бастыртып, тери ийлетип, жандарын тындырышкан жок. Кары-жаш дебей эркектерге аркан эштирип, кайыш бышыртып, басмайыл, көмөлдүрүк куюшкан, жүгөн, үзөңгү боо, деги эле аргымак атка зарыл болгон жабдыктар күнү-түнү жасала берди. Короо-короо кой, үйүрү менен жылкы кара мал айдап ,карын-карын май, килем, шырдак, кийиз, тон жүктөгөн кире ар коктудан түшкөн суудай болуп, агылып келип жатты.

Анжиандын акими болуп турган, таксыр Кудаяр хандын иниси Сопубектин тоюна ар тараптан келген меймандар шаардын көчөлөрүнө батпайт. Жарчы жасоолдор ары-бери чапкылашып, шаардын элин аябай эле жүдөтүштү. Шаардын сыртындагы аймактарда тигилген боз үйлөр өтө эле көп.

Коноктордун көптүгүнөн той эгеси Сопубек бардыгына келип, кыдырата учураша албады. Баатыр башы, жан-жөкөрлөрүн жөнөтүп, ал-акыбалдарын билген болушту. Ыш-түтүнгө көчөлөрдөн чыккан чаң аралашып, шаардын үстү той башталгандан бери бозомук. Жел жүрбөгөн ысыктын күнүндө элеттен келгендер ысылашып, эртерээк эле оюн-зооктун башталышын чыдамсыздык менен күтүп жатышкан. Бир мезгилде ат чабышка кошулчу күлүктөрдү каттатууну кабарлашкан жарчылар келди. Алкынган аргымактары менен

чабандестер кошулуп жатышты. Байгеге чабулчуу күлүктөр көп болгондуктан калыстар ар аймактан бирден гана аттарды тандап алышканда, алардын саны эки жүзгө жетти. Миң башы тарабынан тандалып алынган калыстардын катарында Ош аймагынан Өмүрбек баатыр башы да бар эле. Аны калыстар:

-Ары аброюң бар. Ат оюнун жакшы билесиң. Сени көбү тааныйт дешип, башчылыкка көрсөтүштү.

Жаш кезинен маракелерге катышып жүрүп, мөрөй талаштан чыр чыгарын жакшы билген Өмүрбек той башталар алдын жалаң эл башы, аким, бийлердин кеңешинде кайрыла кеткен.

-Жакшылар, баарыңар байкап, көрүп жүрөсүңөр. Аш-тойлордогу чырдын баары мөрөй талаштан башталат. Бирин ала, бирин кула көрбөй нак уткандарга байге берели. Ортого түшмөй жок. Эртеңки тойдо калыстыкка жол берели. Ушуга макул болуңуздар!

Дагы да эмне дээр экен? дегенсишип, көздөрүн сүзө эл башылар баш ийкеген болушту.

-Бардык журтта, бардык топто чыгаан күлүктөр, чабандес-балбандар бар. «Күч атасын тааныбайт»-дейт элибиз. Ак, жеңип алсын ошолор. Бул тамашада, бут тосмой болбосун. Ар бириңиздер тобуңуздарга элан кылыңыздар! Байгеде ат сүрөмөй, улакта атты тосуп, жыкмай. Үзөңгүгө салып, тескери басмай, жаат-жаатка бөлүнүп тартмай болбосун. Эңиште тескери тартып, сүйрөмөй, күрөштө буттан чалмайга жол берилбейт. Бул калыстар тобунун гана эмес, жалпы тамашага келген аламандардын талабы болсун.

Баатыр башы мынчалыкка кантип барды? Качан эле аш-тойлор, чырсыз өтчү эле? Күлүк сүрөлбөсө, улакта ат тосулбаса, жаат-жаатка бөлүнбөсө, эңиште бирин-бири сүйрөбөсө, күрөштө буттан чалбаса кантип мөрөй тиет? Оюн кычылыгы менен кызык. Бул талаптарды баатыр башы Өмүрбек жөн жеринен айтпаса керек? Же, ушинтип «Айт!»-деп хан өзү талап кылганбы? Болбосо, ушунча дөө-шааларга кеңеш айтып, бүтүмүн өзү чыгарып жатат. Бул жөн жеринен эмес. Эл башкарган төрөлөрдүн эч кимиси «жок» деп айтпады. Макул көргөндөй баш ийкеп отурушту. Алсын, Кудай

насип эткен бирөөсү. Ар кимдин оозуна тиштеп отурган ырыскысын, бөтөн бирөөлөр жулуп алышы күнөө эмеспи. Калыстык болуш керек. Алсын, ар ким өз ырыскысын-дешти кээлери.

Калыстардын жыйынынан кийин тандалып алынган эки жүз ат байгеге кошулмак болду. Эчендеген арабаларды коштуруп, көргөн кылган ортолукка тапталган күлүктөр келип жатты. Аларга ар кыл ыраңдагы жип-чүпүрөктөр байланып, кесиндилери ат кармоочулардын колдоруна берилди. Биринен-бири калышпаган аргымактар чубатылганда көпчүлүктүн көөнү тойду. Жомоктогудай сын-сыпаттарына, баскан кадамдары төп келип, туяктары жерге не тийип, не тийбеген көпөлөктөй жеңил, шамалдай атырылган аргымактар элди суктандырды. Үзүлө тиктешкен саяпкерлер, ар бир аргымактын баскан-тургандарына баа беришип, артыкчылыктарына келишкен келбеттерине тамшанышып, кемтигине кейишип ичтери күйүп,жалын-чок болуп турушту.

-Аттиң-ай! Ушул ат менин колума тийип калганда барбы? дешип, кээлеринин артынан ээрчий чуркагылары келишет.

«Кыздын сыры энесине маалым» дегендей ар бир аттын сынына да, сырына да терең баа берген саяпкерлик өнөр ар кимдин эле колунан келе бербейт эмеспи. Тамыр кармап, табын билген тапчыдай, ар тулпардын кемиң туюп, ашыгын сезген сынчынын сыйкырдай өнөрү, бир өзүнүн гана эмес, жалпы элдин өнөрү катары бааланып келери анык. Жерде жаткан топуракты жууруп, ийлеп-сомдоп жан киргизген сыяктуу, жылкы жаныбардын сырын терең үйрөнүп, кай жеринде өөнү, кай жеринде кеми бардыгын баамдап, канчалык даражада чуркап, канчалык жерге барарына чейинки сырды билген саяпкерге эмнени теңештирүүгө болот? Дал ошол теңдешсиз өнөрдөн улам ат аргымак болуп, шамалга айланып турат.

Бул жарыш эки жүз күлүктүн гана эмес, эки жүз ат таптаган саяпкердин мелдеши эле. Саяпкердин бар өнөрүн ишенген тулпары эч убакта уятка калтырбайт. Ага да келип-келип, адам өзү тоскоол болот. «Ат сүрөйм»деген шылтоо менен алдыда бараткан күлүктү жыгып, тосуп кычылык кылат. Айбан да болсо аргымактар акылдуу. Күчкө, мээнетке там

беришет. Оозуп баратканга жол бошотушат. Мунун баары адам баласына айкын, түшүнүктүү. Бирок, баарын түшүнүп туруп, кайра эле тескери жасап, күлүктөрдү мүгүтүп келет.

Мунун баарын ойлогон Өмүрбек ат чубаткандардын арасынан суу карасын миңген Алымкулду көрө калды.

-Баатыр, чабандестик өнөрүң кут болсун?-деди ачык көңүлү менен.

- Бала кезде, байгелерге катышып, ат чапканды жакшы көрөм.

-Үйрөнгөн адат дегин?

-Ушул байгеде бактымды сынап көргүм келди.

-Аргымагына кудай кубат берсин. Мөрөйдү ала көр.

-Айтканыңыз келсин. Суу карага ишенем. Мени уят кылбайт-деп табына келген тулпарын алчыланта катарда өтүп баратты.

Ишенимдүү адамдар бир күндүк жерге барып, топ күлүктөрдү коe бермекке, сүрүп айдап кетишти. Анжиандын тегереги бүтүн кыргыздар болгондуктанбы, же той башкаруучулардын бүтүмүнө эч бир жан каршы турбагандыктанбы, тойдун каадалары, кыргыздын салты менен өткөрүлүп жатты. Адия кылып, союш берүү, жилик тарттырып, устукан алдыруу өңдүү дасторкон үстүндөгү ирасмиларга эч ким кийгилишкен жок. Ал тургай Анжиандык акимиңин атынан эл башы төрөлөргө аттары аталып, сарпайлар берилип, тондор жабылды. Байгелерге да ай туяк, куш баш болгон тогуздап мал коюлду. «Эр алыш», «эр сайыш», «балбан күрөш», «бука тартыш», «өпкө чабыш» ж-б. толгон токой оюндар өткөрүлүп, жеңүүчүлөргө байгелер мол берилди.

Аш-тойлордогу ат оюндарынын ичинен эң эле кызыктуусу да, көпчүлүктү дүрбөткөнү да улак тартыш. Ары балбандыкты,ары шамдагай-чабандестикти талап кылган бул оюнга катышпагандар чанда гана болот. Кары-картаң, чабалдар, бала-чака, улоосу жоктор гана четтеп, оюндун жүрүшүн тамаша кылышат. Ар бир улак ашырган чабандести кыйкырып-бакырып, коштоп, жандары калбай сүрөп турушат. Ал эми улоосу бар, эркек тана делгендердин баары өзүнүн ал-абалы, чама-чаркына карабай, эч болбосо тартышып жаткан улактын шыйрагын бир кармап калууга ынтызар-

ланышып, улакчылардын артынан калышпай керээлден-кечке көлөкөдөй ээрчип жүрө беришет. Миңдеген аттардын тебелендисинде калам-деп, коркуп да коюшпайт.

Бүгүнкү тамашага ары Арка, Олуя-Ата, Көл, Нарын баш болгон аймактардагы бийлери балбандары менен Оро-Дөбө, Кожент, Ташкент, Маргалан, Наманган, Кетмен-Төбө, Аксы, Алай, Өзгөн аймактарындагы деги эле Парганада өрөөнүндө төбөсү көрүнгөн балбандары, өнөрпоздору менен казак-кыргыз, тажик, түрк, өзбек, уйгур, араб, каракалпак элдеринин өкүлдөрүнөн эч ким калбагандай. Кеңири таалада улакчылардын баш-аягы көрүнбөйт. Балбандын балбаны алсын, жалаң гана күчү барлар чапсын-дешкенби, ноопаздай чоң торпок сойдуруп келишип, ортого ташташты. Атчандын баары сүрүлүп, торпокко алдын жетишке шашышканынан улам, жаткан торпоктун айланасына темиңген улакчылар батпай кетишти. Баары эле «жетсем»-дейт. Торпокту көтөргөн эч ким жок. Аттардын терине, таноолоруна чыккан буу аралашып, улакчылардын үстү бозоргон түтүнгө айланды.

Чоң галадан сүрүлүп чыккан эч ким жок. Эт бышым убакыттан соң, чоң гала бир тарапка сүрүлүп, нук издеген суу баштанып улам токтоп, кайра коюланып жылбай калды. Оо, бир топ убакыттан соң, отуз-кырктай улакчы ортодогу чабандести ороп, ага башкаларды жолотпой сүрүлүп жөнөштү.

Аңгыча болбой аркада келе жаткандар чуулдаша кыйкыра башташты.

-Эрежени бузушту. Жикке бөлүнүштү. Чабендесине торпокту көтөрүп беришип, үзөңгү боого орошуптур. Паттага таштаганда, соорун берилбесин. Эсепке алынбасын-деген чуу көтөрүлдү.

Улакчыларга аралашып жүргөн калыстар да Өмүрбекке даттанышып, «Соорун берилбесин»-дешти. Алардын талабы боюнча оюн токтотулуп, эрежени сактоо көпчүлүккө эскертилди.

Бирок, улак оюну балбандын балбаны, чабандестердин чабандесинин оюну эмеспи. Ким эле эреже деп карап отурмак. Астындагы атына, өзүнүн күчүнө ишенеген

чабандестер бири-бири карап отурмак беле. Эрден торпокко жетип, жерден үзө, жалга жампа сала. Калганын кудайдан көрдүм дешет.

Аны жакшы билген Өмүрбек көпкө тартип менен торпокту көтөрүп, маарага таштону көрсөтөйүн дедиби, же улакчылык ышкысы жанын жай алдырбадыбы, алдындагы кашка күрөңдү катуу теминип, кайнап жаткан галага кирип кетти

Улак тартышты көрөбүз деген ышкыбоздордон басарга жол жок. Ортолук быкпырдай кайнаган элге толо. Улакчылардан да, тамаша кылуучулар арбын. Аяк артып, ат мингендерден тартып, атайын күлүгүн суутуп, камданган чабандестер маараке өтүүчү жайда, биринен өтүп бири жарданышат.

- Улакчылардын сүрмөсүнүн алысыраак бололу. Аттары тебелеп кетпесин-дешип, жөө-жалаңдар четирээк жайгашышып, ортодогу галани –топтун «кайнаган» жерлеринен көздөрүн албай акыйышат.

Я-я! Деп, чабандестердин аттарын сүрөп галага кирген кыйкырыгы, шыңгыр эте үзөңгүлөрдүн кагышканы, миңдеген туяктардын дүңгүрөгү, анда-санда көп тыгындан кыйналган аргымактардын онтогон, бышкыра-жөткүрүктөрү алыска угулат. Ортолуктун үстүндө миңдеген аттардын деми, теринин булоосу чаңга аралашып бозомук булут болуп көрүнөт. Аттардын демиңе тери аралашып, коңурсук жыттан улам аба оор тартып, чабандестерге да, алардын миңгичтерине да аба жетишпегенсийт. Күн төбөдө чызырап, көк асманда токумдай булут жок. Улам-улам ортодогу улакка жетсем деп, темиңип-кагына жүткүнгөн кыймылдарынан, көп аттын ысык демиңен улам улакчылардын бети-баштарынан салаа-салаа тер кетип, чаң баскан жүздөрү таанылбайт. Анда-санда башын көтөрө, мойнун созгон кээ бир аттардын кашкасы жарк эте көзгө уруна калат. Чар тарапта моюндарын талыта, улам созуп караган элдин көзүнө  улак тартып, гала болуп жаткан ортолук бирде баткактуу саздагы дымыган көлчүктөй болсо, бирде кемегеге асылган казандагы суу борк-борк кайнагандай сезилип жатты.

Жаткан торпокту  көтөргөн эч ким жок. Жанына жетип көтөрүүгө далалат кылган чабандестерди, сайдын ташындай

көпчүлүк эңкейүүгө буймасын келтирбей ары жак-бери жагынан кысат. Көпчүлүктүн сүрмөсүнөн, ортодогу аттар бир кезде четке сүрүлүп, четтеги аттар ортодо калып, ортодогу жаткан торпок миңдеген туяктардын тебелендисинде ары оонап-бери оонап чаңга буланды. Анча-мынча чакан аттар чоң аттардын ортосунда тумчуга кысылгандан улам, тисириле өздөрү эле кетенчиктей, чыга бериштти.

Галага аттын аты, чабандестин чабандеси гана умтулуп жатышты. Айрым сөөк-саактуу чоң аттар галани суу кечкендей ары-бери сүзүп өтөйүн десе, туяктарын тебелеген курч такалардын уусунан улам, буттарын көтөрө тартып алышып, ооруксунгандан артка кетенчиктешет. Айрым чабандестердин миң алакетке түшкөн аракети текке кетип, алдындагы аты кысылуудан чоң аттардын салмагынан четтеп, чыгып кетүүгө буямалары келбей, чаң, терден аба жетпей, өпкө кага жөткүрүшөт.

Галага эт бышым убакыт эбак өтсө да, кайнаган шорпону эч ким аралаштырбагандай болуп, эч жакка сүрүлө албай көбүктөнө бир орунда кайнап жатты. Ортого жеткени бар, бирок көтөргөнү жок. Айлаларын таппаган улакчылар качан гана аттары кыйналып, чаалыкканда, өздөрүнүн тамактары кургап, демиккенде үмүттөрүн үзө, аттарын дем алдырууга четке чыга берейин дешсе да, сүрмөлөп, оморолоткон көп аттан шап чыгып кете алышпай, мукурашкансып, бири-бирин тиктешет.

Кап, аттиң ай! Үч-төрт чабандес биригип, ортодогу торпокко жетсе, бириси эңкейип, бириси калкалап, бириси көтөрүшсө, эчаак эле жерде жаткан торпок ат жалына артылмак.

Антүүгө эч ким жол бергидей эмес. Анын үстүнө ортодогу галага топ чабандес бирдей жете да алышпайт. Алардын жетүүсүнө эч ким шарт да түзүп бербейт. Айласын кантип табууга болот? Айласын тапкан убакта да, жаткан торпокко жетип, эңкейип, жерден үзүүгө, аны көтөрүп, ат жалына салууга, жапма кылып үзөңгү ашырып, галадан сүрүлүп чыгып, топ жыйындан үзүлө, аргымак өзүн кое берүүгө ушул миңдеген улакчылар мүмкүнчүлүк береби? Биринен бири чабандес, биринен бири алгыр, биринен-бири балбан, көк

жал улакчылар, «кимиси кантээр экен» деше, сынамакка акмалашат.

- Пай-пай-пай! Бул жерде аттын аты, чабандестин чабандеси гана алып чыгып кетпесе, жөн улакчы көтөргөндө да, ат жалына жеткире албай. Ат жалына жеткирген убакта да талашкандарды көр! Ошол үчүн көк бөрү. Биринен-бири жулуп, биринин айласын бири кетирет. Мына ушунда айла-илаа да, күч-кубат да, чебердик-чабандестик да сыналып, кимдин-кимдиги билинет. Көпчүлүк сынап, ага көпчүлүк баа берет.

Улакты токтотмой болушту. Жарданышкан көпчүлүк уу-дуу.

- Эмнеге, соорунун аяп жатышабы?

- Соорун койбосо, той бербей, эле коюшпайбы?

- Деги соорунга эмне коюшуптур?

- Комдолуу төө, бир тогуз.

- Анан дагы.

- Жүз кой.

- Эртеден бери галадан, эч бир чабандес торпокту көтөрүп, алып чыкпады. Улакты токтотолу деп жатышыптыр.

Алып чыгат, Эмне, элде эр азамат түгөнүп калыптырбы? Чыдаса, той беришсин. Чыдаса соорун коюшсун.

- Ооба ушунча улакчы бир каптан кетишсин. Хан уулунун эмнеси калаар экен.

Көпчүлүктүн уу-дуусун эшиткен той башчылары тилдерин тиштешип, унчукпай четке чыга беришти. Ортодогу гала быкбырдай кайнап, сырттагылар менен иштери жок, өздөрү менен өздөрү ат салышып жатышты.

– Ыя-я! А-а! Жаныбарым! Аа!-дешип аттарынын тизгиндерин кагыша, ортолукка умтулуп жатышты.

Ат соорулары тийишип, үзөңгүлөр кагышып, чабандес-тердин бут тизелери, кайрыла тополоңдошуп баш көргөнүн, көз көрбөй темиңгендин үстүнө темиңишет. Той ээлери четке барып, өздөрүнчө билермандары менен масилет кылыш-канбы, кайра ортого чыга келишти.

- Калайык калк! Жамы журт! Кимде ким, галадан торпокту көтөрүп бергенге комдолгон төө.

- Кимде ким, ат жалына ашырып галадан чыкканга бир тогуз!

- Кимде ким, торпокту ашырып, маарага таштаганга жүз кой!

- Уккула, уккула! Укпадым дебегиле!

- О жакшылар, жамы журт! Балбандарыңарга эскерткиле! Соорунду ак таштап, алып кеткиле деп, кара тебетей, мойлоосун ак аралаган чабдар атчан адам, ар топко барып жарыя кыла, бастырып жүрдү.

- Ап-бали! Азамат! Алсын балбандын балбаны.

- Ханзада эми намысына келиптирби.

- Тамашадан аянышпаган экен.

- Марттык кылыптыр, чабандестердин да мээнети кайтсын.

- Ичпей-жебей, атын баккан азаматтар алсын.

- Туура, улакчынын бир аты үй-бүлөдөн көп жейт.

- Аттын ышкысы башка да.Ат таптаган киши, аттан аянбайт.

- Ат канчалык жесе, ошончо күчүнө кирет эмеспи.

- Э чабандесиң курусун. Жан берип, жан алгыдай.

- Көп ат азыр эле зооругун, арып калды.

- Галадан чыккандарды көрдүк го. Сууга түшкөн чычкандын өзү болуп калыптыр.

- Ал ат, бир жылсыз табына келбейт.

- Туяктары жанчылып, тешилип, канаганын айт.

- Улакчысын айт. Аттын тумшугу, үзөңгү тийгенге кайыл.

- Көбүнүн көзү көгөрүп, башы жарылып, акактап чыгып жатышпайбы.

- Улактын ышкысы башка да, кийимиң айтсаң. Тытылып бүтүптүр.

- Соорун алса түзүк. Соорун албаса аты да, өзү да кур жалак.

- Ээ, улакчы, аны ойлойбу?

- Ошону айт. Бир аяк ашырса, жыл бою эстеп, мардаят да дешип, көпчүлүк өздөрү менен өздөрү ортодогу улакчыларга баа берише, сындаша күпүлдөшөт.

Эртеден берки гала, күн чак түш болгондо чон доорандын батыш тарабына сүрүлдү. Улам торпокту бири

көтөрүп, бири талашып жатышып, сүрмө топ, оңор эмес жерге сүрүлүп барышты. Эртеден бери галага киришкендер чарчаган аттарын дем алдырыша четке чыга, басмайылды бошотушуп, ат терин кургатышты.Өздөрү да чаңкоолорун жазып суусундук жутушуп, улам элеңдеше галаны тиктешет. Айрымдары тердеген аттарын жайдакташа, жумшак жерге оонатышып, өздөрү да терге чыланган кийимдерин, аттарынын токум-ичмектерин күнгө жайыша сергип жатышты.

Гала көк ирим суудай чайпалып, көп атчандын баштары, мойнун көтөргөн аттардын тумшуктары гана көрүнөт. Кимдин ким экени, кай жерде жүргөнү таанылбайт да, билинбейт. Улам көтөрүлгөн бозомук чаң, эчен коюланып, атчандардын үстүндө кою тумандын караанындай чоңоюп барат.Өмүрбек ат үстүндө чыдап тура албады.Ышкысы ташып эки курдай галаны көк аласы менен кечтирип барып, торпокту көтөрүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк таппай, акыры мукурап, кыйналган атын дем алдыруу үчүн азап менен четке чыга берген. Биринчисинде атынан басмайылын бошотуп, терин кургатып, өзү суусундук жутуп кайра кирсе, экинчисинде атын жылаңачтай ээр-токумун алып, сергиткен.Үчүнчү жолкуда четке чыгып, шамалга токтоп, тердегенден муундары кетип, аяк-башы титирей, дарманы каткан атынын ооздуругун чыгарып, башта сууга чыланып, нымы кеткен ченелүү арпаны торбосу менен илди. Аты аны заматта күүшөп койду. Торбону алып, жумшак жерге жетелей басты. Анын оюн аты түшүндү окшойт. Алдыңкы буту менен тизелей туруп, жерди жыттай, тууралана жатып, каршы-терши ала салды. Туруштан зериккендей, буттарын кеңири сунуп, башын чалкалата бир топ жатып, оң тарабы менен кайра оонап, аңтарыла, анан сол тарабы менен оонап-оонап, шарт тура, жүгөнүн шыңгыр-ата силкинди.

Суусундукту чала жуткан чабандес, куусаң чөп менен күлүгүн зерикпестен бир сыйра кашый тарап, сылап-сыйпалап, жал-куйругун салаалап, көзү, каш-кирпигинен бери аарчып чыкты. Көк аланын каткан тери, жабышкан түктөрү билинбей, жылтырап чыга келди. Башта кургасын деп, жайып койгон тердик-ичмектерин зерикпей укалап, силкип-күүп, зээнин кое жумшактап токуду. Калың жаазы коюлган ээр

койкоюп, кош басмайыл чың тартылды. Үзөңгүгө бут коеру менен ээрге бекем отурган чабандес, уламдан-улам борк-борк кайнап, гала болуп жаткан ортолукка тизгин бурду.

Өмүрбек келгенде ортолуктагы гала бир аз сүрүлүп, четке жыла баштаган экен. Ызы-чуу, кыйкырык, миңдеген туяктардын күтүрөгөн добушуна кошул-ташыл. Ал көкаланы багыттап, сүрүлгөн топту көздөй чаап жетип барды. Баятан бери дем алгангабы аты да, өзү да кубаттуу эле. Килейген чоң торпокту атына жапма салган чабандес, ортолукта камчысынын көгүнөн тиштей, алдында күрөңбү, карабы, түсү билинбеген жалы буурул күлүгүн темиңе, көпчүлүктөн үзүлө чыгып кетүүнүн аракетинде туруптур. Анын айланасында самсалаша ээрчишип, бирине бири ат салып, жулунушкан көпчүлүк чабандестер эптеп жетип барып, жапма болгон торпокко кол созуп, жулкуунун аракетинде. Көпчүлүккө моюн бербеген көк жал, эптеп эле жапмага бут ашыра, үзөңгү боого басуунун камында, улам-улам бутун көтөрө коёт. Бирок, жан-жагынан талашкан көп атчан ага мүмкүнчүлүк бербей,  жула тартышат. Аты да, өзү да арыганы билинип, көпчүлүктүн сүрдүгө кубалоосу менен араң келе аткандай. Ташыган селдей, алдынан канчалык тоскоолдук чыкса да каптап кетчүүдөй болгон топ, аңды-дөңдү эстеринен чыгарып койгондой.

Эчен улакта, кексесине айланган чабандес топту ээрчип, ага жетүү мүмкүн эместигин дароо билди. Бир гана мүмкүнчүлүк бар. Ал өтө коркунучтуу. Ага эч ким даабайт. Болбосо, үстүнөн учкан куш да жетпейт. Эки тарабындагы тартышууга чамынган чабандестер эч кимди ортолукка киргизишпейт. Аны жакшы түшүнгөн улакчы өзүн да, атын да «бар» деп тобокелге салды. Бул да болсо улактын ышкысы, оюндун өтө эле кызыкчылыгы болчу. Мындайга эч ким барбас эле. Селдей каптап келе жаткан улакчылардын алдына өтө чыгып, баягы чабандеске жетип-жетпей, буурул күлүктү тизгинин кага алдыга жүткүндү.

Көпчүлүктүн сүрөөсү менен чабандестин атынын алдыңкы соорусу, анын көк аласынын арткы соорусуна туш келе сүрүп жөнөдү. Болбосо, атын туура тарта калса, же бир азга эле буйдамалана калса, жүздөгөн аттардын сүрүп

бараткан эпкини аны эчак эбелектей учура, тебелеп, былчылдата эзип салмак. Анда улакчы да, аты да тирүү калышы мүмкүн эмес эле. Өмүрбек кудай колдоп, баягы тизгинден сүдүрөгөн чоң топтун сүрмөсү менен күлүк, көк алага жанаша түштү. Анын үстүндөгү чабандеси чарчагандыктанбы, же кубаты кетип калганбы, жапма болгон торпоку үзөңгү боого баса албай, ат жалына өбөктөй келе жатып, чабандеске алдырганын билбей калды. Анын да себеби бар эле.Өмүрбек көк алага жанаша түшкөндө жапманы өзүнүн атынын жалына карай тартканда, кынтайыш жерге келе калып, жан боордо, эки чабандес жарышып баратышкан. Өмүрбектин атынын жалына торпоктун эки аяккы шыйрагы аша түшкөндө анын оң тарабындагы улакчы келип, торпоктун бир аягынан өзүнө күч менен тарта бергенде жапма, көк аланын мойнуна арта салынды. Ушуну гана аңдыгансып, чабандес шарт эки бутун ашырып, торпокту үзөңгү боого басты. Тың атына дем бере

- Чү, жаныбар! дегенче, тизгин силкти. Көп улакта маш болгон көк ала атып кетти. Улакчылардан чылбыр бою алдыга оозуп, бөлүнө түштү. Көрүп тургандар уу-чуу түшө.

- Ал чабандес! Ал!

- Баракелде, чамда, чап!

- Ку-ку! Айт! Айт! деп кубаттап жатышты.

Көпчүлүктүн сүрөөнүнө кубаттанган көк ала менен чабандес өлүп-тирилерине карабай, торпокту ала качып баратышты. Жаны ачышкан улакчылар «Ушуга алдырып жиберебизби?» дешкенсип, артынан биринен-бири өтүп сая түшүштү. Кутүрөгөн миңдеген туяктар, адамдардын сүрөөнүнө кошул-ташыл боло аба жарат.

Уу-чуудагы сүрмө топ, улактын кызыгына батышкан-данбы, же улактын ышкысынанбы алдыдагы жарга барышып кептелишерин эч ким аңдабаптыр. Аны менен Өмүрбекда, көк ала да иштери жок. Капылеттен көрө калып, аптыгып кетти. Токтоп туруп калууга да мүмкүндүк жок. Кокустан, токтоду дегичекти, селдей каптаган көпчүлүктүн эпкини баары бир келип, чабандести ат-маты менен учура коёт.

- Кудай сакта. Эмне кылуу керек? Эч жакка ат мойнун буруага мүмкүнчүлүк жок. Учуп кетүүгө канат болбогон соң,

арга табыш кыйын. Көз ачып-жумгучакты ар түрдүү ойлор келип, арга табылбай калды.

- Бар тобокел. Кудай өзүң колдой көр?

Көк аланын оозун жыйбай, шарт темиңди. Ээсинин ыгына көнүп, кайра тартпаган курч, эч нерседен тайманбаган көк ала тулпар жарга боюн таштады. Жер чаңып жатып калды. Аны көргөн арттагы сүрдүккөн топ, аттарынын ооздорун тартыша тууралай токтоп калышты.

- Улакчы болбосоң болбой кал! Баракелде!

- Мына улакчы, көрүп алгыла!

- Чапсаңар, ушинтип чапкыла! дешип баш чайкашты.

Улакчы жардан түшкөндө атынан ыргып кеткен. Борпоң топурактын үстүнө түшүп, эч нерсе болбоптур. Кагынып-күүнүп туруп, атына барды. Ал да жумшак топуракка түшүп, таанылгыстай түскө келип, ээсин көргөндө окуранып койду да, силкинип жиберди. Чаң көтөрүлө түшүп, жонундагы ээри шалактайт. Ээси барып караса, ээр экиге бөлүнүп кеткен экен. Катуу тартылган басмайылдан улам жонунан түшпөптүр. Аяк-башын караса баары сак. Бая эңкейе бериште ат жалынан ыргып кеткен торпоктун денеси, тээ арыта чаңга буланып, томпоет. Бир топтон соң улакчылар келишип, алар торпокту эстеринен чыгарыша, Өмүрбек улакчы менен анын атын таңыркашты. Беш-алты метр жерден куюла түшкөн күлүк, жумшак топуракка келгенде үстүндөгү ээси да, жалындагы торпок да ыргып кеткен экен. Ээр гана сынып, башка эч нерсе болбоптур.

- Баракелде, азамат! Зап, улакчы экенсиң.

- Атыңа да, өзүңө да ырахмат!

- Бар бол, бар бол! –дешип, улакчылар анын өзүнүн сактыгына, атынын амандыгына ыраазычылык билдирип жатышты.

***

Айдалган күлүктөр күн кечкирип, ире-ширеде болжогон жайга жетишти. Эски чоң коргондун оозуна ат айдоочулар жайгашып, калгандары ар-ар жерде күлүктөрүнүн ээр-токумдарын жазданышып, эс алууга киришишти. Аттар жерге жарык түшөөр алдын, таң супа-садык болгондо кое

берилерин билген Алымкул келээри менен «суу караны» тери кургасын деп, кантара байлаган. Кечке ат үстүндө жүрүп, чарчаган чабандестердин алды уйкуга кире баштаганда, ал күлүгүнүн ээр-токумун алып, жонун сылап көрдү. Тери кургап, эти муздаптыр. Жүгөнүн шыпырып, жалаң ноктосу менен кое бергенде «суу кара» төрт туягын бүгө жатып, улам ала-сала оонап кирди. Бир мезгилде ордунан шарт тура калып, каттуу силкинди. Атынын сырын жакшы билген Алымкул колуна как чөп ала туягынан баштап, сооруларын арка жондорун түгөл кашып, денесин бир сыйра сыдырып чыкты.

-Эми эс алсам болот-дегендей «суу кара», кайрадан буттарын бүгүп, күрс-күрс жөткүрө, мойнун созуп, бир обдулуп алды да, кайра төрт аягын кенен сунуп, оор дем ала жата кетти. Тулпарына ишенген Алымкул терең ойго чөмүлдү.

Кечээ күнү бешимде чыгып, күнү-түнү менен жол жүрүшүп, бүгүн көз байланганда гана мерчемдүү жерге келишти. Демек, эки күндүк жол, өнөр эмес. Эртең таң агарганда жөнөшсө, маарага кечинде жетип барышкыдай. Ким оозуп, ким калат, аны эртеңки таймаш аныктайт. Кошулуп келгендердин күлүктөрүнө караса баары эле тулпардай сезилет. Араб, акыл текил кара байыр таза кандуу аргымактардын сымбаттары келишип, көрктөрү көздү тайгылтат. Чабандестери да чыйрак. Баары эле, эчен байгелерге катышып, кексе болуп калгандар. Көбү бири-бирине курбалдаш болуп, өзү теңдүүлөр кем. Анын да жөнү бар. Чабандестин көбү тирикарак, паамчыл, чыйрактыгына карай тандалат. Эң негизгиси, алар жеңил, шамдагай, кайра тартпаган өжөр болушу керек.

Алымкулдун атасы Курбанкулдун Субанкул, Рахманкул аттуу эки иниси бар. Алар да ата-энелеринен жаш калып, жетимдиктин азабын куп эле тартышты. Курбанкул жаш кезинен чыйрак чыкканы менен кедейликтен жарыбады. Ар кимдин суусун ташып, эшигин шыпырып, нан таап инилерин бакты. Үйлөнүп Алымкул аттуу уулду болгон соң, кеселдин айынан көз жумду. Жубайынан ажырап, жесир калган апасы Алымкулду багыш үчүн эмнелерди гана кылбады. Ар кимдин коюн саап, сүтүн ташып, үйүн шыпырып, жаны тынбай иштен

колу бошободу. Уулун көтөрүп жүрүп чоңойтуп, кедейчиликтин кыйынчылыгын эчен жолу баштан өткөрдү. Жетим өскөн Алымкул жаш кезинен эле теңтуштарына караганда эрте токтолуп, чыйрак өстү. Таамай айтып, так сүйлөгөн жаш балага көбүнүн көөнү түшүп, жасаган ишине ыраазы болушту. Жардыга жабыз, бирөө жардам берүүгө ышкыбаз бала, балакатка жеткенден баштап, мечиттен билим алып, сабаты ачылды. Жаш кезинен эле «Молдо Алымкул» делип, улам аты оозго алына баштады.

Акыл-эси токтонгондон тартып, ар кимдин жумушун аткарып, алкышын да, акысын да алды. Тоолуктардай аяк артар аты болбосо, эч жакка баралбастыгын, эч бир ишти аткара албастыгын туйган жаш жигит, тапканын чогултуп жүрүп, эптеп ат сатып алат. Күндө колу бошогондо атын эрмек кылып, кашып-тарап, этинен түшүрбөй бир калыпта багат.

-Ат кадырын билген жигит, эл кадырын да билет-дешкен айылындагы аба-аксакалдар, аны аш-тойлорго ээрчите барышып, элге аралаштырышат. Анча-мынча тамашаларга катыша коюп жүрүп Алымкул улак тартышка, ат чабышка ышкыбоз болуп кеткенин, өзү да туйбай калды. Улам-улам атты кылдап жүрүп, жылкы сырын терең өздөштүргөн жигит чобуру кайсы, жорго-күлүгү, кийинкилиги болорман аттарды тандап, таптаган ышкыга жетет. Ошентип жүрүп, «суу караны» кулун кезинен базардан сатып алган. Кулуну кийин тайдан быштыга, андан асыйга жетти. Ээси экөө биринин сырын, бири туюп, айттырбай түшүнүп турушат. Ошондон уламбы, анча-мынча байгелерде мөрөй бербей, Алымкулдун «суу карасынын» даңкы күндөн-күнгө аша берди. Өзү молдо атыгып, жүрүшү мырзадай болгон Алымкулдун айланасында да жакшы санаалаштар чогулуп, тели-теңтуштары менен элге төбөсү көрүнө баштаган чакта, минтип Анжиандын акими Сопубек той берери элан болуп, Алымкулдун делбеси кызыган.

-Бар тобокел. «Суу каранын» да, өзүмдүн да, бактымды, бир сынап көрөйүн. Кудайым ал-кулум десе, элге берген бакыттан, мага да тиер-деген жакшы ниет менен ат чабышка ушинтип кошулуп отурат. Жаш балдардай жеңил болбосо да,

чучугу эми толуп бараткан ээсинин салмагы «суу карага» үйрөнчүк эле. Анын үстүнө көпкө билинтпей, күнү-түнү таң ашырып, эчен жолу суутун кандырган тулпардын бүгүн табына келип турган чагы. «Суу караны» эчендеген ат таптап, байгеге катышкан саяпкерлерге алып барып сынатып көрдү. Кээси божомолдоп, кээси төп айтышты:

-Аттын күлүктүгүндө айып жок. Кептин бары, табында дешти.

-Табын кантип билем?-деп, көбүнө барды. Ар кими билгенинче айтты. Бирок, баары эле, бир сөз болуп алгандай.

-Эрназар аттуу сынчы бар. Атынын сырын да, сынын да, табын да ошол кишиден ашык, эч ким билбейт-дешти.

-Эрназар сынчы, кайсыл жерде турат? Уурусу кайсы?деп жүрүп, акыры Кубадагы бир абышкадан билди.

-Төөлөстөрдөгү Эрназар сынчы карып калды, Барып көр. Атынын басыгынан тааныйт-деди карыя.

Алымкул бир күнү ага да жетти. Аты таанымал сынчы Жүлгөдөн болот экен. Амандашып, учурашкандан эле, анын оозун ачырды.

-Атыңы өтө эле жакшы көрөт турбайсыңбы?

-Неге?

-Өзүн ичпей-жебей ага берет экенсиң.

-Жалгыз атым да.Аныңыз туура.

-Жалгызым деп жүрүп,эрке кылып алыпсың?

-Эркелиге кандай?

-Өз билгенин кылат экен. Кааласа жатып алат. Сенин от беришиңди күтүп тура берет…

-Айланайын аба, мунун баарын кайдан билдиңиз?

-Бая эле келгениңде, атын экөөң тең мага айтып бергенсиңер-деди, аксакал башын калтаңдата,тамашалай.

-Абаке, атымын табы кандай?

-Табы мазза.

-Байгеге кошсом болобу?

-Болот. Бирок…

Алымкулдун шаштысы кетип:

-Ии? Айта берин?

-Жакынкы жерге ат жетпейт.

-Алыскачы?

-Алыска…Жарым жолго барганда күйүгөт.

-Күйүкпөс үчүн эмне кылам, аба?

Сынчы аны бир топко чейин тиктеп, мулуюп койду.

-Мырзадай сөөлөтүнө, шашмалыгын оошпой турат. Атаңан жашынан ажырап, насаатын укпаган көрүнөсүң?

-Туура айттыңыз, аба. Атам жашымда өтүп кеткен экен.

-Кимге эле, ата-энени пешенесине байлап берет. Мына, мен деле кемпиримден калып, жетим болуп отурам.

-Аты кайырлуу болсун, Байбичеңизге багыштап куран окуп коёюн.

Алымкул кыраатын келтире куран окуп, алаканын жая, бата кылды.

-Балам, сөз арасында айта кетпесем, унутуп калам. Байбиче деп, уул-келинден, неберелерден ызат көргөн, очор-бачар үйдүн кутун айтат. Кемпир коколой башка тиешелүү-деп үшкүрүндү.

Сынчынын балдарынын жоктугун эми гана туйган Алымкулдун оозуна кеп кирбей, осолдоду. Туруп да кете албады. Карыянын отурган жери, дөңгөчтүн үстүнө жая салынган, эски талпак. Эшик алдында көлөкөлөр чырпык жок. Жепирейген эски тамдын каалгасы бир тарабына шылкыя ачылып турат. Абышканын өзүнөн башка, жан жаша-багандыгын эми гана байкады. Ичинен аяп:

-Абаке, алып кетейин мага ата болуңуз?

Абышка таягынын учу менен жер чийип отурган. Башын көтөрбөй, мейман жигиттин өтүнүчүнө суроо менен жооп берди.

-Бала болгуң келсе, ушул жерге кел десем, сен келбейсиң. Көңүл үчүн айтканына ыраазымын! Өз жеримдин турпагы насип этсин. Сен тескей да, мен күнгөй. Гүлдөгөн чагың, менин куураган чагым. Байкашыма караганда оомадың келип, дөөлөтүң артаар. Жакшылык каалаган ниетин бар экен, душманын көп болчудай. Сенин ищиңди кутумдар бузаар. Көп эле ишенчээк, боло көрбө.

-Абаке, атамын жок экенин, кантип билдиңиз?

-Атасы бар уул, сөздү аягына чейин тыңшайт. Сөздү айткан эмес, уккан акылдуу. Сага насаатым. Сабырдуулук. Оюнду билип турам. Эси-дартын күлүгүндө болуп калыптыр.

Атынын дагы бир айлык, табы бар экен.

Жолоочу чочуй, ордунан тура калды.

-Аба он күндөн кийин байге башталганы турбайбы? Атымы кошо албай каламбы?

Абышка жерден баш көтөрбөй, мулуйду.

-Кошосуң

-Канткенде кошом?

-Дээлигип калыпсың, кошмой сайын жаның тынбагыдай.

-Абаке! Айланайын аба, байгеси сизге болсун. Табына канткенде келет.

-Башта келсең болмок. Менин кубатым жетпейт.

-Кимдин колуңан келет? Айтыңыз, барайын?

-Башкага болсо, айтпас элем. Сен үчүн айтам. Атың чыкса, кичинеңден берки тарткан кордугундун баары жуулат. Ал үчүн адигинелерге бар.

-Ким дегенине?

-Аты жадымда калбаптыр. Илгери Шүкүр бий деген өткөн экен. Камбар-Ата тукумун кастарлап, эчен тулпарларды тап-тап, Паркана аймагында, баш байгени, эч кимге алдырчу эмес-деп айтышчу.

Анын күлүктөрүнүн даңкын уккан, ары жагы Кашкардан ары, бул тарабы Букар, Хива, Самарканд, Калмак-Моңол-дордон элин чаап, жылкысын айдап кетмекке жортуулга келишет. Элин чаптырбай, жылкысын алдырбай коргошот. Келгендердин баары жердин шартын билишпейт. Шүкүр бийдин урпактары Алайдын этегин жердеп, аркы-тарабы аска-зоо, эки тарабы бийик тоо, бир гана этеги жапсар түзөңгө уланып кетет. Дал ошол этекте, өздөрү конушуп, малдарын саксактап турушчу дешет. Ат керүүдө, найза босогодо турчу заманда, алардын конушуна жетиш үчүн жортуулчулар эчен эл аралап, жер басып, көптүн көзүнө урунуп, өтө алышчу эмес экен. Сагызгандын жумурткасын алган уурулар да келишип, бир ар аттарын алганы менен топ жылкыларды сүрүп айдап кете алышпаптыр. Эки жолу калмактардын «кара чабуулу» каптап, элин чаап, мал-мүлкүн талайт. Адигине балдары жакырданса да, Камбар-Ата тукумун кастарлап, жылкы баласын колдон чыгарышпайт.

Кийин Кокон бийлери чыгып, хан даражасына жетишкен

соӊ бир нече жолу кол куроого «кыл куйрук» талап кылат. Билармандарын ордого чакырышып, бийлик орундарын беришип, өздөрүнө жакындатышат. Аларга моюн бербеген адигине уурусундагылар ушул күнгө чейин, ордого кас. Козголоӊ чыгарып, ордону жүдөтүп келет. Ат кадырын ардактаган адигине Шүкүр бийдин урпактарынын арасынан сынчы, саяпкерлер көп айтылат. Ата мурасынан уланган саяпкерлик, санапкерлик өнөрдү кармагандыктан улам, адигине балдарынан куштун тилин, аттын сырын билгендери арбын. Бар ошолорго. Сырыӊы ачык айтсаӊ, өнөрүн жашырышпайт-деди абышка.

Сынчыга ыраазы болгон Алымкул аны менен коштошуп, жолго чыкты. Адигинелерге келип, сураштырып, акыры Балта аттуу адамды тапты. Аны менен жөн-жай сурашкан соӊ, сырын жашырбады.

-Молдо жигит, биз тарапка кандай келип калдыӊ?

-Эрназар сынчы, Адигине тобундагыларга барып кел-деди

-Эрназар карыя, күүлү-күчтүү бекен?

-Үйүндө жалгыз экен.

-Кемпири өтүптүр деп, уктук эле. Кайран киши, карып болуп калган тура. Анын көзү ачык. Кудай ага, ченебей эле өнөр берген экен. Жылкынын сырын андан артык билген жок.Эмне деди?

-Атыӊы байгеге кошсоӊ, алыска жетпейт-деди.

-Таап айткан. Бир айлык табы бар экен.

-Анжиандын акими Сопубек, он күндөн кийин той берет.

-Үлгүрө алаар бекенбиз? Ким чабат? Чабандесин кандай неме?

-Үлгүртө көрүӊүз абаке. Бактымы сынайын дедим эле. Өзүм чабам.

-Бактымы дегин? Өтө жоопкерчиликтүү иш экен. Бүгүн менин үйүмдө калып, эс ал. Атыӊы мен карайын. Эртеӊ Маргаланга барып, Мадияр устага жолугуп, атыӊы такалатасын. Кана, үйгө жүр?-деп, мейманга эшигин ачты.

Эртеси мейманы жолго чыгаарда, үйүнөн бир куржун алып чыгып

-Мына бул куржундун бир көзүнө толо чөл жүгөрүсүнөн

бир көзүнө толо сүлү ала келесин. Бирок, бараар баргыча, келээр келгиче атыңы аяба. Жорттуруп бар-деди.

Мейманы кайрылып келген соң, аттын буттарынын ар бирине ынтаа коюп карап,

-Мадияр устанын усталыгында айып жок. Азамат, мыкты иш кылат-деп ыраазычылыгын билдирди да, алып келген жүгөрү менен сүлүнүн чарын терип, шаар аккан таза суугa жууду. Каңтарылган «суу каранын» ээрин албай, басмайылын бошотуп, токум алдына кол салды.

-Молдо жигит, Маргаланда атыны көбүрөөк тынык-тырыпсын. Мейли, бүгүнчө жетишет. Эми, өзүң эс ал-деп үйгө баштап кирди.

Экинчи күнү саяпкер, мейманын кайра дагы, базарга жөнөттү.

-Молдо жигит, мына бул куржундун бир көзүнө күрүчтүн акшагын, бир көзүнө акталган арпа алып келесин. Ат үстүндө туруп, таразага тарттырып, кайра тарт. Дем алдырбай, тез кел-деди.

-Абаке, бу Асаке, же Кубадан алып келсем болобу?

-Жок. Маргаландын өзүнөн алып келесин-деп кылчайбай ары басты.

Жолоочу кайтып келээри менен атты аса байлап, ээр-токумун албай туруп, соорусун, жонун алаканы менен сыйпалай, таптады. Үчүнчү жолу да Маргаланга жумшап, ар келээри менен аттын ээр-токумун алып, жабуу жаап, басмайылын чың тартты. Суу караны улам тындырбай маал-малы менен арпа, күрүч, жүгөрү акшактарын убакыт өлчөп алмак-салмак берип, кашып, кайра-кайра оонатты. Күн-түнү тынчыбаган саяпкерди көрүп, ат таптоо түйшүгү өтө оор экендигине ынанып, Алымкул ошондо сезди. Жуманын этегинде, сынына келген атты жетелеп келип,

-Молдо жигит, атың табына келди. Бир ай чапсан да, арыбайт-деп тамашалай, жайдары жүз менен анын алдына тура тартты. -Атың тил алчаак, ак көңүл экен. Күйүксө да көңүлүңдү калтыргыдай эмес.

Саяпкердин өнөрүнө ыраазы болгон Алымкул, эл ара-сындагы не деген гана өнөрү ашкан адамдар бардыгына суктанып, алардын кадыр-баркын көбү туя бербегенине алар-

ды барк албай, кастарланбай жүргөнүнө өкүнгөндөй болду. Асманды карап түн коюланганынан улам таңга чейин көп убакыт бар экенин байкады.

Суу кара бир мезгилде ордунан туруп, куйругун көтөрө тезек таштады. Саяпкердин айтканы, дал келгенине таң калган Алымкул, атынын табы келишкенине ичинен сүйүнүп, кудуңдады.

Таңкы жылдыз көрүнгөндө ат айдоочулар турушуп, чабандестерди ойгото башташты. Баары жеңилденише, аш-баш дегичекти аттарын токушуп, даяр болушту. Чыгыш тарап агарып, караандар бирин-бири даана тааныган кезде, ат айдоочулар коргондун оозунан кетенчиктешип жабыла кол көтөрүшүп

- Жолуңар ачык, Оомийин!-деп бата беришти. Биринен-бири өтүп, жол талашкан чабандестер аттарынын оозун кое беришти. Кимди-ким көрүптүр. Тапыр-тупур, баш аламан көпчүлүктүн кыйкырыгы, таңды жарды. Жал куйругу таңкы желге сапырылган күлүктөр жарыша, биринен-бири жол талашып учуп барат. Алдыңкы күлүктөрдүн туягынан учкан данкан сапырылып, кийинкилердин караанын жаап, боз чаңгыл түскө боелгон чаң, шамал менен жарыша, учуп бараткандай туюлат.

Көп аттардын туяктары жер таптап, кадимки барабандын ыргагындай дүңгүрөйт. Күшүлдөп-бышылдаган аттардын жөткүрүгүнө, энтиккен бышкырыгы кошул-ташыл боло, жол четинде эми гана ойгонгон жан-жаныбар, канаттууларды үркүтүп, шаштысын алат. Баягы, көргөндөн жабыла жол талашып чыккан күлүктөрдүн ылдамдыгы күчөгөн сайын, бирине-бири атаандашкандар улам терилип, бириндеп, экиндеп бөлүнө баштады. Кээлери алынын келишинче арыш керип, жер чапсыса, кээлери өз куйругу менен өзүн сабап, алга умтулат. Аркыраган шамалга энтиккен чабандестер а дешке абалдары жетпей, көздөрүнөн мөлт-мөлт жаш ыргыйт. Күлүктөргө токулган, көпчүлүгү жок как ээрге, көчүктөрү так тийген сайын, такымдары ачышкан чабандестердин айрымдары ээр кашка өбөктөп, ат жалынан наанек издейт. Кээлери тизгинди бош кое берсе, кээлери эр кашка чың орой, жандап бараткан күлүктөрдүн арышына таңыркай тиктешет.

Кокту-колот, арык-чуңкурга карабай, аягын кенен сунган аргымактар, алты кадам жерди бир аттап, канаттуу куштай буттары жерге, тийээр-тийбес болуп учуп барат. Улам жол арбыган сайын, тулпарлардын карааны бириндеп, алсызы артта калып, алдуусу басып өтүп, намыс талашышат. Эчен байгелерде күлүк чаап, кексесине айланган чабандестер, жанаша калган шеригине камчы шилтеп, эрегишкен таймаш ат үстүндө да өкүмсүрөт. Кызуулукта кимди, ким чапканы билинбей, алдыга оозуп кеткенде аркаңкы ызырынып, эптеп жетип, өч алуунун өкүм ызаасына чыдабай, күлүгүнүн соорусуна камчы шилтеп, ачуусун атына чыгарат. Жан ачышкан күлүк да чамынып, атаандашына жетип алмакка куйрук улаш бучкактайт.

Чабандестердин бири-бирине болгон өктөмдүгүн байкаган Алымкул көп эле топко аралаша бербей, суу караны четтете, оозун буруп, алдыдагы чандан өзүн да, атын да аярлай кетип баратты. Кубалашкан айрым күлүктөрдүн кубаты кете баштадыбы, күн жерге жайыла тегиз тийгенде, дем алуусу каттуулап, энтиккендери даана угула баштады. Эртеден бери артта калып, эми буту-колдору жазыла, денеси кызыган тулпарлардын көзүнө чаң кирип, кирпиктери чаңдын тозоңунан улам бозоруп, кадимкидей бубак баскандай көрүнөт. Алка-шалка тердеген айрым тулпарлардын ыраңбаштары өзгөрүп, түстөрү билинбей калган.

Тору аттар бозго айланып, боз аттар карарып, анчамынча чоокерлер башка түстө көрүнүп, ат ээлери өздөрү да таанымбаган абалга келген эле. Күн чак түш болгондо жер ортолоп, эки-үчтөн, төрт-бештен боло аттар топтошуп, аяктарын таштай, бирдей чуркап баратышты. Алымкулдун суу карасы бая эле үч ат менен барабар күч сынаша чуркашып, атаандашкандар биринен-бири калбай, арыш-керишет. Алдыда бараткан айрым аттар күндүн ысыгынанбы, же табы келишпей, сууттарынан айныганынанбы, денелери терге чөмүлүп, колтук, моюндарынан чыккан ак көбүктөрү денелерин каптай баштаган. Кээ аттардын ичтери көөп, аяктарын шилтөөгө дармандары келбей, араң эле теңселе жортуп келе жатышты.

Атаандашкан үч аттын үстүндөгү үч чабандес, улам

бири-бирине көз салышып, алдыдагы боз мунарыкты көздөй умтулушат. Анда-санда, белги кылып, жол тостурган жалгыз атчандардын караандары элдир-селдир көзгө илеше калат. Күн түштөн кыңкая бергенде суу каранын чыңалган тизгининен бир оромун бошоткон Алымкул, эңкейе берип, күлүгүнүн көзүн, тушмугун кошо, кол жолугу менен сүрүп жумшак жалын таптап коёт. Алдыда ат көрүнбөй, аба жарган дем менен үч аргымак туяктарынан чаң сапырылта, кетип баратышты. Күн бешимге жакын Алымкул суу каранын тизгинин толук бошотуп, өз жайына койду. Эгесинин ишеничин эми актайын дедиби, суу кара жанын үрөй арыш керип, кулачын кенен жайды. Заматта эки аттан бөлүнүп, алдыга шап эте, чыга келди.

-Сенен кантип калалы-дегенсип, аркада келе жаткан кош ат да, жан үрөп, моюндарын созушат. Биринен бири өткөн экөөнө жеткирбейм-деген таризде суу кара эки кулагын жапыра, учуп-күйөт. Жол боюндагы дарактардын көлөкөлөрү коюланган чакта, суу кара шериктеринен аркан бою алдыга үзүлдү. Эми атына дем берген Алымкул:

-Суу кара, суу кара! Айт, жаныбарым!-деп улам улам кыйкырат.

Анын оюн суу кара түшүнгөндөй, жан алакетке түшө, чамына, алга умтулат. Маара жакындап калганбы, улам жол тосуп, акмалаган караандар көбүрөөк учурай баштады. Ат сүрөгөн көпчүлүктүн кыйкырыгы дем бердиби, суу кара бар күчүн жумшап, аткан октой шукшуурулду.

Марадагылар чуру-чуу түшүп, сүрөп жатышты. Миңдеген адамдардын кыйкырыгынан аба жарылып, Алымкулдун да, суу каранын да көздөрү «пар» ачылып, ат кармоочулардын катарына жете келишти. Бир маалда «Баш байге», «Молдо Алымкул!» деген кыйкырык, Алымкулдун кулагына жаңырды. Жакшы санаалаштар улам келип, колун кысып куттуктан жатышты.

-Молдо Алымкул, ниетине эми жеттиңби?-деди күлө бага Өмүрбек.

-Ырахмат аке. Кызматыңызга даярмын-деди чын дилинен.

-Молдо Алымкул, мөрөйүң куллук болсун! деп мүрүсүнөн таптаган Малабек, атайлап ат бастырып келип, куттук айтты.

-Ырахмат бек. Бирге болсун!

-Өмүрбек экөөнө баарыбыз ыраазыбыз. Кем болбогула!-деген Малабектин куттук айтуусуна молдо Алымкул аябай ыраазы боло, ичинен кымыңдады.

***

Ханга хандай тартуу. Хандын даражасына кандай нерсе чак келет?

-Арстан, жолборс алып барса кантет?

-Аны кайдан таап, кантип кармоого болот?

-Илгери Баатыр Бакал Кашкар ханына кабыланды кармап барып, тартуулаган экен.

-Боло турган ишти айткыла. Жырткычтардын шерине ким даап, кол сала алат. Кабылан эмес эле, жолборсуна жанынан түңүлгөн эле баатырлардан барбаса, бизге окшогондордун жүзү жакын бара албайт.

-Дабанга, даңаза болгон күлүктөн табалы.

-Ханзаданын колунда күлүктүн күлүгү бар.

-Жамбы, тайтуяк.

-Ханзадада дүнүйө жокпу?

-Куш тартууласак кандай болот?

-Учуп жүргөн,бир паранда дебейби?

-Көңүл кушуна, кандай нерсе төп келээр экен?

-Эй жакшылар! Адамга адам жагат-деди көзүн сүзө мулуйган Ботояр-Ырас, тартуунун кымбаты да, бийиги да сулуу кыз. Ал керекке илгертен эле жарап келген. Сулуу элдин даңкын чыгарат, элдин ажатын ачат. Кагышканды табыштырган, бир эл менен экинчи элди жакындаткан да кыз.

Карт түлкүнүн айтканы баарына топ келди. Ушул акыл өздөрүнөн чыкпаганына өкүнүшкөнүндөй, баштарын ийкеңдетишти.

-Андай сулууну кайдан таба алабыз?

Баары жабыла, Ботоярды суроолу тиктешти.

-Эл бар, журт бар. Кыздын уругу түгөнүп калыптырбы?

-Бар. Бирок, тоонун кыздары жагаар бекен?

-Эмнеге жакпайт. Күнүгө гүлдү кечип, таза аба, таза

сууну татып, эркин тоонун, эрке кайберениндей, чуркап-ойноп элкин жүргөн кыздарыбыздын мүчөлөрү кыттай кыналып, гүлкайырдай буралып, турна мойну узарып айдай жүзүнө, алма төшү топ келип турса, кимдер гана суктанып өтпөйт. Же, мунум жалганбы?

-Ырас. Ырас

-Туура айтасыз.

-Шахзадага тоонун чүрөктөрү жакпай коймокпу? Муну бир дегиле. Экинчи улууңарга күйө бала, кичүүңөргө жезде. Барыш-келиш, катташа бергиле. Кадырыңар артып, ханга куда-сөөк. Сый да, төр да силердики. Алдың бек, аркаң эч болбосо он башы, элүү башы, жүз башы, саркер аталасыңар. Такка берилип, ак кызмат кылганың удайчы, кушбеги, токсобага жетээриңер да бышык. Анан алаа-таалам, ал кулум десе, ар жагынан да берээр. Ыкыбалыңар көтөрүлсө байлык да, бийлик да өзү келээр.

-Өзүңүздү, эмне кошпойсуз, акылманым.

-Биздин соодабыз өтүп баратат. Кудайдан нысап, канаат сурайбыз.

-Ушунча иштин башында туруп, башында сиз болбосоңуз болмок беле? Карысы бардын, ырысы бар эмеспи.

-Ап-бали! Акылман адам ала жүрөт. Карыны сыйлаган жаштардын иши жүрөт. Бирок, жаштардан талашканыбыз болбойт. Эстен чыгарбай эле ала жүрсөңөр, алыбыз жетишинче, акылыбызды айтарбыз. Андан көрө эртерээк тартууңарды белендеп, шарт аттанып кетүүнүн жолун ойлогула.

-Бийим, боло турганды биз болтуралы. Бере турганды сизге калтыралы

-Силер айтсаңар жок демек белем. Кызматыңарды кылайын. Аброю силерге калсын.

-Ушунча болду, айта кетиңиз. Кимдин кызы ылайык, бийим.

-Улуу башым менен айтсам, уят. Көптү аралап жүрөсүңөр, көзүңөр курч силер тандагыла.

Отургандардын көңүлүн бир тарапка буруп, бий өзүнүн максатын ишке ашырууга өтө аяр мамиле жасап жатты. Көптүн кимди айтарын да, билет. Кокустан эртең-бүрсүгүнү энеси көнбөй наразыланса, кимдин кеңеши менен иш

бүткөнүн билишсе, өзүнө сөз тийээри бышык. Андыктан арыктагы сууну буруп койду. Эми апкалдап, алып кетишээрине, жол коюп турду.

Ары тарт-бери тарт болгон көпчүлүк, жашы он бешке чамалап барып калган Уулжанды тандашты. Атасы жок. Бааркан деген жесир аялдын жалгыз кызы Уулжанды жакшы билишчү. Өңү-башы келишип, кирпиктери төгүлгөн, аркардай мүчөсү жаны гана жетилип, кокустан алдынан чыга калган адам, бир карамай сайын өтпөгөн сулуулугу, айылдагы балдардын көзүн кызартып, анча-мынчалары тарабынан атайлап:

Улардай болгон жаныбар

Уурутуңда ууздун даамы бар-делип, ыр да арналып калган.

***

Анжиан акиминин тою болоор күн жакындап келе жатты. Уулжан кыз бейкам. Ой-санаасында эч нерсе жок. Айылдагы өзү теңдүү кыздар, балдар менен тоонун гүлүн аралап, ойноп жүрө берди. Бир күнү эле

-Хандын килемин токуганга кыздар керек экен?-деген сөз тарады. Анда да Уулжан менен апасынын кыялында эч нерсе жок, бейкам эле.

-Айылдагылар Анжианга тойго баратышыптыр. Ар ким жасалгалуу боз үйлөрүн өздөрү тигип, мейман күтүшөт экен-деген сөз дагы таркады.

-Боз үй тигип, дасторкон жайганга, тамак-аш бышырып, мейман күткөнгө кыз-келиндер да барат экен. Алты күн той болуп, адия күтүлөт имиш делген кабар-сөздөн улам

-Тойго барып, шаар көрүп келебиз?-дешкен кыз-келиндер делгиришсе, катарга илешпегени сумсайышып, тагдырларына нааразы болушту.

Акыры “миш-миштин” арты чын чыгып, айылдагы колу усулдуу, өңдүү-түстүү келин-кыздар бараары белгилүү болду. Ботояр бийдин байбичеси Шаарбү, айылдагы таанымал байбичелерди баш кылып, келин-кыздарды алып бараары билинди. Алардын катарына Бааркανды, кызы Уулжанды да кошушту.

-Бу келин «Башчыбыз болсо, биз да эл катары болот элек»-деген өкүнүчү-өксүгү бар. Кудайдын иши жесирлик, жетимдик кемтик эмес. Кимдин эле боору бүтүн, башы эсен болуп калыптыр. Жебирейил желмогуз гана тирүү калбаса, адам баласы өлүп түгөнөт. Ата-энени, сүйгөн жарды ким эле, пешенеге жазып койду дейсиңер. Башка барбаса, барбасын. Ушул келинди кызы менен мен алып барам-деген Шаарбү байбиченин сөзүнө, уккандын баары ыраазы болушту.

Күн мурдатан тойго барчу байбичелер баш болуп, келин-кыздар катка алынып, үстү-баштарына чактап кийим тигишке, кам көрүлө баштады.

Эл катары Бааркан да:

«Көзүм тирүүсүндө жумуш кылып кутулам, көтөрмөгө» деп, ар кимден арлуу буюмдарын сурап алып, Улжанга ченеп-бычып, кийим тиктирип, кийгизди. Бой жетип бараткан кызына кийимдин жарашканын көрүп, бир сүйүнүп, бир ыйлап, деги эле жетине албай, чоң даярдыгын көрдү.

Күткөн күн да келип, айылдагылардын баары, жабыла сыртта. Бириси төрт түлүктүн ичинен төө баштаган тогузду айдаса, бириси бүркүт, куш кондуруп, бириси килем, кийиз, шырдактарды артынып, бириси улоолорго боз үйлөрдүн эмеректерин артып, тополоңдуу тойго адеми кийимдерди кийишип, жабууланып, жасалгаланган аттарды минишип айылдыктар шаан-шөкөт менен жолго чыгышты. Аларды узатып калгандардын ичтери тызылдап:

-Кап, аттиң! Мен да барсам болбойт беле-дешип ээрчише кол булгап, калып жатышты.

Каалгый баскан улоолордун ыргагы менен көч тоонун көлөкөсүндөй болуп, сүрүлө жылып, төмөндөп келе жатты. Улам этектеген сайын күн ысып, жол узара, чаң кечише, илелешет. Учу-кыйырына көз жетпеген кең өрөөн жайылып, тилке-тилке болгон боз талаанын сүрү качып кумсарат. Улоолор ылаалап, тоолуктар ысылап, улам терлешип, жүдөй башташты. «Жол азабы, көр азабы» демекчи, удаама-удаа эки күн жолго түнөшүп, аябай түйшүк тарткан топ, араң дегенде Анжиан калаасынын четине жетишти.

Шаар көрөбүз деп делгиришкен чоң-кичинелер жолду ката айлана-тегеректе таңыркашып, эчак түшүмдөрү жый-

налып алынган жылаңач аңыздарды аралап келе беришти. Бирине-бири учкашып, чоң-кичине боло туташтырыла салынган көп үйлөр, кадимки эле сай боюндагы сансыз канаттулар уялаган жарды элестетип, көзгө ого эле комсоо көрүнөт. Ийри-буйру, чар жайыт, баскан сайын чаң көтөрүлгөн тар көчөлөр, ылайланган өңгүл-дөңгүл арыктар, иретсиз туташ там-таштардан кысылып, баштары айлана, жадап да кетишти. Араң дегенде бир жайга жетишип, үймөлөктөшө токтошуп, эртеңки тойдун дарегин жолуккан адамдан сурамакка туруп калышты.

-Узак жолду басып, келген улоо белин талытпай, убактылуу болсо да, жүк түшүргүлө, арыгандырсыңар? Ак ичип, суусун кандыргыла?Даам татып, карын тойгозгула?-деп айтаар киши жок. Кароо четинде коюп койгон «каракчы» кейиптенген, үстү-башын чүмкөнө жамынгандардан кеп сураса, жалт бере качып өтүп, алгылыктуу жооп да алалышпады. Ар кайсы жерде жол чаңыта ойношуп, жылаңайлак, үстү-баштары кир балдар, оңдуу жооп бере алышпады. Көп үйлөрдү аралаган ийри-буйру тар көчөлөрдүн кай тарабына барышаарын билбеген тоолуктар, тар көчөнүн ортосунда туруп, жөн-жайды билер киши өтүшүн күтүштү.

-Келиң-алын деген бирөө жок. Көчөдөгү топурашкан малдардын маарап, мөөрөгөнүнөн улам, короолорунун эшиктерин жарым ачып, тоодогу сурлар ийиндеринен баштарын чыгарыша, адам караанны көрүнөрү менен кайра ийинге кирип кеткендей болушуп, баш бага моюн созушуп, кайра эле эшиктерин жаба салышкан шаардыктарды көргөн тоолуктар, таң калышты.

Туптунук асман бетиндеги күн акырындап барып, тоолорго жашына, тоолордун көлөкөлөрү улам коюланып барып, анан күүгүм тартып кетчү тоонун кечиндей болбой күн эңкүүлөп, боз тушкөн чаңдан улам, алоо табынан кайтпай «Силерди күтүүгө буяман келбей калды» деген, таризде, тээ алыстагы бак-дарактарга бой жашырып баратты.

Аңыз-талаалар, ал тургай чаңдуу көчөлөр да өздөрүнөн тап чыгара, ысып, айлана үп тарткандан улам, жол басып келген малдар соолукташып, баштарын жерге салышат. Жүк артылган улоолор малма-малма болуп терлегенден улам,

жондорундагы жүктөр оорлошуп, бир орунда тура алышпай, улам талыган буттарын солбуп коюшат. Мал айдап, жолдуката чаң кечип келген малчылар ооздору кургап, ээриндери келберсий, улам булоолонгон терлерин жеңдеринин учтары менен аарчыган болушуп, талыкшый уйкусурашып ныксырашат.

Ушунча чоң шаардан, бирөөсүнөн сураганга киши таппай, катын-балдардан оңдуу жооп уга алышпаган топ, туруп-туруп акырында жадагандан келген жолдору менен аркаларына кайтышты. Керээлден кечке жол жүрүшүп, наар албаган топ, өздөрү да, айдаган малдары да ачка, шаар четинде түнөмөк болушту. Улам караңгы кирген сайын малдар баспай, алдыдан адамбы, ит, же жарык чыга калса жалт бере дүргүшкөн тоонун чата малын сүрүп айдашкан көч, көз байлаганда шаардын четине чыгышты. Такыр, сай боюна келишип, ортого малды коюшуп жүктөрдү кыдырата түшүрүштү.

Аттуу-жөөлү болгон топтун ырп этерге алдары калбай, аябай чарчашкан эле. Ар кими отурган жеринде уктап, ат откозгон да эч ким болбоду. Анын үстүнө ат оттотор жайды билишпей, үстүлөрүндөгү ээр-токумдарын алган боюнча, чаржайыт, таңылуу жаткан кереге-ууктарга байлаган болушту. Жалаң жердин аркыраган шамалы кечки суукка кошул-ташыл болуп, түн ортосуна жетпей жеңилдене кийинген жолоочуларды үшүтүп, айлаларын курутту. Жылынып, өзөк жалгайлы дешсе отун табышпай, таңылуу казан-табактарын караңгы түндө таба алышпай, тиштеринин кирин соргон тоолуктар үчүн тойго келиш машакат, тозок эле болду.

Таң дык салгада турушуп, аттарын жайлашып, айдаган малдарын арык чети, аңыздын шактарына оттотуп жүрүштү. Жер жарыганда таңууларын чечишип, ала келген сүзмөлөрүн аккан сууга эзип ичишип, өзөк жалгаган болушту. Эрте менен күн чыкпай жатып, дам болуп, айлана-тегеректи жаман жыт каптады. Жайлоонун таза абасында жүргөн тоолуктар жийиркенишип, алды окшуп, түнөгөн жерлерин карашса шаардын акыр-чикирин төккөн, өлүмтүктөрдү ыргыткан, ыпылас жай экенин билишти. Жылжып аккан киргил-суусун көрүшүп, жийиркенише түкүрүшүп, көңүлдөрү айланды.

Кабар алмак тургай, күтүп алар эч ким жоктугунан улам, тоолуктар ал жайдан журт которгон болушуп, четтеги талдардын көлөкөсүнөн байыр алышты. Түшкө жакын, башта кеткен топтогулардан келишип, алардын чар жайыт кеткен малдарын чогултушуп ээрчитип жөнөштү. Акыры келишип шаардын бир тарабындагы:

-Беде аңыздан четине, көп боз үйлөрдүн катарына үйүңөрдү тиге бергиле дешип, жай көрсөтүштү.

Ал жайга келин-кыздарды коюшуп, тойдун кошумча, тартуусун айдаткан бийдин жигиттери, малчылар менен кыздарды да кошо алып жөнөштү.

Кыздардын жакындары кабатырланышып:

-Жаш кыздарды кайда алып барасыңар? Ата-энелерине, эмне деп жооп бересиңер?- дешсе,

-Хан сарайында супура жайышып, той боорсок жасатканга камыр ташыйт. Кырк кыз кылып, ар жерден келген кадырлуу коноктордун алдынан өткөрөт. Кечкиге кайра уруксат берет экен,-дешип жасалгалуу аттарга мингизишип, жуп жөнөй бererde Баалынын жүрөгү алда недей опколжуду.

Кан тамырынын бирөө үзүлгөндөй көкүрөгү ачышып, буулугуп турду. Кызын караса ал да сумсайып, карегине жаш толо, апасын кыя албай турганын сезди.

-Кой, жаман ойлобоюн. Кечинде кайра келет-деп жатышпайбы. Шаарбү байбиче атайлап кызым экөөбүздү, көңүлдөрү өссүн, элден калбасын- деп алып келбедиби. Барса, барып келээр, шериктери менен деп, узата карап кала берди.

Бааркан кечтин келишин чыдамсыздык менен күттү. Улам батышты карап, күн батып бараткан сайын тынчы кете берди. Күн батып, кеч кирди. Кызы кеткен тарапты улам-улам үңүлө тиктеген эне,түнү бир маалга чейин үйгө кирбеди.

-Караңгыда жибербейли. Эртеге кетишсин-дешкен окшойт деп, өзүн өзү жооткону менен түнү бою уктай албады. Таң атып, түш болсо да кызы кайтып келбеди. Кошо келгендердин баары кабатыр.

Акыры той болуп жаткан жактан Ботояр бийдин жигиттеринин карааны көрүнгөндө, утурлай чуркады.

-Айланайындар, менин кызымын дареги барбы? Деги кайда жүрөт? Көрө алдыңбы?-деп удаама-удаа суроо берди.

-Ээ, жеңе, кабатыр болбоң. Кыздар буту-колдору күйгөн тооктой болушуп,чуркап кызмат кылып жүрүшөт.Аларды жумшагандар «Аябай илбериңки кыздар экен»дешип ыраазы болушууда.

-Деги качан кайтышкыдай?

-Той эми башталып жатпайбы. Бүгүн болбосо, эртең, эртең болбосо бүрсүгүнү.

-Ок, бир күнгө эле дешпеди беле?

-Аны-муну сурай бербей,тез даярданып, камданып тургула. Бул үйгө башка тараптан келген меймандар адия болмок болушту. Идиш бериң? Аларга кое турган нан-пан, дүйүм-даамдарын алып келейин-деп шаштыра, ат үстүндө кыйкырды.

Адиячылар да келип, дасторкон жайылып, даамдар тартылып, үч-төрт күн эч кимдин колу бошободу. Ошол учурда Ботояр бий баш болгон тоолуктар башка бир жерде конокто болушуп, кошо келгендерди унутушкандай эле.

Той ээсине тартуу, кошумчаны алып баргандар, той болуп жаткан жайдан алыскы бир кең короого малдарын айдап барышты.

-Кел деген эч ким жок,эч бири көңүл да бурушпаганынан улам таяктарын сүйрөп,сомсоюп туруп,кайра кайтышты.

Тойго барып, тамаша көрөбүз дегендердин баарынын өңү сумсайыңкы

-Келген меймандарды жакшы карагыла. Кем-карчы болбосун. Дасторкондон даам үзүлбөсүн. Аттарын таң ашырып, жем-чөптөн өксү кылбагыла!-деген хан жигиттеринин казабынан улам, казан оттон түшпөй, самоорду чайнек ээлеп турду.

Жада калса дааратты суусу ылымылык экендиги көзөмөлгө алынды. Акыры адиячылар кайтышып, жалаң айылдан келгендер өздөрү калган соң, арткан-ürткөндөрдөн шам-шум этишип, ооз тийишти.

Той да аяктап, той деп келгендер артынып-үртүнүп кайра кайтып жатышты. Уулжан кыздын кабарын билген эч ким жок. Кошо барып, кызмат кылгандар, күнөөлү кишидей, байкуш энени жалтак карашып, буюмдарын жыйыштырган болушат.

-Бул ишти, бир бий өзү билет-дешип, аны күтүшкөн менен бий келгенден бери, бир басып койгон жок.

Баркандын көзүнө жаш тегеренип, эмне кылаарын билбейт. Шериктери менен кете берейин десе, кызы кантет? Кызына барайын десе, анын кай жакта экенин билбейт. Анын көңүлүн улагандардын да, баштары маң, колдорунан эмне келет.

-Кай жактан болсун, кызымы табам деген эне, шериктеринен бөлүнүп кала берди.

-Кызымы көрдүңөрбү?-деп көрүнгөндөн сурамжылап көчөмө көчө кыдырды. Көбү таңыркашты, көбү шылдыңдашты. Боор ачып, баш чайкашты. Шаар аралап, көчө кыдырып баспагандыктан, бир көчөнү каршы-терши кыдырып, башы айланды. Шаар учу-кыйырсыз көп көчөдөй туюлду. Чарчап-чаалыкканда бирөөлөргө барып, баш-паанекке жай, ач калганда нан сурай албады. Шаар ичинде жалгызсырап, акыры бир көчөнүн этегине барганда, басууга дарманы калбай сулк жыгылды.

***

Кокон хандыгынын үстөмдүгүндө кыргыздар эзүүнүн көптөгөн жаңы түрлөрүнө кабылып, жабыр тартып, азап чеккен. Калкты былк эттирбей башкарып, алык-салыктардын өз убагында төлөнүшүн камсыз кылуу үчүн хандын аким, бектери дайындалган. Эзүүнүн негизги түрү, жер акысы катары салык салуу болгон. Жайытка мал жайгандыгы үчүн кой зекет-калыптанган адат боюнча анын көлөмү малдын башынын кырктан бир бөлүгүнө барабар эле. Бирок, ага атайын көңүл буруп көзөмөлдүк болбогондуктан зекеттин-ар түтүндөн бирден кой, алал зекет-элүү жандык малдан бирден жандык, эшичилер харадж-ар кырмандан бирден жандык, эгинчилер харадж-ар кырмандан үчтөн кой төлөп турушкан.

Харадж эгин түрүндө алынса, түшүмдүн ондон бири, кээде жарым бөлүгүнө барабар делинген. Түшүмдүн ондон бир бөлүгүнө барабар жер салыгы кээде үшүр деп да аталчу. Мөмө-жемиш багы бар болгондор менен жашылча эккендерге салынчуу салык танап-пулу (талабан) деп аталчу. Аскер салыгын шылтоо кылып, мезгил-мезгили менен түтүнгө

бирден тилла (алтын акча) же үчтөн кой алышчу. Мындан тышкары элдин эсебинен салыктын бөлөк түрлөрүн да жыйнашкан. Аскерлерди камсыз кылуу үчүн, жылыга буудай, таруу, ж.б. дан беришип, салык жыйноочу-зекетчилерди тоюндуруп турушкан. Алар киреше жыйнап алууга укуктуу болгондуктан, салыкты каалагандай сала беришчү. Кырдаалга жараша жылдан-жылга улам арбый берген. Кокон төрөлөрү камыш, куурай, чычырканак чогулткандарга да салык алышчу.

Зарыл болгон учурда карапайым калк чеп-коргондорду, жол,ж.б.курулуштарга бекер иштеп берүүгө-ашарга катышууга, мандикер болууга да милдеттүү эле. Бөтөнчө Кудаярдын тушунда алык-салыктардын саны арбып (жыйырмадан ашып) элдин абалы оорлоп кеткен. Айрыкча кыргыздардын суусу мол, түзөң жерлерин кокондук, бийлик ээлери, байлер, аскер башчылары, диниятчылар жер ээлеринин макулдугусуз эле өзбек кардарларына сатып, же өздөрү тартып алышкан. Ойдүңдагы ата-конушунан ажыраган миң сан кыргыз айласыз тоо таянып, сүрүлүп кеткен эле. Жакырчылыктын кесепетинен чайрекерлик, шериктик, ортокчулук кеңири тарап, жергиликтүү байлардын ыгым-чыгымы, керектөөлөрү үчүн букара калктан журтчулук, кошумча салык, союш, чыгымдар жыйналган.

Жергиликтүү бийлик хан тарабынан дайындалган бектердин колунда болгон. Бектердин карамагында кыргыз бийлери, байлары, аксакалдары, айылдык башчылары, акимдер, саркарлар, хандын жарчылары, эшик агалары, башчылары, мырза башчылары, казначылар, имамдар, мутавалилар, хатибдер, корбашчылар, караулбектери, жүз башылар, фейистер, мирабтар, тархандар ж.б көптөгөн кызматчылар бийлик өкүлдөрү болушкан.

# II БӨЛҮМ

Кастек чебинен эки топ болуп, он канат Циммермандын, сол канат Шайтановдун башчылыгында Чүй багытына жүрүш башталды. Кара-Коңузга келгенде Жантайдын уулу Шабдан атасынын атынан орус бухаралыгына моюн сунду. Орус күчүнө туруштук бери албастыгын түшүнгөн Токмок чебинин аскер башчысы Ханкулу баш болгон топ багынып беришти. Пишпек чебин камалоодо Атабек менен Алишер датка баштаган бир жарым миңден ашык киши туткунга түштү.

Орус күчтөрүнө оңой эле жеңилип беришип, ордо кечирбесин түшүнгөн туткундагы Атабек менен Алишер:

-Коконго бизди бербегиле? Орус бухаралыгына өтөбүз-дешип, аскер жетекчилеринен суранышкандыгынан улам, аларды Верный шаарында жашап калууга уруксат берилди.

Ошентип Токмок, Пишпек чептери орустар тарабынан талкаланып урандыга айландырылды. Орустардын кошууну Чүйдөн кеткенден кийин, Ташкенттен Чүйдүн башына чейинки жерлерди башкаруу укугу берилген,Ташкен беги Канат шаа көптөгөн колу менен Олуя-Атага келип, Чүй кыргыздарын орустарга каршы күрөшүүгө чакырды.

Курдай белин ашып, Кастек чебине жакын келишип, Узун-Агач, Каскелең өрөөндөрүнө орустар менен кармашышты. Өрт менен өлүм чачкан замбиректин огуна туруштук бере албай кайта кайткан Канат шаанын сарбаздары боо түшүп кырылды. Кокон армиясынын аты гана болгону менен согуш өнөрүндө көп эле машыгышкан эмес эле. Алардын тартибине көзөмөлдүк болбой, азык-түлүк жетишпей кошуун көп учурда базарларга,жакынкы айылдарга тамак издеп кетишип, талончулук да кылып жиберишчү. Мындай кошуунду жетектеген Канат шаанын да аскер ичинде аброю көп эле жогору эмес болчу.

Пишпек, Токмок чептеринин алынганын угаары менен Малахан Анжиандын акими, бир эле учурда өзүнүн баш вазири Алимбек датканы орус аскери менен кармашууга

жөнөттү. Датка Өмүрбек датка баш болгон Анжиандагы колу менен Нарын аркылуу Чүйгө багыт алды. Жолдо Кетмен-Төбө, Тянь-Шань, Чүй кыргыздарынан кол курап, он эки миңге жеткен аскер топтоду. Анын курамында Жангарач баштаган солто, сарбагыш, бийлеринин, алардын ичинде Шабдан Жантай уулунун жигиттери да болгон. Датка кошуундун кем-катыгына көп көңүл буруп, төмөндөн жогору карай ишенимдүү аскер жетекчилерин дайындонуу Өмүрбек даткага тапшырды. Ар бир топко он башы, элүү башы, жүз башы, миң башы, ляшкер башыларын бекитип, ат көөлүктөрүн камдатты. Топ-топко ашпоздорду тандатып, азык-оокаттарды арттагы кирелерге арттырып, жеңил алачыктары менен камдуу келди.

Жетинин айынын этегинде Чүй аймагында күн кээде бүркөлүп, кээде чакчая ачылып турганы менен анча-мынча кар аралаш жамгырдан улам, эртели-кеч ызгаар өкүмсүрө баштаган. Эки күндөн бери бирде жаап, бирде ачылган күндөн улам, жерди кыроо басып, күн тие калганда, жер бетинен булоо көтөрүлөт.

Кол алдында мурда келген чалгынчылар, жердин шартын аябай баамдап, талаачылыктын ыңгайына карай тандашкан жайга кошундагылар келип токтошту. Айлана алаканга салгандай көрүнүп, жайык талаа тээ алыскы тоолорго туташып кетет. Жоо колу капыстан кол салса, алар келгиче даяр болгудай шарт танданыптыр. Он миң башынын колу он жерде топ-топ бөлүнүп, бири-биринен алыс да эмес, жакын да эмес. Бардык кокустуктар эске алынып,так эсептелгендей. Өмүрбек аскер башынын иш билгилигине датка ичинен ыраазы болду.

Датка өзү да келээри менен айлана-тегерегине кунт кое саресеп салып жердин ыңгайынын туура тандалганын билди. Ар бир топтун желеги туу башылардын алачыктарынын үстүндө желбиреп, айланага шаң бергенсийт. Ушул желектерден улам кайсыл уруунун уруктары, кайсыл жердин топтору экендиги айкын билинет. Бул тээ замандардан берки ата-бабалардан уланган эреже.

Алымбек да Адигине уруусунун кастарлаган айчыктуу желегин ыйык көрүп, кайда жүрбөсүн ала жүрөт. Адигиненин туусу аны канчалаган катаал жолго баштап, канчалаган

камсалаңдан алып чыкпадыбы? Айчыктуу желек алдыда жүрсө шаң. Алыскы жайдан айкын көрүнүп, өзүнө тартып, кол булгап тургансыйт. Жамы кыргыздын жарымын камтыган Адигине тукумунун ар-намысы, ариети ушул ак жолтой туу.

Адигине да кезинде канчалаган кандуу жоо менен кармашып, бирде качып, бирде качырып Ала-Тоо аймагынын эчендеген өрөөндөрүн аралап, эчендеген ашууларын ашып, тоолорунун кучагына тартылып, эли-жерин сактоодо, эчендеген жоолор менен беттешти. Кан майдандын камсалаңында чачылгандарды топтогон, бириккендерге кубат болгон,аземделген туу. Андан бери канчалаган мезгилдер өтсө да «Адигине тоосу», «Адигине өрөөнү», «Адигине ашуусу», «Адигине суусу» аталган ыйык жайларды анын урпактары унутушпайт.

Катаал мезгил, татаал шарт эчен жолу элди экчебедиби. Адигине балдары турак кылган айтылуу Алай, Анжиан аймагынан бирде моңголдор сүрүп, Кара шаар-Чалышка, Чарын-Челек-Арышка тентитти. Эл сыр аяктагы кымыздай чайпалып төгүлүп, чачылып бөксөрдү. Бирок какшыган жок. Көрөңгөлүү журт кайра толуп, элдигин сактап калуу үчүн каруусун казык, башын токмок кылып, канын канжыгага байлап келди. Ошол мезгилдерде да туу элдин ариети, элдин намысы болуп эрдикке шыктандырып «элиңди бил, жериңди бил, тегиңди туй» деп, эрдин сезимиң эргитип, ар бир жанды ээрчитип кимдигин эсине салып турду.

Ак карлуу Ала-Тоо ата-бабалардан мурасталган ыйык жер. Анын башынан түбөлүктүү муз кетпегендей эле, койнун кокуштаган кыргыз аты өчпөйт. Кыргызды тоо сактап,тоо калкалаган. Тоонун койну ары терең, ары кенен. Кышы жылуу, жайы салкын. Жылдын төрт мезгили төп келип, шарты элге ыңгайлашып турат. Топурак күйгөн аптапта да, таштай каткан суукта да, бир калыпта кайберенди гана эмес, кара малды, калың элди сактап калууга касиети жеткен, берекелүү тоо койну.

Тоодо төрөлүп, тоодо торолгон элдин кулк-мүнөзү да тоолорго окшош. Тоо мүнөздүү эл, ары токтоо, ары сабырдуу, чыдамкай. Мына, канчалаган жол басып, суу кечип, ашуу ашса да, кошундагылардын чарчап-чаалыкканы билинбейт.

Ат-көөлүктөрүн жайгаштырышып, эки күндөн берки кар аралашкан жамгырды тоготуп да коюшпай, үстүлөрүндөгү кийимдери кургак. Карындары ток. Кай жакка шилтесе, кайрылбай шукшурулуп жетчүүдөй даяр турушат.

Алымбек да эл аралап, ат бастыргандан баштап ата-бабаларынын касиеттүү ыйык туусун ала жүрдү. «Алдыда жүрсө сан көлдөй, таяганы алп тоодой». Катуу-Багыт-Кашкарга барабы, коопсузданган Коконго келеби, айчыктуу желек арыстандай сүр берип, ак шумкардай түр берип, айдай болуп нур берип, колдун алдында келет. Ак жолтой, ар дайым сапарга чыкса санаалаш, кармашка барса карандаш, капылеттен баш көтөргөндө бабаларынын эн тамгасы этият-тап саймаланган белгиси менен желбиреп турушу, көңүлүн-дөгү көбүктөгөн кирди тазалай кетет.

Бабасы Баргы бий да Чалыштагы чачылган элин, Кара шаарда калган тегин, бирине бирин жиберип, тентигенин имерип, эчендеген азап-тозок менен Анжиан-Алайда бир тууга бириктирген. Ал кезде жетим-жесирдин бөтөн элде жүрүп, бөтөн жерде калышы «Тентиген теги жок, издеп алар башы жок» делип уруу башчыларына, тегине доо кетирээр эле. «Жетимге жөлөк, жесирге өбөк» болуу, ар бир туугандын милдети катары саналчу. Жесирди агасы өлгөндө, инисине баш байлатып, жетимди асыратып, сагыр атын аттантпай, салбыр сөзүн угузбай, ар бир жанды кымырынтып кемсинт-пей кам көрүү эл башынын, журт аксакалынын намыс-ариети эле. Ар бир жандын тагдыр-келечегин ойлогон акылман Баргы баатыр эзелки атасынан мурасталган эн тамганы эсине салып, белгисин бекем каттырып Адигиненин урпак-тарын чогултуп, бирин-бирине билгизген.

Кадырман камкору бардыгына сүйүнгөн туугандарда «ак сөөк» экендиктерине жетине алышпай (тегин билбегендер «кара сөөк» аталышкан) Баргы атаны хан көтөрүшөт. Ошол кезден баштап Баргы баба «хан» аталып, андан тарагандар «хан Баргылар» деп айтылат. «Хан Баргылар» «он эки аталуу баргылар» аталып Кыргызстандын түндүк-түштүгүнүн бардык аймактарында жашап келет.

Алты канат боз үйдөй болгон, даткага арналып тигилген кош чатырда Арканын мен-менмин деп аталган-Жангарач,

Жантай уулу Шабдан, Байтик баштаган бийлердин бийлери чогулуп отурушту. Эрте мененки кушкер нанүштөдө Кашкардын кара чайы демделип, Кытайдын ак чыныларында булоолонто бийлерге тартылды. Дасторкон бетин бербеген жашылча-жемиштин кагы, боорсок аралаш чачылып коюлган. Кол күйгүзө жаны бышырылган ак буудайдын унунан жасалган нан сындырылып, чызылдаган майынын табы кете элек койдун этинен жасалган шишкебек ар биринин алдында тартылган. Жаны куурулган илбесиндердин этине пияз баш болгон көк себеленип отургандардын табитин арттырат. Жылытылган кымыз сыр аяктарга толтурулуп, дасторкон тим эле тойдогудай жайылып, муздатылган казы-карта, жалкуйруктар ортодо үймөлөнгөн.

Аркалык бийлер сыпайыкерчилик менен ар даамдан бирден татымыш боло, төрдө олтурган датканын кыймылына алдыртан көз салышат. Ал да бир сынын бузбай, малдаш токунуп отурган бойдон, туугандарынын эмне деп айтаарын туйгандай, көп эле чечилбеди. Ак дакига колун аарчып, мурутун серпе, башын көтөрө, алдыртан тиктей, отургандарга саресеп салды. Туугандары өз кишилери. Эски тааныштай, кымырынып-кысынганы жок. Эркин даам татып, кенен отурушат. Алардын жүзүнөн, «Ишенген тирегибиз, бизди калкалап алар тууганыбыз келди. Эми биз, бейгамбыз» дегендей, капсаланңдуу согуштун коркунучу түк туюлбайт. Датканын гана оюн билип, көптөн берки дүпөйүл болуп жүргөн арыз-армандарын айтып, бүтүмүн укканы келишкендей.

Чындап эле ошондой эле. Бир тараптан «Кокондун салыгы» деп, зекетчилери кыстап, сарбаздары темитип, экинчи тараптан орус төрөлөрү кысып, «бизге букара бол» деп, ыкырар болгондорго жумшак сүйлөп, моюн толгогондорду коркутуп-үркүтүп, баскан жолдорун тороп, жүргөн жерлерин тарытып, эки тарап тең кысмакка алып турган чак. Биринен-бири коркунучтуу. Биринен-бири залим, кол сунуп, коюн ачаарга ишеничсиз. Бул жолдон, бул кептелген туңгуюктан бир гана датка куткаруучудай. Ишенич бир гана, көптөн бери келишин чыдамсыздык менен күтүп жүргөн, даткада калган.

Өз тагдырларын, өзүнүн колунан сурап отурган туугандарын көрүп, датканын ичи жылыды. Туугандын иши, тууган да. Не болсо да бир боор. Татаал кезде тагдырлаш, катуу чакта кайырлаш. Таштап салбайт. Сатып кетпейт. Ылдыйда жөлөк болоор ушулар. Эл тагдырын, журт камын ойлоп келип отурушат. Өз тагдырларын ойлошсо, эчак эле бир тарабына ооп кетмек. Анда, эл кантмек? Өзү да элим деп экчелип, журтум деп тескелип, кыл учунда турган эл эртеңин, кыянатка алдырбайын деп жүрбөйбү.

Кандаш, жандаш бир боорлорум. Кантип силерди, тополоңго калтырам. Кантип эле силерди, эки душман ортосунда, эмне болсоңор да өз тагдырыңардан көргүлө» деп, тескери басып кете алам. Анда менин аламандын астында айгайлап, эртеңки эл тагдырына кам көрүп, ак жолтой максатка кадам таштоомун зарылдыгы барбы?

Ой тереңине чөгүп, айкын тилекке муюп, акыл калчап, датка отурду туугандарынын арасында, санаасын сары чай менен кошо жутуп. Арка-Анжиандыктар бир тууганды балары-Адигине Тагайдан таркагандар. Аймак гана алыстап, аркайган ашуу-белдер турат. “Алыскы тууганда, жакынкы коңшу”дегендей, жердин шартынан гана ордонун арыгын чаап, пайнабына суу буруп турат. Казынасын толтуруп, канча жолу өйдөлөтөм деп, жан-алакетке түшпөдү. “Ордого биригип, эл бололу, бөтөндөргө тең бололу” деген ниет менен кызматын арнап, камчысын чаап келе жатат. Аны билдиби, опкогу жок ордо? Билбеди. Кылычын чапса кызматы деди, кыркылышып жоо тоссо, милдети деди. Кызына ганаталак ордо, көңүлдү ушунча кирдетти. Ушинтип отурса эл эртеңи кантет? Эл ортодо арабөк калбайбы? Жоо жакалап, пайлап турган чак. Оңтоюна карап оморуп, кыябына карап сындырып кетчүү учуру келдиби? Этият, шарт. Сак болуу керек!

Кимден? Котур ташы койнунда Кокондонбу? Же опуруп-жапырып келе жаткан орустанбы? Ооба, бир көзүң, бир көзүңө жоо болуп турган чакта, бир өзүңө гана ишен. Экөө тең сени эртең тааныбайт. Бүгүнкү күч-кубатыңа гана карайт. Кубатың болбосо, сени тебелеп кетет. Андай болбоюн десең, абайла. Алды-арканы карап, иш кыл. Демиңе дем, күчүңө күч

кошоор өздү тап! Өз ким? Өз ушулар.“Тууган кайырлашат, душман ажырашат” деген сөздүн төгүнү жок. Датка олтургандардын ар биринин жүзүнө тике карап, көздөрүнөн чагылган жылуулукту издеп турду. Кыргыздын көзү кыргызга окшош. Демек киндиги туташ, эгиз. Эгизиңден элиңе не жамандык күтмөксүң? Биринин бармагын кессе, бири ооруйт. Жаны бирге, тани бирге. Эч ким аны ажырата албайт.

Датка, ордодон эчен көздөрдү көргөн. Алар буларга окшоп, ишенимдүү тиктешпейт. Айыбы бардай, жалтаңдашып, же алаңдап, башканы тиктеген болуп, бурулуп кетет. Кыргызда айтылчу “көздөшүп жүрөлү” деген сөздүн мааниси терең тура. Ниеттеш, көңүлдөрү тазалар тиктешип, биринбири билет. “Көзүндө мээри бар”, “көзүнөн жылдыз жанып, от чыгып, ким экенин көзү айтып турат”-деп, эл бекеринен айтпаса керек. Ордодон мындай көздөрдү көргөн эмес. Жалаң эле аңдыган, заар чачкан, мыкыр, митаам, өзүнүн ким экенин уурдана, кытмыр, билдирбеске, жер караган, жалтакчаал көздөр жашайт. Алар куу, “котур таштары койнунда”, жамандык издеген, байлыкка менменсинген, муздак-сук. Алар эч убакта жакшылык кылбайт, тойбойт ач көздөр.

Датка жүзүнө төп келише, тегиз серпилген сакал-мурутун сылай, жан-жакасын карай бергенде, нанүштөдө олтургандар жабыла, алакан жайышты. Жакшы тилек айтылып, элижуртту амандыгына арналган сөздөр менен отургандар жабыла, бата кылышты. Заматта дасторкон жыйналып, чачыктарын мойнуна артып, чылапчын-чайдөсүн көтөргөн кызматкер отургандарды кыдырата колдоруна суу куюп, кетенчиктей сыртка чыгып кетти. Желбегей жамынган чепкенинин бир өңүрүн мүрүсүнө карай тартып, датка тууганадарынын сөзүнө кулак какты..

-Даткам, жакшы келдиңиз. Жол алыс. Жете албай жүрдүк эле. Бере турган суроobуз, айта турган сөзүбүз көп. Бир ишеничибиз сизсиз. Сизге айтпай, кимге айтабыз,- деди Жангарач.

Датка мойнун чалкалата, башын ийкеп койду.

-Ырасын айтсак, хан сарбаздары, зекетчилер көңүлүбүзгө көк таштай эле тийди, даткам,- дейт экинчи бай.

-Элди жүдөтүп да, бүтүрүштү. Аталарынын акысы

барсынып: зекет деп, хардж-деп, от пул, жол пул деп... деги аба менен суудан башкадан, бүт эле салык алышат.

-Анысы аз келгенсип, сарбаздардын тамак-ашына деп короодогу койду, сүкөндөгү данды, акыркы талканыбызга чейин тартып алышат.

-Элдин көңүлү калды. Сарбаздардан иренжип турабыз.

-Ханга жигит курайбыз,-дешип эр жеткен балдарды үймөүй кыдырышып, катка алышып, унаа турманы менен даярдоону талап кылышат.

-Сарбаздарга ат көөлүк, жүн, тери, кийизге чейин биздин мойнубузда.

-Ошону айт. “Кыл куйрук” дешип, жайыттагы жылкылардан бери сүрүп, айдап кетишет.

- “Бер эле, бер?” – дешип, темиткенден башканы билишпейт.

- Өз жерибизде кенен басып, аш-той да кыла албай калдык. Уул үйлөсөң салык, кыз чыгарсаң салык.

-“Өлгөн кишинин мүлкүнүн,кырктан бирин бер?”- деп доолап келишет.

-Деги, булар бир нерсени өткөрүшсө, айтышсынчы? Эмнеге эле демитишет?

- Же буларга, салык үчүн эле керекпизби?

-“Хандын буйругу”, “ордонун жардыгы”- дешет. Ордо эмне оозу бар да, ичи тешик, жер куйдубу? Кайра-кайра алышат. Эч тойгондору билинбейт.

- “Ордо, ордо” дегендей, ордо бизге эмне кылып койду эле?

- Бир тарабынан Кытайы келет, элди талап. Бир жагынан орусу келет элди басып, жерди ченеп. Ордо кыйын болсо, ошолорду тонобойбу?

- Датка, айтыңызчы? Ордо бизге эмне? Атабы, же энеби? Эмнеге эле, ач күсөндөй сагалайт?

-“Букарам”-деп, бизге эмне камкордук көрдү? Бизге бир жакшылык кыла элек. Ырайымы болбогон ордонун бизге, эмне кереги бар?

-Урдук, ошо ордону. Ханы жок эле жашайбыз. Сарбаздарынын да, зекетчилеринин да кереги жок. Аларды көрөйүн деген көзүбүз жок. Биздин көңүлүбүзгө, көк таштай эле тийди.

-Туура. Ордо деген эч качан опо кылган эмес. Ага ишенүү болбойт. Сарбаздар да, зекетчилер да силерге жакшылык кылбайт. Талайт. Тонойт. Келтирбегиле, бербегиле!

Датканын жообун уккан байлар, бир топко дым боло, ооздорунан кептери түшө, таңданышты. Алардын оюнда датка

-Хан деген хан. Мамлекеттин башчысы. Букаралары салык төлөөгө милдеттүү, койгула. Айтайлы, дейли. Талабыңарды айта барайын. Сарбаз, зекетчилерди тескейбиз,- деп айтат дешкен.

Так кесе, болгондо да, хандын саясатына каршы,анын жооп айтышы, аларды таңдантты.

-Бер десе эле, бере бергидей, эмне, күңкорсуңарбы? Эмне эле көз каранды болосуңар? Хан-ордо болсо эмне экен? Ошол, зордоп алгыдай ордодогулар ким?

Баятан бери жабыла арызданып, көргөн кордуктарын ачык айтып жаткандар, аңкайышты.

Датка чын айтып жатабы? Же какшыкпы? Алдыртан, датканы кыйыта карашса, баягы эле таризин бузбай, кыт куйган чүкөдөй болуп, мандашын жазбай отурат.

-Баятан берки айтканыңар түккө арзыбайт. Ушунча бакылдап, кыйкыргыча элди ойлобойсуңарбы? Ушинтип эле жүрө бересиңерби? Эртеңки күндү ойлогула! Эркиндикти талашкыла! Зомбулукка моюн сунбай, күрөшкүлө.

Эмне эле жазганасыңар? Зекет, салык деп келсе, бербегиле! Чабышса чабыш. Айтышса айтыш. Баарың бир болсоң, силерди ким жеңе алат? Биригип баш көтөргүлө!

Датканын көкүрөгүндөгүнү туйган бийлер, бир топко дым боло калышты. Бирин-бири алдыртан карашып, сөздү оңдой сүйлөштү.

-Даткам, бир элбиз. Элибиз кимдерден кем. Өзүбүзчө болсок болбойт беле?

-Кокондуктардын, бизден кандай артыкчылыгы бар?

-Өзүбүзчө ордо болсок жарашпайбы?

-Бөтөндөргө тескетпей, өзүбүздү өзүбүз калка кылсак, болбойт беле?

-Хандын сизден артыкчылыгы кайсы? Же башы экөө, көзү төртөөбү?

-Биздин ишеничбиз өзүңүз. Элге калка, журтка ата болуп бербейсизби?

Угушубузга караганда, ордо башчыбыз катынпоз, кумарчы, баланын оюндагыдай кылып, таок, ит уруштуруп, кочкор сүзүштүрүп көңүл ачат дешет. Эл кыдырып көрүшпөйбү? Жоо тосушпайбы?

-Элге башчы болор акылман, баатырлар кыргыздан кантип чыкпасын?

-Арка менен Анжианды бириктирген, азаматтар жокпу?

-Датка, элге баш болуң? Өзүбүзчө мамлекет куралы. Кокондон бөлүнөлү?

-Коюндан төгүлсө, кончко дейт. Өзгө жетеби? Өзүңүз, баш болуп бериңиз? Биз колдойлу?

-Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып ынтымакка биригели, датка?

-Жоо тоссок бирге тосуп, тирүү болсок бир дөңдө, өлсөк бир коктуда болуп, бөлүнбөйлү Анжиан Арка биригели?

-Элибиздин эртеңине кам көрөлү. Мамлекет болуп, кыргыз атын көтөрөлү? Тобокел деңиз, датка?

Датка ар биринин айтканын туура көрүп,баш ийкеп олтурду.

-Мамлекет. Мамлекет болуунун милдети канча? Ошончо жүк, ошончо акыл, ошончо түйшүк. Түшүнгөн бар, түшүнбөгөн бар. Мамлекет оңойлук менен курула койбойт. Кадам сайын душман. Башкаларды айтпаганда да, Кокон кое береби? Ач бөрүдөй сагалап, бийликке да, байлыкка да көзүн кызарткандар канча? Бири-бирине тор жайып, капкан коюп, ичтерине бычак катып отурушат. Булардан чыгып кетиш үчүн канчалаган күч, канчалаган эрк, мээнет, түйшүк талап кылынат. Баш алынып, кан төгүлөт. Ага, ким туруштук бере алат. Эмне? Күн өткөнгө каниет кылып, баш калкалап жүрө бериш керекпи? Жо-ок.Жок. Эркиндикти талашуу керек. Бүгүн болбосо, эртең тиет. Эртеңкилердин камын көрүү керек. Кыргыз эли, кор болбош керек. Башкалар менен тең тайлашкан, эгемен мамлекет болуу керек. Мезгил келип, бышып, жетишип турат. Биригүү, биригүү гана калды.

Тuugандарынын айтканы датканын көңүлүнө төп келип, бир гана жоопту күтүп турат. Эмне деп айтса болот? Маакул- десе, али эртеби? Эрте дейин десе, кийин кеч болуп калабы? Чама-чаркты чамалап, таразалап көрүш керек. Орустар менен беттешүүдөгү тагдыр, кандайча чечилет. Аны да эске алуу зарыл. Не болсо да, учур опурталдуу, шарт кооптуу. Элдин эртеңин,тобокелге салууга болбойт.

-Туугандар, айтканыңардын калети жок. Баары туура. Өз деп айтып турасыңар. Аныңарга ыраазымын. Алдыдагы коогадан, элибизди аман-эсен сактап калалы. Ушул бизге жеңиш. Жеңишти алабыз деп, алдын ала айтуу, али эрте. Жараткан ал-кулум десе, жамандык болбос. Жакшылыктан үмүт этип туралы, деп, ордунан козголгуча, эшик ага колун бооруна алып, алдына чөгөлөй калды.

-Таксыр, Канат шаа кабар жибериптир

- Ии?

- Сизди күтүп жатыптыр.

- Бизди эмнеге күтөт? Өз милдетин аткара бербейби?

- Зарыл иши бардай.

- Мейли, күтөрү биз болгон соң, күтсүн-деп эшикке адымдады.

Босого тарапта тургандар жабыла жол бошотушуп, ийиле кетенчиктешти.

***

Кеч күздөгү кара булут, тоо баштарына салаңдап, күн нурларын тосконунан улам, кабылдаган шамал кууураган камыштардын баштарын силкилдетип, өйдөдөн тынымсыз согуп турду. Датка алдындагы күүлөнгөн аргымагынын басыгы менен Канат шаанын колу жайгашкан тарапка эмес, тескери маңдайындагы дөңсөгө карай, атынын тизгинин бура берди. Аны алыстан утурлай чыккан Канат шаа, датканын карааны көрүнөөрү менен атынын ооздугун тарта туруп калды эле, тескери бастырганынан улам, атын демиктире чаап келе жатып, алыстан кыйкырды.

-Ассалоом алейкум, Шер даткам деп,туурадан келип,кол созгонуна назар салбай, датка атын атырылта,алга жүрө берди.

Өзүн теңсинбей, саламына жооп кылып, кол бербей,атын тескери бурган датканын кылыгына ызаланган беглер беги, атын катуу темиңип келип, ага жанаша бастыра таарынычын айта кетти.

-Датка, ушунча да күттүрөсүзбү? Сиздин жолго аттанганыңыздан бери, канча убакыт өттү?

-Мейманды күткөнсүбөй, өзүңүз баштай бербейсизби?

-Баштадык.

-Баштаганыңыз ушулбу? Ийинге жашынгансып, коктуга конуп алыпсыз.

-Далдоодо, душманга көрүнбөйлү дегенбиз. Биздин конушубуз сизге жакпаса, сиз эмне, “мейманга келгенсип” жай жүрөсүз?

-Душмандар сизге, акмак эмес. Эчак эле жер чалып, бул жердин коен жатагына чейин эсепке алганын, кантип билбей каласыз? Мени,“мейманга келгенсип” дейсиз. Уруш оозунгандыкы. Жардам күтүп отуруп, учурдан уттуруп коюпсуз.

Өзүн теңсинбей, опузалап, анын үстүнө колун жайгаштырган жерин жактырбай, акмак катары көрүп, таамай сүйлөгөн даткага Канат шаанын ачуусу келип, жаны чыгып кете жаздады.

-Датка,мени башкарганды коюп, өз жайыңызды билиңиз. Ана душман, каалагандай урушуңуз.

-Сиз, бул жайга эмне келдиңиз? Сарбаздарыңыз талаага чачылып кетиптир, эмне, текей терип жүрөбү

Датка сарбаздардын ачка калып, уурулук кылгандарын, айылдарды талаганын жергиликтүү бийлерден уккан. Ал тургай, эртеден бери келе жатып, буйга жайларда кашатын кармап алып, бөжөңдөп жүргөн сарбаздарды паамдап, ичтери ооруганын билген.

Алар жоого курал алып чуркамак тургай, далдааланып, өздөрү менен алектенгени, саресеп салганга айкын эле. Датканын бардыгын баамдап айтканына, ынабаска чара жок. Чөл адамдары келгенде таза суу, муздак аба ылгабай койбойт. Анын үстүнө, ач калган сарбаздар тапканын жеп, муздак суу ичип, суукка чалдыгып, ар жерде түйүлүп жатканын Канат шаа өзү да баамдаган болчу. Өрт менен өлүм чачкан орустардын замбирегинин огунан улам, заманасы

куурулган сарбаздар, туруштук бере албай, Кастектеги чабуулдан улам үшү кетип, кайра согушууга көңүлдөрү келбей, ар кими туш-тушка тарап кеткен болчу.

-Чөл адамына тоо болбос экен. Ич оору тийди,-деди бошоң сүйлөп Канат шаа.

-Орустарга жел атканы келгенсизби? Чогултуң сарбаздарыңызды! Душманга кай жагынан чабуул коюп, кай жагынан тосот уюштуруп, тийип-качып тополоң сала турган божомол, чиймеңиз барбы? Жоо келчү жайды убаскага (картага) чийдиргенсизби?

Датканын удаама-удаа кекетип, суроо берип, өзүн кайдагы бир маң баштай көрүп, тыңсынганына билер бегинин ичи өрттөй жалындады. Ташкентти башкарган беглер бектик кызматы, хандан кийинки эле улуу даража. Ошондон улам Ташкентти жөн адам башкарбайт Ал керек болсо, вазирден ашык. Хандын пикирине, түздөн-түз жооп айтууга акылуу. Анын үстүнө Ташкент деген Кокондон кийинки,чоң абройдун ээси. Кайдагы бир датка келип, теңине албай, мыскылдап, буйрук берип, “ана кана, мына кана?” деп, талап кылышына Канат шаа чыдабайт. Ага Ташкенден баштап Чүй өрөөнү, Оля-Ата, Казакстанга чейинки аймактарды башкаруу милдети тапшырылган. Бул кең аймакта ал каалагандай бийлигин жүргүзүп, өкүмүн аткарта алат.

Керек болсо, зарыл учурда кеч калып, тойго келгенсип, туугандарынын ардактап тосуп алганына маашырланып, ал тургай ордону, ханды аларга жамандап, өзүн бийлөөчү көрсөткөн датканы, баштап келген колу менен кыйсыпырын чыгара, талкалап...

-Мына, ордонун душманы. Туугандарын күшкүштөп, баш ийбегиле, сарбаздарга, зекетчилерге эч нерсе бербегиле. Хан ким экен? Ордо эмне кыла алмак?-деп, “Өзүн хан көтөрөбүз. Ордого баш ийбейбиз. Кокондон бөлүнөбүз” деп, туугандары менен болгон масилати эбак эле маалым болгон.

Датканын башын, ордого алып барса ким кой демек? Бирок, Канат шаа баштаган кошуундун милдети орустарды тосуш. Датканы кийинкиге калтырып, алдын орустар менен чечишип, бир жаңсыл иш кылганы оң. Ал үчүн датканы ийик-

тирип, согушка салганы оӊ. Кытмар Канат шаа датканы жайкай сүйлөдү.

-Даткам, мамлекет экөөбүздүкү. Душманга экөөбүз теӊ киришели?

-Чабуулду сиз баштаӊыз. Биз аркаӊыздан кубаттайлы,- деди датка сөздү жыйынтыктай.

Беглербеги датканын кесе айткан жообуна каяша айтып, буйрук бере албады.

-Шашпа даткам, көзүӊө бир көрүнөмүн. Ошондо чакчарылганыӊды көрөм. Кимге-ким буйрук берет экен. Сенин желиӊди бир чыгарармын,- деп Канат шаа ичинен ызырына, атын шарт буруп, кошунун карай чаап кетти.

Эртеси урду-сокту запкы менен сарбаздарды экинчи жолу чабуулга салды. Орустардын замбиреги кайрадан күрүлдөп, жалтактаган сарбаздардын шаштысын алды. Кыйласы боо түшүп кырылды. Тирүү калганы жан-алакетке түшө, согуш талаасынан качып чыгышты.

Өмүрбек Алымбек датканын беглербеги менен кайым айтышуусуна бир эсе сыймыктанса, бир эсе танданып турду. Канат шаанын даражасы хан менен эле барабар эле. Ордодо «мен-менмиӊ» дегендер экөө болсо, анын бири, «жок, мен элемин» дегендин өзү. Бегилербегине ченемсиз укук берилген. Каалаган оюн, каалагандай калчап, өзү чечип, өзү билет. Ташкент аймагы Кеӊ Чүй өрөөнү, Олуя-Ата Казакстандын жарым аймагына өкүм жүргүзөт. Өзүнө караган түмөндөгөн сарбаз, саркер, баатыр башылары бар. Мынан келди, ордодогу экинчи башкаруучу бийлигине ээ. Эчен даярдыктан өткөн, сандаган куралдуу колу турат. Жамандыгына алса, сөзүн кайтарып, өзүнө каяша сүйлөгөн Алымбектин он миӊден ашпаган тоолуктардын топтолгон кошуунун ордунан жылдырбай, бир кайберенди бир үйүр карышкыр талагандай кылып, талкалап салса болот.

Бирок, датканын айткан ар бир сөзү жөндүү болуп жатпайбы. Шаанын колунун жайын, кыраакы датка бир көрүп эле билди. Ал тургай жайгашкан жерин, чабуулга өтөөр, коргонуп, чегине турган абалын баамдап, шаанын, шаа башкарган бааатыр башылардын уруш өнөрүндө, өздөрүн ишеничсиз кармап, аймакты туура пайалана албай, эптеп

«жоо тосту» деген гана милдеттен кутулууга шылтоо таппай турушканын аңдады. А шаа өзүнүн аскер ишиндеги жөндөмсүздүгүн билип, датканын келишин чыдамсыздык менен күткөн. Жемеге калаары кыялына да келген эмес. Мыназага келишип, көп кол менен орустарды экинчи келгис кылып, артка сүрүп, датканы кол баладай кылып, «ага чап, буга чап» деп, жүгүртөм деп ойлогон.

-Датка жөн адам эмес. «Колдочуусу бар» деген миш туурадай. Шаанын колу жердин шартын туура пайдаланбаган жосунсуз абалын баамдап, төп айтты Шаа анын алдында өкүнсүнмөк тургай  соболуна жооп таба албай «какап» эмне кылаар айласын таппай калды. Не болсо да, ичинде арам ою, жамандык кылаар кеги калды.

Датканын алдына өтпөй, ат моюн аркада, анын бир кыймылына, ар бир сөзүнө кылдат көз салып, ойлогон оюн илгертпей туюнган Өмүрбек жалгыздай калганда, ички пикирин билдире кетти.

- Даткам, шаанын колунун шайы кетип калыптыр. Жоого жөндөн жөн бута болуп береби?

- Жөн кой. Шаанын оюна койсо, биздин колду бетине туткусу бар. Согушкусу келсе, согуша берсин.

- А биз…

- Биз ким менен урушуп, ким менен өнөктөш болушту өзүбүз билебиз.

- Орустар менен беттешпей кетебизби?

-  Беттешүү али эрте.

- Даткам?

- Ооба. Уруш муну менен басылбайт. Алдыда, дагы көп кыян кечүүлөр бар.

- А эмнеге келдик?

- Келишибиздин өзүндө чоң иш бар. Орустар биз жөнүндө ойлошуп, падышасына шашылыш маалымат беришет.

- Ансыз да орустар, бардык маалыматтарга кызыктар дешет?

- Ооба. Кимдин эмне кылып жатканына кызыкдар. Экөөбүздүн  келгенибиз булардын катына чийилди.  Мындан

аркы көп милдеттер, яки, элибиздин эртеңки тагдырын чечиш, экөөбүздүн мойнубузга жүктөлдү.

Датка аргымагынын тизгинин тарта, Өмүрбектин жүзүнө тигилди.

- Эми тууганым, элибиздин тагдыры мойнубузда. Эл эртеңи экөөбүзгө баглык. Бирок, биздеги жаман илдет, ууручулук, көрө албастык, өзүмчүлдүк, менменсинүү деген кемтик бар. Эгер ал оору болбосо, эчаак эле, кыргыз мамлекети курулмак.

- Даткам, аны ордо ишинде байкагам. Сизге айтайын деп жүргөм.

- Айтпасаң да белгилүү. Баш көтөрүп, төбөсү көрүн-гөндөрдүн көбүнө бул жөнүн эскерттим. Баш ийкеп отурушуп, өздөрүнчө чогулган жайдан ойлору бузулуп келет.

Эл бузар, журт бузарлардын тилдери ширин. Ширин даам аң-сезимди өзүнө тез имерет. Ал эми тузчу? Ал нукура. Аз өлчөм менен көп нерсени даамына келтирет. Чындык да туз. Жеңил-желпилер көтөрө албай чычалап келишет.

-Даткам, дили арам, ою бузуктар болбосо, жашоо кандай болоор эле?

- Карама-каршылык болбосо турмуштун ачуу-таттуусу билинбей калмак.

Ошол кезде «дүп-дүп» этип, алыс жактан замбиректин үнү угулду.

- Өмүке, колду шайма-шай болууга буйрук бер. Шаанын колун алаксытпай, байкоого алалы.

- Куп болот, даткам - Өмүрбек аргымагынын тизгинин четке бурду.

***

Калпаковскийдин көп аскери Кокон колун куугунтукка алып, артынан сая түшпөдү. Алымбек атайы колу менен келип, согуш майданына кирбей кетиши, орустар үчүн табышмак бойдон калды.

Бирок салгылашууга Жантай уулу Шабдан кокондуктар тарабында кыргыз жигиттерин баштап орусияга каршы согушту. Буга чейин, Канат шаа адеп Чүйгө келип, Пишкек менен Токмокко хан бийлигин кайрадан калыбына келтирген

кезде, аны менен ымала кылууга үлгүргөн болчу. Канат шаанын кеңеши боюнча Мала хан Шабданды Коконго, ордосуна чакырып, алтын жалатылып, коздолгон кылыч, мылтык жана жибек чапан тартуулады. Шабдан Канат шаа менен Ташкентке кирип, ал жакта эки жыл жүрдү. Ал Кудаяр хан тарабында так талашкан күрөштөргө аралашып, Түркстан калаасынын баш мансабын алган эле.

Ташкенттин беглербеги Олуя-Атадан келери менен хандын чакыруусуз эле, ордого өзү келди. Аны эшик ага-лардын эч кимиси тоскон жок. Сырт кийимиң чечпестен, этегин чубалта диванканага киргенде, хан гарем кыздарынын бийлерине кушубак болуп отурган эле. Канат шаанын таазим эткенине баш ийкемиш болуп, күүнүн ыргагы менен чайпала башын ийкеңдете, көздөрүн сүзүп, эч нерсе менен иши жок. Беглербеги босогодон кирген боюнча бир азга туруп калды да, акырын басып бош орунга жыла бергенде, кызматкер келип, анын жеңинен аяр кармап, желегин чечүүгө жардамдашты.

Жоо менен жоолашып келгенине, көңүл да буруп койбой, ар жактагы коркунучту унутуп, көңүлү майрам күнкүдөй болгон так ээсине ичинен нараазы боло, бирок,анысын билдирбестен беглербеги да баш ийкемиш болуп, аны коштоп отурду. Шаан-шөкөт бир топко созулуп, гарем кыздарынын оюн-зоогуна көңүлү тойгон өкүмдар, алаканын чабымыш болуп, кымбат баалуу шакек салынган оң колун тескери шилтеп койду. Заматта күүчүлөр да, жарым жылаңач бийчилер да таазим кыла жыла басышып, тартылган парданы аралай ары кетишти. Кызматкерлер ордо эгесинин алдындагы шарап куюлган чөйчөктөрдү, узун моюн чылым тарткан мүштөктөрүн жыйнап кеткенде диванханада экөө гана калды.

-Ии, беглербеги?

-Азирети, таксыр. Алдыңызга келдик, деди Канат шаа ордунан бая эле турган боюнча, ийиле колун сунуп, хандын узаатар узатмаксан болгон колун өөп, чекесине тийгизе:

-“Газават” жарыяладыңыз?

-Ха, өкүмдарим. Сиздин тапшырмаңыз боюнча, чоң даярдыктар жүрүп жатат.

-Аркалыктардын тейи кандай?

-Моюн толгогондору көбөйүп кетти.

-Толгогондорду, толгоп койбойсузбу?

-Толгосо болот. Бирок...

-Эмнеге, бирок?-деп көзү менен теше тиктеди хан.

-Бир чети орустарга ылым санашып... Аларды “датканыз” бузуп...

-Эмне деп бузат? Дагы да тикирейди хан.

-“Сарбаздарга баш ийбегиле, зекет бербегиле”-дейт.

-Ал эмнеси? деди чыдабай чаңырып.

-Аныңыз да, орустарга дитин буруп, сатылып кетти.

-Кантип сатылат? Ордунан обдула, хан кыйкырды.

-Сатылганы ошол, Узун-Агачка чабуул коюну айтсам, мени тоготпой, колун тескери бурду. Эки жолку кармашта тең, менин колум чабуулга чыгып, көп чыгым тартып калды.

-Эмнеге сизди, кубаттабайт?-деп муштумун түйө калчылдап.

-Орустар менен туугандары аркылуу тымызын байланышкандай. Болбосо, чабуулга кошо киргенде, эки кол биригип, Каскелең, Кара-Кестектен ары, келгис кылып кубалайт элек. Аныңыз “шер датка”, “ордонун акылманы”, “Анжиандын арстаны” дегенге көөптүр. Анын үстүнө, туугандары тосконго менменсинип, кудайды тааныбай калды. Менин сөзүмү укмак тургай, тоготпой, басып кетти. Мени тоготпогону, ордону, сизди да тоготпогону эмеспи, таксыр? деп шаа аны көкүттү.

-Туугандары кантип тосту? деди хан ордунан обдулуп.

-Оо, азирети, алдаяр. Мен айта албайм. Датканы көргөндө алар, маңдайлары жарыла сүйүнүшкөнүн айтың. Пайгамбарды тоскондой тосушту. Датка эле эмес, “ханыбыз, “эл ээси”, “эл атасы” дешти.

-Ханыбыз? Эл ээси?...деп чаңырды.

-Ооба, ооба. “Ак боз бээ чалып, хан көтөрдү” дешти. Колмо кол, ыйыгындай кадырлашып, “элдин эгаси” дешиптир. Шаа аны улам безге сайып, кебин узарта берди.

-Жалган! Хан диванкананы жаңырта кыйкырды.

Бегилер бегинин айтканына чыдабай, чаңырып жиберди. Бир орунда турбастан, ары-бери басып, баягы бейкам,

балкып отурган кейпи өзгөрүлүп, беттери диртилдеп чыкты.

-Жалган. Эмне, алардын ордодон баш тарткылары, бар бекен?

-Баш тартканы ошол да. Азирети таксыр. Ордонун чептерин орустар менен кошо бузушуп, сарбаздарды сабап, зекетчилерди тоноп...

-Сиз эмнеге бардыңыз? Эмнени бүтүрдүңүз? Эмнеге тополоңчуларды тыйбайсыз? Кайра мага келип, жаш баладай арызданасыз. Түмөндөгөн колуңузду, ошол ээнбаштарга жайып жибербейсизби? Ошого акылыңыз жетпедиби? деп, демитти.

-Жетет, өкүмдарым. Ал жерде туугандарына таянып, датка турбайбы.

-Датка... колго бир тиерсиң. “Хан агасы”,“ордонун акылманы” дегенге көпкөн экен да. Башын алдырып...

Хан бир топко ары-бери басып,акыры деми басылды окшойт

-Бек, ордонун ишеничи жалгыз сизде. Кеңири укукту бердим. Чүйдү бир өзүңүз тескейсиз. Талабыңызга каршы чыкканды, өзүңүз билип жазалаңыз. Пишпек, Токмоктогу абалды оңдоп, оруска каршы бекем туруугa Олуя-Атага колуңуз менен аттаныңыз. Буйруса эмки жылдагы “газаваттын” башында өзүм турам. Кудай биздин ишибизди оңдосун.

***

Аңгыча Кокон Бухара араздашуусу кайрадан күчөп, Бухара эмири Насырулла өлүп, Малахан Оро-Дөбөнү кайра басып алды. Узун-Агачтагы “күнөөсү” үчүн Алымбек куугунтукталып, Алайга кетти. Ал жактан Адигине менен муңгуштардан кошуун чогултуп, Коконго дагы бир жүрүш жасамак болгондо, шарт туура келбей, Нарын аймагына сапар алды.

Узун-Агачтагы окуя Орусия дөөлөтүнүн Түндүк Кыргызстандагы кийинки ийгиликтерин оңойлотту. Кокон хандыгы эмки жылы орустарга каршы “газават” уюштурууга бүтүм чыгарып, Түндүк кыргыздарын Орусияга каршы согушка тартуу жана ага даярдык көрүүгө болгон зекет чогултуу иштери, көп ийгиликке жетпеди. Уруу башчылары түрдүү шылтоолор менен зекет берүүдөн баш тартышты. Ат-Башы,

Теңир-Тоодо эл аралап жүргөн Алымбек датка аларга чоң таасирин тийгизген эле.

***

Элеттик сарыбагыштын Үмөталы, Ажы, Төрөгелди баш болгон бийлери аны хан тоскондой кастарлашып, алды-кетти көп маселелерди ачык сүйлөшүшүп, бир бүтүмгө келишти. Анын тоолук кыргыз туугандарынын арасында аброюнун өсүп бара жаткандыгынан кооптонгон Мала хан, жарашуу үчүн ордого чакырды. Бирок Алымбек барбады. Ал турсун хан жиберген адамдардын көзүн тазалатып, алардын аркасынан келген кошуунду талкалатып таштады.

Ала-Тоо округунун башчысы Сибир корпусунун командирлиги, Алымбек менен Мала хандын душмандык мамилеси жөнүндө маалыматтар ырасталып жаткандыгын билгизди. Мындай кырдаалда Коконго, же Орусияга ыкырар болууга эки анжы болгон Алымбек датка, тоолук кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча ээлик, же мамлекет түзүүнү ойлогондугун генерал Дюгамелдин согуш миңистрине (1861-жыл 8-июнь) жазган каты ырастайт.

“Алымбек кара кыргыздардын арасында калып Ысык-Көл менен кичи Бухара аралыгында өз алдынча башкаруучу болуу оюнда бар окшойт. Ошондуктан биз менен жакшы мамилеге өтүүнү көздөйт, шекил дейт да, Г.А.Калпаковскийге “Эгер Алымбек Орусия менен мамилеге кирсе, аны кубаттагыла”-деген көрсөтмө берет. Анын пикирин тышкы иштер миңистри А.И. Горчаков да, Александр II да жактырды.

Дюгамелдин пикири  өзгөчө комитеттин 1862-жылдын аяк оона айында Петербургда өткөн жыйында талкууланып, кабыл алынган токтомунда ырасталды. Ошондон улам Г.А.Калпаковский Кокон бийликтери менен сүйлөшүүлөрдү гана жүргүзө турууну чечти. Себеби, падыша өкмөтүнүн чыгыш чет жакалардагы колониялык басып алуу процессинде, куралдын күчү менен зордуктап басып алуу,эл аралык мамилелерге, ички жана сырткы шарттарга ылайык келбей калат- деген убактылуу тыныгуу эле.

Ошол жылдын бугу айында Ташкенттен Олуя Атага аттанган Канат шаа Пишпекке эки миң кол менен кулжа

айында келди. Ага чейин Пишкек сепилинин башчысы Рахматулло Ысык-Көлгө зекетчилерин жиберген эле. Түндүк кыргыздар түрдүү шылтолор менен зекет берүүдөн баш тартышты.

Алымбек түндүк Теңир Тоо арасында жашаган кыргыздарды өз таасирине киргизип, ордодо бийликке жетүү үчүн 1861-жылы күзүндө Паргана аймагына кайра кайтты. Ошол чакта ордодогу абал жакшы эмес эле. Мала хандан колдоочулары алысташты. Хан жалгызсырап, санаа тартып, кабагы ачылбады. Өтө саксынып, ордодон алыс чыкпай, сакчыларды өзү тескеп, жакындарынан да шексинип, эч кимге ишенбей калган. Канчалык этияттанса да, жыл башында ага каршы козголоң чыкты. Козголоңду ордодогулар ого бетер көкүтмөк болуп, колдой башташканда, тыңчылар аркылуу билинип калып, алардын арасындагы күнөлүүлөрдүн да, күнөөсү жоктордун да баштары алынды. Бирок “айыкпас дарт, акыры алып тынат” демекчи, андан көп убакыт өтпөй, экинчи козголоңчулар “Хан ишенген сакчыларды” колго алышты.

Мала хандын көзүн тазалоого Алим бий парваначы, мундуздардан Кадыр бий эшик агасы, Шадман кожо парваначы, түрк Кудайназар датка, кыпчактардан Алымкул, жүз уурусунан Достуммухтар, Мухаммед Ибрахим-мырза-башы, Касым баш болгон топ маслатташышты. Жалган куран айынын этегинде хан сарайда козголоң уюштурулуп, Мала хандын ордуна Шералы хандын Сарымсак аттуу уулунун баласы, он беш жашар Шахмурадды хан көтөрүштү. Алымбек датка хандыктагы баш увазирдин ордун ээлеп, ордодогу башкарууну колго алып, чечкиндүү аракеттер менен Мала хандын жаңылыштыктарын оңдоого киришти. Андан чочулаган Канат шаа Жизакта жүргөн Кудаяр ханды Ташкенге чакырды. Кудаярдын такка отуруу аракетине Парганалык кыргыз, кыпчактар каршы болушуп, кол курашып, Кожентти, Кош-Тегирменди, Ноуну каратышып, Ташкентке бет алышты.

Жаңы хан ордонун ички абалын тартипке келтирип, мамлекеттик ишти колго алды. Орустардын басып алуусунун алдын тороп, коргонууга кам көрө баштады. Орустар менен ымалага келүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракет жасап,

Александр экинчиге атайын кат жолдоп, чабармак жөнөттү. Бирок, андан көп өтпөй Кудаяр ханды экинчи жолу такка отургузууну көздөгөн Бухара эмири Музаффар Коконго басып кирүүнү болжолдогон чакта, хан негизги куралдуу күчтөрдү хандыктын түштүк батышында кармап турууга мажбур болду.

Шахмурат Канат шааны Коконго келүүгө чакырды. Митайым шаа Шахмураттын алдына келбеди. Бухарадагы Кудаяр менен байланыш түзүп, Ташкентке чакырып келип “Хан” деп жарыялап жиберди.

Өзүнүн бийлигин тоготпогон Канат шаага кекенип Шахмурат кыргыз-кыпчак бийлеринин башчылыгы менен он төрт миң колду баштап барып, Ташкентти камады. Дал ошол чакта Бухара эмиринин колу Кожентти басып алды. Эки айга жакын убакыттан соң, жаш хан Ташкентти камоону токтотуп, Паргана өрөөнүнө кайтты. Себеби, жаш хандын колу Кожентти коргоого кеткенде Ташкенттен чыккан Кудаяр менен Канат шаа Коконду ээлеп алышкан эле.

Ордого кайтып келген Шахмуратты Кудаяр менен Канат шаа замбиректин огу менен тосуп алышып, ордого киргизбей коюшту.

Тактыны ээлеген Кудаяр Шахмуратты колдогон кыргыз-кыпчактарга согуш жарыялады. Канткен менен да, такка өбөк болоор, кийинки ишин колдой турган аттуу-баштуу бийлер керек эле. Ал ичкилик кыргыз-кыпчак уруусунан чыккан, ишмердиги жагынан мамлекеттик деңгээлде таанылa баштаган, ошол күнгө чейин Маргалаң вилайетинин акими молдо Алыкулду өзүнө тартты.

- Молдоке, ордону жалаң кутумдар ээлеп алышыптыр. Мен алар менен кандай мамиле кылам? Же бирибизди бирибиз пайлап, мышык-чычкан болуп жүрө беребизби? Кана, кеңеш бериңизчи? Иш бир тараптуу болгону жакшы го?

- Ырас.

- Мен аларга эмне жамандык кылдым? Эмне эле менин аркаман сая түшүшөт? Андан көрө мамлекетти көтөрбөйлүбү?

- Таксыр, мамлекетибиз жакырданды.

- Мына, мына. Ар кими өз билгенин кыла берсе. Бир баштын акылын укпаса. Ордого күйгөн адамга бут тосушса,

мамлекет оңолобу? Оңолбойт. Ал үчүн эмне кылуу керек айтыңызчы?

Биримдик керек.

-Мына, акылман жансыз. Таап айттыңыз. Биримдик зарыл. Ким менен биригебиз. Же “каапырларга” дилин берип, ар тараптан “тууган издегендер” биз менен бириге алабы? Ордонун тагдырына кана, кимдер күйөт?

- Жан күйгүзө тургандар табылат.

- Ап-бали. Кимдер алар? Мага санап бере аласызбы? Ордонун ишеничин кимдер актай алат?

- Муну өзүңүз жакшы билесиз. Ишеничиңизди актай тургандар, кантип чыкпасын, азырети.

- Ишеничин актай турган, мына, бир сизсиз.

- Ишенич билдиргениңизге ыраазыбыз.

- Бирок, биздин душмандар көп. Аларды эмне кылабыз?

-Чакыртыңыз, алдаяр. Ким дос, ким душман экенин бетме-бет сүйлөшөлү.

- Аларды желкемиң чукуру көрсүн.Көңүлгө көк таштай тийишти.

-Өкүмдар, аларды пайдаланганыңыз оң. Давлатка пайдасы тиет.

-Пайдасы тийбесе койсун. Алар мага жамандык гана ойлошот. Алардын жүзүн мага көрсөтпөң. Келиңиз,бүгүндөн баштап ишти колго алыңыз. Ордону тазалайлы? Кимде-ким мага бут тоссо, аны аябаймын. Муну сиз жакшы билесиз. Ак кызмат кыла турган, өзүңүзгө ишеничтүү адамдарды, тартыңыз?

Алымкулдун кыялына, бир мезгилдеги окуя түштү. Анда жокчулуктун айынан, тиричилик өткөрмөккө, эл катары базарга чыкчу. Балалык сезим менен эл топтолгон жерлерге барып, ар түрдүү тамашалардын күбөсү болор эле.

Бала кезде Алымкул базар аралап жүрсө үймөлөктөшүп, биринен бири өтүп кыйкырышып, ит талаштырышып, кочкор сүзүштүрүшүп, короз уруштурушуп көпчүлүк чуру-чуу. Кудаярды жактаган кошоматчылар анын итин, кочкорун макташып, улам сүрөөнгө алышат.

Алымкул көпчүлүккө кайрылып;

-Туугандар! Оң кулак, сол кулагынар менен угуп алгыла.

Мындай оюндарды өткөрүү шарият боюнча күнөө болот. Адам эмес, малдын жанын да кыйноого шарият уруксат бербейт-деп эскертет.

Көпчүлүк аны тиктешип, айрым кекселери маакул көрүшүп, баш ийкей тарай башташат. Өзүн көзгө илбей, элдин көңүлүн өзүнө бурган Алымкулга, атасынын тагына ишенген ханзада Кудаярдын ачуусу келип, кошамат кылып, эрчип жүргөндөргө

-Кармап келгиле! – деп буйрук берет

Кудаярдын шилтеген жагынан, кайра таратпаган жан-жөкөрлөрү, көптөп аны, уйпалашып, Кудаярдын алдына сүйрөп келишет.

-Таңгыла түркүккө!

Алымкулдун туйлаганына карабай, кошоматчылар, колу-буттарын кыймылдагыс кылып чырмап байлашты. Көпчүлүккө каршылык кыла албаган Алымкул, эч бир арга таппай зордук менен таңылуу турду.

-Бул оң кулак, сол кулак дедиби? Кулагын тешип, жип байлап, мыкка илгиле! дейт, мыкаачы Кудаяр.

Кошоматчылар заматта анын айтканын аткарышты.

-Эми таңуусун алып, колун чечкиле! Оң кулагы кайсы, сол кулагы кайсы? Бошотуп алганын эл көрсүн! деп, кылган ишине курсант боло, дердейип каткырды

Анын айтканын аткарган кошаматчылары кошо күлүштү. Алымкул алардын кылыгына чым этпей, чыдап, Кудаярдан көзүн албады.

- Кана, Алымкул баатыр. Оңу кайсы, солу кайсы? Сени кыйноого салбайлы, өзүңдү-өзүн бошотуп ал!- деди, Кудаяр менменсинип.

Бир чети ызаасы келип, ачууга булуккан Алымкул бир оңго, бир солго бурулганда, жип өткөрүлгөн кулактары жырылып, кан шүшүңдөп акты. Бошонгон баатыр эч кимге сүйлөбөстөн басып кетет. Жанын ачыштырып, көпчүлүктүн арасында шылдыңдаган ханзадага, анын көкүрөгүндө кетпес кеги, өчпөс доосу калды.

***

Кудаяр хандын өтүнүчү менен Алымкул ордого келди. Андан аз эле өтпөй Кыдыр, Ырысалы сыяктуу бийлер бийликтен четтетилип, тындым болду. Андан көп өтпөй көрө албастыктын кесепетинен Алымбек датка өлтүрүлдү. Орус оторчуларынын Борбордук Азияны басып алуу аракетине карабай, Кокондогу окуя чиелене берди. Кудаяр ханга багытталган көтөрүлүштөн улам, хандын колу талкаланып, ал турсун Маргалаңдын жанында Эмирдин Ак Мечит сепилинин мурдагы башчысы Жакыпбектин аскер башчылыгында жиберилген атайын кошуун да, тып-тыйпыл болду.

Эмир Кудаяр хандын өтүнүчү менен он эки миң колду алып, Коконго басып кирди. Теңдешсиз салгылашта козголоңчулар Ошко чегинүүгө аргасыз болушту. Жолду ката кырып-жоюп, тополоң салган Эмирдин колу Ошко келгенде көтөрүлүшчүлөр жиксиз, кумга сиңген суудай болуп, кокту-колоттордун арасына сүңгүп кетишкен эле.

Эмир айланасындагы көрүнүшкө таң калды. Маңдайда мелтейген тоолор, шамалдай сапырылган тоолуктарды койнуна катып мелтирейт. Андан төмөнкү боз адырлардан кылтыя башын чыгарып, көтөрүлүшчүлөр кууп келген жоонун ар бир кыймылын сая кетирбей тиктеп тургансыйт. Кокус эле бир белги боло калса эле, шоп-шоп эте кокту-колоттордон селдей агылып келип, кыян боло каптап кетчүүдөй туюлду. Эгер булардын көңүлүн таап, ымаага келтире алышпаса, бул жайдан өздөрү да аман кайтпачуудай сезилип жатты.

Эмирге тоолуктардын бирдиктүү аракеттери чоң таасирин тийгизди. Ушулардын жүрүшү Кокон бийлигинде болгондо барбы, эч бир күч туруштук бере алмак эмес. Тоолуктардын ынтымакташкан күчүн ордого тарттуу өзгөчө зарыл эле. Бир эле Кокон өлкөсүнө эмес, коңшу мамлекеттер арасында да, эң бир таасирдүү адам-айтылуу «Анжиандын-арстаны» аталган Алимбек датканын ордун жоготпой, элеттиктерди биримдикте кармап турган Курманжанга жолугуу Музаффар менен Кудаярдын бирден бир максаты болду.

Аял башы менен тартынбай келип, мамлекет башчыларын кайниси Жаркынбайды ээрчите жүргөн Курманжан

Мадыда тосуп алды. Баскан-турганы шайдоот, эркектердин арасында-кымырынып кысынбаган, ар бир сөздү эби менен айтып, ал-жай сурашкан элеттик аялды Эмир биринчи көрүшү. Бой-келбети келишип, жүзүнө парда тартпай, маңдайында турган аялзатына Эмир таң калды. Датканын арбагына арналып, куран окулуп, көңүл айтылган соң, өз букаралары үчүн ордонун ыйыктыгы, хан куданын өкүлү экендиги, рахбарга каршы чыгуу мусулман баласы үчүн күнөө боло тургандыгын, албарс кылычта курч көк болоттой бекем,канжардай өткүр мамлекет алдында кызмат кылуу ар бир адамдын милдети экендигине эскерте кетти.

Датканын өлүмү ордо үчүн оор жоготуу болгонун, асыл-ааламда адам гана жараларын, пайгамбардай көсөмдүн арадан кеткенине жалпы мусулмандардын кабыргалары кайышып, мүңкүрөп, кайгы тартып турганына токтолду. Алтындан кымбат датканын наамын кийинки мурасчыларына берүүгө, атайлап келишкендигин белгиледи.

-Ордодогу биримдикти сактоодо датка агабыз опол-тоодой орунда эле. Акылман, айкөл адамдын ишин улап, элди дайыма ынтымакка чакырып, мамлекеттин тагдырына күйүп, акыйкат максатын алып кете турган, өзүндөй адилет, кара кылды как жарган калыс, урпактарынын бирине даткалык наамды ыйгарууга келип отурабыз. Ардактуу наамга кана кимди сунуш этээр элеңиздер?- деди Эмир датканын топтолуп турган улуу-кичүү туугандарына кайрыла.

Тургандар агасынын үлгүсүн алып, далай элде, далай жерде аны менен кошо жүргөн, Алымбектин бир тууганы, Бекмураттын чоң уулун Жаркынбайды аташты.

-Жаркынбай ылайык

-Абасы менен ордо ишинде, эчен жолу бирге болгон

-Эл башкарууга көзү каныk Жаркынбай ылайык-дешти жабыла

-Жок. Ыйык даражага, ардактуу наамга жеңем ылайык. Курманжан жеңемиң колунан баары келет. Аны эл да туура көрөт деген.

Жаркынбайдын сунушу Эмир менен Кудаярды таң калтырды.

-Кудая тобо. Качан эле кемеге башында жүргөн очок

ээси аталган-аял, эл башкарчуу эле. Булар эмне даткалык даражаны оңой көрүшөбү, же шылдыңга алып жатышабы. Даткалык мамлекетте башы таанылган, бүтүндөй эли-журтка сөзү өтүп, оңор эмес абройго ээ болгон, мыктылардын-мыктысына гана берилет. Бу тастайып, эркектердин арасында бир уялып, бетин жашырбаган аялды атаганы эмнеси-дешкен Музаффар менен Кудаяр итиркейлери келе, айланга караشты.

Алымбектин чоң уулу (биринчи аялынан) Акынбек, бир туугандары Осмонбек, Өмүрбек баш болгон аба-аксакалдар Жаркынбайдын айтканын эп көрүшүп, баш ийкеп турушту.

-Жаркынбай мырзанын кебине эмне дейсиздер?-деди Эмир дагы бирөөсү оюн айтабы деген таризде

-Жаркынбай туура айтат.

-Курманжанга ылайык-деп коштоп кетишти.

Эмир көпчүлүктүн пикирине каршы боло албады. Алаканын чаап ымаа кылганда, аны менен кошо келгендердин бирөөсү кымкап желекти алып келе калды эле. Аны чапсаңдык менен бир аял ала коюп, ортодо турган Курманжандын мүрүсүнө жаап:

-Ардактуу наам кут болсун курдаш! Элиңдин тагдырына аял-эне сен күйбөсөң, ким күймөк эле. Ылайым ак жолтой болсун!-деди сүйүнө.

-Аялзатын кадырлаган Эмирге ырахмат! Эл тагдырын колуңа берди. Асти чаалыга көрбө. Тизгинди бек карма-деди экинчи аял келип, Курманжандын колун кыса.

Эл башкаруу ишенимиң аял кишиге берилишинин эч бир өөнү жоктой, бул иш боло келгендей. Көптүн арасында сүрдөбөй, камыкпай келип, куттук айткан тоолук аялдарынын мамилеси, меймандарды ого бетер таң калтырды.

Аркы тарапта турган катчы, датка наамды ыйгарган Эмирди парманын окуду.

-О жакшылар. Даткабыз өлгөн жок. Орошон элдин ичинде опол тоодой жигиттер көп. Акыл калчап, кеп чечкен, элине ээ болоор, жерине медер болоор уландар арбын. Уучубуз кур эмес. Атасынын жогун жоктотпой, элин коргоп, тескеп алар уулдары турат.

Мына жубайы Курманжанга Эмир, хан улуу баштары

менен келишип, датка парманын ыйгарышы,оомаданын келиши эмей, эмне?

Курманжан балам ал тизгинди. Жолуң ак жолтой болсун! Эли-жерибизге кудайым берекке, кут берсин. Оомийин!

Ошондон соң Жаркынбай Анжианга акимдике дайындалды.

***

Алымкул Кудаяр хандын жаатында узак болгон жок. Ал кыргыз-кыпчак топторун жетектеп, Кокон ханына каршы күрөшкө чыкты. Кагылыштарда Хал датка, Алибай датка, Жумабай, Мамбет, Мырзабек, Ташыбек сыяктуу ичкилик бийлери Алымкулдун жетекчилиги астында Кудаяр хандын сарбаздары менен кармашып жатты. Алар Наманган, Маргалан, Кожент шаарларын убактылуу каратып алышты. Көтөрүлүшчүлөр түндүк кыргыз урууларына Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшүү үчүн үндөө менен кайрылышты.

Алымкул баш болгон топ, Кудаяр ханды тактан кууп, анын ордуна ылайыктуу ханзадалардан алып келүүгө Маргалаңга жакын Жар-Мазарда ордодогу кадыр-барктуу аталган уламалар, ичкилик тобундагы найман, төөлөс, теит урууларынын төбөлдөрү Зыявидин Максым баш болгон Хал датка, Алибай датка, Жумабай, Мамбет, Мырзабек, Ташыбек даткалар менен кеңеш өткөрүүгө чогулушту.

-Коконду “кокуйлаткан” датка, өзүм билемдикке салып жүрүп, өзүн-өзү кылып алды,-деди Алибай датка тегерегиндегилерге.

-Алла-таала анын акыретин берсин.

-Отуз уулдан кезек тийгөн эмес. Эми өзүбүздөн көтөрөлү-деди Мырзабек бий.

Мырзабек бийдин айтканы да жондуу эле. Тоолук кыргыздар каалаган учурда ордого чан салып, Мурас корлордун арасынан каалагандарын тандап алып келип, бийлик тизгинин колуна алып берип, такка отургузушкан. Ошондон улам өзбектерден сырткарыда ичкилик кыргыздар менен тоолук кыргыздардын ортосунда келишпөөчүлүктөр болгондугу жашыруун эмес.

Кокон хандыгынын ордосунун айланасында ичкилик

кыргыздар көп жашагандыктан ордодо бийликтин ар түрдүү баскычынын башында жана аскерлеринин дээрлик көпчүлүк бөлүгүнүн кыпчак-кыргыздар түзгөн. Бирок, кыргыздардын бийлеринин арасында Алымбек даткадай хандар менен кызматташкандар чанда болгондугу малым. Алымбек датка-Мадалы хан, Шераали хан, Мала хан, Шахмурат хандар менен кызматташып, отуз жылдан ашык бийлик тизгинин кошо кармашканын баары билишчү.

Аңгыча болбой сырттан кирген Алымкул сөздүн ток этер жерине токтолду:

-Туугандар, ордодогу тоз-тополоң бир кишиге баш ийбегендиктен болуп жатканын өзүңөр жакшы билесиңер. Кудаяр ханга эч ким ишенбей калды. Эми билерман бирөө келиш керек. Мындай ишенимге кимдер ылайык деп ойлойсуздар?

Уламалар, ордо жакшылары “кимиси кимди көрсөтөөр экен” дешип бирин-бири суроолу карашты. Эч биринен сөз чыкпаган соң, ордодогу эң абройлуу аталган, хандын көптөн берики катчысы Зиябидин максым ордунан козголуп:

-Өзүңүздөн артык адам көрүнбөйт, молдоке-деди.

Алымкул анын сөзүн укмаксанга салып, кайра сөзүн улантты.

-Кана, кимди деп ойлойсуздар?

-Бул даражага бир өзүңүз ылайыксыз, таксыр-деп, үнүн бийигирээк чыгарган Максым айланасын кыдырата карап.

-Сиз мени көрсөттүңүз. Менин ниетим хан болуу эмес. Кызматка бел байлаган кишимиң. Ханзадалардын бирөөсүн көрсөтүңүздөр.

-Таксыр, Малабекти да, өзүңүз көтөрдүңүз эле. Анын уулу Султан Сеит жетим калып отурат, деди бирөөсү.

Алымкулдун дитиндеги ойду туйган көпчүлүк, жаалап кетишти.

-Туура, Султан Сеит жетим калды-дешти топтогулар.

***

Музаффар өзү эки миң колу менен Коконго басып кирди. Алымкул жетектеген кыргыз-кыпчак Коконду камоого алып, Шахризибда башталган көтөрүлүшкө байланыштуу Кокондон

чыгып кеткен Музаффардын жоктугунан пайдаланып ордону ээледи. Кудаяр экинчи жолу качты. Малабектин он эки жашар уулу Султан Сейит такка отургузулуп, 34 жаштагы Молдо Алымкул аталык аталды.

***

Найман уруусундагы Молдо Үмөт уулу Ташыбектин молдо Алымкул менен байланыш түзүп калуусунун себеби бар эле.

Молдо Үмөт уулун жаш кезинен тасыксын, жолдош-жоро күтүп, эл-жер көрүп, башы бышсын-деп балакатка жеткенден баштап өзүнөн улууларга кошуп берет. Айылдагылар базарга мал айдап калган мезгилде, аларга кошуп, он-он беш кой-эчкини айдатат.

-Кой-эчкини сатып, эмне алып келейин?-дейт уулу атасына

-Тиричиликке зарыл нерсе болсо алаарсын. Болбосо пулуң жаныңда жүрөр. Базарды барып көр дейт атасы.

Ташыбек кошулган топ шериктери менен жолдо бир түнөп, эртеси базарга келишет. Далдалдар ортого түшүшүп колун силкип, жандыктардын баасын сурайт.

-Базар баасы. Элден кем-ашыгы жок-дейт мал ээси.

-Элдикиндей баа болсо, мейли. Мынча болсун-дешип, далдалдар алармандардын пулун берип,

-Баракка тапкыла дешип, кол кармаштырышат.

Кой-эчкилерин пулдап, базардан чыга беришээринде жакалашкан эки адамдын жанынан өтүшөт. Базардагылардын көбү ал экөөнү тамаша кылышып тегеректеп калышкан эле.

-Карызыңды төлө!

-Сенен карызым жок.

-Жаныңды жебе, алгансың?

-Алсам берейин. Качан, кайсыл колуң менен бердин эле?

-Унутуп калдыңбы? Бер дегенден кийин, бер! Төлө карызыңды? деп, доолаган адам улам өктөм кыйкырат.

-Кой ай!-деген эч ким жок.

Жакалашкан экөөнүн жөн-жайын тургандардын бирөөсүнөн Ташыбек сурай кетет:

-Бири бирине, карыз окшойт дейт ал.

-Ажыратып койбойсуздарбы?

-Ажыратып болобу. Бири аласа, бири берece. Чечишип алсын өздөрү.

-Кой дегиле? Бул адамгерчиликке жатпайт. Токтогула. Жакалашпай эле, чечишсеңер болбойбу?-дейт Ташыбек

-Ортого түшпөй, жөн бол. Болбосо, тигинин карызын сен төлөмөк белең?-дейт арытан бирөөсү.

Жөндөн-жөн кагуу жеген Ташыбек, намысына келип.

-Эмне экен? Төлөсө төлөп дале коем. Бересеси канча?-дейт, омоктоп доолап жаткандан.

-Канча болсо, сен төлөмөк белең. Жолуңа түш!-дейт оройлоно

-Кое бер, аны! Ме, берген карызыңды ал!-деп койнундагы капчыгын тигинин алдына ыргытты.

Жабыла, карап тургандар дуу эте түшүштү.

Доочу аңкая карап, анан эсине келди окшойт. Жерде жаткан капчыкты алып, белиндеги курду жая алтын тыйындарды ага төктү. Аласасын алган доочу калганын Ташыбекке узатты. Ал капчыгын коюна салып, жолго түшө кете берди. Карап тургандардын ар кимиси, ар кепти айтып, кээлери шылдыңдай күлүп жатышты.

-Баракелде, азамат. Ата уулу экен.

-Ак жүрөк болуп көрүнгөн, акмак. Тиги кубары беле.

-Мындай иш, ар кимдин эле колунан келе бербейт.

-Доодон куткаруу, чоң адамгерчилик. Келечектүү жигит экен.

-Пул кадырын билбеген, эрке бала окшойт.

-Ооба. Оңойдон тапкан дешкен көпчүлүк аны ээрчий узатып калышты.

Карыздар адам үстү-башын түзөп, жаңы эле жанында турган жигитти издей мойнун созуп карай баштады. Айланада көрүнө бербеген соң,шашкалактай:

-Калайык. Мени доодон куткарган адам кайда кетти? Ким деген? Билгендер барбы?

-Тигине, тигине-деп, артын кылчабай шериктери менен кетип бараткан Ташыбектин карaанын көрсөтүштү.

Карыздар адам чуркап, заматта аркадан жете келди.

-Эй бала! Бир аз аярлай турчу? Аты-жөнүң ким? Бейтааныш адамга кайрылып, кур дооматтан куткардың, ырахмат!

-Молдо Үмөттүн уулу Ташыбекмин

-Сага миң мертебе ыраазымын! Кай жерден, кайсыл уурудан болосуң?

-Найман уруусунанбыз. Үч-Коргондун үстүндөгө Кара-Жыгачта жашайбыз.

-Жакшылыгына ыраазымын. Сени эсимден чыгарбайм-деп колун кысып туруп калды.

Ташыбек шериктери менен шаардын чекесиндеги чайканага келишип, эс алышып, аттарын минишип кайра айылга кайтышты. Жолго бир түнөшүп кайра аттанышты. Сөздөн сөз чыгып шериктери суроо салды.

-Атаңа эмне деп жооп бересиң?

-Бирөөлөргө жакшылык кылганды, айыптабаса керек.

-Баламы тыйып койбойсуңарбы-деп, нааразы болбос бекен?

-Берген мен, силерге неге нааразы болот?

Шериктери үндөбөй улоолорун теминише келе беришти. Үйгө келгенде, Ташыбек болгон окуяны, атасына жашырбай айтып берди.

-Берипсин да, коюпсун. Акча кадырын билген жакшы, Жокко зар. Барга кор. Муну эсиңден чыгарба-деди атасы.

Арадан үч-төрт жыл өтүп, Ташыбек кыйла тотугуп эр жеткендей болду. Жайы-кышы мал карап, этинен түшүрбөй, базарга сатып кем-карчын түгөлдөп, тасыга берди. Бир күнү:

-Найман уруусундагы Молдо Үмөт уулу Ташыбек ордого келсин! деген кабар угулуп молдо Үмөт айылы менен дүрбөп калышты. Бирин-экин ордого иши түшпөгөн молдо Үмөттүн шаштысы кетти.

-Алда кандай иш болуп кетти? Деги, жакшылыкка бекен? деген Молдо Үмөт айылындагa аба-аксакалга барып, кыжалатчылыгын жашыра алган жок.

Каттын кабарын уккан жакшы саналаш тууган-урук, ал-абалды билүүгө келип жатышты. Ал тургай Кызыл-Бел, Ак-Теректеги найман, төөлөс, уйгур жана тейит урууларынын ак сакалдары да дүрбөп жете келишти.

Молдо Үмөт союш союп, түлөө өткөрүп, келгендердин баарын сыйлап, кыжалаттыгын жашырган жок.

-Ордо чакырса, элибизге ооматтын келгени. Уулуңа чоң ишеним берилет экен. Жакшылыкка жоруйлу.

-Ордого кур кол барбасын, соога менен барсын.

-Бир-эки жигит да, коштоп алсын.

-Хандын аты улук, куржунун толтуруп ,жетекке согум айдайт.

Көптүн кеңеши менен туу калган бээ сойгузуп, этин түгөл салдырып, казы-картасынан бери бышыртып, атка жүктөтүп, молдо Үмөт уулун эки жолдошу менен бата берип Коконго узатты.

Ташыбек ордого келип, хан чакыртканын кабарлады. Ал ханга кабыл алууга кирип, эки колун көкүрөгүнө алып, таазим кыла:

-Ассалом алейкум, таксырым. Чакырууңуз менен келдим, хан ата-деп, көзүнүн кыйыгы менен төрдө отурганга кайрылды.

-Ким деген болосуң?

-Молдо Үмөттүн уулу Ташыбек деген болом.

-Кана, жакын келчи?

Ташыбек бир-эки кадам басып жакын барып, маңдайындагы кишиге бүшүркөй карады.

-Ии, тааныш окшойбуз-деп кулобага караган адам бир мезгилде жакшылыгыңды көрдүм эле. Эми жакшылап таанышайын деп чакырттым. Ордого кызмат көрсөт.

Ташыбек анын молдо Алымкул экенин ошондо билди. Жөн-жайын ата-энесине кабарлап, ордодо кызматта калды. Ошол кезде Кара-Жыгач айылындагы төөлөс уруусунан Жоошбай мерген, Кароолдун Көлүндөгү төөлөстөрдөн Пайыз, тейиттерден Жунус аттуу жигиттер аскер кызматын аткарышчу.

Хандын уулу Кудаярдын жаштарында бир аз айырмачылык болбосо, экөө тең чамалаш. Кудаяр жаш кезинен эрке өсүп, оюна эмне келсе, ошону аткарган тентек болчу. Айтканын аткартмай сайын жаны тынчуу эмес. Айрыкча кумар оюнуна кызыкдар болуп, жантыгынан жата калчу. Ошол кезде Кокон аймагынын Маргалан калаасында күндө

базар, күндө той болуп, кочкор сүзүштүрмөй, короз, бөдөнө уруштурмай, ит талаштырмай, чүкө калчамайдан тартып, дарт кам оюндары түгөл өткөрүлүп, ышкыбоздор ар тараптан келишип, кумар оюндарын өткөрүшчү.

Кудаяр ошол оюндардын бирисинен эле жеңилип калса, заматта чыр чыгарчу. Байгеге коюлган буюмбу, акчабы күрөөздүк менен тартып алчу. Анын карааны көрүнгөндө көбү оюндан чыгып, караандарын жашырынып, көптүн арасына бекинишээр эле.

Ар дайым мелдештин калыс өткөрүлүшүн талап кылган Алымкул, андан эч жалтанчу эмес. Бир курдай мелдеште жеңилип калган Кудаяр сайган байгени, уткан оюнчуга бербей күрөөздүк кылат. Аны көрүп турган Алымкул, анын жүзүнө карабай.

-Чыдасаң ойнобойсуңбу? Болбосо, оюнга келбе.

Ага териккен Кудаяр:

-Утугуңду ушул берет –деп, Алымкулду сүйлөтпөй коёт.

Уткан киши, ар дайым Алымкулду көргөндө:

-Карызыңды төлө?-деп көпчүлүктүн арасында жакалап, чырдашкан чакта Ташыбек базардан жолуккан эле.

Молдо Алымкул Маргаландын беги болуп турганда, Кудаярдын алдыртадан тукуруусу менен жергиликтүү уруулардын бийлеринен аны көрө албай, ага атаандаштар чыгып, кыр көрсөтүшүп, аркаларын сала тоготушпай, моюн сунушпай, ачыктан-ачык эле каршы чыгышат.

Аны байкаган Кудаяр Алымкулдун атаандаштарына:

-Ким көзүн тазаласа, шаар бийлигин алып берем-дейт.

Алымкулдун каршылаштары шаардын четиндеги ээн талаага арабаларды тегерек коюшуп, кийиздерди жаап, коргончо кылышат.

-Молдо Алымкул, масилатка келиңиз?-дешип, аны айла-амал менен көптөп, өлтүрмөк болушат.

Алымкул да алардын оюн түшүнүп, шериктерин ала келет. Кийиздердин далдоосунда отургандар колдорундагы куралдары менен Алымкулдун тобуна, келери менен кол салышат. Кызыл кыргын башталып, көбүнүн башы жарылып, буту-колдору сынат. Жашынан бери уруш өнөрүн жездесинен үйрөнгөн Алымкул тосмону бузуп, качып чыгат.

Кудаярды жактаган топтогулардын сөзүнө кирген маргаландыктар колуна илешкен куралдарды алышып бешилик, кетмен, балта, теше менен Алымкулдун тобун шаардын төрүнөн, этегине чейин сүрүп чыгарышат. Алдастаган Алымкул калган-каткан жан-жөөкөрлөрүн араң жыйнап, эртеси чаабулга аттанат. Кан төгүлүп, эл арасында наарзычылык күчөйт Алымкулдун оңойлук менен багын-бастыгын байкаган топтун жетекчиси;

-Баары бир элдеше албайбыз. Көп адам өлүп кетти. Буларга биз тополоң салдык. Же сен өл, же мен өлөйүн. Эл тынсын. Эр болсоң, сайышка чык!дейт.

Экөө Маргаландын үстүндөгү тектирге барышып, эр сайыш болоор жерди тандашып, ортодогу чекти белгилешет. Эртеңки күн чыгаар мезгилди болжошот. Алымкул түз эле досу Гозумат мергенге барып;

-Гозумат мергеним. Эртең эрте менен күндүн мурду көрүнөрдө эр сайыш болот. Мен ар дайым элдин талабын талашып жүрөм. Дилим да, ниетим да ак. Ак ийилет, бирок сынбайт дейт элибиз. Күн чыгыш тараптан, күндүн мурду көрүнгөндө, мен чыгыштан ат коем. Беркил батыш тараптан ат коёт. Белгиленген чекте менин найзам менен кошо сенин огуң да тийсин – деп буйрук кылып, мергенге ылайык келген оро каздырат.

Эр сайышты көрмөккө таң атпай эл топтолот. Ак боз аргымагынын үзөнгүсүн чирене тээп, күн жүрүштү багыттаган Алымкул күндүн нуру жылт этээр замат, аргымагын алкын-тып, колтугуна кыса кармаган найзасын таңкы желге шуулдатып чаап жөнөгөндө Гозумат мерген кара мылтыгын октоп, билик отун тутантып, душмандын көкүрөгүн мээлей калды. Досу болжогон жайга үч-төрт кадам калганда, мерген да атты, молдонун найзасы да тийди. Тамаша кылып турган калың топ, Алымкулга сарпай жаап, ат үстүнөн түшүрбөй көтөрүп кетишти.

Ырчылар:

Сарттын беги Алымкул,
Сабыны маккам ушлаган.
Санамда сулуу калдарды.
Чакам бир бозой кушлаган

Кыргыздын беги Алымкул,
Найзасын макам ушлаган,
Кыйла эле бозой кушлаган деп кошуп ырдашты.

Алымкул аталык болгон соң кол алдындагы кызматкерлерин тымызын сыноого алат. Жортуулдан келе жатышып, бир жерге келгенде «буту- колду жазалы» деп, көк майсага отуруп калышат. Бир аздан соң Алымкул ээк–башын сылап отуруп кокусунан:

-Алып келгиле деп, жака-белин каранат.

Вазирлери ары басып, бери басып анын айтканын таба алышпай, айлалары кеткенде Ташыбекке кайрылышат.

-Таксыр буйрук бергенде, кандай абалда эле?- дейт Ташыбек

Вазирлер ойлонуп отуруп, ал-жайды түшүндүргөндө.

-Э, сакал алгычты алып кел, дептир. Жортуул аяктады, Чачын алдырат тура-дейт Ташыбек

Алымкул аталык ушундай жол менен кызматкерлерине ар түрдүү тапшырмаларды берет. Эч кимиси таба албай, баштары ман болгондо, Ташыбек таап, аларды оор абалдан куткарат.

Ташыбектин тири карак, зиректигин жактырган Алымкул аны дайыма өз жанында алып жүрөт. Бир күнү кеңешип отуруп:

- Ташыбек өз жерине бийликке коем. Охна Орон-Теректеги наймандардан тартып Айрыбас, Үч-Коргондон Исфайрамдын бойлорун, Чоң-Алайга чейинки аймакты башкарасын - дейт

-Таксыр, ишеничиңизге ыразымын. Менин өтүнүчүмө ыкрар болсоңуз, сиздин айтканыңызды эки кылбайм-дейт Ташыбек.

-Угалычы? Айт!

-Жерибизде уурулар көбөйдү. Жалаң бечаралардын малын алышып, мүлкүн уурдашат. Зөөкүрлөрдү кармап эл алдында жаза бергизейин.

-Бул сөзүңдү кубаттайм-деп Ташыбекке даткалык наам менен акимдик мансапты ыйгарат

Буга чейин аталган аймактарды айрыбаздык Акбий баатыр башы сурап турган болчу. Ал колундагы буйругун

алып келип, Акбийге тапшырат да атагы чыккан ууру-зөөкүрлөрдү жигиттерине карматып келип, Исфайрам дарыясынын жээгине элди чогултат:

-Мына бул эл тоногон, зөөкүр-уурулардын күнөөсүнө ылайык Кокон ханынын атынан өлүм жазасы ыйгарылат. Кандай дейсиңер!

-Кудайдан коркпогон, бейнысап ууруларга, өлүм жазасынын берилиши туура. Дарга асылсын!- деп, көпчүлүк кубаттай кетишет.

Айрымдары келип, уурулардын беттерине түкүрүшүп:

-Ишенген мал-мүлкүбүздү тоноп, уурдап, тартып алганыңар үчүн тозокко түшкүлө- дешип каргашат.

Айрыкча уюн алдырып, уулунан айрылган кемпирдин каргышы, тургандардын кыжырын келтирди.

-Айланайындар! Бул зөөкүрлөргө ырайым жок. Уюуму көз көрүнө жетелеп баратканда, уулум чыга калып, эл журтту жардамга чакырганда, бычак сайышып өлтүрүп кетишкен. Булардын жүзү кара. Канкорлорго өлүм! – дейт кемпир өксүп ыйлап.

Ууру-зөөкүрлөрдү эл соттоп, Ташыбек дарга астырды. Ошондон баштап, эл ичи тынчып, арыз-муң азайды. Эл ичинде, анын кадыр-баркы артты. Ордодо, өлкөнүн ал-абалы, четтен келген душмандарга каршы туруудагы ордого жигиттерди топтоо, аларга улоо-каржы уюштуруу маселелери боюнча ордодо Ташыбек менен жеке кеңеш жүрөт. Аны көрө албагандар Ташыбекти жок кылуунун жолун издей башташат.

-Таксыр, Ташыбек датка, сиздин үстүңүздөн кутум уюштуруп жатыптыр. Сиздин көзүңүздү тазалап, тактыда отургусу бар. Эки-үч жумадан бери, ордодон алыс кетпей жүрүп калды. Түбүңүзгө нак ушул жетет-дешип, ордо кызматкерлери биринен бири өтүп жамандашат.

-Андай болсо, дарганы даярдагыла-дейт, Алымкул

Бул окуяга күбө болгон Ташыбектин досу, ага жетип:

-Бүгүндөн калбай качкын досум. Бөөдө өлүм таап калмак болдук-деп, уккан-көргөнүн айтып берет.

-Жок. Мен өзүмдүн актыгымды аныктамай сайын, бул жерден кетпейм. Качсам күнөөлүү деп табылам. Актыгыма Кудай күбө деп, үйүнө барып алып, кайра да ойлонот.

Таң эрте менен багымдат намазын окуп, хандын алдына келет. Намаз окуп жаткан хандын аркасында туруп, кылычын кымдан сууруп, эки алаканына туура коюп, хан намазын бүтөөрү менен тизелей отуруп:

-Ассалоому алейкум таксыр! Сизге ак кызмат кылып, тузуңузду таттым. Өзүңүздүн колуңуздан өлсөм арманым жок. Мени сизге кара санайт дешиптир. Мына кылыч. Мына башым. Сиз да даарат намазыңыз менен. Мен да дааратым менен. Ичи кара деп, чаап салсаңыз мен ыразымын- деп кылычын ага сунат.

-Экөөбүздүн ортобуздагы актыкты, каралыкты кудай өзү ылгайт. Ким күнөөлүү экенин Алла өзү чечет. Тур өйдө. Сал кылычыңды! Сен мени кечир. Мурда кандай болсоң, ошондой жүрө бер! деп ыраазычылыгын билдирет да ал сыртты караса дар курулуу, эл чогулуп калган.

-Мен сөзүмү эки кылбай, убактылуу зынданга отургузайын- деп буйрук берет.

Жаман кабар датканын элине жетип, туугандары андан кабар алганы ордого келишет. Хандын тапшыруусу менен зындан башчысы, алардын ар бир сөзүн тыңшап турат. Үмөт молдо уулуна келип учурашып:

-Уулум, эмне балакет болуп кетти? Ал-абалың кандай? деген атасынын суроосуна баш ийкеп турган даткага, туугандары улам-улам абалын сурашат. Акырында ал:

-Ата үйүмдүн коломтосунда от барбы?-дейт.

-Кабатыр болбо, от өчпөйт-дейт атасы.

Туугандар көрүшүп үйлөрүнө кайтышат.

-Ханым, Ташыбек кызык адам экен. Туугандарынын бир суроосуна жооп бербей, кайра «үйүмүн коломтосунда от барбы?» деп сурады-дейт зындан башчысы.

-Сен, тууган-уругуңду сурабай, коломтодогу отту сураганың эмнеси?-дейт хан.

-Таксыр, коломтодогу от-аялым. Аял киши оттой мээримин чачып турса, үйдүн берекеси ашат. Аял кетип, үйдө мээрим жок болсо, үйдүн куту кетет. Элдин ыркы кетет-деген сөзүнө, тургандардын баары ынанып, маакул көрүштү.

Алымкул Ташыбек датканы ичи бузуктар мертинтип койбосун деп, өзүнө чакырып тапшырма берди.

-Сен эч кимге билинбей, Жакыпбекке барып, кызмат кыласын-деп колуна буйрук жазып, түндөсү аттантты.

Менин барарымды билсе Жакыпбек, жолдо курал менен тоссо керек-деп, Жакыпбектип сырын жакшы билген Ташыбек датка жолду ката ойлонуп барды. Кашкарга жетип, жетпей токтошуп, кошо жүргөндөрдүн ичинен иниси Анарбайга Алымкулдун буйругун берип:

-Кашкардын сепилдери көрүнүп калды. Сен хан сарайына кирээрде атыңды каңтарып чет жайга байла. Кирип барганыңда, хан отурган төрдө жолборстун териси илинип турса учураш. Жолборстун териси жок болсо, ал хан эмес-деп кеп үйрөттү.

Анарбай хандын ордосуна барганда атын аманат байлап, ордого кирейин десе, күзөтчүлөр уруксат бербеди. Кокондон тапшырма менен келгенин билдирип, уруксат алды. Хандын диванканасына кирип барганда, илинүү жолборстун терисин көрүп

-Ассалому алейкум ханым. Мен Кокондон молдо Алымкулдун тапшырмасы менен келдим. Эгер сиз, бир адамдын кашык канын кечсеңиз, жаңылыгымды айтайын. Эгер кечпейм, десениз, аркама кайтам, таксыр?

-Ие. Кандай жаңылык? Кечсе, кечейин, айта бер! дейт суроого түшүнө бербей Жакыпбек.

Э пешим намаз убактысы болуп калыптыр. Намазымды окуп коюп, кебимди баштайын деп, Анарбай ордунан тура жөнөйт.

Анарбайды утурлаган датка, иштин чоо-жайын билип:

-Иш жайында экен. Тезирээк бастыралы-деп жоолочулар заматта ордого кирип барышты.

-«Кашык канын кечтим»дедиңиз эле. Айтар жаңылыгым ушул-деп Анарбай ээрчите кирген Ташыбекти алдыга өткөрдү.

Датка койнунан Алымкулдун буйругун алып сунду. Жакыпбек аны кунт кое окуп;

-Баягында, жүр дегенди тил албадың эле. Ошондо өзүмө убада бергеним эсимде. Кашык канындан кечтим. Эми аталыктын дайындоосу боюнча бирге иштейли. Силердин келгениңерди бул жердегилер билбегени жакшы. Болбосо,

мага жеткиришмек эмес деп, Алымкул аны өлүм жазасынан куткарып, Кашкарга жибергенин айтып берет.

***

Кытай бийлигине каршы Кучада, Рашидин кожонун жетекчилиги астында көтөрүлүш чыкты. Ал эми Кашкарда Сыдыкбек аттуу кыргыз бийи козголоңду жетектеди. Ал кашкарлык кыргыздардын кыпчак уруусунун торуайгыр тобунун бийи эле. Жунгар империясынын талкаланышы мезгилинде Кытай бийликтерине кылган кызматы үчүн Ташмалык шаарына Хаким бек болуп дайындалган акимзаданын урпагы болчу. Сыдыкбек буга чейин Кашкардагы Кытайдын жергиликтүү бийлик өкүлү амбандын сыйлыгына ээ болуп. “кызыл шарик жана тебетей” алган. Кыймылга негизинен кыргыз, уйгур, тажик, калктары катышып, Кашкар аймагындагы Жаркент, Котон, Куча, Ак-Суу жана Турпанда кытай империясына көз каранды эместигин жеңип алышты. Рашидин кожо хан, Сыдыкбек Кашкарга аким болуп жарыяланды. Бирок, Сыдыкбек  Рашидинди Айкан кожонун тукуму эместиги жана анын элге жакпастыгын билдирип, Кокондон Жахангир кожонун уулу Бузурукту хан көтөрүүгө Кашкарга жиберүүнү өтүнүп Алымкул аталыкка кат жөнөттү.

Алымкул Ташкентте согушуп жатканына карабай, бул маселеге өзгөчө көңүл бөлдү. Мурда Кытай бийлиги туткундап, өлүм жазасына ыйгарылган Жахангир кожонун баласы Бузурук төрөнү алдырып, ага шарт койду.

-Бузурук кожо сиз, Кашкарга барып, бийлик жүргүзөсүз. Бирок, журтту тескөө, алыш-бериш маселесин Жакыпбек тейлейт. Анын айтканын эки кылбайсыз!

Аны Кашкарга Жакыпбек менен Алымкулдун тууганы Алдаш коштоп барды. Сыдыкбек Бузурукка Кашкарды башкарууну ыйгарып, өзү маанилүү орунду ээлөөнү ойлогон эле. Бирок, анын оюна Жакыпбек макул болбоду. Бузурук менен Садыкбекти бири-бирине кайрап араздаштырды. Натыйжада тез эле Сыдыкбек жаңылганын билип Кашкардан чыгып кетти. Жакыпбек мамлекетти башкарып, «Алты шаар» мамлекетин негиздеп, жеке бийлигин орнотту. Ага Кашкар, Жаркент, Жаны Гисар, Ак-Суу, Куча, Котон андан башка

Корло, Черчен, Санжу, Турпан, Шая, Бүгүр, Кара Шаар, Үрүмчү шаарларынын калкы баш ийип, Жакыпбек өзүн «бакдөөлөт хан»деп жарыялады. Сыдыкбек бий Ак-Суу өрөөнүнүн Барак аймагына жайгашып, өзүнүн карамагындагы кошууну менен бир нече жолу Кашкарга чабуул коюп, ала албады. Акыры Жакыпбектин колунан талкаланып тынды. Жакыпбектин аскерлери кашкарлыктар менен кокондуктар-дан тышкары, жергиликтүү кыргыздардардан куралчан болчу. Өзгөчө чериктер Сыдыкбектин андан соң Жакыпбектин айланасына топтолушкан эле. Аскерлерге Алдаш бий, Өмүркул бек, Мукамбет-Жунускан, Мукамбеткожо Абдылда паңсат, Заманбек сыяктуу кокондон барышкандар, кашкарлык кыргыз, кыпчак бийлери, бектери жетекчилик кылышкан.

Алымкулдун уюштуруучулук аракети, алысты көрө билгендиги чоң мааниге ээ болду. Көтөрүлүшчүлөр Түндүк кыргыз урууларын Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшүүгө үндөштү. Чакырыкты Чүй аймагындагылар жабыла колдоп, биротоло орус букаралыгына өтүүнү чечишти.

Узун-Агач кармашуудан кийин Канат шаа менен кошо кеткен Шабдан Кокон, Ташкентте жүрсө да,атасы Жантай жана Жангарач бийлер орустар тарапка бурулушту. Кудаяр экинчи жолу такка отурар алдында Ташкентте жүргөн Шабданга жолугуп, Чүй кыргыздарын өз жамаатына тартууну көздөдү.

-Эгер сенин туугандарың менин бийлигимди колдосо, сени Түркстан шаарына бек коемун. Ал үчүн сен барып,үгүт ишин жүргүзгүн деген Кудаярдын тапшырмасы менен Шабдан жайында Чүйгө келди.

-Сенин атаң оруска берилип кетти. Сен да орустарга сатылгансың,-деп Пишпек чебинин беги Рахматулла жигити Баяке экөөнү зынданга салды.

Зындандан эптеп качып чыккан Шабдан менен Баяке биротоло орус бийлигине баш ийүүнү чечишип, туугандарына үгүт жүргүзө башташты.

***

Орус аскерлеринин Орто Азиянын ичкери жагын көздөй тереңдеп жылышы үчүн зарыл шарттар бышып жетилди. Буга

чейин орус төрөлөр алдыда боло турган жортуулга карата камылгаларды көрүп, кайгуулду мыктап аткарып койгон эле. Паргана, Ташкент багытындагы мерчемдүү жерлерди падышалык чалгынчы кошуундар аныктап-тактаганга үлгүрүп, аскерлер жүрүш баштоону гана күтүп калган.Түпкү максат Орто Азияны толук каратып алуу болду. Падыша өкмөтү Сибир жана Сыр-Дарыя тилкелерин кошуп бириктирүүнү, аягына чыгарууга биротоло киришти.

Сыр-Дарыяны жээктей жөнөгөн полковник Черняевдин чакан кошууну Түркстан чебинин аймагына, Кара Тоонун түндүк тарабында жер чалууну ишке ашырды. Ал буга чейин Түндүк Кавказдагы согуштарга катышып, бөлөк жер, бөтөн элди каратып алууда кыйла тажрыйба топтогон эле. Кыска убакыттын ичинде анын кошууну Сыр-Дарыянын төрүнө кирип келип, кулжа, теке айларында Сузак менен Чолок-Коргон чебин ээледи. Черняев эки жарым миң аскерден турган колун баштап Верныйдан жортуулга чыгып Узун-Агач аркылуу айдын төртүндө Кастекке кире келди.

Кокондо ички абал начарлап, жоого каршы жетиштүү даярдык көрүлгөн жок. Черняевдин колун торош үчүн болгону Олуя-Атага бир жарым миң сарбаз топтолуп, Меркеге кароол коюлду. Чүй боорундагы кыргыз бийлерин, казак султан-дарын өз бооруна тартууну жакшы билген орус төрөсү, бий-лерге жылуу сөздөр жазылган чакырык, үндөөлөрдү жөнөттү. Ал тургай айрымдары менен жолугушуп, аларга баалуу белектерди, чапан, саат ж.б. тартуулады. Ал эми кепке-сөзгө келбеген, тоң моюн мыктыларын орус төрөлөрү ачык эле коркутуп, үркүтүп, барымтага алышты. Ээлтен эле бардык баскынчылар күч колдонуунун түркүн-айла амалдарын айка-лыштырып артынан сая түшүп куугунтукка алышары белгилүү эле.

Олуя-Ата чебин ээлегенден кийин Черняев Чаткал өрөөнүндөгү кыргыздарды каратуу үчүн ал жакка подпол-ковник Лерхе баш болгон кошуунду шашылыш жөнөттү. Анткени Чаткалдык кыргыздар ошол кезде Олуя-Атадан орустарды сүрүп салуу үчүн камынып, Кокондон Ташкентке келе жаткан. Алымкул аталыкка кошулуп кетсе, орус колунун андан ары жылышы кыйындамак. Лерхе Олуя-Атадан чыгып,

Кара-Буура капчыгайы аркылуу бел ашып, Чаткал өрөөнүнө келди. Кокондук Чыназ чебинен аз сандагы сарбаздары менен зекетчилери, орус кошууну чепке жакындаганда, тар капчыгайларга чегинип кетти. Ал кезде Чаткал өрөөнүн негизинен саруу, кушчу, багыш, кытай уруулары мекендешкен болчу. Чаткалдык бийлердин арасынан өтө барктуусу, аймактагы кыргыздардын биларман чоң бийи (багыш урусунан) Сармысак болчу. Кезинде ага Кокон ханы Чаткалдыктардын чоң бийи катары мамиледе болгон эле.

Орус аскерлери Олуя-Атаны ээлегенде ал Алымкул аталыкка жан тартып, чаткалдыктардан жигит жыйнап, кол курап, ага жардам бере баштады. Эки жүздөй жигиттери менен Лерхенин кошуунуна катуу каршылык көрсөттү. Падыша аскерлери курал-жарак, согушка даярдыгы жагынан жергиликтүүлөрдөн артыкчылык кылды. Сармысак баш болгон чаткалдык кыргыздар падышалык аскерге багынып берүүгө мажбур болушту. Көп өтпөй падышанын буйругу боюнча Чүй суусунан Сыр-Дарыядагы Жаңы-Коргон чебине чейинки чептерди өз ичине камтыган Жаңы-Коргон тилкеси уюшулуп, генераль-майор Черняев анын башчысы болуп дайындалды.

Черняев Чымкентке эки тараптан Олуя-Ата жана Түркстандан ири аскер бөлүктөрүн жортуулга жөнөттү. Салгылашуу үч күнгө созулуп, акыры орус колунун жеңиши менен аяктады. Аны билген Кокон хандыгы сарбаздарын Ташкентке топтоп жатты.Падыша өкмөтү каратып алган аймактарда (Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин) өз үстөмдүгүн бекемдөө максатында,бул жакка кошумча аскер бөлүктөрүн жиберүү жана жаңы админиcтрациялык бирдикти- Түркстан облусун түзүү жөнүндө чечим чыгарды.Түркстан облусунун аскер губернаторлугуна генерал Черняев дайындалды. Облустагы бүткүл бийлик-аскер, башкаруу иши ж.б. толугу менен анын колуна топтолду.

Орустардын баскынчылык согушуна каршы даярданып, Олуя-Ата, Чимкент, Ташкент шаарларында тартипти бекемдеп, чындоолорду курдурду. Чүй, Кемиңдеги түндүк кыргыздарынын бийлери Жангарач, Байтик, Жантай, Кудаярлар менен байланышты улантмакка, белектерди тартуулап

«ынтымак бололу»-деп кат жазып, эл биримдигин көздөдү. Ошондон улам Талас, Чүй, Кемин кыргыздары ошол кезде Коконго ыктап, байланыш түзүлө баштады. Алардын жылуу мамилелерин бузууга орус бийлигиндегилер көп аракеттеништи.

Чүй, Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент шаарларын биротоло басып алуу үчүн Верныйдан полковник Черняев Сыр-Дарыядан Веревкин баштаган орус армиясы. Олуя-Атаны курчап, тез эле багындырды. Алымкул аталык Чымкентти коргоп, Олуя-Атаны, Түркстан шаарларын орустардан бошотуп алыш үчүн Черняевге. «Түркстан шаарларын кайтарып берүүсүн» талап кылып, кат менен кайрылды. Орустар ага ок атуу менен жооп беришти. Чабуулга чыккан Алымкулдун колу орус аскерлерин көп жоготууга учуратып, артка чегинүүгө мажбур кылды. Ал Ташкент аркылуу Коконго кайтканда Черняев Чымкентти кайра басып алды.

Алымкул, шаарларды коргоого көп күч үрөдү. Түрк султаны менен Бухара эмири Музаффар Алымкул менен өч болгондуктан, Россия менен согушуп Кокон алсыраса, аны басып, өзүнө каратууну ойлоп, Ташкенттин калкын ага тымызып тукурду. Коконду бир тарабынан Россия, бир тарабынан Бухара эмири басып алууга жан талашып жатканына карабай Алымкул Чыгыш Түркстандагы Цин империясына каршы түрк калктарынын боштондук күрөшүнө колдоо көргөзүүгө аракеттенди.

Орус империясынын саясатына ылайык түзүлүштү орнотуу максатында Александр экинчинин атайын буйругу менен Түркстандын жергиликтүү шартын изилдөө үчүн «Талаа комиссиясы»деген топ Борбордук Азияга жиберилди. Өзгөчө комиссия үч жыл Казакстанда жана Түркстанда эмгектенип, аймакты башкаруунун Жобосуунун долбоорун иштеп чыгышты. Ал император тарабынан жактырылып, Сыр-Дарыя жана Жети-Суу облустарынан турган Түркстан генерал-губернатордугу түзүлдү. Ага чейин эле орус географиялык коому тарабынан көбүнчө П.П.Семенов-Тянь-Шаньский, А.Голубевдин, Г.Б.Гримм-Грижайлонун, А.Каулбарстын, А.Л.Кундун, А.А.Северковдун, А.П.Федченконун, Ф.П.Остен Сакендин, В.В.Радловдун, Ч.Ч.Валихановдун,

Ф.П.Вениковдун Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Паргана, Алай аймактарында болгон саясий стратегиялык саякаттарынын мезгилинде бай материалдар даярдалган болчу. Көбүнчө изилденип жаткан окуяларга түздөн-түз активдүү катышкан өкмөт адамдары, аскер башчылары Кыргызстанга саясий чалгын максаты менен келишкен эле.

Орус бийлигине ыкрар кылган Кыргызстандын түндүк аймагы Жети-Суу облусуна баш ийип (борбору Верный шаары) Токмок, Ысык-Көл уездери. Талас өрөөнү жана Чаткалдын айрым жерлери Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездине карады.

Ордодогу чыр-чатактардын ырбашынын натыйжасында Кокон хандыгынын саясий абалы өтө начарлады. Хан сарайындагы так талашуулар, кайра-кайра кайталанган козголоңдор, хандардын тез-тез алмашып турушу хандыкты аябай алсыратты. Орто Азияга эки (Сыр-Дарыя жана Сибир) тараптан кысып келе жаткан орус аскерлеринин Паргана өрөөнүнө Түштүк Кыргызстанды көздөй жылышын жеңил-детти.

Ташкентке барып Черняев менен сүйлөшүп келүүгө Алымкул өзүнүн ишенимдүү адамы Молдо Юнусжан Муншийди[2] жөнөттү.

-Силердин мурунку чек араңар Чымкентти көп кыйынчылык менен алдым. Анын баш ийгени жөнүндө императорго билдирип койдум. Эми Шарапканадан Чымкентке мусулман аскери, Ташкент жакка орус аскери өтпөсүн. Ушундай келишимге, мен маакулмун-деген Черняевдин катын Алымкул кабыл албай, кол коюдан баш тартты. Ага карабай Черняевдин аскери Ташкенттин чыгышындагы негизги делген Ниязбек чебин ээледи. Чеп шаар үчүн өзгөчө зор мааниге ээ эле. Анткени чепте шаарды суу менен камсыз кылган жашыруун сугат системасы боюнча канал жайгашкан болчу.

Мурдагы Чымкенттеги кармашта Кокон колунун арасында Кара-Жыгачтагы наймандардан Жунус баатыр да катышкан эле. Чаңдуу түтүндө чабышып жаткан Жунус баатыр хандын аскер башчыларынын бири болгон Табылды

---

[2] «Амирлашкар Алымкул тарыхы» китебинин автору

баатырдын курчоодо калып, орустарга колго түшөөрүнө аз калганын байкап калды. Беш-алты жигитти баштап барып, курчоону бузуп, Табылды баатыр башыны шарт эңип, атына учкаштырып, түтүндү аралай качып, өлүмдөн аман сүрүп чыкты. Анын эр-жүрөк жакшылыгын баатыр башы баалап, Алымкул аталыктан суранып жүрүп, Жунусту Исфайрамдын боюна бийликке дайындаткан эле.

Орустар Сары-Дөбөнү ээлеген мезгилде Алымкул Бухаралыктардын баскынчылыгына каршы аракеттерди жүргүзүп жаткан. Ал шашылыш алты миң кошуун менен Ташкентти коргоого келди. Орустар менен беттешүү эрте менен Сары-Дөбөдө башталды. Согушта Кара-Жыгач айылынан Жоошбай мерген, Пайиз баатыр, Жунус бий баштаган жигиттер да катышты

. Кокондуктардын чабуулу ийгиликсиз болуп, улам орустар сүрүп, жакындатпайт. Алымкул аталык жалаң жүз башыларды топтоп:

-Канткенде душманды артка сүрө алабыз?-дегенде жүз башылардан эч кимиси жооп бере алышпай баштарын жерге салышты. Алымкулдун Маргаланда бек болуп жүргөндөн берки, ишенген жүз башчылардын бири болгон Жоошбай мерген баш көтөрүп:

-Таксыр, душмандын саны аз болгону менен куралы күчтүү экен. Замбиреги дүңгүрөп, тез атылма мылтыгы биздин шаштыбызды алды. Ошентсе да душманга жапырт катуу, чабуул менен киришибиз керек. Мага жүз ок берип, душмандын башын санап алыңыз?

-Маакул, чабуулга катуу кирели. Сен баатыр, зарылдыгы кыстап отура калгандарды да терип салба-деп аталык тамашалай күлдү.

Жоошбайдын сөзү менен катуу чабуул башталды. Аталык аргымагын минип алып, улам жер которуп, уруштун жүрүшүнө байкап дүрбү салат. Чабуул ойдогудай кетип жатты. Бир жигит атынын оозун коё берип, топтошкон орустарга жете барып куралын улам шилтеп качырып, бир тобун кубалап алды. Алымкул жан жигитине кайрылып:

-Тез жетип, тетиги жигитти кайтар. Ажал менен ойношкон «жалаң төш»экен. Бөөдө өлүп кетпесин. Чап!-дейт.

Чабарман жигит жетип барып:

-Эй балбан, сени аталык чакырып жатат-дегенине карабай, душмандарды демите кубалап, атынын оозун тартпай теминет.

Чабарман анын, атынын тизгининен алып, майдандан араң сүйрөп чыгып, аталыкка алып келгенде көрсө, ал Жоошбай мергендин өзү болуп чыкты.

-Бул жигит, чоң сыйлыкка татыктуу. Тартынбай эрдик көрсөттү. Сураганын бергиле-деп аталык кат жазып мергенди Коконго жөнөттү.

Казыначы хандын каты менен таанышып, Жоошбайды ардактап казынага баштап барып:

-Каалаганыңды ал, баатыр-дейт.

Жоошбай ары басат, бери басат. Ар кыл буюмду кармап көрөт. Дүр-дүнүйөнүн баары ага жакпайт. Аны хан сарайынын ичиндеги багылган аттардын жанына алып барышат. Баатырга ал жерден да эч нерсе жакпай басып кетет.

-Баатыр, сага эч нерсе жакпады. Эмне сага булар, аз көрүнүп жатабы?-дейт хандын жан-жөкөрлөрү.

Ал кошо жүргөн ханга кайрылып:

-Ханым, сиздин дүнүйөңүз мага аш болбойт. Аттардын баары жакшы экен. Бирок, менин атым бар. Эгер, куп десеңиз, аялым жок. Аял алып бериңиз? Жокчулуктан мурда жубан алдым эле. Бул дүйнөгө келип, кыз албай, өтүп кетпейин?

Аны уккан хан жана аны ээрчип жүргөн ордо бийлери баш болуп бүт каткырышты.

-Атаганат, зор адамдын акылы кем болот дегени туура окшойт. Эл сени бекеринен «Жоошбай дубана» дешпейт тура-деп, достору мазакташат.

-Маакул, каалаган жерине барып, жуучу түш, калыңын өзүм төлөйм-деп, хан аны жаш кызга үйлөйт.

***

Ордо аскерлеринин Ташкентти басып алуусуна ыңгайлуу шарт түзүлдү. Бул кезде Бухара эмираты менен Кокон хандыгынын ортосунда согуш башталып, хандын сарбаз-дарынын көпчүлүк бөлүгү Кожентти ээлеген эмир аскер-

лерине каршы кармашта жүргөн. Оңтойлуу учурду колдон чыгарбай орустардын жортуулу өтө маанилүү Ниязбек чебин ээледи. Кокон колу менен орус аскерлеринин ортосундагы алгачкы ири салгылашуу кулжа айынын тогузунда калаанын сыртында болуп өттү.

Алымкул оор жарадар болгонуна карабастан орус солдаттары штык менен атакага чыкканга дейре, жоокерлердин арасында Дурманчы дөңсөсүнөн кармашты башкарып турду. Ал өлөөрүндө жакындарына:

-«Коконду орустардан коргой турган адам калбады. Тез Кашкарга кеткиле. Жакыпбек менин жакшылыгымды билээр»- деп керээзин айтат.

Эстен тана баштаган аталыкты замбилге салып Ташкентке алып кетишти. Бирок, ал ошол күнү шейит болду. Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу кол башчы жана кыргыз элинин ичкилик-кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан. Алымкул* аталык 1865-жылы 10- май күнү Ташкенттеги Шейхантаур мүрзөсүнө коюлду.

Белестен ылдый таш кетти,
Бек Алымкул жаш кетти.
Капталдан ылдый таш кетти,
Хан Алымкул жаш кетти.
Мен-мен деген эр кетти,
Молдо Алымкул шер кетти.
Артынан женип душманы
Айтылуу Ташкен шаар кетти-деп эли артынан ырга кошушту.

Гулямкадырдын атасы Досмухаммед Алымкулдун Ташмат, Шермат деген эки уулун алып, айылындагылар менен Кашкарга Жакыпбекке барышып, кийин Жакыпбектин көзү өткөндө өз жерине кайтып келишкен.

Кыргыз элинин чыгаан улу Алымкулдун негизинен Парганалык кыргыз кыпчак өзбек жана тажиктерден куралган көп улуттуу кошуундун башында туруп, жамы Түркстандын

* Гулямкадыр боюнча «Молдо Алымкулга кызмат кылган кара кулу орустарга сатылып, ошол атып өлтүрөт» деп белгиленет.

азаттыгы үчүн жан албай күрөшү Кокон хандыгынын бүткүл Парганалыктар үчүн мекен катары туюлгандыгынын, Орусия сыяктуу каардуу колонизатордун алдында Түркстандын бардык тургундарынын тарыхый тагдыры бир таразага коюлгандыгынын дагы бир жолку күбөсү болду.

Алымкулдун көзү өткөндө, аны менен кошо Ташкентте жүргөн Султан Сейит хан эмне кыларын билбей, алдастап калды. Кошуундун негизги сокку уруучу күчүн түзгөн Паргана кыргыздары менен кыпчактар жаш ханды таштап, кыргыз кол башчысы Бекмаматтын жетекчилиги астында Коконду карай жүрүштү. Натыйжада Ташкентте эки жамаат: оруска жүз бурган жамаат шаарды орус аскерлерине өткөрүп берүүнү ойлоду. Ал эми Кокон амирилигине калууну көздөгөн жамаат Кокон аскерлеринин тарап кете элек бөлүктөрүнөн шаарды коргоп калууну суранышты. Ошол эле учурда Бухара эмири Музаффарга Эшен кожо менен Казы Каландын жетекчилигинде жашыруун элчи жөнөтүштү.

Ташкент эмирден колдоо көрбөгөндөн кийин, өз алдынча коргоонуга аракеттенди. Бирок орус аскеринин чабуулуна туруштук бере албай жеңилип берип, келишимге кол коюп берүүгө аргасыз болду.

Ташкенттен Паргана өрөөнүнө келишкен кыргыз-кыпчак кошуунун төбөлдөрү Кокондон отуз чакырым алыстагы Сарай деген жердеги кеңешүүдө Ыкын мурза аттуу аскер башчысынын сунушу менен Кокон амирлигинин негиздөөчүсү Шоорук бийдин үчүнчү уулу Шады бийдин урпактарынын бири 16 жаштагы Кудайкул бекти хан көтөрүштү. Ал Кокондо кур сатчу. Анын менен Ыкын мырза жакшы мамиледе эле. Тарыхта Кудайкул “Белбакчы хан” деген ат менен белгилүү. Ал Коконго алдырылып кыргыз-кыпчак кошууну шаан-шөкөт менен ордого кирди. Баймат кыпчак миң башы дайындалып, Ташкентке жүрүш жасоого даярдык көрүлө баштады.

Жаңы хан орустарга күрөшүү үчүн жүз миң дилде каражат чогултууга буйрук берип он төрт күн Кокон шаарында туруп, Ташкентке жол тартты. Аңгыча-“Бухара эмири Кудаярды алып Кожентке кирди” деген кабар угулуп, кыргыз-кыпчак кошууну кайрадан Коконго кайтууга мажбур болду. Бош калган шаарды кокондуктар өздөрү талоонго алышты.

Дал ошол учурда Музаффар Коконго кирди. Кыргыз-кыпчак колу Коконго чабуул коюп ала албады. Музаффардын куралданган аскеринин чабуулуна туруштук бере албай кыргыз-кыпчак кошууну Ош аркылуу Мадыга чейин согуш менен чегинип майдан талаасын таштап кетишти. Ошондо калаанын калкы жардам сурап, Букара эмири Музаффарга элчи жиберишти.Көп өтпөй Ташкентке эмирдин өкүлү эмир Искендербек келип, калааны коргоого баш-көз болууну колго алды. Айыгышкан салгылашуу шаардын көчөлөрүндө үч күнгө созулду. Көп жоготууга дуушар болгон калаа калкы, душманга багынып берүүгө аргасыз болду.

Ташкентте жоого тарттырып жиберүү,иш жүзүндө Кокон хандыгынын жеңилишине тете, жоготуу болду. Ташкент Кокон хандыгындагы, деги эле Бүткүл Орто Азиядагы ири шаарлардын бири болуп, “тогуз жолдун тоомунда” жайгашкан эле. Орус төрөлөрү жортуулду андан ары улантууга, Коконду толук каратууга батына алган жок. Анткени падыша аскерлеринин ичкери карай жылышы Орто Азиядагы бөлөк мамлекеттер-Бухара эмираты жана Хива хандыгы менен кагылышууларга алып келмек. Анын үстүнө небактан бери эрегишкен англиялык дипломаттар Орусияга каршы айың кепти, төгөрөктүн төрт бурчуна кеңири жайылтып, падыша өкмөтүнүн Орто Азиядагы баскынчылык аракеттери жана Индияга карата арамза ой-максаттары тууралуу чуу чыгара баштаган эле.

Кийимдери жыртылып, ачкалыктан арып, дармансыз, аяктарын араң шилтеген эрксиз туткундарды куралчан солдаттар камчыга бөлөп, тепкиге алып, көптөн бери, сүрүп-айдап келишет.

-Бийликтен көзү каткан “залим хан”кайрадан такка отууруга сугалактык менен жан үрөдү. Жазалоочулар дагы да талкаланды. Бирок Музаффар колдоо көрсөткөн Кудаярдын кошууну жети миңдей атчандар, төрт жүздөй жөө жана отуздай замбиректен турган артиллерия белбакчы ханды каптады. Кыргыз Ыкын мырза Алымкул өлгөндөн кийин Кокон аскерине башчылык кылган кыргыз Бекмамат паңсаты, Ташкент вилаетинин мурунку беги Мырзакмат кушбеги кашкарлык Бузурук хандын эки ата өткөн тууганы Катта

төрөнү алышып, Кашкарды көздөй жөнөштү. Алардын артынан он эки миңдей жеңил куралданган кол менен кууган Кудаяр хан Сопу-Коргон чегинде качкындарга жетти. Катуу кармаштан соң Белбакчы хан менен кыргыздардын бир бөлүгү Чоң-Алай тарапка, үч-төрт миңдей тобу Терек-Даван аркылуу Кашкар тарапка ооп кетти. Кача албай калган сарбаздар жана жоокерлер колго түштү. Кудаяр жеңиш менен ордого кайтты.

Кашкарга качкандарды Жакыпбек байыр алдырбады. Алар кайрадан Парганага кайтышып, Араванды ээлеп алышты. Көчмөндөрдүн толкундоолорунан чочулаган Музаффар Кокон тагына Кудаярды шашылыш үчүнчү жолу отургузуп, Бухарага кайтты. Өзү менен кошо толгон мүлктү, көрүнүктүү усталарды, колго түшкөн замбиректерди, гарем үчүн төрт жүз сулуу кызды (анын ичинде Кудаярдын карындашы да бар) ала кетти.

Оштун тегерегиндеги кыргыздар Маргалаң менен Оштун акими Кудаяр хандын иниси Султанмурат бектин айланасына чогулушту. Султанмурат Ош аймагында зекет чогултуп жүргөн Кудаярдын бөлөсү Мадаюбектин пикири менен хандыкка көтөрүлдү. Козголоң жөнүндө Султанмурат Кудаяр ханга билдиргенден улам, козголоңдон жыйынтык чыкпады. Мадаюбек кармалып дарга асылды. Убактылуу жеңилүүгө учураган кыргыз-кыпчак бийлери Кудаярга таазим кылып келип жатышты. Алайдан Курманжан датка Коконго ханга салам бергени келгенде, ага датка наамын дагы бир жолу ырастап, белек-бечкек тартуулады. Абдылдабекти Ошко аким дайындап, бир топ аймактан хардж чогултууга укук берди.

Орус колонизаторлорунун басып алуулары улантыла берди. Бийликке бирөөнүн күчү менен келген Кудаяр хан Орусия жүрүштөрүнө каршылык көрсөтмөк турсун, өз жанынан коркуп ордодон чыкпады. Тескерисинче орус бийлигине жагынып, эптеп тактыны сактап калууга умтулуп жатты. Орус аскерлери Кожентти каратып алгандан кийин, генераль Романовскийди куттуктап

-“Мен ак падыша менен достугумду сактап, Кокондон чыкпадым. Өз чек арамды сакташ үчүн отуз беш миң кол менен Шайтан-Мазар чебине силердин чабуулуңарды күтүп

турдум. Бирок эмирдин аскери Бухарага качып, силер аны кууп жөнөгөнүңөрдө мен чептен кайтып кеттим. Мен ак падыша менен достуктан ажыраганымда Кожентке кетет элем да,Бухара эмирине жакшы жардам бермекмиң. Алланын жардамы тийип сиз Кожентти алдыңыз.Сизди жеңишиңиз менен куттуктаймын!" деген өз Ата Мекенин саткан, чыккынчылык дилин мойнуна алды. Коженттин, Бухара ээликтери Оро-Дөбөнүн жана Жизактын алынышы менен Кокон хандыгынын аймагы Паргана өрөөнү менен гана чектелип калды. Кокон хандыгынын ээлиги болуп келген Ташкенттин Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору болуп калынышынан улам Кудаяр хан "жарым пашанын" куурчагына айланды.

Түркстандын алгачкы генерал губернатору мансабын падыша Александр II генерал адьютант К.П. фон Кауфманга ыйгарды. Падыша өкмөтүнө абройу чоң, тажрыйбалуу, этият саясатчы, илимдүү жана уюштуруучу, мурда Польшада губернатордук кызматта иштеген, теги австриялык немистерден болгон Константин Петрович фон Кауфман Туркстан аймагынын генерал-губернатору болуп бекитилди. Ал Александр экинчиге жана согуш миңистри Д.А.Милютинге көңүлү жакын эле. Ошондуктан ага кеңири укуктар берилгендиктен жергиликтүү тургундар «жарым падыша» деп аташты.

# III БӨЛҮМ

Жетимишинчи жылдардын башында Сох жергесиндеги кыргыздардын арасында хан бийлигине каршы толкундоолор башталып, бүткүл Алай кыргыздары аны колдошту. Кокон ханы башкы аскер башчысы Наиб Атабек баштаган эки миң сарбазын жөнөтүп, толкундоону күч колдонуу менен араң токтоткон болчу. Элет элине сүр көрсөтүп, коркутуу үчүн хан сарбаздарга колго түшкөн он эки кишини өлүм жазасына тарттырды. Хандын мындай таш боордук аракети, кыргыздардын нараазылыгын ого бетер күчөтүп, аларды эркиндик үчүн чечкиндүү күрөшкө түрттү.

Алык-салыктын көптүгү элдин нараазычылыгын пайда кылды. Ырайымсыз зордук-зомбулуктан элдин хан жана анын жан-жөкөрлөрүнө жек көрүүсү күчөдү. Кул датканын зордук-зомбулугун шылтоо кылган Алай кыргыздарынын козголоңу башталды. Садык саркердин жетекчилиги менен Кызыл-Коргон чебин басып алып, Кул датканы өлтүрүштү. Кокондон келген жазалоочулар көтөрүлүштү аёсуз басып, жетекчилерин өлүмгө буйрушту. Андан көп өтпөй катуу жуттан улам, эл ханга каршы жапырт көтөрүлүштү. Сох айланасындагы ичкилик кыпчак урууларындагы токмок, нойгут бостон, жоо кесек топтору түгөл аттанышты.

Ээлигинин кыйла бөлүгүн орус аскерлерине тарттырып жиберип, жоого каршы күрөштө жоготууларга дуушар болгон Кокон ханы көп өтпөй Орусияга багынып берди. Хандыктын орусия дөөлөтүнө көз карандылыгы, вассалдык абалы, Кауфман менен Кудаярхан кол койгон келишими боюнча аныкталды. Аталган келишимдин шарттарына ылайык Кокон ханы өз бетинче тышкы саясат жүргүзүү, коңшу өлкөлөр менен алака кылуу укугунан ажырады.

Кокон хандыгында айрыкча Кудаяр хандын заманында алык-салыктын саны артып, өлчөмү өстү. Ач көздүгү менен калайык калкка жек көрүндү болгон Кудаяр хандык

бийлигинин акыркы жылдарында казынасын байлыкка толтурууну, жеке өзү туйтунууну эңсеп алык-салыктын жыйырмадан ашык түрүн ойлоп тапты. Хандыкта мал салыгы, соода-сатык салыгы, эгинчилик, багбанчылык, көмүрчүлүк, камыш чөп жана башка салыктар алына баштады. Чычырканак кыркканда, куурай чогултканда, тезек тергенге да салык талап кылынды

Ал түгүл Кудаяр хан дүйнөдөн кайткан кишинин мүлкүнүн кырктан бир бөлүгүн салык катары алуу адатын киргизди. Кыз күйөөгө чыкса, жигит үйлөнсө салык төлөөгө милдеттүү болду.

Кыргыздар үчүн өзгөчө малдан алынуучу зекет өтө оорлоп, ал мурдагыдан үч-төрт эсе көп алына баштады. Ар бир түтүндөн үчтөн кой, бирден жылкы аскер салыгы катары жыйналчу. Аскер салыгы адат боюнча согуш маалында жыйналууга тийиш эле. Бирок хандын салыкчылары аны тынчтык учурда деле жыйнай беришти. Элден ашыкча жыйналган алык-салыктардын эсебинен аким, бектер салыкчылар (зекетчилер) оңой-олтоң байлыкка туйтунушуп, уламдан-улам алардын ач көздүктөрү артып бара жатты.

Кыргыздар үчүн хандын аскерине кызмат өтөө оор сыноо болду. Анткени аскер кызматынын атайын белгиленген мөөнөтү, чеги болбогон эле. Жоокерлер керектүү - ат-көөлүк, курал-жарак ж.б. өздөрү камдачу. Паргана өрөөнүндөгү кыргыздарга таандык дыйканчылык кылууга ыңгайлуу ойдуң жерлерден кыргыздарды сүрүп чыгаруу алардын турмушуна терс таасирин тийгизбей койгон жок. Хандын көпчүлүк учурда кыргыздардын үрп-адат, каада-салттарын эске албай, жалаң шариятка таянып каалаганын жасатчу. Түштүк кыргыздардын жашоо шарттарынын уламдан улам начарлашы, хандык эзүүнүн күндөн-күнгө күчөшү, аким, бектердин зордук-зомбулуктары Паргана, Алай, Анжиан аймактарынын зор бөлүгүн камтыган. Хан бийлигине каршы жаңы көтөрүлүштүн башталышына өбөлгө түздү.

Кокон хандыгынын аймагынын кичирейиши, тышкы саясатта хандын аракетсиздигине, ал эми ички саясатта эзүүнү күчөтүүгө алып келди. Казынага түшүп туруучу алык-салыктардын көлөмү кескин кыскарды. Жоголгон байлыктын

ордун толтуруу эми ички алык-салыктардын эсебинен аны кескин көбөйтүү жолу менен гана чегүү мүмкүнчүлүккө ээ эле. Бардык алык-салык хандын өз кызыкчылыгына карай багытталды. Кокон бийлигинин элеттик кыргыздарга көрсөткөн запкысынын дагы бир түрү-аларды түшүмдүү жерлерден сүрүп чыгаруу болду. Ошондон улам кыргыздар Паргана өрөөнүнүн ортолугунда жайгашкан түздүктөн, тоо этектерине сүрүлүп калышты. Алык-салыктардын эбегейсиз көбөйүшү элдин эзилүүсүнө, түбөлүк карызга батышына алып келди. Кедей чарбалар зекет таап бере албастан, карызын төлөө үчүн өз уул-кыздарын бай адамдардын колуна малайлыкка берген учурлар көбөйдү.

Кудаярдын салыгы калктын жанын ачыштырды. Ала-Бука, Аксы тараптан Мамыр Мерген уулу чыкса, Алай аймагын Оштун акими Абдылдабек көтөрдү. Аны Өмүрбек датка менен Сулайман калпа колдошуп, ар бир уруунун билармандарына кенештерин беришип, элди козгоп жатышты. Көтөрүлүшчү-лөрдүн саны күндөн-күнгө көбөйүп, бүтүндөй Пархана өрөөнүндөгүлөр козголду.

Элет тургундарына эң бир оор салык хан кошуунун жабдуугага арналган "кыл куйрук" болду. Ар бир жортуулдун алдында аскердик милдет өтөө үчүн ар бир түтүндөн бирден жабдыктуу жоокер жана экиден ат салыгы эсептелди. Салыктар атайын хан тарабынан мөөр басылган, жарлыгы бар куралдуу зекетчилер аркылуу жыйналды. Түрдүү салыктарды ойлоп тапкандыгы үчүн катчылык кызматтан Иса Олуя Шарихан бегине чейин көтөрүлгөн эле.

Алайлыктардын толкундоолору жалпы элдик көтөрүлүштүн алгачкы эпкини болду. Андан кийинки кубаттуу толкун тез арада кеңири аймакты кучагына алды. Хан Кокондун түштүк чыгыш тарабындагы кыргыз айылдарына салыкчыларын жиберип, мурдагыдан үч эсе көп салык талап кылды. Буга чейин ар бир түтүнгө бирден кой салык салынса, эми ач көз хан үчтөн кой салык салды. Кыргыздар мындай хан салыкты төлөөдөн баш тартып, салык жыйнаганы келген төрөлөрдү токмоктоп, алар жыйноого үлгүргөн мал-мүлкүн тартып алышты. Айрымдарын өлтүрүп да коюшту. Бул окуянын кабары жетээри менен кыргыздардын үшүн алып, аёсуз

жазалоо үчүн сыпайлар кошуунун жөнөттү. Алгачкы жолку кармашта көтөрүлүшчүлөр жеңилип калып, жыйырма миң түтүн кыргыздар, он миң түтүн кыпчактар тоо таяна чегиништи.

Козголоңчулар жаңы кармаштарга чечкиндүү даярданып жатышты. Улам жаңы аймактарга жайылып бараткан элдик кыймылдан чочулаган Кудаяр хан кыргыздарды айла-амал менен тынчытууну көздөп, тоо арасындагы кыргыз айылдарына Абдурахман аптобачыны жөнөттү. Ал мындан бир аз мурда Меккеге барып, ажы наамын алып келип ажылык баркы менен көтөрүлүштү убактылуу токтото турууга көндүрдү. Анын кеңеши боюнча кадырлуу аксакалдар кырк кишини хан ордосунда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, элдин арыз-муңун, талаптарын айтуу үчүн элчилер катары жөнөтүштү. Алдардын өмүрүнүн, коопсуздугуна аптобачы өзү “кепил болом” деди.

Ал Кудаяр ханга элчилердин айткан арыз-арманын угууну, калкына аман-эсен кайтарууну, абайлап иш кылып, көтөрүлүшчүлөрдү тынчтык жолу менен көңүлдөрүн алууну сунуш кылды. Бирок, канкор хан эч кеп жебей, элчилердин башын алууга буйрук берди. Хандын мындай мыкаачылык кылмышы калайык калктын кыжырын кайнатты. Ушул окуядан соң кыргыздар хандыкка каршы ачыктан-ачык чечкиндүү күрөшкө көтөрүлүштү. Көтөрүлүш Алай аймагындагы, негизинен Гүлчөдөгү калкты кучагына алып,улам күчөй баштады. Аларды башка тараптагылар колдошту. Хандын аёсуз жазалоочу аскерлерине көтөрүлүшчүлөр тең келе алышпай жыйырма миң түтүн кыпчактар, он миң түтүн кыргыздар Кашкарга, Кирлик,Хазараты деген жерлерге качышты.

Көтөрүлүшчүлөр кайрадан Паргана тарапка келишип хандын жашыруун казынасы катылган тоо арасындагы Сох чебин, Өзгөндү ээлеп алышты. Хандын бир тууганы, Маргалаң беги Муратбектин колун талкалап, Коконду көздөй чабуул коюшту. Аз убактын ичинде Өзгөн, Ош, Үч-Коргон, Сузак жана Булак-Башы сыяктуу чеп, кыштактар көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өттү. Ушул учурда хандын үч миңдей сарбазы көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетишти. Үч жүздөй аскер туткунга түштү.

Кокондо туруудан корккон Кудаяр хан Маргалаңга көчө

качып, Абдурахман аптобачы кол башчылык кылган көп аскерин көтөрүлүштү басууга жөнөттү. Бир нече жолку салгылашуулардан кийин, эки тараптан тең жоготуулар болуп, Төпө-Коргонго жакын жерде аптобачынын колу оор жеңилүүгө дуушар болуп, кол башчы баш-аламан качкан, бирин-серин аскери менен Коконго чегинди.

Көтөрүлүш уламдан-улам жаңы аймактарга жайылып, эми өзбектер да катыша башташты. Көтөрүлүш өтө күч алган кезде ага түштүктү мекендеген кырк эки урук катышкан элдик боштондук кыймыл болду. Эл ичинде таанымал, эл ишенип ээрчиген жол башчылар чыкты. Алардын бири Мамыр Мерген уулу Анжиан кыргыздарынын кыймылына жетекчилик кылды. Чаткалдык кыргыздардын башында Абдымомун Шамурзак уулу турду.

Мундуз уруусундагы дыйкандар жабыла Мамыр Мерген уулун колдоп кетишти. Анын чечкиндүү мүнөзү көпчүлүккө жакчу. Ал баштаган топ келип, хандын аскерлеринен элден зордуктап жыйнаган байлыктарын тартып алышты. Колдоруна курал ала жүгүргөн зекетчилерди куу союлдары менен чабышып, заматта колу-буттарын матап, байлап салышты.

Мамыр Мерген уулу мундуз уурусунун өтөмүш уругунан болуп, карыган апасы, Тынай, Жанай, Малдыбай, Меңдибай аттуу бир туугандары менен айылдагы бийдин колунда иштеп, жан багып келишкен эле. Ал туугандары менен бирге Базар-Коргон, Айгыр-Жал,Кара-Үңкүр жайлоолорунда көчүп-конуп жүрүшчү. Ал жетектеген мундуз, быгыш, басыз, карабагыш уруулары катышкан топ жазында Жалал-Абадга келгенден баштап, Сузак, Ханабад кыштактарындагылар да кошулушуп саны көбөйө берди. Көтөрүлүшчүлөрдүн кабары угулганда Кудаяр хан аларды башкаларга сабак болсун деп,өзү Анжианга келип талкалоого жазалоочу сарбаздарын жөнөттү. Куралдуу сарбаздардын көптүгүн көргөн көтөрүлүшчүлөр качып кетүүгө үлгүрүштү. Бириндеп кеткен көтөрүлүшчүлөрдү таппай калган жазалоочулар келген жерлеринде бейкапар жашап жаткан айылдагыларды талап-тоноп киришти. Үч жүз кишини өлтүрүшүп, талаага качкандарды тутуп келишип, айылма-айыл беш алтыдан таратышып казыкка олтургузушту.

Жайында Мамыр баштаган топ Өзгөн шаарын басып алды. Аны талкалоого эми Шаархандын беги Иса Олуя менен Калназар түрк баштаган жазалоочулар жиберилди. Алар көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз жазалап, басышты. Зулумдардан качкан эки миңдей мундуз, кара багыш, кыпчак жана башка уруулар Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө өрөөндөрүнө көчүп качышты. Мамыр баштаган жүздөй жигит Алай тоолорундагы адигине уруусундагыларга өтүштү. Мамыр менен Абдылдабек, Өмүрбектер үзөнгүлөш болушуп, байланышып, ар дайым кеңешип турушту.

Кыш мезгилинде Мамыр, Алай, Кара-Кулжа элин көтөрүлүшкө чакырып, ишеничтүү жигиттери менен Тогуз-Торого өттү. Анын максаты хандыкка каршы күрөшүүгө бүтүндөй Арка, Анжиан кыргыз туугандарын тартуу болчу. Көп өтпөй Мамыр баштаган Лейлек аймагындагылар көтөрүлүштү. Кудаяр хан жазалоочуларын жиберип, эки жүз жетимиш кишини туткундап, Асаке шаарына алып барышып, казыкка олтургузушту. Ага кыжырданган эл кайра көтөрүлүшкөндө адилетсиз хан Абдрахманды жөнөттү. Ал жан эргиткен сөздөрдү сүйлөп, көтөрүлүшчүлөрдү колдоорун, тынч тарап кетүүлөрүн өтүндү. Ага ынанган көтөрүлүшчүлөр тарай баштаганда аптобачынын желдеттери төрт жүздөй кишини туткундап, Коконго алып барып,дарга астыртты.

Кийинки жылы Мамырдын жетекчилиги менен баш-алты миңден ашык Кара-Кулжалык көтөрүлүшчүлөр Анжиандын жанындагы сепилге чабуул коюшту. Куралчан сарбаздар аларды аёсуз басып, көбүн туткундап, аттарын олжолошту. Мамыр Капка өрөөнүнө качып Кокон ханынын өтүнүчү менен Токмок уездинин башчысынын буйругу менен кармалып, Лепси уездине камакка алынды.

Көтөрүлүш кеңири жайылып кеткендиктен, караламан элдин уулдары болгон хан кошууну да бөлүнүп-жарыла баштады. Үч миңге жакын сыпай, сарбаздар көтөрүлүшчүлөргө келип кошулушту.

Сох чебин талкалап, чептин кол башчысы Алим кичикти (кыпчакты) өлтүрүштү. Шаштысы кеткен Кудаяр хан көтөрүлүштү басуу үчүн Маргаландын беги Султанмуратты жиберди. Анын колу жеңилип, беш миңдей сарбаз көтөрүлүш-

чүлөргө кошулушту. Үч жүз сарбаз колго түшүп, Султанмурат качууга аргасыз болду. Жеңишке шыктанышкан көтөрүлүшчүлөр тез эле Ош шаарын, Араванды, Үч-Коргонду, Булак-Башын ээлешти. Ал кыштактардын тургундары көтөрүлүшчүлөргө кошулуп, бектери качып кетти. Булак-Башынын беги кармалып, оозуна шиш кагылып өлтүрүлдү.

Үрөйү учкан хан Абдырахман аптобачы менен Шахирдан беги Иса Олуяны жазалоочу аскер менен кайрадан көтөрүлүшчүлөргө каршы жиберди. Алар келип да, көтөрүлүшчүлөрдү баса алышпады. Аптобачы тарап кеткен кошуунун чогулта албай, Төрө-Коргондо жашыруунуга аргасыз болду. Кокон менен Анжиан калкы кыргыздардын келишин күтүп, хандын бийлигин кулатууга даяр эле. Хан далбастап колго түшкөн көтөрүлүшчүлөрдү дарга астырып, Өмүрбек датка, Бердибек, Каратай өңдүү бир нече жетекчилерин сыртынан өлүм жазасына буйрулду.

***

Хорезмдеги Мадали хандын баласы Музаффарды издешип,андан жооп болбогон соң, Алимхандын баласы Ибрагимбектин Самарканддагы уулу Болотбекти табуунун аракетиндеги топ сурамжылоо менен калаа кыдырып жүрүштү. (Чындыгында Ибрагимбекти Парганалыктар таптакыр унутуп да коюшкан эле), Куттуксейит уруусунун бийи Шер датканын кыялына Ибрагимдин уулу Болотбек келип,аны табуунун аракетинде болчу.

Шерали хандан бийлик талашууда Алимхандын баласы Ибрагим туткундалып, өлүм жазасына тартылганда анын уулу Болотбек бир жашка толгон эле. Апасы он эки жашар кызы-Шаа айымды ээрчите, качып барып, Самаркандга баш калкалап туруп калган. Көп өткөй кызын шаардагы таанымал адам Ахрар кожого берет. Апасы өлгөндөн кийин, Болотбек эжесинин колунда калып, шаардагы медреселердин биринде окуп, таалим алат. Ошол Болотбек менен сүйлөшүүгө куттук сейит уруусунун бийи Шер датка баш болгон кыргыз-кыпчак Мусулманкул, найман Мусабек бий Самаркандга барышкан эле.

Ысыктын күнүндө,жол азабын көрүп, чаалыккан топ кайтып келе жатышып Ташкенттеги курамалык Абдымомундун үйүнө келип түштү. Кучак жая учурашкан соң, салкын төргө дасторкон жайылып, коюу демделген көк чай келтирилди. Чекеси терлеп, жүзү албырган Шер датка тегерегин суз карап, көк чайдан ууртаган болот. Улуу кишиден ыйбаа кылышабы, эч кимиси чечилип сөз сүйлөшпөй чай менен алек болушту.

-Даткам, узактан келип кыйналган окшойсуз. Жеңилдене жай олтуруңуз. Үй ээси меймандардын көңүлүн ала сөз катты.

-Ээ, чоң үмүт менен келдик эле. Максатыбыз аткарылбады. Датка чыканактап жаткан кош жаздыктан обдула берди.

-Кимге ишенип жүрөсүздөр?

-Каргадан шумкар туулбайт деген сөз төгүн болбойт тура.

-Тоодо шумкар көп го,даткам? Эмнеге каргаларга келесиз? Тамашалай кетти үй ээси.

-Калкыбыздын бүлүнгөнүнөн хан издедик эле. Биз издеген адам хан эмес эле отуруп-турса оозунан келме түшпөй, араң жан, жөн киши болуп калыптыр. Кайран гана урук. Кул тукумунан бетер майдаланыптыр.

-Э датка, эл “ханды хан кылган вазир”–деп бекеринен айтпайт эмеспи.

-Кайран гана Алымбек датка, Алымкул аталык өтүп гана кете беришти да. Ордону оңойбуз, өлкөнү чыңайбыз, кыргызды баш коштурабыз, деп жүрүшүп, максаттарына жете алышпады. Кайран эрлер болгондо, хандын деле кереги жок эле.

-Абаке аны бир айтасызбы, эки айтасызбы. Акмак хандарды адам кылып жүрүшпөдүбү. Деги эле,паамга салсак, Кокон ордосу ханга жарыбаптыр.

-Ошол үчүн ордо ыдырап жатпайбы. Куу шыйрак Кудаярга ким ишенет? Калкка калыс болор хан издеп, “Самарканга чейин барып, санаага чөгүп, кайта келе жатабыз-деди үшкүрүнө оор дем алып.

-Максатыңыз жөндүү экен. Эл милдетин моюнга алган, өзүңүзгө окшогон акылмандарыбыз да азайып баратат. Дээрлик эле, кийинкилердин жүгүнү бошпу, билбейм.

-Баш көтөргөндү басмырлап, башын алып өстүрбөй, отурбайбы бийлик. Чыгат эл арасынан. Эчен эрлер бар. Жол таппай жүрүшөт. Өзүңүзгө окшогондордун колуна тийсе, табына келип калышар.

Аңгыча болбой астананы аяр аттап, сол ийинине тасмалды илип, бир колуна кумган, бир колуна чылапчын көтөргөн жигит кирип келгенче:

-Ассолому аллейкум-деди ийиле.

Отургандар жабыла аны тиктешип, алик алууну унутуп коюшкандай, катып калышты. Меймандар жабыла кумганчы жигитке карап калганын туйган Абдымомун, аны тааныштыра кетти.

-Өз туугандарыбыздан. Ишенимдүү жигитим. Аты Молдо Искак.

Коноктордун тиктегенинен оңтойсузданган Искак башын жерге сала, кыдырата колдоруна суу куйганча –“Булар мени таанып жатышабы? Эмнеге тигиле карашат? -деп ойлоду

-Кудая тобо, ушунчалык да окшош болот экен ээ!- деди Мусулманкул бий. Бийдин сөзүнөн улам абалды түшүнгөн Абдымомун датканы суроолу карады.

-Искак балам, биз барган Болотбекке жүда эле окшош экенсиң. Бир айырмаң жүзүңдүн тунуктугу.

Дасторкон жайылып, нан сындырылып алардын кебине кулагын түргөн Искак кеп төркүнүнө түшүнбөй, сыртка чыгып барып, кайра чоң таш табакка титирете үймө салынган ашты көтөрө кирди. Төбөсүнөн булоосу көтөрүлүп, жыты аңкыган аш олтургандардын табитин козгоду окшойт. Каада боюнча Шер датканын даамдан ооз тийгенче,беркилер кол созушпады. Аш желип, кол аарчылып, кайрадан Искак кумган көтөрүп келип, меймандардын колдоруна суу куюлду. Бата кылынган соң дасторкон жыйнаштырылып чаңкоону басканга, кайрадан коюу демделген көк чай келтирилди. Сөз улана берди.

Максаттары ишке ашпаган топ көңүлдөрү кирлеп Абдымомунга болгон сырларын айтышты. Аңгыча болбой

аларга чай ташыган чоочун жигит кайра кирди. Аңгемелешип олтургандар ал жигитке алаксышып, улам таңыркай тиктешет. Самаркандда көргөн Болотбекке куюп койгондой опокшош. Чайчы жигитке өтө көңүл буруп калышты. Баскан-турганы тың, көзүндө учкун жанган жигиттин өңү-башы, бой келбети тим эле Ибрагим бектин баласынын өзү. Бирок, бир ордунда жөн турбаган шок көздөрү, шамдагай кыймылы, шайдоот көңүлү, шилтенген кылычтай өткүр мүнөзү мыймандарды өзүнө тартып алды. Улам чай сунуп, өзүн ар бир кыймылынан көз албай карап турган. Шер даткага жагымдуу, жумшак үн катып:

-Датка аба, ала отуруңуз,- деген чайчынын өтүнүчү датканы селт эттирди.

-Балам, ким деген болосуң?

-Атым Искак. Молдо Асан дегендин уулу болом. Атамбай, Алмазбек.

-Азамат, сен мага жагып турасың. Колуңда кандай өнөрүң бар.

-Билим алгам. Молдолук кылам.

Анын такалбай жооп бериши, Шер датканын көңүлүн жибитип сүйлөшкүсүн келтирди.

-Кандай ишке жарай аласың?

Чапсаңыз камчы, шилтесеңиз кылыч болуп берем.

-Элди артыңдан ээрчите аласыңбы?

-Адилет иш болсо,баш тартпайм!

-Бизге “Болот хан” болуп бере аласыңбы?

-Сиздердин ишеничке башым тартуу.

Жигиттин өткүрлүгүнө кубанган коноктордун жүздөрү тамылжый, чарчашкандарын эстеринен чыгарыша кептерин андан ары улашты.

***

Паргана өрөөнүнүн тоолуу аймактарында болуп өткөн чаржайыт толкундоолордон айрымаланган нукура элдик кыймыл 1873-жылы жазында башталды. Ал албырттаган жалынга айланып, Кокон хандыгынын жоголушуна алып келип, “элдик кыймыл”,“Кокон көтөрүлүшү”, “Болотхандын көтөрүлүшү” деген аттар менен тарыхта калды. Элдик

кыймылдын тарыхында Искак Асан уулунун ысмы элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калды.

Ошол кездеги Маргалаң вилайетине караштуу Охна кыштагында жашоочу ичкиликтердин бостон уруусунан чыккан Асан молдо 1844-жылы уулду болуп, атын Искак атайт. Искак медреседе билим алганы менен дин жолуна кызыкпады.

Кокон ордосундагы так талашуулар Жүсүп бий баштаган кыргыз төбөлдөрүнүн күч алышы, Мусулманкулдун өлүмүнөн кийинки кыпчактардын кыргыны, Алымбек датка менен Алымкул аталыктын ордодогу төңкөрүшү, эл арасындагы бийликке болгон нараазылык, толкундоолордун чыгыш себептери дээринен зирек Искактын көңүлүндө уюп, эчендеген кыялдарга чөмүлтүп,жаш жүрөгүн эргитти. Көргөн, укканын баарын талдап, эсине тутту.

Турмуш шартка байланыштуу атасы менен кошо кайрадан Маргалаң Ак Медресесине келип, окуусун улантып, молдо болуп чыкты. Атасынын кеңешине карабай,1867-жылы Искак туулуп өскөн айылына келип, эки жылдай туугандарынын арасында туруп калды. Сыртта жүрүп көп нерселерди көргөнүн, калаадагы көпчүлүк арасына укканын, тааныш-билиштерине айтып берип, эстен чыккыс окуялар өзүнө да чоң таасирин тийгизгенин туйду. 1869-жылы 25 жашында өз айылы Охнада мечитке имам болуп да иштеди. Аймактагы улам күчөп бараткан жаңылыктар аны дээликтирип, ал окуяларга катышкысы келди.

Туулган жеринде көпкө турбай, эл кыдырды. Анжиан шаарына келип,бир аз убакытка молдолук кылды. Турмуштун айынан насвай сатып, тиричилик өткөрдү. Анан Абдымомун аттуу адам менен таанышышы, анын өмүрүндөгү чоң өзгөрүүнү алып келди. Абдымомун кезинде Алымкул аталык менен кошо жүрүп, пикирдеш, кызматташ катары көп окуялардын күбөсүнө айланган. Кокон ордосунда таанымал, кадырлуу адам эле. Өз мезгилинде Алымкулдун жардамы менен “аталык” даражасына жеткен. 1865-жылы Ташкент Орусияга каратылгандан кийин, ал Кудаярдын кызматынан баш тартып, колунда бар адам катары курама элинде жашап жаткан. Искактын тири карактыгын байкаган Абдымомун анын өзүнүн

жигити катары санап, Искакты Ташкентке алып келген эле.

Жер кыдырып, эл аралап жүрүп, жалпы журттун жашоосу, зар-муңу Искактын аң-сезимиңе өз таасирин тийгизбей койбогон. Бийликтеги адилетсиздик хандын жан-жөкөрлөрүнүн зордук зомбулугу, Кудаярдын жосунсуз жоруктары, анын көз карашынын калыптанышына өзгөчө таасирин тийгизди. Өз өмүрүн элинин кызыкчылыгына арноодо улуу максатты көксөгөн кыялы,күрөшкө үндөп, адилеттикти самаган болчу. Кантсе да Абдымомундун айтып берген аңгемелери анын аң сезимине катуу таасир тийгизип, Искакты шыктандыргандыр.

Жазында Мала хандын он эки жашар баласы Султан Сейитти олтургузуу менен Алымкул аталык, Кокон хандыгын жеке бийлеп калды. Абдымомун Алымкул менен бирге жүргөн ишенимдүү адамы эле. Ташкенттин алдындагы орус баскынчыларына каршы салгылашууда Алымкулдун өлүмүнөн соң Абдымомундун тагдыры кескин өзгөрдү.

Ташкенттеги Алымкулдун шейит кетишинен улам оторчулар үчүн Борбордук Азиянын каалгасы кеңири ачылды. Жакшылыктан үмүт эткен элдин маанайы түшүп, кооптону күч алды. Көптүн катарына жүргөн Абдымомун да үй-бүлөсүнүн камын көрүп,жөн тиричилик өткөрмөк болуп,соодагерчилик кылды. Тиричиликтин айынан көчөдө жумуш издеп жүргөн балдарды алып келип, жумуш жасатып, көбүнө көмөк берди. Алардын жардамы менен уламдан улам мартабасы аша берди. Базарда насвай жасап сатып жүргөн Искак да бир күнү Абдымомундун колуна келди. Жөндүү сөзү, илбериңки мүнөзү бар жаш молдо жигит ага жакты. Күн өткөн сайын ага ишеним артылып, жооптуу иштер тагылып, базарда бүтчү тиричиликтер, алыш-бериш мамилелер Искак аркылуу аткарылып, үй ээсинин шакиртине айланды.

“Болот хан” деген ат менен Искак Наманган тарапка жол алды.

***

Жаз алды менен кыргыз жигиттерин ээрчитип, Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы жана Абдымомундун коштоосунда Искак-Болотбек Ала-Бука өрөө-

нүнө келди. Чаткалдын, Ала-Буканын, Ак-Тамдын, Нанайдын, Көк-Жардын, Мамайдын, Кербендин, Падыша-Атанын, Сафид-Бुландын жана ошол аймактардагы айыл-кыштактардын аксакалдары, бектери Болот ханга кол беришип, анын туусу астында Кудаяр ханга каршы күрөшкө чыгууга алакан жайып, бата кылышты. 29 жаштагы Искак-Болот “хан” деген ат менен Аксынын Сафит-Буланында миңдеген куттук-сейит, найман, кытай, саруу урууларынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ак кийизге салынып хан көтөрүлдү.

Ак сакалын жайкалткан Шер датка жүзү албырып эл ортосуна чыга келе алаканын жайды.

-Хан Болот! Эл талабы эгиз. Бийик максатка жол баштап баратасың, колуңдан адилеттик келсин. Залимдик менен мыкаачылыкка оорун бербей, элиңдин камын көргөн башчы бол! Эл башчысы, журт атасы милдетин өтөөдөгү кубатыңан жазба. Адилдик менен акыйкаттыкты улуу тут. Жүрүшүп дарыядай ташкындап,калкка жаман ойлогондорду каптап баш көтөргүс кылып агызсын.

Эл бактысы тоодой. Тоону эч ким урата албайт. Дөөлөтү көлдөй, көлдү эч ким төгүп, түгөтө албайт. Элдин ырыскысы эгиз. Эч ким аны ысыраптап кыя албайт. Эл ээргиткен кол башчы болдуң. Эл тагдырына күйөөр, жол башчы болдуң. Хан аты бийик,эл андан да ыйык. Ыйыкты таарынтып, касиетинин каарына калба!

Эл милдетин алдың, элим деп күйүп-жангын. Эзели өчпө, эркиндик деп көктө. Элиңе күндөй табың тегиз тийсин. Айдай жаркын нуруң болсун! Башыңа бакыттын кушу келип консун! Омийин! Тургандардын баары чуркурап, жабыла бата кылышты.

Чаткал тоо этектеринде Болот хандын айланасына эми көптөгөн кыргыз уруулары, өзбек дыйкандары топтолушту. Болот хан деген ат менен көтөрүлүштө чыныгы жетекчиликти колго алды деген кабар Паргана өрөөнүнүдөгү шаар, кыштактарга, ал тургай Ташкенттеги орус бийликтерине да дайын болу. Элдик кыймылга айлана баштаган көтөрүлүштүн уюштуруучулары болуп, бир кезде Алымкул менен бирге жүргөн, анын тууганы Мусулманкул, курамалык кыргыз Абдымомун жетектеген миңден ашуун көтөрүшчүлөр Чаткалдан чыгып,

Ала-Бука өрөөнү менен Касан шаарын көздөй жүрдү. Куттуксейит, багыш, саруу, кытай урууларынан жыйналган Исактын көтөрүшчүлөрүнө өзбек, тажиктер кошулду. Чартак менен Жаңы-Коргондун бектери кол жыйнап, Сафит-Булаң мазарынын жанындагы сарбаздар көтөрүлүшчүлөргө туруштук бере алышпады. Касан шаарын жана чебин Болотхан согушсуз ээледи.

Аксы көтөрүлөшүнөн катуу чочулаган Кудаяр аларга каршы Абдырахман аптобачы Иса Олуя, Науман паңсат баштаган куралдуу жети миң сыпайдан жана миң сарбаздан турган жазалоочуларды жиберди. Теңдешсиз кармашууда көтөрүшчүлөр жеңилип, Мусулманкул көз жумду, Абдмомун Чаткалга кетти, Искак Чанач капчыгайына карай чегинди.

Кокон бийликтеринин зордук-зомбулугуна эл көтөрүлүштү басуу жана андан кийинки мезгилдерде айыл-кыштактарды талап-тоноо сыяктуу жазалардан өтө катуу запкы тартышты. Жек көрүндү Кудаярды жеңе албастыгына көзү жеткен эле орус бийлигинин карамагына өтүүгө аракеттеништи. Бирок, орус бийлиги көтөрүлүштү колдоорун же, колдобоосун ачык билдирбеди.

Бирок, аз убакыт өтпөй эле. Түркстан генерал-губернатору ачык эле Кокон хандыгына колдоо көрсөттү. Анын буйругу боюнча Олуя-Ата үйөзүнүн оезу жергиликтүү бир нече болушту Момун Шамурзак уулун таап, кармап келиш үчүн Чаткалга жөнөттү. Алардын артынан Чаткалга казак-орустар кошууну келет да,элдик жол башчыны кармап, Олуя-Ата түрмөсүнө камашты.

Абдурахман аптобачы кол башчылык кылган Кокон аскерлери менен кыргыздардын ортосундагы кийинки кагылышуу тогуздун айында Намангандын түндүк тарабында Кызыл-Токойдо болду. Бул кармаш көтөрүлүшчүлөрдүн толук жеңилиши менен аяктады. Кокон хандыгы Чаткал аймагындагы элдик кыймылды күч колдонуп басып койду. Далай айылдарды талап-тоноп, өрттөп, жүздөгөн адамдарды асышты. Көтөрүлүшчүлөрдү аёсуз жазалоодогу сиңирген эмгеги, конкор ханга кылган “ак кызматы” үчүн Абдурахман аптобачыга парбаначы наамы ыйгарылды.

Болот ханга Паргана өрөөнүнүн тоо этектерин туруктаган

кыргыз урууларынын бийлери: Абдылдабек, Өмүрбек, Асанбек, Сулайман удайчы, Исфандияр, Орозали, Болотбек, Батырбек, Молдо Жолдош, Кийикбай паңсат, Мырзакул, Жармат, Амал эшик агасы, Шамырза жана башкалар келишип, орус баскынчыларына каршы күрөшүүнү туура табышты. Анжиандын чыгыш тарабындагы Ботокара кыштагында Искакты Болот хан деген ат менен ак кийизге салып, экинчи жолу хан көтөрүштү. Курамалык Абдымомун алардын арасында көрүнүктүү орунду ээледи. Болот хандын бирден бир кеңешчиси жана кол башчысы катары жол көрсөтүп жүрдү.

***

Ошол кезде Кара-Тегиндин башкаруучусу Раим Шаанын агасы Музаффар шаа Үч-Коргондо эле.Тополондо кимди ким тааныптыр, бектерди дегдендете башчылардын алдына сүйрөп келип жатышты. Бир мезгилде жигиттер боюна чак, кымбат баалуу кийимчен орто курактагы адамды алып келишти. Ал сырттан кирери менен болмодо отургандарга ийиле салам айтты.

-Ассалоом алейкум төрөлөр. Менин Кудаяр ханга эч кандай тиешем жок. Тегим Кара-Тегиндик. Илаажи болсо, араңарга кошуп алууңарды өтүнөм. Элдин келтегин чабышка куудуретим жетет. Эки миңге жакын өзүмүн жигиттерим бар деп, өзүн тааныштыра кетти.

Ыктыяры менен кошулгандарга эч кандай жаза колдонулбай, адат боюнча, колдоого алынчу. Эгерде каршылык көрсөтүп, качууга аракеттенгендер болсо, көтөрүлүшчүлөр жабыла жазалашып, өлтүрүп коюшаар эле.

-Ысмыңыз ким? Өмүрбек датка суроо узатты.

-Музаффар шаа десеңиздер болот.

-Шахзадалардан экенсиз, көтөрүлүшчүлөр менен ымалага келише аласыңбы?

-Мен силерге зыян кылган жокмун. Өз ыктыярым менен кошулдум. Жигиттерим менен силерге жардам беребиз.

-Жакшы болот. Болот хан менен кеңешебиз-деди датка

Өмүрбек датканын көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы экенин билген Музаффар шаа күн сайын анын жанынан алыс

чыкпай, болгон сырын да, максатын да жашырган жок. Датканын да тажрымалын сурап

-Бири-бирибизге кол кабыш кыла жүрөлү деп өтүндү.

Көрсө, анын оюу да, дити да башкада экен. Бухара эмирине караштуу Кара-Тегин аймагы эки бир туугандар Музаффар шаа менен Раим шаанын ортосунда талашка түшөт. Раим шаанын колу күчтүүлук кылып, Музаффар шаа качып кутулат. Кийинки жылдардагы Кокон ордосундагы хандарды алмаштыруудан улам, Музаффар шаа өзүнө тирек болуучу, өнөктү издеп Үч-Коргонго келүүгө аргасыз болот. Кокон хандыгын каптап, уллам илгерилеп, жылып келе жаткан орус бийликтегилери менен байланышуу коркунучтуу эле. Орус падышачылыгынын өкүлдөрү Бухара эмирине да тие качып, сес көрсөткөнүнөн улам, ага ишенич да кыйын болчу. Анын бирден бир ишеничи, улам күн өткөн сайын бүтүндөй Паргана өрөөнүн каптап келе жаткан, көтөрүлүшчүлөрдүн күрөшү эле.

***

Кудаяр бир эле Кокон хандыгына эле эмес, коңшулаш казак, тажик элдеринин бийлик ээлери арасында да аброю кетип, «залим хан», «качак хан» аталып, чыныгы чыккынчы катары саналып калган. Өз мекенин, куттуу конушун сатып, орустардын колтугуна баш калкалашы, анын бийлигинин бүткөндүгүн айгинелеген. Болот хандын күрөшүн бүтүндөй элдин колдошу, Кокон хандыгынын бардык аймагындагы шаарларда айыл-кыштактарда анын келишин чыдамсыздык менен элдин күтүшү, адилеттикти жана текчиликти орнотуунун айкындыгы болчу. Көтөрүлүшчүлөрдүн күрөшү мурда ханга каршы багытталса, эми басып келе жаткан орус оторчуларына карай бурулганы караламан калкка гана эмес,бийликтегилерге да анык болду. Ага өзгөчө мани берип, жаңы ханды кандай да болбосун колго алууну көздөгөн Музаффар шаа көтөрүлүштүн башчылары менен жакындан мамиле түзүүнү, өзүнө бирден бир максат кылып койгон эле.

Үч-Коргондо Өмүрбек датка менен жай сүйлөшүп отурган Музаффар шаа улам ачыла, кызыккан суроолорду берип, анын арасында өзүнүн жайын да, айта отурду.

-Даткам, балдарыңыз да эр жетип, кол арага жарап калгандыр?

-А тиричиликке баш-көз болуп калышты.

-Нече уул-кызыңыз бар?

-Кудая шүгүр. Үч уул, жети кызым эр жетип келе жатышат.

-Отонуңуз базар экен. Канча үйүңүз бар?

-Эки үй бар эле, кийинкиси насип этпеди.

-Чын дүйнөдөн орун тааптыр. Арты кайырлуу болсун. А талаа-түздө ысык-суугу болот. Төшөк жаңыртышыңыз зарылдур, даткам? Анын үстүнө эркек адамдын бой жүрүшү шариятка ылайык келбейт. Эртерээк той жейли

-Аныңыз туура. Көптүн алдында жүрүш да, өтө жооптуулугун билесиз. Күрөшүбүз бир жаңсыл болсо, той да качпас.

-Даткам, мусулманчылыкта эң зарыл маселе, баары ажалдан мурда бүткөнү жакшы. Даткага ылайык гүзалдар саябан жайда, аңкыган гүлзарларда кулпуруп тургандыр?

-Насибине ылайык, шаам.

-Даткам, субкташыбызга ашык болбосо, битта собоол?

-Сураңыз, сураңыз.

-Ханзадабыздын канча үйү бар?

-Үйлөнө элек, деп уктум. Амалекин, өзүнөн сурап бакпапмын.

Музаффар шаа колундагы пияланы чайкай, чекесин бырыштыра ойлоно түштү да, маңдайында отурган даткага обдула калып:

-Даткам, мендей кудайы момунду кечирип коюңуз? Көңүлгө келе келген пикиримди айтсам, сизге туура келээр бекен?

-Айтыңыз. Жакшы пикир болсо, жанга жагымдуу эмеспи. Угалы.

-Улуу иште уят жок. Шариятта шааним жок. Ханзада экөөңдү сүйүнткүм келип турат. Агар, бул иш аткарыла турган болсо, сиздер менен түбөлүктүү ата-бала болуп калаарбыз

-Шаам, ошонго, маанилү окшойт.

Шаа кеп оролу келе калганга сүйүндүбү, же боло турган ишти созуп не кылам дедиби, жарыла кетти.

-Датка, бактынын өзү сүйкүм болсо да, келбети көзгө

көрүнбөс экен. Менин багымда, аздектеп өстүргөн кош данектей болгон, эки гөзал кызым бой жетип турат. Бириси Зухрай, бириси Равшанай. Тарттым силерге. Коноргоңорго кондуруп берейин. Бапестеп, барктап карап алгыла!

Датканын өңү тамылжый түштү. Өткөндө шаанықында мейманчылыкта болгондо, үйүнө кирип баратып, он төрт, он беш жашар эгиз козудай, окшош эки кызды көргөн. Мейман-дын эшик алдына капылеттен келип калаарын күтпөгөн шахзадалар, тоонун суусу мөлт-калт болгон гөзөлөрдү көтөрүшө, алдынан кыя өтүшүп, шашылыша үйлөрүнө кирип кетишкен. Сулуу затты көргөндө, бир карап алчу эркектик ышкы менен датка да, көзүн серпе карап, жүрөк тушу зырп эте калганын өзү да билбей калган. Анын үстүнө эрке токолу көз жуумп, көптөн бери көтөрүлүшчүлөр менен талаада жүрүп, аял менен бир болууну унутуп да койгон эле. Ошол чакта, аял жытын сагынганы эсине келе калган.

Заматта, ошол кез эсине келе калып, ички туюмун шаага билдирип алгандай сезди. Кексе шаа «Менин сунушумду кандай кабыл алаар экен»-деп алдыртадан көзүнүн кыйыгы менен датканы пайлап отурган болчу. Анын жүзү тамылжый түшкөнүн байкаган шаа, ичинен «кайрымакка ушинтип илбесем, анча-мынча жемге келбейсиңер. Сага го жагып турат. Ханзадан да жок дебес». Үй-бүлөлү болбогон да хан болмок беле. Менин сөзүмү ага, тез эле жеткирсе керек! деп ойлоп жатты.

-Шаам, кең пейиилдигиңизге чек жок экен. Эч ким мындай ишти бүтүрө албас. Мен ханзада менен кеңешип көрүп, жообун билдирейин-деди датка сыпайы.

Баары бир ханга айта турган сөзү болгондон кийин, кем-кетиги жок бүтүрүүдө бир ой эсине келе калып, суроо катты.

-Калың-каада, барыш-келиш жагы кандай болот? Хан макул таап сурап калса, аны да так бүтүрө келейин?

Болду, сен колума түштүң. Ханың да жок дебес. Булардын эмнеси кетмек эле. Сураганга жараша, боло турганын сурайын. Бул бакыт мага экинчи кайрылып келээрин бир кудай билбесе,эч ким билбес… Же айнып кетишеби? Айныбаса керек. Булардын ойлорундагыларды таап айтып отурам. Датка ханын макул кылат-деген бүтүмгө

келген куу Музаффар көптөн бери көкүрөгүн өйкөп, уктаса түшүнөн, ойгонсо өңүнөн кетпеген, ак эткенде, так эткен максатын, «Айтсамбы, айтпасамбы, же кийинчерээк айтсамбы?»-деп кайра ушул чакта айтып калайын. Кийин кудайдын айтканын көрөрбүз-деп ойлоп, датканын көзүнө тике карап, жалтанбай туруп, айта салды.

-Бир мамлекетти сураш осолдук болоор. Бир шаарды десем, жашым барып калганда силерге көз каранды болуп калбайын Кара-Тегинимди эле өзүмө ыйгарып берсеңер болду?

-А иниңиз, Раим шаа турбайбы?

-Ал жаш. Менин жашыма келгенче, ага да алла-таала бир мансапты насип этээр.

Мансап, бийлик бир туугандыктан да кымбат экен да? Каныңдан бүткөн кара чечекей кыздарыңды кандай максат менен өстүрдүң экен. Же бир ажатыма жарайт. Ушулар аркылуу бийликке, байлыкка жетем деп ойлодуңбу? Куу, чөө бөрү. Эмнеге кыздарыңдын бактысын, келечегин, урпак-тарыңдын тагдырын, мансапка ыйгарып отурасың? Ач көз атанын алтындан кымбат, мөлтүр суудай тунук, сүттөй ак кыздарынын баасы, мансапка алмашылабы?

Бийлик кимге опо болду? Хан, хан дейбиз. Хандык, кимге бакыт болуп бере алды? Кокон ордосу тикеленгенине жүз жылдан ашыптыр, аягы келип сай таппай турат. Хан баласы, хан дейт. Урпакка калган мурас, хандын тукуму өзгөчөбү? Же сараңдык менен канкорлук, ач көздүк менен залимдик, куулук менен митаамдык да мурасталдыбы? Эмнеге акыл-эс, намыс-ариет мурасталбайт? Так талашуу атадан балага, агадан иниге ооп, кызганычак бала атасын, иниси агасын өлтүрүп, не муратка жетип отурат?

Эл ошон үчүн ордонун палиттиги, бузуку, ач көздүгү үчүн жек көрөрү анык. Акыйкаттыкты издеп, калыстыкты самап, барчылыкты баркташ, биримдикти сактап, тынч жашайлы деген элдин үмүтүн ушинтип бийлик даражасы, мансап орду соодалап, байлык табарына эмне адамзат маани бербейт? Маани бергенде эмне? Хан жана анын тегерегиндегилер эле чечип коеру белгилүү эмеспи.

Элдин күрөшү алоолоп, күчөп барат. Күрөштөн тапкан

бакытты, күрөштөн жеңген адилеттикти, кара кылды как жарган калыстыкты калк кармана алабы? Таң ай! Бул жагы туман. Жеңиш колго тийгенде гана айтпаса, али эрте.

Музаффар шаанын калп жөтөлүнөн улам, терең ойго баткан датка, чочуп кетти. Маңдайындагы адамдын суроосу, айткан сөзү эсине келе калып:

-Шаа, күрөш максатына жетсе, бул маселе да чечилип калаар? Ал эми каада жагы кандай болот?

-Той берип, эл кыла келген расмилерди аткарабыз. Калыңы да, каадасы да бирге бүтөөр

-Той кай жерде өткөрүлөт?

-Үч-Коргондогу менин авляма, бий-бек, шаар башчылары баш болгон билармандарды чакыра бергиле. Алып келген кошумча-тартуулары чогуу чаран, ысырапка жол бербейбиз

Экөөнүн маеги жөндөн-жөн айтылган сөз болбоду.

Үй-жайы жок да хан болчу беле. Жактырган кызыңызга үйлөнүңүз. Болбосо атактуу жердин (байлардын) үй-бүлөлөрүнөн кыз табалы-дешкен. Улуу кишилердин сөзү Искактын кулагында эле. Музаффар шаанын сөзүн уккандан соң, анын кызын атайлап барып көргөн Искак макулдугун берди.

Той Искак хан көтөрүлүп, ордону Маргаланга көчүрүп келген күнгө болжолдонду. Айткандай эле хандын үйлөнүү тоюна Искактын бийлигине моюн сунган шаарлардын, айыл-кыштактардын уруу башчылары, акимдери, бий, бектер тартуу кылган, кошумчаларын тарткан кербендердин бир жумага чейин баш-аягы жыйылбады. Ардактуу коноктор менен хан өзү келип учурашып.

-Азиз букараларым, Калайык калкым! Ак тилегиңер менен келгениңерге кудай алдында курсант болуп турам. Ак батаңарды берип, тойдун шаң-шарапатына күбө болуп кетиңиздер-деп ийиле өтүндү.

Той шааниси шанына чыгап, ат оюндарынан, ырчы-чоорчулардын өнөрүнөн башка, эңиш, күрөш, бука тартыш баш болгон элдик оюндар өткөрүлүп, жеңүчүүлөргө мөөрөй мол ыйгарылды.

Тойго келгендер, бийликтин те бийигинде турган адамга, анын кимдигине жана кандайлыгына маани бербестен, өтүп жүргөн каада-салттын алкагынан чыга алышпады. Өздөрүнүн

бакыбат турмушун, жакшы хан менен байланыштырган миңдеген адамдар топурашып, анын жүзүн бир жолу көрүп, өз оозунан акылдуу сөзүн укпаса да, бир чоң ишеним менен анын артынан жабыла ээрчишти. Баягы эле салбырата кылыч тагынган, мылтыктарын ийинине иле чуркашкан жан сакчылар менен сарбаздар элди тейлеген болушуп чуркап жүрүштү.

Баштарындагы селделери балпайган, ала чапандарын эчен кабат кур менен курчанган, төбөсүндөгү топусунун үстүнө чарчыларын байланып, узун жака, этеги жырык бейкасам чапандарды кийип, курсагынан ылдый, куйругуна жеткире чедирейген эткел, мырза, байбатчалар, ар кимди келекелеп, сынай тиктешип эл аралап жүрүштү. Карапайым калк кырылып, кан суудай агып, бир тарабынан жокчулуктун айынан, ачтан өлүп жаткандар көңүлгө алынбай, агыла-чачыла той берилип, алыскы-жууктагылардын чакырылышына эч ким маани да беришпеди.

Акындар шаңшып ырдашып, келин-кыздар бир бөлөк, боз уландар бир бөлөк болушуп «жар-жар айтышып» тойдун шаңына чыгарышты. Шарияттын талабы боюнча никелешүү аземи да откорулуп,молдо эки жашка нике байлап,көпчүлүк күбөлүккө өтүп, Болот хан менен Зухрай баш кошушту. Андан көп өтпөй эле Өмүрбек датка менен Раушанай экөөнө тантанасы жок нике кыйылды.

***

Жаңы келишим боюнча Кокон хандыгы орусияга мурдагыдан да көбүрөөк көз каранды болуп калды. Келишимдин шартына ылайык Кокон хандыгы өтө көп өлчөмдө жылына беш жүз миң сомдон контрибуция төлөмөк. Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги Кокон хандыгынын ээлиги Орусиянын карамагына өтмөк. Жаңыдан Орусия ээлигине өткөн Наманган аймагынын акимдигине полковник Скоблев дайындалды. 29 пункттан турган бул келишим падышалык Орусия тарабынан талоончулук мүнөздөгү келишим болчу.

Орус төрөлөрү менен ымала кыла баштаган Насырдин хандын эл ичинде кадыр-баркы кетип, ага наразычылык күчөп,эл кайрадан көтөрүлүшкө чыгышты Түркстан генерал-

губернатору Кауфман хандыктын калкына атайын чакырык менен кайрылып Болот ханды кармап берүүнү, Насырдин ханга баш ийип, көмөк көрсөтүүнү талап кылган болчу. Ошол эле учурда көтөрүлүштү тезирээк басыш үчүн Анжианга генерал-майор Троцскийдин ири аскер бөлүгүн жөнөттү. Орус аскерлерине каршы күрөшүү максатында Анжианга жыйылган жетимиш миңге жакын өзбек, кыргыздар душманга катуу каршылык көрсөтүшүп, жан аябай салгылашышты. Бирок, даярдыгы, курал-жарагы начар, жакшы уюшулбаган көтөрүлүшчүлөр акыры жеңилип, Анжиан жоонун колуна өттү.

Элдик кыймыл бөлөк аймактарда улана берди. Айрыкча Асакеде жайгашкан аймак көтөрүлүштүн чордонуна айланып, эл туш тараптан агылып келе баштashты. Аз убакыт ичинде он эки миң атчан аскер топтолду. Көп өтпөй Болот хандын колу Файызабаддын жанында Насырдин хан жөнөткөн Султан Муратбектин колун талкалады. Орус аскерлерине сокку урду. Жетинин айынын тогузунда көтөрүлүшчүлөр хандын аскерлери менен акыркы ирет салгылашып, жеңишке жетишишти.Бир нече күндөн кийин Коконду ээлеп алышты. Ал эми Насырдин хан орус төрөлөрүнө корголоп, Кожентке качып кетти.

Болот хан Кокон хандыгынын төрөлөрүн бийликтен четтетип Оро-Дөбөнүн башчысы Абдыкапарбек Анжиандын бектигине, Кокон шаарынын башчылыгына Абдылдабекти дайындады Оторчулар менен болгон согушта айрыкча эрдик көрсөткөндөр Болот хандын буйругу менен бааланды.

Жазында Кудаяр ханды тактан кулатууга,кайрадан күрөш башталды. Хандын тууганы Батырхан төрө жетекчилик кылып, Кудаярдын экинчи баласы Мухаммед Аминди такка олтургузууга аракеттенди. Алардын аракети ханга билинип калып, Батырхан төрөнү он беш адамы менен өлүм жазасына тарттырып, өз баласын камакка алдырды. Андан көп өтпөй лейлектик кыргыздар Кожент үйөзүндө жашап жаткан,Кудаяр хандын алыс тууганы болгон Абдукеримбекти чакырышып, аны такка олтургузушмак болушту. Аны орус бийлиги билип калып, Абдукеримбекти кармап, Ташкентке алдырышып, үй камагына алышты.

Орус төбөлдөрүнөн колдоо алган Кудаярхан Токмок үй

өзүнө качып өткөн кыргыз урууларынын аркасынан түшүп, өз жерине зордук менен көчүрттү. Алар кайтып келе жатканда хан Акматбек баатыр башыны эки миң жазалоочу сарбаздары менен жөнөтүп, Масы жайлоосунда катуу талоонго алдырды. Аман калганы кайра Токомок үйөзүнө качууга аргасыз болушту. Хандын уламдан-улам жасаган жосунсуз жоругу, кыргыздардын кыжырын ого бетер күчөттү. Ханды биротоло бийликтен четтетүүгө чечкиндүү аракеттер жүрө баштады.

Искактын колу, тез эле көбөйө берди. Көтөрүлүшчүлөр Чартактын беги Кедейбай датка (Кудаярдын бир тууган тагасы, саруу бийи) менен Жаңы-Коргондун беги Алимдин жазалоочу топторун Сафид-Булаң менен Ала-Буканын ортосунда талкалап, Көкүмбай, Тоголок Шайык, Актам, Нанай, Көк-Жар кыштактарын ээледи. Аларды тосуп чыккан Абдрахман аптабачы үч замбирек менен жазоолочуларды баштап, Төпө-Коргон менен Тергөөчүгө жөнөдү. Начар куралданган көтөрүлүшчүлөр хан колуна туруштук бере алышпай,кайтып Ала-Букага чегиништи.

Ошол мезилде элеттик кыргыздар жашаган Кадамжай, Ноокат, Алай айылдарына келишкен кокондук зекетчилер мурункудан үч эсе ашык салык талап кылышы куралдуу көтөрүлүшкө шылтоо болду. Алгач тоолуктар салыкты даярдоого үч күндүк мөөнөт сурашты. Зекетчилер ага көнүшпөстөн, салыкты кечеңдетпей беришин талап кылышты. Бир нечесин туткундашып, Коконго алып кетүүгө аракеттеништи. Кокондуктардын кылыгына чыдабаган тоолуктар зекетчилер менен кармаша кетишти. Зекетчилер кол кайры кылгандарды токмоктошуп курал менен жазалоодон улам,бир тобу мерт болду. Адилетсиздикке чыдай албай эл көтөрүлдү. Толкундоо тез эле Баткен, Алай тоо этектерине чейинки аймактарга тарады. Оштун беги болуп турган Абдылдабек, Өмүрбек даткалар да кошулуп кетишти.

Хан көтөрүлүшчүлөрдү басууга атчан сыпайылдардан турган жазалоочу топту жиберип, буйрук берди. Хандын жазалоочулары келе жатканын уккан кыргыздар “кара келтек” кошууну жыйылып, сыпайлардын алдын тосуп, талкалап салышты.

Зекетчилердин зулумдугуна чыдабаган Лейлектик абат, кесек уруулары Молдо Касым, Абдырахман молдо, Эрмамбет паңсат, Орозалилердин жетекчилигинде күрөшкө чыгышып, Аксыда жүргөн Искакды чакыртышты. Искактын кол алдында эми кыргыз кыпчактар гана эмес өзбек, тажик калкынын өкүлдөрү да чогула башташты. Искак жашыруун Өзгөнгө келди. Анда бир нече миң кошуун Исфандияр, Абдылдабек, Өмүрбек, Орозали, Ботобек сыяктуу, жетекчилердин болушу жалпы көтөрүлүшчүлөрдү шыктандырды. Алар Коконго карай жүрүш баштаганда аларга Өзгөн, Жалал-Абад Ханабад, Кара-Суу, Оштогу көпчүлүк эл өкүлдөрү кошулуп жатышты. Кыймыл бүтүндөй Паргана өрөөнүнө жайылып кетти.

Кырдаалдан чындап корккон Кудаяр Абдырахман апта-бачыны, Иса Олуяны, Халназар парбаначыны жана Сармысак эшик агасынын жетекчилигинде күчтүү жазалоочуларды Болот хандын колуна каршы жиберди. Аларга кошумча катары беш миң сарбазы менен Анжианда турган уулу Насирдин бекке көтөрүлүштү басууга көмөк көрсөтүүнө буйрук берди. Бирок хандын буйругу аткарылбады. Мындай зор элдик кыймылды баса албаганына көзү жетип жазалоочулардын кол башчылары жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзө баштады.

Кауфман башкарган орус кошууну Махрам чебинин жанында Кокон колуна сокку уруп, Коконду ээледи. Андан каршылыксыз Маргаланды ээлеп,полковник Скоблев башкарган кол Абдурахман парваначынын колунун аркасынан сая түшүп, Миң-Дөбөдө өткөн айкашта толук жеңишке жетишти. Андан соң Ош шаарына кирип барышты. Улуттук боштондук кыймылдын күчөгөн мезгилинде көз карандылыктан кутулуу үчүн кыргыздар өздөрү хан көтөрүп, мамлекеттик бийликти колго алууга кирише башташты. Элде салт болуп калган, мамлекеттин башында хан болуш керек деген, ишенимден пайдаланып, баштагы хандын калган тукумдарынын атынан Болот хан деген ат менен өзүн көтөрүлүшкө катышкандардын макулдугу менен жарыя кылды.

Алгачкы учурда Болот хан Түркстандык колониялык башкаруучулар менен ынтымактуу байланыш түзүү үчүн аракеттенип, генерал-губернатор К.П.Кауфманга өзүнүн

адамдарын жиберди. Падышалык бийликтегилер анын өкүлдөрүн (Акун молдо, Мир-Маул уулу баштаган 14 адам) камап салышты. Ошондон кийин көтөрүлүш Кокондук жана Россиялык колонизаторлорго каршы мүнөздө башталды. Мусулманкулдун баласы Абдырахман аптобачы хандын аскер башчысы болсо да, Кудаяр ханга каршы чыгуу үчүн жашыруун иш жүргүзүп, кыргыздарга кайрылды. Аптобачынын катын алгандан кийин  кыргыздардын чапкынчы уруусу Болот хандын кыймылына кошулуп хандыкка каршы куралдуу көтөрүлүшкө чыгышты. Кыргыз бийлери хандын тукумдарынан Садыкбектин баласы Абдукеримбекти хандыкка көтөрүштү.

Кудаяр хан аларга өзүнүн жети паңсатын аскерлери менен жиберди. Чапкынчылар лейлектин капчыгайында болгон салгылашууда Кокондун аскерлеринен жеңилип, тоо аралай качууга аргасыз болушту. Абдыкерим бек Кожентке келгенде орус төрөлөрү тарабынан кармалып, Кудаяр ханга тапшырылды. Хандыкка каршы чыгуулар токтободу.Болот ханга кыргыздардын Насырымбектин-отряды, хандардын тукумунан, ири байдын балдарынан болгон Мырзабек да көтөрүлүшчүлөрдү баштап Болот хан тарапка өттү. Хандын аскер башчысы Абдурахман аптобачы,Молдо Иса Олуя жана Сармысак эшик агасы Өзгөндөгү чыккан көтөрүлүшкө каршы согушуудан баш тартып, төрт миң аскерлери менен көтөрүшчүлөр тарабына өтүп кетишти.

Негизги аскер күчүнөн айрылган Кудаяр хан 22-июлда ордонун казынасын бүт бойдон 42 арабага жүктөп, беш жүз аттуу аскери менен генерал Скоблевдин отрядынын коргоосунда качып, 24-июлда Ташкентке келип, Түркстан губернаторуна калкаланды.Болот хан Кокон шаарын согушпай эле жеңип алды. Көтөрүлүшчүлөр Кокондогу колго түшкөн хандын кишилерин аёосуз жазалашты. Жергиликтүү бийлер хандын тагына Кудаярдын баласы Насирдинди отургузушканда, Болот хан жарадар болуп зыңданга камалган эле. Убактылуу бийликти алган Насыредин Түркстан губернатору менен келишим түзүп, алты жүз миң сом суммадагы контрибуция төлөөгө милдеттенип Сыр-Дарыя менен Нарындын оң жээгиндеги Наманган шаарын Россиянын карамагына

берүүгө макул болду. Көтөрүлүшчүлөр Ош, Наманган, Анжиан жана Асеке шаарларын каратып алды.

Санжыра боюнча он бешинчи он алтынчы кылымдар мезгилинде кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү Анжиандын тегерегинде жашашкан. Саяктын өйдө чекти тобунан Байболотунун уулу Асеке Анжиандын чыгыш жагында тууган-дары менен бирге турган. Анын кыштоосу кийин отурук-ташкан чоң кыштакка айланып, Асакенин көзү өткөн соң Асаке деп аталып калган. Асакенин тууганадарынын бири Сарыдан Атакара учурдагы Избаскенди жердеп, ал эми Ботокара Анжиандын түндүк-чыгыш тарабын туруктаган. Атакара менен Ботокара өзбектин кыздарына үйлөнүшкөн. Алардын урпактары өзбектерге аралашып кетти. Аттары сакталып эзелки кыштоолор чоң кышактарга, чакан шаарчага айланды да,ушул кезге чейин “Асаке шаары” “Атакара, Ботокара” кыштагы аталып келди.

Аңгыча Кокон мамлекетиндеги кырдаалды байкап турган орус бийликтери,кырдаалды тереңирээк жана тагыраак бай-коо үчүн ортого элчилерди жиберишти. Орус өкүлдөрүнүн Коконго кириши, ансыз да жарылууга араң турган абалдын курчушуна алып келди. Хан “орус куралынын жардамы аркасында, көтөрүлүштү басат” экен деген каңшалар тарады. Аптабачы Болот хан менен сүйлөшүп, көтөрүлүшчүлөр тарапка өтүүнү чечти. Тактыга Кудаярдын уулу Насирдин бекти отургузууну, баш вазирликке Иса Олуяны сунуш кылышты. Козголоңду басуу үчүн Кудаярдын саясатына наразы болуп жүргөн, Насирдинбек менен сүйлөшүүлөр башталды.

Насирдинбек өзүн хан тактысына отургузууну сунуш кылып, ал кызматы үчүн Абдырахман аптабачыга элүү миң дилде берүүгө убадалашылган эле. Ал эми хандын иниси Маргалаң беги Султанмурат аптабачынын үйүнө чакыр-тылып, үй камагында кармалып турган. Ханга каршы сүйлө-шүүлөрдү айтып койбосу үчүн анын оозун жабуу маскатында, аптабачы өз кыздарынын бирин ага күйөөгө берди.

Бир нече жолку сүйлөшүүлөрдөн кийин Болот хан Насирдинбектин хан көтөрүлүшүнө каршы эместигин билдир-ди. Төрт миң кошуун менен Абдырахман, Иса Олуя, Халназар

парваначы, Сармысак эшик агасы Болот хандын кыймылына кошулуп кетти. Бул күтүүсүз кабар ордого заматта жетти. Эртеси Маргалаң беги, Кудаярдын иниси Султанмурат, Кудаярдын улуу уулу Анжиан вилайетинин акими Насирдин бек беш миң сарбазы менен көтөрүлүшчүлөргө кошулду.

-Мен ишенимдүү деп ойлогон адамдар,аскерлери менен менин душмандарым-кыргыз козголоңчуларына кошулуп кетишти. Улуу урматтуу императордун колдоосунун алдында өзүмдү жана Кокон хандыгын тартуу кылып, козголоңчулардын тилегин таш каптыруу үчүн сизден Кокон шаарына орус аскерин артилериясы менен жиберүүгө, тез арада буйрук берүүңүздү, достук дилим менен суранамын! Менин бул өтүнүчүмдү сиздин,канаттандырарыңызга ишенемиң!-деп Кудаяр хан Түркстан генерал губернаторунан жардам сурап, расмий кат жөнөтү.

Анжиан, Ош, Наманган, Асаке, Маргалаң шаарларын согушсуз ээлеген көтөрүлүшчүлөр Коконго улам жакындап келе беришти. Кудаярдын эң жакын адамдары хандын вазири каракалпак Зулпукарбек, туу башы Махмуд кожо көтөрүлүшчүлөргө кошула баштады. Ушундай кыйын кырдаалда өзүн таштап кеткен туугандарына, уулдарына жана жөкөрлөрүнө таң калган хан карбаластап, орус колуна качуудан башка арга таппай калды. Кырк чакырым аралыктагы “Алты-Арыкка көтөрүлүшчүлөр жете келди” деген кабар келгенде Кудаяр качууга кам уруп, мүлктөрүн, казынасын арабаларга жүктөтүп жатты.

Хандын экинчи уулу Мамадамиңбек ордодогу аскердин жарымын төрт миң сыпай, сарбаздарды ээрчитип Кокондон чыгып кетти. Ордодо кызматчылар гана калып, артилеристтер да замбиректерин ташташып, бет алдынча кеткен сарбаздарга кошулушту. Айласыз Кудаяр хан ордону таштап, шаардан чыга жөнөдү. Анын көчүндө жетимиш аялдан турган гарем,беш жүзгө жакын жан-жөкөрү ордо адамдары, эки миң сыпай жана төрт миң сарбаз, кырк эки арабага жүктөлгөн казынасы болду. Качкындардын артынан түшкөн көтөрүлүшчүлөр алардын артынан кууп жетишти. Аскерлери каршылыксыз, аларга кошулуп кетишти. Эртеси Коконго жакын Сары-Тал кыштагында Насредин бек хан көтөрүлүп, Коконго сал-

танат менен кирди. Бирок аларга чейин эле шаар тополоңго түшүп, ордону шаардыктар талап кеткен болчу.

Болот ханды ээрчиген негизги бөлүгү Коконго кирбей, шаардын тегерегинде Маргалаңга жайгашты. Көтөрүлүшчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү, айрыкча тоолуктар Болот хандын өзүн такка отургузууну талап кылышты. Аскердин күчү менен Насирдинди колдоп турган Абдырахман, Иса Олуя алардын талабын четке кагышты. Болот хан менен Абдрахмандын ортосунда ажырым башталды. Элдин мүдөөсү таш капты. Өзүнүн наразычылыгын билдирүүгө аптабачы менен көзмө-көз сүйлөшүүгө келген Болот ханды, Насиредин хандын адамдары туткундап, Махрам чебине камап салышты.

Абдрахмандын кеңеши менен Насирдин хан орус бийликтери менен мамиле түзүүгө аракет кылып, Түркстан генерал-губернаторума расмий элчи жиберди. Верныйдан Ташкентке келип калган К.П.Кауфман Насирдин хандын элчилерин тосуп алып, аны хан катары тааный турганын билдирди. Мындан сырткары Кокон хандыгы кайрадан орус империясынын вассалы болуп калды.

***

Кыймылдын жалпы жетекчилигин колго алган Искак-Болот хан эми жаңы кырдаалда көтөрүлүштүн мизин бир учурда Насирдин бектин бийлигине гана эмес, орус баскынчылыгына карай багыттады. Болот ханга Абдырахман кайрадан келип кошулду. Экөө биригип аз эле убакыт аралыгында Анжианда алтымыш-сексен миңдей кол топтоду. Алардын курамында кыргыз, озбек, кыпчак, сарт, тажик жана башка көчмөн жана отурукташкан элдин өкүлдөрү бар эле. Көтөрүлүшчүлөрдүн Анжианда топтолгонун уккан Кауфман тезинен жазалоо отрядын түзүүгө буйрук берип, миң төрт жүз солдаттан жана күчтүү артилериядан турган генерал-майор В.Н.Троцкийдин командасындагы аскерлерди Анжианга жөнөттү.

Жазалоочулардын келе жатканын уккак көтөрүлүшчүлөр, шаарды коргоого даярданып жатышты. Шаардын он эки негизги көчөсүнүн кире бериши казылып, суу толтурулду.

Мусулманкул көпүрө менен хан көпүрө буздурулду. Шаардыктар колдорунан келишинче куралданышты. Коргонууну уюштуруу Абдырахманга тапшырылды. Анын колунда жетимиш миңдей адам болду. Ал эми шаардын түндүк-батыш тарабында душмандын жолун тосуп, он беш миң атчан менен Болот хан жайгашты.

Генералдын армиясы жолдо көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топтору менен бир нече жолу кагылышууга дуушар болду. Анжианды алуу оңойго турбады. Көтөрүлүшчүлөрдүн лагерин бөлүп-жарууга көп аракеттер болду. Акыры айла кеткенде Скоблев Анжиан шаарынын тургундарына көчөмө-көчө кулактандырууларды илдирип,чакырыктарды жөнөттү.

Анжиандык өзбек туугандарга! Силерди кыргыздар алдап жатат. Алар көчмөн калк. Согушта жеңилсе да,эч нерсесин жоготушпайт. Эгер шаарды орус аскерлери басып алса, толоонго силер каласыңар.Өз өкүлүнөрдү жиберип, багынып бергиле! деп чакырык жарыялады.

Орус генералынын бул амалы ийгиликке жетпеди. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасындагы кармалган туткундар

-Анжианда кыргыздар, кыпчактар алардан тышкары Оштон, Шарихандан, Булак-Башыдан, Асакеден, Аравандан, Маргалаңдан, ал турсун Кокондон ар түрдүү эл чогулду. Алар “өлсөк да чегинбейбиз!-деп ант беришти деген маалыматты угушту.

Үч күнгө созулган айыгышкан кармашууда орус армиясы шаардын ортосуна чейин келишип, кайра чегинүүгө аргасыз болушту. Ар бир көчө, ар бир мечит, ар бир үй талашка түшүп, эркектер менен кошо аялдар да коргонууга жардам беришти. Орус аскерлери барган жерлеринде өрт коюшуп, шаарды түтүнгө айландырышты. Бирок, көтөрүлүшчүлөр багынышкан жок. Атчаны атчан, жөөсү жөө душман менен кармашып, орус аскерлерин курчоого алууга аракеттеништи. Орустар шаарды толук ала алышпай, шашылыш түрдө чегинүүгө аргасыз болушту.

Жазалоочулар чегинип баратышып Болот хандын кошуунуна сокку берүүнүн жашыруун планын иштеп чыгышты. Ханабад кыштагында өргүп жаткан Болот хандын лагерине капыстан кол салууну уюштурушуп, 5-октябрдагы түн жары-

мында есаул Машиндин отряды бейкапар уктап жаткан Болот хандын жигиттерин басып кирди. Артынан жете келген Миллер Закомельский менен Хомиченскийдин отряддары аларга кошулду. Теңдешсиз түнкү салгылашууда Болот хандын кошууну чачылып, жигиттер баш-аламан чегинип бара жатышканда, Ханабад көпүрөсүндө миңген аты жыгылып Болот хандын буту сынды. Жигиттер ооруксунган Болот ханды Хинди- Мазарга алып келишти. Ал жерде чачылган колун жыйноо үчүн Искак тыныгууга буйрук берди.

Орус аскерлеринин Анжианга болгон ийгиликсиз жортуулу көтөрүлүшчүлөрдүн көңүлүн көтөрдү. Кокон, Наманган, Кожент, Ташкент аймактарындагы көтөрүлүшчүлөрдүн кыймылы улам албырттай берди. Болот хан Асаке шаарына хан ордосу катары жайгашты. Согуштук аракеттер убактылуу тынчтангандыгына байланыштуу Болот хан хандыктын орус ээлиги болуп калган Наманган бөлүгүнон башка жерлерине өзүнүн хандык бийлигин жүргүзүүгө киришти. Ал сынган бутунун ооруксунганына карабастан мамлекеттик ишке жигердүү киришти. Курамалык Абдымомун, найман уруусунан Сулайман удайчы, адигинелерден Абдылдабек, Мамытбек, Асанбек Өмүрбек датка,кесектерден Молдо Касым, абаттардын Орозалы, бостондордон Муса молдо сыяктуу кыргыз бийлери жана бектери, кожолордон Валихан төрө, Ишекан төрө, Батыр төрө, өзбек, тажик бектеринен Абдыкапар, Абдыкерим, Календарбек сыяктуулар Болот ханды ар тараптан колдоп турушту.

Болот хан Асакеден Маргалаңга көчтү. Шаар Коконго да, орус аскери басып алган Махрам чебине да жакын эле. Аттуу –баштуу адамдардын сунушу боюнча бул шаарды мамлекеттин убактылуу борбору деп жарыялады. Маргалаң шаарында турган кыргыз көтөрүлүшчүлөрдүн саны он миңга чамалап барды. Аларды колдогон сарбаздар беш миң эле. Декабрь айынын ортосунда Болот хан Коконго барганда шаардын четинен баштап килем төшөлүп, түрдүү тартуулар менен сыйлашканы көтөрүлүшчүлөрдүн көңүлдөрүн аябай көтөрдү.

Орус аскерлери менен кармаш экинчи жолу дагы Анжиан шаарында болду. Артилерия менен аткылоонун натыйжасында Эшен-Тегин, Дөң-Кыштак, Кара-Жар, Эскилик кыштак-

тары кыйратылды. Гүл-Дөбөдө орнотулган замбиректер менен базарды, ордону, Шарихан менен Асаке жолдорунда жайгашкан үйлөрдү, көтөрүлүшчүлөр топтолушкан жерлерди аёсуз аткылашты.

Көтөрүлүшчүлөр Абдрахман баштаган топтун жыйынтыгына алымсынышпады.Аптабачы алардын толкунун башка жакка буруу үчүн орус колонизаторлоруна каршы "газават" урaaнын жарыялоого Насирдин да, айласыз макул болду. (Ал аптабачыга көз каранды эле. Насирдин он алты гана жашта болгон) Кокон өкмөтү эл арасына он эки жылдан бери каапырлар Кокон хандыгынын шаарларын ээлеп алышып, ыйык ислам динине зыян келтиришине Насирдин хан башында турган топ "газават" жарыялагандыгы, каапырларга каршы күрөшкөндөр Алладан жана Кокондон чоң сыйлык аларын белгилеген" бир нече үндөөлөрдү таркатты.

Көтөрүлүшчүлөрдүн экиге бөлүнүшү менен элдик багыттын башчылдары Болот хандын жан жөкөрлөрү кыймылдын башынан бери келаткан максатын көздөп турушса, Абдрахман баштаган топ көтөрүлүштүн түпкү максатын "газават" урaaнына буруп жиберди. Бул диний ураан көтөрүлүшчүлөрдүн белгилүү бөлүгүнө, Кокон хандыгындагы ээликтеринде жашагандарга чоң таасирин тийгизди. "Газават" урaaнына айкашкан элдик толкундоолордун орус ээликтерине жайылып кетишинен чочулаган орус бийликтери ар бир уйөздөгү башчыларына шашлыш,көрсөтмө берип жатышты.

"Мусулмандардын кыймылы" тез эле Кокон хандыгын гана эмес, Түркстандын бир катар аймактарын каптап кетти. Орус күчтөрүн Коконго жүрүшүн баштоого буйрук берилери менен Орус армиясы хандыктын чегине токтоосуз келди. Көтөрүлүшчүлөр жакшы куралданган армияга туруштук бере албады. Акырындап чегинип, Кожентин жанындагы Махрам чебине коргонушту. Отуз миң коргоочусу бар чепке орус күчтөрүнүн чабуулу таң эртеден башталды. Найза, союл менен куралданып бир аз гана бөлүгүндө кылыч милтелүү мылтыгы бар көтөрүлүшчүлөр орустарга көпкө каршылык көрсөтө алышпады. Оор жоготууга учурап, кечке маал чегине башташты. Беш миң жигитинин коштоосунда аптобачы аркасын карабай качып жөнөдү.

***

Абдылдабек көтөрүлүштүн жүрүшүн Ошко келген сайын апасына маалымдап турчу. Бүгүн да эне-бала элдик кыймылга баа берип отурушту.

-Күрөшүңөрдөн майнап чыккыдайбы?

-Чыгат апа. Ханды орустар колдоп, көтөрүлүшчүлөргө бөгөт болушту.

-Орустардын күсөгөнү эмне экен? Деги силердин максатыңар аламан журтка айкынбы?

-Орустар калктын көөнүнө азар берип, кыргын салып жатышат

-Кайран эл, кайдан болсун запкы жеп, каржалган тура

-Арадагы чыккынчылар көбөйдү. Орустарга айрымдары баш буруп жатышат.

-Орус куралдарынын пешине, жалтайлап жатышабы?

-Алардын мыкаачылыгына эл чыдабай калышты.

-Орустарга бекер катылдыңар. Ажыдардын куйругун басып алдыңар. Эми алар, аябайт.

-Биз эмес, орустар өздөрү келип катылып жатышпайбы. Биз да аянбайбыз апа!

-Кыян каптап келетат. Аркасы кандай болоор экен?

-Кыян жүрсө тособуз. Биздин күрөш адилет. Эл-жерди коргоп жатабыз

-Жооңор коркунучтуу.

-Эмне болсо да, басынбайбыз

-Эрегиштен эриш бузулат. Аркасы жаман, уулум

-Кармашабыз апа. Бирок, куралга муктаж болуп, айласыз чегинүүгө мажбур болдук.

-Өчөгүштөн өрт чыгат. Бекер орустар менен өчөгүшүп жатасыздар

-Өрт чыкты. Дин исламды булгатпайлы. Жерибизди тебелетпейли деген ниет апа

-Оюңар жакшы. Бирок, дин исламга зыяныңар тийди.

-Кандайча?

-Ордого каршы чыгып, «ханды алмашабыз» дедиңер. Каршы чыккан хан менен эмес, орустар менен кармашып калбадыңарбы. Орустар түптүү журт. Аларды жеңүүгө күчүңөр жетпейт.

-Күч жетпейт деп, багынып берсек, намысыбыз кайда калат? Караламан калк эмне дейт?

-Козголоңчулар кечээ, тоодон түшкөн кыйян элеңер. Мына, бүгүн кумга сиңген суудай азайып баратасыңар. Алды-аркаңарды карагыла! Кекчилдик кеменгердик эмес.

-Эмне кылсак болот?

-Элдешкениңер дурус.

-Жөнү жок багынгандан көрө, күрөшүп өлгөн артык.

-Элди аягыла. Жылаңач калк, эки ортодо, отто калбасын!

-Кайирдиндегилерге кантип ишенебиз? Алар каапырлар.

-Каапыр ким? Кан күсөгөн каапыр. Каршылашканды токтоткула!

-Апа?

-Алдыңар тосмо, артыңар караңгы. Орустар менен ойношпогула! Акыры келип маскараңар чыгат.

***

Болот хандын Махрам чебине камалганын билген Абдылдабек Өмүрбек датка, Сулайман удайчы, Кийикбай паңсат баш болгон топ шашылыш кеңеш чакырып Абдылдабек маселени кабыргасынан койду.

-Кара баштарынын камын ойлогондор калка издеп, тарап кетишти. Кана, кандай айла кылабыз?

-Кандай болсо да, Болот ханды бошотуп алышыбыз зарыл, деди датка.

-Хандын бөлтүрүгү, алигиче орустарга жеткендир,-деди удайчы.

Аптабачынын “газават” жарыялап коюп, качып кетиши шерменделик, деп кошумчалады Кийикбай паңсат.

-Саткындардын колунан келери ошол. Сел ташкындап турат. Ара жолдо калбайлы. Калктын камын ойлойлу. Симиң туу башы болуп бере аласың?

-Бек өзүңдөн өтөөр эч ким жок. Удайчы шериктеринин оюн айткандай айландыра тиктеди.

-Жок. Биринчи кезекте кол башчыбызды, бошотуп алышыбыз керек.

-Кантип бошотобуз, бек? Зынданда да.

- Боштотушубуз зарыл.

-Ачкычты ким берет, бизге? Паңсат шериктерин суроолу тиктеди.

- Биз, ачкычты  тартып алабыз- деп, күрөшүп жатабыз. Эч ким бизге “мээ” деп бербейт. Бек өткүр көздөрү менен ар бирине тигилди.

- Зынданды талкалап гана албаса. Жөн ала албайбыз го.. Бизди, ал жайга жакындатышпайт – деди паңсат.

Искак зынданда отурат. Биз эркинбиз. Аны бошото албасак,шериктештигибиз кайсы? “Бирибизди-бирибиз, ара жолго таштабайбыз” деп ант бербедик беле?

-Анын да туура, бек. Эркин болгонубуз менен ага кол жетпей турбайбы. Датка ага кайрыла кетти.

- Сиз, Оро-Дөбөнүн сепилин кантип алдыңыз эле?

-Оо. Жергиликтүү жигиттер бизди колдоп....

-Туура. Дал ошол жергиликтүүлөр өзүбүзгө окшогон, куралга төш тоскондор “кол кабыш” кылышат. Бүгүн-эртең Болот ханды бошотуп албасак кеч болуп калат. Хандын “күчүгү” менен аптабачы биздин күрөшүбүздү так үчүн орустарга сатып жиберишерин ойлонолу. Бизге убакыт кымбат. Болот хандын чепте камалышы алоолоп турган көтөрүлүшчүлөрдүн үмүтүн,өчүрүп салганга барабар. Болот ханды бошотуу менен гана күрөшүбүздү уланта алабыз. Эмне дейсиңер,куралдаштарым?

-Туура, туура.

-Туура болсо, датка, сиз башчылык кыласыз. Удайчы паңсат жардам бересиңер. Ага чейин мен Коконду  колдон чыгарбайм.

Бектин бүтүмүнөн соң Өмүрбек датка баш болгон топ Махрам чебин көздөй бет алышты.

Кокон хандыгынын эн бир ишеничтүү. «Эч ким бузуп-талкалоого күчү жетпейт» деген сепили кату көзөмөлдө эле. Абдылдабек өзүнө жакын Ботобек, Эрданабек, Тойкулбек, Увалихан баш болгон топторго көрсөтмө берип ыктыярдуулар-дан аскерлердин санын көбөйтүүгө чакырды.

Генерал-губернатордун буйругу боюнча генерал Головачевдин жетекчилигинде жети жүз казак орустан турган тез көчмө отряд түзүлүп, жалпысынан беш миң солдаттан

жана казак-орустардан турган жазалоо аскеринин курамында он алты жөө аскер ротасы сегиз жүздүк казак-орус эскадрону, бир сапердук бөлүк, жыйырма замбирек, 22-августун таң эртенинен баштап,бат атар мылтык жана өркүндөтүлгөн замбиректер менен куралданган орус армиясы чабуулга киришти.

Тарыхый маалыматтар боюнча Махрамды элүү миң кыргыз, кыпчак жана түрк көтөрүлөшчүлөрү он миңдей сарбаз коргогон. Орус аскерлери болжол менен эки миң беш жүз адамдан турган. Кармашта орустар тарабынан алты гана киши өлүп, сегиз киши жарадар болот. Ал эми көтөрүлөш-чүлөрдөн миң эки жүз киши көз жуумп,отуз тогуз замбирек, эки жүз жыйырма төрт ат, көптөгөн азык-түлүк, ок-дары олжолонду-деп белгиленген.

Махрам чебинин кулашынан кийин көтөрүлүштүн башында тургандардын жолу айрылды. Аптобачы Махрамдан Коконду көздөй качканда Насирдин бек орустардан коркуп, шаардын дарбазасын жаптырып койду. Абдрахман Коконго кире албай Анжиан тарапка качты. Көтөрүлүшчүлөрдүн кызыкчылыгын өз бийлигин сактоого алмаштырган Насирдин бек  Кауфманга Иса Олуя менен имам Фазил Ахмад Магзум-ду баалуу белектер менен элчиликке жиберди. Алар Махрамдан Коконго келе жаткан Кауфманга Насирдин хандын жолугушуусун айтып, кайра кайтышты.

Кауфмандын алдынан кол куушууруп тосуп чыккан Насирдиндин хандыгын расмий таанып, мамлекетти сактоого убада берди. Ага удаа эле Абдрахман аптобачы башында турган топ Кауфманга тынчтык сурап кат менен кайрылышты.

***

Көптөгөн адамдарынан ажыраган Болот хан шаардан чыгып кетүүгө аргасыз болду. Анын дагы бир себептери ич ара кат аркылуу тымызын сүйлөшүп жүргөн Абдырахман аптабачы Скоблев менен Инди кыштагында жолугушуп орустарга жүз буруп кетти. Аны менен кошо Батыр төрө, Исмандияр, Калыгул парваначы баш болушкан төрт жүздөн ашык жигиттери менен жыйырма алты кол башчылары кошо кетишти. Аптобачынын эки жүздүүлүгүнө кыжырданган Болот

хан Маргаланда анын үч инисин, келинин алар менен кошо туткунга түшкөн сегиз орус солдатын өлүмгө буйруду. Болот ханга караштуу ээликтердин кескин кичирейиши, жаңы кол топтоого, ага курал-жарак алууга мүмкүн эместигинен, каражаттын жоктугунан баатыр Маргалаңда калууну ылайык көрбөдү. Көп узабай Маргалаңды таштап, төрт жүз сарбазы, миңдей сыпайы менен беш замбирегин алдырып, Кожо-Магыз мазарына келип, согуштук кеңеш өткөрдү.

-Кана, мындан ары эмне кылабыз?

Куралдаштары кайра өзүнө суроолу тиктеп турушту.

-Айткыла! Кеңешип кескен бармак оорубайт-дейт. Бир тыянакка келели? Мен силерди күнөөлөбөйм. Ачык пикирге келели-деди Болот хан

-Таксыр, кыш ичи тыныгып, жаз алды менен күрөштү уланталы?

-Курал топтоп камдансак, жазда тоолуктар да бизди колдойт.

-Орустар качып кетти деп,ойлошот. Убакытты кетирбей, Коконго кирип баралы?

-Чегингенибиз туура эмес. Ишенгени биз, дагы эле эл колдойт.

-Үч-Коргонго барып, баш-аягыбызды жыйган соң Коконго жүрүш кылалы?

Хандын кайнатасы Музаффар шаа баш болгондор Үч-Коргондо ыңгайлуу учурду күтүп турууну сунушташты. Музаффар шаанын бул сунушунда жеке кызыкчылыгы бар эле. Ал Болот хандын күчү менен Кара-Тегин өрөөнүндө олтурган агасы Раим Шаадан бийликти тартып алып, ал жерден күч топтоп, кийин Парганага чабуул коюну ойлогон. Кеңештин акырында Болот хан кайын атасынын пикирине кошулуп, беш миң атчан, жети жүз сарбаз жана беш замбирек менен Үч-Коргонго бет алды.

Ар кими өз оюн айтканы менен Үч-Коргонго барып, аз да болсо тыныгуу Болот ханга жага берди. Чилденин сөөктөн өткөн суугунан улам, анын сынган буту какшап, жанын чыдатпады. Кошуун убактылуу Үч-Коргондо өргүп калды.

Болот хандын ар бир кадамын жергиликтүү тыңчылар аркылуу аңдыткан орус генералынын, эми бир чечимге

келүүсүнө шарт түзүлдү. Өтө тездик менен Миллер-Запольевский баштаган казак-орус отрядын жана генерал-дык-штабдын капитаны Кропаткин башында турган аткычтар-дын атчан отрядын, багынып берген Исмадияр датка жетек-теген анын жигиттерин бириктирип түн ичинде барып, Искактын кошуунуна кол салып, биротоло жок кылууга жиберди.

Эртеси эле генералдын жиберген адамдары Болот ханды туткунга алыш үчүн шашылыш жолго чыгышты. Теңизбай ашуусун ашар алдын алар Үч-Коргонго токтошуп, жергиликтүү элге Скоблевдин кайрылуусу билдиришип, кагаздарды чайканаларга, мечиттерге илдиришти.

«Жергиликтүү элдин эсине! Кимде ким Искакты колго түшүрүп берүүгө, же аны талкалоого катышса, орус бийлиги тарабынан сыйлык алат. Кызмат аракетине жараша бийлик жана байлык ыйгарылып, чоң урмат-сый көрсөтүлөт. Бул маселеге кызыккандар жергиликтүү бийлик кызматындагы-ларга кайрылгыла!» деп жазылса, экинчисинде:

«Искакка колдоо көрсөтүп, ага унаа, азык-оокат бергендер жана жигиттерин кошкон айылдагылар жазаланат. Үйлөрү өрттөлөт. Мал-мүлктөрү алынат!»-деп жазылган эле.

Көп өтпөй эле Болот хандын жанында жүргөн Турсункул көтөрүлүшчүлөрдүн замбирегин өзү менен кошо алып, өз ыктыяры менен орустарга барды. Куугунтукка алуу жана кайрылуу жакшы жыйынтык бергенин ойлогон генерал кыргыздарды кыргыздардын колу менен жок кылууну ойлоп, колго түшкөндөрдүн жигит башыларын өзүнө чакыртты:

Эс алып жаткан кошуун орус аскерлеринин капысынан кол салып, курчоого алуусунан улам чан-тополоңго түштү. Бет ала кармашарын, же кайда качаарын билбей калган көтөрүлүшчүлөр, айласыздан коргонууга өтүштү. Алдыртан акмалашып, бир нече пландарды түзүшүп кимдердин кайда жаткандары менен кабардар болушкан орус аскерлери, короодон чыга калганын кылычтап, карааны көрүнгөндү атышып, өтө эле жүдөтүп жиберишти. Болот хан курчоодон суурулуп чыгып, Исфайрам капчыгай аркылуу Теңизбай ашуусун көздөй багыт алды. Курал-жарак, дээрилик байлыгынан кол жууган баатырдын жакын адамдары да

курчоодо калды. Аман калган жигиттери артынан барып, чогула башташты. Болот хан жакын адамдарынын бири Өмүрбекке кайрылып

-Датка, байлыктан кол жуудук Үч-Коргондо үй-бүлөм калды. Бир ишенгеним өзүңүз. Орустардын колунан, кантип алып чыга алабыз?

-Бул жагын мага кой, баатыр. Баштын амандыгы байлык. Бошотуш жагын мойнума алайын.

-Аптобачынын чыккынчылыгынан да, капыстан орустардын кол салганы өтүп кетти. Бизден үмүт кылып ишенип отурган эл кантти?

-Элдин ишеничи да, колдоору да биз. Күч топтоп туруп тоодон түшкөн селдей болуп каптасак элдин үмүтү акталат, батыр.

-Башында ташкындаган дайра элек. Минтип, булакка айланып отурабыз.

-Тоонун касиети улук. Тоонун булактары биригип, дайра болуп жатпайбы. Бир ташыса, ким токтото алмак.

-Абдылдабек агабыз кантти экен? Биригип алганыбызда, эч кимге бой бербейт элек.

-Абдылда Коконду тартипке келтирип, колдон чыгарбады. Бизди чыдамсыздык менен күтүп жатат. Баатырдын туруктуулугуна чек жок. Ал сенен кабатыр. Ошон үчүн жардамга келгем.

-Сизге, Абдылда агабызга ыраазымын, даткам!

-Тирүү турганыбызда жеңишти колдон чыгарбыйбыз, баатырым. Бизди улуу максат бириктирди.

-Туура айттыңыз, даткам. Сизди күтөм.

-Көрүшкөнчө.

***

Болот хандын Үч-Коргонго чегингенин уккан Насирдин бек Коконго келип, такка отурууга аракеттене баштады. Көздөгөн максатына эртерээк жетиш үчүн, шашыла Махрам чебинен чыгып, Найманча кыштагына келди. Абдылдабек анын колуна каттуу каршылык көрсөткөндүктөн, эки жүздөн ашык адамынан ажырап, чегинүүгө мажбур болду. Артынан түшкөн куугундан качып, миңдей адам менен кайра Махрам

чебине корголоду. Улам орустарга кабар жиберип, алардан жардам сурап жатты. Бирок Насирдиндин Кокондогу жактоочулары Абдылдабектин Болот ханга көмөктөшүү үчүн Үч-Коргонго карай жөнөгөнүнөн пайдаланып, шаарда козголоң чыгарышып, Махрамга киши чаптырышты. Насирдин Коконго келгени менен хан тактысына отурууга үлгүргөн жок. Скоблев Коконго келип, шашылыш шаар калкын чогултууга буйрук берип, Кокон хандыгы жоюлуп, анын аймагы Паргана облусу аталып, Түркстан генерал губернаторуна баш ийерин жарыялады.

Кокон хандыгынын жоюлуп, анын ордуна Паргана облусунун түзүлүшү менен түштүктөгү кыргыз уруулары-Аксы, Ала-Бука, Эки-Суу арасы, Арстанбап, Көк-Арт, Өзгөн, Куршаб, Кара-Кулжа, Алайкуу, Кара-Суу, Ноокат, Араван, Кадамжай, Сох, Исфара, Баткен, Лейлек жана башка аймактагылар орус бийлигине баш ийди деп эсептелди. Наманган, Чус, Анжиан, Ош, Маргалан, Кокон, Исфара үйөздөрү уюштурулуп, аларга убактылуу башкаруучулар дайындалды. Алай аймагындагы жана Паргана өрөөнүнүн тоо арасындагы башчылары бир нече жолу кат менен чакырылганына карабастан өздөрүнүн багынгандыктарын билдиришпеди. Ал тургай жаны көтөрүлүшкө камданып жатышты.

Орус баскынчылары Коконду облустун борбору катары тааңууну саясий мааниде туура эмес деп чечишти. М.Д.Скобелев Паргана облусунун аскер губернатору болуп дайындалды. Ал алгачкы ишин көтөрүлүштүн саркындыларын биротоло жок кылууга багытта кол алдындагыларга чечкиндүү тапшырма берди.

-Мырзалар. Хандыктын жүз жетимиш жыл байтактысы болгон Коконду облустун борбору катары тааңууну туура эмес деп чечтик.

-Михаил Димитрович, сизди Паргана облусунун генерал-губернатору болгонуңуз менен куттуктайбыз!

-Ырахмат. Бүгүндөн баштап, бекем тартип орнотууга киришебиз. Андан сырткары да көп тапшырмалар бар. Биринчиси Абдылдабектин колун талкалашыбыз керек. Анын ким экени, баарыңыздарга маалым. Анжиандын акими, андан

соң Коконду башкарып, чоң абройго ээ болгон. Аны бардык жерде колдоп жатышат.

Скобелевдин атчандар полку Маргалаңга келгенде көтөрүлүшчүлөр Асакеге чегинишип, андан жогору Миң-Дөбөдө орус күчтөрү менен азырак кармашып, Ош тарапка бет алышты. Араванда көтөрүлүшчүлөр бөлүнүүгө аргасыз болушту. Алар куралсыз замбиректеринен, ок-дарыларынан айрылган эле. Ошол кезде Оштун акими болгон Абдылдабек менен Өмүрбек датка аптобачыдан бөлүнүшүп, жигиттерин убактылуу үйлөрүнө таркашына уруксат беришти. Төрт жүздөй жигити менен аптобачы Булак-Башыга жөнөдү.

Скобелев Ошко келгенде шаардыктардын атынан кыргыз бийи Суран полковник төрөгө келип, салам берди. Полковник каршылык көрсөтпөй, багынып берген, оштуктардан алты жарым миң боо беде, беш миң даана нан, алтымыш батман арпа, жүз он беш миңги ат, отуз өгүз эсебинде контрибуция төлөөнү талап кылып, шаарда болгон курал-жарактарды тапшырууну буйруду. Полковникке Кара-Суу, Мадыдан өкүлдөр келип,тынчтык сурай башташты.

-Орус куралдарынын кучу канчалык экенин таанытышыбыз керек!

***

Кокон хандыгынын тагдыры чечилип, анын аймагын орус колониясына айландырып жатканда Искак Алай тоолорунда болчу. Февралдын башында чачылган жигиттерин жыйнап жатканда Искакка Кар-Тегиндин беги Раим шаа миңден ашуун жигиттери менен кол салды. Искак жакын адамдары менен кошулуп Шарт капчыгайына баш калкалады. Себеби, Кара-Тегиндин беги Музаффар Үч-Коргондо жашап калган. Музаффар шаа, Раим шаанын иниси болчу. Агасы Бухара эмиринин колдоосу менен Кара-Тегинди тартып алмак. Раим шаа өзүнүп, чабуул жасап инисин туткундап кетти. Искак оор абалда калды. Кышкы суукта, тыным албаган жүрүштө, сынган буту кабылдап, жараты да күчөп кетти. Чыккынчылык менен жанын сактап калууну көздөгөн Мырзакул, Бекжан сыяктуу жүүнү бош адамдардын саткындыгынан үңкүр орус офицерлерине дайын болду. Скоблев Искакты кармап келүү

үчүн аптобачынын орустарга багынган жигиттеринен, теит уруусунан Мырзакул, анын тууганы Ботобек жана оштук Бекжан башында турган үч жүз кишини жиберди.

Чакылдаган кышкы аяздын суугунда Болот хандын кошууну Тенизбай ашуусун ашып Даранын ичи менен жай келе жатышты. Арттан түшкөн орустардын куугуну тээ төмөндө кала берди. Эми Кара-Тегинге өтүп кетишсе, бир топко тыныгуу алышат. Кенири отурушуп, масилат кылышып, бир бүтүмгө келгенге чейин Абдылдабектен да, бир кабар келээр. Өмүрбек датканын абалы кандай болду экен? Эмдигиче иш бир жансыл болгондур. Мумкун алардын келишин чыдамсыздык менен күтүп, жай даярдатып камылга көрүп жаткандыр. Зухра ханумчу? Эки көзү эшикте болуп, адатынча бир отуруп, бир туруп, тынчы кетип жаткандыр. Ага жетип, о көптөн берки тарткан азап-тозоктун баарын унутуп, эс алууну эңседи.

Болот хан Дароотко токтобой, түз эле Кара-Мыкты көздөй жөнөдү. Кара-Тегинге кетчү белге жармаша бергенде, тээ кыр тараптан караандар байкалды. Болот хан эч жамандык ойлободу.

-Кайнатам жигиттерин жиберип, тосуп турган го,-деп көңүлү жай аргымагын бастырып келе берди.

-Кайткыла артыңарга!-деген өктөм үн тоону жаңыртты.

-Ханым, бизди тааныбай жатышат окшойт,-деди жигит башы.

«Тарс» эткен мылтыктын уну менен кошо көк түтүн бурк этти.

-Эй, өзүбүз. Хан күйөө келе жатат,-деп кыйкырды жигиттердин арасынан бирөөсү.

-Кайткыла! Болбосо кыргын болосуңар!-деди зоңкулдаган үн.

-Эй, таанып атасыңарбы? Болот хан келинчеги Зухрай ханумга келатат,-деди жигит башынын шериги.

-Билебиз! Аман-эсениңерде кайтып кеткиле! Болбосо ок жаадырабыз,-деди зоңкулдаган үн.

Болот хандын жүрөгү «зыр» дей түштү. Ызааланып, тизгин силке, аргымагын темиңди. Мылтык үнү менен кошо «бурк», «бурк» эткен түтүн чыкты.

-Ханым, акмактарга теңелбейли. Аярлай туралы,-деп жигит башы анын артынан тизгинин өзүнө тарта, аларга кыйкырды:

-Хан кайнатасын көргүсү келет?

-Ал жок. Биз Раим шаанын жигиттери болобуз. Эгер дагы алга жыла турган болсонор, окко кабыласыңар. Бул жерде миңден ашык жигиттер турат. Арканарга тез кеткиле!

Өктөм үн мылтыгын асманга атканда, аны коштогон тарсылдактар тоону жаңыртты.

-Кайттык жигиттер! Бараар жерибиз Абдылдабек,-деп Болот хан аргымагын артка буруп, сылай камчыланды.

Тоонун башындагылар мылтыктарын тарсылдатыша, каткырап жатышты.

Кара-Тегинге жетпей кайрылган кошуундун аттары чаалыгып, өздөрүнүн да курсактары ачкан эле. Жолдо эки-үч жерге оргушуп, Теңизбай ашуусунан төмөн карай келе жатышты.

Болот хандын айласы кетип, шагы сынды. Ызаасын кимден чыгараарын билбей, буулугуп турду. Бул эмнеси? Оомды кетип баратабы? Жүзүн кан тээп, жүрөктү алоолонткон жеңиштин илеби сууйбу? Жер жаңырта дүңгүрөгөн көп адамдын кубанычы, суу сепкендей басылабы? Миңдеген көңүл көксөгөн максатына жетээринде туу жыгылабы? Эркиндик, теңчилдик деген үмүттөр кантет? Элге бакыт, барчылык алып беребиз деп бир өмүрүн күрөшкө арнаган баатырлардын эрки майтарылабы? Канчалаган энелер уулдарынан ажырап, кара кийип шорлоп отурушат. Канчалаган келин-кыз жубайынан, жигитинен ажырады. Канчалаган жаш балдар, атасыз жетим калды. Күрөш токтойбу?

Искак ээрдин кесе тиштеп,томсорду. Итиркейи келип, ичиркенди. Жок. Күрөш токтобойт. Жанында ишенимдүү, үзөңгүлөш достору бар. Абдылдабек, Өмүрбек, Абдымомун, Валихан… оо, не деген алп адамдар. Биригип, душманды сүрүп, жерди тазалап, элди ээрчитишет. Чыныгы күрөш эми башталат. Көкүрөгүн кере, башын көтөргөн Искак айланасына карады. Баш-аягына көз жетпеген катмар-катмар карт тоолор. Асман тиреген чокулары аппак болуп мемирейт. Андан төмөн булут чүмкөнгөн Паргана өрөөнү.

-Бизди чүмкөп, кыйноого салган азаптан куткара турган уулдар силер!-дегенсип мемирейт.

Зухрайымдын элеси келет.

-Мен сени күтүп, жалгыздап, зериктим. Качан келесиң? Үй-бүлөңө да карайсыңбы? Же талаалап, күрөш деп жүрө бересиңби?-деп күн сайын алдын тороп, утурлап чыкчу жароокери, көз алдына тартыла түштү. Үшкүргөнүн да билбей калды.

Ташың өйдө кулап турганда, эки жүздүүлөр төшөк болуп төшөлүп, көңүл улап жөтөлүп, өпкөсүн садага чаап, парк-палек болуп айланат экен ов! Көзүнүн төбөсү менен кытмыр караган кайнатасы.

-Атаңмын!-деген Музаффар шаа өзү кардар болуп, кара чечекей кызын тартуулап, бийлик сурап, дүнүйө тилеп, келбеди беле? Тойдо түшкөн, тартууга келген, канчалаган өлүү дүйнө, буюмдарды «Менде турсун. Баари бир силер-дики» деп, канчалаган тоого жүктөп, канча күндөр бою ташып кетти. Көрсө, ага бала эмес, өлүү дүйнө керек экен. Дүнүйө бакыт эмес. Зухрайым бактым деген. Аны түк ойлобоптур.

Астындагы аргымагы чыйырда тайып, ойлуу келе жаткан ээсин селт эттирди.

-Атымын аягы, менин максатым тайыдыбы. Тапкан бактыбыз ушинтип жылмышып, карматпай кеттиби? Багыбыз жок окшойт… Залим, ач көз хандар элдин канын сүлүктөй соруп, көңүлгө көк таштай тийди эле. Ириңдей жийиркенткен бийлигин эл көргүсү келбей калган. Эми орустар келип, зомбулукка салып, баш көтөртпөй жатат. Элдин эртеңи караңгыбы?

-Ханым, айылга жакындап калдык. Түз бара берелиби?-деди жигит башы

-Кайсы айыл болду экен?

-Төөлөстөрдүн айылы. Бая Мырзакул ушерден эмеспи.

-Этияттангыла! Саткындар болуп жүрбөсүн!

-Улоолорду дем алдырганча. Өзүбүз да жылынып алалы! Таң алды менен эл тура электе, чыгып кетебиз.

-Күзөттү күчөткүлө!

Жан сыздаткан жаратынан улам, Искак жанын жай алдырууну самады. Жигит башы айыл четиндеги көзгө толум-

дуу өргөнү көздөй баштап жөнөдү. Бей убак келген кудайы конокторду үй ээси илбериңки тосуп алды. Заматта анын зайыбы төшөнчүлөрдү жыйып алып, конокторго жаңылап көлдөлөң салып, ортодогу коломтого от жага баштады. Куу отунга каланган койдун көңү алоолоп күйүп, заматта үй ичи жылуулукка толо түштү. Коноктор эми жайлана чечинип отурганда, сырттан Мырзакул он чакты жигити менен кирип келди

-Ассалоому алейкум меймандар.

Аны менен кошо келгендер жабыла салам айтышып, капшытта туруп калышты.

-Ваалекима ассолом

-Келгиле,келгиле-деди үй ээси

-Меймандардын камын көрүп жатасыңарбы? –деди Мырзакул

-Кудайы коноктор, энди келишти.

-Кимдер экен? Кай тараптан? Мырзакул өктөм сурады

-Сурашыла элекпиз. Жай алгыла?

-Жылытмаңар болсо, кое койгула. Ит өлгөн суукта карыгып калышкандыр

-Шай, шай. Даярдайлы

Аязга тотугуп, бети карарып, сакал муруту өскөн Искакты Мырзакул бая келгенде тааныбаганбы, алоолонгон оттун жарыгынан улам, кайра-кайра карап жатып, суроо салды:

-Айып көрбөсөңөр, ким болосуңар

-Ханыңызды тааныбай калдыңызбы, бийим?-деди жигит башы Болот хандын жаратынын таңуусун алмашып жатып

-Аа карышкыр, каккы жеп, акыры ушул жерге келген экенсин да. Кармагыла жигиттер!

Жигит башы шарт тура калып, белиндеги кылычын ала Мырзакулга тап койгондо, мылтык үнү тарс этти.

Мырзакулдун жигиттери чечинип отурган Болот хан менен үч жигити баса жыгылышып, колу-буттарын кайрып, аш-паш дегиче байлай салышты.

***

Тоо ичиндеги кышкы чилденин катуу суугунда жашырынып жүргөн Кокондун акыркы ханы Молдо Ысак 18-

февралда Скобелев жиберген адамдар тарабынан туткунга алынды. Ал ал-күчүнүн барынча душмандары менен кармашып жатып, колго түшүрүлдү. Ал туткундалган күн орус падышасы Александр IІнин туулган күнү менен дал келген. Ошол күнү падыша Кокон хандыгынын биротоло жоюлушу, аны Паргана облусу деп ат алышы, ага генерал М.Д Скоблевдин губернатор болуп дайындалышы тууралуу жарлыкка кол коюшу дал келгени таң калыштуу.

Искакты колго түшүрүп Анжианга алып келишти. Сынган бутунун оорусу өтүшүп, суу чыгып кыйналганына карабай, өзүн өтө ишенимдүү кармады. Сурак учурунда,баатыр элдин таламын талашып күрөшкөнүн ачык айтып берди. Кокон хандыгынын адилетсиз бийлиги, элди башкаруудагы залимдиги, бийлик ээлеринин, зекетчилердин ач көздүгун жашырган жок. Орус бийлигинин зордоп басып алуучулугу, ханды, төрөлөрдү колдогону,четтен келген баскынчыларга каршы элдин боштондук үчүн күрөшү, элдик кыймылды басуудагы бийлик төбөлдөрүнүн мыкаачылыктарына каршы жалпы элдик күрөш экенин белгиледи.

Орус бийлик ээлери аны өлүмгө буйруган өкүмдү чыгарышканда “чыккынчы”, “кылмышкер” деп жазаны окушканда, Болот хан:

-Мен чыккынчы болгудай, силердин жараныңар эмесмиң. Кылмышкер да болбойм. Душманыбыз” деп, өкүм чыгаргыладеди.

Молдо Искак 32 жашта даргага асылды. Анын өлүмдөн коркпогон, жалтанбас, кайраттуу мүнөзү көргөндөрдү таң калтырды. 1876-жылы жаз айынын башында, 1-мартта Маргалаң шаарындагы өзүнүн ордосунун бет маңдайындагы аянтка шаар калкын чогултуп келишкен эле. Аны колун аркасына таңып, куралчан солдаттар айдап келишти. Кайран эр,ооруган бутун жай шилтеп, башын бийик көтөрө, эки тарабын тиктеп, аксаңдай басып даргага жакындап келе жатты.

- Кайран гана баатыр, Жалтанбас шер, Чыныгы хан эледеп, далылары титиреп, көз жаштарын жашыра,улам аарчып, өңдөрү сумсайган адамдар аянтта аянычтуу тиктеп турушту.

Искактын оттуу көздөрү, жылдыздуу жүзү курөшкө бирге

аттангандардын көкүрөгүндө сакталып, аты эл арасында сыймык менен айтылып калды. Өз элин эркиндикке ээрчиткен эрендин өмүрү орус бийликтегилери тарабынан кыйылганы менен элеси, улуу максатка умтулган күрөшү элинин эсинде түбөлүк сакталып калды. Анын кыска жана даңазалуу өмүрү, ар дайым таңкы жылдыздай жаркырап, канчалаган мезгил өтсө да, эрдиги эскирбейт. Даңкы өчпөйт.

***

Кокон хандыгын эчендеген кан төгүү менен караткан Скоблев 1876-жылдын жаз алды менен Паргана облусунун аскер губернатору катары ишин баштап Маргаланда турду. Ошко жакынкы аймактарда Болот хандын мурунку куралдаштары, алардын Абдылбек баатыр, Өмүрбек датка, Сулайман калпа, экинчи тарапта Үч-Коргон, Исфайрам аймагында Абдыкапарбек менен Валихан төрө башында турган топ орус баскынчыларына каршы топтолуп жатышкан. Генерал алгачкы ишин көтөрүлүшчүлөрдүн калгандарын биротоло жок кылууга багыттап эки миңдей аскери жана он замбиректен турган отряды менен Ошко келди. Скоблев Болот ханды колдоп келишкен топтордун жетекчилеринин аракетин билүүгө абдан кызыктар болду. Жергиликтүүлөрдүн эсебинен тыңчыларды көбөйтүүнү көздөп, аптобачынын колунда кызмат кылгандарды өзүнө тартып жатты. Ар бир шаар, айылдардагы күчтөрдүн биригип кетпеси үчүн андагы калкка таасирдүү бийлерге, молдо, казыларга тымызып көрсөтмөлөрдү берди.

Аңгыча Чимиондун казысы Кадил шайык менен Атабек аминдер баш болгон Чимион үйөзүндөгү кыргыздар Шаймардан мазарында жашоочу Кудаяр хандын иниси Шахмураттын туугандарынан Кудайкул атту молдону хан көтөрүшкөнүн, анын тегерегинде Болот хандын аман калган жигиттеринин бир тобу чогулуп, Вуадил, Чимион кыштактарын алууга даярдык көрүп жатышканы жөнүндө кабар келди. Ошол күнү эле полковник Корольков башында турган жазалоочу отряд Чимионго жөнөтүлдү.

Орус аскерлери Охнага жетип, бир аз тыныккандан кийин, Сох багытына жүрүп, Айдаркен белинде Кудайкулдун

адамдарынан бостон уруусунун бийи Айдарды, Болот хандын жасоол башчысы болуп жүргөн Шералынын иниси Курбаналыны туткундашты. Кара-Кыя айылына сегиз жүзгө жакын көтөрүлүшчүлөргө чабуул коюшту. Кудайкул жүздөй кишисинен ажырап, качып кетти.

Скоблев кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнө каршы кыргыздардын өздөрүн пайдаланып, баягында Абдыракман аптабачы менен кошо багынган, Болот хан Үч-Коргондо талкаланганда колго түшүп беришкен жигиттерден эки отряд даярдады. Абдылдабек менен Увалихандын жигиттерин жок кылып, өздөрүн кармап келүүгө Турсункул, Бекжан жана Сарымсак менен бирме бир сүйлөшүп, ар бирине кызмат берүүгө убадалашып, накталай акчаны колдоруна карматкан. Баскан тургандары, тамак-аш, жол чыгымдарын ашыгы менен төлөп, толук курал менен камсызды.

-Бекжан мырза, Турсункул мырза! Көптөн бери бизге каршы согушуп жүрүп, эч кандай пайда таппадыңар. Эми биз менен пайдага иштешесиңер. Каалаганыңарча акыңарды беребиз. Силерге өзгөчө тапшырма. Абдылдабек менен Искакты колго түшүрүп, өзүн же өлүгүн алып келсеңер, самаган оюңар аткарылат. Ага чейин ар бирине миң рублдан сыйлык алгыла. Тамак-аш, кийим-кече биздин эсептен. Силерге тапшырманы аткарууда ийгилик каалайм.

Алар чыгып, сырткы короодон узай электе Сарымсак кожону чакыртты.

-Сарымсак мырза! Сиз отуз киши менен Валихан төрөнүн артынан түшөсүз. Аны бизге өлүгүн, же тиригин алып келесиз. Мурдагыдай беш жүз эмес, миң рубл сыйлык аласыз. Өзүңүз каалаган отуз жигитти топтоп алыңыз. Жолду ката кеткен чыгым төлөнүп берилет. Жакшы барыңыз,-деп бөлмөсүндө узатып калды.

***

Сарымсак кожо Валихан төрөнүн кайсыл жерде бугуп жатканын, ишенимдүү кишилер аркылуу билип, отуз адамды аттап-тондоп жолго чыкты. Угушуна караганда төрө Үч-Коргондун үстүндөгү капчыгайда. Алай тарапка өтүүнүн, ыңгайлуу учурун күтүп жатыптыр. Анын колунда жыйырмадай

эле жигити бар деп уккан. Бат эле төрөнүн кошуунуна жете келишти. Алыстан эле үшүгөндөн көк муштум боло тоңуп, колун улам ушалап отурган адамга салам айта, өзүн тааныштырды.

-Мен Сарымсак кожо болом. Төрөгө учурашканы, тамак-аш алып келдим. Төрө кабыл алаар бекен?

-Келиң-келиң кожом. Сизди төрөмө жеткирем,-деп ал барбалактай жанаша жайдагы боз үйгө чуркады.

Кожо айланасына саресеп сала тиктеди. Капчыгайдын колтугуна жакын жерде элүүдөй адам, мылтыктарын кезеп турган эле.

-Төрөм, «тамак-ашы менен жигиттериңизди бир үйгө жайлагыла» деди. Өзү сизди күтүп жатат.

-Асалоом алейкум,-деп салам айткан кожону төрдө куш жаздыкты койдуруп, кенен жаткан Валихан төрө ордунан туруп күтүп алды.

-Кожого чай алып келгиле.

-Төрөм, азык-оокатты түшүрүп, кенен отуралы?

-Камтама болбоң. Аларды жигиттер жайлайт. Сиздин балдарды кыйнабай, биздин балдар бүтүрөт. Жолдо чарчагандырсыз. Тамак алып келишсин!-деди. Дасторкон заматта жайылып, булоосу чыккан чайнекти көтөрүп келген жигит нан сындырып, түркүн даамдарды кое баштады. Чай ичилген соң сырттан төрөнүн жигит башысы кирип:

-Төрөм, меймандарды жайладык. Барып көрөсүздөрбү?-деди.

-Жүрүң кожом, көрсө көрүп келели,-деп төрө ордунан обдулду.

Жигит башы аларды боз үйдүн арка тарабындагы жарчага баштап келди. Тебеленген кардагы көп из кызарып көрүндү. Сарымсак жигиттеринин карааны көрүнбөгөнгө таң кала карап, анан баарын түшүндү. Буттары чалыштап, башы айланып, өңү кубарып, эси эңгирей, отуруп калды.

-Сиз баш болгон отуз жигитиңиз динин да, дилин да орустарга буруп, саткынга айланып кеткенинен улам, кан алып койдук.

Кожо сүйлөөгө дарманы келбей, буулуга денесин титиретип:

-Айланайын төрөм. Кечире көр, мендей итти. Балдарым эми, эр жетип келе жатышты эле. Аларды адам өңдүү жашасын деп, ушул ишке кириптер болгом. Аны Кудайдан да, сизден да жашыра албайм,-деп сакалынан салаалата жашын төктү.

-Менин башымды орустарга пулга сатмак болдуң эле. Эми байып жата бер.

-Өлүп кетейин! Ант урсун! Андай эмес,-деп катып калган карды тытмалады.

-Мага калп айтсаң да, Кудага калп айта албайсың,-деп, ары басып кетти.

Төрөнүн жигит башчысы үңкүйгөн кожонун мойнуна курч кылычын шилтеп алды. Сарымсак кожонун селделүү башы томолонуп карга түшкөндө денесинен атырыла кан жайыла берди.

28-мартта Маргаландан шашылыш түрдө Барон Аминовду Ошко жөнөтүп, шаарга жана ага жанаша жайгашкан айылдардын бийлерине жолугушуп, Абдылдабекке кошулуучуларга жаза колдонууну ачыктан ачык жүргүзүүнү тапшырды. Андан эки-үч күн өтпөй эле Маргалан үйөзүнүн Кара-Кыя айылында Болот хандын чачылган жигиттери топтолушуп, Скоблевдин кыргыздардан түзгөн маргаландык паңсат Турсункул менен оштук Бекжандын жигиттери менен кармашышты. Саткындардын көпчүлүгүн жеңилүүгө учуратышып, азырагы качып кутулууга аргасыз болушту.

Турсункул менен Бекжан калган ишенимдүү жигиттерди топтошуп, Ошко келишти. Ал жерден Кербен-Кол аркылуу Кабылан-Көлгө өтүшүп, айылдагылардан Абдылдабектин кай жерде жүргөндүгүн сураштырышып, өздөрүн датканын уулуна жардам бергени келе жатабыз-деп тааныштырышты. Маалыматтарга караганда бектин жигиттери Сопу-Коргондун үстүндө Терек Даванына кетчү жолдо, Раваттан өтүп, Дарбазага жетпей жайгашыптыр. Алардын кабары эчак эле теректиктерге жеткен эле. Сопу-Коргонго келишип, аттарын тыныктырышып, Даванды көздөй жөнөштү. Раваттан өтүшүп, капчыгайды өрдөй беришкенде Сулайман удайчы менен Кубат баштаган Бүлөлү, Аскалы, Таргалак айылдарындагы

тооке, сарттар урууларынын жигиттери улам топтолушуп бириге башташкан эле. Алар утурлай чыгышты.

Алдыда баратышкан Турсункул менен Бекжан аттарын тык токтотушуп, алыстан салам айта кыйкырышты:

-Ассалоомалейкум туугандар! Биз Абдылдабек баатырга келе жаттык эле,-деди Бекжан.

-Баатырга, кандай иш менен келе жатасыңар?

-Молдо Кудайкулдун кошуунунда элек. Орустар талкалаган соң качып чыктык. Баатырга кошулганы келдик,-деди Турсункул.

-Ким деген болосуңар?-деди Сулайман удайчы өктөм, кыйкыра сүйлөп.

-Мен Бекжанмын. Бул Турсункул паңсат.

-Аптабачы баш болгон чыккынчылардан экенсиңер да?

-Жо-ок. Биз ыктыярыбыз менен Болот ханга өткөнбүз.

-Болот ханды саткан Бекжан менен Турсункул орустардын жугундусун ичип, эми Абдылдабек баатырды кармаганга жардамдашканы келдиңерби?

-Андай эмес, баатырлар. Биз актыгыбызга касам ичүүгө даярбыз,-деди Бекжан.

-Анда атынардан түшүп,куралынарды таштагыла!

-Ишенгиле туугандар. Мусулман болуп туруп,бири-бирибизди кантип саталы-деди Турсункул

-Түлкүдөй жойпуланбай эле койгула. Абдылдабек баатыр бул тарапта жок. Артка кайткыла. Болбосо колго түшүп бергиле-деди Кубат.

-Мейли,андай болсо кайталы-деди кууланган Турсункул

-Бизди тоспогула баатырлар? Даванды ашып кетели?-деди Бекжан

-Силерди ушул жерде тындым кылбасак, Алайды булгайсыңар. Таштагыла куралыңарды-деди удайчы ачуу-лана.

-Баатыр, жакшы ой менен келе жатабыз, тоспогула деди-Турсункул.

Калпа макул болгондой башын ийкеп койду.

Куугунчулар Теректин капчыгайын өрдөп баратышкан. Капылеттен, чукул бурумга жете беришкенде, алды тараптан карп-курп жалгыз атчанга туш келишти. Ал көп атчанды

көрүп, алга бастырарын, же артка кайтарын билбей дендароо болуп туруп калды. Тар жолдо ээрчишип бараткандар шарак-шарак мылтыктарын кезешип, аны качууга үлгүртпөй жетип барышты. Жалгыз атчан койнундагы кагазды алып, оозуна сала койду да, шилемейлеп туруп жутуп жиберүүгө үлгүрдү.

-Сен жерчилсиң. Коен жатагына чейин билесиң. Жолдо баары бир, келе жаткан куугунчулар жолугат. Аларга көрүнбөй бул катты Баатырбекке жеткир. Өзүң колго түшсөң да, кат жат адамдардын колдоруна тийбесин! деген Абдылдабектин Сопу-Коргондогу шериктерине жиберген адамы теректик Рахман эле.

Көрсө, Бекжан менен Турсункулдун кандай тапшырма менен келе жатканы, алардын Гүлчөдө кимдер менен сүйлөш-көнү, Сопу-Коргондо кимдерге жоолукканы Абдылдабекке дайын эле. Ал куугунчуларды «Теректин Дарбазасынан өткөрбөй көздөрүн тазалагыла»деген буйругун алып келе жаткан.

Бекжан Рахманды суракка ала баштады.

-Кайдан келе жатасың?

-Отунга баргам. Үйүмө кетип баратам.

-Үйүң кайда?

-Теректе жашайм.

-Үйүңдүн жанында отун кеңири, эмнеге аларды албайсың?

-Мени эч ким кой дебейт. Отунду каалаган жерден алам.

-Отун алган балта, тешең кана?

-Отун алган жерге таштадым.

-Бул жакта кимдерге жоолуктуң?

-Тоонун ичи ээн. Эч ким жок.

-Абдылдабекти, же анын жигиттерин көрдүңбү?

-Жок, көрбөдүм.

-Иттин баласы. Сенин сөзүңө ким ишенет. Айт чыныңды? Абдылдабек сени эмне деп жиберди?

-Аны көргөн жокмун. Тоонун жылгасы көп. Жүрсө жүргөндүр.

-Айтышып отурабызбы. Кармагыла. Колу-бутун бууп, атына таңып салгыла.

-Маакул. Ээн талаада колу-бутуму таңып эмне кыласы-

ңар. Айтканыңарга көнөйүн. Бирок, улуу саарам кыстап турат. Бошонуп алайын?

Атчандар кыраан-каткы күлүштү.

-Бизди көрүп, жүрөгү түшүп калган окшойт.

-Ырас. Булганып алса керек.

-Колго түшкөнүн билбей калды

-Бошонсо, бошонуп алсын. Эң зарыгы ошол да

-Бар! Бирок, качып кетем деп ойлобо!

-Качып кайда бармакмын. Ушунчаңар мени куткармак белеңер.

-Бул бошонгуча, аттарды тыныктырып алалы.

-Өзүбүз дале жеңилденели

Өр таяна өпкө каккан аттар, демигип калган эле. Кээлери аттарынан түшүшүп, буту-колдорун жаза ары бери басышты.

Рахман алардан алыстай түшүп, отурган боло, шагыл ылдый боюн урду.

-Карма!

-Чап!

-Ат!

Атчандар чуру-чуу түшүп калышты.

Суюлма шагыл чаңып, таш кулап карпыктуу колоттун ичинен эч нерсе көрүнбөйт.

Тоодо өсүп, тоодо чоңойгон Рахман суюлма шагылга бой урганча, жанаша турган борчук асканын алдына карай чуркаган. Заматта кою арчаны аралай кирип кетти. Бүткүл денеси ташка, караган-бутакка тилинип, кийимдери салбырап бети-башы айрылды. Топ атчан, мылтыктарын алып, ок чыгарууга үлгүрө алышпады. Үлгүргөн мезгилде да кабышкан тоо ичинде мылтык үнү жаңырып, алда-кайда угулмак. Жакынкы жерде бугуп жаткан Абдылдабектин жигиттери болсо кум-жам кылмак. Ошондон улам бая «Дарбазага» жакындашканда Турсункул пансат жигиттерине «ок чыгар-багыла» деп, катуу табыштаган эле.

Ат туягы зорго баткан кыя жол, бирде аска бетине бийик чыкса, кээде куюлма кыя менен ийри-буйру төмөн түшүп, кээде суу жээктеп, кээде сууну ары-бери кечип, Терек капчыгайынын ичиндеги чубама жол менен куугунчулар. Алда кудайлап зорго өтүштү.

Из кууган Турсункул паңсаттын шериктери жолдо алты качкынды кармашып, он төрт жигит кайтарууга алышып, Сопу-Коргонго көздөй жөнөштү. Көк-Суу дарыясынын боюнан Абдылдабектин бир короо коюн айдап кетип бараткан, койчусун кармашты. Туткундан Абдылдабектин Кызыл-Суу дарыясын бойлой Тоң-Мурун тарапка кеткенин угушуп, из кууп жөнөштү. Ал кезде Абдылдабектин жигиттери Тоң-Мурун тарапка кетпей эле,Кок-Суу дарыясын кечип, издерин жашырышып, бир аз жогорулашып, куугунчулар өтүп кеткенден кийин кайра кайрылышып, ыңгайлуу кууш асканын жакасынан орун алышты. Аттарын тыныктырыша, өзөк жалгашканда кийин Бекжандын жигиттери менен артка кайтып келүүсүн күтүп калышты. Баягы Кызыл-Суу Тоң-Мурунга кеткен издер аларды алаксыткан амал болчу.

Бекжандар Тоң-Мурунга барганда эч кандай издин кеткендигин жолуктура алышпай, Нура аркылуу Эркеч-Тамга өтүштү. Ал тараптан да, эч кандай шек-шыба болбой, Кашкар тарапка бет алышып, жолдо баратышып, Жакыпбектин жүз башысына жолугушту. Жакыпбек менен орус бийлигиндегилердин мамилеси жакшы экендигин билген Бекжан, ага келген максаттарын ачык айтып, Абдылдабекти жигиттери менен кармап берүүгө жардамдашуусун өтүндү. Жуз башы Кашкар бакдөөлөтүнө кабар айттырып, Жакыпбектин тапшырмасы боюнча Абдылдабектин колун кошо. Эки күн издешти. Ички тараптагы ичкилик, адигине ууруларынын билармандарына суроо салдырышып, толук маалымат ала алышпады. Эгер Абдылдабекти кармашса, Ошко жөнөтүүнү өтүнгөн Бекжан, Көк-Сууга кайтты. Ал кээлери менен Абдылдабектин койлорун койчусу менен кошо Сопу-Коргонго айдап барууга беш жигитин кошуп жөнөттү. Көк-Суу, Тоң-Мурунга издөө салып, эртеси жигиттерин баштаган Бекжан менен Турсункул Терек Даванын ашып кайра кайтышты. Алар Дарбазага келишип, жолдун бөгөлүп калганын көрүштү. Аркага кайтууга да, алга жүрүүгө да кыйын эле. Күнгөй-тескейдеги аскаларда башта качкан Рахман баш болгон жергиликтүү мергендер алардын ар бир кыймылын, жаза кетирбей акмалап турушкан.

Бекжан бая күнү Терекке карай келе жатканда, жолдо

жолуккан көкчө уруусундагы Базибайдын боз аргымагын зордоп тартып алган эле. Боз аргымак ары аяктуу, ары «Чу» деген жагынан кайтпаган өткүрлүгү бар эле. Канча жерди кыдырып келсе да,анын чаалыкканы билинбеди. Өйдө-ылдыйды ылгабай, ат жеткирбей алдыда жүрдү. Бекжан анын анык тулпарлыгына ынанган болчу. Аңгыча болбой мергендердин күнгөй-тескей аткылоосунан улам капчыгай ичи жаңырды.

Өлүм коркунучу башына келген Бекжан, ат боюндай келген корум таштарды көздөй боз тулпарга камчы басты. Биринчи тосмого туягын илештирбей аттап өткөн, боз тулпар, экинчи тосмого келгенде буйдамаланып калды. Күүлөнүп келип, кош аякты таштаганча болбой кыска аралыкка шап жете калып, тосмого артыла, арткы аяктары илеше тулпар көмөлөнүп кетти. Бекжан ат үстүнөн ыргып барып, корумдалган ташка чабылып тийди. Тосмо алдында бөгүп жаткан теректик шамдагай жигиттер шап жетишип, Бекжанды баса жыгылышып, колу-буттарын кыл чылбыр менен заматта чие байлашты.

Таамай тийген Кара мергендин огунан жанталашкандардын көбү, куралдарын ыргытышып, аттарынын чаттарына кире качып, корголошту. Сулайман калпа, Молдо Кубат баш болгон сарттар, көкчө урууларынын жигиттери качышка аракет кылып, каршылык кылышкан куугунчуулардын башын алып, калгандарын ар бир үйгө жалчылыкка бөлүп алышып, «орустарга кызмат кылгычакты, өзүбүзгө кызмат кылгыла»-дешип, отун алдырып, суу ташытышты.

Сулайман калпа, Таныкулберди паңсат, Валихан төрөлөр Бекжан туткунга алынгандан кийин кеңешип анын касам ичип, жалынганына ишенишип, өздөрүно кошуп алышты. Турсункул бир нече шериги менен апрелдин ортосунда Маргалаңга араң кайтып келди.

«Кыргыздарды кыргыздардын колу менен» деген ойлоп табуусу, оң натыйжаларды берет деп, терең ишенген Скоблев аптабачанын жигиттеринин ичинен отуз жигитти тандаган генерал Теңизбай ашуусу менен Чоң-Алайга ашып түшүп, Увалихан төрө менен Таникул бийди кармап, туткундоого жиберди.

-Увалихан төрө менен Таникул бийдин колуна кошулганы келдик деген жигиттерди алар кубануу менен кабыл алышат. Экинчи күнү Увалихан менен Таникул колго түшүп калды-деген кабар Ноокат, Көк-Бел, Папан жана Кум-Бел аркылуу Абдылдабекке келди.

Өмүрбек датка баш болгон топ, ошол замат жолго даярданышып, убакыт өткөрбөй мерчемдүү жайга жетип барышты. Туткундарды алып кетип жаткандардын кабарын элден билишип, алар Үч-Коргонго шашылыш жетип, ачыктан ачык эле туткундарды айдап бараткандарга кол салышты. Жалтанбаган кармаш катуу болду. Өмүрбектин жигиттери экиге бөлүнүшүп, жарымы алардын алдын тоссо, жарымы аркадан кол салышып, эки туткунду тең, аман-эсен бошотуп алышты. Жалданма жигиттерди колго түшүрүшүп, кылыч менен аясуз чаап салышты. Жалгыз бирөө калганда

-Орустар «силерди тоолуктарга кошулуп кетишти»-деп «кабатыр» болушпасын. Сен, болгон ишти аларга кабарла-деп Өмүрбек датка аны өлтүртпөй аман калтырды.

-Айланайын датка. Мунусун дале, соо кетирбе. Булар сатылып, эчак эле өлүшкөн эле. Орустар кабатыр болмоктон куруп кетишсин-дешти Увалихан менен Таникул.

-Экөөнүн башына, садага-деп Өмүрбек ары басып кетти.

-Кап датка, бул биздин башыбызды аяган эмес эле. Саткындын колунан жакшылык келбейт. Мунун кесели көбүнө тийип, жугат-дешти экөө тең безилдешип.

-Оозуман чыккан сөздү кайра албайм. Өзүңөр билгиле-деп датка артына кайрылбады.

***

Генерал эрте менен капитан Кропаткинди өзүнө чакырып, олуттуу тапшырмаларды берди.

-Сиз, атайын тапшырма менен Кашкар бак дөөлөтүнө баруучу топко башчы болуп бекитилдиңиз. Штабс-капитан Сунаргулов, тилмеч, штабс-капитан Страцев сизди коштоп баргандардын ардактуу башчылыгына дайындалды.

Биринчи бакдөөлөткө катты өзүңүз алып барасыз. Экинчи генерал-губернаторлуктун саламын ага билдиресиз. Үчүнчү башкаруучуга жети шаар менен Паргана аймагынын

чек ара маселесин кеңешесиз. Эң негизгиси Кытай маселеси боюнча кандай ою бардыгын билесиз! Мындан тышкары Кашкардагы болочок элчилик туурасындагы маселе жөнүндө ооз ачпайсыз! Бакдөөлөт кай жерде жашарын, билүүгө аракет кылыңыз! Же болбосо так билиңиз! Белгиленген маселелерде өтө этияттык менен сүйлөшүү жүргүзүңүз. Эгерде аны менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, катты, биз тараптан берилген белекти, тийиштүү адамдын колуна тапшырасыз: Бул өтө маанилүү маселе болмокчу. Муну өз алдыңызча талдап, сунушуңуз болсо, мага кайрылыңыз!

-Кетүүгө уруксатпы, урматтуу генерал? Ордунан шарт турган, Капитан Кропаткин генералга суроолу кайрылды.

-Уруксат, мырза капитан. Бирок, сиз эч жакка кетпей, кечки саат жетиге даярданып туруңуз. Мен жардамчымы жиберем. Экөөбүздүн ортобузда дагы маанилүү маселе бар!

-Жарайт, улуу урматтуум-деген капитан боюн түздөй сыртка чыкты да көкүрөк чөнтөгүндөгү саатын алып карады. Эрте мененки сегиз болуптур. Кечки саат жетиге чейин убакыт көп эле.

Түштүктүн аптабында бекер отурганда убакыт өтпөйт. Андыктан бир нерсе менен алек болуу керек-деп ойлогон капитан ат минип, шаардан сыртка чыгып кетти. Жалгыз жүрүү ага коркунучсуз болуп калган. Шаар ичинде көтөрүлүшчүлөрдүн изи сууп, тээ алыстагы тоолордо гана бириндеген топтор калбаса, жакынкы ортолуктардагы элдерден курал-жарактар тартылып алынып, шаардын ар бир көчөсү, жакынкы кыштактар тазаланып, баш көтөрө турган тополоңчулар абакка алынып, анча-мынчасына жазана салынып, орус бийлигинин өкүмдүгү бардык жерде орун алган.

Кай жерде болбосун орус адамы кетип бараткандa, жергиликтүүлөр токтоп, баш кийимдерин ала, эңкейип турушу адат болуп калды. Капитан салт атчан көп жерди кыдырып, убакыт өткөрүп келди да, жатаканасында бир азга куш уйку салып, андан соң муздак сууга чайынып, сергип алды. Айткандай эле генерал кечки саат жетиде жардамчысын жиберип, капитанды кайра кабыл алды.

-Капитан мырза, сиздин атайын алган аскердик билимиңиз, Алжирге барып топтогон бай тажрыйбаңыздын

пайдасы эми тиерине ишенемиӊ. Эӊ башкысы сиз барган жериӊиздин аскердик күчү, анын абалы тууралуу, абдан так маалыматты топтой көрүӊүз.

Андан сырткары элчиликке кетип жаткандагы негизги жолдорду сүрөткө алууга, коштоочуулардын башчысы штабс-капитан Старцевди атайлап коштум. Анын бизге чоӊ пайдасы тиери белгилүү. Түрлүү маанидеги маалыматтарды топтоодо абдан сак болуӊуз. Бакдөөлөткө жана анын жан-жөөкөрлөрүнө менден салам айтыӊыз. Дагы да, эсиӊизге салам. Сиздин негизги максатыӊыз Паргана облусунун чек арасын тактоо болуп саналат муну эстен чыгарбаӊыз.

Маанилүү тапшырмаларды алган Кропаткин эртеси жолго чыкты.

***

Жайдын бышкан кези. Алай өрөөнү жашыл кымкап жамынып, бардык жерде тоо гүлдөрү ачылып, леп этип жел келсе, сан гүлдүн буркураган жыты жер бетин каптайт. Гүлчө дарыясы бир калыпта шарпылдап агып, тентектене селкинчек тепкен жаш баладай бирде аркы жээкке, бирде берки жээкке туйлап, агып, төмөн көздөй бой урат. Күӊгөйдө тынбаган сүттактын үнүн, тескейдеги күкүк коштоп, жайдын жумшак түнүндө ай каалгып,жердин бетине күмүш нурун тегиз чачып, түнкү караӊгылыкты жакын жолотпой, кубалагансыйт. Тоолуктардын баары уйкуда. Асмандагы бадырактай болуп, жымындаган жылдыздар батпай, жер бетине суктангансып биринен өтүп, бири жымыӊдай, шоктоно көз кыскансышат.

Тушарга чыккан чөптү аралай, чымдуу жумшак жерди дүп-дүп баскан аттардын туягына, анча-мынча таш урунуп, «чак» эте үн чыга калат. Дайыма чабылып жүрүп, күйүккөн аттардын анда-сандагы жөткүрүгүнө, кээде бышкырына, тумшугун туягына кашыган күлүктөрдүн ыӊгыраган үндөрү билинип, билинбей тымып, алыстап калат. Айланага сак карап, кулак түргөн топ атчан, улоолорун акырын бастырып, айыл чети менен илгерилеп келе жатышты.

Гүлчөдөгү орус отрядынын жаӊы бүткөн гарнизону оор уйкуда эле. Анда-санда гана сакчылар тараптан махорканын оор, ачуу жыты келип, жылт-жулт эте оту көрүнүп, көрүнбөй

кайра билинбей калат. Капылеттен «тарс» эткен мылтыктын үнүнө улай «чуу» эткен октун учуп өткөнү, гарнизондогуларды чаң-тополоңго салды. Тээ бийикте турган сакчылардын бириси көмкөрөсүнөн түшө, шатыга илингенин көргөн маңдайындагы шериги, шашыла барып, жез коңгуроону чапкылап кирди. Ангыча, ич кийимчен солдаттар кийинүүгө буямалары келбей, көздөрүн уйпалашып, курал койгон бөлмөлөргө топурап, чуркап жөнөштү.

-Ал! Чап! Сок! Сой!-деген баш-аламан үн чыгып, топ атчан гарнизондун тегерегинде пайда болуп, каршы-терши аттарын чапкылашып, кыйкырыша ортодогу дарбазага жетишти. Ичкеркилердин үлгүргөнү терезеден мылтыктарын сундура мээлебей эле туш келди атып киришти. Гарнизондун жанындагы үйдөн чыккан эки-үч караан, тапанчаларынан ок чыгарышып солдаттар жаткан казармага карай чуркашты. Атчандар аларды көрө кала, кылычтарын жалаңдата, ат коюшту. Бейкапар уйкуда жаткан Гүлчөнүн ичи ойгонуп, орустардын гарнизону тарапка кулак түрүп калышты. Чуу бир аздан кийин басылып, шарп-шарп этип, тынч гана агып жаткан дарыянын уну угулуп калды.

Таң эрте менен Кашкарга элчиликке баратып, орус отрядынын Гүлчөдөгү гарнизонуна келип, түнөп калган капитан Кропаткин колдорун таңдырып, ооруксунган бети-баштарын бырыштыра, санитардык бөлмөдөн чыга келди. Бир нече солдаттардын кыймылсыз денелери арабанын үстүндө жатты.

Таң атып, күн жерге тегиз тийген кезде Абдылдабектин жигиттери Арчатыда аттарын каңтарып коюп, муздак булакка, жүздөрүн жууп, сергип отурушту.

***

Скоблевдин болжогон ойлору ишке ашпай, улам тескерисинче боло бергенинен улам, өзүнун тактикасын өзгөртүп Абдылдабектин колун биротоло жок кылууга каттуу киришти. Аңгыча болбой Гүлчөдө-Кудаяр калпа аскер топтоп жатат.-деген маалыматты алган генерал, үч жөө аскер ротасын, үч жүздөн ашык орус-казактарын жана эки орудия менен генерал Колпаковскийди Гүлчөгө жөнөттү. Аларга

кошумча дагы эки тапшырма берилди. Биринчиси Кудаяр калпанын колун талкалоо, экинчиси Гүлчө гарнизонунун курулушунун бүткөрүлүшүн тездетүү эле.

***

Орустардын багытынын Алайга карата бурулганын билген Абдылдабек «орустарды тосуп алууга» кеңеш өткөрдү. Баатырдын ишенгени да, кеңешчилери да Өмүрбек датка, Сулайман калпа, Таникул паңсат, Увалихан төрө баш болушкан көптөгөн турмуштук тажрыйбалары бар, көпкө баштары таанылган кексе адамдар эле.

-Орустарды кай жерден тосконуубуз туура келет? Киминдин оюн кандай? Ортого салып көрөлү. Кана, кай жер ылайык?

-Баатыр Чыйырчык бизге чек. Белди тосолу?-деди Таникул

-Жылы-Суунун ичи кууш. Ошол жерди буусак, орустар өтө алышпай калат. Чогулуп келишсе аркасынан сокку урууга болот-деди Увалихан төрө.

-Гүлчөгө орустар чыңдоо куруп алышты. Алар оңойлук менен беришпейт. Кыркоолдон тоссок болот-деди Сулайман калпа

-Сиздин оюңуз кандай, датка аба?- Абдылдабек Өмүрбек даткага суроо салды.

-Орустар ушунча даярданган соң келбей койбойт. Биз аларды бош кое берип, терең капчыгайга алып кирип, кайра чыгарбай койсок болот-деди датка.

-Орустар капчыгайга киргени менен аларга алыстан кыргыз мылтыгынын огу жетпейт. Кылычтап чабышуудан алар атайлап качышат. Алардын тоо кабыштырган замбиреги, алыска тийчү мылтыгы өктөм болуп жатпайбы?

-Баатыр, сенин айтканың туура. Аксакалдардын айтуусунда тээ илгери, мындан жүз жыл мурда калмактарды кубалап кытайлар келген экен. Алар элди тоноп, мал-мүлкүн талап кайтканда, ата-бабаларыбыз алды-аркасынан тосмолошуп, эр жигиттер кылыч, найза, айбалта, чоюн баш менен каршы алышып, мергенчилер жаа атышып, алга да, артка да жылдырбай койгон дешет. Көпчүлүк too баштарында туруп

алышып, таш кулатышып жоонун шаштысын алышыптыр. Кытайлар аргасы кеткенде багынышса, «Жоо аяган жаралуу» дешип, бирин калтырбай кырып, экинчи келгис кылышкан экен. Бизди да, бир тоо сактайт. Жеңишибизге тоо жардам берет.

-Датка аба, сиздин айтканыңыз жөндүү. Тоону, ташты пайдаланалы. Бирок, орустар жабыла чогуу келишпейт. Шартты пайлап аскерлерин бөлүп чабуулга коерун билдик. Биз да алардын тартибин пайдаланып көрөлү.

-Баатыр, колду бөлүндү-жарылды кылбайлы. Күч азаят. Чогуу болгонубуз оң деди Таникул

-Мейли, сиздин айтканыңыз да туура. Менин оюмча Күң-Элек айылынан өтө бергендеги Жаңырык капчыгайы ыңгайлуу. Туулуп-өскөн жеримдин шарты мага беш колумдай белгилүү. Датка айткандай капчыгайды, ташты, мергендерди туура пайдаланалы. Орустар бизге бир жол менен келбейт. Ар бир дайындуу жерлерге байкоочуларды коебуз. Алар биз менен белги аркылуу кабарлашып турушат. Азыр барып, ошол жерди көрөлү-деп Абдылдабек, тобун ээрчитип барып, жоону каршы алуудагы кийинки бөлүктөр менен кармашуудагы, чабуулга өтүүдөгү бардык шарттарды толук айтып берди.

***

Ошол бүтүмдөн кийин таштардан үч катарга аттын бою менен барабар келген тосмолор тизилди. Ат, өгүзгө жүктөлүп сайдын таштары кулатууга ыңгайлуу болсун дешип, капчыгайдын тескей бетиндеги кырларга жыйдырылды. Кошуун тамактанып, эс ала турган, жайлар ырасталды. Ат улоолор Бүлөлү суусунун этеги менен Сопу-Коргондон келген суунун кошулушуна жайгаштырылып, орустарга чабуул коюга, кокустук болсо чегинүү да эсепке алынды. Бир нече күндүк тамак-аш камдалган болчу. Чалгынчы, чабаганчылар алдын ала даярдалды. Орус аскерлери мандай тараптагы Күң-Элек айылынан өтүп, аларды көздөй бет алып чыгаары, Будалык аркылуу Моло-Белди ашып, Бүлөлүдөн түшөөрү, күңгөй тарапка өтүп туура жактан ок чыгарышына көңүл бөлүндү. Кимдердин кай жерден орун алары болжолдонду.

Бир жарым миң чамалуу көтөрүлүшчүлөр таштан үч

айланта коргонуучу чеп, бир жагына тамак-аш даярдалуучу жай курушту. Алардын колунда эч кандай замбирек, алыс атаар мылтыктар жок болчу. Түтөтмө мылтык сейрек болуп, жигиттер бетме-бет кармаша турган кылыч, айбалта, найза, чокмор менен куралданышкан эле. Генерал алайлык кыргыздарды Жаңырыкта биротоло талкалоону чечип, кармашка өтө тыкандык менен ири аскер тобун уюштуруп, даярданды.

***

Скоблевдин буйругу менен Оштун биринчи аткычтар ротасы, төртүнчү Түркстан батальону, есаул Хлебниковдун төртүнчү Оренбург орус-казак жүздүктөрү жана Гүлчөдөгү экинчи Кокон орудиясы жетиштүү ок-дарылар менен камсыздалды. Отряддын командири болуп, Ош коменданты Родзянки дайындалды. Скоблев өзү баш болуп, аскерлерге жана алардын аттарына керектүү азык, жем-чөп даярдатып, экинчи атчан аткычтар дивизону ракеталык взводдун коштоосу менен Гүлчөгө 23-апрелде келди. Анын карамагында Түркстан аткычтар батальону, сапердук ротасы, ракеталык взвод, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи Оренбург жүздүктөрү беш жүздөн ашык машыгуудан өткөн солдаттар бар эле.

Баш ийбеген кыргыздардын сары изине чөп салган генерал, биротоло талкалоого, ири аскер күчүн даярдады. Анын курамында жүз жыйырма кишиден турган аткычтар ротасы, отуз кишиден Борисовдун саперлеру, жүз жыйырма тогуз кишилик аткычтар дивизиону, бир ракеталык взвод, жүз отүз казак-орус жүздүгү, баары биригип төрт жүз кырк эки киши 24-апрелде Гүлчөдөн Жаңырыкты көздөй бет алды.

Ал учурда Абдылдабек, Өмүрбек, Сулайман удайчы, Таныкул паңсат, Валихан төрө баш болушкан олжоке, көкчө, сарттар урууларынан чогулган ири кошуун, Гүлчөдөн жыйырма беш чакырым алыстагы Жаңырык капчыгайына коргонууга ыңгайлуу өңүт даярдап жатты. Күң-Электен өтө бергендеги Бүлөлүнүн этегиндеги дарыянын боюндагы капчыгай Жаңырык аталып, аккан дарыянын үнү, ал тургай аттын такасына тийген таш да жаңырып турчу. Ал жерди Кууш өтмөкчү Абдылдабек атайылап тандаган эле.

Тэзке уругунун Бөтөнчал тобунан «кыл мергендер» көп чыккан эле. Көзгө атар мергендердин атын Ош аймагындагылар даңаза кылып айтышчу.

-Ата-баласынан бери «кыл мерген» дешет.

-Ата касми. Ата өнөрүн сүйгөндөр кармайт.

-Баарысы эле кантип, «кыл мерген» боло берсин?

-Мергендин да, мергени бар.

-Бөтөнчалдар тубаса эле мерген дешет.

-Энесинин «этегинен түшкөндөн баштап эле, мээлегенге көнүгөт» окшойт?

-Көргөн көргөнүн кылат да. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат». «Ата көргөн ок куят» деген ошол.

-Э балдар, талашып эмне кыласыңар. Бул дагы чоң өнөр. Кудай да, сүйгөн пендесине атаа кылат. Кана, ушул отургандардын арасынан мергениң барбы? Бириң куу таякты сүйрөйсүңөр. Бириң керээлден кечке, жер кетмендейсиңер. Бириң «чой-чойлоп» мал артындасыңар. А мунуң, кайсы жыгач, эмнеге ылайык-деп, ар бутакты бир кармап жүрөт. Баары келип эле, адамдын ышкысына карайт.

-Деги, айттык да. Бөтөнчалдын балдары чоң-кичинесине карабай, мылтыкка ышкылуу.

-Ышкы барып, өнөргө айланат. Өнөр кармаган жерде калбайт.

-Ээ балдар, аларды кыл мерген кылган табият, жан-жаныбар. Касиетиңен айланайын тоо. Берешен жаратылыш. Аркы тараптан теке, бул жагынан аркар, кулжа, аскасында улар-кекилик өрлөп турбайбы. Ана байлык. Ат, тут. Каалашыңча пайдалан. Мындай жерде, күл төккөнү барган кемпир дале, баласынан мылтыгын ала чыгып, бир нерсени ата келбейби? Жаратылышына кайберен, илбесиндери жарашып турбайбы. Жараткан атаа кылса, насип оозго өзү келип түшөт.

-Эмне болсо да, тээкелердин ата-бубалары камдуу, оңой жашоонун жолун табышкан экен.

-Кайдагы оңой жашоо? Мергенчиликте күчүңү берип эт жейсиң: Зоомо-зоо кыдырып, күйүгөсүң. Ого эле мээнет кылып, кайберенге араң жетесиң. Кайберен деген кайып, бир

көрүнүп, бир көрүнбөйт. Керээлден кечке жүрүп, жолуң болсо атасың, ата албасаң куржалак кайтасың.

-Ооба. Оңой оокат жок. Мергендин атканы да, тапканы да ак.

-Түйшүгүнө чыдаган бөтөнчалдардын атагы, алыс кетип жатпайбы.

-Атагы алыс кетпей калсын. Ысырап кармагандын кээси болот. Жан-жаныбардын убалы бар. Куралдын шарты жаман дешет. Акыры келип, бир кесепети тийбей койбойт.

-Эмне кесепет? Атасынан баласына чейин эле аман жүрүшпөйбү?

-Ээ, көрөсүңөр. Бири болбосо, бири аскадан учат. Кар көчкү алып кетет. Аңга түшүп, тарпы талаада калат.

-Ооба. Кожожаш мергенге да кайберендердин каргышы тийген дешет.

-Аз болсо да, нысап кылган жакшы. Бүлүндүргөн болбойт. Мылтыктын шарты бар. Улуулардын айтымында «миң жылдан ашык жашаган арчанын, азали тешилбеген темирдин» кеги жанбайт имиш. Ошон үчүн этиятташып, кыйып-жойгонго, көп эле жол койбош керек экен.

-Ким билет? «Кудайдын берген насиби, каалагандай пайдаланса боло берет дешет. Кээлери, кээ болот дешет.

-Эмне болсо да, ысырап кылган пендеге да, кудайга да жакпайт.

-«Сууну ысырап кылсаң, ууртамына зар болосуң»-деген сөз бекеринен айтылган эмес. Ар нерсенин чеги болот.

-«Ооба, чөптү кор тутсаң, көзгө кирет» деген да сөз бар.

Көпчүлүк чогулган жерде, ар кими, ар кыл сүйлөйт. Бириси мактаса, экинчиси анын тескерисинче айтат. Кыскасы жаман-жакшылык, таалим-тарбия, акыл-насаат баары айтылат. Аны аңдаганы аңдайт. Аңдабаганы «баягы кеп да»-деп, кете берет. Жакшыдан үлгү алыш, адамдын өзүнөн. Көптүн айтканы көбүн эсе, туура чыгат.

Жогоруда сөз кылгандай тээкенин бөтөнчал тобунун чоң-кичинесине чейин коргошун ээритип, ок куюшу, дары ийлеп, милте түтөтүшү адатка айланган эле. Аска-зоолу кең аймакта кайберендер менен илбесиндердин ар кыл түрлөрү байырлашып, кээ жылдары кыш оор болуп, кар калың түшкөн

чакта, от-жем издеп короолорго чейин түшүп келишчү. Айылдагылар да кайберендер менен гана тиричилигин өткөрүшчү. Этин жеп, терилерин ийлешип, кийим-кечек камдашчу. Бардарлардын үйүндө, аю, жолборс, карышкыр баш болгон суусар, сүлөөсүн, түлкүнүн терилери керегенин башы сайып илинип, уз-чебер келин-кыздардын колдорунан аземдеген баш кийим, ичик, тондор тигилчү. Ар бир үйдүн эркек-аялына чейин, тери ийлеп, ашатып, даярдаган буюмдарына, кардарлар алыстап ат арытып келип, айткан бааларга алып кетишчү. Ошол себептен элде, «Тээкенин эркектери тектүү, кыз-келиндери эптүү» деген сөз айтылчу.

Бөтөнчал тобунун Жээнбай уулунан Табалдынын баласы Сакы. Ал атагы чыккан кыл мергендин бири эле. Анын Иса, Муса аттуу эгиз уулдары, атасынан ашкан мерген чыгышат.

Айтылуу Алымбек датканын уулу Абдылдабек мырза:

-Орустарды Оштон өткөрбөй, тосот экен-деген сөз, элди аралады.

Бир чети, Абдылдабектин атайлап ат чаптырып, киши жөнөтүүсүнөн улам экинчиси «кайырдиндегилерден элди-жерди коргоого, кол кабыш кылалы»-дешкендерге кошулуп, Сакы мерген уулу Мусаны, Иса уулунун баласы Каратумакты, дагы бир небереси Муратты алып Гүлчөгө келген.

Абдылдабек коркунучтан жазганбай, Сакы мергендин өзүндөй болгон уул, неберелерин атайлап ээрчите, келгенине кубанып, кучак жайып тосуп алган. Ал Сакы мергенди жакшы билчү.

-Бөтөнчал уругунун мергендери балдарынын өнөргө маштыгын көпчүлүктүн алдында сынайт-деген, сөздөн кабары бар эле.

Мергенчи уулу торолуп, жетилгенде, мылтыгын анын колуна берип, башка бир баласын алыс тургузуп, анын башына алма, же топусун бүктөп коюп:

-Ушуга тийгизсең, мерген болосуң. Тийгизе албасаң, башка тиричилик кыл. Үйдө калып, отун алып, кой бак-дейт.

Мергендин уулу өзүн ишеничтүү кармап, атасынын койгон талабын аткармакка, милтени түтөтүп, кароолду дал келтирип, ок чыгарат. Тийсе тийди. Тийбесе, атанын сөзү эки

болбойт. Экинчи мылтыкты кармабайт. Ал эми бутага турган баласы коркоктук кылып, кыймылдаса, же көзүн жуумп, өзүн жоготуп, ыйласа, анысына да экинчи жолу мылтык карматылбайт. Бул Бөтөнчал тобунун бузулгус эрежеси. Өнөргө коюлган талап. Урпактарын эр жүрөктүүлүккө, кыл мергендикке, чебердикке үйрөтүүнүн эң бир жооптуу чеги болот. Шарт ушундай. Мерген ээн талаада, кокту-колот, аска-зоолордо жалгыз калат. Ар кыл жырткычтарга, зымыраган кемер-жар, аскаларга кабылат. Заматта акыл-айла таап, аман калышы керек. Ал үчүн чечкиндүүлүк, шамдагайлык айлакерлик зарыл. Ошондой шартта өзүн жоготпой, коркунучтан кутулуунун амалын табуу, эрдик болуп эсептелет. Аны ойлогон ата, баласын жашынан тасыктырып үйрөтөт.

Сакынын небересине да Каратумак деген ысым, бекеринен берилген эмес. Жаш балага апасы кичинекей, эми торолуп баскан,бара козунун терисин ийлеп, жумшартып, тумак тигип берген. Ал жарашыктуу, жеңил тумагын башынан түшүрчү эмес. Улам чоңойгон сайын агаларынан мылтык талашып, алар ууга кетээр-келээринде чуркап барып, мылтыкты алып, асынып, же көзүнө көрүнө калганды мээлеп чыр кылчу.

Бир күнү атасы ага-инилери менен чогулуп, ууга аттанаар мезгилде, баягы баласы, босогодо жөлөнүү турган мылтыкты алып, үйдөн жылт коёт. Мергенчилердин шарты, ууга чыгаарда мылтыкты жаш балага, аял затына карматпайт. Эч кимди аттатпайт. Керегеге илинүү турган мылтыкты өзү барып, колуна алат. Ууга чыгаар алдында эрке уулунун мылтыкты сурабай алып, үйдөн чыгышы, мергендин ачуусун келтирет. Сыртка чыгып уулун издесе ал, тээ дөңгө чыгып, мылтыкты туура тизесине коюп отурган болот.

-Келе! Уруксаты жок мылтыкты эмнеге алдың? Алып кел, бери?-деп опузалайт.

-Барбайм-дейт, уулу.

-Эмнеге?

-Бир ок берип, аттырсаң гана барам.

-Ок бербесемчи.

-Анда мылтыгыңды алып, качып кетем.

-Атаңдын оозу… Мен сага, жетпей калат дейсиңби?

-Жетсең жете бер. Мен аскага чыгып кетем.

Балакет болбосун-деген ата, уулун алдай, жумшак сүйлөйт.

-Мейли, ок берейин. Эмнени атасың?

-Каалаганым атам.

-Тийгизе албасаңчы?

-Тийгизем эле.

-Эгер тийгизе албасаң. Мылтыкты экинчи талашпайсыңбы?

-Ооба. Талашпайм

-Кел анда?

-Ики. Алдап коесуң. Алдын, бир окту мага ыргыт. Анан барам. Баласынын алдаганга көнбөсүн билген ата, макул болду.

-Мына ок-деп белиндеги курунан алып, ага ыргытты.

-Эмнени атып берейин?

-Алдагы, башындагы тумакты эле атып, тийгиз.

Бала тумагын, туурасындагы ташка жанаша арчага илип, кадимки мергендердей адымдап, арка тарапка басты.

-Ошол жерден эле, тийгизсең болот.

-Жок. Мелдеш так, таза болушу керек. Мен элүү кадам бастым.

-Ал жерде турба. Ок ташка чабылып тийет. Же төмөн, же өйдөлөп, жыл!

-Мен ташка эмес, тумака тийгизем.

-Ооба. Сен тийгизесиң. Окту коротосуң-деп, какшыктады ата.

-Карап тургула. Тумактын сербейген кулакчасына тийгизем–деп, бала мылтыктын оозун төбөдөн ылдыйлатып келип, кароолуна дал келдиби, тээгин басты.

-Тарс-эткен үн менен кошо, тумактын делбейген кулакчыны жалп,-дей түштү.

Атасы чуркап барып, баласынын колунан мылтыкты жулуп алды. Кошо тургандар арча үстүнөн учуп түшкөн тумакты барып алып келишти. Ок тумактын кулакчынын үзүп кетиптир.

-Оо «каратумак». Сен чыныгы мерген турбайсыңбы? Эми мындан кийин, атаңы убара кылбай, ууга өзүң эле чыгып жүр-деп, бир чети мактай, экинчиси какшыктай топтогулардын бириси тамашалай кетти.

Ошол күндөн баштап, баланын аты «Каратумак» аталып кетти.

***

Генерал Кызыл-Коргон айылына жете бербей, Тамга-Терекке топтолуп келген аскер жетекчилери менен чабуулдун планын кайрадан талкуугa алды.

-Биринчи топту майор Ионов жетектеп, түнкү саат бирде Моло-Белден Бүлөлүгө түшүп, Чатка келип токтоп турат. Же болбосо шартка карап Кичи-Бүлөлүдөн Ак-Белге чыгып, андан Сасык-Белге ашып, Аскалы аркылуу Таргалак айылына түшөт. Эгер Абдылдабек орун ээлеп, чегине турган болсо, же качып жөнөсө, анын жоокерлерине бет маңдайынан сокку уруп, колдон чыгып, качып кеткендердин артынан сая түшүп, бирин калтырбай кууп жүрүп талкалайт.

Экинчи топ Түркстан ботальонунун экинчи ротасынын жумушчу командасы, экинчи аткычтар атчан ротасынын жарымы, төртүнчү Оренбург жүздүгү жана бүт жүк жүктөлгөн колонна түнкү саат үч жарымда Тамга-Теректен, Жаңырыкка чейин он эки чакырым кербен жолу менен түз жүрүп, ок чыгарышат. Ал эми негизги колонна келип токтогон Кызыл-Коргон менен Жаңырыктын аралыгы алты чакырым. Бул жерде жүк жүктөлгөн аттар прапорщик Нагойбековдун командасы алдында калтырылат. Поручик Борисов өз аскерлери менен андан ары жылат. Отряд Гүлчө дарыясынын сол тарабындагы түздүккө, эрте мененки саат ондо чыгып, коргонуучуларга так көрүнүп турушу керек.

Тапшырмаларды алгандан соң, ар бир аскер жетекчиси жоопкерчиликти мойнундарына алышып, өз жоокерлерине так милдеттерин түшүндүргөнү кетишти. Бардык тапшырмалар белгиленген убакытта так аткарылышы талап кылынып, маалымдап туруулары эскертилди.

***

Тоого жаз жаңы келгендиктен күнгөй беттер жашыл жамынып, тескейлер али боп-боз. Байчечекейлер жаңы гана чыгып, бадамдардын алды гүлдөй баштаган. Табылгы, чиелердин сабактары бүр ачып, гүлдөрү алигиче билине элек. Тоо куштары бейкапар учуп-конуп, эч нерседен кабары жок. Көктө сызган бүркүттөр, акырын каалгышып, көп адамдардын караандарына тан калышкандай улам алыстап кетип,кайра тегерене учуп келип, жатышты.

Эртеси белгиленген саат ондо генералдын колу Жаңырыкка жакын келип, тоолуктар менен бетме-бет туруп калышты. Эки тараптан тең ок аттуу али башталa элек. Жым-жырт. Гүлчө дарыясы гана шоокум чыгара, аска-таштарга урунуп, туйлап, октору агып жатты. Скоблев Күң-Электин этегиндеги эски коргондун четинде улам дүрбүсүн колуна алып, кайра-кайра карап, тынчсызданып турду. Солдаттар акырын катарларын бузбай, тегиз жылып баратышты. Миң, сегиз жүз, беш жүз, эки жүз кадам… улам жакындап барышкан солдаттардын маңдай тарабынан, кою түтүн «бурк» этип, дүп-дүп кыргыз мылтыгынын үнү чыкты. Заматта катарын бузбай бараткан солдаттар, топурап, баштарын калкалай жатып калышты.

-Шайтан алгыр.

Генерал чочуп кетип, сөгүнүп жибергенин өзү да байкабай калды. Анын көзүнө бүтүндөй солдаттарына ок жаңылгандай туюлду. Жардамчысын карабай туруп кыйкырды.

-Тез жет. Чегинишсин!

Чабаганчы учуп-күйүп чуркап, заматта жетип барып, генералдын буйругун билдиргенде, аскерлер чачыла артка кайтышты. Тоолуктар кубана баш кийимдерин төбөгө ыргытып, баш-аламан кыйкырып жаткандары көрүнүп турду. Өлгөнбү, же жарадарбы беш-алты солдатты аркада калгандар көтөрүп, шашыла чуркап келе жатышты.

Генерал дүрбүнү оңдоно кармап, жыйылган таштардын үстү тарабындагы тоонун кырларындагы адамдардын караанын көрүп, чочуп кетти. Жоокерлерин чегиндирип туура кылган экен. Болбосо, дагы да жакындай түшкөндө үстүдөн таш кулап, көбүн күм-жам кылмак. Иштин баары бузулду. Азыр орус солдаттары чабуулга өткөндө, кара мылтыкчан

тоолуктар мөндүрдөй жааган окко туруштук бере алышпай качып чыгышмак. Тиги тарапта турган биринчи топ менен экинчи топто даяр турушкан жоокерлер аларды ок менен тосуп алып, качканын кууп жетип, кылычташмак. Жардамчысын чакырып биринчи, экинчи топтогуларга абалды толук баяндоого жөнөттү.

Жердин шартын туура пайдаланган Абдылдабектин, согуштук өнөргө өзгөчө маани бергенин туйду. Кара өзгөйлүк менен беттешүү генералга жеңиш алып келбейт эле. Андыктан Абдылдабек менен тынчтык жолунда сүйлөшүүнү туура тапты. Шашылыш кат жаза баштады.

«Урматуу Абдылдабек мырза! Мен сизге буга чейин жигиттериңизди таркатып, багынып берүүңүздү сунуш кылгамын. Согушу биз үчүн да, сиз үчүн да пайдасыз экенин белгилегенмин.

Бүгүн да сизге кайрылып жатам. Жигиттериңизди таркатууга, багынып берүүгө макул болсоңуз, согушпай артка кетүүгө убада берем. Сиз шериктериңиз менен кеңешип, жообун бериңиз. Курал менен сүйлөшүү коркунучтуу экенин жакшы түшүнөсүз!

Генерал Скоблев 1876-жыл 24-апрель

***

Орустардын аскер жетекчисинин каты, Абдылдабек жетектеген топтогуларга жакпады.

-Таркабайбыз.

-Багынып бербейбиз! дешти, баары бир добуштан.

Генерал муктаждыкка жараша, пайдаланууну ойлогон үчүнчү топко «ишти баштоону» буйруп, чабаганчыны жөнөттү. Анын аралыгында үч-төрт саат өткөн эле. Үчүнчү топ Мурдаштан ашып Тоо-Ашкан коктусу менен Өпкө жайлоосуна өтүп Кичи-Жолборсту, Чоң-Жолборсту аркылуу Жаңырыктын так үстүнөн чыгышмак.

Сакы мерген уулу Мусаны, экинчи уулу Исанын уулунебереси Каратумак менен Муратты күн мурдатан эле ала келип, алайлык мергендерге кошулуп, ылайыктуу жайды ээлеген. Эртелүү-кеч үйүлгөн таштардын коңулун ээлеп:

-Сен келгендердин, бул жерден, бул жерге чейин-килерин мээлейсиң! А сен бул тараптагыларга ок чыгарасың-деп, үчөөнү үч паана жайга отургузган.

Күнү-түнү жол күзөтүшүп, отурган жерлеринде кезек менен укташып, душман жолун тосушту. Эртеси таң эрте менен кичине небереси келип, чоң атасына түндөсү көргөн түшүн айтты.

-Чоң ата, түндө түш көрдүм.

-Ии?

-Көк кептер болуп, бул жерден учуп кеттим.

-Биз канттик?

-Силерди билбейм. Мен жалгыз учуп кеттим.

-Түшүңдү сууга айт.

-Маакул. Түшүмү жooруп бериңизчи? Эмнеге эле, мен учуп кеттим?

-А жаш баланын түшү төп келет. Сен бул жерден аман кутулат экенсиң.

-А силерчи?

-Түшүң болбой калыптыр уулум. Биз, бул жерде калат экенбиз.

-Калганыңар кандай, чоң ата? Мен да силер менен бирге болоюн?

-Сен уулум, бүгүн жолго чык. Орустар баары бир оңдурбайт. Алардын мылтыгы алысты атат. Анын үстүнө «заманаңы заң кыла турган» замбирек дегени бар. Ал мээлеген жерин, соо койбойт. Туугандарга кабар бер. Биз тирүү кайтпабыз.

-Антип айтпадыңызчы, чоң ата. Жүрүңүз, чогуу эле кетели?

-Кой уулум. Уят деген бар. Мындай кысталышта, башка иш түшүп турган чакта, жолдошун таштап кетүү, ойго келбесин.

-Өзүңүз айтып жатпайсызбы, «Тирүү кайтпайбыз»-деп. Мен силерди кантип таштап кетем?

-Боло турганын айттым, уулум.

-Душмандын огунан жан кыйгыча, чогуу эле, аман кутулалы, чоң ата?

-Кой уулум! Ата-бабанын арбагына доо кетет. Бир өзүбүз эмес, тээке уругу жаман аттуу болот. Кийин, «коркуп качышты» деген сөз айтылат. Насакка калабыз

-Насакка калабыз деп, өлүмгө баш байлайсызбы?

-Душмандан жалтайлоого болбойт. Алтын башта бир өлүм. Жан ширин. Бирок, намыс-ариет деген бар. Баатыр эл үчүн күрөшүп жатат. Биз да ага кошулуп, ажалга тикебизден тик турабыз.

-Анда, мен да кетпейм.

-Кет. Менин сөзүмө каяша кылба. Түшүнгүн. Биз өлсөк жаныбыз шейит. Денебиз өз жерибизге алып барып койгула. Бул сөздү, туугандарга жеткир!

Ата-бала бири-бирин кыйыша албай турган мезгилде, эрте менен келген орус солдаттары, Күң-Электин түзүнөн Жаңырыкты көздөй бири-биринин артынан, биринчи, экинчи, үчүнчү... топ боло, катарлаша жылып келе жатышты. Орус солдаттарына Жаңырыкты үстүн тарабындагы, төмөнкү түздөгү, тоонун жан боорундагы, кыр жондогу таштарды паана кылып жаткан мергендер, айкын көрүнүп турду. Жердин өлчөмүн так эсепке алышкан аткычтар роталары, сапердук взводдор, аткычтар дивизиондору, ракеталык взводдор куралдарын мээлеп, даярдап, атууга белгинин берилишин күтүп турушкан. Солдаттар тоо этегине жакындап калганда, ракета атылып, белгии берилди. Ракеталар жана эки орудиядан аткылоо башталып, тоо кабышып, Жаңырык жаңырып, чуулдап тийген октордон топурак-чаң көтөрүлүп, таштар кулап, шагылдар сүрүлдү. Жер астын-үстүн болгондой коркунуч басты.

Орустардын үч тараптан ок жаадырып, түздөгүлөрү түздөн, кээлери жан боордон чабуулга өтүшүнө карабай, тоолук мергендер жакындап келгендерге биринин артынан бири ок чыгарышты. Мөндүрдөй төгүлгөн октон улам, эки тарап тең, баш калкалашып дымый түшүштү. Сакы өзү менен катарлаш турган небересине кылчая карап.

-Эмне турасың, жөнөбөйсүңбү! деп бакырды.

Ата сөзүн эки кылбаган Каратумак мылтыгын көтөргөн боюнча, шарт оордунан тура чуркап жөнөдү. Төмөндө кай жерден мылтык атылышын пайлап турган сапер солдаттар,

аны көрө кала, биринин артынан, экинчиси удаама-удаа ок чыгарышты. Көзгө илешпей чуркап жөнөгөн Каратумак, улам буйтап качып баратып, мүдүрүлө жыгылып, кайра тура чуркады. Небересинин кыймылын акмалап турган чоң ата, ок чыгарып, небересин мээлеп жаткан, солдаттарды көздөй милтелүү мылтыгын бурду. Заматта эки орус солдатын тындым кылды. Каратумакты караса улам сөкүрөңдөп чуркап, төмөн дарыяны көздөй чуркап баратып, бир кезде көрүнбөй калды.

Сакы мергендин мылтыгынан чыккан көк түтүндү байкаган түздөгү солдаттар, ракета менен аткылоону кайра башташты. Мерген түптүү чоң ташка далдаалана, снаряд тийгенден улам топурактын чаңыганын пайдалана, Муса уулу менен небереси Мурат жайгашкан таш корумду эңиле тиктеди. Снаряд дал тийгендиктен таштар көчүп, паана түздөлө түшүптүр. Экөөнүн карааны байкалбады. Карт мерген кетенчиктей сойлоп, орун которду.

Аңгыча болбой тик өйдөгө көздөй, атырылта атын теминген бирөөсү

-Мерген, аттын куйругун карма. Тез орун которолу. Орустар төбөдөн түшүп келе жатышат-деп шаштырды.

Карт мерген энтиккен аттын куйругун шарт кармап, кошо чуркады. Заматта коктуга түшүп, алыстап кетишти.

***

Таң азанда есаул Барон Штакельберг башчылык кылган үчүнчү үч жүз атчан аткычтар тобу жетип келип, жайгашып калган эле. Ал эми дарыянын сол тарабында төртүнчү Түркстан батальону менен капитан Боголюбов жайгашкан болчу. Бир мезгилде ракета атылып, белги берилди. Тоолуктардын маңдайынан чабуул коюп, ракеталар жана эки орудиядан аткылоо башталды. Тоо кабышып, Жаңырыктын ичи жаңырып, ташка чачыла тийген октор чубулдап, тийген жерлер чанып, шагыл сүрүлүп, таш кулап, чаң-тополоң башталып, жер астын-үстүн болгондой, сезилди. Тоолуктар үчүн ого эле коркунуч туулду.

Орустар үч тараптан ок жаадырышып, түздөгүсү түздө, кээлери жан боордо чабуулга өтүшүп, кыйкырып жатышты.

Чокуда Сулайман калпа башчылык кылган топтун көбүнүн куралы жок, удаама-удаа таш кулата беришип, шагылдар сүрүлүп, колоттор чаңып, эч нерсе көрүнбөй калды. Өмүрбек датка жетектеген топ түздүктө орустар менен согушуп жаткан. Абдылдабек абалдын оордогонун байкап, бийиктен төмөн түшүп келди.

Бул жерде бир мандем бар. Жердин уусун билген, кимдир бирөө душманды баштап келгени билинип турат. Анын ою боюнча эртерээк колду алып чыгып кетпесе, орустар жан койгудай эмес. Аңгыча болбой:

-Будалыктан ашкан орустар Бүлөлүнүн элин чаап, андан Ак-Белден өтүп, Сасык-Белден Аскалыга жеткендигин, ал жердегилерди да талап-булап, чаап жаткандыгын билдирген чабарман келди.

Жогортодон келген душмандардын бир тобу, кыр жондогу тоолуктардын ордун ээлеп, түздөгү орустар менен кармашып жаткан чептин ичиндегилер аларга бута болуп берди. Чаң гана тосуп калбаса, эчак эле баарын орустар кырып салышмак. Бир маалда Сулайман калпа оор жарадар болуп, жигиттеринин көбү окко учканын кабарлашты.

Курчоодо калганын билген Абдылдабек, шериктерине шашылыш кабар берип, кандай да болсун, жол таап, чыгып кетүүнү кабарлады. Маалыматка караганда, төрт тарабы тең куралдуу солдаттар менен тосулуу. Бир гана арга-түзөңгө салбай, улам төмөн жакты аткылап жаткан солдаттарды аралай, качыра сүзүп, чыгып кетиш керек. Бир чечимге келген баатыр Жаңырыктын үстүндөгү Кара-Кыяга өрдөп, жан боор аркылуу, тик өйдөгө көтөрүлө атын теминди. Барон Штакельберг баш болгон солдаттар жабыла, штыктарын кезеп, кылычтарын булгалап, аны көздөй ат коюшту. Абдылдабек Штакельбергдитин өзү менен бет келише кармашып, эңкейе кылыч шилтеп аны оор жарадар кылып, курч атына камчы басты. Аркада келе жаткандар удаа аны ээрчишип, заматта Курук-Тоо-Ашканга өтүп кетишти. Анан Улуу-Тоо-Ашкандан кыялай жүрүшүп, Сопу-Коргонго түшүштү. Дал ошол чакта майор Ионов баштаган биринчи топ, Аскалы айылындагыларды тополоңун тоз кыла чаап өтүшүп,

Таргалак-Чатындагыларга келишип, аларды талап-тоноп жатышкан.

***

Кызуулана, улам буйтап чуркап, Каратумак эки бутунун тең сандары ысып, ачышканынан улам ок тийгенин билди. Мүдүрүлүп жыгылса да, буттарынын ооруганына карабай, жардан ылдый, бой урду. Шагыл-таштарга сүрдүгө, дене-баштарын таштарга тилдире, улам жан-жака белинен чуулдап өткөн октордон жазгана, күпүлдөп агып жаткан дарыяга секирди. Таштан-ташка чабылып, чамынган дарыя, бирде иримге тартып, бирде көбүгү менен кошо калкытып, агызып жөнөдү. Кууш капчалга келгенде, денеси чоң ташка кептеле түшкөндөн улам, эсине келип, жээкти көздөй умтулду. Чамынган дарыя аны жээкке серпкенин улам, өзүнүн аман калганын туйду. Түндүн киришин күтүп, калчылдап, үшүгөнүнө карабай, кара күүгүмгө чейин, чоң ташты паанектеп жатты. Ире-ширеде, кайрадан дарыяга бой уруп, агынды баштанып, ылдыйлап келе берди. Дарыя тайыздаган жерде жээкке чыгып, үстүндөгү кийимдерин чечип ооруксунган сандарын караса, жаный тийген октор кадалып, улам кан сарыга куюлуп жатыптыр. Коркунуч менен жаны ооруганы, эсине келбегенин билди. Жанындагы курч бычагын алып, эки санын тилип, анча терең кирбеген эки окту алды. Буттары жансыздай сезилгенине карабай, кан чыккан жерлерин белиндеги куру менен бышык таңа байлап, жолго чыкты. Тоо-ташты аралай, кайберендей чуркап жүргөн мергенчиликтен улам, булчуңдуу денеси бышып, бүткөн эле. Ооруксунганына чыдап, жылга-жыбыт, белес-белдерди ашып, жүз чакырымдан ашык аралыкты басып, эки күн дегенде Тээкедеги айылына жетти. Кансыраган денеси шишип, үйүнө келгенде эстен тана жыгылды.

***

Жаңырыктагы кармашта бутуна ок жеп, жарадар болуп жаткан Касымбекти бир топ орус солдаттар келип, мылтыктарынын штыгы менен жаза сайып өтө беришти. Ал сак

калды. Боору менен жылып отуруп, үч күн ичинде Бүлөлүгө жетип барат. Көкчө уурусунан Базарбай, Оморкул, Каримжан, Сабай, Ажибек уруктарынан Аттокур, Эгемберди, Ысак, Абдырахмандар окко учту. Алардын сөөгүн шейит кеткен катары Жаңырыктын төбөсүндөгү Кыр-Кыяга коюшту. Сулайман калпа оор жарадар болуп, колго түштү, кийин Сибирге сүргүнгө айдалды.

Курманжан датка баш болгон улгайган адамдарды, бала-чакаларды алга жөнөтүшүп, аларды коргогончо кармашкан Абдылдабектин тобу Капчыгайды таштап, тоо аралай качып чыгышты. Жүз элүүдөй көтөрүлүшчүлөр набыт болуп, үч-төрт киши туткунга түштү. Үч байрак, сексен мылтык, сегиз фальконет орустардын колунда калып, чыгымга карабай түтөтмө мылтык менен алайлык мергендер генералдын отрядынан жыйырма төрт солдатты жер кучактаттырышты. «Орустар ташка атат, кыргыздар башка атат» деген сөз ошондон калды.

***

Жаңырык капчыгайындагы жеңилүү алайлыктарга катуу таасир берди. Орус баскынчыларынан качып кутулуу мүмкүн эместигин туйган айрым уруу башчылары кол куушуруп келе башташты. Генерал Гүлчөгө Ионов жетектеген отрядды калтырып, Өзгөн аймагы Анжиан үйөзүнө киргизилгенин жарыялоого жөнөп кетти. Алайлыктарды болуштукка бөлүү иши жүргүзүлүп, салык жыйноо колго алынды.

Жаңырыктагы беттешүүдөн кийин Абдылдабек тыным албады. Ал жан-жөкөрлөрү менен Кара-Кулжа, Өзгөн тарапка багыт алды.

Буга чейинки Жаныректагы орустардын чабуулунан кийин Курманжандын көчү чек арадан өтө келип жайгашты. Алайлыктарды каратууга болгон орустардын аракетине көз салып отурган Жакыпбек Бакдөөлөт, Абдылдабектин көчүнүн келишин каалаган жок. Себеби, орустар менен болгон келишимде, чек ара маселесинде, тартипти сактоо көрсөтүл-сө, экинчи орустардын качкындарды кубалап келүү шылтоосу сөзсүз, кедергисин тийгизбей койбойт деп, ойлогон. Үчүнчүдөн орустардан качкан топтор, баары бир Кашкар чек

арасынан өтүп келген учурда, орустар аларды жок кылышы үчүн куралдуу аскерин жөнөтмөк. Анда Кашкар да, Кокондун абалына туш келбей койбойт-деп ойлогон Жакыпбек Курманжандын адамдарын кабыл албай, көчтү талоого жашыруун, буйрук берди.

Алай тоолорунун ар тарабында көтөрүлүшчүлөр пайда болуп жатты. Жошолуда Абдылдабектин инилери Асанбек менен Мамытбек жүз элүүдөй кишини топтогону маалым болду. Аларды талкалоого есаул Вогрубковдун казак-орус жүздүгү жиберилди. Куралсыз кошуун чегинүү менен бирге, ыңгайлуу өңүттөргө жашынып алышып, таш кулатышып, таш менен урушуп, куугунга каршылык көрсөтүштү. Бирок, куралдуу отряд жыйырма беш жигитти набыт кылышты.

Ионовго Кара-Кулжадагы Акимбек болуштугунан тазбаргы уруусунан Мама келип.

«Абдылдабектин иниси Асанбек кырк жигит менен Акимбек болушту, анын уулу Термечикти, тазбаргынын бийи Темиржанды, карабаргыдан Болотбекти, Сарыбаргыдан Солто бийди байлап кеткенин билдирди.

Анжиан үйөзүнүн башчысы Смирнов атайын отряд менен аттанып Абдылдабек менен Дубана ханды Кур-Жарда алдынан тосууга барганда, алар Бел-Башат аркылуу Жолборстудан өтүп, Ак-Богуз суусуна карай кетип калышкан эле.

***

Бек чакан тобу менен Кызыл-Белести жайлап жаткан Сулайман бийдин айылына жакындаганда, анын кабарын уккандар, жабыла күтүнүп калышты. Алдын ала отун-суу даярдалып, туу калган бээни тутуп келишип, жайыттагы койлорду жакын имеришип, баглан күрпөңдөрдү тандап, бөлө башташты.

Меймандарды утурлай, айыл четинен билерман аксакалдар тосуп алышып, аттарын жетелей, үй алдыларына келгенде колтуктап түшүрүшүп, эшик жабууну түрүшө, босогого килем төшөшүп, ардактап төргө өткөрүштү. Амандыгын сурашкан соң, дасторкон кенен жайылып, дүйүм даам коюлуп, кере карыш кара аяктарга мелтилдете куюлган бал кымыз узатылды. Союшка бата берилип, аба-аксакал,

билермандар кадырлуу меймандар менен чогуу жандарында болушту. Тоолуктардын адатынча санжырадан кеп козголуп, ата-бабалардын таржымалы айтылып, алардын арбагына арналып куран окулду. Андан соң, кол ойноткон комузчу, ырчыларга кезек берилип, атайлап арналган союштардын устукандары тартылды. Мейман чыгыш болгон соң, айылдык жаштар жайлоонун жашыл төрүндө, кечки кыз оюнга, бектин катышуусун өтүнүшүп, атайлап өкүл жөнөтүштү. Өмүрбек айылдын карылары менен калып, бек өзү теңдүү шериктери менен сыртка чыгышып отургандардан өтүнө кетти.

-Жаштардын сазасын сындырбай, барып кел дешти отургандар.

Баатырдын атын алыстан угуп, өзүн көрүүгө кызыктар болгон тоолук жаштар, шатыра-шатман кабыл алышты. Отузга жаңы толуп, кер муруту коюланган, шыңга бойлуу, кагелес, баскан-турганы шамдагай, кийген кийими боюна жарашкан, бекзаадага айылдын кыз-келиндери тургай, жигиттери да суктана карашып, сынай тиктешет.

Ары сөөлөттү, дөөлөткө мас бектин даңкы эбак эле аларга дайын эле. Атактуу Алымбектин баш көргөн уулунун кенемтеси кенен, акылы тунук экени баарына жакты. Кыз-келиндер тартынбай ырдап, бийлешип, өздөрүнүн сый-урматын, өнөрлөрү менен көрсөтүп жатышты. Айрыкча Бешкөкүл деген кыз ары кол ойнотуп комуз чертип, жамактатып ырга кошуп, көптүн көөнүн өзүнө баш ийдирип алган эле. Бир мезгилде кезек ага тийип, ортолукка чыга келип, комузун акырын күүгө келтире баштаганда, аны сүрөгөн үндөр чыга баштады. Шуру-мончок тагылып кечтеленген топусунун үкүсүн үлпүлдөтүп, кытайдын кымбат шайы көйнөгүнүн жеңин желпилдетип, комузду бир кайрып, башын көтөрө, көзүн сүзүп, узакка обон созо келип, ырын дыбыраган жамгырдай төгүп кирди. Ак тамагы айга чагылышып, кашкайган аппак тиштери акактай болуп, далысын жапкан майда өрүм чачтары, кайындын жалбырагындай төгүлүп, бой жеткен кыздын сулуулугу суу болуп агыла, бектин сезимин өзүнө тартып алды.

Ата Журт ар бир пендеге азиз. Аны кастарлап, барктап, кадырына жетүүнүн өзү бакыт. Мекендин ыйыктыгын ким тана

алат. Айылдын тоо-ташы, шаркырап аккан суусу, атыр желдүү абасынын асылдыгын билген пенде бактылуу. Бакыттын баасы кымбат. Дал ошол бектин эл коргойм деп, бел чечпей, ат үстүндө күндөп-түндөп, курал кучактап жүргөнү, канчалаган кан кечкен кармашта, эрдик кылып, кыян кечкени айтылып, мындай баатыры бар эл бактылуу. Бектин казаттагы жолу жеңиштүү болсун деген тилек -ойду айтышкан бийдин кызынын обондуу ыры мукамдуу үн созгону, шаңшып ырдаган шайырдыгы баарына жакты.

Баатыр өзүнүн кадырына жетип, барктап балаган ырына ыраазы боло, Бешкөкүлдүн жанына келип, колун коомай кармап, ак маңдайына ээрдин тийгизиши, карап тургандарга айын көрүнбөдү. Көпчүлүк кубана баатырдын ырдап берүүсүн өтүнүшүп, биринен өтүп, бири суранып жатышты. Толуктарда мындай өтүнүчтү аткарбай коюнун өзү осолдук болот. Аны туура баамдаган бекзаада коңур үнүнө салып, эл арасында айтылып жүргөн ашычылык казалдан баштады.

Жарданып тургандар, улам кубаттап, сүрөшү бекзадынын сезимине эргүү берди. Ал токтолбой сап артынан, саптарды кошуп, ырдап жатты. Жайдын бышкан кезиндеги жайлоонун түнү башкача го чиркин! Толукшуган ай төбөгө көтөрүлүп, жабыла ага жанашкан жылдыздар тим эле төгүлчүүдөй болуп жымыңдашат. Лепилдеп соккон тоонун жели жакынкы суунун шарын бирде ачык, бирде күңүрт угуза алыска алып кетсе, шатыра шатман ойногон жаштардын жүзүнөн гүл жыттанган жел аргы жумшак сылайт. Убакыт өткөнү билинбей, түн бышып, айлана мемиреген сайын ойносо оюнга тойбогон жаштардын кубанычтуу үндөрү шаңдуу чыгат.

Бешкөкүл кыз бая, кезегинен кутулгандан тартып, бекзааданын жанынан чыкпай, улам колун кармай коюп, шынарлай, агасына эркелеген секелектей боюна боюн кошот. Бек да аны далысынан ссылай, мүрүсүнөн коомай кармап, өзүнө тартып, кыз жытына мас боло, алыстап кете албады. Ошондон тартып эки жаштын жүрөктөрү бирдей кагып, жылуу сезимдер көкүрөктөрүндө уялагандай болду. Ойлору бир жерден чыгып, сөз байлашып, бүтүмдү чыгарууда, жакынкы адамдары менен кеңешмек болушту.

Бек Кара-Кулжа аймагына келгенден бери, аны ар бир айылда кастарлап тосуп алышып, төбөлөрүнө көтөрүп алгыдай болушат. Анын айтканын аткарышып, «жигит десе жигит, улоо десе ат турманынан бери даярдап беребиз» дешип, колдоп жатышты. Биринен сала, бири чакырышып, кадимки тойдогудай «ай туяк» чалышып, дасторкондорун кенен жайышат. Абдылдабек өзүн казатка даярдык көрбөй эле, тойлоп жүргөндөй сезип, көңүлү дүпөйүл кабагы суз.

-Элден айланайын. Элим бар, байлыгым бар. Ушул элди жоо колунан сактап, ата-бабалар өнүп-өскөн жерди корго-сом;-деген ою андан бетер тазаланып, улам күчүнө күч кошулгансыйт.

Кара-Кулжа аймагында негизинен өзүнүн уруулаш тууганадары, баргынын: сарыбаргы, тазбаргы, карабаргы тобу-нан таркагандар. Баргыга бир тууган Бөрү, Жору деги эле, Адигинеден таркаган уруулар жашайт. Анын үстүнө чоң ата-сы, Асан бийдин кайыны да карабаргылардан, Алымбектин тага журту-бек үчүн өзгөчө кадырлуу болчу.

- Баатырдан эмнени аянмак элек дешип, ал барган айыл билерман-бийлери тандамал жигиттерин каттатып жатышты. Болжогон күнү кабар болгондо, аттанууга жигиттерди шайма-шай даярдамакка, айыл башчылар курал-жарак топтошуп, усталар узанышты.

Бек бөрү уруусунун биларманы Сулайман бийдин Кызыл-Белестеги жайлоосуна келгенине эки күн болду. Бирок, мырзанын кетүүгө ою жоктой. Байлап койгонсуп имерчиктеп, аттанууга шашылбайт. Кыраакы датка баатырдын көкүрө-гүндөгү делебесин козгогон сезимин эчак эле туйган. Бирок, ага бир ишенип, бир ишенбей күдүктөнгөн эле. Себеби үйүндөгү жубайы Саткын айым келбети келишкен өңү-башы сүйкүм, Алайдын сулууларынын алды болчу. Өзүн токтоо, сабырдуу кармап, акыл-эси артык, бекзаадага ылайык зат. Мырзапаяз, Мусулманкул атту эки наристелүү болушкан. Мына бүгүн да, баатыр кабагын бүркөп, чечилип сүйлөбөй, улам-улам үшкүрүнөт.

- Баатыр, колуңдан кушуңду учургансып, неге эле үшкүрүнөсүн? Элиң кастарлап кабыл алып, айтканыңдын

баарын ашыгы менен аткарып жаткан чакта, кыжалат боло бербе;-деди Өмүрбек инисине тамаша-чыны аралаш.

- Омуке, кушту учурганды айтасыз да. Колума кушту кондурууга арга таппай турам.

- Ал кандай куш экен?-деди, датка билмексен болуп.

- Ай чырайлуу, акын Бешкөкүл. Уктасам түшүмөн, ойгонсом өңүмдөн кетпей, бардык оюмду өзүнө имерип алды. Эч арга таппай турам.

- Боз улан баштанба баатыр. Эртеңки, казатыбызчы?

- Ошону айтыңыз, даткам. Сүйүү деген казатка карабайт окшойт;- деди бек күлө -бага.

- Баатыр, калың жагын кандай кылабыз? Байга, батыл эле кирип барсам, эмне дейт? Датка тамашалай кетти.

- Датка, Бешкөкүлдөн эмнени аянайын. Алтын баш аман болсо, эңсегени эмне болсо да, таап берер элем;-деп үшкүрүндү.

- Бек, тамаша дейин десем, чындап баратасын. Оюңдан кайт. Эртеңки казатта миңдеген, түмөндөгөн кыргыз жигиттери сен деп турушат. Анын үстүнө элиңдин ишеничи да бир сен.

-Абаке, атасын ынатсаңыз Бешкөкүлдү ала кетели? Кайда барсам да, ал мени менен болууга даяр.

-Огоо! Ошончолукка жетип калдыңарбы? Сөз бышкан окшойт?

-Бышырдык.

-Өтө жоптуу иш экен. Эмне кылалы?

-Сизге айталбай жаттым эле.

Датканын башы да маң болду. Бек мынчалык ойго батып, башын жерге салган эмес. Бардык ишти шарт чечип, тез бүтүрчү. Бир сөзүнөн кайтпаган, өжөрдүгү да бар эле. Көрсө, ашыктык «кимдин кимдигине карабай», өз күчүнө багындырат тура. Баатырдын мунөзүн жакшы билген датка Сулайман байга айтуудан алдын терең ойлоп, бүтүм чыгарууну туура тапты.

Ары тектүү, ары эстүү кыз ички сырын апасынан жашыра албады. Ошондон тартып эненин жүрөгүн санаа басты. Канчалаган жерден ата даңкына, кыздын акыл-эсине, сулуугуна суктанган кардарлар келген. «Тектүү жердин кызы

барган жерин да уят кылбайт» дешкен айылдаштары. Бешкөкүлдүн ар кадамына аңдуу салышып, алдыртан акмалашчу. Сулайман бай да кызды сурап келгендерге «өзү билет, өзү тапсын» деп, кызына эркиндик берген эле.

Өмүрбек, Абдылдабектин арзуусун Сулайман байга билдиргенде бай алдын чычалай түшүп, таягы менен жер сабай үрпөңдөдү. Кошо отурган аба-аксакал акыл айтышып;

-Бай, кызыны ала качкан жок. Колуңда турат. «Кой-кой» десен койдурабыз. Бирок, баатыр бир жанын элин коргогонго арнап, башын байлап койгон. Бир кыз эмне, айылыбызды берсек да, аздык кылбайт, дешип аркы-берки, салт-санааларды айтышкан соң, Сулайман бай да, кардарларды качырмакка Абдылдабектин «тай куласын» сурады.

-Бай аргымак сизден айлансын. Бешкөкүлдөн аргымак артык эмес. Бирок, баатырдын казатка минген аты. Калыңга каалаганыңызды айтыңыз. Алдыңызга алып келем деген Өмүрбектин сөзүн бөрүнүн аба-аксакалдары туура көрүштү.

-Бешкөкүл менен Абдылдабек баш кошсо, аргымак сеники эмей, кимики. Каалашыңча калыңды айт. Айдап келип, той беришсин дешти отургандар.

Сулайман байдын макулдугун алышып, тойду казаттан соң өткөрүүгө макулдашышты. Аба-аксакалдардын кийлигишүүсү менен жаңы үй көтөрүлүп, эки жашка нике байланды.

***

Абдыкеримбектин кошуунундагы төрт жүзгө чамалаш жигиттерине ават уруусунун бийи Орозаалы, коженттик кыргыз Каракозу, исфаралык тажик Хабиб эшен, кокондук өзбек Калмат Юнустар жигиттери менен Суу-Башы өрөөнүндөгү Сох дарыясына жакын жайда кошулушту. Лейлектик ават уруусунан Абдырахман, Осмон жана Эрмамбет паңсат жетектеген топтордун келиши менен кошуундун саны арбый берди. Алар Абдылдабек менен күн сайын байланышып, кабарлашып турушту. 11-июнь күнү Скоблев күчтүү отряд менен Маргаландан чыгып келип, Кара-Булак кыштагында ават уруусунун жигиттерин талкалап, мал-мүлкүн тоноп, үйлөрүн өрттөп, андан ары Лейлекке жөнөдү.

Жаңы дайындалган болуштарды пайдаланып, мерчем-

дүү жерлерге чалгын жүргүзүп, тополоңчулардын кыймылдары тууралуу так маалымат алууну генерал өзүнө алды. Жаңы билдирүүлөргө караганда Абдылдабек Өзгөндөн Гүлчөгө келип Бугу жайлоодо, инилери Асанбек менен Мамытбек Сопу-Коргондо кол топтоп жатканын андан көп өтпөй Абдылда Папандагы Турукка келип, Суранчыны жигиттерге лашкер башы дайындап, Шер деген жигитти көтөрүлүшкө үндөө үчүн ичкилик кыргыздарына жөнөткөнү тууралуу Аравандык саркер Магомет Фазыл кабарлады.

Июль айынын башталышында алайлыктар кайрадан көтөрүлгөнүн, аларга ичкилик кыргыздарынан Дубана датка, Сейитбек датка, Ботобек, Эрданабек, Тойкул паңсат, Эшимбек жана Кадырбектер жигиттери менен келип кошулгандыгы боюнча маалыматты укту. Генерал куралдуу жоокерлери менен шашылыш жолго аттады Абдылдабектин кошууну Үч-Дөбөнүн бет маңдайындагы Шарт ашуусунда, Арчаты, Терек-Даванга кетчү жолдорду тосушуп, андан ары өткөрүшпөдү. Скоблев Ошко кайтып келип, Абдылдабектин колун биротоло талкалоо үчүн «Алай экспедициясын» уюштурууга киришти. Генерал Абдылдабектин колун талкалоого, эң негизгиси кыргыз айылдары менен анын байланышын үзүүгө аракеттенди. Алай тоолорунан Фергана өрөөнүнө келүүчү бардык жолдорду тосуп, Костакозго, Исфарага, Сохко, Вуадилге, Үч-Коргонго, Ноокатка чакан отряддарды жайгаштырды. Анжиан, Ош, Гүлчө горнизондорунда бир нече тез көчмө отряддар уюштурулду. Өзү Абдылдабекке тике барууну максат кылып, эки жүздөй жоокер, бир тоо замбиреги жана эки ракеталык станок менен Ак-Буура Капчыгайы аркылуу жөнөдү. Ионовдун отрядын сол тараптан Талдык Ашуусу аркылуу Витгенштейндин отрядын он тараптан Кызыл-Коргон аркылуу Абдылдабектин тылынан чыгууга аттандырды. Анын отрядына орус генералдарынын чакыруусу менен Шабдан Жантай уулунун жыйырма беш жигити келип кошулду.

Көтөрүлүшчүлөр Турук капчыгайында орус аскерлерин күтүп жатышкан. 18-июлдагы кармашта күчтүн жетишсиздигин сезген көтөрүлүшчүлөр Кайыңды ашуусу аркылуу Чоң-Алайга чегиништи. Аларга жетпей турганын билген Скоблев

Абдылдабекти үгүтөөгө Ташыбек датканы, Шабдандын иниси Абдырахманга кошуп катты алып барууга жиберди.

“Абдылдабек датка. Сизге Абдыкерим бекти жаныңызга алып, адамдарыңыз менен ыктыярдуу түрдө бизге келишиңизди сунуш кыламын. Сиз жеңилбес орус армиясын тоолор да, суулар да, душмандар да токтото албасына, алардын алдында өзүңүздүн да туруштук бере албастыгыңызга көзүңүз жетти. Ошондуктан сиз, качандыр бир кезде колго түшмөйүнчө качкын болуп жүрө беришиңиз айкын. Эгер сиз багынып берсеңиз, анда “жарым падышанын” улуу боорукердигине жана ырайымына бөлөнөр элеңиз! Чынында өзүнүз баарын жакшы түшүнөсүз”-деген кайрылуу эле.

Орус генералынын каты олтургандардын баарын ойлондурду. Олку-солку ойлор айтылып жатты.

-Орустарга ишенүүгө болбойт. Канча жылдан бери ордобузду талкалап, мусулмандарды кырып жоюп келе жатат. Бизди да алдап торго камагысы бар – деди Абдыкерим бек.

-Канткен менен орустар убададан тайган жок. Аптобачы баш болгондор канча карышылык көрсөтүп “орустарды кыргыла” деп “галават” жарыялады эле ага кек сакташпады. Болгону Сибирге гана жер котортту деди Өмүрбек датка.

-Жер котортуп, Сибирге айдаганы өлүмгө барабар. Алар келеби, келбейби кудай билет. Биздин жолубуз ак. Исламдын жолунда баратабыз-деди Тойкул паңсат.

–Күрөшөбү деп опурулду Абдыкерим бек.

-Абдырахман айтчы, Шабдан баатыр кандай дейт? Абдылда бек ага суроо салды

- Генерал туура айтат. Алардын аскери күч. Казакстан, Орто Азияны ээлеп келе жатат. Аз кыргыз туруштук бере албайбыз. Ойлонуп пикирге келсин-деди баатыр.

- Туурабы, Ташыбек датка?

- Баатырдын айтканы туура. Колубузда ок-дарыбыз да чектелүү. Алар улам тоого кептеп келе жатат Абдылда алдыарканы карайлы.

- Силерге мен да кошулам. Бирок, орустар менен баары бир тил табышыбыз кыйын. Ош уездине Шабдан баатырды башчы койсо мен барам деди Абдылда бек.

- Эмне деп жатасыңар? Намызыбыз кайда? Орустар тээ алыста калды. Бул жерде алардын саны аз. Катураак туруп чабуулга өтөлү. Ташын -талкан кылып, өз жерибизден сүрүп айдаш керек. Өз жерибизде өзүбүз жеңилебизби? Өлөр өлгөнчө күрөшөбүз. Мына мен куралды өлсөм да таштабайм деди Абдыкеримбек. Анын сөзү бүтүм болду. Шарт орундарынан турушуп, беттерине бата тарта жолго чыгышты. Шабдандын иниси баш болгон топ аларды эпке келтире алышпай артта кайтышты. Абдылда бекти кошууну Кызыл-Арттан ашып Чоң-Алайга түшүп кетти. Жолдо баратканда Адилбай менен Ысмандияр байдын өтүнүчү менен Абдылдабек Шабдандын иниси Абдырахманды бошотуп жиберди.

Генерал Алайлыктарга эки түрдүү чакырык таратты.

“Уруу бийлерине айыл аксакалдарына! Алайда тынчтык орнотууга жарым падыша өзү жиберди. Кимде ким көтө-рүлүшчүлөргө жардам берсе адигине урууларындагы топтор-дун мал-мүлкү тартылып алынат. Эгер “качкындарга” кимде ким көмөк көрсөтө берсе, жазаланат. Тартипти орнотууга, тополоңчуларды жок кылууга кол кабыш кылгандарга ак падышанын жана жарым падышанын ырайымы жарыяланат.

Экинчи кайрылууда... “Кокон, Анжиан кыргыздары эсиңерге алгыла! Алар улам тополоң чыгара бергенден улам, аёсуз жазаланышты. Кимде ким кол куушуруп бизге келсе күнөөсүнө карабай аман калышат. Абдыкеримбек сыяктуу адамдарды тирүү, өлүктөрүн билип орус бийлигине тапшырсаңар урматтуу таксырдын жана жарым падышанын ырайымына каласыңар. Белек аласыңар!” деп ар-бир айылга таратууга кишилерди чаптырды.

Алайлыктарды багындырмай сайын Паргана өрөөнүндө тынчтык болбостугун билген Скоблев «Менин оюм боюнча Алай өрөөнүн колго алып баш ийдирүү Паргана облусунда тынчтыктын орношуна негиз түзөт»-деген сунуш менен Түркстан генерал губернаторуна 1876-жылы 20-майда рапорт жазды Алай кыргыздарын тынчтандыруу үчүн жай мезгилинде “Алай илимий-согуштук эскпедициясын” уюшту-руу керек деген генералдын өтүнүчү. “Эскпедицияны баштоо жөнүндө “К.П.Кауфмандын буйругу 26-июль күнү чыкты.

Бирок генерал ага чейин эле шашылыш 22-июль күнү экспедицияны баштоого буйрук берди. Экспедициянын курамына аскердик күчтөрдөн тышкары, бир топ окмуштуулар, астрономиялык, борометриялык байкоолорду жүргүзүүгө зоогеографиялык материалдарды жыйноого статикалык маалыматтарды чогултууга, топографиялык чиймелерди даярдоого адистер чакырылды. Экспедиция үч колонанын жүрүшү менен башталды. Биринчи колона полковник Витинштейн башчылыгында Папан, Шарт, Турук капчыгайлары аркылуу,экинчи колона подполковник Вардердин, капитан А.Н. Куропаткиндин жетекчилигинде Үч-Коргондон Чоң-Алай багытына. Негизги үчүнчү-колона Сколбевдин, Ионовдун жетекчилигинде Ош-Гүлчө-Сопу-Коргон аркылуу Алай тооло-руна жүрүү белгиленди. Ар бир колонага жол көрсөткүч жана көмөкчү согуштук күч кыргыз жигиттери менен коштолду. Генералдын командасына Шабдан, нөкөрү Баяке, экинчи иниси Байболсун баштаган кырктан ашуун жигиттер коштолду.

«Алай экспедициясын» уюштуруп Абдылдабектин кошуунун канчалык тосмолоп, курчоого алууга аракеттенсе да, баатыр жол таап, кутулуп кетип жатты. Ал генералдын түзгөн үч тобу тууралуу кабардар эле. Кийинки эки топтун Чоң-Алай өрөөнүндө жолугушуп, бири Кара-Тегинге кеткен жолду, экинчиси Кызыл-Арт менен Ак-Байтал ашуусундагы эң башкы жолду тосуп, эки ашуунун так ортосун согуш майданы үчүн тандашканын билди. Чечүүчү кармашка даярдык көрүп, колун толуктады. Кармаш катуу болуп, эки тарап тең жоготууга учурады. Душман ракеталарын, станокторун жана орудияларын колдонушуп, баатырдын колун чегинүүгө аргасыз кылды. «Кыргыздар отрядка катуу, таамай ок жаадырып, килейген таштарды кулата баштады. Ал айыгышкан катуу урушта согуш майданы жеңишти камсыз кылды»-деп Полковник Витгенштейин генералга жазган рапортунда өзгөчө белгилеген эле.

Орус баскынчыларынын жер уусун чалгындоо менен Алай тоо кыркалары жөнүндө керектүү согуштук стратегиялык маалыматтарды топтогону, айыгышкан кармаштарда, эркиндикти сүйгөн тоолуктардын алсырашы, андан берки

окуялардын жүрүшү “Алай эскпедициясынын” башталышына ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Бул жүрүш Алайлыктардын биротоло орус колонизаторлорунун алдында тизе бүктүрүүнүн иш жүзүндө аткарылышында зор мааниси бар эле. Анын үстүнө Алай тоолорунда чачкын чыгуулар токтоп, орус баскынчыларына каршылык көрсөткөндөр негизинен Абдылдабек менен Абдыкеримбектин күчтөрү гана калган болчу.

Эртеси Ионов менен Скоблев Сопу-Коргондон ары жол жүрүшүп, Бекжан менен анын төрт жигитинин өлүгүн табышты. Скоблев сарттар, көкчө, олжоке урууларынын билармандарын топтоп, Абдылдабекти кармап берүүлөрүн талап кылды. Букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү менен келген бийлерге кечирим берип, ошол жүрүштө сексен кыргыз мылтыгын, бир топ малды колго түшүрдү. Өзүнүн билдирүүсүндө «Жаңырык согушунда кыргыздардын саны миң беш жүз. Анын ичинен жүз элүүгө жакыны курман болду. Орустардан он үч адам өлүп, ондон ашыгы жарадар» деп капитан Борисов жана Штакельберг катуу жарадар болушканын белгилейт.

26-июль күнү Скоблев Сопу-Коргонго жеткенде Асанбек агасынын генералга жазган жооп катын алып келди.

Абдылдабектин генералга берген жообунда.

“Кудай жана анын пайгамбарларына ишенген биз ушул мезгилге чийин силерге карышлык көрсөтүп келебиз. Бул иш сиз тараптан шартты бузгандык үчүн жасалып отурат. Мисалы жарым паша Насиридинге Кокон хандыгын берип койгонуңуздар менен аны алдап, кайра Сибирге жөнөтүп жибердиңиздер. Ал эми сиз, генерал Скоблев, элге кадырлуу Абдырахман аптабачынын жана бир нече биздин бийлерди Коконго отургузам деген куру убадалар менен колго түшүруп алгандан кийин так ошондой эле жол менен Сибирге жөнөттүңүз. Мына ушулардын баары биз үчүн коркунучтуу жана ишенбөөчүлүктү туудурду. Ошондуктан Исламды туткан бир нече адам силерге катуу каршылык көрсөтүүгө бел байладык.

Сиз, өзүңүздүн чоң жана жеңилбес армияңыз менен сыймыктанасыз. Ал эми биз кичине адамдарбыз, ошондуктан кудайга сыйынып, шүгүрчүлүк гана кылабыз. Мүмкүн көктөгү

жараткан бизге да ырайым кылаар. Эгер берген убадаларыңызды так аткарсаңыз, биз сиздин сунуштарыңызга макулдугубузду берет элек. Бирок, жогорку себептер менен биз эми, кашык каныбыз калганча силерге каршы күрөшө беребиз. Биз көчмөнбүз, ошондуктан бизге эч кандай мүлктүн кереги жок, кудайдын берген даамына жана тузуна ыраазыбыз.

Токмоктон баштап сиз кыргыздарды кыпчактарды, сарттарды, убадаңызды аткаруу менен багындырып келе жатасыз. Ал эми Коконду алганда сиз таптакыр өзгөрдүңүз, ошондуктан ушул толкундоолор чыгууда, эгер сиз сөзүңүздө турсаңыз бул болмок эмес.

Эгер сиз тынчтыкты каалап, убадаңызды аткарсаңыз, анда бул ишти Шабдан баатырга тапшырыңыз, биз ошого макулдугубузду беребиз. Шабдан кандай ойлосо ошондой чечилсин. Чынында ал өз ишиңиз. Анан дагы бир нерсе эгер Шабданды Ош уездине калтырсаңыз, анда ал бул жерде тынчтыкты орнотоор эле деп ойлойбуз! Абдылдабектин мөөрү басылган.

Генерал өзүнүн кошуунундагыларга Сопу-Коргондо өргү берип,26-июлда Абдылдабекке экинчи жолу кат жазды. Аны алып барууга Шабадандын экинчи иниси Байболсунду жана орус баскынчыларына көмөк көрсөтүп жүргөн Ташыбек датканы жиберди.

“Сиздин катынызга жооп кылып, мен төмөндөгүлөрдү билдиремиң. Мен мурунку катта баарын түшүнүктүү эле жазганмын. Аны да түшүндүрүп отурууга убакытым жок. Ошондуктан, сиз бизден ырайым кааласаңыз анда мен атайын жиберип жаткан Шабдан баатыр жана Ташыбек менен бирге келиңиз!” Скоблев .

***

Шабданды бек сыйлуу конок катары тосуп алды. Катты окугандан сон:

-Орус төрө шартты аткармак тургай, өзүнүзду чабарман кылып жөнөтүптүр. Бул эмне тоготпогондугубу?

-Бек, бирибиз чабарман, бирибиз качкын болушубуз алардын өктөмдүгү деп ойлобо. Мен ынтымак менен иш бүтсүн деп келдим.

-Душмандын чабарманы болгуча, качкын да болсом эркинмин.

-Ал оз эркин. Акылын өзүндө. Кандай ойлосоң ошондой чеч деди Шабдан.

-Кыргыздын оң канаты Адигине, Тагайдын эки уулу орустардын кызыкчылыгы деп айтышабызбы. Бири-бирибизди аңдыбай, жакшы маанай, жай учурда жолуксак болмок.

Бул сөз экөөнө тең жакканы менен ички туюмдары тоң боюнча калды.

Шабдан жигиттери менен кайтып келе жатышып, Сопу-Коргондон өтө бергенде, бир топ жолоочуларды кезиктиришти. Опурталдуу чакта жөн адамдар минтип жүрүшпөйт эле. Шабдандын тобундагылар Абдылдабектин жигиттери экенин билишти. Заматта аларды тинтишти. Көпчүк, бөктөрүнчөктөрүн ал тургай токумдарына чейин аңтарышты. Ай менен жылдыздардын сүрөттөрүн кынаптап, саймалап түшүрүлгөн бектин белгилүү Көк туусун тартып алышты. Асабаны алар атайлап айылдагы узга жасатып, Абдылдабекке алып баратышкан эле.

***

29-июлда Исфаналык отряд Витгенштейндин колонасы жана Шабдандын жигиттери Үч-Дөбөдө кошулушуп, Абдылдабектин кошуунун Кызыл-Артка чейин куугунтукташты. Эртеси орустардан из жашырган Абдылдабек Чоң-Суу капчыгай аркылуу Кашкарга кетчү Туюк-Суу капчыгайына кирип кетти. Ал эми Суранчы бий, Молдо Ашыр, Болотбек баштаган экинчи топ Кара-Мыкты ашып Кара-Тегинге карай чегиништи.

***

Өмүрбек менен Абдылдабек капыстан айтыша кетишти.

-Баатыр чакыртыпсың? Кандай буйрук бересиң?

-Мага бийликти эч ким берген жок. Бул укукту уурдап алган жокмун. Эл башына түн түшүп турганда, буйрукту так аткарууга тийишсиз.

-Тапшырма бер. Аткарабыз баатыр.

-Анығын айтыңыз? Күрөшүүдөн жададыңызбы?

-Канча мезгилден бери аттан түшпөй, бел чечпей келебиз. Мылтык кучакта, кылыч колубузда.

-Сизди эч ким кыйнаган жок.

- Эл-жер деп жүрөбүз.

-Эл тозуп, айыл азайды. Карапайым калк жанын оозго тиштеп отурат. Күрөштү токтотсок кантет?

-Эмне, чарчадыңызбы?

-Баатыр, сен түшүнгүн келбей турат. Элдин жүрөгү канап жатат. Элге тынчтык керек.

-Акылдуу боло бербеңиз, аба. Мындай кебиңизди, экинчи укпайын.

-Тообуз да, суубуз да таза калсын десек…

-Сөздү токтотуңуз. Эмне жорукту баштап жатасыз. Колтугунузга суу бүрккөндөр барбы? Кимдер алар?

-Өкүмдүктү мынча жакшы көрөсүн. Качып жүрүп жигиттер жадады. Акыры барып, өзүңдү кармап берип жүрбөсүн. Каршылашканыбыздын эртеңи жок болуп турат.

-Намысыңыз кайда? Коркуп жатасызбы?

-Эмнеге коркомун. Күрөштүн тыянагы жок болуп баратат. Аз кол калдык. Алардын колун байлаба. Каалабагандар кетишсин. А мен, сени менен кайда болсун барамын.

-Аба! Айланайын боорум. Мен үчүн оңойбу? Кантип жеңилип берем. Андан көрө өлгөн артык. Көзүм тирүүсүндө куралды таштабайм. Ыраазымын сизге, аба! Жана жан-жолдошторго ыраазымын! Бир сөзүмү эки кылбадыңар. Силерден жүрөгүмү, эч нерсеми аягым келбейт. Мейли, алдын тоспойм. Кеткендер кетишсин күнөөлөбөйм. Бирок, мен күрөштү токтотпойм!

***

Канчалык куугунтукка алышса да, ойт берип, кутулуп кеткен Абдылдабектин колу, орус генералын тоонун түпкүрүнө ээрчитип келди. Катмарланган тоо ичинен кооптонгон генералдын оюна беш бектин энеси Курманжан түштү.

Тоолуктардын арасында, ал тургай Бухара эмирлиги менен Кокон хандыгында чоң кадыр-баркы бар ошол айымды сөзгө келтирүүнү Скоблев оюнда туура тапты. Буга

Шабдандан бөлөк киши ортомчу боло албастыгын калчап көрүп, көңүлүн ошол жакка бурду.

***

Шабдан келгенде жайлоо көркүнө чыгып көк-жашыл тулаңга бөлөнүп турган эле. Түзөңдө тигилген жумурткадай боз үйлөрдүн эки тарабындагы желеде кулундар байланып, айыл эч нерседен капарсыздай көрүндү. Башкы тараптагы чоң ак өргөдө болду-болбоду даткайым болсо керек деген Шабдан, аттын оозун ошол тарапка бурду.

-Келиңиздер?-деп жанаша турган боз үйдөн эки жаш жигит чыгышып, шыпылдай ат алышып, керме арканга каңтара байлап жатышты. Аксаргылынан келген шыңга бойлуу жигит боз үйдүн эшигин кынкайта ачып:

-Кириңиз,-деп өтүнө, оң колун көкүрөгүнө ала эңкейе кетти.

Шабдан баштаган топтордон орун алаары менен чыгдан тараптагы жигит кыпкызыл болуп ышталган чоң чаначтан сыр аякка мелт-калт кымыз куюп, кош колдоп сунуп жатты. Аяктар баарына тегиз жеткенде:

- Кана, алыңыздар,-деп шыпылдаган жигит колундагы кесени көтөрдү.

Жайдын күнүндө суусагандыктанбы, же ичип жүргөн суусундукту сагынышканбы, жаңы ышталган чаначтын буркураган жагымдуу жыты табиттерин ачтыбы, кызгыл түстүү кымыздан кере жутушуп, аякты нак ортосуна түшүрө коюшту.

-Жутуңуздар, кесе жаңырталы?-деп жигит өтүнө тизесине коомай коюлган чаначты өйдө көтөрдү.

Алайдын нак кымызына тамшана, таңдайларын такылдата шимире жуткан меймандардын суусундары канып, көздөрү «пар» ачылгандай болду. Алайдын гөдөөсүн оттогон бээлердин сүтү эчен жолу бышылып, койдун куйругу салынганбы, тим эле бал даамданат. Кесени экиден кайтарышкан меймандар, үчүнчү кесе келгенде ынтыгыша бел курларын сыйпалай чалкалашты.

-Датка байбичеге учурашалы деп келдик эле. Күүлү-күчтүүбү?-деди Шабдан.

-Датка энебиз жакшы. Өзүңүздөр кыйналбай келдиңиз-дерби? -деди жигит сыпайы.

-Датка айым менен жүздөшүп, ал-абалын сурай кетейли дедик эле.

-Кымыздан ичкенче отуруңуздар,-деп, жигит сыртка чыкмакка обдулду.

-Биздин балдар үйгө кириштиби?-деди Баяке ага кайрыла.

-Бейкам болуңуз. Алар кеңири жайгашып, кымыз ичип жатышат,-деп жигит сыртка бет алды. Ал кайра эле келе калып:

-Баатыр, датка энем сизди күтүп жатыптыр. Шабдан менен Баяке ээрчий чыгышты. Шабдан ак өргөнү көздөй басканда, Баяке шериктери тарапка кетти. Кийинки боз үйдүн эшигин аксаргыл жигиттин шериги ачып:

-Кириңиз,-деди.

Төрдөгү keриле жыйылган жүктүн чыгдан тарабында аюу талпакта ак элечекчен орто жаштагы Курманжан датканын жылдыздуу жүзү урунду. Шабдан оң колун көкүрөгүнө ала ийилип:

-Амансызбы, датка эне?

-Шүгүр. Келиң, төргө өтүң?

-Бала-бакыраңыз менен тынч отурасызбы?

-Өзүңөр ат-көөлүгүңөр аман, жакшы келдиңерби?

-Жакшы. Насип экен, келип калдык.

-Тууган болгондон кийин катташкан жакшы.

-Сиздерге учурашалы деп,-Шабдан сөздү кайдан баштаарын ойлоно кеп узатты.

- Алыстыгы жок. Анжиан-Арка эки бир тууғандын бал-дары. Боор боорго тартпай коебу. Тез-тез учурашып турушса жаштарга да пеш. Ынтымак экен деп, алар да сестенет.

Шабдандын оозунан кеби түштү. Башын төмөн ийе, терең дем алды.

-Балдар, конок камын көрүп жатасыңарбы?-деди датка меймандын абалын туюп.

-Камдап жатабыз,-деди эшик ачкан жигит, дасторконго улам дүйүм дамды коюп жатып.

-Баатыр, айтылган сөзгө терикпе. Бирибиздин абал бири-

бизге айкын. Аркалык туугандар уруу-урууга бөлүнүп чабышса кой дебей, аркы тараптан орустар басып киргенде ынтымакка келбей, жолдун алыстыгын шылтоо кылып, ордону кеп кылып, көр тиричиликтин айынан ат бастырып катташып барып бирикпей, элибиз эки-үчкө бөлүнүп, бири кытайга, бири оруска, бири Коконго карап отурат. Сен Кудаярдын кылычын чаап, Канат шааны жандап, Түркстан калаасынын беги да болдуң. Эми оторчуларга ортого түшүп жатасың,-деди көздөгөн максатын бардай.

-Айтканыңыз туура, байбиче. Кой-ай колдон келбей, күчтүүлөрдүн колтугуна кирип, элдин эсендигин, журттун амандыгын, жерибиздин бүтүндүгүн ойлоп кылып жатпай-лыбы. Бул да болсо арга кеткендеги иш. Өзүбүзгө тең душман болсо өмөктөшөт элек. Орус деген ооу, баш-аягы жыйылбаган кең өлкө. Кытай кыжылдаган, кырса түгөнгүс калк. Кокон колунан чыгарбай келди. Кыргыз алакандай калк экенбиз. Каршы чыкса кабыргабыз сөгүлүп калгыдай. Эптеп эл боюнча калыш үчүн мамиле түзүүгө туура келүүдө.

-Туура сөз, кайним. Жакшы мамиледе жабыр жок. Куралга таянбай, акылга таянган жакшы.

Датка айым менен Шабдан баатыр аркы-беркини айтышып, таарынычтарын айткыча, казанга салынган баглан козунун эти даяр болуп, меймандарга устукандар тартылды. Колдорун жууп, бата кылынаар алдында:

-Кайним, атайлап келгенине ыраазыбыз. Ат тартайлы десек, талаалап салт жүрүпсүн, белегибиз өзүнө салмак, орустарга айгак. Аптабачы, Мырзакул экөө Болот хандын башын тартуулап сый алышыптыр. Сенин кур барышың кандай болоор экен?

-Датка эне, кара башымы калкыма арнагам. Бирөөнүн башын тартуулап, не муратка жетем. Негизи ынтымакташкан ийгиликке өбөлгө. Ушул жагын карманаарыңызга ишенем. Тигилер сиз менен ачык сүйлөшкүсү келээрин өзүңүз да туйган чыгаарсыз?

-Бул иш эртерээк болгондо эмне. Кууп жүрүп курутабыз. Курал менен коркутабыз дештиби. Эми бизди түшүнүшүп тамырды тартканы сени жибериптир. Калганын бек чечет. Бек менен сүйлөшүшсүн.

Шабдан жигиттери менен аттанып кетти. Ал Скоблевге келип абалды түшүндүрдү.

-Төрөм, иш куугунтук менен эмес, сүйлөшүү менен бүткүдөй. Бул маселе Абдылдабек аркылуу гана бүтөөрүн терең ойлонуштуруп көрүңүз?-деди

Абдылдабек апасы менен кеңешип, ага өзүнүн чындап аркы оюн билдирмекке атайлап үйүнө келди.

-Апа, алдыңызга келдим. Кеңешинизди угайын, дедим.

-Эл безери, жер безери боло элегиңерде, каргашалуу жолдон кайткыла.

-Кечиресиз жеңе? Сиздин тилди албай, акылыңызга көнбөй, туюкка кептелип турабыз-деди Өмүрбек датка айыбын мойнуна алган адамдай күңгүрөнө

-Эмне, күрөштөн баш тарталыбы? Арбактарга жалынып, кылыч мизин өөп, ант кармабадык беле, аба? Абдылдабек орой датка абасына карады.

-Арбактар колдосо, ушинтип, элден сүрүлүп отурбайт элек, баатыр.

-Чийинден чыккан бей баштыктын арты, жар болуп турат. Али да кеч эмес. Кайткыла-деди датка айым экөөнө эскертип.

-Апа, дилиңизди, оруска буруп койдуңуз окшойт? Бийлик, ыйман кайда кетти? Баатыр ызалана тескери карады.

-Бийлик оруста. Ыйманды сен тебелеп кеттиң. Акыры алааматка айланып, эл бүлүккө түштү. Дагы да кеч эмес. Кандуу жолдон баш тарткыла!

-Кеч болуп калды, апа?! Ал ызаалана башын чайкады баатыр

-Кеч эмес. Ээрчигендерди жазгырбагыла!

-Орустан ырайым күтпөйм. Элге азаттык алмай сайын атамын ай тамгалуу туусунун алдында күрөшкөнүм күрөшкөн. Качсам да, бир кайрылып келээрим бышык. Абдылда оюн жашырбады.

-Качып кайда барасың? Ындыгабы. Оогонгобу? Алар сага эмне берет? Азаттык деп, башынды ажалга сайып, төшүңдү окко тосом дейсиң. Калкын кайда калат?

-Азаттык үчүн каруумду казык кылып, кашык каным калганча күрөшөм.

-Каныңды чаначтап төксөң да, куралдын иши курал.

Замбиреги тоо көчүрүп, от бүрккөндө, жылаңач эл кайда барат? Тилегиң сооло электе, тизгиниңди тарт балам?

-Апа? Капырдан кайыр күтпөйм. Күрөшкөнүм, күрөшкөн.

-Кайрым кылган каапыр эмес, кан күсөгөн каапыр. Сен антсең момун эл кантет?

-Апа, кайтсам, ата уулдугум кайсы? Душманга кантип багынам? Тизелеп жашаганча, тик туруп өлгөнүм артык.

-Тилими албадың. Тиреген асманыңды таштасан да, орусту ала албайсын. Жетишет! Элди кызылдай чокко салба.

-Апа, эл кимдики? Эмнеге, сиз да, атам да, эл дедиңер эле?

-Алда балам ай! Айтканыма көнбөдүң. Кайт дегенде болбодуң. Алтын башың кудайга аманат. Кош, мен оруска барам.

-Менин кегим, өлсөм да, жанбайт,апа!

-Уулум?!

***

Шабдан келип кеткенден эки жума өтпөй подполковник Витгенштейн жетекчилик кылган чоң колонна капысынан Абдылдабектин лагерине чабуул койду. Баскынчылар менен тең таймашууга бектин кошууну толук даяр эмес эле. Уруш эки күнгө созулду. Бекке кошумча келүүчү күчтөрдүн жолун орустар тосуп койгондуктан улам, бек орун которууну туура тапты.

Кара-Көлгө барганда ичкилик уруусунун бийлери Дубана датка, Тойкулбек өз уруулаштары менен Алтын-Дара, Муз-Тоого карай кетишти. Ал эми Сейитбек датка, Алибек, Ботобек, Эрданабек, Эшимбек, Кадырбек, Жайчыбектер башка жолго бөлүнүштү.

Капитан Боголюбов аскерлери менен Шабдандын отуз жигитин кошуп, Кара-Көлгө карай из кууп жөнөдү. Эртеси саат беште Кара-Көлгө жетип Абдылдабектин ордун сыйпалап таппай калды. Саат он экиде Витгенштейн келип колго түшкөн бирин-экин туткундардан «кыргыздар эки топко бөлүнүп кеткендигин» билет. Ал Шабдандын жыйырма жигитин өзүнүн аскерлерине кошуп алып, андан ары жөнөдү. Андан бөлүнгөн топ Кызыл-Артка кайтып, Чоң-Сууга дейре

барышып, эч кимди таппаган соң, түтөгүшүп, көргүлүктү көрүп, араң артка кайтышты.

***

-Бир боорлорум! Тар жол, тайгак кечүүдө бир болуп, азап-тозокту бирге тарттык. Баарыбыздын максатыбыз душманды ата-конушубузга киргизбейли, элибиз эркин болсун дедик. Күрөштөгү эрдигинерге мен ыраазымын. Шартка карап иш туталы. Орустар артыбыздан сая түшүп алышты. Биз аларды алаксытып алга жыла берели. Кудай буйруса кайрылып келип, баштаган ак ишибизди аягына чыгарабыз. Ошондо силердин колдооңор керек. Ага чейин үй-жайыңарга барып, катын, бала-чакаңардын маңдайында болгула. Эки дүйнөдө тең силерге ыраазымын!-деп кошуун-дагылары менен коштошуп, бек Кызыл-Артты көздөй жөнөдү.

Мургабка келгенде Абдылдабек үзөңгү жолдоштору Өмүрбек датка, Тойкул пансат, Болотбек, Ашыр молдо, Валихан төрө, Ишахан төрөлөр менен кеңири отуруп кеңешти.

- Баскынчыларды өз жерибизден кубалап чыгыш үчүн чоң даярдык, курал-жарак керек. Кимден жардам алып, кай жакка барабыз?

-Кашкарга,-деди Тойкул паңсат.

-Жакыпбек Түрк өкмөтүнө таянып, англичандардан он беш миң мылтык алып күчөп турган убагы. Ал бизди жактырбайт,-деди Валихан төрө.

-Ооган тарапка кеткенибиз жакшы болчудай,-деди Ашыр молдо.

-Кара-Тегинге жарымыбыз калып, алдыртадан даярдык көрө берели-деди Тойкул пансат.

-Ар кимиң ыңгайына карагыла. Мени менен кимдер калат?-Бектин суроосуна ар ким өз оюн билдирип, Валихан төрө, Ишахан төрө, Молдо Ашыр, Болотбек, Тойкул паңсат баш болгон төрт жүздөй адам Кара-Тегинге аттанышты.

Памирдин Шугунан ашуусун ашып, Ооганстанга кетүүгө камынып, Абдылдабек, Өмүрбек датка баш болгон жүздөй жигит Мургабда өргүп калышты. Ошол түнү Витгенштейн менен Шабдан Кара-Көлдөгү чакан айылды өрттөп, күлүн

көккө сапырышты. Кабар топтогулардын кыжырын келтирди. Алар куугунчулар менен бир беттешип көрүшмөк болушту. Эртеси Видгенштейн менен Шабдан баштаган топ Мургабка келгендердин артынан түшүштү. Бектин тобу ашууну таяна бергенде, экинчи топтогу орус солдаттары жете келишти. Бир колотту буктурма кылган топ, куугунчулар алардан өтө бергенде чабуулга чыгышып, далдоосу жок, жалаң төштө орустардын чакан тобун колго түшүрүшүп, бирин калтырбай кырып салышып, Шугнандын ашуусун ашып кетишти.

***

Генерал Скоблев Кокон хандыгында Алымбек датканын орду өзгөчө экенин билчү. Анын жесири Курманжан датканын элге таасирин Кокондон бери, Ош, Алайды аралап жүрүп байкады. Майор Ионовду Көк-Сууга жөнөттү. Анын Скоблевге жолугуу жөнүндөгү талабына датка макул болду. Бир топ бийлердин коштоосунда кичүү уулу Камчыбекти жана небереси Мырзапаязды алып, генералдын лагерине келди.

Жарашыктуу кийинип, ат үстүндө тыкан отурган тоолук аял бир нече шериктери менен келе жатканын көргөн орус солдаттары жабыла тиктеп калышты. Аттарынан шап эте түшө калган жигиттер улуулардын аттарын алышып, заматта каңтара байлай салышып, жанагы аялга жол бошотушту.

Дасторконду кенен уюштуруп, кадырлуу даткайымды күтүп жаткан генерал Скоблев анын жолунан өзү утурлай чыкты.

-Келиңиз, келиңиз, урматтуу даткайым!

Датка боюн түз туткан боюнча басып келе жатып, билинер-билинбес башын ийкеп койду.

-Мен сизди көргөнүмө абдан кубанамын, даткайым. Кана, төргө отуруңуз?-деп генерал колун жайды.

-Ырахмат, төрөм.

-Жашаган жериңиздер тим эле жомоктогудай экен? Суусунун тазалыгы, гүл жыттанган абасы мага жакты.

-Тоолуктар ата-бабаларынан бери ушул жерде жашайт, төрөм.

-Тоолордун ичинин коздугу, кенендиги мени суктандырды.

-Элибиз да тоо мүнөз, урматтуу төрөм.

-Абдан туура, даткайым. Мындай жерди сүйбөй коюга болбойт.

-Төрөм, тоо ээлерин эмнеге эле куугунтукка аласыздар?

-Куугунтукка эмес, айым. Тополоң чыкпасын деген аракет. Кокон хандыгы эми жок. Орус империясынын бийлиги орноду. Падышанын бийлигин жана саясатын эл таанууга тийиш.

-Жергиликтүүлөрдү кантип башкарасыздар?

-Башкаруу дале, өзүңүздөрдө калат. Болгону бийликтегилер ар бир ууруларга болуштарды, казы, бийлерди бекитишет. Бирок, ал дагы элдин макулдугу аркылуу, шайлоо жолу менен көрсөтүлөт.

-Элдин динине, каада-салттарына, ирасмилерине кийлигишүү болбойбу?

-Жок. Болбойт. Жергиликтүү элдердин жашоосуна, тиричилик жүргүзүүсүнө чек коюлбайт.

-Сиздер менен кармашып жаткан жигиттерге, кандай чараларды көрөсүздөр?

-Эгер, каршылык көрсөтүшпөй, өз ыктыяры менен келишип, багынгандыктарын билдиришсе, эч кандай чаралар көрүлбөйт.

-Буга, кандай кепилдик бере аласыздар?

-Аны өзүңүз угуп, көрүп жаткандырсыз, урматтуу айым. Ушул күнгө чейин Кокон, Маргалан, Анжиан шаарларындагы улуу даражалуулар эл менен бирге эле жашап жүрүшөт. Алар, эч кандай жазаларга кириптер болушкан жок.

-Урматтуу төрөм! Сиз бизден эмнени талап кылмаксыздар?

-Эч кандай талап, жаза биз тарабынан болбойт. Болгону, сиздер орус бийлигин таанып, букаралыкка макул болушуңуздар керек. Сиз акылдуу энесиз. Балдарыныз баары жоокер. Эл, жерин коргогон баатыр. Орус бийлигине каршы күчтөрү жетпейт. Андыктан, куралдарын таштап келип, мурункудай көчүп-конуп, орус бийлиги менен кызматташып жүрө беришсин. Каалаган бийликтерди берүүгө биз даяр экенибизди билдиремин. Алайлыктардын орус букаралыгын кабыл алуусуна,чын дилиңиз менен көмөктөшөөрүңүзгө

терең ишенемин, урматтуу айым. Сизди, биздин пикирибизге каршы эмес деп ойлойм?

-Пикириңиз бизге да жагат, төрөм. Элибиз менен кеңешип көрөлү.

-Урматтуу, датка айым. Сиз менен жолугушуу мага өзгөчө таасир тийгизип отурат. Аз да болсо, алтын чөйчөктү сизге белекке тартуулаймын.

Генералдын ар бир сөзүн, ал тургай кыймыл-аракетин сая кетирбей, сак көз салып турган адютанты шоодураган парча чапанды жая кармап келип, Курманжандын мүрүсүнө акырын жаап, бир-эки кадам артка кетенчиктеди.

-Төрөм, белегиңизге абдан ыраазыбыз. Бул бир эле мени эмес, элди сыйлагандык деп түшүнөмүн. Бирок, биздин элде «Өрдөгүн жесең, каз байла» деген сөз айтылат. Белегиңиз менен бизди милдеткер кылып койдуңуз,-деди жүзү тамылжый, датка айым.

Өзүнө туткун болуп келгенине карабай, өзүн салабатту кармап, так жана даана, мааниси терең, акылдуу сөздөрү менен датка айымдын кайрылышы генералды бир чети таң калтырып, бир чети суктандырды.

«Азият», «жапайы» деп айрым топтордо келеке катары айтылып жүргөн сөздөр эсине түшө калганынан улам беттери дуулдады. Болгондо да маданияттуу деп аталган Европанын падыша сарайларындагы княгиналардан кем калышпаган жүрүш-турушу, ар бир сөзгө маани берип, кылдат пайдалана билиши, жумшак жана угумдуу кайрылып, жооп беришине таңданып турду.

Орус генералы Борбордук Азияга келгенден берки жолуктурган көптөгөн адамдарга караганда датка айымдын бийик экенин айласыздан мойнуна алды. Ал тургай жогорку орус бийликтерине жазган рапортунда «Алай ханышасы» деген наам ылайык келээрин маалымдады.

Курманжан датканын Скоблев менен жолугушуусунан соң Алай, Чоң-Алай өрөөнүндөгү бийлер Арча-Булакта өргүп жаткан генералга, биринин артынан бири келе башташты. Алардын соңунан адигине уруусунан Касымбек менен Кожокелди бий, мунгуштардан Гадай бий, Исфандияр, Болотбий, Мусулманкул бий багынгандыктарын билдиришти.

Ичкиликтердин тейит, кесек урууларынын бир нече бийлери да келишти. Аларга генерал мурункудан бир жарым эсе ашык зекет төлөөгө, жүз элүү солдат үчүн жарамдуу ат-көөлүк берүүгө, Гүлчөдөн Талдык Даван аркылуу Кызыл-Суу өрөөнүнө араба жол салууга милдеттендирилди. Кокон бийлиги кезинде зекеттин өлчөмү орустун төрт рублине туура келсе, эми анын ордуна алты рублдан туура келди.

Мурунку жайларына кайта баштаган Алайлыктарды байкаган генерал «Курманжан датка кармалды, Алай тоолорунун калкы эми гана орус бийлигине багынды деп эсептеймин» деп Кауфманга билдирүү жөнөттү.

1876-жылдын августунда Алай экспедициясынын ар түрдүү багытка тарап кеткен топтору генерал ыңгайлуу өңүт катары пайдалангысы келген Дароот-Коргонго топтоло башташты. Анткени бул жер Бухара эмирлигинин ээлиги болуп эсептелген Кара-Тегин өрөөнүн ыңгайга жараша басып кирүүгө жакын эле. Кара-Тегин тарапка качып кеткен Абдыкеримбек орус оторчуларына каршы газават уюштуруу жөнүндө ичкилик кыргыздарына үндөө менен кайрылган болчу.

Витгенштейндин отряды менен Шабдандын жигиттери Кара-Колго барышканда козголоңчулардын бирин колго түшүрүп алышкан. Ал Зардалидан отуз чакырым жерде көтөрүлүшчүлөрдүн ири тобу жайгашканын айтып берди. Ошондон улам генерал Дароот-Коргонго кайтып келген Витгенштейндин тез көчмө отрядына жана Шабдандын жигиттерине Туз, Алтын-Дарага чейинки ичкиликтерди, орус букаралыгына баш ийдирип келүүнү буйруду. Алар июлдун экинчи жарымында көтөрүлүп Сох суусунун Дургумак, Кара-Көл, Раут куймаларынын бойлорунда жашаган ичкилик кыргыздардын сегиз жүздөй жигиттери болчу. Алардын башында Мамбет бий, Жармамбет, Кудайназар, Маткерим, Муратбай жана Эшмамбет турушкан эле. Алар Абдылдабектин тобуна кошулбастан өздөрүнчө аракеттенип жатышкан. Молдо Ашырдын тобун колдошоорун билдиришип, Кара-Тегиндиктер менен биригүүгө аракеттенишкен. Ошондуктан молдо Ашырдын элүү түтүн туугандарынын айылына жакын

Жоро ашуусуна жайгашып, жайлоого орус жазалоочуларын өткөрбөө үчүн үч кабат тосмо даярдашып, күтүп жатышкан.

Молдо Ашырдын айылын талкалоону Колетеевдин тобуна тапшырып Витгенштейн менен Шабдан өздөрүнүн тобу менен көтөрүлүшчүлөргө чабуул коюшту. Жарымы коргонуучуларды айланып өтүшүп, капталдан мөндүрдөй ок жаадырышып, таш, союл менен куралданышкан Молдо Ашырдын туугандарын тып-тыйпыл талкалашты. Мал-мүлк Шабдандын жигиттерине тартууланды.

Абдыкеримбек менен Молдо Ашыр баштаган топтор Кара-Тегинге жашырынгандыктан, көтөрүлүшчүлөрдү кайтарып берүүсүн талап кылып Кара-Тегиндин беги Раим шаага генерал кат жазып, Шабдан менен Ташыбек бийди жиберди. Ал катта: «Урматтуу Раим шаа Орусия менен Бухара достук мамиледе. Кара-Тегиндин беги да падышанын карамагында болору анык. Эгерде сиз тарабынан каршы кандайдыр бир аракеттер жасалса аёсуз жазаланарыңызды унутпаңыз! Андан сырткары Орус-Бухара чек аралары боюнча талаш маселелерди да сиз менен чечүүнү эсиңизге саламын!» деп билдирди.

Раим шаа элчилерге кошуп өзүнүн иниси Сопу ханды генералга жиберди. Дароот-Коргондо, анан Чоң-Кара-Мыкта сүйлөшүүлөр жүрүп, чек ара боюнча Орус-Кара-Тегин келишими түзүлдү. Мурунку Кокон-Бухара чек арасы калыбына келтирилип, Кара-Тегиндин беги Раим шаа Скоблевдин койгон талаптарына макулдугун берди.

«Алай илимий-согуштук экспедициясы» 1875-1876-жылдардагы Паргана өрөөнүн Орусияга каратуу компаниясында олуттуу саясий-согуштук мааниси бар этап болуп, Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуу аяктады. Алайлыктар менен кармаштар орус аскери үчүн ыңгайсыз жана татаал шартта жүргөндүгү өзүнүн оордугу жана саясий стратегиялык мааниси жагынан Паргананын түздүктөрүндө созулган согуштардын деңгээлине татыгандыгын генерал фон Кауфман өзүнүн буйругунда мойнуна алгандыгын архивдик документтер аныктайт.

Орустардын баскынчылыгына алайлыктардын наразылыктарын басуу аракетинде, орус бийлигин кыргыздарга

таанытууга көмөк болуусун биротоло чечүү максаты менен Паргана облусунун генерал-губернатору М.Д.Скоблев Курманжан менен Мадыда жолугушууга мажбур болду. Расмий жолугушууда элдин кызыкчылыктарына өзгөчө маани берилип, талаптар коюлду. Бул шарт-наама эки элдин өкүлдөрүнүн келишими катары тарыхта айтылып калды.

Ошондон кийин гана толкундоолор токтоп, Түркстан генерал-губернатору Кауфман 1877-жылдын башында Петербургга Кокон хандыгынын мурунку аймагынында Орусия бийлиги толук орногондугу жөнүндө телеграмма билдирди.

Алай өрөөнүнүн калкынын орус букаралыгынын таануусу «Алай жүрүшү» аркылуу орус империясынын колониялык басып алуусу жалан гана куралдын күч аркылуу ишке ашырылгандыгы менен айкындалды. Азаттыкты эңсеген тоолуктарды каратуу 1876-жылдын этегине туш келди.

Багынып берүүнү өлүмдөн артык көргөн Абдылдабек сыяктуу эл уулдары кийинки мундарга эркиндиктин кымбаттыгын, тайманбас эрдиги, талыкпас күрөшү аркылу далилдешти.

***

Ош-Кашкар жолу бир кыштын катаал мезгилинде, же кар ээрип, көчкү жүрөөрүндө гана бүтөлуп калбаса, жыл ичине жолоочулардын карааны тынбайт. Аркы-терки кербен өтүп турчу“кан жол”. Адаттагыдай эле Терек-Дабанды “алда кудайлап” араң ашкан кербенчилер Теректеги Рабаттан өтүп, Чаттагы сазга келгенде өргүмөккө токтоп калышты. Жүктөрдү түшүрүшүп, чалыккан улоолорду жайдакташып, эс алдырганы, аттардын жүгөндөрүн алып, саздын жашаң чөбүнө эркин коe беришти. Эчен жол басып чарчап, тердеген аттар, жумшак сазга оонашып эс алган соң баш көтөрбөй үзүүгө оттоп киришти. Кербен башчылары да улоолорду жайгаштырган соң, от жагып, казан асып, тамактанышып, кынтая кетишти. Эрте менен турушса, кербен башынын Кашкардагы базардан жаңыдан сатып алып, миңип келген аты жок. Туш тарапка чапкылашып таппай калышты.

***

Курманжандын балдары эрте жазда Каргашага көчүп келип, мал төлдөтүп, андан соң жакадан улам эгиздеп, Алайга карай багыт алмакка Будалык менен Бүлөлүнүн ортосундагы Моло-Белде жаш кулундарды үйрөтүп, бээ байлаган учуру эле. Эрте менен желеге бээлер келээр маалында,алыстан кишенеген аттын үнү аска-ташты жаңыртты. Уйүрдөгү аттын үнүнө караганда башкачараак. Шыңгыраган аттын үнү тааныштай угулуп, Курманжандын эмчеги зыркырай түштү. Обдула ордунан туруп, эшике чыгайын деп баратып, кайра сабыр кыла, отура кетти.

-Чыккылачы! Айгыр аттын үнү экен. Чоочун бирөөлөр келе жатабы-деген уулдарынын тескөөсүнөн улам, неберелери сыртка чыгышты. Аңгыча болбой аттын кишинеген, жылаажындай шыңгыраган тааныш үнү үйдөгүлөрдүн селт эттирди.

Абдылдабек келип калдыбы деген үмүт менен үйдөгүлөрдүн бардыгы жабыла чуркап чыгышты.

Үйдүн жанындагы, дайыма каңтарыла байлануучу момукта Абдылдабектин тайкери жүгөн ноктосу катылбай жайдак турганын көрүштү. Ат аларды таанығандай окуранып койду.

Датка айгырдын жанына аяр басып барып, сооруга төгүлгөн жалынан сылап, маңдайындагы бармак басым кашкасынан өөп, кулагын кашып, мойнунан кучактады. Тайкер да датканын колтугуна башын катып, энтигип турду. Баягы соорусу толгон сымбаты жок. Арыктап, куйрук-жалы чатышып, жүдөгөнү кадимкидей байкалат. Жалаң гана сыйга миңилген айгырдын туяктары өсүп, түктөрү түйтөйүп, көптөн бери кашылбаганы билинип турат.

- Ак алып келгиле!-деди датка эне атын мойнунан колун албай туруп.

Неберелеринин бирөөсү жүгүрүп кирип ак куюлган кесени алып чыга, эненин колуна берди.

-Биссимилла рахмани иррайм, короодогу ак мал элең. Касиеттүү Камбар-Ата тукуму. Алыстан качып, аман келипсиң. Ак жолтой аргымагым, ээң кана? Жан досуң кайда калды? Тулпарым? Деги аманбы? Жайдак келишиңе караган-

да биреөлөрдүн колунан качкан окшойсуң?- деп кобурап, уулу Абдылдабек менен сүйлөшкөнсүп, ага улам, улам суроо бере берди. Аргымак да анын дилиндегини туйгандай, эненин көкүрөгүнө башын катып, ордунан жылган жок. Кеседеги акты жал-көкүлүнө сыйпап, соорусун аяр сылаган эненин санаасы алда кайда кетти:

- Атынан ажырабайт эле. Аты да аны таштабайт болчу. Соо болбой калган го? Дарегин неге билгизбейт?–деп журөгү канаганын жанындагыларга билгизген жок.

-Балдарым, тайкер жакынкы эле жайдан качып келгендей. Талдык жакка барбагыла! Бүлөлүнүн Белин ашканда ээр-токуму алынбайт эле. Бир жайда унаа турумун алып,отко кое бергенде качып келгендей. Терекке чейин барсаңар, ары бери өткөн кербенчилер билер.

Байбиченин сөзү менен ат жолун улап баргандар Көлөкө-Токойдон өтө беришип, жол улап бараткан кербенге жолугушту. Учурашып, суроо салышса.

-Кербен башынын аты качып, аны издегендер жолго чыгыша элек-деген жоопту алышты.

Ат коштоп баргандар кербен башыны Моло-Белге, датка энеге алып келишти. Байбиче Кашкардан келген меймандарга баглан козу сойдуруп, кымыз сундуруп, коноктоп, көпкө сүйлөштү.

-Меймандар, ат кандай силердин колуңарга түшүп калды? Билгениңерди билгендей айтып, жашырбагыла?

-Байбиче, атты мен, биреөдөн сатып алдым, деди кербен башы

-Сизге кандай адам сатты? Ысымын билесизби?

-Ысымын сураган жокмун. Бирок, ал Кашкардын тургундарынан эмес.

-Өң-түспөлү, жүзүндө кандай белгилери бар?

-Кара чөөкөр, чап жаак, чекир көз, нооча келген адам. Кулагынын үстүндө, арт жагына кеткен тырыгы бар. Колдурт-колдурт этип, чала сүйлөгөн адам.

-Жанында биреөлөр барбы?

-Бар. Эки шериги менен эки жүздөй кой айдап келишти. Бирок, атты ошол мени менен ат соодалашкан адам сатты.

-Аларды канткенде тапсак болот?

-Бириси Юсуп кожонун чайканасында от жагар. Экинчисин да дал ошол табат.

-Атты канчага баалаштыңар?

-Кырк кой бердим.

-Атты бизге сатыңыз?

-Биз соода менен тиргилик кылган адамбыз. Баасы келишсе атты сатып кете берем.

Эшикте жабдыгы менен эки атты байлатып койдук. Каалаганыңызды тандап миңип, өзүбүздүн атты калтырыңыз.

-Куп болот, байбиче. Мага жүрүштүү улоо болсо эле, болду.

-Балдар меймандар шылтоо менен келип калышты. Үстүлөрү агарып кетсин. Тон жапкыла,-деп байбиче меймандардын ыраазычылыгын алып, жолго узатты.

Тайкер Алайдын кең жайлоосуна келгенде кое берилип, бир ай жайлоонун бетегесин кенен оттойт. Арпадан кем калбаган, гөдөө жеген тайкер тыныгып, калыбына келет. Байбиче ишенимдүү жигиттерди коштотуп Кашкарга жөнөттү. Алар Юсуп кожонун чайканасына келишип, от жаккан жигитти оңой эле табышты. Ал Абдылдабектин тайкерин таанып, болгон окуяны түгөл айтып берди.

***

Туугандарына Жаңырыктагы суук кабар, эчак эле жеткен болчу. Кансырап, эси оогон Каратумак төшөктө жатып калды. Айылдагы колу усулдуу адамдарды чакыртышып, балтырына тийген эки окту да, этин тилдирип араң алышты. Күндө жаңы союлган, ысуулай териге орошуп, денесиндеги шишиктерди кайтарышты. Күчтөнтүп тамак беришип, качан гана эсине келгенде, болгон окуяны өз оозунан угушту. Каратумак чоң атасы Муса менен тууганы Мураттын окко учканын так билбейт эле.

Эл аралаган имиштен жана да атайлап жиберилген кабардан улам, Муса мерген менен анын уулу Мураттын денелери жерге берилгенин билишти. Орустардын коркунучунан да, кыш түшүп кар оор жааганына байланыштуу Жаңырыкка, Көкчө тобу жайгашкан Күң-Элекке бара алышкан жок. Качан гана кар кетип, жол ачылганда тээкеликтер Күң-Элекке

топтолуп келишип, шейит кеткен тууганадарынын кабырларын көрүп, куран окушту. Күң-электиктерден Жаңырыктагы болгон окуянын чоо-жайын түгөл угушту. Камкор күңэлектиктер Жаңырыктагы орустар менен болгон кармашта окко учкан тоолук эр жигитердин денелерин чогултушуп, кастарлап, «ак кепиндеп, аяр жууп», жайды терең казышып, казынаны кенен оюшуп, шейит кеткендердин денелерин баатырлардай ардак-тап, топурак салышып, жабыла жаназаларына турушуп, арбактарына арнап куран окуп, көмүшкөнүн айтышты.

Жергиликтүүлөрдүн камкордугуна ыраазы болушкан тээкеликтер:

-Тууган сөөгүн таштабайт. Сиздерден уруксат болсо, тууганадарыбыздын сөөктөрүн алып кетип, өз жерине, туулуп-өскөн айылына алып барып, коёлу? дешти.

-Андайга келбегиле, туугандар. Күң-Элек далее, тээке туугандарга жат эмес. Адигине, Муңгуш бир тууган. Тегибиз, тууганадыгыбыз бир. Эки бир тууганадын урпактарыбыз. Ата-бабаларыбыз Алай аймагын илгертеден эле, бирге жашап келген. Өлгөндөрдүн сөөгүн козгобогула. Баатырлардын арбактарын кыйнабагыла.

-Ал айткандарыңар туура. Шейит кеткендердин сөөгүн, өз киндик каны тамган жерлерине алып барып коелу?-дешип, Бөтөнчалдын балдары бир топко талашка түшүштү.

-Жок. Шарият боюнча, пенде баласынын денеси үзүлгөн жерде коюлат-делген. Ажал кайып, ошол жердин топурагы насип-деди айылдын молдосу.

-Баатырлардын денеси шейит. Коюлган жери мазар. Ал тирүүлөрү үчүн ыйык болуп калат.

-Көкчөулуулук туугандар. Силерге биз, Муса баатырдын тууганадары ыраазыбыз. Муса мергенди баатыр атап, ардактап жайга коюпсуңар. Эки баатырдын сөөгүнүн бирөө-сүн бергиле? Булардын атасы Сакы мерген да, Абдылдабек менен бирге жүрүп, Сары-Таштан өтө бергенде, орустар менен болгон кармашта, окко учуп, сөөгү ошол жерге коюлуптур.

Күңэлектиктер өздөрүнчө аба-аксакалдарга маслат кылышты.

-Баарынын эле денелери талаада калбасын. Бирөөсүн шейит катары айылга алып барып, коелу?

Ары тартышып, бери тартышып акыры Муса баатырдын жайын ачууга уруксат беришти. Алты ай болсо да, ок тыткан Муса баатырдын денеси бузулбаптыр. Чачы, сакалы, тырмагы өскөн боюнча экен. Ак кепинди аяр жазышып, «Шейит болгону ырас тура»-дешип:

-Баатырды өз айылына тирүүсүндөй кылып алып кетебиз дешип, кийим кийгизишип, ээгине ача жыгачтан тээк коюшуп колуна тизгин карматышып, буттарын үзөнгүгө таңышып, Күң-Электен Тээкеге ат үстүндө алып келип, жайга коюшту.

Муса баатырдын денеси коюлган жер, ушул күнгө чейин мазар аталып, «Ыйык, шейит» делип, ары-бери өткөндөр сыйынышып, атайлап куран окуп турушат.

***

Абдылдабек орустар менен болгон кармашта Мургаб аймагына орун которот. Ал душмандары тарабынан набыт болгондо, кошо жүргөн шериктери Алайга келишип, анын өлгөндүгүн туугандарына угузушат. Курманжан датканын уруксаты боюнча Кара-Кулжа аймагындагы Сулайман бийге кабар жиберилет. Сулайман бий байбичеси менен кеңешип, кызы Бешкөкүлдү жөнөтмөк болушат. Бирок, элдик намысариетти, нарк-насилди эстен чыгарышпай, аттуу-баштуу туугандарын башка алышып, куда-сөөктүк салт менен Бешкөкүлдү кошо, алып келишти.

Бешкөкүл элдин салтынын эреженин чегинен чыкпай, ат үстүндө кошок кошуп, кайгысын ырга айлантты.

Баатырдын арбагын сыйлап, үч жыл үстүндөгү көгүн чечпей, күн-түн дебей кошок кошуп, аза күттү.

(Бешкөкүлдүн кошогунан үзүндү):

Хан атамын тун уулу,
Хан ордо басчу кулуну.
Кайрылып калды канаты,
Какшап айтам муңумду.
Туу болуп, тууган журтуна,
Туйгунум турса булкуна.

Туугандан чыккан карөзгөй,
Тушоо бир салган бутуна.
Асканын оозу жабылып,
Арстан турса турса чамынып.
Арамдык кылып көк өтүк,
Арадан душман табылып.
Бат атаар, арттан атылып,
Баатырлар каны чачылып.
Бекзатым кеттиң аргасыз,
Бет келе албай, качырып…

Бөрү уруусунун аттуу-баштуулары

-Кызыбызга уруксат бергиле?-деп даткага кайрылышты.

«Мындай келинди колдон чыгарбайбыз. Баатырыбыздын сүймөнчүгү. Нарк-насилди терең туйган, зирек пенде. Өздөн ашык болуп калды-дешип, Бешкөкүлдүн кетишине жол коюшпады.

Бешкөкүлдү кайниси Баатырбекке нике кыйдырылды. Убакыт өтүп бир уул төрөп, анысы тез эле чарчап калат.

Комузчулар «Бешкөкүлдүн арманы» деген күү чыгарышып, ал эл арасында сакталып, ушул күнгө чейин аткарылып келет.

***

Мурдагы Кокон хандыгынын аймагында Туркстан генералы-губернаторлугуна караштуу Паргана облусу түзүлүп, ага Анжиан, Исфара, Кокон, Маргалан, Наманган, Ош, Чуст үйөздөрү каратылды. Андан көп өтпөй Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө Жобо иштелип чыгылып, башкаруунун башкача түрлөрү элет элинен турмушуна өз таасирин тийгизе баштады. Аймактык бөлүштүрүүлөрдүн натыйжасында кыргыз жери, кыргыздардын Ата Журту ар кайчы үйөздөрүн карамагына киргизилди. Токмок, Ысык-Көл, Олуя- Ата, Ош, Анжиан, Наманган, Маргалан (Скоблев) Кокон, Коджент деп бөлүндү. Орус төрөлөр Туркстан аймагын администрациялык жактан бырчалап бөлүштүрүүдө, жергиликтүү элдердин түпкүлүктүү кызыкчылыктарын эске алышпады. Натыйжада кыргыз эли бытыранды болуп, ар кайсы облустарга кирип, элет элинин өз ара карым-катнашы кыйындалып ынтыма-

гынын чыңдалышына, улуттук ан сезиминин, ой-мүдөө, тилектигинин өсүп-өнүгүшүнө тоскоол болду. Бийлик толугу менен оторчулардын колуна өттү.

Генерал-губернатор, аскер үйөз башчылары каалагандай бийлик жүргүзүп, алардын зордук-зомбулугуна чек коюлбады. Жалпы жонунан алганда, аймактагы бийлик аскердик-оторчул (колониялык) мүнөзү болду. Анткени үйөздөрдө, облустарда бийлик толугу менен орусиялык аскер адамдарынын колунда топтолуп, болуштар, старчындар, колониялык башкаруу аппаратынын бөлүктөрү болуп калды. Падышачылыктын Кыргызстанды каратуудагы баскынчылык максаты айрыкча анын оторчул жер саясатында даана байкалды. 1867-жылдагы жана 1891-жылдагы кабыл алынган. Жоболорго ылайык көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген калктын бардык жерлери мамлекеттин менчиги-деп жарыяланды. Жерге мал жайганы, эгин эккени үчүн анын ээси-кыргыздар мамлекетке жер акысы катары салык төлөп калышты.

Отурукташкан калк, салыктын эки түрүн төлөшкөн. Эгин аянттарынан 1886-жылга чейин «харадж» атту салык алынып бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерлерге танаптык салык салынган. Харадж түшүмдүн он пайызына барабар болуп, натуралай төлөнгөн. Жаңы эреже боюнча жердин иштетилгени, иштетилбегени эске алынган эмес. Натыйжада мамлекеттин пайдасына түшкөн киреше арбыды. Паргана облусунан гана алынуучу салыктын көлөмү орто эсеп менен жылына беш жүз миң сомго көбөйдү. Алык-салыктын жогорудагыдай түрлөрүнөн тышкары жергиликтүү калк орус бийлигинин талабы боюнча толгон-токой жумуштарды аткарышты.

Падышалык өкмөттүн алык-салык саясаты калктын турмушун оорлотту, жакырдануусун күчөттү. Элдин динине, салт-санааларына маскарачылык менен мамиле жасалып, бардык маселелер бийликтин күчү менен да, курал күчү менен да, орус кызыкчылыктарына багындырылып, орусташтыруу саясаты ачык жүзөгө ашырыла баштады. Жобонун шарттары боюнча дыйкандарды талап-тоноого ачык жол коюлду. Дыйкандар түшүмүнүн көпчүлүк бөлүгүн, колониал-

дык администрацияга төлөгөндөн тышкары отуз беш пайызын жергиликтүү бийликтерге төлөөгө милдеттүү болушту.

Көчмөн элдерге жер-суу, отун, түтүнгө, жан башына салыктарды берүүгө аргасыз болушту. Өз үстөмдүгүн түбөлүккө орнотууну көздөгөн падышачылык аймакка келген орус дыйкандарын тез арада көбүрөөк жайгаштыруу жана туруктуу чарбалардын калыптандуусуна шарт түзүү максатында жер үлүштөрүн арбын берип, он беш жылдык мөөнөткө салыктын бардык түрлөрүнөн бошотушту. Акчалай насыя (ссуда) берилген. Анткени мал-мүлктүү, чарбасы жакшы жолго коюлган кулактар падыша өкмөтүнүн бул аймактагы ишеничтүү социалдык таянычы эле. Падышачылык оторчул саясат жергиликтүүлөрдүн жеринен ажыратып жакырлантты. Ыңгайлуу жеринен ажыратты. Кембагалдар өтө оор шартта орус-украин кулактарынан, казак-орустардан, байлардан ижарага жер алууга мажбур болушту. Жергиликтүүлөрдүн жерлерин тартып алуу, келгиндерге таратып берүү, агрардык мамилелерди аябай курчутуп, падыша өкмөтүнүн саясатына нааразылык күчөй берди.

# IV БӨЛҮМ

Өрөөндүн бардык аймагына таң калыштуу каңшар тарады.

-Алла Тааланын атайлап жиберген өкүлү эл аралап жүрүптүр. Анын көзү ачык экен. Акыр-заман болоорун, эртеңки боло турган ишти, алдын ала айтат-дейт.

-Көрөгөч, пайгамбардай акылдуу-дешет. Андан, эч нерсени жашырууга болбойт экен.

-Үрп-адат, каада-салттарды кармабагандарды жазалап, абжип кылып коёт-дешет.

- «Ак» десе айтканы эм, «суф» десе көрүнгөнгө шыпаа болот,-дешет.

«Имиш» сөздөр көп тарап, аны укпаган адам, таң калбаган пенде калбады. Бардык жерде касиеттүү пенде жөнүндө сөз жүрүп жатты. Акыры:

-Ал ыйык адам Аравандын этегиндеги Миң-Дөбө кыштагында турат экен, деген сөз таркады.

-Миң-Дөбөсү кайсы?

-Анжиандын үстүндөгү, Тажик кыштактын жанындагы.

-Аты ким деген экен?

-Дукчу экен

-Дукчу дегени эмне?

-Ийикчи эшен, өзбектер ийикчини-дукчи, дешет

-Анын жөрөлгөсү бары анык окшойт?

-Анан эмей. Ошон үчүн элге аты чыгып жатат да

-Ал барган жеринде эле, элге кайрылат дейт.

-Эмне деп?

-Туугандар, жерибизди каапырлар басып кетти. Салт-санаабызды тебелешти. Алардан бошотолу!-дейт экен.

-Ой тобоо! Коркпой элеби?

-Көзү ачык болсо, эмнеден коркот.

-Өткөндө баргандарга айтыптыр.

-Карагылачы, орустар мусулмандардын ыйык жерлери-

не чокунуучу жайларды куруп жатышат. Аялдарында ыйман жок. Жарым жылаңач жүрүшөт. Чоң кичинесине карабай, бизди башкарып алышты. Зекетчилери капчыгыбызды кагып бүттү. Бизден алынган зекет мусулман жамаатынын муктаждыгына жумшалбай, кайда кетип жатканын, эч ким билбейт. Алла-Таала жакында, аларга сыр көрсөтөт. Мусулман пенделери этият болгула!-дептир.

-Аны ким айтты?

-Эшендин муриддери ар жерге барып, элге эскертип жатыптыр.

Көпчүлүктүн көңүлүн козуткан, жакынкы эле жердеги ийикчи аталган. Мадали эшен болуп чыкты. Ал жака-белге тааныш илгертен эле ийик жасоочу Мухамбет Сабырдын уулу эле. Султанхан төрөнүн кол алдында малай жүрүп, эшендин таалимин алып, анын жолун жолдоп, мурид-андан кийин, калпа болот.

Султанхан төрө өлгөн соң, анын ордун басып, 1887-жылы Меккеге барып, Мухамбет Мухиддин «Нанша-бенду» диний уюмунун эшени болот. Анын кол алдында жүргөн мuriддери аны даңазалап, Пайгамбардай кылып элге жаят.

Мадали эшендин толук аты-Мухаммад Али хальфа Сабыр Сопу уулу эле. Ал ата кесибин улантып, күнү-түнү тынбай жыгачтан ийик жасап, бөз, шайы, атлас токуган кол өнөрчүлүк кылган адам болчу. Эшен (анын туулган жылы 1846-жылдарга чамаланат) Кокон хандыгынын Анжиан вилайетиндеги Маргалан шаарына жакын Шахидан деген кыштакта дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен оокат кылган үй-бүлөдө туулган. Эр жеткенде Анжианга жакын жердеги Миң-Дөбө деген кыштакка үй-жай салып, бак эгет. Аны кээлери улуту жагынан «өзбектешкен кыпчак» десе, кээлери «жо-ок түрктөрдөн» деп болжошот. «Ооганстан тараптан келген мусулмандардан» деп да, талаша калышчу.

Чакан кыштактагылар негизинен дыйканчылык кылып, кышкы убактарда бойро, бардан токуп, андан сырткары камыш согуп, майда буюм-кечелерди жасап сатышчу. Мадалинин атасы эшендердин кызматында болуп, жаш уулун алып, Бухара, Самарканд шаарларын кыдырат. Зээндүү бала Осмон эшенден окуп, билим алат.

***

Миң-Дөбө миң дөбө дегендей эле бар. Дөңдө туруп эңилип тиктеген адамга миңдеген койлордун жонундай болуп, дөбөлөр дөмпөйүп-дөмпөйүп учу-кайыры көрүнбөй созулуп кетет. Дал ошол дөбөлөрдүн бир жеринде өзбек, кыргыз, тажик аралаш калк жашайт. Кээлери Тажик-Кыштак деп да атап коюшат. Көбүн эсе жергиликтүүлөр таар, кийиз согушуп, кол өнөрчүлүк менен тиричилик өткөрүшөт. Дыйканчылыкка аябай маш келишип, коон-дарбыздан баштап жер-жемиштин баарын эгишип, тиричилик кылышат. Жумуштан бошой калышканда, же беш убак намаздан соң, илим үйрөнүшүп, көбүн эсе молдо-кожолордон масала угушат. Алардын арасындагы Сабыр аттуу адам, илимге берилип, таптакыр эле эшендердин кызматына өтүп кеткен. Ал тургай илимдин аркасына түшүп, калыйпалык кызмат алып, «Сабыр калпа» деп да атала баштаган. Ал Мухаммадали аттуу уулун өзү менен кошо ала жүрүп, тээ алыстагы Бухара, Самарканд баш болгон шаарларга барып, «каары» аталып, атасынан баласы кыйын чыгып, он сегиз жашка жетпей сопучулукка өтөт. Кыраатын ачып, көп илимпоздордон таалим алып, жыйырмага толгондо Миң-Дөбөгө келет.

Мадали күндөлүк ичип-жегенин тыйып, кайнак сууга талкан чайып ичип, ошого канаат кылып калат. Мусулман илиминдеги аалымдардын жолуна түшүп, актыкка ооп, пайгамбар жана анын төрт халифи менен сүйлөшкөнгө жетишет. Мүрүттөрүнө «муршут» даражасына жетишип, дагы да илим үйрөнүүгө баш уруп, Индияга сапар тартат. Андан Кабатулло Арафат тоосуна барып, халиф наамына ээ болот. Мекке-Мединада туруп калып, диний билимин дагы да бышыктап, кайра тартат. Жолдо келе жатып Ыстамбулда болуп, Осмон дөөлөтүнүн султаны менен субхатташып, анын зыяпатын көрөт. Жолду кара ыйык жайларда зыраатта болуп, Кашкар, Ашхабад, Бакы, Одес, Кырым, Өфө, Себестопол, Ташкент калааларын кыдырып, ышкысы ашат. Жолду ката дербиштик жашоону баштан өткөрүп, ак уруп жүрүп, адамдарга жакшылык кылууну максатында соопчулук жолуна түшөт.

Араван-Асаке аралыгы куусаң келип эрте жаздан баштап, кеч күзгө чейин, ары-бери өткөндөр чөлдөп, чаңкап, суусап, чарганда эс алганы баш паанек, саябан издейт. Дал ошол тушка аптаптын табынан калкалануучу жай даярдап, булактын муздак суусунан гөзөгө суу толтуруп, жолоочуну акмалайт. Ысыктын күнүндө тердеп-буулап, көзүнөн ууртам суу учкан чакта, арып-ачыган жолоочу, какыр чөлдүн ортосунда салкындай турган саябанга келип, таңдайы так катып, тили оозуна батпай, ээрди кургаган чакта, тиш какшаткан булак суусун татып, анан эки жагын ээлендей карап «мусапырга өлөк-жөлөк болуп, суусун сунган, чызыраган аптапта саябан тиккен адам ким болду экен?»-деп ойлонгуча, тээ арытан тердеп-буулап, гөзөгө тиш какшаткан булак суусун көтөрүп, кыйнала келе жаткан «бир момунду» көрүп, миң мертебе ыраазылыгын билдирет. Кийген кийими жупуну, чарчаганда кубат берген, чанкаганда суусундук сунган дербишке, узун өмүр тилеп, дили агарат. Барган жеринде жолоочу жомок кылып айтып, аны пириндей даңаза кылат. Кайыр, садага, адия, назир, битир, зекет бергендей чын ыкласы менен батасын берет. Мадали эшендин соопчулук ишин узун элдин уучуна, кыйла элдин кыйырына тарайт.

Ата касми-ийик жасап, ата өнөрүн улайт. Анын ийиги базарга жетпей, үйүндө таламайга түшөт. «Эшендин ийиги» делип, тарпиге айланып, кардарлар күчөйт. «Касиеттүү эшендин колу тийген» делип, бейдаарат адам кармабай, ал тургай бала-чакадан аярлап, аздектелет. Акыры барып, ал «ийикчи эшен» аталат. Өзбек, тажиктер «дукчи эшен» дешет. Атын уккандар алыскы жайдан ары жагы Алай аймагы (Ноокат, Кара-Суу, Өзгөн, Кара-Кулжа) Көк-Арт, Кетмен-Төбө, Наманган, Аксы, бер жагы Кызыл-Кыя, Кадамжай, Баткен, Маргалан, Кокондон келгендер тапканын ташып, зыяратка келе башташат. «Касиеттүү эшен» да тамыр кармап, ар кыл чөптөн дары жасап, дуба окуп, «ысык-суугун» айтып, табыпчылык өнөрү менен көбүнүн кеселинен айыгууга себепкер болот.

Элдин эланына айланган табыпка, байы келет, бийи келет, ачы келет, тогу келет. «Эбепке себеп» демекчи,

оруулуу шыпаа таап, дарттуулар дарманына кирип, ыраазы болбогон пенде калбайт. Ийикчи эшендин зоболосу күндөн-күнгө артат. Илим издегени, өнөр үйрөнгөнү, тамырын карматып, оруусуна шыпаа издегендердин баары келип, «эшендин» кызматын кылып, таалимин алып, «калипа» аттангандардын саны арбыйт. Андан таалим алгандар, ар айылда казы, молдо аталып, мечит, медресе курушуп, элдин ыраазычылыгына ээ болушуп, соопчулук жолун жолдогондор улам көбөйө берет. Кайыр, мискиндерге бей-бечараларга кайыр-садага, тамак-аш берген кайрымдуулук иш улана берет.

Ийикчи эшендин жакшылыгын көргөндөр, анын короосунда байыр алышып, бири ийикке тал кыйып келсе, бири жерине эгинин эгип, отосун отоп, суусун сугарып, бириси короосун шыпырып, бириси там-ташын оңдоп, ылайын чайып, дубалын уруп, бириси чөбүн чаап, эгинин оруп, эшендин короосу кеңейип, жери да түшүмдү мол берет. Тамагын бышырып, нанын жапкан, малын баккандар көбөйүп, Миң-Дөбө аймагы эл көптүгүнөн базарга айланат. Эшенге кол берүүгө, зыяратка, көрүнүүгө, таалим алуучулар кур кол келбей, ар кими белек-бекчеги, тартуулары менен түшүп, күн-сайын эртеден кечке казаны кайнап, самобарынан от үзүлбөй, карды ачканга тамак, чаңкаганга чай тартуулангандан улам «Эшендин колу ачык, тамагы бышылуу, казаны асылуу» дешип келгендер ыраазы болуп кайтышчу.

Жаңы келген мейманга жайылган дасторкон үстүндө чай куюп, пияланы узата коюшуп, нан сындырып, колун көкүрөгүнө ала ызаат көрсөтүшү кимдин болбосун көңүлүн жылытчу. Этегине тооп кылып, колун кармап, чекесине тийгизип, көзүнө сүртүп, колун өпкөн пенде өзүн жеңил сезип, мүрүсүн баскан оорудан, денесин салмактанткан кыжаалаттан арылгандай туюлчу. Анын ийигинин баасын сурабай, колунда болгон пулун, же буюмун берген кардар-ошол ийик менен жип ийрип, соккон кийим, буюмдарын ыйык тутуп, жөн жерге таштабай, кастарлап, бийик илдирип,коюшар эле. Ошол ийик менен ийрилип, согулган жайнамаз, тон, кийиздерди табыттын үстүнө жаап, ого эле азиз көрүшчү. Анын ийиктерин алган жака-белдеги, коңшу-колоңдор

ишканалар шайы, аллас, даки, бөз токушуп, базарга сатканда «Ийикчи эшендин» колу тийгендигин кошо маалымдашчу.

Касиеттүү эшендин короосунда жолоочу, карып, мискин, меймандардын карааны үзүлбөй, ат, төө, эшек, качыр, өгүз, кээде улоолорго чегерилген Кокон араба кош-кошу менен тизилип турчу. Очогу жок, же очоктон чыккан моорусу көрүнбөгөн ортодогу чоң казанда булоосу көтөрүлгөн аш бышып, кайсыл маалда болсун, келгендерге тамак тартылчу. Чет жактан келген билимдүү аалымдар ар кыл кийимдери менен өзгөчөлөнүп турчу. Мусулман өлкөлөрүндөгү окуялар, дүйнө жаңылыктары ал жерге маалым эле. Кабатилла, Арафат тоосунун, Мекке-Мединадан келген буюм-тайымдар, ар кыл таштар, Түркия султаны Хамид Халибоз колу менен берген адиялар жана ал өз колу менен берген жайнамаз, мөөрү басылган Мадаминди «Пайгамбардын халифи» деп тастыктаган күбөнаама да көрүнө жерде илинүү турчу. Эшен өзүнүн каржысы менен курдурган медресе, мечитте жыл сайын эки жүздөн ашкан жаштар кат үйрөнүп, сабатын аччуу. Аларга эшен өзү баш болгон Бухара, Самарканд, Кашкар калааларынан келген муфтийлер сабак өтүшүп, таалим-тарбия беришчү.

Жергиликтүүлөрдүн арасындагы эшендин аброюнун өсүп баратканын көргөн орус бийлигиндегилер, улам аймактардагы медресе-мечиттердин санын кыскартууга аракеттенишип, жаңы аймакты орусташтыруу ниетинде орус-тузем мектептерин ачышып, жаамы мечиттерде жума намазындагы кутбаларда орус падышасынын атын атап, Тиллавват кылууну талап кыла башташты. Курандагы «валмушрикин» деген жердеги «мушрикин» деген сөздү кошпой окууну, «каапыр» деген сөздү атабоону, өзгөчө көзөмөлгө алышты. Эшендин жылдык каржысын эсептеп, салык төлөсүн талап кыла башташты. Ал тургай шаарлардагы келгиндер жергиликтүүлөрдү кемсинтип, колун көкүрөгүнө ала салам айтуусун тыйышып, баш кийимдерин алып, бийликтегилер өтүп баратканда ийилип турууну эскертишти.

Улам келгиндердин саны көбөйгөн сайын жергиликтүүлөрдүн түз, сугат жерлерин тартып бере башташты. Натыйжада Оштун тегерегинде, Куршаб, Мырза-Аке, Көк-Арт

аймактарында жаныдан «орус поселкалары» аталып, жер, суу аттары орусташтырылды. Эл арасында салык, зекеттердин түрлөрү арбып, «суу пулу», «туяк пулу», «чөп пулу», «ооз пулу», ж.б.накталай акча талап кылынды. Мужуктар жайгашкан аймактарга мал жаюуга, жолдон өтүүгө чек коюлуп, «штраф» деген балээси чыгып, жайылган малды, минип бараткан атты тартып алуу, көчө-көчөдө мас болуп, жарым жылаңач аялдары менен жүргөн мужуктардын көрүнүшү жергиликтүүлөргө өөн учурады.

-Келгиндердин кесепети тийип жатат. Ээн-эркин жүргөн элибизге келгиндер неге чек коёт? Келгиндер келип бизди тескесе, жер, суу, ата-конушубузду тартып алышса кантип чыдайбыз? Бүгүн келишип, төрүбүздү талашышса, эртең өзүбүздү күл-күң кылышат. Каапырлар менен кашык каныбыз калганча кармашабыз. Казатка чыгабыз. Баш болуп бериңиз?-деп келе башташты.

Булардын айтканы ырас. Дилибиз кирлеп, динибиз басмырланып, күн алыс тескөөгө алынып, намазды тигиндей оку, «ак падышанын атын ата», орус бийлигинин, анын авладдарынын ийгилигин Кудайынардан сурагыла, тилават кылгыла!-дешип, айттоого, аш-тойдо чогулууга атайын уруксат суроону талап этишсе, эртең дагы кандай шарттарды коеру кимге белгилүү! Ушундайда баш көтөрүп, чечишип албасак, эртең жерибизди курутуп, элибизди сүрүп айдап чыгаары бышык. Намыстуу жигиттер арбын. Тоолуктар баягы адатынча бир сүрүлүп келсе, бүтүндөй Паргана аймагын шыпырып түшөт. Элет эли дилдин тазалыгын, дин исламдын ыйык эрежелерин, талаптарын кармоодон жан аяшпайт,-деген Эшен көпкө ойлонот.

-Бирок, иш өтө кооптуу. Орусия деген оо, баш-аягы билинбеген чоң дөөлөт. Сан жетпеген аскери, күчтүү куралы арбын. Паргана мусулмандары тең келе албайбыз. Бирок күрөш адилет. Мусулман пандалары акыйкат ишке кадам таштаганы турат. Дагы да, бурсат кыла турсак кантет? Элде курал жок. Курал алууга казына керек. Жамы турки мусулман бириксе кантет? Муну да ойлонуштуруп, акылдашуу керек!-деп Эшен келгендерди «Эртерээк» деп көңүлдөрүн жубатты.

-Алла ар дайым акыйкат ишти колдойт. Бул ишке бир

эле элет эмес, шаарлыктарды да тартып, газават колдоого алсак, ак падышанын зулумдугунан кутулабыз деген ойдогу Эшен өзү билген улама, аалымдар аркылуу кат менен кеңеш курду.

Маргалан акимиңе Асаке аймак приставынын билдирүүсү атайын прокурордун тергөөсүнө алынды. Ал суракта эшен, кыскача, так жоопторду берди.

-Нече жашка келдиңиз?

-Элүү бир жашка кирдим.

-Кайдан окуп, кай жерлерде болгонсуз?

Көбүн эсе Бухарада, анан Каррухта, Шахрсабзда окуп, ана ажы болууга бардым. Мединада эки жыл тургамын. Андан Хиндустанга өтүп, кийин Кашкарга келгемин. Пир досторумун кызматын кылып кайткамын.

Муриддериңиз канча киши, кай жерде көбүрөөк?

-Муриддерим көп, канча экенин билбейм. Көбүрөөк бурадарларым кыргыздар ичинде. Кетмен-Төбө, Арстанбап, Көк-Арт, Ош тараптарда.

-Улуу урматтуу падышага караштуу кайсы аймактарды көргөнсүз?

-Өз кыштагымдан тарта Севестопол, Одес, Кырым, Өфө, Ашхабад, Узун-Ата, Ташкенди көрдүм.

-Башка падышалар, маселен англис жана авган, булардын аскер кубаттары кандай? Түркия кандай?

-Булардын кудурети жана аскери ак падышаныкынча көрүнбөдү. Түркия жана Авганстан абат эмес, мүлктөрү начар, аскерлери Орусияныкынан ашык эмес.

-Мынча байлык жана имаратта атаңыздан калганбы, же өзүңүз тапкансызбы?

-Атаман кичине бак калган эле. Башка давлат калган эмес. Бу байлыкты жыйырма алты жыл ичинде, ажыдан келгенден кийин, кудайым өзү жеткирди. Экинчиден, ыйык падыша саясатында эшен болгондугум үчүн таптым. Бардык нерселеримди кудай жолуна, бей-бечараларга багыштап койгомун. Ак падышага ыразыбыз.

-Муриддериңизге салык саласызбы, же ыктыяры менен алып келишеби?

-«Бир нерсе алып кел»,-деп эч кимге айтпайбыз. «Кудай» деп алып келгенин казанга салып жейбиз. Бечараларга беребиз.

-Бу жүргөн адамдар байларбы, же кембагалдарбы? Булардан сизге эмне пайда?

Турмуштан кыйналгандар, Булардан пайда жок. Эшик шыпырып, келген кеткендерге кызмат кылышат, даааратка суу жылытышат.

-Сизге байлар жакынбы, же кедейлерби?

-Мага ушул кызмат кылган бечаралар жакын.

Эшендин жообу, анын ким экендигин, аныктаары белгилүү.

***

Орус өкмөтү Түркстанды башкарган биринчи күндөн тартып эле, өзүн жердин жогорку ээси катары тескей баштады. Жерге ээлик кылууну мамлекеттик менчиктин пайдасына чечүү кызыкчылыгы колдонулду. Түркстанды иликтепбилүү ишине кеңири чөйрө тартылган эле. Жер реформасын даярдоо үчүн атайын изилдөөчүлөрдүн бир нече долбоорлору даярдалган. «Түркстан крайын башкаруу тууралуу Жобо» 1886-жылы 12-июнда бекитилип, Түркстандын жергиликтүү калкынын жерге карата мамилеси аныкталган болчу.

Жободо жерге ээлик кылуунун жаңы тартибинде орусташкан калкка жергиликтүү салттар боюнча да, орус тартиби боюнча да сатууга, же сатып алууга жол берилген. Жерге ээ болууга орус букаралыгына өтүп, христиан динин тутбагандардын жана жергиликтүү калктын укугу болгон көчмөн калкты жерге жайгаштыруу маселесинде 1887-жылы «Түркстан крайында жерге жайгаштыруунун тартиби жана Түркстандын отурукташкан жерлеринде жер салык ишин жүргүзүү үчүн эрежелери тууралуу» инструкция жиберилген. Көчүрүп келүү саясатында мамлекет үчүн жер которуу саясатынын саясий, ошол эле учурда экономикалык да мааниси бар эле.

Орус падышачылыгы тарабынан Мамлекеттик Думада бекитилген «Орто Азияны колониялык башкаруунун Административдик Жобосу» боюнча көчмөн элдерге негизги жерлер

берилип, кыргыздарга түз жана суулуу жерлер таптакыр берилбей, жайлоолор да тартылып алынып, колониялык администрацияга өткөрүлүп берилген. (Жобону Түркстан генерал-губернатору фон Кауфман Борбордук Азияны колониялаштыруунун констуктору, колуна чексиз бийлик берилген «жарым паша», тажрыйбалуу колонизатор түзгөн эле). Ал Жобо боюнча отурукташкан өзбек, тажик, кыпчак, турк калктарына пахта эгүүнү кеңейтүү жана күчөтүү үчүн түз жана сулуу жерлер берилүүсү көрсөтүлгөн.

Жети атасынан бери мекендеп, тукум улантып келаткан тоолуктарга жер-суусунан ажырап калуу ар бири үчүн өтө коркунуч болгон. Куранды буздуруп, «каапыр», «кайырдин» деген сөздөрдү алдырып, ал тургай окуган намазга орус падышасынынын аттарын киргиздирип, вакифке тыюу салып, соопчулук үйлөрүн, медреселерди жоюп, ислам дининин таасирин чектөө, ажы кылууну тыюу элдин кыжырдануусуна себеп болду. Эл ишенген ислам динине мындай кысымдар ар бир мусулмандын намысына тийген болчу.

Эшен үйүндө мектеп ачып, бала окутуп, дарс өткөн молдолорго, мударистерге тамак-аш берип, окуучулар менен кошо багып, акы төлөгөн. Эл жер-сууларынан ажырап, укуктары чектеле баштады. Мусулман элин кордоо, кемсинтүү, мыскылдоо, сабап салуу адатка айланды. Алардын үстүнөн арызданагандарга орус колониялык администраторлор көңүл бөлбөдү. Намаз окуганда орус падышасынын атын кошуп айтуу талап кылынды. Дин уюмдарынын вакифдерин жою, медреселерди жабуу улантыла берди. Мекеге барып, ажы болууга тыю салынды.

Ушундай учурларда ар-ар жерлерде сүйлөшүүлөр болуп, наразычылык күчөдү. Баскынчыларды кууп чыгуу, дин исламды сактап калуу тууралуу сөздөр айтыла баштады. Диний туунун алдында, капырларга газават катары өтүшүн белгилешти. Мындай ишке катышуу ар бир мусулмандын милдети болоору белгилүү эле. Бул ишти ким баштайт? Ким жетекчи болот? Себеби капырларга каршы газават ачууда бир кишини дин атынан пир тутпаса, газаватта өлгөндө шейит, өлтүргөндөр газы болбой калат. Бардык жердегилердин ою Мадали эшенге келип такалды. Ошон үчүн

хазрет Расул атынан Мадали эшенди пир тутууга бүт башчылыкты берип, баары макулдашууга бел байлашты.

Бири бири менен кабардашып, күн болжошконго шаар калкы, кыргыз-кыпчак өкүлдөрү Мадали эшенге келишти. Аймактагы бүт мусулман элдеринин өкүлдөрүнө Эшен кат менен кайрылып ал газаватты качан, кай жерде баштоо кабарланса, ошол жерде бололу дешип, куран атынан баталашышты. Эшен эл башчыларына аксакалдарга кайрылуу жазды. Ага баары кол коюп, мөөрлөрүн, бармактарын басып милдеттеништи. Мадали эшендин эң жооптуу ишке, жоопкерчилиги куран сөздөрү менен кошо жазылып, бул сырды сактоого куран алдында ант беришип, касам ичишти.

Мусулман элдеринин өкүлдөрүнүн бул жайга келип чогулушун кимдир бирөөлөр орустарга кабарлашканбы, алар тарай башташканда орус бийликтеринин полиция өкүлдөрү келип:

-Неге алыстан келип, мынча көп чогулдуңар?-деп кээ бирөөлөрүн такый баштады.

-Өлгөн кишиге куран окуганы келдик-дешип аларды алаксытышты. Чогулгандар бир чыккынчы, саткын бар экендигин болжошуп, ага каргыш айтышып, бата кылышты.

Кийинки жылы ар ар жердеги эл жер, сууларынан ажырагандан улам, орус келгиндери жашаган аймакты аралап өткөн жергиликтүү элдин өкүлдөрүн уруп-согуп, кордоп, мал-мүлкүн тартып алгандарына чыдай алышпай, орус кыштактарына чабуул коюга, маслат сурашып эшендин алдына келишти.

-Бурадарлар! Али эрте. Даярдык жетиштүү эмес. Сабыр кылып тургула. Мен муридаерими,шаар калкын колума алайын. Калган айыл-кыштактарга кабар берип, аларды көтөрөйүн. Силерге өзүм кабар берем. Анан баштайбыз!-деп мөөнөттү белгилебей аларды кетирди.

1897-жылы 15-шаввалда (май) Кеңешке элет элдеринен: Кетмен-Төбө, Арстанбап, Көк-Аарт, Ош, Ноокат аймактарынан жетекчилер келишти. Миң-Дөбөдө эки күн туруп, күнтүн кеңешишти. Көтөрүлүштүн максаттарын, жүрүшүн, куралдуу чыгууну, аны кандай баштап, кай жерди алууну белгилешти. Алардын арасында белгилүү, эл бийлеген адамдар:

Рустамбек Сатыбалдиев, Субанкул Арабай уулу, Чыйбыл Абдылда бий уулу, Төрөбай Гайыпбай уулу, Өмүрбек Алим (молдо Бекмурат) уулу баш болгон көпчүлүк бар эле.

Көтөрүлүштүн жетекчилеринин милдеттери бөлүштүрүлдү. Паргана облусунун Көк-Арт болушундагыларга болуш Чыйбыл Абдулда уулу менен болуштун наиби Рахматуллага жүктөлдү. Ош аймагында Өмүрбек даткага, Маргаланга Бакир Нурмат уулуна, Анжиан шаарына Мадамиң эшен менен Зиябидин Максымга жүктөлгөн. Атакул паңсат Ханазар уулу Кара-Кол кыштагындагы казактардын арасына чабуул жасоону бөлүштүрүштү.

Орус баскынчыларынын башкы таяничы болгон. Эң биринчи Анжиан гарнизонун басып алуу. Бул көтөрүлүштүн негизги максаты катары белгиленди. Андан соң күтүүсүз кол салып, Маргалан, Оштогу аскер лагерлерин талкалап жок кылуу. Анан Наманганды ээлөө. Кокон хандыгын калыбына келтирүү. Эл орус эзүүсүнөн жанчылды. Бардык жерде колдоолор болот. Андай ийгиликтер боло берсе Ташкенди, Самарканды ээлеп, каапырларды Орто Азиядан биротоло кууп чыгып, мусулманстанды орнотуу. Ал үчүн көтөрүлүштүн куралдуу күчтөрүн күчөтүү. Ким кайсы багытта, кайсы аймакта куралдангандарды көбөйтүп, көтөрүлүш башталганда өз аймактарында согуштук ийгиликтерди камсыз кылуу белгиленди.

Дукчи эшендин катын алган Зиябидин Максым Төөлөс айылынан Кыркоолго мага келди –деди датка.

-Датка, Мадали эшендин каты боюнча-келдим сизге

-Мен да, алдым.

-Ал боюнча кеңири акылдашалы. Мөөнөтүн айта албайм. Өзүм чакыртам дептир.

-Чакырганда бир жаңсыл болоор. Ага чейин күтө туралы!

-Мен да ошентип ойлойм.

-Деги элдин пикири кандай?

-Элдин нааразычылыгын угуп жүрөбүз. Баары эле кулак түрүп турушат.

-Ага чейин да кеңешип, бир пикирге келээрбиз.

-Мен Оштун ичин иликтеп жатам. Кошула тургандар арбын.

-Мен да айыл аксакалдарына, молдолорго көрсөтмө бердим. Кабарды гана күтүп турабыз-деди Максым.

Убакыт өтө берди. Көк-Арт өрөөнүнүн кыргыздары аркы тарабы Кетмен-Төбө, Жалал-Абад, Өзгөн аймактарынан атайын бийлери чакырылып, бир ашта «Мужуктарды жок кылабыз» дешип Чыйбыл болуш менен Молдо Рахматилла-нын айланасына чогулуштту. Ал жердеги «Каапырларга каршы газаватта өлгөндөр шейит болуп, түз эле жаннатка түшөт» деген молдолордун айтымы көбүнүн канын дүргүттү.

-Ооба. Ошол кезде Кетмен-Төбө аймагында да уу-дуу кеп көбөйүп, элдин бары кулак түрүп калышты.

-Кабар Анжиан аймагына толук жетти эле да.

-Кетмен-Төбөлүктөр да дүргүп калышты. Эл топтошкон жерде эле ушундай сөз, деп Токтогул сөзүн улады.

Жай келип, малдуу-баштуулар салкын төргө көчүп кеткен мезгил. Шадыбек калпа мени чакыртыптыр. Калпанын үйүндөгү меймандар жабыла кабыл алышты. Аларга кандай керек болуп калганынын сурагыча болбой, меймандар да аттанып алышкан эле. Топ атчандар менен тез эле намангандык чоң соодагер Төрөхандын үй-дүкөнүнө келдик. Меймандар менен кошо жүргөн өзбек өз оюн дасторкон үстүндө билдирди.

Орус чапкынчылары келгенден бери, заман тарыды. Жергиликтүүлөрдүн жерлерин тартып алышты. Динибизди бузушууда. Элдин кыжыры кайнаган менен каршылык көрсөтүлбөй жатат. Орустарды кууп чыгыш керек. Ал үчүн бүт мусулмандар биригип, аракет кылсак гана пайнап чыккыдай. Мусулман аттууларды бириктире турган азаматтарды колдоор элек .

-Парганабызда мурда болбогон окуялар орун алууда. Өткөн жумада Мадали ханга (Мухаммет Али калпа Сабир Сопу уулуна) сот болуп, тез эле бошоп чыкты. Анын, эч кандай күнөөсү жок. Бул ишти орустар мусулмандарды шылдыңдаш үчүн, өз бийликтерин көрсөтүш үчүн жасап отурушат. Мадали эшен мындан мурун ажыга барган. Ал жактагы дин кызматчылары орус баскынчыларына каршы

чыгууга элди үгүттөөнү мусулмандарды бириктирүүнү айтышыптыр. Дукчу эшени муруттары менен жүргөндө орус приставы ээрден жыга түртүп, эшегин жетелетип, жөө бастырып, көчөдө аябай келекелешип, шылдыңга алышыптыр. Байкуш эшен алардын кордугуна аябай ызаа болуптур.

Ыйык эшен биз менен түрк султаны менен жалпы эле мусулманчылыкты ыйык туткандар менен кеңешип туруп өз динибизди сактап калууда, орустарды Парганадан кууп чыгуу керектигин, биринчи кезекте Анжиандагы, Оштогу, Маргаландагы орус аскер бөлүктөрүн талкалап жок кылууну айтты.

Алла пайгамбарыбыздын жердеги жардамчысы Мадали хандын тилегин берет. Карапайым элдин көтөргөн орок-кетмендери, союл-бешликтери баскынчыларга каршы куралга айланат. Ага берилген ыйык жүгөрүнүн дандары мусулман дининдегилерге каршы чыккандарга ок болуп тийет.

«Алланын амири менен Мадали эшен Кашкар аркылуу керемет күчү бар: селде, тебетей, ыйык чепкендерди алды. Аларды мурда кийген канчалаган аскер башчыларына жеңиш, атак-данк алып келген. Ошол касиеттер эми көрүнөт. Куда Мадали ханга ыйык ак боз атты асмандан түшүрөт. Ал мусулмандарды баштап,каапырларга каршы аттанат.

Куданын берген касиети менен Дукчу эшен өзү турган Миң-Дөбөдөгү талааны гүлдөтүп салды. Чоң казанды отсуз кайнатып, жолдо өтүп бараткан жүздөгөн жолоочуларга бекер тамак берип жатат. Ал өтө ыйык, мусулманчылыкка жан күйгүзгөн эшен. Динди сактап калууга Мадали хан гана ылайык. Аны эл башкарганга жарайт деп, бүтүндөй мусулмандар тапты»-деп койнунан кырмызы кагазды алып, арап тилиндеги жазууну отургандарга окуп берди.

-«Ааламдын жана бардык жакшылыктардын ээси Аллага жана анын жердеги элчиси Мухамметке, үй-бүлөсүнө, бардык максатташтарына мактоолор болсун.

Эшендик улуу касиет Азирети Мухамметтен Азирети Сыдыкка, Баязитке, Хасанга, Алиге, Юсупка, Жахан кожого, Абдулла кожого, Ариф кожого, андан ары гамодонго, хоженттикке, калпа Мухаммед-Али Миң-Дөбөлүккө келди.

Мухаммед-Али калпа Сабыр Сопу уулу-Мадали хан.

Мадали эшенди-калк Духчи эшен аташат. Демек, ушундан кийин Мадали хандын Түрк султанын Парганадагы орун басары экенине, ыйыктыгына, тапшырмаларына, буйруктарына күмөн саноого болобу? Болбойт. Биз баарыбыз мусулман динин ыйык туткан Мухаммед пайгамбарыбыздын үмөттөрү Мадали эшендин ыйыктыгына ыкырар болуп, берген буйруктарын, ар кандай тапырмаларын так аткарышыбыз керек. Аткарып кана тим болбостон анык милдетибиз катары сезишибиз тийиш».

Түн бир оокум болсо да, эч ким ордунан козголгон жок. Кайрадан сөз уланып, Миң-Дөбөдөгү кийинки эшен менен болгон байланыш, Кетмен-Төбөдөн кимдер орустарга каршы көтөрүлүшкө катыша алышат. Кимдерден этият болуу керек. Жергиликтүү жана падышалык жетекчиликтерден бул жерде кимдер. Алар кимдер менен байланыш экендиктери жөнүндө этияттанган сөздөр жүрдү.

Мадали хандан келген өкүл койнунан оролгон кагазды алып, ичинен бир нече мөөр басылган барактарды бөлүп, Шадыбек калпага атайын арналган катты окуп берди.

«Он сегиз миң ааламды жараткан Аллага мактоолор болсун!

Кудай өзү жараткан Адам атанын перзенттерине бардык жакшылыктарды ыроологон. Жер үстүндөгү керектүү насиптин баарын татып, каалагандай жашап өмүр кечирүү атаа болгон соң, күнөөгө батпай, үй-бүлөө күтүп, бала-чакалуу болуу милдетин өтөөгө жол берилген.

Адам баласынын жарыкчылыкта жашоосунда кудайды таануу, пайгамбарга үмөт болуу андагы пайгамбар Мухамметке, анын сахабаларына мактоолор болсун!

Өмүрдү дин исламга арнап «газы» болууга, эгерде керектелсе, шейит кетүү ар бир мусулман баласынын бирден бир милдети. Ал үчүн куранга колду коюп, ант берүү керек. Эгер анттан кайткан болсо эки дүйнөдө бети кара болуп, шайтандын кейпин кийип өтөт».

Катты окуп бүткөндөн соң, тооп кылып, көзүнө сүртүп, акырын ээриндерин тийгизди да аярлай дасторкон үстүнө коюп, отургандарга кыдырата карады. Ал жайда отургандар шашыла эңкейишип, Шадыбек калпанын колунун үстүнө

колдорун коюшуп, ант беришти. Баягы бөлүнгөн барактарды ал ар бир топтун башчыларына бөлүп берди.

Ийикчи эшенден келген өкүл жанында жаткан куржундан оролгон чарчыны алып, аны аяр жазып, ичиндеги жалтырак кагазга кооздолуп чыгарылган бир неге журналды алып кийизге койду. Андан соң куржундун экинчи көзүнөн кара-күрөң түстөгү эки-үч китепти алып чыкты. Аны да аярлай баштагы журналдардын жанына коюп, анан жан чөнтөгүнөн бир нече алтын тенгелерди китептин үстүнө таштап, кайрадан сөзүн улады.

-Бул алтын теңгелер Кабулда гректер менен болгон согушта Түрк султанынын жеңишке жетишкендигин колдоо үчүн жана Орто Азияда, бүткүл Түркстанда болуучу ыйык согушту камсыздоочу акча фондусун колдоо үчүн чыгарылган.

Бириккен Ислам мамлекетин куруу үчүн Түрк султанына каржынын хорун түзүүгө, жихат туурасында ушул китептер чыгарылган. Анын акысы ыйык согуштун хоруна түшөт. Журналдар четтен-Стамбулдан Константинополдон келген. Ислам дининин бекемдигин, күчтүүлүгүн, Түрк султанынын гректерди жеңип, крестерин алгандыгы менен даңазаланганы жазылган. Мухаммед пайгамбардын кылычы бардык мусулмандардын колунда турат. Аны орустарга каршы туура шилтеп, алардан түбөлүккө кутулуу керек.

Дукчу эшен Алланын буйругун аткарууга киришкен эки жылдан бери Парганада орус адмиңистрациясына тең тайлашкан, тикелешкен Ислам бийлиги пайда болду. Эми ар бир болуштукта кудайга ишенген өз кишилер пайда болду. Суусамыр болуштугу Шадыбек калпа сизге тапшырылат.

Эми кудайдын кулумун дегендер газават жарыялашы, ал үчүн караламан калкты ойготуп, каражаттарды топтоо айрыкча унаалар керек деп, баягы түйүлүү курдан көп барактарды алып чыгып;

-Чакыруу каттарды күн кечиктирбей, убакытты созбой журт башчыларына, байларга таратуу керек. Мына бул ишти, шер айткан бу кишиге окшогондор жакшы аткарышат. Алар каалаган топторго барып, үгүт иштерин жүргүзө алышат-деп ал Токтогулду көздөй ээк какты.

Дин исламды кантип сактап калуу, Ата Мекенден баскынчыларды кантип кууп чыгуу жөнүндө сөз болуп, диний туу алдында биригүү, каапырларга газават катары өтүү, ар бир мусулмандын милдети экендиги белгиледи. Капырларга каршы газават чыгууда бир кишини дин атынан пир тутууга, бүт башчылыкты берип, баары баш урууга макулдашуу зарылдыгына токтолду.

- Газаватта өлгөн шейит, өлтүргөндөр газы болуш үчүн эшенди пир туталы. Шашылыш эшенге ат чаптырышып, аны алдыралы-деп отургандарга кайрылды.

Эшен мусулман элдерине кат менен кайрылып, газаватты качан, кай жерге баштоого болоорун маслат-ташууга өзүнүн сопуканасына чакырган кат жөнөттү. Аңгыча Шадыкан баатыр баш болгон Көк-Арттыктар орус бийлигин аткарып турган Чыйбыл болушка акылдашканы келишти. Ал Миң-Дөбөдөгү Эшен менен кеңешүүгө жиберди.

-Бурадарлар! Али кеңешибиз бүтө элек. Сабыр кылып күтө тургула. Мен муриддерим аркылуу шаар, элет калкын колго алайын. Анан чабуул баштоого өзүм силерди чакырам,- деп Эшен мөөнөтүн белгилей алган жок.

Жанаша жайгашкан Ноокат аймагынын Жүлгө айылын-дагы Зиябидин максымды алдырып шаарлардагы, айыл-кыштактардагы ишеничтүү адамдарга жашыруун кат жолдош-ту. Оштогу Курманжан датка жана анын балдарына, Жакып Ахун аалымга, Анжиандагы Махмудалибай Халмурзабай уулуна, мударисттер Самий Ахунджанга, дамбылда Халик-бердиге, Маргаландагы Махамат Юсупжан эшенге жана Саид Ахмед кожого, Наманганлагы Иахахан төрө менен Кадыр кожо ажыга, Ноокаттан Өмүрбек датка дагы-дагы зобололуу кишилерге:

«Мусулмандар! Ар кандай кара иштер көбөйүп, акыр заман болду. Ааламыбызды каапырлар басып, ислам кордолду. Түркстан мусулмандыкка тардык кылып калды. Бул акыйкатсыздыкка каршы баш көтөрүү баарыбызга милдет. Күтө берип ушул убакка келдик. Эми карап отурууга чама жок. Исламды пасчылыктан куткаруу парзын өтөөгө кайры-лып жатабыз. Сиздер шаввал айынын он бешинчи күнү Миң-Дөбөдөгү биздин пикирканага келүүңүздөрдү күтөм. Биздин

максаттарыбыздын аткарылышына бир Кудай өзү жар болсун» деген каттар жөнөтүлдү.

Болжолдонгон күнү шаввал айдын он бешинде чакырылгандардан өкүлдөр Миң-Дөбөгө келип, Эшендин бүтүмүн күтүп турушту. Ар тараптан, ар кыл каттардын жообу келип, окулуп жатты.

-Тобокелдикке баш койдук. Биз мындай жоопко маакул эмеспиз,-деген элет жетекчилери Кетмен-Төбө, Арстанбап, Көк-Арт, Ош, Ноокат багыттарынан келишкен белгилүү адамдар Чыйбыл Абдылда бий уулу, Рустамбек Сатыбалды бий уулу, Субанкул Арабай уулу, Төрөбай Гайыпбай уулу, Өмүрбек (Бекмурат), Алим уулу баш болушкан топ Миң-Дөбөдө эки күн туруп, күн-түнү кеңешишти. Көтөрүлүштүн максатын аныкташып, жүрүшүн-эң мурда куралдуу чыгууну, кай жерден баштап, кай жерге барып, кай жерди алууну белгилешти. Эң биринчи-орус баскынчылыгынын башкы таянычы болуп турган Анжиан гарнизонун басып алуу көтөрүлүштүн башкы максаты экендигин белгилешти.

Андан соң күтүүсүз кол салып, Маргалан, Оштогу аскер лагерлерин талкалап жок кылуу, андан соң Наманганды ээлөө, Кокон хандыгын калыбына келтирүүгө токтолушту. Эл орус ээзүүсүнөн жанчылды. Бардык жерде колдоо болот. Ийгилик сөзсүз жаралат. Ташкент, Самаркандды ээлеп, орус каапырларды Орто Азиядан биротоло кубалап чыгуу менен мусулмандыкты курабыз,-деген демилгеге баш коюшту. Куралдуу күчтөрдү жакшы уюштуруп, көтөрүлүшкө элди тартуу белгиленди. Сыртта короого батпаган көпчүлүк турду.

-Бийликтегилер билип калса не болот?-деген эшен алдастап, шашып калды. Эми шаарды беттеп жөнөбөскө арга таппай, эшен ишти тобокелдикке салды. Эшен Көк-Артка Чыйбыл болушка ат чаптырды. Атакул паңсат Ханазар уулу баш болгон топ Шадыкан баатырды алып, Асаке жанына келишин күтөрү кабарланды. Ал тараптан:

-Азирети эшен жолго чыга берсин. Биз бул жактагы мужуктарды тындым кылып, Анжианга жете барабыз,-деген кабар келди.

Көк-Арттагы тоолуктар чогулуп, азыр эле барып, мужуктарды басып алууга даяр турушту. Чыйбыл болуш аларды

тескеп, үч жүздөй эр азаматтарды эшендин буйругу менен болууга Миң-Дөбөдөгү эшендин канасына барууга жиберди. Күпүрөгөн топ атчандар эшендин эшигинин алдына келишип:

-Кана, эшен пирим. Мезгил келди. Жолду баштан,- дешип шаштырышты. Мындайды күтпөгөн эшен туш-тушка чабарман чаптырып, Анжиан, Ош шаарларындагы таанымал адамдарга кабар жөнөтүп, эртенден кийинки күнү көтөрүлүшкө чыгууга чакырды. Алардын көпчүлүгү, орустардын бийлигине куралсыз адамдардын чыгышы туура эместигин болжошуп, кабардын жообун берүүгө шашылышкан жок.

Миң-Дөбөдөгү Тажик кыштагында чоң кичинеге карабай эркектин баары даарат алышты. Мечитке чогулгандардын саны арбын эле. Короонун ичине эл батпай, мечиттин айланасында, намазга сап-сапка тизилишип, биринин артынан бири тура башташты. Имамдыкка эшен өзү өтүп намаз окулду. Көпчүлүк тарап кетпей, эшендин ар бир кыймылына көз тигип турушту.

-Азиз мусулмандар! Бүгүнкү окулган намаз баарыбызды ак ишке, адил күрөшкө үндөдү. Мусулман калкына Алла Тааланын өкүмү, буйругу дайын. Жараткан ар бирибизге жар болсун, баарыбыз күрөш алдында турабыз. Журтубузга орус келди. Каапырлардын бийлиги өтүп, ак падыша өкүмдар болду. Дилибизди азгырып, динибизди өзгөрттү. Шариятыбыз кордолуп, мусулманчылык карып болуп баратат. Бул кулдукка жана баскынчылыкка каршы жихадга чыккыла! Жихадда өлсөк шейит, өлтүрсөк газыбыз! Жихад! Жихад! Миңден ашык адам «Жихад, жихад» деп кыйкырышып, мааладагылар дүрбөлөңгө түштү…

Улам уу-дуу көбөйө берди. Бирин-бири сүрмөлөшкөн көпчүлүк Ноокат, Асаке, Булак-Башы, Куба, Араван, Кызыл-Кыя да ар тараптан топтолушуп, Миң-Дөбөгө карай, бет алышты.

Кабарды уккандар, биринин аркасынан бири келип, кошула беришет-деп көпчүлүк, эшенди ойлонууга мүмкүнчүлүк беришпей шаштырыша чуулдашты.

Эшен шашкалактап, туш-тушка чабаганыларды жөнөтүп жатты. Анжиан, Ош шаарларындагы белдүү, таанымал адамдарга, медресе-мечиттерге, өзүнүн тааныштарына, кат-

кабар жиберип, эки күндөн кийин жалпы эл көтөрүлүшкө чыгарын кабарлап, аларды камданып келүүгө чакырды.

Болжогон эки күнгө жетпей эле шавле айынын он алтысында эшендин короосуна топтолгон беш-алты жүзгө чамалаш адам чуу салышып, эшенди ак кийизге салып, хан көтөрүштү. Кыйкырып-бакырышып, куттук айтышып, уу-чууну аябай эле көтөрүп жиберишти. Көп дервиштер зикир чалышып, аса-муса таяктарын шалдыратышып,ак уруп жүрүштү. Эшен көпчүлүктүн чектен аша кыйкырыгын, баса албай калды. Баш аламан, тополоңдон улам, тобокел кылуудан башка арга калбады. Дулдулга эшенди миндиришип, «Эшен хан», «Эшен хан»!-деп кыйкырышып, бирин-бири сүрөгөн топ, жолго чыгышты. Алардын артынан калбай катын-калач, бала-чака да кошо дүрбөштү.

Кыштак ачыктан-ачык, ачылып-чачылып, артта калды. Улам кыштактарды аралап өткөн сайын, жаш-кары дебей аларга кошулуп, топтун саны эки миңден ашып кетти. Көтөрүлүшчүлөр түн бою тынывай жүрүп, таңга жакын Анжиандын жанындагы Чакандага жетип келишти. Ал жерде бир аз топтолушуп, анан жаңы шаарды көздөй бет алышты. Жаңы шаарда орус аскер гарнизону жана орус адамдары, жаңы салынган имараттарда турушар эле.

Бир тобу «Авган бак»дегенге кирип барышып, андагы бир орус төрөсүн өлтүрүштү. Эшен хандын ак туусун анын канына чылашып, аны эшендин колуна карматышат. Көпчүлүк түндү жаңырта «Э, Алла!», «Э, Алла»деп кыйкырып жөнөштү.

Атчандар топурап аттарынан түшүшүп, жөөлөрү жеңилденишип, уктап жаткан солдаттарга жабыла чуркап киришип, бириси бычактап, экинчиси муунтуп, балта, кылычы менен чаап, таяк, айры менен сайып, аёсуз өлтүрүүгө киришишти. Уу-чуудан жанаша казармадагы солдаттар ойгонушуп, бир нечеси терезе аркылуу сыртка секирип чыгышып, кыйкырык салышат. Үлгүрүп калганы мылтыгын ала коюп, ок чыгарышып, көтөрүлүшчүлөр менен кармаша кетишти. «Алла, Алла!»деп кыйкырышып,эшен-сопулар бирине-бири дем беришти.

Мылтыктын тарса-турсунан ушу качкан көтөрүлүшчүлөр

артка чегиништи. Түнкү кармашта канчасы өлүп, канчасы жарадар экени белгисиз эле. Сүрүлгөн топ эски шаарды көздөй бет алышты. Таң ата базарга жетишип, көчөлөрдү жаңырта, кыйкыра башташты.

-Шаарды алдык! Шаар биздики! Кернейчилерди тапкыла! Жар салдырабыз!-деп кыйкырып жатышты.

Тарсылдаган мылтыктын үнүнөн улам, аларды тартипке чакырып, баштаган жетекчи жок эле. Ар кими кара башын калкалоонун камын көрүп, жарым-жартылайы шаардын батыш тарабына карай качып, жөнөштү.

Эшенди жандаган анын муриддери селделерин ыргытышып, жаман-жуман кийимдерге оронушуп, кейптерин өзгөртүшүп, мандикерлерге окшошууга өтүштү. Жеткен жердеги үй-короолорго бекиништи. Атчандар көчөмө-көчө чапкылашып, тоо-тоону көздөй зымырай бет алышты. Окуялардан кабары жок, эски шаардын тургундары базарга чыгышып, дүкөндөрүн ачып, соода кылууга кам көрө башташты. Ошондо гана Эшен баш болгон тополоңчулар аскер гарнизонуна кол салышып, жыйырма үч солдатты өлтүрүшкөнү, кайра куралдуу солдаттарга туруштук бере албай, өздөрү качып чыгышкандыктары, биринен сала бирине угулуп жаты.

Шашылыш кабар Анжиандан жетип, Паргана облусунун аскер гарнизонунун башчысы генерал Чайковский эки жүз элүү куралдуу аскери менен шашылыш келди. Жаңы шаарга түшүп көчөдөн көрүнгөн мусулман адамдарды сурабастан атууга буйрук берди. Жолдуката солдаттар көрүнгөн мусулман адамдарды сурабастан атып келатышты. Бул окуядан түк кабары жок, талаада иштеп жүрүшкөн дыйкандардын, мал кайтарып, тиричилик менен алек болушкан катын-балдардын, кандары айыпсыз жерден төгүлдү.

-Гарнизиондо өлтүрүлгөн досторубуздун каны үчүн-деп бала-чаканы, кемпир-чалдарды аяшкан жок. Сансыз аялдар кара кийинишип, эсепсиз көп балдар атасыз жетим калышты.

Орус бийликтери Анжиан шаарынын айлана-тегерегиндеги эл жайгашкан, жакынкы аймактардагы миң башы, эл башчыларды бүт чакыртты.

Ошол кезде Ноокатта «Миң-Дөбөгө эл чогулуп жатыптыр деген кабар келди».

-Орус баскынчыларына каршы, көтөрүлүш башталыптыр.

-Анжианга барабыз деп, көтөрүлүшчүлөр жапырт чыгышыптыр.

-Көтөрүлүшчүлөр Ошту, Маргалан, Намангагды басып алабыз-деп жатышыптыр

-Жала-Абад, Көк-Арттан көпчүлүк, чогулуп келишиптир

-Кетмен-Төбө, Арсланбаптан да көпчүлүк келиптир-деген сөз эл арасында таркап кетти.

Ошол күнү Ноокат аймагындагы Ак-Теректе Ош уйөзүно караштуу Кыркоол-Сай, Тамчы-Булак, Жапалак айылдарынан үч жүздөн ашуун өкүлдөр чогулуп келишти. Алардын колдорунда мылтыктар жок. Союл, таяктар гана эле. Көпчүлүктүн ортосунда Өмүрбек датка, кайрылып жатты.

-Туугандар, бүгүн түндөсү Анжиан менен Маргаландагы аскер гарнизондоруна чабуул башталат. Биз болсо Ошко барып, аскерлердин куралы сакталган кампасын алып, анан ишке киришебиз. Жапырт, баарыбыз жөнөйлү!-деп айтып жатканда

-Орустар келе жатат-деген кабар угулду.

Чогулгандар билинбей тарап кетишти. Ошко алдын ала, кабар жеткирилгендигине улам, абалды билүү үчүн бийлик кызматкерлери келишкен эле. Себеби, Ош уйөзүнун мурдагы башкаруучусу Карабек подполковник Зайцевге болуп жаткан абал тууралу кабар билдирет. Зайцев көтөрүлүштүн чыгуусуна жол бербей, убагында басып коюга чара көрүү үчүн жер-жерлерге шашылыш кабар жөнөтүп, бир кызматкерин Ноокатка жиберилген болчу.

Баягы убада боюнча кайра чогулушуп, Өмүрбек датка менен анын жардамчысы Сатыбай Рахимбай уулу баш болгон топ, түн киргенде көпчүлүк болуп Ошко келишти. Бирок, алдын ала даярданып, алардын келишин күтүп жаткан куралчан топтун, ок атуусунан улам, алар аркага чегиништи.

Көп өтпөй бийликтегилер элдик кыймылдын көптөгөн катышуучуларын Ошко алып барып камай башташты. Ноокат аймагынан элүүдөн ашык адам, «Көтөрүлүшкө катышты»,-деген айып коюлуп, камакка алынды.

-Эшенди таап келесиңер! Эгер таппасаңар эски шаарды

окко тутабыз. Замбиректер менен үйлөрүңөрдү атып, кыйратабыз. Бүт элге жарыя кылгыла! Эл Эшенди кармап берүүгө катышсын. Кимде-ким Эшенди кармаса алтын-күмүш сыйлык алат. Шаардын чоң башчылыгына шайланат-деп жарыялашты.

Орус солдаттары кимде ким ак селделүү, ак топулуу көрүнсө, Эшенби, Эшен эмеспи, ал жагын ылгабай, атып-уруп, камакка алышты. Солдаттар Миң-Дөбө кыштагына жиберилди. Алар жолдо учурагандарды сураксыз атып, өлтүрүп баратышты. Эшендин качканын уккан кыштактын тургундары, Эшендин бала-чака, тууган-уруктары качып кетишкен эле. Эшендин короосун, эгин талааларын туш тарабынан тинтип, тытмалай караштгы. Калган каткандарды, карыкартандарды, оору-сыркоолорду орус солдаттары аяшкан жок. Жаткан-турган жерлеринде атып ташташты. Эшендин үйүн аңтарышып, бир сандык толо каттарды, жазган кагаздарды таап алышты. Эшендин жазган ойлорун, көтөрүлүшкө тиешелүү пикирлерин, таржыма кыла окутушуп, аты чыккан адамдарды тизмеге алышты. Ал адамдар Эшен менен байланышы бар дешип, абактарга алынды.

Миң-Дөбө кыштагын аткылашты. Түркстан губернаторлугундагы бүт аскерлер поезд менен алып келинди. Шаарга жана анын айланасындагы айыл-кыштактарга солдаттар толуп кетти. Абактар толуп, мечиттерге, медреселерге, атканаларга жаңы абактар ачылды. Жай айындагы, кырк градустан ашкан ысыкта, абактагы камалгандар, аш-оокат, суу ичпей, боо түшүп, өлө башташты. Шаардын көчөлөрүндө көз көрүнөө адамдардын денелери ирип, сасып жатты. Ага эч ким көңүл буруп да койбоду.

Анжиандан качып чыккан Эшен, элеттик кыргыздарга ишенгенби, же жат көздөрдөн паанарак, жалгыз-жарым адам гана болбосо, тоонун ичи ээн дегенби, Арстанбап багытын көздөй бет алып, он күнгө жакын тоо-токой аралап, адашып жүрдү. Жолду билишпей, багытты аныктай алышпаган жанындагы адамдар бир-бирден жоголо беришип, үч гана муриди менен Эшен калды.

-Эшенди кармаган миң башыга Анжиандын акимдиги, алтын-күмүш берилет-деген орус бийликтеринин убадасынан

кийин, ар бир мансапкор жан үрөп киришип, үйлөрүнө түнөбөй, чар тарабын аңдыгандар көбөйүп кетти.

-Эшен тоо тарапта, токой аралап жүрөт. Көргөндөр бар экен. Тааныгандар болуптур-деген сөздөн улам кайсыл тоо, кайсыл токой экенин ажырата алышпай, эси-көөндөрү элет жактарда болушту. Башкалары Алай, Кара-Кулжа тараптарга өтүшүп, күнү-түнү жол тосуп жүрүштү. Анча-мынча «качкындардын карааны жүрөт» деген каңшардан улам, Кадыркул миң башы менен Якып саркар Арстанбаптын Таш-Көпүрөсүнө жакын жердеги токойду акмалашты.

Бабаш-Ата тоолору тараптагы ыйык мазарлар жакка өтүүгө келе жаткан үч атчанды көрүшкөн Якып саркар менен Кадыркул миң башы билинбей андып жатышты. Улам жакындаган үч атчандын бири Эшен экенин нак тааныган Якып саркар, капылеттен жүгүрүп жолго чыкты да

-Оо таксыр! Мен сизге жардам берейин-деп, зарыга күтпөдүм беле. О, Кудай тилегим кабыл болуп, азиз адамыма жоолуктурдуң-деп кыйкырып кучагын жаят.

Эчен күн коркуп, жылуу сөз укпаган Эшен атынан ооп түшүп, солкулдап ыйлап, Якыптын кучагына боюн таштайт. Ноопуруш Якып саркар канча күндөн бери ачка калып, арыктаган, алсыз кичинекей Эшенди кучагына бекем кыскан боюнча, жерге кычыра басып, тырпырата колун кайрыйт. Аңгыча беркилер жүгүрүп жетишип, Эшендин колу-бутун бириктире байлашат. Эшен кокус качып кетсе, кууп кармайбыз деп, беш-алты атчан жигити менен суу боюндагы токойдо жашынып турган Кадыркул миң башы чаап, жете келди.

-О, баарын канвайран кылган найсап. Ушубу сенин ыйыктыгын!-деп ызырынат.

-Найсап. Менин каргышым тийсин, силерге. Экөөң тең өлөрүңөрдө жинди болгула! Мени каапырларга кармап берген колуңар менен өз башыңарды уруп, сөккөн оозуңар, өз денеңерди өзүңөр тиштегилеп өлгүлө!

Орус бийликтери шаардыктарды көчө-көчөлөргө чыгып «Эшенди көрүшсүн» дешсе, эч кими өздөрү каалап көчөгө чыгышпайт. Шаардын тургундарын үйлөрүнөн зордоп алып чыгышты.

-Эшен ушулбу? Эшенди ким тааныйт? деп орус бийли-

гинин жагымпоздору. Туургандардын эч бири унчугушпады. Эшенди шаар тегерете кыдыртып, ошол күндөн баштап, катуу суракка ала башташты.

Эшен колго түшкөн соң, бир нече адамдар өлтүрүлдү. Эмки кезек аныкы эле. Аскер губернатору менен аскер соту бирдикте Эшенге тергөө жүргүзүштү. Колу-бутунда кишен, мойнунда чынжыр тагылган байкуш басарга алы калбай, араң кыймылдап калган эле.

-Аты жөнүң ким?

Мухаммед али халфа Сабыр Сопу уулу

-Каерде туулгансың?

-Маргалан шаарына жакын Шахидан деген кыштакта туулупмун.

-Сен Эшен, ыйык, император женилбес экенин билип туруп, ага неге каршы иш жүргүздүң?

Эшен унчукпай,жерге карап отурду.

-Сүйлө! Жооп айт!-деди губернатор.

Жооп болбоду.

-Бул ишке өзүнчө кириштиңби, же адамдар сени көтөрүлүш чыгарууга түрттүбү?

-Өзүм.

Сот суроону улатты.

-Мындай ой, сенде, качандан бери пайда болгон?

-Жакында эле.

-Сени менен кимдер маслатташты? Миң башы, эл башылардан сага кимдер кошулду?

-Эч кими болгон эмес.

-Сүйлө! Болгон чындыкты жашырбай айт!

Эшен сүйлөбөй, сүкүт тартып отура берди.

-Көп адамды, эмне деп, ээрчитип келдиң?

Эшен жооп бербеди.

-Үндөбөй кутулам дейт окшойт. Муну сүйлөй турган кылабыз. Ур!-деди аны курчап турган солдаттарга

Бириси келип, мылтыгынын кундагы менен желке талаштыра бир койгондо,ал кулап түштү.

-Тургузгула! –деди сот.

Баягы солдат аны булкуп, ордунан тургузду.

-Гарнизонго кол салгыла!-деп, ким айтты?

-Лайлалахомаххамадросуллоло-деп келме келтирди Эшен.

-Эмне деп жатат?деп сурады сот.

-Кудайга шүгүрчүлүк кылат-деди тилмеч.

-Сен шайтан, кууланып жатасыңбы?

-Алхамдулила,…Алахамдулила-деди ал

-Эмне деди?

-Келме айтууда

-Таякты алып келгиле-деп солдаттарга буйруду.

Эки солдат жүгүрүп чыгышып, бир топ союлдарды алып келишти. Шериктери Эшендин көйнөгүн чечип, жылаңачтап, жаткырышты. Байкуштун арыктаганынан кабыргалары кадимкидей саналып турат. Эки солдат бетме-бет туруп алышып, сабап киришти.

Эшен бекем тиштенип, кыйкырбастан көздөрүн жуумп жатты. Бир аздан кийин ал, эс-учун жоготуп, өлгөн кишидей болуп калган эле. Солдаттар аны сүйрөп чыгышып, арабанын үстүнө ыргытып, андан ары абакка алып кетишти.

Абактагылар бир-бирден суракка барып жатышты. Кезеги келген Өмүрбекти суракка жалгыз алып киришти.

-Ысмыңыз ким? Кайсыл жактансыз?

-Ысмым Өмүрбек. Ноокаттанмын-деп жооп берди.

-Жашыңыз канчада?

-Сексен жаштамын

-Канча жериңиз бар?

-Бизде жерди менчиктебейт. Малды эсепке алат.

-Малдарыңыздын саны канча?

-Бир короо кой. Төрт-беш үйүр жылкы. Кара малды көп эле санакка албайбыз

-Мал сизге атаңыздан калганбы, же өзүңүз тапкансызбы?

-Атаман да калган, өзүм да тапкамын

-Улуу урматтуу падышанын аскеринин көптүгүн билет белеңиз?

-Билет элем.

-Билсеңиз, эмне үчүн туугандарыңызды баштап, адепсиздик менен падышага каршы үгүт жүргүздүңүз?

-Бөтөндөр келип, зордук менен жерди тартып алышты. Ата-бабалардан калган жерлерден кубалашып, элди басмырлашты.

-Ошол үчүн орус аскерлерине каршы чабуул уюштурдуңарбы?

-Ооба

-Сизге даткалык даража кантип ыйгарылган?

- Ордого кызмат кылгамын.

-Эмне кызмат аткаргансыз?

-Элди чаап, жерин тартып алгандар менен күрөшкөм.

-Кимдин жерин тартып алышкан?

-Бухара эмири. Кокон өлкөсүндөгүлөрдүн жерлерин басып алышкан. Кийин орустар да келишти

-Эшен шаарга киргенде сиз кайда элеңиз?

-Ноокатта болгомун.

-Эшен сизди чакырды беле?

-Ооба

-Неге барбадыңыздар?

-Эшендин, ал күнү чыгарын билген эмеспиз.

-Эшен сиз менен кошо, дагы кимдерди чакырган?

-Аны билбейм. Кат мага жалгыз тийген.

-Катта Эшен эмне деген?

-Ислам кордолду, элдин каада-салтын, динин булгап, жерди тартып алышы туура эмес-деген.

-Эшендин катына эмне деп жооп бердиңиздер?

-Эмне деп жооп бермек элек. Ал болгон ишти айтып жатпайбы.

-Улуу урматтуу падышага каршы чыккандыгыңыз үчүн өзүңүздүн күнөөңүздү мойнуңузга аласызбы?

-Эмнеге күнөөлүү болом. Кокустан орус жерине барып, биз тартып алсак, жергиликтүү эл күнөөлүү болмок беле?

-Сиз туугандарыңызды баштап барып, ак падышанын ишине чыккынчылык кылдыныз?

-Чыккынчы деп элин сатканды айтат. Мен эл тараптамын.

-Эл падышаныкы экенин билбейсизби?

-Эл падышаныкы болгудай, өз ыктыяры менен ыкырар болгон жок. Падышанын аскерлери элди зордоп басып алды.

Дини бөлөк, тили бөлөк келгиндерди алып келип, жергиликтүү элдин жерлерин тартып алып, аларга бөлүп берди.

-Оштогу гарнизонду, эмне үчүн басып алмак болдуңуздар?

-Курал алмак болгонбуз

-Курал алып, эмне кылмаксыңар?

-Падыша аскерлеринен, келгин мужуктардан коргонуш үчүн курал керек эле.

-Алардан эмнеге коргоносуңар?

-Мужуктар элдин жерин, мал-мүлкүн тартып алышып, эгин сугарганга суу беришпей, жолдон жөн өткөрүшпөй, шылдыңдап сабашат. Кээлерин атып кетишет.

-Алар эмнеге бийликтегилерге айтышпайт. Сиздин эмнеңизди алышты? Мужиктердин зомбулугун өзүңүз көрдүңүзбү, же адамдар келип айтыштыбы?

-Алар бизге келип арыз кылышты. Бийликтегилер карап да коюшпайт.

Сот Өмүрбекти токтотуп, башка суроого өттү.

-Өткөн жылы Эшен баарыңарды чакырып, эмнелерди айткан?

-Элдин нааразычылыгын айткан.

-Көтөрүлүштү баштоо жөнүндө эмне деген?

-Көтөрүлүш али эрте деген

-Көрүңүзчү, сиз ошондо, шаар акимине келип айтсаңыз, бул тополоң болбойт эле.

-Баары чындык болсо, мен неге айтамын? Элди нааразы кылган, шаар акимдери болуп жатпайбы?

-Сизге «өз туугандарын баштап келип, шаардагы аскер гарнизонун басып алууга аракет кылган. Эшенге кошулуп, элди тескери жакка үгүттөгөн»-деген күнөө коюлат

-Мен өзүмдү күнөөлүү деп эсептебейм. Элимдин алдында жүзүм ак. Эл да мени күнөөлүү дебесине ишенемин!

-Алып кеткиле!-деди сот тескери бурулуп.

***

1898-жылы 12-июнда аскер соту, Паргана аскер губернатору менен бирдикте Анжиан көтөрүлүшүн уюштуруунун күнөөкөрлөрү деп, Эшен баштаган алты адамды эртеси саат

он бирде, дарга астырып, өлтүрүүгө өкүм чыгарды. Бул өкүм алгачкы суроктын жыйынтыгы эле.

Саат он ченде солдаттар түрмө жактан буту-колдору кишенделген алты адамды туш-туштан тороп, айдап келишип, чогулган элдин бет маңдайына тургузушту. Сот алдыга чыгып өкүм кагазын алып, кыйкырып окуй баштады. Ак падышага каршы баш көтөрүшкөндүктөрү үчүн дарга тартылуу менен өлүм жазасына өкүм кылынгандардын аттарын атады. Буту-колдору кишенделген бандалар өлүм жазасын угушканда шалдая, акыл-эстерин жоготушту. Эшен жер тиктеген бойдон, баш көтөргөн жок. Көтөрүлүштүн башкы жетекчиси 1846-жылдар аралыгында төрөлгөн Мадали эшен толук аты Мухаммад Али Хальфа Сабир Суфи уулу элүү бир жашында, Рустамбек Сатыбалды уулу отуз үч жашында, Субанбек Арабай уулу элуу эки жашында, Ботобай Кайыпбай уулу отуз алты жашында, Кайыпназар Артык уулу кырк беш жашында, Мырзы Хамдам Усман уулу кырк төрт жашында даргага тартылышты. Жалпысынан он сегиз адам даргага асылды.

Эл аралык саясаттан чочулаган Орусия өлүм жазаларын сүргүн менен алмаштырып, ак падышанын согуш министри Кропаткиндин шашылыш билдирүүсү менен «Дарга асулуулар токтотулсун!» деген буйрук келди. Өлүм жазасына тартылышкан дагы үч жүз алтымыш эки адам Сибир сүргүнүнө айдалып, жазасын өтөөгө көрсөтмө берилди.

Миң-Дөбөгө барган жазалоочулар канча адамды атып өлтүрүшкөнүнүн эсебин эч ким билбейт. Өлгөндөн калгандар Маргалан, Ош, Наманганга, алыскы айыл-кыштактарга качышты. Миң-Дөбөдөгү бир нече кыштактардын күлү көккө сапырылып, бак-шак, үй-жай пайдубалына чейин кыйратылды. Нугу менен жок болгон кыштактын орду саржан менен өлчөнүп, көчөлөр чыгарылып, бир айдан соң Орусиянын ичкери тарабынан төрт жүз үйлүүдөй мужуктар келип, жер ээлешти. Ага кубанган падышанын төбөлдөрү «Кош келиңиздер, мархамат» деп, «Мархаматты» март айтышып, жердин атын «Мархамат» аташты.

Көрсө өлүм жазасына тартылган үч жүз алтымыш эки адамдын баары дарга асылса, Орусиянын Чыгышка умтулган

саясатына зыяны тийип, андагы элдерди, андан бетер чочутуп, коерун ойлогон Россия бийлигиндегилер, өлүм жазаларын сүргүн менен алмаштырууну макулдашышкан эле. Мына ошол өкүм Өмүрбек датка баш болгон бандилерди дарга тартылуудан сактап калды. Ал айылдыктары Мадамин саркар, Маматкул, Эсенкул, Исраил, Кадыркулдар кошулган көпчүлүк Сибирге сүргүнгө айдалып баратышкан болчу.

***

Азап тартып бараткандардын кыялдарына ар кыл ойлор келип, сары санаага чөмүлүшкөн. Айрыкча алдыңкы катарда каруу-күчтүү, жигиттер менен катар басып, али да кубатынан жана элек, сакалы куудай болгон, чымыр денелүү карыя ой туманына түшүп, шериктерин аяп оор үшкүрүнө эзилет.

Айдаган солдаттар ур-токмокко алышып, баса албаганын атып, ит өлүгүндөй жол четине ыргытып жиберишкенин көргөндөр, аман калуу аракетинде жанындагы шериктерине сүйөнө, эптеп аяк таштап ыргалышат.

-Датка, Алайдын Жаңырыгында, Сулайман калпа орустарга колго түштү-дедиңиз эле. Анын кийин дареги болдубу?

-Кийин Алайдан келип, Сулайман калпанын аркасынан , Анжианга издеп барсам, түрмөгө алышып чоң коргонго камаптыр. Эч жеринде жылчык жок. Дубалдары бийик, адам ашып өтө алгыс. Короонун оозуна барып, турган күзөтчүгө

–Мени, Сулайман калпага жолуктур–деп, акча бердим.

Алар мени кездешүүгө уруксат берип, кароонун ичине киргизишти. Калпа менен кучакташа көрүшүп, ал жайын сурадым.

–Бизди алыскы Сибирге айдайт экен. Өзүбүздү өзүбүз суутуп, түнү-күнү тынбай басып жүрөбүз. Булардан эч ырайым болгудай эмес. Мындан кийин көрүшөбүзбү, көрүшпөйбүзбү, эли-журт тууган-урук менен аман болгула.

–Ал иш, насибине жараша болоор. Жолуңарга керек болоор деп, акча ала келдим. Муну алып кой, калпам?

-Алыскы жолдо кандай болот. Бул акчаны алып коюшабы, билбейм. Анын устүнө, булар биздин бою–башыбыздан бери аңтара, тинтип турушат. Өздөрү да, алып коюшу мүмкүн.

–Аның да жөн. Мага бир ой келип турат. Силер жөнөгөнгө чейин  бутуна өтүк–гөлөш тиктирейин. Таманына, апкытына, кончуна, сөлкөбайларды кошо тиктирип, алып келейин. Канча күндө жөнөйт экенсинер?

–Чамасы, эки–үч күндөн соң жөнөйт окшойбуз. Азыр, айдала тургандарды, чогултуп жатат–деди калпа.

Түрмөдөн чыгып, жакынкы жайдагы чайканага бардым. Анын жанында бут кийим ултарып отурган өтүкчүнү көрүп, аны менен тааныштым.

-Кайыштан өтүк-гөлөшү менен тигип бере аласыңбы? Акыны ашыгы менен төлөйүн?

–Канча күндө?

–Үч күн ичи, үлгүрө аласыңбы?

–Аракет кылып көрөм.

–Күнү-түнү киришсеңиз үлгүрөсүз-деп, экөөбүз кеңешип, базардан уйдун бышкан терисин барып, тандап алдык.

Өтүкчү мени үйүнө ээрчитип барды. Үч күн анын жанынан чыккан жокмун. Өмүр бою өтүкчүлүк кылган, чебер уста экен. Өнөрдү атасынан үйрөнүптүр. Өтүктөрдүн таманына, апкытына, кончуна тилдани кошо кагып, кошо тикти.Кырк тилде батты. Караган кишиге, боелбогон уйдун териси, бопбоз болуп, көзгө комсоо көрүнүп, көп эле кызыктыра бербейт. Эч бир жан, ага кызыкпагыдай. Ошол кезде бир тилдага бир бодо келээр эле. Устага акыны ашыкча төлөп, ыраазы кылдым. Бут кийимдерди көтөрүп алып, баягы таанышып алган күзөтчүлөр аркылуу, досума келдим. Ал күндүн эртеси түрмөдөгүлөрдүн буюмдарын арабага салдырып, өздөрүн жөө айдаган орустар жолго чыгышты. Узатып баргандарды жакын жолотушкан жок.

***

- Белгиленген убакытты өтөп калпа алыскы Сибирден кайтып келди. Аны кубана, кучактап тосуп алдым. Ал-жайын сурасам, баштан өткөн окуяларын түгөл айтып берди.

–Сибир өтө алыс жер экен. Көп жол жүрдүк.Аябай кыйналдык, аргасы жок чыдадык. Өзүбүзгө окшогондор биригип, бир тилде болуп, эч кимге сөз бербедик. Бирибизди-бирибиз калкалап, жардамдаштык. Кеч күздө Иркутский деген

шааргa жеттик. «Карантин» деп, бизди бир ай короого камап, анан сыртка чыгарышты. Барган жер менен тааныштык. Акырын жүрүп, калониянын начальниги менен тил табыштым. Акча берип, «бош жүрүүгө уруксат» деген кагазын алдым.Ар беш күндө бир барып, кагазына кол коюп берем. Ишке айдаса, баш тартпай барам. Акчага зарыккан орустарды жалдап, карагай кырктырып, сууга агыздырабыз.

Жергиликтүү орустун эки–үч бөлмөлүү үйүн сатып алдым. Анда, тиричиликке керектей турган бардык буюмдары бар экен. Ошентип жүрүп, коңшу орустун араба тарткан семиз бээсин сатып алдым. Согумга союп, өзүбүз чучук каптап, ич этин салып, кам этин жер төлөгө илип, кышка тоңдуруп алдык. Тамак–аштан кыйналган жокпуз. Талаачылык, туугандардан гана алыс болбосо, тиричилик өтө берди. Ал жерде, мурда барган бир кыргыз үй бүлө бар экен. Таанышып, табыштык. Аялы келип, биздин кир–гоогубузду жууп берет. Күйөөсү кем–карчыбызга каралашып, эли–жердин шартын айтып берет.

Кар кетип, жаз болгондо, орустун тууган бээлеринен тандап жүрүп, экөөнү сатып алып, кыргыз аялга саадырдык. Күндө кымыз ичебиз. Кээде түрмөнүн начальниктерин чакырып, кой союп, сыйлап колго алдык. Бир күнү начальник өзү сүйүнчүлөп келиптир.

–Кутулдуңар. Башыңар бош –деди.

Сүйүнчүсүнө бир тилда бердим.Турган үйүбүздү, бээлерди баягы кыргыз тууганыбызга ыйгардым. Начальниктерди чакырып, ызаттап, той өткөрдүм. Алар да бизди узатышып, поэзге салышып, бир шаарды айтышып «Жеткениңерде түшүп калгыла» дешип, карта кылып, Казакстанга чейинки жолубузду сызып, белгилешип, коштошуп калышты.

Поез менен келип, Казакстанда, баягы белгиленген карта боюнча, түшүп калдым. Ал жерден сурамжылап жүрүп, кыргыз жерине кетчү тарапка, ат араба жалдадым. Эки-үч күн жүрүп, болжогон жерге жете келдим. Суу боюна отуруп, жуунуп, эс алдым. Бут кийимде жүргөн тилдаларди белге таңып алып, жөө-жалан жолго чыктым. Бир айылга келип, Шабданды сурадым.

–Бүгүн жете албайсыңар. Эрте менен аттуу жүрсөңөр, түштө жетип барасыңар дешти.

– Кашкар чепкенди кийип, куржунду моюнга артып, жолго түштүм. Бир айылга келгенимде, эс алууга үй издедим. Четки тараптагы, эски бир кара үйгө жөнөдүм.

–Кудайы конокпуз, конуп кетели? Тамак–ашыбыз өзүбүздөн десем, макул болушту. Үйүнө кирсем кембагал, жаш аялмет, үй-бүлө экен. Аялы эшикте эчки саап, күйөөсү аны кармап, улагын агытып жатты. Эрди-катын өздөрүнчө кобурашат.

– Жөн кишиге окшобойт. Бир улакты союп мейманда.

–Бир улак, сасыган дубанага түшүп калыптырбы-деди күйөөсү.

Куржундагы оокатты алып, тамактанып, ошол үйдө жатып калдым. Эртеси эрте менен үй ээсине кайрылдым.

–Сен улоо тап, акысын эки эсе берем. Шабдандыкына жеткирип, кайтасын дедим.

–Аке, кечирип коюңуз? Биз конок каадасын кыла албадык. «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык» дейт эмеспи. Күйөөмдүн сөзүнөн чыга албай, уялып турам. Сиз, жөн кишилерден эмес экениңизди, кечээ эле туйгам-деди келин жер карап.

Мен ага ыраазы болуп, койнумдан бир тилде алып бердим. Үй ээсинин коштоосу менен күн шашке болгон чакта, болжогон жерге жеттим. Шабдан аябай кубана, тосуп алды. Кучакташып көрүшүп, ал–жай сураштым. Жеткирген жигит таң калып, күлсөк күлүп, ыйласак кошо ыйлап, таржымалды угуп, аябай эзилди. Мен ага ыраазы болуп, бир тилде бердим.

–Акжолтой экенсиң. Алыстан келген ардактуу адамдарды алып келипсин–деп Шабдан ага тон жаптырды.

– Бизден белек болсун деп, Шабдандын аялы келинге жоолук көйнөк берди.

Ал жерде, бир апта туруп калдым. Эски кийимдеримди өрттөтүп, бир сыйра жаңы сарпай кийгизип, кысыр эмди тай сойгузуп, Шабдан жакшы сыйлады.

–Бир ай меникинде конок болосуз?

–Ыраазымын, үйдү сагындым, кайталы.

–Сибирде көпкө жүрүп, бир ай меникинде чыдабайсызбы?

–Чыдайт элем. Үйдөгүлөргө барайын. Кайтууга уруксат бер?

–Мейли, жолоочунун жолдогусу жакшы. Узатайын деп Шабдан кымкаптан тон жаап, жабдыгы күмүштөлгөн жоргону алдыма тартты.

–Менин эки жигитим, Өзгөнгө чейин коштоп барат. Кайра көрүшкөнгө чейин, аман бололу. Датка энебизге, менден ысык салам билдириңиз. Жолуңар шыдыр болсун! –деп Шабдан бир топко чейин узатып келип, кайра тартты. Көк-Арттын белине келгенде коштоп келген жигиттерге уруксат берсем.

– Бизди баатыр, Өзгөнгө чейин жеткиргиле–деп дайындаган. Жарым жолдон кайтпайбыз дешти.

Шабданга ыраазычылыгымды билдирип кат жазып, жигиттерди артына узаттым.

Өзгөндөн Кызыл-Сууга салып, Кабылан-Көлдүн белин ашып, Шамакеге түштүм. Туулган жер көзгө аябай эле жылуу учурады. Кош колдоп дарыядан суусунду кандырып,суу ичип жүзүмдү чайкадым. Жүрөгүм көкүрөккө сыйбай, Кызыл-Коргонго жете келип,үй-бүлө, тууган–уурук менен кубана учураштым деп айтты.

***

Каланы айылдагылар «Кала корс» дешчү. Эмне себептен антип айтылып калганы эч кимге белгисиз. Болгону жүрөгүндө кири жок жигит. Бирөөлөр кеп сураса, же кеп оролу келгенде, көңүлүнө туура келген сөздү жымсалдабай так айтканынан уламбы, же үнүнүн жоондугунанбы, аны таныгандардын баардыгы «Кала корс»деп аташат. Ал ага теригип да койбойт. Ушул күнгө чейин бирөөлөр менен кеп талашып, же жакалашып чырдашканын эч ким көрмөк тургай, угуша да элек. Өзү узун бойлуу, оопуруш, кабалтең болгондуктан, мүнөзү да ага төп келип, майда барат сөздөрдү эсине да алып койбойт. Сөз сураса жооп берип коюп, өзү менен өзү алек. Кошо бараткандардын арасында ага теңдешкен эч ким жок. Карааны алыстан далдайып көрүнүп, топтогулардан бир

карыш мүрүсү ашып тургандыктан ортодо баратса да, ага алдыңкы, арткы катардагы басып бараткандар айкын көрүнүп турат. Солдаттар анын алптыгын эске алыштыбы, же көңүлүндө кымындай кири жоктугуна ишеништиби, анын эркин жүрүүсүн эч кими чектеген жок. Ошондон улам, узак жолдо чаалыгып, баса албагандарды жөлөп-таяп, өтө эле алсыздарын жонуна көтөрүп, топтогулардын бирде аркасында, бирде алдынкы катарында басып келет.

Анжиандан чыккандан бери, айылдашынын жанынан алыстабай, чарк айлана кызматында. «Чаңкадым» десе, суу берип, дааратына суу камдап, көзүнүн агы менен тең айланат. Мына, бир жумадан бери, «датка агасын» жаш баладай жонуна көтөрүп алган. Өмүрбек да адамдардын чоңу болбосо да, орто бойлуудан жогору, эткелинен келген, булчуңдуу адам. Сексенге таяп калса да, далысы бүкүрөйбөй, колу-буттары түз, жигит кезиндеги келбетин сактап, сыны бузула элек. Узак жолдо тынбай жүргөндүктөн муундары бошошуп, денеси оор тартып, буттары чалыштап кийинки күндөрү мургуп калчу болду. Ал да болсо, карылыктын белгиси окшойт. Датка абасынын абалын туйдубу, мына он күндөн бери Өмүрбекти жерге бастырбай, жаш баладай кылып, жонуна көтөрүп алган.

«Кала корстун» жакшылыгына ичи элжиреген Өмүрбек, кээ-кээде анын кулагына шыбырай кетет.

-«Аргымагым», чаалыктың окшойт?

-Баатырдын тулпары арыбайт.

-Колу-буттарың талыгандыр?

-Сизди өмүр бою көтөрсөм да, майышпайм, даткам.

-Кой, мени түшүр? Өзүм да элге окшоп аяк шилтейин?

-Сиз менин падышамсыз. Мен сиздин алты ай минсе арыбас бууданыңызмын.

-Кой, өзүңдү паска тартпа.

-Буудан жаманбы?

-Буудан жакшы дечи. Адамды адам миниши күнөө.

-Жаңылышасыз падышам. Сиздей азиз адамды көтөрүш мага милдет.

-Ырахмат, ананайым. Мен сага ыраазымын.

-Сизден ыраазылык алыш мен үчүн ырахат, даткам.

-Ошентсе да, көптөн бери көтөрүп келесиң. Алты саным аман. Аягым менен эле басайын?

-Мейли. Бир жерге барып, чогуу дем алганыңыздан соң, аягыңыз менен жүрүңүз. Ага чейин «тулпарыңыздан» түшпөңүз?

-Даарат ушаткым келди эле. Солдаттар токтотконго чейин чыдай алар бекемин?

-Мейли, жол четине чыгайын. Арткылар бизге жеткенге чейин үлгүрөбүз. Анын үстүнө солдаттар «экөөбүздүкү» болуп калбадыбы-деп ал кетип бараткан топтон бөлүнө берди.

Кала айтмакчы, солдаттар башкаларга караганда экөөнө этияттап мамиле кылаары туткундардын баарына маалым. Айткандай эле туткундардын акыркы катарына илешип, кайра эле алдыңкы катарга кошулушту. Өмүрбекти туткундардын баары сыйлашып, «даткам» деп, ызаттап турушу, солдаттарга да таасир эткенби, же куудай сакалы көкүрөгүнө жайкалып, алиге чейин сымбатын бузбай, баскан-турганы мырзадай болуп, өзүн салабаттуу алып жүргөнүнөн уламбы, ага тиймек тургай, анын көзүнчө башкалар да жазаланчу эмес. Анжиандан баштап, жолго чыккандан бери Өмүрбек менен Токтогул көптүн сүймөнчүгү. Чарчап-чалык-кандар, арыз-муңдарын экөөнө келип айтышып, ичтериндеги буктарын чыгарышат.

Байкуштар арып-ачып, аябай чаңкашып, дармандары кете мүңкүрөшүп, жыгылганы араң келе атышкан. Этинен өтүп, сөөктөрүнө жеткен кишендин залдарынан жаны ачышкан кээлери, өлүп алгысы да келет. Акырын онтогон үндөр, оор үшкүрүк чыгып, айрымдары таканчыктап, чай-палып калышты. Төбөдө күн чызырап, үлп эткен жел жок. Кумдуу талаа, куусан бүргөндүнү аралай кетип бараткандар акактап, бир ууртам суу көздөрүнөн учат. Байкуштар, токтогон жерде сулк-сулк жыгылышчуудай. Жакынкы жайда калканарга саябан-дарак да көрүнбөйт.

-Пашол, пашол! Не ставай-деген солдаттардын чып-чып эттире шилтеген камчыларынын көгүнөн айбыгышкан байкуш-тар, алардын омоктото, сүрүп айдашканына карабай, илең-салаң жылган болушат.

Өмүрбек чарчап, бүткөн бою шалдырап турса да, көпчүлүктү аяп, жанына келе калган солдатка кайрыла кетти.

-Эй,солдат! Туткундарга бир азга дем алыш бергиле. Аз да болсо, тыныгып алышсын.

-Что,что?

-Чаңкагандан баса алышпай калышты.

-Откуда, вода найдем?

-Дем алдыргыла. Сууну өзүбүз табабыз.

-Не командабай, старик. Пашол-деп, солдат мылтыгынын кундагын кезей бергенде, Өмүрбектин жанындагылар аны шап уйпалай кармашып, мылтыгын тартып алышты.

Солдаттын өңү бозоруп, азыр эле чакчандаган мүнөзү суу сепкендей өчүп, калтырап туруп калды.

-Бар. Башчына айт. Тыныгуу берсин.

Солдат мылтык кармаган туткунга колун суна бергенде, бирөөсү көчүккө бир тээп:

-Өлө элегинде, жогол!-деп кыйкырды.

Солдат көпчүлүктөн айбыктыбы, кол кайруу кыларга буямасы келбей, башчысына карай чуркап кетти.

-Мылтыкты четке ыргыткыла. Айгак болбосун-деди Өмүрбек.

Мылтыкты шарт ыргыткан туткундар, буйруксуз эле баары токтоп туруп калышты. Аңгыча, баягы солдат башчысын ээрчите келип, жерде жаткан мылтыгын шарт ала койду. Башчысы аны паамдабадыбы, солдаттын көрсөтүүсү менен Өмүрбекке кайрылды.

-Что?

-Туткундар чаалыгышты. Тыныгууга уруксат бер, мырза.

-На дороге, вода найдем. Там отдохнем.

-Жакынкы жерде суу жок. Көпчүлүк чаңкагандан жыгылат. Суусундукту өзүбүз табабыз-деди Өмүрбек.

Солдаттардын башчысы аны суроолу тиктеп, башын ийкей басып кетти. Туткундардын бардыгы токтогон жерлеринде, баштарын шылкыйта отуруп калышты.

-Кала, сен «эрке баласын». Жол четинде анда-санда сербейген «тоо тикендер» көрүнгөнсүйт. Алыңын келишинче жулуп кел!-деди Өмүрбек.

-Бу төө тикен, кусан көрүнгөнү менен тамыры оңор эмес. Тереңге кетет. Кеми он беш, жыйырма карыш, же аркан бою тереңге жетип, ным тартып жашайт. Анын боткогу, тамыры чаңкаганга суусундук болоорун эч ким билбейт да этибарга да алышпайт-деди шериктерине.

Туткундардын көбү анын сөзүн угушкан жок. Уккандары көп дале маани беришпеди. Көп катарында отурган Токтогулга кайрыла кетти.

-Булбулум Токо

-Лаппай, датка аба

-Туугандарың чаалыгып, чаңкап отурушат. Өнөрүң менен чаңкоолорун кандырып, көңүлдөрүн көтөр. Азаптуу күндө, эрмегибиз бир гана сен.

-Датка аба, туугандарымдан өнөрүмдү аябай калайын-деп, тамагы кургап, тили оозуна батпай турса да, үнүн жасап, адатынча комузун алган болуп, ордунан тура берди.

Кеберсип жарылган ээриндерин, кургак тилдери менен жалаган көпчүлүктүн эсине ыр да келбей турган. Алардын эңсегени сайбандуу көлөкө, ууртам суу эле. Жылдыздары жерге түшкөн шериктеринин көңүлүн алаксытайын дедиби, кардыккан үн акырындык менен обого көтөрүлдү. Үн обонго уланып, алардын төбөсүнөн ашып, тоонун эркин жели сымал айланага тарап жатты. Баятан бери чарчоодон улам көздөрү сүзүлө, ары-бери чайпала чалыштаган байкуштар, обонго кулак түрө, баштарын көтөрүшүп, таңдана моюндарын созушат. Сыйкырдуу үн алардын кулагына жетип, көөдөн-дөрүн ээлеп, көңүлдөрүнө сиңип баратты.

Шалдырап бараткандар ырды тагыраак угуп, обондун мукамдуу добушунан кубат алышып, көптөн бери унут болуп калган, тунук сезимди ойготуп, жан-дүйнөнү жыргаткан керемет ыргагынан улам кең дүйнөнү кечип, обон аркылуу чексиз ааламдын кучагына тартылып баратышты. Ар биринин жүрөгүн козгоп, канча күндөн бери жанды кыйнаган, азаптардан убактылуу болсо да алаксытып, шылкыйган баштарын, эңкейген көкүрөктөрүн өйдө жөлөп, бүкүрөйгөн белдерин түзөгөндөй болду. Ысыктын күндөрүндө, канча-лаган убакыттан бери чанга аралашып тамагы кургап, тили күрмөөгө араң келген үн шар аккан тоонун булагындай бир

аздан соң өз нугун таап, ийкемге келип жумшарып, көөдөндөн атырыла, кайнап чыккан мол булактай кубулжуган назик, ары сүйкүм ыргагы менен чаңдуу тозоктон арылып, тээ бийиктеги, мөңгү четиндеги тоонун эрке гүл сыяктуу, ажары ачыла шаңкылдап, какшыган көөдөндөрдүн чаңкоосун кандыра обого көтөрүлдү.

Үн менен обон жуурулушуп жаңы жаратылган боектой бир бүтүндүккө айланып, азап тартып, кыйналып бараткандардын чөккөн көңүлдөрүн заматта багындырып, керемettүү сыйкыры менен өзүнө тартып алды. Тоонун боз торгою канат күүлөп оболоп, тээ төбөгө көтөрүлүп, канаттарын күү кыла бир орунда, мукам абазын жамгырдай төгүп, кулактын кычуусун кандыра: чарчаганга кубат, чаңкаганга суусундук, арыганга жөлөк сымал, баарынын көңүлүн жаркытып, бирин-бири толуктаган, биринен-бири өткөн кооздук сымал, жайлоонун салкын жели болуп, ар биринин жүзүн назик сылагандай сезим берген ыр, туулган жердин асыл кооздугун сыпаттап, Ала-Тоо койнундагы эркин элдин кайталангыс салт-санаасын, улуулардан уланган адат-нарктын бийиктигин, укумдан-тукумга өтүп келген адамгерчиликтин улуу жөрөлгөлөрүн ыйыктыгын, ызат менен ыймандын тазалыгын, көкүрөктөн көбүрө кайнап чыккан өнөрдүн баалуулугун, сөздүн күчү менен үндүн мукам ыргагына жуурулуштуруп обонго салып, чебердик менен жамгырдай шаркырап, төгүлүп жатты.

Эл-жерди ыйык тутуп, аздектелген улуу дөөлөттөрү бир-бирден айтылып, ар биринин демиңе-дем кошуп, ариет-намысын козгоп, көңүлдөрүн сергитти. Ыр көңүлдү жибитип, жүрөктөрдү толкутуп үмүтсүздүктөн улам коюланган каннdарын дүргүттү. Ырдан улам, ар бири эми гана ойгонгондой көкүрөктөрүн көтөрө, айлананы эркин кароого себепчи болгон ырдын күчүнө муюп турушту. Жашоого бир келген өмүрдү кор кылбай, эркиндикке умтулган күрөштүн акыйкаттыгын айтып, чөккөн көңүлдөрүн көтөрүп, азап-тозокко моюн бербей, чыдамдуулукка үндөгөн ыр-адам өмүрү жашоо үчүн жаралганын, жашоо өзү күрөш экенин даңазалады. Эртеңки күндөн үмүт үзбөй, оорчулукта мүңкүрөбөй, аны жеңе билүүгө,

күрөшүүнүн жолун издөөгө чакырды. Ыр ар биринин жүрөгүнө үмүт отун жандырып, кубат, дем берди.

Шаңшыган үн тоо сусундай шар агып, өзүнүн мээлүүн илеби менен жан сергитип, чаалыккан көңүлдөрдү тазартты. Ырга обон айкашып, акындын ар бир сөзү коңгуроодой кагылып, туткундарды мемиретип, сыйкырдуу кучагына имерди. Ыр сабынын күчү бат эле көңүлдө уюп, көөдөн аркылуу жүрөккө жеткен кан сыяктуу, бүткүл денени балкытып, чымыратып турду. Өлүмгө баш коюп, жашоонун ырахатынан түңүлүп бараткан эрксиздердин жүрөктөрүнө жетип, комуздун сыйкырлуу кылы сыяктана кан тамырлар аркылуу ар бир муундан жүлүнгө өтүп, денелерин балкытты.

Ушул мезгилге чейинки сөөккө баткан оор түйшүк, жанды ачыштырган азапты унуткарып, ачкалыктан арыпачкан, күн тынымын, түн түйшүгүн денеден сыйрып алган сыяктуу, туткундардын кыялын алда кайда көкөлөттү. Жашоонун керемет экенин, өмүрдүн ырахатын теңдешсиздигин, тирүүлүктүн сайбанында турмуштун балын татып, доорду сүрүү пенделикке бир келээрин эске салып, ар бир адамдын көңүлүнө туура келген жылуулукту чачып өттү. Туткундар аз да болсо, бирин-бири жылуу ырай менен тиктешип, жүздөрүнө кызыл жүгүргөнсүдү. Ыр аягы созолонуп барып токтогондо, туткундар кубаттан, кыйкырып жатышты.

-Бар бол, булбул Токо!

-Өлбө, кайран ырчы!

-Рахмат сага, булбулум!

-Тозоктун казабынан, сенин ырын гана алаксытат.

-Сенин ырың бизге дем-деп жан-алдары калбай биринен-бири өтүп, жабыла алкашты.

Аңгыча Кала кучагы толо тоо тикенди жулунган тамыры менен көтөрүп, алыстан эле арымдай басып, көпчүлүккө жете келип, Өмүрбектин алдына жая таштады. Арсайган тикен колдоруна кирип, салааларын канатып, кызыл-ала болгонуна карабай «Кала корс» датканы кызыга тиктеп, туруп калды. Тоо тикендин сөңгөктөрү эбак катып, жалбырактары кургап калса да, тамырларында ным бардыгын көпчүлүк билбейт эле. Өмүрбек бирин колго алып, аярлай аарчып оозуна салып, шимий кетти. Тамырдын нымы тилге өтүп, таңдайга

жетти. Көзүн жума, шилекейин жуткан Өмүрбек –«Алгыла» дегендей жанындагыларга ымдай кетти. Отургандар заматта төө тикенди талап, тамырын аарчып, арчыбай оздоруна сала, шимип жатышты. Айрым төө тикендер кийин чыгып, боткоктору солкулдак боюнча эле. Сөңгөгү ката элек төө тикендер кадимкидей чаңкоолорун «кандыргандай» болду.

Улам талаша төө тикендердин кабыгын аарчып, ооздоруна салып, шимиген туткундарды көргөн солдаттар да, таң кала келишип, калган каткан төө тикендерди кармалашып, баш чайкашты. Айрымдары шимип да көрүштү. Чаңкаган туткундар заматта солдаттардын тосмологонуна карабай боз бүргөндүү талаага тоо тикен издеп, жайылып жүрүштү. Тапканы нымдуу сөңгөгүн кошо жеп, бир азга болсо да чаңкоолорун баскан болушту.

Туулган жерден улам алыстаган сайын, туткундар да, солдаттар да бири-бирине конуп, жол азабын бирге тартып баратышты. Баягындай, качып кетет деген шексинүү жок. Айрым кары-картаң, оору-сыркоо туткундар жолдо саналып, арып-ачкалыктан солдаттардын запкысынан ажал табышты. Калганы, качып кайда барышмак. Алыс кете алышпайт. Кокустан илең-салаң болуп, көптөн бөлүнүп аркада калганы, солдаттарга бута болот. Ит аткандай, атып кете беришет. Ошондон улам, байкуштар бириндеп бөлүнүшпөй, бирин-экинчиси жөлөп, чогуу кетип баратышты. Солдаттар да узак жолдо жадаштыбы, күргүштөтө сүрүп, айдамай жок. Көптүн ыгына карай, кадамдашат. Туткундар солдаттардын тилине түшүнүп, айткандарын аткарышып, кээде колдору менен ымдаган боло «сүйлөшө» кетишет.

Улам түндүккө жакындаган сайын күн суугуна тартып, эртели-кеч жерге шак түшө баштады. Асманды кара булут чулгап, тез-тез жамгыр жаап, күн бүркөлчү болду. Туткундар жеткен жерлеринде ачык, талаада жатып калышат. Өмүрбек да муундары кылтырап, улам-улам чыйрыгат. Кала чапанын ага кийгизип, этек-жеңин жылуулай, көтөрүп алат. Барган жеринде тапкан тамагын анын оозуна тутуп:

-Даткам, муну ичиңиз, муну жеңиз!-деп, оюна койбой кыстап берет.

-Кала баатыр. Менин тамагыма өтпөй турат. Өзүң же?

-Аш барган жерде, дарт турбайт.-дейт эмеспи элибизде. Жеңиз, кубаттанасыз?

-Мени көтөрүп жүрүп кыйналдың. Сен же? Тамак сага дарман.

-Маакул, экөөбүз тең жейли-деп, нан тапса да, суу тапса да тең бөлөт.

-Мен дааратымды сындырбай, намазымды окуй коеюн-дейт датка.

-Жарыктык, алыскы жайда шарт жок. Намазды кечинде окуңуз?

-Жок баатыр. Биздин милдетибиз да, эрмегибиз да намаз. Намаздан калган өлгөнгө барабар.

-Анда, сабыр кыла туруңуз? Дааратыңызга суу камдайын.

-Кем болбо, баатырым. Мен көрбөгөндү сен көр. Мен ичпегенди сен ич. Менин өмүрүмдүн калганын кудай сага берсин.

-Антпең даткам, экөөбүзгө тең эле болсун.

Бир күнү Оренбургга жете барышканда, Өмүрбектин көңүлү чөгүп, үшкүрүнө шалдырап, башын жерге салып отуруп калды.

-Даткам, эмне болду, сизге?

-Ээ,көңүлгө бир нерсе түштү да

-Айтыңчы?

-Айткан менен баары бир болбойт.

-Менен да, сыр жашырасызбы?

-Эсиме бир нерсе түштү. Бирок, ал табылбайт.

-Эмне экен! Айтыңчы?

-Ээ, жок нерсе да… деп, түңүлө башын чайкап, көзүн сүзө кайра сөзүн улай кетти -Набатты көңүлүм самады эле. Болсо, таңдайга салып, шимигим келди.

-Э, жарыктык. Ошол элеби?

Өмүрбек Калага таң кала тиктеди.

-Оопуруш, корс. Мени жаш баладай көрүп, алдагысы келгенби? Же калп эле көңүл улап жатабы? дегендей тиктей берди.

Кала желегинин колтугун шашыла сөгүп жиберип, түйүлгөн чүпүрөктү алып.

- Бар датка. Мына-деп, ашыктай болгон, бир чагым набатты ага сунду.

Датка бир ишенип, бир ишенбей колундагы чагым набатка таң калып, аңкая тиктеп, бир топко турду да, акырын күбүрөнө оозуна салды.

-Бисимилда рахмани иррайым.

Таңдайдагы набаттын ширеси, аны балкытып, кадимки эле үйүндө, бала-чакасы менен чогуу набат салып чай ичип отургандай туюлду. Аз да болсо тээ алыскы жайдагы өз үйүндөгү ырахатты жоготуп албайын деп, жумган көзүн ачпай, чагым набаттын ширесин кумардана шимиди. Таттуу даам эңсеген сезимине жетип, бүткөн боюн чымырата, заматта туулган жериндеги куттуу үйүнүн төрүндө балдарын эркелетип эс алганча, жумшак жастыкка кынтая, эч бир санаасы жок, бейкаам, эс алып отургандай, кыялга батып турду.

Маңдайында, ага кызыга тиктеп, даткасынын эңсегенин заматта тапканына сүйүнгөн Кала отурганын байкап, уяла түштү да, өзүн-өзү жооткото

-Кала?

-Оов! Датканын жан эргиткен жагымдуу маанайынан алаксытпайын дегендей, көңүл улай, «аргымагы» жумшак үн катты.

-Менде, туулган жердин, тузу да болуп жүрбөсүн?-деп тамашалай суроо салды.

-Сиз үчүн табабыз, даткам-деп, «оопуруш» экинчи колтугуна кол салып, бармактай түйүнчөктү чоң чеңгелине сала даткага сунуп баратып, -Кыялыма келе калганынан жүз аарчуума түйүп, салып койдум эле. Мынакей.

Датка калтыраган колун сунаар, сунмаксан боло, ишенип-ишенбей, туруп анан барып түйүндү чечүүгө шашты. Көзүнө аппак, майдаланган туз көрүндү. Эңкейе берип акырын тилин тийгизди. Туздун ачуу, шор даамы заматта шилекейин агызды. Көздөрү каканактап, бүткүл денесин титиреткен, датка, эчкире ыйлаганын, өзү да билбей калды. Анын ыйы туулган жерди, тууган-урукту, бала-чакасын сагынганынан улам, көптөн бери ичине катып келген, сагыныч, кусалыктын ыйы эле.Туулган жердин татым тузунун

ыйыктыгы анын анык жүрөгүнө жетип, акыл-сезимин өзүнө тартып алды. Заматта чыйралып, тулку-бою кубатына кирип, өзүн сергек сезе башын көтөрүп.

-Айланайын Кала. Сенин сыйкырың барбы? Мен самаган, мен эңсеген даамды, заматта даяр кылып, сунуп отурасын. Буларды кайдан таптың? Кандай ой менен жаныңа ала жүрдүң? Сенин касиетиң улук окшойт? Сен бул пейилин менен туулган жерге барасың. Сөзсүз элге жетесиң. Өмүрүң узун балалуу-чакалуу болуп, дайыма сый үстүндө болосуң. Көрөсүң. Мени айтты дээрсиң.-деп, оңдоно отуруп:

-Келчи? Баламдай болуп калдын. Батамды берейин. Ар дайым жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун! Өнүп-өс. Баштан байы. Эл сендей адамгерчиликтүү, пенде кадырын баалаган уулдары менен сыймыктанат. Сендей адамы бар, эл кор болбойт!-деп бир эчкирип алдыда да –Тилеген максатыңа жет-деп датка көз жашын сакалына агылта, алакан жайып бата берди.

Өпкөсүн кага, бир топко туруп калып, анан:

-Кала, мен саамаган, көптөн бери эңсеп жүргөн даамды таттым. Ал туулган жердин даамы. Туулган жердин тузу. Туз ыйык дейт. Эми өлсөм арманым жок. Сен мен жөнүндө тууган-урук, айылдагыларга айт. Эч кимге ийилип, тизе бүкпөдү дегин. Жылдыздай бийик болом дечү элем. Ага жете албадым. Бирок, элимди деп күрөштүм. Жеңишти башкалар тартып алышты. Эл бизди эстесе керек.

Кайран гана киши, жылдыздай жанып кетти дешсе керек. Сен бар, менин балдарым бар. Элим бар. Атым өчпөйт ээ? Бирде болбосо, бирде эскеришээр. Ысмым, кыян кечкен күндөрүм эске алыңаар?

Кала датканын сөзүнө бөлбөй, үнсүз турду.

## Уландысы бар

## Пайдаланылган адабияттар жана маалыматтар


1. «Кыргыздар» I-IV том. У-2001.
2. Ш.Абдыраманов. «Тарыхтагы ак тактар». Б-2007.
3.Т.Кененсариев. «Кыргызстандын Орусияга каратылышы». 1997.
4. О.Осмонов. «Кыргызстан тарыхы. 2003.
5.Т.Н.Өмүрбеков. Т.К.Чоротегин. «Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы». К-1995.
6. Ж.И.Малабев. «Кыргыз мамлекетинин тарыхы». 1999.
7. Э.Ыбышов Алай району Терек айылы
8. М. Кожомжаров Ош шаары

Мазмуну

Баш сөз........................................................................ 3
I БӨЛҮМ………………………………………………………… 5
II БӨЛҮМ………………………………………………………. 180
III БӨЛҮМ................................................................... 232
IV БӨЛҮМ.................................................................. 341

**Суранчы Жетимишов**

**АЗАП КАЗАП**

Даректүү баян

Экинчи басылышы

Редактору: Т. Кадыров
Техн. редактору: Тойчубаев А.А.
Компьютерде терген: Бекмамат Суранчиев

Басууга 14. 02. 2017-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84, Көлөмү 24,25 басма табак.
Нускасы 500. Буюртма № 025

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236